ЖУМГАЛ

РАЙОНУ

ЭНЦИКЛОПЕДИЯ

ББК 92
Ж – 88

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ЖАНА ЭНЦИКЛОПЕДИЯ БОРБОРУ

КЫРГЫЗПАТЕНТКЕ КАРАШТУУ
ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК
МАМЛЕКЕТТИК ФОНДУ

Башкы редактору **Р. О. Оморов**

Түзүүчү жана жооптуу катчы **А. Ч. Чекиров**

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Оморов Роман (Башкы редактор), Айтбаев Тариель, Байсалов Эркин, Думанаев Медетбек, Жумагулов Четин, Кадыров Ысмайыл, Кошоев Муратбек, Мусакожоев Шайлобек, Токтоналиев Жеңиш, Эсенканов Качыке, Мусаев Болоткан, Идинов Кубанычбек, Чекиров Акималы (Жооптуу катчы).

МАКАЛАЛАРДЫН АВТОРЛОРУ

Акматалиев А., Алымкулов Ж., Аманкулова К., Ашымов Ж., Байгуттиев С., Жунушев Э., Иманкулов Б. И., Кадыров Ы., Калидинов К., Калманбетов Б., Кендирбаева Ж. Ж., Мусабеков А., Өмуралиев Б., Рысалиев Т., Сакебаева К., Тултуков Ж., Сопиев Д., Чекиров А.

Жумгал району: Энциклопедия. - Ж – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Кыргызпатентке караштуу интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду, 2005-ж. – б.
ISBN 9967-21-205-5
Ж 5001000000-02

ISBN 9967-21-205-5

ББК 92
© ИМ мамфонду, 2005-ж.

ЖУМГАЛ

район**у**

ЭНЦИКЛОПЕДИЯ

(экинчи жолу толукталып басылышы)

Башкы редактор
Оморов Р. О.

Бишкек – 2005

ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Жумгал р-у Нарын облусунун түндүк-батышында жайгашкан. 19-кылымдын башында (30-жылдарга чейин) Кокон хандыгына, 1868-жылдан Орусия империясынын Түркстан губернаторлугуна, Октябрь революциясы жеңгенден кийин Жети-Суу облусунун Нарын уездине, 1924-жылдан Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун Каракол-Нарын округуна, 1926-жылдан Нарын кантонунун Кочкор-Жумгал болуштугуна караган. 1930-ж. өзүнчө район болуп түзүл-гөн. 1932-ж. Кочкор р-у м-н биригип, Сталин р-у аталган. 1935-ж. 20-майда Сталин р-унан бөлүнүп, өзүнчө район болуп түзүлгөн. 1962-ж. Тянь-Шань облусу жоюлганда Кочкор р-унун тутумуна кошулган. 1965-ж. 20-январда кайрадан өзүнчө район болуп бөлүнгөн. 1981-ж. районго Суусамыр кошулуп, 1992-ж. кайра бөлүнгөн.

Райондун аймагы деңиз деңгээлинен 1200-4000 м бийиктикте жайгашкан. Чүй өрөөнүнөн Кыргыз Ала-Тоо кыркалары бөлүп турат. Батыштан чыгышка 100-120 кмге, түндүктөн түштүккө 70-80 кмге созулат. Батышынан Токтогул, түндүгүнөн Жайыл, түштүгүнөн Тогуз-Торо, Ак-Талаа, түштүк-чыгышынан Нарын, чыгышынан Кочкор р-ндору м-н чектешет. Райондо 9 айыл өкмөтү, 1 поселкалык өкмөт, 20 айыл, Миң-Куш шаарчасы бар. Жалпы аянты 7175 *км*^{2}. Калкы 40,9 миң адам (1999-ж.). Борбору Чаек айылы.

ТАБИЯТЫ. Жумгал р-ну Ички Теңир-Тоонун түндүк батышында, Кызарт, Сандык, Жумгал, Кыргыз Ала-Тоо, Суусамыр, Молдо-Тоо кырка тоолорунун аралыгында жайгашкан. Жеринин көп бөлүгүн тоолуу релңеф ээлейт (2000 *м*ден жогору). Орографиялык түзүлүшүндө кеңдик багытта созулган тоо кыркалары басымдуулук кылат. Булар: Суусамыр, Кабак-Тоо, Сандык, Жумгал, Соңкөл, Молдо-Тоо. Эң узун (110 *км*) ж-а бийик тоо кыркасы – Молдо-Тоо райондун түшүтүгүндө орун алган. Бийик чокусу – 4185 *м* Миң-Куш суусунун башында. Молдо-Тоонун Көкөмерен капчыгайына ж-а Миң-Куш өрөөнүнө караган түндүк капталдары жазы, ал эми батышы (Көкөмерендин төмөнкү агымы тушта) тик ж-а аскалуу келет. Ашуулары деңиз деңгээлинен 3184-3660 *м* бийикте жатат. Миң-Куш өрөөнүнүн түндүк жагында Кабак кырка тоосу 40 *км* аралыкта созулуп жатат. Эң бийик жери Кашка-Суу чокусу (4144 *м*). Жумгал өрөөнү жак капталдары жазы, узун, Миң-Куш тарабы кууш ж-а тик. Чыгышта ал түндүк-чыгышка созулган Соң-Көл кырка тоосуна өтөт. Соңкөлдүн түндүк чети тушка кырка тоо бир аз ийилип, чыгыш, түштүк-чыгыш тарапка багытталат. Эң бийик жери 3990 *м*; Чыгыш бөлүгүндө – Базар-Турукка караган капталдары тик, ал эми батышта – Жумгал өрөөнү тушта жазыраак. Көкөмерен капчыгайынан батышта Кабак тоосу Сары-Камыш кырка тоосуна өтөт. Ал Көкөмерен, Көбүк сууларынын аралыгында. Узундугу 39 *км*; эң бийик жери 4042 м (мөңгүлүү орто бөлүгүндө). Түндүк-батышта Кызыл-Ой тушта жапыз мойнок аркылуу Суусамыр кырка тоосу м-н тутумдашат. Жондорунда байыркы түздүктөрдүн калдыктары бар.

Жумгал өрөөнү батыштан Суусамыр кырка тоосунун чыгыш бөлүгү тороп турат. Ал анын эң бийик чокусунан (4048 *м*) чыгышка, анан бара-бара түндүк-чыгышка бурулат. Сары-Камыш тоосу экөө ача сыяктанып ажараган түзүлүштү пайда кылып, Көкөмерен капчыгайын батыш тараптан курчайт.

Жумгал, Ой-Кайың тоолору да ача түрүндө биринен бири алыстап капчыгайдын сол өйүзүн ээлейт. Жондору тегиз дээрлик, капталдарынын туурасы бирдей. Ушул тоолордун ортосунда жаткан Көкөмерендин бөлүгү кененирээк келип Кызыл-Ой деп аталат. Ал деңиз деңгээлинен 1500-2000 *м* бийикте жайгашкан. Жумгал тоо тизмеги батыш бөлүгүндө үч айрыкка (Киндик, Жумгал, Ой-Кайың) бөлүнүп түндүк-чыгыштан

түштүк-батышка созулат. Кендик багыттагы чыгыш бөлүгү Сандык кырка тоосуна уланып кетет. Жалпы узундугу 104 *км*. Жумгал тоосунун эң бийик чокусу 4121 *м*. Эң бийик жери (4273 *м*) Ой-Кайыц тоосунда, Сандыктыкы – 3947 *м*,

Ык капталдары батыш ж-а орто бөлүктөрүндө жазы келип, негизги суу бөлгүчтөрдөн тараган бир нече жапыз кырлардан турат. Жумгал өрөөнүнө Суусамыр өрөөнүнүн кенен төмөнкү бөлүгү да (Суусамыр м-н Батыш Каракол сууларынын төмөнкү агымдары) карайт. Ал деңиз деңгээлинен 2000-2500 *м* бийикте жатат ж-а түндүгүнөн Кыргыз Ала-Тоонун түштүк капталдары м-н чектелет. Туурасы 50 *км*ге жакын.

Жумгал өрөөнү Кызарт белинин түбүнөн Көкөмерен суусуна чейин 80 *км* аралыкта созулуп жатат. Таманы деңиз деңгээлинен 1500-2000 *м* бийиктикте; батышты карай өрөөн жапыздайт да таманы кеңейип, Байзак (Кайырма) айылы тушта туурасы 25 *км*ге жетет. Чектен батышты карай өрөөн кайра куушурула баштайт (10 *км*ге чейин). Эң жапыз бөлүгү Жумгал м-н Көкөмерен сууларынын кошулган жери (1483 *м*). Жумгал суусунун эки тарабында тең тоо этектерин таянган түздүктөр бар. Айрыкча сол өйүзүндөгү түздүк кеңеңирээк аянтты ээлейт. Жумгал суусун карай эңкейиш тартып (5-7) суу бойлогон тектирлерге өтөт. Мисалы, анын төмөнкү агымында беш тектир даана байкалат: биринчи тектир – 40 *м*, бешинчи – 100-120 *м*. Жумгал суусунун жайылмасы жайык (1,5 *км*) ж-а саздак. Суу боюнда тал, терек, чычырканак ж.б. даректардан турган токой өсөт.

Тоолордон агып түшкөн суулар (Кара-Кечүү, Түгөл-Сай, Чет-Кууганды ж.б.) кеңири шиленди конустарын пайда кылып, түздүктөрдү кыйла татаалдатат.

Өрөөндүн капталдары, суу өрөөндөрү капчыгайларга айланат. Капчыгайлуу өрөөндөрдүн катарына Кызарт, Базар-Турук да кирет. Жумгал өрөөнүнүн батышы, түштүк-батышы палеоген, неоген тектеринен түзүлгөн чаптуу релңефи м-н айырмаланат. Мында чополуу карст кубулуштары кеңири өрчүгөн.

Жумгал өрөөнү тоо аралык синклиналң өөң, ал эми аны курчап турган тоо кыркалары эпикаледондук ж-а герциндик антиклинорийлер болуп саналат. Сейсмикалык жактан райондун аймагы 7-8 баллдык зонада жатат. Жумгал тоо тизмегинин геологикалык түзүлүшү өтө татаал, батыш бөлүгү соңку рифейдик ж-а ордовиктик гранит-диарит интрузиясынан ж-а соңку протерозийдин филлит, кумдук, алевролит тектеринен (калыңдыгы 500-3000 *м*), ортоңку бөлүгү алгачкы палеозойдун гранит, гранит-диоритинен, чыгышы ордовиктин гранит-диорити, кумдук, туф, порфирит, акиташ, конгломерат ж.б. тектерден (калыңдыгы 1000-4600 *м*ге чейин) турат.

Сандык кырка тоосунун түштүк-батыш бөлүгүндө алгачкы ордовиктин гранит, гранит-диорит, ортоңку бөлүгүндө пермдин сиенит ж.б. тектери, чыгыш бөлүгүндө ордовиктин жашыл, бозомтук жашыл түстөгү сланец, порфирит, туф, акиташ тектери кеңири тараган.

Кабак кырка тоосу гранит-диорит ж-а гранит интрузиясынан, Соңкөл тоосу кембрийдин эффузия-чөкмө, ордовиктин терригендик ж-а аларды жиреп чыккан гранит-диорит тектеринен түзүлгөн. Молдо-Тоого ортоңку палеозойдун (девон, карбон) акиташ, мрамор, филлит, кварцит, диабаз, конгломерат тектери мүнөздүү, этегин неоген-антропогендин кум, чополору каптап жатат. Кабак, Мин-Куш, Кара-Кечүү көмүр кени юра тектери м-н байланышкан.

Сандыкта нефелин сиенити – алюминий кени, барит, цемент чыгаруу үчүн акиташ сырнөсу жаткан жерлер бар. Мындан башка райондун аймагында чакан темир кени, таш туз, глауберит, флюорит, гипс, каолинит чопосу, отко чыдамдуу материалдар, кооздук таштардын кенчелери аныкталган.

Жер астындагы суу, минералдуу ж-а кайнар булактар да бар.

Жалпысынан Ж. р-нунун аймагы релңефинин пайда болушу боюнча үч топко

бөлүнөт: 1) палеозойдук ж-а кембрийге чейики тектерде жаралган бийик тоолуу структуралык-денудациялык, 2) палеозойго чейинки ж-а палеозойдук тектерде жаралган ортого бийик тоолуу структуралык-эрозиялык, 3) тектоникалык аккумулятивдик түздүктүү релңеф, бул тоо этегиндеги аллювий-пролювийлик шилендилүү эңкейиши ж-а тектирленген аллювийлүү түздүктөр.

Район Ички Теңир-Тоо аймагында орун алдгандыктан климаты кескин континенттик. Жайы ысык, кышы суук. Январдын орточо темп-расы -16°С. Минималдык темп-расы -30...-35°С, июлдун орточо темп-расы 17-18°С. Октябрдын башында үшүк башталат. Абанын темп-расы 0°тан жогорулаган учуру март айынын орто ченинде болот. Бирок майдын биринчи жарымында үшүк чалышы да мүмкүн. Жаан-чачындын жылдык өлчөмү Аралда 250 *мм*, Чаекте 253 мм, өрөөндүн баш жагында ж-л тоо капталдарында 400-500 *мм*ге чейин. Анын көпчүлүгү (80%) жылуу мезгилге туура келет. Айрыкча жаз айлары жаанчыл. Кар жаткан мезгил Жумгалда 139 күнгө созулат. Туруктуу кар ноябрдын башында пайда болуп, марттын биринчи декадасында бузулат, калыңдыгы 20-30 *см*ге жетет. Шамал кышында чыгыш, түштүк-батыштан согот. Ички Теңир-Тоонун башка өрөөндөрүнө караганда Миң-Куш, Көкөмерен, Жумгалда, Кызарт айланасында бүркөк күндөрдүн саны көбүрөөк; ал көбүнчө кыш ж-а жаз айларында байкалат. Жумгал өрөөнү айрыкча батыш бөлүгү жапыз болгондуктан климаты жылуурак келип, жашылча, бакча ж-а мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн эгүүгө ылайыктуу. Тоолордо бийиктеген сайын климаттык шарттар өзгөрүп, зоналар алмашылат.

Жаан-чачындын минимуму кыш мезгилине туура келгендиктен өрөөнү курчаган тоолордо мөңгү, түбөлүк эрибей жаткан кар да өтө аз. Кичинекей мөңгүлөр Жумгал, Ой-Кайың, Сары-Камыш тоолорунда кезигет. Жалпы аянты 7,3 *км*^{2}.

Негизги суусу Жумгал (монголчо узун – сол же чыгыш, сол – суу, сол куйма) Кызарт ж-а Базар-Турук сууларынын кошулушунан куралат. Албетте Жумгалдан чоң суу бул райондун батыш жагында агып өткөн Көкөмерен болуп саналат. Ал Суусамыр ж-а Каракол суулары кошулгандан кийин ушундайча аталат. Жалпы узундугу 199 *км*, алабынын аянты 10400 *км*^{2}.

Көкөмерен негизинен кар м-н булак сууларынан куралат. Райондун аймагындагы узундугу 46 *км*, ага Ой-Кайың, Жумгал, Миң-Куш суулар келип кошулат. Көп жылдык орточо чыгымы 80,3 *м*^{3}/*сек*, эң көбү июнда 215 *м*^{3}/*сек*, эң азы мартта 29,7 *м*^{3}/*сек*. Апрелден сентябрдын башына чейин суусу кирген маалы, сентябрда тартыла баштайт. Октябрдан тоңуп, март-апрелде муздан арылат.

Жумгал суусунун узундугу 96 *км*, алабынын аянты 3080 *км*^{2}. Ири куймалары Чаар-Арча, Кызарт, Түгөл-Сай, Баш-Кууганды, Орто-Кууганды, Каракечүү, Баш-Терек, Миң-Теке ж.б. Жылдык орточо чыгымы 11,2 *м*^{3}/*сек*, эң көбү 77,0 *м*^{3}/*сек*, эң азы 5,30 *м*^{3}/*сек*. Апрелдин аягынан августка чейин суусу кирген кез. Августтан баштап суусу азаят. Октябрда тоңуп, апрелде муздан бошойт. Алабында көлдөр бар. Ирилери: Сары-Көл (аянты 2 *км*^{2}), Баш-Кууганды (аянты 0,264 *км*^{2}), Чоң-Таш көлү (аянты 0,23 *км*^{2}) ж.б. Баары тең Жумгал кырка тоосунун түштүк капталында жайгашкан. Эң тереңи Чоң-Таш көлү, 33 *м*. Сары-Көл, Сандык-Суу ж-а Корумду өрөөндөрүнүн аралыгындагы суу бөлгүчтөгү (3320 *м* бийиктикте) чуңкурчакты ээлейт, эң терең жери 0,5 *м*. Көлгө суу куйулбайт, негизинен кар, жаанчачын, булак сууларынан чогулат, суусу тузсуз, таза. Жээктери булактарга бай, айрым жерлерде саздак, кум пляждуу.

Жумгал суусу райондун чарбаларында сугат иши үчүн кеңири пайдаланылат. Андан Жаңы-Арык, Сары-Талаа ж.б. бир нече сугат каналдары таралат.

Райондун аймагы Соңкөлдүн батыш жээктеринде (Түз-Ашуудан Кара-Кечүүгө) и созулат. Соңкөл, Жумгал, Кочкор, Ак-Талаа, Нарын райондорунун чектеринде

жайгашкан Кыргызстандын экинчи чоң колу. Деңиз деңгээлинен 3013 *м* бийикте, узундугу 29 *км*, туурасы батышында 18 *км*, аянты 270 $км^2$, суусунун көлөмү 2,64 $км^3$, ортого терендиги 9,2 *м*, эң терең жери 13,2 *м*, чыгышы жайыз (4-5 *м*). Көлдүн чаначы антропогендин башталышында тектоникалык кыймылдын натыйжасында байыркы денудациялык тегиздиктин ийилишинен пайда болгон, анын жашы орто эсеп м-н 4 миң жылга барабар. Антропогендик муз каптоо учурунда айрым жерлерин муз каптаган. Көлдүн түбү табак түбү сыяктанып жылмакай келет. Түштүк-чыгыш тарабы куушурулуп тайыздап, саздакка айланган. Көлгө Ак-Таш, Жаман-Эчки, Өзбек, Кара-Кечүү, Куртка, Таш-Дөбө, Кум-Бел, Кумдуу-Суу ж.б. болуп бардыгы 18 суу куят. Андан бир гана Кажырты суусу агып чыгып, Нарынга барып кошулат. Суунун темп-расы жайында 11-12°С, кышында -3°Сден төмөндөбөйт. Көл октябрдын жарымынан баштап тоңот. Мартта көлдүн чыгыш бөлүгүндө муздун калыңдагы 70-110 *см*ге жетет. Апрелдин аягында музу эрип баштайт да, муздан толук бошошу бир айга созулат. Көлдүн түндүк-батыш ж-а түштүк жээктеринде 4-5тен 8ге чейин тектилер байкалат. Алардын бири көлдүн азыркы деңгээлинен 30 *м* бийикте турат. Көлдүн бетинде шамалдын таасиринен ылдамдыгы 2-8 *см/сек* агымдар басымдуулук кылат. Алар батышка ж-а түндүккө барган сайын күчөйт (10-12 *см/сек* чейин). Суусу тузсуз, даамы ж-а жыты жок, тиричилик ж-а сугат үчүн жарактуу. Жапыз саздуу жерлеринде гана саздак жыты ж-а саргыч өңү бар. Көлдө зоопланктондун 17 түрү кездешет. Жээктеринде камыш, өлөң, чөп, жашыл-күрөң балырлар бар. Көлдө сууда сүзүүчү канаттуулар (каз, өрдөк, аңыр ж.б.) көп, 66 түрү катталып (республикада кезигүүчү канаттуулардын 60%), алардын ичинде ак чардактар (28 түрү) ж-а эбелек тумшуктар басымдуулук кылат. Балыктын бир нече түрлөрү кезигет (канылтар, линь, көк чаар, пелядь, саг, чир, жилингир) байылаштырылган. Жылына өртөчө 50 *т* балык кармалат.

Соңкөл өрөөнү район аралык мааниси бар жайыттардын бири. Анда эчактан бери Кочкор, Жумгал, Нарын, Ак-Талаа райондорунун малы жайлап келген. Айрыкча Жумгал р-нунун чыгыш бөлүгүндөгү чарбалар Соңкөлгө эң жакын келип, 15-20 *км* аралыкка Соңкөл кырка тоосунун ашуулардын ашып мал айдап өтүшөт.

Райондун аймагында ачык куба күрөң, коңур, тоо шалбалуу талаа субалпы, тоо шалбаалуу каралжын сыяктанган, тоо токойлуу, тоо шалбалуу чым-чалачым көндүү алпы топурактары каралган. Бул топурактар бийиктик боюнча ар түркүн талкаланын үбөлөгөн тектерде ж-а релъефте өөрчүйт. Ачык куба күрөң топурак өрөөндүн таманын ээлеп, райондун негизги жер фондусун түзөт. Мында климат кескин континенттик болуп жаан-чачындын көбү жазында жаайт, өсүмдүктөр ушул учурда ж-а жайында ургаал өсөт. Кышында абанын төмөнкү температуралык шарттары басым дуу келип ж-а кар жука болуп топурак узак тоңгондуктан топурак пайда болуу процесси дээрлик токтойт. Күзүндө климатын кургактыгынан ж-а шамалдын күчөшүнөн топурак пайда болуу жай жүрөт. Суу, аба ж-а жылуулук режиминин ыңгайсыз шарттары биринчиден топуракта микробиологиялык процессти начарлатат, жалпысынан микрофлора аз, экинчиден өсүмдүктөрдүн сейрек болушуна алып келет, демек топуракка өсүмдүк чириндилери аз түшөт. Чириндиге жарды (0,7-1,5%), структурасыз, айрым жерлерде карбонаттуу эмес, нымы жакшы сарыккан. Таштак майда сай таштуу тектер 0,5-1,5 *м* терендикте жатат. Шорлонуу дээрлик жок. Механикалык составы жагынан көп учурларда женил кумайлуу, төмөн жагында майда таштуу кумайга өтөт. Жердин кыйла эңкейиштүүлүгү, өсүмдүктөрүнүн жардылыгы ж-а топурагынын женил механикалык составы аркасында мында эрозия процесстери күчтүү өнүккөн. Топурак пайда болуу процесстери жайында батыраак жүрөт. Бул учурда органикалык заттардын минералданышы күчтүүрөк. Ачык куба күрөң топурактын мүнөздүү генезистик өзгөчөлүктөрү: үстүндө көзөмөкчөлүү жука

кат-кат структуралуу кабык катмары бар. Өтмө горизонттору ныктуулугу ж-а жылчыктуулугу (жаракалуулугу) м-н айырмаланат. Топурак профили горизонтторго начар ажырайт. Сугарылган топурактарда айдалган горизонттон төмөнкү катмарлары ныкталган.

Ачык куба күрөң топурактын асылдуулугун жогорулатуу үчүн органикалык ж-а минералдык семирткичтерди чачуу, которуштуруп айдоо, капталдарды, эңкейиш жерлерди туурасынан айдоо, дан, чанактуу өсүмдүктөрдү аралаш себүү, туура сугаруу ж.б. чараларды колдонуу керек. Бул топурактын чириндисин көбөйтөт, структурасын жакшыртат.

Тоо өрөөндүү коңур топурак күргак талаа алкагында бийигирээк көтөрүлгөн бөксө тоолорду ж-а тоо капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүн ээлейт. Таштак тектерде, майда кумташ, кээде кумдуу кумай пролювий-делювий катмарларында пайда болот. Астын жумуру сай таштары төшөйт. Климаты континенттик, жылдык жаан-чачын 300-500 *мм*, анын 60% жаз-жай мезгилинде жаайт. Морфологиялык түзүлүшү, чириндинин өлчөмү м-н чарбалык өздөштүрүлүшү боюнча ачык коңур, коңур ж-а күңүрт коңур топурактарга ажырайт. Ачык коңур топурак Жумгал өрөөнүндө, Суусамырдын төмөнкү бөлүгүндө бетеге-шыбактуу, шыбак-дан-түркүн чөптүү талааларды пролювий-делювий ж-а аллювий тектеринде өнүгөт. Чириндиси горизонтторунун (А+Б) калыңдыгы 50 *см*ге жетет. Чириндинин өлчөмү орточо алганда 2-2,5%, ал кыртыштын эрозияга чалдыгуу даражасына, калыңдыгына ж-а механикалык курамына жараша кескин өзгөрөт. Карбонаттын (CO_2) өлчөмү боюнча карбонатсыз ж-а күчтүү карбонаттуу топурактар кезигет. Карбонаттар топурак профилинин орто бөлүгүндө (20-40 *см* тереңдикте) жыйналган. Азык заттарынан азот, фосфор аз, калий орто өлчөмдө. Ачык коңур топурактын арасында туздуу, көбүнчө хлорид-сулфат туздары арбын жерлери да бар. Бийигирээк бөксөлөрдү ж-а тоо капталдарынын төмөнкү бөлүктөрүн шагыл-кумайлуу, таштак кумайлуу тектерде өнүккөн коңур топурак ээлейт. Бул ачык коңур м-н күңүрт коңур топурактарынын ортосунда арабөк абалдагы тоголокчо майда структуралуу топурак кезигет. Өңү бозомук күрөң ж-а күрөңүрөөк күңүрт боз. Чириндиси горизонттору карбонаттуу (8-12%), жогорку горизонтторунда – 1,5-2,5%.

Жумгал өрөөнүнүн баш жагында тоо өрөөндүү күңүрт коңур топурак, ал эми тоо капталдарына жылдык жаан-чачыны көбүрөөк (400-500 *мм*) кылкан-тыбак-бетегелүү талааларда күңүрт коңур тоо топурагы таралган. Ал майда кум таштуу карбонаттуу кумай тектерде өнүгөт. Чириндиси арбын (4,5-5,5%), чириндилүү горизонттору (А+В) калыңыраак (70 *см*). Карбонаттары тереңдеген сайын көбөйөт (10-13%га чейин). Асылдуулугу жогору топурак, азот, фосфор, калий арбын. Коңур тоо топуракты жукараак (50-70 *см*), топурак профили горизонтторго начар ажырайт, скелеттүү, эрозия процесстерине кыйла чалдыккан, карбонаттарынан чоң тереңдикке чейин жуулгандыгы м-н айырмаланат. Коңур топурактардын асылдуулугун жакшыртуу үчүн капталдарда туурасынан айдап себүү, сугат системаларын аз эңкейиш м-н жүргүзүү, туура режим м-н сугаруу, органикалык семирткичтерди чачуу, көп жылдык чөптөрдү себүү зарыл.

Суусамыр-Тоонун тескей, Жумгал-Тоонун батыш, түндүк-батыш капталдарында шабалуу талаа алкагында тоо кара топурагы кезигет. Бул топурак жантайыңкы капталдарда делювий, пролювий-делювий шилендилеринде өөрчүйт. Түпкү тектерди бардык жерде дээрлик калың кумай катмары жаан жатат. Тереңдеген сайын майда кум таштар көбөйөт. Калыңыраак кумай катмары ж-а мол жаан-чачын (жылдык орточо өлчөмү 600 *мм*) дан түшүм чөп шалбаалуу талаа өсүмдүктөрүнүн жыш ж-а калың өсүшүнө ылайыктуу шарт түзөт. Жаан-чачындын көбүрөөк жаашы карбонаттардын терең жуулушуна көмөк берет. Тоо кара топурагы жакшы өөрчүгөн чым горизонтуу, топурак профилин горизонтторго

(төрт) даана ажырашы, күңүрт куба күрөң кара дээрлик түсү, чириндинин көп болушу (15%га чейин), туздарынын жоктугу м-н айырмаланат. Жогору жактан талкаланып, майдаланып жуулуп түшкөн материалдар топуракты каптап жаңылап турат. Структурасы тоголокчо-бүртүкчөлүү же тоголокчо майда, жайкы жайыт ж-а чөп чабык катарында пайдаланылат.

Молдо-Тоо, Кабак-Тоо, Жумгал-Тоонун капталдарында Миң-Куш, Каракечүү, Көлмө өрөөндөрүндө шалбалуу же шалбалуу талаа м-н кезмектешип карагай токою ж-а сейрек арча токою кезигет. Мында жылына 500-800 мм жаан-чачын жаайт (көпчүлүгү жай мезгилинде). Карагай арасында четин, шилби, ит мурун, бөрү карагат, ыргай, карагай ж.б. бадалдар бар, калың токойлордо чөп жок, мох көп, сейрегирээк токойлордо чөп өсүмдүктөрү көбүрөөк. Мындай токойлуу жерлерде кара түстөгү тоо токой топурагы жатат. Негизги өзгөчөлүктөрү – токой жалбыректарынын төшөндүсү астында жакшы чым көңдөш көп горизонттун болушу, кесек чириндиге байлыгы (6,7%тен 20%ке чейин), чириндинин курамында фулҗвокислотанын басымдуу болушу, калҗийге каныккандыгы (80-90%). Карбонаттуулугу м-н да айырмаланат.

Тоолуу шалбаалуу-талаа субалҗп топурагы негизинен тоолордун күңгөй капталдарында, кээде тескей тарабында шалбаалуу топуракка жанаша кездешет. Климаты суугураак, жаан-чачыны жетиштүү болгондуктан флоралык курамы бай, продуктуулугу жогору субалҗп шалбаалуу талаа ж-а шалбаалуу ландшафттары кеңири өөрчүйт. Ошондуктан топурактын үстүнкү горизонту жакшы чымдалган, чиринди горизонттору бөз же куба күрөң түстө. Чым горизонтунун калыңдыгы 10 *см*ге чейин. Чириндиси 4,5-9,5%, төмөндөгөн сайын азаят. Структурасы тоголокчо-бүртүкчөлүү, скелеттүү, жакшы байкалган үч генетикалык горизонту бар. Субалҗп шалбаалуу талаа топурагы карбонатуу, бирок айрым жерлерде чым же бүт чиринди горизонттору карбонаттардан жуулган. Калҗийге каныккан. Тоо шалбаалуу субалҗп топурагы тоолордун түндүк ж-а батыш капталдарын, ошондой эле чыгыш капталдарынын жантайыңкыраак жерлерин ээлейт. Чөптөрү калыңыраак ж-а топуракты бүт каптайт. Тоо шалбаалуу-талаа топуракка караганда чириндиси арбын (8,5-15%). Кызарт, Соң-Көл кырка тоолорунун тескей беттеринде шимүүр-түркүн чөптүү шалбааларда тоо шалбаалуу кара топурак сыяктанган каралжын топурак кездешет. Чириндиги арбын (20%ке чейин). Топурак толук бойдон карбонаттарынан жуулган.

Альп шалбаалуу талаа ж-а шалбаа топурактары деңиз деңгээлинен 3100-3800 *м* бийиктикте тараган. Алар катаал климаттык шарттарда, түбөлүк тоңдун тоң көбүрөөк таасири аркасында калыптанат. Субалын алкагынын топурактарына салыштырганда көп учурда жукараак ж-а склетүү, чөптөрү жапыз, шалбаалуу талаа топурактары чириндиге бай (10-12,5%), курамында фулҗвокислотасы басымдуулук кылат. Үстү карбонаттуу, карбонаттарынын өлчөмү 1,5-3,0%. Алпы шалбаалуу топурактары тоолордун түндүк капталдарын ээлейт. Жаан-чачын көбүрөөк жаап, топурактын асты жагы дайым нымдуу болгондуктан карбонаттардан толук жуулган. Тоңдун да таасири бар. Топурак профилинде горизонттор начар байкалат, сары дат сыяктуу тактары, үлүлдөрү бар. Өсүмдүктөрдүн сабактары, эски куураган тамырлары өтө жай чирип, топуракта чала чириген масса түрүндө жыйнала берет. Чиринди 12-13%, анын өлчөмү төмөн карай азаят, курамында фулҗвокислотасы көбөйөт. Топурак сиңирүү комплексинде калҗций арбын (90-95%), темирдин окисине бай.

Жумгал р-нун өсүмдөктөрү тоолуу рельефине ж-а климаттык шарттарынын бийиктикте жараша өзгөрүшүнө байланыштуу ар түрдүү келип, жайгашышы бийиктик алкактуулукка баш ийет. Жумгал өрөөнүнүн таманында ж-а тоо этектеринде кургакчыл шарттарда чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү тараган. Өсүмдүктөрү өтө сейрек. Флоралык

курамында теңир тоо шыбагы көбүрөөк, төмөнүрөөк бийикте ак шыбак арбын. Жалпысынан эфемерлер, эфемероиддер басымдуулук кылат. Аларга Валезийск бетегеси, ак кылкан, эрмен, кой текен, алатоо төө туягы (төө таман), коңуз баш, чий, коко тикен, чекенди ж.б. аралаш өсөт. Жумгал өрөөнүнүн төмөн жагында, Көкөмерен капчыгайында чатырлуу өсүмдүктөр – чайыр чөп (шашыр), аюу чач, ак соктогодой нанофитон (чала бадал) да кезигет. Сибирь петросимониясы, барасагай мөмөлүү сведа ж.б. шор өсүмдүктөрү ээлейт. Алар топурактын 15-20%, гана жабат. Курамында Регель сымпегмасы, каспий күүдүрүгү, кемпир муштум (бөлтүрүк), кызгалдак, терскен, алабата (көк-пек) бар. Жумгал, Суусамыр, Кабак тоо кыркаларынын этектеринде (2000-2300 м бийиктикке чейин) чополуу, шагыл-ташту топуракта чекендүү чөлдөр азыраак тараган. Алар негизинен чекендиден турат да арасында ак тикен, алтыгана, баялыш, вишняков пыязы, терскен, бала жапырак, шыбак, чыраш ж.б. өсүмдүктөр учурайт. Чөл өсүмдүктөрү, айрыкча шыбак, негизинен кышкы жайыт катары пайдаланылат.

Жумгал өрөөнүнүн батыш бөлүгү, адырлар, чаптуу жерлер Көкөмерен капчыгайынын таш-шагылдуу капталдары жарым чөлдүү өсүмдүктөрү менен айырмаланат. Айрыкча теңир тоо шалбагы, мала гүлдүү тыбак, терскен, бетеге, төө таман, чекенде, ак кылкан, жылтыркан, чий басымдуулук кылат. Чап релңефинин жарым чөлдөрү өсүмдүктөргө жарды, мында бирин-серин гана шыбак, баялыш көзгө чалдыгат. Азыркы учурда чөл ж-а жарым чөл өсүмдүктөрү таралган аймактын көпчүлүгү релңефи түзөн ыңгайлуу жерлери иштетилип, айдоолорго айландырылып дыйканчылык үчүн пайдаланылат, бирок суу жетпеген жерлери жайыт.

Райондун аймагында эң кеңири аянттарды талаа өсүмдүктөрү ээлейт. Алар негизинен 2000-3000 м бийикте тоо капталдарында жайланышкан. Айрыкча чымдуу (дүңгөлүү) ак кылкандуу, бетегелүү капталдар өтө кеңири тараган. Доминант өсүмдүктөрүнөн башка флоралык курамын теңиртоо шыбагы, кавказ кылканы, кыргыз калканы, көкөмерен, түлкү мышык, аркар өт, тарак баш, түбү бош, паллаз пыязы, Фетисов чөл шимүүрү, эбелек ж.б. түзөт. Бетегелүү талаалардын флоралык курамы кедейирээк. Теңир тоо шыбагы, ак кылкандардан башка Лессинг шыбагын, коңур баш, түлкү машакты, кийик өттү, теңиртоо чекилдегин, мамыр чөптү атоого болот.

Тоолордун жогору жактарында вазелий бетегеси Крылов бетегеси ж-а бийиктеги бетеге м-н алмашылат, тоо сулусу да көбөйө баштайт. Ак кылкандуу талаалар Жумгал, Кызарт тоолорунун күңгөй капталдарына мүнөздүү, ак кылкандан башка тулаң ак кылканы, Крылов ж-а кыргыз ак кылканы, бетеге, коңур баш кезигет. Райондун батыш бөлүгүндө, Суусамыр тоосунун күңгөй беттеринде, Мин-Куш өрөөнүндө кызыл ит талаалары кичине аянттарды ээлейт, алардын курамында карындыз, аюу чач, иешке шайыры, чыраш да жолугат. Тоо боорлорундагы талаа өсүмдүктөрү топ-топ болуп же өзүнчө бөлөк өскөн бадалдар м-н кезмектешет. Айрыкча табылгы, ит мурун, алча, шилби, сейрегирээк бөрү карагат. Чогуу туташ өскөн төө куйруктар бир кыйла аянтты ээлейт.

Талаа өсүмдүктөрү да адамдын чарбачылык аракетинен чоң өзгөрүүлөргө дуушар болуп жатат. Өрөөндөрдүн тамандары, тоо капталдарындагы түзөнүрөөк жерлер айдалган. Сугат желерде дан эгиндери ж-а көп жылдык тоют өсүмдүктөрү эгилет. Кайрак жерлер да бар. Суусуз кургак талаалар, айрыкча тоо капталдарындагы талаа ландшафттары мал жайыты катары пайдаланылат.

Тоо кыркаларынын нымдуураак тескей ж-а ага жакыныраак түндүк-батыш, түндүк-чыгыш капталдарында 2500-2800 *м* бийиктикке чейин узун чөптүү шалбаалар жайлашкан. Флоралык курамы шалбаа жылганынан, ичке жалбыректуу жылган, ак чычырканак, балгын, зараң, долоно, четин, бөрү карагат кезигет. Чөп өсүмдүктөрүнөн



Мин-Теке жайлоосу



Мин-Бугу жайлоосу

сокто, томсон кой жалбырагы, жунгар тал куурайы, кымыздык ж.б. өсүмдүктөрдөн турат. Жылгандуу, ак соктолуу, томсон кой жалбыактуу шалбаалар көбүрөөк кезигет. Ак соктолуу шалбаалар карагай токойлоруна жакын өөрчүгөн ж-а сейрегирээк өскөн карагайлардын арасында кичирээк аянттыларды да ээлейт. Карагай токойлору Молдо-Тоо (Чамады), Кабак-Тоо (Кармантыс, Кара-Кечүү), Жумгал (Көлмө), Соцкөл тоолорунун капталдарында өсөт. Алар теңиртоо (шренк) карагайынан туруп, негизинен нымы көбүрөөк түндүк, түндүк-батыш, түндүк-чыгыш капталдарга топтошкон. Карагай арасынан тал, четин, туркстан кайынын, шилберди (майда жалбыактуусу, үрпөгөй түктүү), ит мурун, ыргай, жалдай төө куйруктуу, түркстан арчасын кезиктирүүгө болот. Суу бойлогон тектирлерде терек, Семенов зараңы, кайың, тал өсөт. Бийиктеген сайын терек, зараң жоголот, карагай кайың, арча чогуу, андан да бийигирээкте тал, четин м-н аралаш өскөнү байкалат. Токойлордо жапайы карагат, аса-муса да көзгө чалдыгат. Кара-Кечүүдө суу тектирлеринде кыйла нымды сүйгөн карагай м-н жалдай төө куйруктун жанаша өскөнү таң калтырат. Молдо-Тоо, Кабак-Тоо ж-а Соңкөл тоолорунда төө куйруктуу бадалдар (айрыкча жалдай төө куйрук) кеңири аянттарды ээлейт. Токойдун жалпы аянты 98 миң гектардан ашык.

Чөп өсүмдүктөрүнөн элик балтыркан, бетеге, шалбаа каз таманы, теңиртоо мышык тамыры, токой бото көзү, кымыздык, азия каз таманы, сибирң примуласы, кичинекей тармал чөп бар. Чөптүү карагай токойлордон жогору чөптүү токойлор орун алган. Мамык чөп топурактын бетин бирдей каптабайт, айрым жаздыкчалар түрүндө таралган. Бадалдар, чөп өсүмдүктөрү начар өөрчүгөн. Тоо чокуларына жакын мамыктуу токойлор кеңири кезигет. Карагайлар кыйын шартта өсүүдө – жүдөгөн түрдө, баш жактары куурап калган. Мамык чөп катмары жакшы өнүккөн. Тоолордун жогорку бөлүктөрүндө бирин-серин карагайлар түркстан жапалак арчасы м-н аралаш жолугат. Сейрек түрдө кодогой бойлуу шилби ж-а карагат, арасында сары чай чөптү, көкөмерен, буудайык, аюу кулакты ж.б. көрүүгө болот. Субальп ж-а альп шалбаа өсүмдүктөрү пайда боло баштайт. Арча токойлору сейрек таралып, кургак климаттык шартта, таш-шагылдуу жерлерде өсөт. Токойлор арасында ачык жерлерди талаа өсүмдүктөрү ээлейт. Жапалак арча көбүрөөк. Бадалдар аз, көбүнчө табылгы, ит мурун, шилби, бөрү карагат, Жумгал, Көкөмерен, Кабак тоолорунда аса-муса да бар.

Карагайлуу ж-а арчалуу токойолор тоо боорлорунда нымды сактайт, топурактын эрозияга чалдыгышынына тоскоолдук кылат, атмосфераны тазартып турат. Ошого карабастан токойлор кыркылып, азайып жатат. Токойлуу шалбаалар, шалбаалуу талаа ж-а талаа ландшафттары мал жайыты катары пайдаланылат.

Теректүү токойлор терек, тал, кайыңдан туруп Көкөмерен, Миң-Куш, Жумгал сууларынын жээктеринде өсөт. Кара терек, калың жалбыактуу теректен башка

кой жалбырак, ыран, шалбаа жылгыны, каакым, Согдиана чекилдеги, тармал чөп, беде ж.б. бар. Көкөмерен, Мин-Куш сууларынын бойлорунда түркстан кайың токойлорун көрүүгө болот. Арасында карагай арчасы, жуңгар талы, теңиртоо талы, терек учурайт. Чөптөрүнөн негизинен жуңгар кара күрүчүн, топтолгон коңгуроо гүлүн, шалбаа жылганын, тармал чөптүү, каз таманды, кой жалбырагын атоого болот. Суу бойлорундагы токойлор жээктерди бекемдеп, табият кооздугун арттырып, эс алуучу жайлардын бири болуп саналат.

Жумгал өрөөнүн курчаган тоо кыркаларында, Кызарт ашуусуна жакын аймактарда 2800-3000 *м* бийиктикте тескей беттеринде субалпп орто чөптүү шалбаалары орун алган. Өсүмдүктөрүнүн курамына тоо шимүүрү, шалбаа жылганы, аска каз таманы, анемона, түрдүү жалбырактуу аркар оту, теңиртоо бетегеси, кымыздык, кыска тоо чекилдеги кирет. Шимүүрдүү шалбаалар кеңири таралып өтө кооздугу м-н айырмаланат. Флоралык курамында кымыздык, шалбаа шимүүрү, анар жаак (сары гүл), ак гүлдүү каз таман, истод, жыттуу бөтө каз, ак шыраалжын, сасык тармал чөп, жылган ж.б. бар. Аска каз тамандуу шалбаалар бардык капталдарда, айрыкча батыш беттеринде көбүрөөк. Тоолордун түштүк капталдарында субалпп шалбаалуу талаалары өөрчүгөн. Чөптөрүндө талаа өсүмдүктөрү арбыныраак – ак кылкан, теңиртоо сулусу, валезий бетегеси, сойломо буудайык ж.б.

Кыска чөптүү алып шалбаалары тоолордун түндүк ж-а аға жакын жаткан түндүк-батыш, түндүк-чыгыш беттеринде 3000-3500 *м* ж-а андан да бийигирээк таралган. Чөптөрүн түркүн түрлүү ачык гүл ачкан түктүү тогуз төбөл, көбүргөн, кой жалбырак, алып жылгыны, ат конок, сары каз таман, жалган түктүү доңуз сырт, жөргөмүш кымыздыктуу, ырандуу шалбаалар да кезигет. Бийигирээк тоо капталдарында доңуз сырттуу алпы шалбаалары кеңири тараган. Курамына жалган түктүү доңуз сырты катышкан түркүн чөптүү-доңуз сырттуу, ырандуу-доңуз сырттуу, айгыр жыгарлуу – доңуз сырттуу ж-а таза доңуз сырттуу шалбаалар көбүрөөк аянтты ээлейт.

Жумгал, Сандык ж-а Суусамыр тоолорунда 3700 *м* ден жогорку бийиктикте алпы шалбаалары аралчалар түрдө кезигип акырындап кар-мөңгүлүү зонага өтөт. Өсүмдүктөрү бирин серин – негизинен эңилчек, айгыр жыгар, шулция, көк базин, төрт аталыктуу дриаданта, мамык чөп, алпп соссюреясы.

Жумгал р-нунун жаныбарлар дүйнөсү Ички Теңир-Тоонун жаныбарлар дүйнөсүнө окшош. Ландшафттарынын мүнөзүнө жарашы алар ар түрдүү, мында түндүк, түштүк, батыш региондордон ж-а Борбордук Азиядан тарыган жаныбарларды кезиктирүүгө болот. Чөл, жарым чөл ж-а кургак талаа ландшафттары адам тарабынан өздөштүрүлүп, айыл-кыштактар, айдоо жерлер кыйла аянтты ээлегендиктен жаныбарлары азайып кеткен. Куштары: улам саны азайып бараткан торгой, чакчыгай, эрсынар, кекилик, думбул, мүкүр, кара боор, таранчы, жылкычы чымчык, кендири, кара чыйырчык ж.б. Сүт эмүүчүлөдөн кум чычкан, сур аламан, ач күсөн, үй ж-а токой чычкандары, момолой, сокур чычкан кезигет. Кескелдирик, жыландар (калкан тумшук, кара чаар жылан, ок жылан, сары боор, суу жылан) бар. Чабынды, шалбаалуу жерлерде, эгин аңыздарында, бөдөнө, думбул, сарайгыр, чоң чыйпылдак, короолу, котуропей, көк шалкы, күйкө, айры куйрук, жаман сары, сүт эмүүчүлөрдөн чычкандар, кашкулак, ач күсөн, арыс, түлкү учурайт. Суу бойлорундагы токойлорду, бадал черлерин кыргоол, чил, токой үкү, эчки эмээр, коргоолу, мыймыл, кашка чымчык, эжеке бээ сал, чөкөтаан, карга, сагызган, турумтай, күйкө, булбул мекендейт. Сүт эмүүчүлөрдөн коён, чычкандар (момолой, кум чычкан, токой чычкан), кашкулак, түлкү, ач күсөн, эликти атоого болот. Карагайлуу тоо боорлорунда жаныбарлары көбүрөөк ж-а ар түрдүү. Мында жыл бозо мыймыт, чар Муун, тери, нерв, дем алуу, гинекологиялык оорулар м-н ооругандар кириңүү жолу м-

карга, кашка чымчык, таркылдак, үкү, кайчы тумшук ж.б. куштар мекендейт. Кайчы тумшук кышында карагай тобурчактары бышкан убакта тукумдоого ылайыкташкан. Чоң жаныбарлардан элик, кашкулак, сүлөөсүн, түлкү, карышкыр, аюу кезигет, арыс, түркүн чычкандар, момолой көп. Сууларда, саздарда ж-а Соңкөлдө канаттуулардын көп түрлөрү уялап тукумдашат. Алар тоо казы, куркулдай ак куулар, ак чардак, чабакчы, арам өрдөктөр, суксур, көк кытан, кара кунас, кадимки ж-а чумкугуч өрдөктөр, чүрөктөр, анырлар, чулдук ж.б. Көлгө жакын жерлерде суур, кыр чеке, момолой, көк аламан, чычкандар көбүрөөк, кээде кашкулак, түлкү, аюу, карышкыр, ач күсөн, арыс кезигиши мүмкүн. Соңкөлгө балыктын 5-6 түрү кээ берилип, айрыкча байыр алганы майлуу момун балык. Сууларда каңылтыр, тешгечелүү балыктар, көк чаар, ит балык, жаян балык ж.б. бар.

Бийик тоолордо, субалпи ж-а алпи шалбаалуу ландшафттарда аркар, тоо эчкилер, суур, карышкыр, аюу, арыс, момолой, канаттуулардан улар, чөкө таандар, көк жору, зоо көгүчкөнү, көк шалкы, кыш куйрук, думбул, мүкүр, каракаш торгой, эрсынар, аладунга ж.б. тараган. Кар-мөңгүлүү ж-а аскалуу бийик жерлерде илбирс, тоо теке, бүркүт, жорулар (таз кара, балта жутар) жолугат. Адамдын чарбачылык иштеринин күчөшү м-н жашоо шарттарынын өзгөрүшү натыйжасында ж-а териси, эти баалуу жаныбарларга аёосуз аңчылык кылуунун аркасында алардын саны кескин азайып кетти. Ошондуктан өтө сейрек кезигүүчү жаныбарлар (илбирс, аркар, кундуз, аюу, сүлөөсүн, бүркүт, тоо казы, көк жору, шумкар ж.б.) Республиканын Кызыл китебине катталып, коргоого алынууда.

Калкы.Негизинен кыргыз (96%, 1989-жылдагы эл каттоо б-ча), орус, татар, украин, өзбек, уйгур, тажик, дунган ж.б. жашайт. Шаар калкы Миң-Куш шаарчасына отурукташкан. Орточо жыштыгы 1 *км²* жерге 6 киши.

МИНЕРАЛДУУ СУУЛАРЫ. Жумгал өрөөнү тоо арасындагы ойдун. Түндүк Теңир-Тоо бүктөлүү системасынын каледонид зонасына кирет.

Структуралык жактан грабен-мегасинклиналң. Бул ойдунда тоо арасында түзүлүшү 3 кабаттан турган гидрогеологиялык район жайгашкан, фундаментинин туюктугу ж-а чет жактарында палеозой тектеринин жатышы, кайнозой заманында пайда болгон тоо тектер м-н капталышы ысык минералдуу суулардын пайда болушуна шарт түзөт. Бул аймакта республика б-ча геотерм градиентинин эң чоң көрсөткүчү (20-30°С) белгиленген. Геотерм градиентинин чоңдугу ойдундун борбордук бөлүгүнөн анын чет жакасын карай көбөйөт. Жумгал ойдуңундагы ысык минерал сууларынын прогноздуу запасы суткасына 10358 *м³*. Жумгал ойдуңунун татаал структура-литологиялык шарты көмүр кычкыл, азот, радон, сулңфиддуу суулардын пайда болушун камсыз кылат.

Өрөөндөгү балңнеологиялык ресурстар дээрлик колдонула элек, ошондуктан алар Теңир-Тоо регионун гана камсыз кылбастан, бүт Кыргызстандын, ал тургай жакынкы ж-а алыскы чет өлкөлөрдүн курорттук базасы болууга мүмкүнчүлүгү бар.

Төмөндө Жумгал өрөөнүндөгү минералдуу суулардын негизги физика-химиялык мүнөздөмөлөрүн беребиз. Ал суулардын ичинен 5 (Кара-Кечүү, Чоң-Дөбө, Бейше-Сай, Чаек-1203, Чаек-1202) минералдуу суулары изилдешкен авторлор тарабынан дарылоо-ашкана сууларынын катарына киргизилген.

Кара-Кечүү көмүр кычкыл газдуу суусу Чаек айылынан 40 *км* аралыкта, Соң-Көл тоонун түштүк капталында жайгашкан. Химиялык курамы б-ча Кисловодск тибиндеги нарзанга окшош. Ичеги-карын, заара чыгаруучу, дем алуу органдарын дарыласа болот.

Чаек минералдуу суусу-1203 Чаек айылынын түндүгүнөн 1115 *м* тереңдиктен бургуланып чыгарылган.

н дарыланат. Ошондой эле ичип ооз көндөйү, ичеги-карын органдары м-н жабыр тарткандар дарыланат.

Чаек минералдуу суусу-1202 Чаектен 5 *км* түштүк-чыгыш тарапта жайгашкан. Чыккан жердеги суунун температурасы 16°С. Минералдашуусу 0,3 *г/л*, химиялык курамы б-ча гидрокарбонат-хлорид натрийлүү. Пятигорск-1 суусунун тибиндеги суу.

1149-Минералдуу суусу бургуланып чыгарылган. Көк-Сай айылынын батыш тарабында. Суу аз минералдашкан (2,18 *г/л*). Химиялык курамы гидрокарбонат-хлорид, натрий-магнийлүү. Ичеги-карын, заара чыгаруучу органдары жабыр тарткандар дарыланса болот.

Чоң-Дөбө минералдуу суусу 2 бургулоо көзөнөгү м-н чыгарылган. Физика-химиялык касиеттери б-ча бири-бирине окшош. Аз минералдашкан (1,06-1,22 *г/л*), химиялык курамы сулфат-хлорид натрий-магнийлүү. Ичеги-карын ооруларын ичип дарылоого болот.

Көкөмерен радондуу минерал суусу Жумгал суусунун чатынан 14 *км* жогору, Көкөмерен суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Химиялык курамы: сулфат-хлорид натрийлүү.

Чет-Кууганды минералдуу суусу Жумгал тоонун түштүк капталында, Чаек айылынан 13 *км* түндүк тарапта жайгашкан. Температурасы 26,2°С, химиялык курамы сулфат-хлорид-гидрокарбонат натрий-калцийлүү. Кыймыл-таяныч органдарын жуунуп, ичеги-карын ооруларын ичип дарылоого болот.

Бейшен-Сай минералдуу суусу Чаек айылынан 50 *км* аралыкта, деңиз деңгээлинен 2095 *м* бийиктикте жайгашкан. Пятигорск нарзаны типтеги суу.

Чамынды минералдуу суусу аты уйкаш суунун бассейнинде 3 топ болуп жайгашкан. Суунун курамында темирдин концентрациясы көп (3 $м^2/л$). Тула облусундагы Краинка курортундагы минералдуу сууга окшош. Дарылоо-ашкана сууларына кирет.

Чаек минералдуу суусу-1689 Чаек айылынан 7 *км* түндүк-батыш тарапта, деңиз деңгээлинен 1500 *м* бийиктикте жайгашкан. Алгачкы маалыматтарга Караганда бул суу муздак, бирок курамында родондун концентрациясы жогору (40-60 эман). Хлорид-натрийлүү, минералдашуусу 70 *г/л*. Температурясы - 38°С, курамында хлорид-натрий 90%ти түзөт. Сапаттуу ашкана тузун алса болот.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫ

Жумгал р-ну айыл чарба району болуп эсептелет. Айыл чарбага жарактуу жери 383649 *га*, бул болсо райондун жалпы аянтынын 73,4%ин түзөт. Айыл чарбага жарактуу жердин 93,3%ин жайыт, 5%ин айдоо аянты элейт. Сугат жеринин аянты 1561 *га*, калк башына эсептегенде ар бир жанга 0,42 *га* айдоо, а.и. сугат жерден 0,35 *га* туура келет. Райондун айыл чарбасы татаал климаттык шартка жараша өнүгүп, көп жылдар табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу жараша өнүктүрүлүп келген. Жалпы республикадагы айыл чарбадай эле райондук айыл чарбасында да реформага чейин (1991-жылга чейин) мал, а.и. кой чарбасы өнүгүп, алынган продукция айыл чарба продукциясынын негизин түзгөн.

Дыйканчылыкта болсо акыркы жылдарга чейин негизинен малды тоют менен камсыз кылуу максатында арпа, сулу, жүгөрү, тоют өсүмдүктөрү эгилип келген. Рынок экономикасынын шартына ылайык азык-түлүк м-н өзүн-өзү камсыз кылуу максатында кийинки жылдары буудай, картөшкө, жашылча, май берүүчү өсүмдүктөр көп өстүрүлө баштады. Реформанын учурундагы өзгөрүүлөр айыл чарбасына абдан чоң таасирин тийгизген. Райондогу колхоз, совхоздордун базасында 1998-жылдын 1-январына карата, мында 6395 үй-бүлөлүк фермер чарба, 134 ирилешкен дыйкан чарба, ортолук менчикке

негизделген 11 техсервис жайы, 24 чакан мал чарба кичи фермалары түзүлгөн. Алардан башка Чаек, Миң-Куш ж-а Чоң-Арал айылдарында 3087 өздүк чарба бар.

Азыркы мезгилде 1990-жылга салыштырганда 1800-2000 *га*га жакын жер көбүрөөк айдалат. Дыйканчылыкта болсо 1990-жылга караганда 1997-ж. дан өндүрүү 43%, эт 2,8 эсеге, сүт 14 картөшкө 15 эсеге көбөйдү. Малдын башы болсо алда канча азайды.

Дыйканчылык. Райондун экономикасынын негизин мал чарбасы түзгөндүк-төн, дыйканчылык төрт түлүк малга тоют белендөөгө адистешип келген. 1980-ж райондун айдоо аянттары кеңейтилген. Анын көпчүлүгүн көп жылдык тоют өсүмдүктөрү (кара беде, эспарцет), жүгөрү, тоют кызылчасы, сулу, арпа ээлеген. 1998-жылдын башында райондун жалпы айдоо аянты 18,3 *миң/га* болгон. Буудай 9744 *га*, арпа 825 *га*, картөшкө 520 *га*, жашылча 150 *га*, тоют өсүмдүктөрү 6937 *га* жерди ээлеген. Айдоо аянттары

Жумгал районунун чарба продукцияларын өндүрүү боюнча 2000-жылдан 2003-жылга жана 2004-жылдын 9-айына карата маалыматы

Талаачылык продукциялары (центнер менен)

№	Продукциянын түрү	Жылдар				
		2000-ж	2001-ж	2002-ж	2003-ж	01.10.2004-ж
1	Дан эгин	244915	157610	184750	193135	195538
2	Картошка	151142	158120	63503	92003	119124
3	Жашылча	43252	49050	47700	27342	28188

Малдын башы 1-январга карата (баш менен)

№	Малдын түрү	Жылдар					
		2000-ж	2001-ж	2002-ж	2003-ж	2004-ж	01.10.04-ж
1	И.М.М.	20637	21017	21198	21455	21586	23813
2	м.и. тубары	13395	14420	14574	14621	10696	10492
3	Кой, эчки	106911	107441	108763	110140	110391	153217
4	Жылкы	18285	18412	18608	18610	18197	20849
5	Канаттуулар	21060	21136	25694	31122	38433	43900

Мал чарба продукцияларын өндүрүү (тонна менен)

№	Продукциянын түрү	Жылдар				
		2000-ж	2001-ж	2002-ж	2003-ж	01.10.2004-ж
1	Эт	9187	9740	9830	9841	6519
2	Сүт	25400	26845	27430	27455	16441
3	Жүн	370	360	360	360	360
4	Жумуртка	1026	1067	1140	1220	1004

Талаачылык боюнча айдалган жерлер (га менен)

№	Өсүмдүктүн түрү	Жылдар				
		2000-ж	2001-ж	2002-ж	2003-ж	01.07.2004-ж
1	Дан эгин	11254	10012	10114	7556	7987
2	Картошка	910	961	1117	618	725
3	Жашылча	335	374	390	210	197
4	Көп жыл чөп	4485	4245	5068	5192	5548

Талаачылык боюнча 1 гадан түшүмдүүлүк (центнер менен)

№	Өсүмдүктүн түрү	Жылдар				
		2000-ж	2001-ж	2002-ж	2003-ж	01.10.2004-ж
1	Дан эгин	21,8	15,7	18,3	25,5	25,5
2	Картошка	166,0	164,0	162,0	149,0	164,0
3	Жашылча	129,0	131,0	122,0	130,0	143,0

Мал чарбасы боюнча бир башка саалган сүт жана кыркылган жүн (кг менен)

№	Продукциянын түрү	Жылдар				
		2000-ж	2001-ж	2002-ж	2003-ж	01.10.2004-ж
1	Саалган сүт	1709	1650	1677	1673	1300
2	Кыркылган жүн	3,7	3,7	3,9	3,8	3,8

негизинен айылдардын айланасында, деңиз деңгээлинен 2000-2200 *м* бийиктикте жайгашкан. Чарбалык жактан кошумча өздөштүрүүгө жарактуу жерлер бар, бирок каражаттын жоктугунан андай жерлерди айдоого айландыруу кыйын болуп жатат. Мисалы 1209 *га* сугат жери кайрак жерге, 835 *га* кайрак жер жайытка, 192 *га* жер сугат (шор баскан жерге) айланып, 93 *га* жайыт алыс болгондуктан пайдаланылбай жатат.

ТОКОЙ ЧАРБАСЫ. Райондун аймагында ар кандай тырдёгъ токой бар. Тоолордун түндүк капталында карагай токою, арча, ак чечек, кара жыгач, терек, ак кайың, тал, шилби, четин, аса-муса, карагат, айван сары, чычырканак ж.б. өсөт. Негизги токой түзүүчү дарак породасы – Тянң-Шанң карагайы, токой негизинен топуракты эрозияга учуратпоо, ным топтоо ж.б. милдетин аткарат. Райондо өнөр жайлык негизде карагай даярдалбайт. Токой эсебин алуу, өстүрүү, өртөн, зыянкеч м-н илдеттен сактоо, токой дарагын пайдалануу, жаңы көчөттөрдү отургузуу иштерин Жумгал механикалаштырылган токой чарбасы жүргүзөт. Райондо токой 97808 *га* аянтты ээлейт. Жумгал токой чарбасынын токойчулары токойду сактоо жана өнүктүрүү, райондун аймагынын токойлуулугун 16%тен 30%ке жеткирүү б-ча көп иштерди жүгүзүүдө. 100 *га* жерге 215 миң түп Тянң-Шанң карагайынын көчөтү Кара-Кечүү, Ат-Ойнок, Ак-Көл, Кара-Чий өрөөндөрүндө отургузулган. 15 миң түп тоо карагат, 10 миң, түп кара жыгачтын, 143 миң түп көк теректин калемчелери питомникте өстүрүлүүдө. Андан сырткары мурда токой көчөттөрү калк жашаган айылдардан алыс Миң-Куш, Ак-Көл, Кара-Чийлүү өрөөндөрүндө отургузулуп келсе, азыр калк жашаган жерлерге жакыныраак Ок-Торкой, Килемче, Качыке, Эмел тоо кыркаларынан жер берилип, эми ошол өрөөндөргө отургузулмакчы.

БИЛИМ БЕРҮҮ

Жумгал өрөөнүндө элге билим берүү иши өткөн кылымда эле башталган. Алгачкы агартуу иштери диний багытта медресе-мечиттерде жүргүзүлгөн. Октябрң революциясына чейин башкаруу бийлигинин алдыңкы өкүлдөрү Байзак, Мырзабек, Түркмөн, Курман ж.б. балдарды окутуу иштерин уюштуруп келишкен. Байзактын мектеби болгон. Кыргызстанда орус-жергиликтүү мектептери 1884-жылдан ачыла баштаган. Ушундай мектеп Нарын аймагы б-ча 1-болуп Жумгал өрөөнүндө 1899-ж. ачылган. 1902-ж. бул мектепте 40, 1903-ж. 30 бала окуган. 1911-ж. Жумгал өрөөнүндө 10 бөлмөлүү, асты тактайланган жаңы ыкмадагы менчик «Курмандын мектеби» ачылып, анда 100 бала окуган. Алардын көпчүлүгү Чоң-Кеминдеги мурдагы Шабдан медресесинин окуучулары болгон. 1917-жылдан кийин советтик мектептер Жаңы-Арык, Чоң-Дөбө, Байзак, Чаек айылдарында ачылган. Башка айылдарда да мектептер ачыла баштаган. Жылдан жылга билим берүүнүн материалдык-техникалык базасы, окутуунун сапаты жакшыра берген. Райондогу мектептердин бүтүрүүчүлөрүнөн 15дей илим доктору, 100дөй илим кандидаты, көптөгөн мамлекеттик ишмерлер өсүп чыккан. 11 мугалим (К.Карынбаев, А.Балтабаев, О.Ногойбаев, А.Ибраимов, Ш.Кенжегулова, А.Токтобеков, М.Кадиев, З.Момбаева, Ж.Аманалиев, С.Турусбеков, К.Арыков) Кыргыз Респ-ның эмгек сиңирген мугалими наамына татыктуу болгон (булардын ар бирине өзүнчө макала арналды). 1998-99-окуу жылында райондо 27 мектеп (а.и. 23 орто, 1 толук эмес орто, 3 башталгыч) болгон. Аларда 10800дөн ашык окуучу окуйт, 870 мугалим иштейт. Окуучулардын татыктуу билим-тарбия алышы үчүн 190дой окуу кабинеттери учурдун талабына ылайык жасалгаланган, 115тей класстан тышкаркы ийримдер иштейт. Бир катар мектептерде англис тилин окутуу б-ча топтор, ЭЭМ, математика ж.б. сабактар б-ча лицей, гимназиялык класстар түзүлгөн. Алсак, Кайырма, *М.*Алыбаев, Т.Турсунбаева атн. орто мектептерде физика, математика, информатика, биология, химия багытында лицейлик класстар

ачылган. Акыркы жылдары 7 бүтүрүүчү алтын медалга татыктуу болгон. Райондук мамлекеттик администрациясынын каржылоосу м-н 30дан ашык бүтүрүүчү жогорку окуу жайларында окушууда. Райондогу билим берүү тармагына бараандуу салым кошкон эмгек ардагерлери: Эсенкожоев Каирбек, Ыбыксева З., Касымбеков *М.*, Шопокова Мыскал, Казыбеков Мамаке, Жумабеков Төлөгөн, Токтомушев Илибай, Казатова З., Исмаилова К., Дөөлөтов Ж., Исмаилова Ракыя, Кожоналиева К., Аманалиев Абазкан, Муктасов Молдокмат, Өмүркулова Какиш, Батракеев Ыбыш, Бакиров Теңизбек, Исак уулу Б. Райондо 1 кесиптик-техникалык окуу жайы (№24, Мин-Куш шаарчасы), 1 кесиптик лицей (Чаек айылы), балдардын спорт мектеби, «Жалын» балдардын эс алуу лагери, райондук билим берүү бөлүмүнүн алдында «Таттыбүбү» ыр-бий ансамбли иштейт.

Мектепке чейинки тарбия. Райондогу алгачкы бала бакчалар 1950-ж. Чаек, ш айылдарында уюшулган. Алгачкы бала бакча башчысы Асанбекова Калича болгон. Айыл жерлеринде 1960-жылдары сезондуу (жайында 3 айга) бала бакчалар иштеген. 1975-ж. райондо борборлоштурулган бала бакча уюштурулган (уюштуруучусу ж-а алгачкы жетекчиси Дүйшөкеева Жумакан). Анын карамагында 9 бала бакча болгон. 1995-ж. райондогу бала бакчанын саны 24кө жеткен, 840 бала тарбияланган. 1981-95-ж. балдар мекемесинин жетекчиси болуп Иманкариева Бегайым иштеген. 1995-ж. декабрда борборлоштурулган колхоздор аралык балдар мекемеси жоюлуп, бакчалар айыл өкмөттөрүнүн карамагына өткөрүлүп берилген. 1998-ж. райондо 6 бала бакча иштеп, 245 бала тарбияланат.

Райондук билим берүү бөлүмүнүн башчылары: О.Ногойбаев, С.Өмуралиев, И.Айдаралиев, А.Тургуналиев, А.Өмүралиев, А.Узагалиев, Ө.Жумалиев, Д.Сопиев, Тултуков Ж, М. Муктарбеков.

МАДАНИЯТ

2004-жыл – «Социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруу» жылында «Маданият», «Билим», «Намыс» улуттук программаларын жетекчиликке алып, жигердүү эмгектенишип, ийгиликтерди жаратышууда.

Калкты маданий жактан тейлоодо төмөндөгү тармактар иштейт:

12 айылдык клуб
18 айылдык китепкана
1 тарыхый-этнографиялык музей
1 райондук маданият үйү
2 музыкалык мектеп
1 борбордук китепкана
1 профессионалдык драма театры

Райондук тарыхый-этнографиялык музей

1966-жылы негизделип, 1998-жылы ишке киргизилген. Азыркы убакта 5 адам эмгектенет.

Музейде төмөндөгүдөй кабинеттер уюшулган:

– Эл жазуучулары
– Райондун летописи
– Балбандар

- Ардактуу айымдар
- Илим, билим кабинети
- Касиеттүү кадырман карылар
- Эл артистери
- Улуу Согуштун ардагерлери
- Депутаттар, эмгектин ардагерлери

Ч. Дүйшеева атындагы балдар музыкалык мектеби

1967-жылы балдар музыкалык мектеби ачылган.

Мектепте 8 бөлүм ар-кайсы адистиктер боюнча иштейт:

Фортепиано, аккордеон, баян, гитара, кыяк, плектр, комуз, чоор жана жалпы сабактар хор, фортепиано, комузчулар ансамбли, эл аспаптар оркестри бар. Жогорку адистиктеги 14 мугалим эмгектенет.

Мектепте 102 окуучу билим алат.

Жылына 15тен ашык окуучулар ар-кандай адистиктер боюнча бүткөрөт.

Жумгал райондук борбордук китепкана

1945-жылы Жумгал райондук борбордук китепкана уюшулган.

1977-жылы борборлоштурулган китепканалык тармак болуп кайрадан уюшулган. Жумгал райондук борборлоштурулган китепканалык тармагында 1 борбордук китепкана, 1 балдар сектору, 18 айылдык китепканалары бар. Борбордук китепкана тармагында 8 китепкана кызматкерлери эмгектенет.

1. Китеп фондусу – 37275 нуска китеп
2. Китеп окурмандардын саны – 1897
3. Китеп окурмандардын катышы – 21090
4. Китептин берилиши – 49325

Айыл Өкмөттөрүндөгү китепканалар

1. Китеп фондусу – 120195
2. Китеп окурмандардын саны – 61826
3. Китеп окурмандардын катышы – 663085
4. Китептин берилиши – 713419

Жумгал райондук «Соң-Көл» маданият үйү

Жумгал райондук маданият үйү 1936-жылы курулуп, азыркы Жумгал театрынын имаратында өз ишин уланткан.

1936-жылдан баштап Абдыашым Көбөгөнөвдун жетекчилиги менен драмалык ийрим ачылып иш алып барган.

Маданият үйүнүн алдында Республикада биринчи жолу 1975-жылы «Бек-Бекей» ыр-бий ансамбли уюшулган. 1976-жылы элдик ыр-бий ансамбли наамына татып, Москва, Вильнюс шаарларында чоң концерттик программаларды көрсөтүп коло медалдын ээси жана «лауреат» болгон.

Жумгал элдик театры 1995-жылы Республикалык театрлардын кароосунда жеңип "Жумгал драма театры" деп аталган.

Азыркы убакта маданият үйүндө 1 драмалык, 1 бий, 1 комузчулар, 1 шахмат, 1 эстрадалык ийрим иштейт.

МЕЗГИЛДҮҮ БАСМА СӨЗ

Басма сөз. Кыргыз АОсунун партиялык уюму «Райондук жана колхоздук басма сөз жөнүндө» деген чечим кабыл алып, анда 1932-ж. бардык райондордо басма сөз органдарын түзүү каралган. Ушул жылдары редакциянын имараты курулуп, 1938-ж. алгачкы райондук гезит «Социалисттик мал чарба» негизделген. Ал 1966-жылга чейин Кыргызстан КП Жумгал райкомунун ж-а эл депутаттарынын райондук кенешинин органы катары ошол аталыш м-н чыгып турган. Район жоюлгандыгына байланыштуу «Социалисттик мал чарба» 1962-65-ж. чыккан эмес. 1966-ж. 1-январдан баштап *«Демилге»* деген ат м-н кайрадан чыга баштаган. Азыркы кезде Жумгал р-нунун коомдук-саясий гезити катары жумасына 1 жолу чыгарылат. Гезит ээси – Жумгал р-нунун мамлекеттик администрациясы. Нускасы 1545 (1998). Гезиттин өзүнүн басма цехинде басылат. 1991-ж. ПМКнын демөөрчүлүгү м-н «Жацырык» жумалык гезити чыгарылган. Райондун калкы республикалык ж-а чет элдик гезит-журналдарды да алышат.

«Демилге» гезити мындан 66 жыл мурун – 1938-жылы 18-октябрда «Социалисттик мал чарба» деген ат м-н жарык көргөн. Тилекке каршы, алгачкы номерди даярдоого кимдер катышканы, материалдарга ким кол койгону такталбады, Кийин К. Шаменалиев, О. Ногойбаевдер бир эле учурда партиялык райондук комитетинин үгүт-насаат бөлүмүнүн башчысы болуу м-н редакторлук милдетти аткарышкан. Алгач латын тамгасында 100 нускада, 12 номери гана жарык көргөн. 1946-жылдан А. Арыкбаевдин редакторлугу м-н полиграфисттердин карандай кол күчү м-н гана чыгып турган. 1953-ж. К. Сейдалиев редактор болуп дайындалып, редакцияга 2 кабарчылык, 1 жооптуу катчылык штат берилген. Басмакана туруктуу штатка ээ болуп, айылдарда кабарчылар посту түзүлгөн. Т. Бакиров редактор болгон 1958-ж. редакция турмушунда бурулуш жыл. Анткени, гезит 4 бет көлөмүндө басуучу арип терүүчү машиналар м-н жарык көрө баштаган. Ал учурда Ч. Абдраимов., Б. Калиев., К. Мисировдор басмаканада иштешсе, Б. Эсеналиев., С. Кулмамбетов сыяктуу журналисттер күндүзү гезитке материал даярдап, түнү м-н терүүгө жардам берип турушкан. 1960-ж. М. Жакыпов редактор болуп турганда Жумгал р-ну Кочкор р-на кошулгандыгына байланыштуу гезит убактылуу токтогон. 1965-ж. Жумгал Кочкор р-нан болүнгондон кийин 1966-ж. С. Кулмамбетов редактор болуп дайындалып, 1-январь күнү «Демилге» деген ат м-н жарык көргөн. Ошол жылдары редакцияга журналисттердин, полиграфисттердин жаңы тобу келген. Б. Беккулуев., С. Мамбетов., К. Мамбеталиев. Ш. Шамыратов., Ж. Самүдүнов., Ж. Кочоров., Р. Мусаев., А. Додонов., С. Жамангараев., Б. Садабаев., Д. Кожоканов., Л. Гурченко., Г. Жусубалиева., Б. Өмүралиевалар оз мезгилинде калемин кагазга тошоп, коз майы, кол күчүн аябаган адал эмгектенген калемгерлер ж-а полиграфисттер. Ошол жылдары 1 арип терүүчү, 1 басуучу, 1 тигелдик машиналар келген. Шрифтик кассалардын бир нече түрү алынып келинген. 1979-ж. гезитке Б. Калиев редактор болуп келет. Ушул жылдары полиграф цехинин базасы чындалган. 1985-жылга чейин 3 арип терүүчү, 2 басуучу, 1 акыркы үлгүдогү тигелдик, 1 корректуралык, 1 тигүүчү, 1 кесүүчү машиналар м-н толукталган. Шрифтер 90дон ашык кассаны ээлеген. 1990-жылы редактор болуп Э. Жунушов дайындалган. Ошол учурда редакцияда Д. Станов., С. Кушубаков., Ж. Керимбекова., Б. Калмамбетовдор – журналисттер, Д. Кожоканов – цех башчысы, Б. Азыков., Т. Жусупова – полиграфисттер болушкан.

СПОРТ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ

Дене тарбия кыймылына жетекчилик кылууну жакшыртуу максатында 1954-жылдары райондо Дене-тарбия жана спорт комитети түзүлгөн. Алгачкы балдар спорт мектеби 1950 ж. ачылган. Азыркы учурда Миң-Куш жана Чаек балдар-уландар спорт мектептеринде футбол, баскетбол, эркин күрөш, теннис жана шахмат секциялары уюштурулган. 10 машыктоочу эмгектенет. Эркин күрөш боюнча ийгиликтерди жаратууда машыктоочу З. Рахмалдоевдин салымы зор.

Алсак: 1992 жылдан бери 7 (жети) спорт чеберин (А. Рысалиев., Б. Кылычбеков., Т. Көчконалиев., Дүрбөлөң уулу Н., Т. Жекшенов., М. Исабеков., Ч. Чыналиев) даярдаган. Бул балбандар Азиялык, дүйнөлүк чемпионаттарда (уландар арасында) байгелүү орундарды камсыз кылышкан. Хоккей оюну 2000-жылдан баштап профессор Э. Матыев., Ы. Ибраимов., А. Сулайманов атындагы ж.б. турнирлер Республикалык деңгээлде жылына Чаек айылындагы «Шортон» оюн талаасында өткорүлүп келет. Бүгүнкү күндө район боюнча такталган 8 (сегиз) команда бар. Район боюнча стандартка жооп бере турган 2 футболдук аянтчасы, 9 футбол командалар бар.

САЛАМАТТЫК САКТОО

1927-жылга чейин Жумгал өрөөнүндө саламаттык сактоо мекемелери болгон эмес. Элге табыптар, эмчи-домчулар гана медициналык жардам көрсөтүшкөн. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында элди кара тумоо, чечек өндүү оорулар кеңири кантаган. Ошол мезгилде татар жигит Шакиров Жунуш сыяктуу тубаса дарыгерлик жөндөмү бар адамдар элге алгачкы медициналык жардам көрсөтүп, эмдөө иштерин жүргүзүп турушкан. 1924-ж. фелдшер-акушердик пункт (ФАП) ачылган. 1927-ж. жай айларында биринчи жолу амбулатория ачылып, райондун эмгекчилерин саламаттык сактоо жагынан Э.И.Бакин (кийин ал белгилүү илимпоз, профессор болгон) тейлеген. Ал кезде орус тилин райондо жашаган адамдардын бири да билбегендиктен, Шакиров Жунуш тилмечтик милдетти да аткарган. Ооруканага үчүн атайын курулган жайдын жоктугунан, оорулуулар боз үйлөрдө жатып дарыланышкан. 1927-жылдын акырында Чаек айылында 15 орундуу ооруканага ачылган. Бирок, ооруканага бүткүл өрөөндүн калкын тейлеп жетише алган эмес. Партиялык, советтик органдар ж-а саламаттык сактоо кызматкерлери бул маселени элдин астына койгондо, райондун эли өз ыктыяры м-н эки жуманын ичинде 80 миң сом чогултган. Ошол каражатка райондук оорукананын азыркы башкы корпусу курулуп, 1932-ж. пайдаланууга берилген. Жумгалда элдин саламаттыгын сактоо, тейлөө формасы ж-а маданияты барган сайын жакшыра берген. Алсак, 1927-ж. ооруканага 15 орундуу болсо, 1932-ж. 25, 1950-ж. 50, 1959-ж. 75, 1963-ж. 100, 1969-ж. 150,1971-ж. 190, 1980-ж. 225, 1990-ж. 440 орунга жеткен. 1971-ж. райондук бейтапкана райондук партия комитетинин мурунку имаратына көчүп кирген, мурунку бейтапкананын имараты терапия ж-а төрөт бөлүмүнө ыйгарылган. 1954-ж. атайын типтүү долбоор б-ча курулган Миң-Куш участкалык ооруканасы ишке киргизилген. Ал ошол учурда союздук маанидеги ооруканага болгондуктан, №2 медицина-санитариялык бөлүк аталып, Кара-Балта шаарындагы №1 медицина-санитариялык бөлүккө ж-а №111 медицина-санитариялык бөлүмгө (бул Москвадагы №3 Башкы башкармалыкка караган) баш ийген. 1970-жылдын сентябрынан уранды чыгаруу токтотулуп, цехтер жабылганына байланыштуу, №2 медицина-санитариялык бөлүм кайрадан уюштурулуп, участкалык ооруканага айланган. 1973-ж. «Оргтехника» заводу курулгандан кийин ооруканага 130 орунга чейин көбөйгөн. Бирок экономикалык шартка байланыштуу азыр ооруканага 70 орунга ылайыкталган, 1951-ж. Ак-Көл психоневрологиялык ооруканасы ачылып, 1969-ж. жоюлган. Психикасы бузулган оорулууларды дарылаган.1970-жылдары райондо күнүнө 250 оорулууну кабыл алуучу бейтапкананын курулушу бүткөрүлгөн. 1995-ж. жаңы ооруканага

курулуп, ишке берилген. Анда хирургия, терапия, балдар, реанимация, тез жардам бөлүмдөрү болгон.

1998-ж. райондо 195 орундуу 1 борбордук ооруканa, 2 айылдык ооруканa: Мин-Куш (70 орундуу), Кызарт (25 орундуу), 4 айылдык-врачтык амбулатория, 9 ФАП, 1 СЭС ж-а 2 аптека иштеген. Андан тышкары райондук бейтапкана, ар бир айылдык ооруканаларда бейтапканалар, аялдар кабинеттери, балдар кеңешканалары, стоматологиялык бейтапканалар иштейт. Сменасына 650 оорулууну кабыл алат. Он миң адамга 64,2 орун туура келет.

Райондун медицина мекемелеринде 102 врач, 408 орто билимдүү медициналык кызматкер иштейт. Райондук бейтапканада 17 адистеги врачтар кабыл алышат. Медицина борбору 3 терапиялык, 2 акушер-гинекологиялык, 6 педиатриялык участокторго бөлүнгөн. Ар бир терапия аймагына 1800 адам, ар бир педиатрия участогуна 14 жашка чейинки 6600 бала туура келет. Райондогу орто билимдүү медицина кызматкерлеринин билимин жогорулатыш үчүн айына бир жолу фелдшерлердин ж-а акушерлердин күнү өткөрүлүп турат. Райондо жогорку категориялуу – 3, биринчи категориядагы – 16, экинчи категориядагы 2 врач: жогорку категориялуу – 59, биринчи категориядагы – 55, экинчи категориядагы –14 орто медициналык кызматкер иштейт. Акушер-гинеколог Г.Абдыкадырова Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген врачы наамына, хирург А.Орозобсков Октябрь Революциясы, Ф.П.Капинос Эмгек Кызыл Туу, К.М.Молдокеев «Ардак Белгиси» ордениле татыган. Көптөгөн кызматкерлер «Саламаттыкты сактоонун отличниктери» болуп эсептелишет. Райондун медицина мекемелеринде 1998-жылдын 18-майынан баштап милдеттүү медициналык камсыздандыруу системасы ишке киргизилген.



Тажырыйбалуу врач Кубаткулов Жолочу райболницада кеңешме өткөрүп жатат

Районду жетектегендер: Райкомдун 1-катчылары: М.Өмүралиев (1932-33), Достаев (1933-35), Ж.Калкаев (1935-36), Аденов (1936-37), Голцма (1937-38), И.Касымов (1938-39), Ш.Түгөлов (1939-40), А.Ф.Иванов (1940-41), М.Исмаилов (1941-42), А.Найзабеков (1942-43), Т.Буржубаев (1943-46), Т.Жумабаев (1946-47), К.Исабаев (1948-49), А.Дөнөнбаев (1949-53), С.Базаров (1953-60), А.Ажиев (1960-64), Ж. Турсунов (1964-65), К.Тыналиев (1965-71), К.Акназаров (1971-73), К.Жыргалбеков (1973-78), К.Мырзабеков (1978-80), Ө.Мамбеталиев (1980-85), А.Молдалиев (1985-88), О.Шаршенов (1988-90), Ж.Алышүкүров (1990-91), райондун акими: Б.Самудунов (1991-95), райондук администрация башчылары: Э.Аманалиев (1995-99), Ө.Кожеков (1999-2000),(2000-2002) Э.Акиев, Т. Айтбаев (2003ж.) Райаткомдун төрагалары: С.Сатыбаев (1930-32), Ж.Жөөкүлүков (1932-35), Т.Бөлөкбаев (1935-36), Ж.Калкаев (1936-38), И.Модубаев (1938-40), И.Кудабаев (1940-41), К.Курманов (1941-42), Моңошов (1943), А.Орозкожоев (1943-44), К.Жүзбаев (1944-46), Б.Аманбаев (1946-51), С.Турусбеков (1951-52), О.Ногойбаев (1952-53), М.Деркембаев (1953-54), Мамырбаев (1954-56), Ж.Оторов (1956-60), С.Кадыров (1960-64), А.Сыргытаев (1964-65), М.Сыдыков (1965-66), К.Үсөнов (1966-71), В.М.Худолей (1971-79), К.Калназаров (1979-82), И.Айдаралиев (1982-86), А.Исабеков (1986-88), Ж.Алышүкүров (1988-90), Ж.Соромбаев (1990-91), Т.Жээналиев (1991-95), К.Карымбаев (1995-96), Б.Мусаев (1996-жылдан).

А



Аалиев Ө



Абазбеков Э



Абакирова К



Абдиев Р

ААЛИЕВ Өмүркан (1915-79-ж.ж. Чаек айылы) Фрунзе айыл чарба мектебинин ветеринария (1938-ж.), Тянь-Шянь облусу колхоз мектебинде колхоз башкармасын даярдоо бөлүмүн (1946-ж.), Фрунзеде жетекчи кадрларды даярдоо боюнча 2 жылдык мектебин бүтүргөн (1948-ж.). Мал доктур, бригадир, колхоздун башкармасынын төрагасы ж-а ферма башчысы болуп эмгектенген (1938-63-ж.ж.). Пенсияга чейин РЗКда даярдоочу болуп иштеген (1963-ж.). «Кызыл-Жылдыз» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

АБАЗБЕКОВ Эмилбек (1955-ж.т.) Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн. (1978-ж.). Дыйкан, Кызыл-Туу колхоздорунда зоотехник, ферма башчысы (1978-86 ж.ж.), Партиянын райкомунда нускоочу (1986-87ж.ж.), Большевик совхозунда, Кызыл-Туу колхозунда парткомдун катчысы (1987-90ж.ж.), Куйручук айылдык Кеңешинде катчы (1990-96 ж.ж.), 1996-ж. тартып ушул мезгилге чейин Айыл Өкмөтүнүн башчысы. 1990-ж. бери айылдык Кеңештин депутаты.

АБАКИРОВА Калыйпа (1948-ж.т. Беш-Терек айылы) Түгөл-Сай орто мектебинде мугалим (1970-84 ж.ж.) мектептин директору (1984-2000 ж.ж.), Түгөл-Сай Айыл Өкмөтүнүн төрайымы (2000-2001 ж.ж.), 2002-ж. М.Өмүрканова атын. орто мектептин директору болуп иштейт. 6 жолу айылдык Кеңешке депутат болуп шайланган. «Эл агартуунун отличниги».

АБДЕСОВ Нургалый (10.12.1939-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1995), методист-мугалим (1989). 1962-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1962-ж. Кадамжай районунун Хайдаркан шаарчасындагы №2 мектебинде, 1963-82-ж. Жалал-Абад педагогиялык окуу жайында мугалим, директордун орунбасары, 1982-87-ж. Бишкектеги эл чыгармачылыгынын методикалык борборунда методист, 1987-жылдан Бишкектеги №66 мектепке мугалим, ошол эле мезгилде КМУУда окутуучу болуп иштейт. «Кыргыз ССРинин эл агартуу отличниги» (1976).

АБДИЕВ Курманбек Рафхатбекович (12.12.1953-ж.т., Каракол ш.) – милициянын полковниги (1997). 1975-ж. СССР ички иштер министрлигинин Караганды жогорку мектебин бүткөн. 1975-77-ж. Нарын шаардык ички иштер бөлүмүнүн кылмыш изилдөө бөлүмүнүн улук инспектору, 1977-79-ж. Ат-Башы р-ндук, 1979-83-ж. Нарын шаардак ички иштер бөлүмдөрүндө акимдин 1-орунбасары, 1983-85-ж. Нарын облустук ички иштер башкармасынын кылмыш изилдөө бөлүмүнүн акими (начальниги), 1985-87-ж. Ак-Талаа, 1987-95-ж. Кочкор, 1995-97-ж. Түп р-ндук ички иштер бөлүмчөсүндө аким, 1997-ж. Ноябрдан Ысык-Көл облустук ички иштер башкармасынын акиминин орунбасары. «СССР милициясынын отличниги» (1980). Ак-Талаа, Кочкор р-ндук советтерине депутат болуп шайланган. 6 медаль, министрликтин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

АБДИЕВ Рафхатбек (23.2.1927, Чаек айылы – 11.5.1995, ошол эле жер) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4 жолку депутаты (1959-75). 1949-ж. Бишкек пединститутун бүткөн. 1942-44-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун кадрлар бөлүмүндө эсепчи, райондук «Социалисттик мал чарба» гезитинде жооптуу катчы, 1949-51-ж. Чаек орто мектебинде, Нарын ш. Т. Сатылганов атн. №1 орто мектепте директор, 1951-



Абдырахманов А

52-ж. Жумгал р-ндук эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1952-53-ж. Кыргызстан КП БКнын мектептер ж-а ЖОЖдор бөлүмүнүн инструктору, 1953-56-ж. Кыргызстан КП Ысык-Көл обкомунун мектептер болүмүнүн башчысы, Нарын обкомунун пропаганда ж-а агитация болүмүнүн башчысы, 1956-59-ж. Кыргызстан КП Тогуз-Торо райкомунун, 1959-61-ж. Ак-Талаа райкомунун 1-катчысы, 1961-ж. Оттук орто мектебинин директору, 1961-62-ж. Кочкор р-нундагы Кочкор совхозунда парткомдун катчысы, 1962-63-ж. Ат-Башы райаткомунун Төрагасы, 1963-73-ж. Кыргызстан КП Нарын райкомунун 1-катчысы, 1973-76-ж. Нарын облустук айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 1976-84-ж. Нарын облустук айыл чарба кызматкерлеринин профсоюзунун төрагасы, 1984-88-ж. Жумгал р-ндук «Мамлекеттик атайын чарбанын» директору, 1988-91-ж. райондук иш м-н камсыздандыруу болүмүнүн башчысы, 1991-95-ж. райондук Мамлекеттик кызматка орноштуруу б-ча болүмдүн директору болуп иштеген. 1988-ж. союздук маанидеги персоналдык пенсионер болгон. 2 «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери ж-а 5 медаль м-н сыйланган. Ысымы м-н Чаектин бир көчөсү аталган.

АБДРАХМАНОВ Алмазбек (1941-ж.т., Көк-Ой айылы) – 1-класстагы мал чарба чебери (1986). 1957-59-ж. «Эмел» колхозунда жардамчы чабан, 1962-91-ж. Чаек колхозунда баш чабан болуп иштеген. 2, 3-даражадагы «Эмгек даңкы» ордендери (1986, 1988), көптөгөн медалдар ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1991) м-н сыйланган «Чаек» колхозунун эмгек сиңирген колхозчусу (1987).

АБДУЖАЛИЛОВ Сапарбек (1935-ж.т., Кызыл-Туу айылы) – «Кыргыз Респ-нын искусствосуна эмгек сиңирген ишмер», алетмейстер. 7 жашынан Бишкектеги М.Күронкеев атн. хореографиялык окуу жайында окуган. Аны бүткөндөн кинграддагы Римский-Корсаков атн. мамлекеттик консерваториянын балетмейстердик факультетин бүткн. 1965-жылдан Кыргыз мамлекеттик опера ж-а балет театрында балетмейстер, ошол эле учурда Кыргыз драма театрынын алдындагы театралдык окуу жайында мугалим, Б.Бейшеналиева атн. искусство институтунун балетмейстер факультетинде композициядан сабак берет. «Махабат баяны», «Доктор Айболит», «Щелкунчик», «Селка жана хулиган», «Болеро», «Бороондун алдында», «Мүрөктүн суусу», «Тынч Дон», «Аста, секин колукту» ж.б. спектаклдерди койгон. Республикадагы элдик ыр-бий ансамблдеринин түзүлүшүнө көптөгөн жардам берген.

АБДЫКАДЫРОВА Гүлай Шопок кызы (1934-ж.т., Беш-Терек айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген врачы (1974). КММИни бүткөн. 1957-59-ж. Жумгал р-ндук ооруканасында педиатр-врач, 1959-95-ж. акушер-гинеколог болуп иштеген. 1995-жылдан ардактуу эс алууда. «Кыргыз Респ-нын саламаттык сактоо отличниги».

АБДЫКЕРИМ уулу Акшар (1906, Көк-Ой айылы – 1975, ошол эле жер) – чарба жетекчиси, колхоз курулушунун активдүү катышуучусу. 1933-35-ж. «Жаңы-Жол» колхозунда эсепчи, 1935-39-ж. Көк-Ой айыл кеңешинин катчысы, 1939-42-ж. «Көк-Ой» колхозунун башкармасынын төрагасы, 1942-43-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1943-46-ж. Эл депутаттарынын Көк-Ой айыл кеңешинин төрагасы, 1946-50-ж. Чаек айылдык керек-жарак коомунда кызматкер, 1950-66-ж. «Коммунизм» колхозунда ферма башчысы болуп иштеген. 1966-ж. ага «Ардактуу колхозчу» деген наам ыйгарылган. Айылдык, райондук кеңештерге депутат болуп шайланган. Медалдар м-н сыйланган.

АБДЫЛДАБЕКОВА Анипа Нияз кызы (1942-ж.т., Таш-Төбө айылы) – уз. 1967-ж. Каракол мамлекеттик педагогикалык институтун бүткөн. 1967-69-ж. Тогуз-Торо р-нунун Арал орто мектебинде мугалим, «Кыялдын» эксперименттик өнөрканасында чебер болуп иштеген. Чий чырмайт, териге, кийизге, тукабага, ноотуга сайма түшүрөт. Аяк кап, чыны кап, кайчы кап, секичек ж.б, элдик көркөм салттарды сактоо м-н жасайт. Жердикти (таар, кийиз, боолгон ж-а өндөлгөн тери ж.б.) да өзү даярдайт. Сайма буюмдары м-н көптөгөн республикалык кароо-



Ажиев А



Ажымудунов К



Ажымудунова Б

мекеме-ишканалардын профсоюздук уюмдарынын эсебинде 3959 профсоюздун мүчөсү бар. Агроөнөржай кызматкерлеринин Жумгал р-ндук кеңешинин төрагасы А.Узагалиев.

АЖИЕВ Арун (1923-ж.т., Нарын р-ну, Орто-Саз айылы) – Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы (1960-64). 1942-ж. Нарын педагогикалык окуу жайын, 1957-ж. Москвадагы партиялык жогорку мектепти бүткөн. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1950-85-ж. Нарын облустук комсомол комитетинин 1-катчысы, Ак-Талаа, Нарын райаткомдорунун төрагасы, Кыргызстан КП Ат-Башы, Жумгал, Ак-Талаа райкомдорунун 1-катчысы, Нарын облустук маданият башкармалыгынын начальниги болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1971-75). 2 «Эмгек Кызыл Туу», 2-даражадагы Улуу Ата Мекендик согуш ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АЖЫМУДУНОВ Каныбек Мукарапович (8.10.1953-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – сатирик, драматург. 1976-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1976-83-ж. «Кыргызстан пионери», 1984-89-ж. «Кыргызстан маданияты» газеттеринде кабарчы, 1989-91-ж. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн сатира ж-а юмор бөлүмүндө редактор, 1991-92-ж. Токтогул атн. кыргыз мамлекеттик филармониясынын адабият бөлүмүнүн башчысы, 1992-96-ж. Маданият министрлигинде драматургия искусствосу б-ча редактор, 1996-жылдан Кыргыз мамлекеттик жаштар ж-а оспүрүмдөр театрында адабият бөлүмүнүн башчысы, ошол эле учурда «Кыргыз-Караван» гезитинде башкы редактордун орунбасары, 2005-ж. Улуттук филармониянын адабият бөлүм башчысы. Балдар үчүн «Мойнуна ал Бекболот», «Айжан» аттуу алгачкы бир актылуу пьесаларын 1976-ж. жазган. 1985-ж. «Тамаша ж-а бөрү заман» коптогон сатиралык интермедия, аңгемелердин автору аттуу сатиралык жыйнагы жарык көргөн.

Ал профессионал жазуучу-драматург катары «Тажрыйба», «Анонимка», «Тирүү өлүктөр», «Айланайын партия, кагылайын демократия», «Сагызган сактыгынан өлбөйт» аттуу көп актылуу комедиялардын, «Кырсык», «Чокчолой баатыр» аттуу драмалардын автору. Драмалары Нарын музыкалуу драма театрында, Чүй облустук Шаршен атн. куудулдар театрында, республикалык куурчак театрында ж.б. коюлган. Кыргыз Респ-нын театр ишмерлери (1980) ж-а жазуучулар (1993) союздарынын мүчөсү, билим берүү отличниги (1995).

АЖЫМУДУНОВА Бүбүзуура Мукараповна (16.5.1946-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – уз. 1965-ж. Бишкек медицина окуу жайын, 1973-ж. КМУнун биология факультетин бүткөн. 1965-71-ж. Жумгалда медсестра, акушерка, 1971-87-ж. Ат-Башы р-нундагы №1, №2 орто мектептерде, 1987-96-ж. Сокулук р-нундагы Жал орто мектебинде мугалим болуп иштеген. Сайманын түрлөрүн (илме сайма, басма сайма, машине сайма) кармайт, шырдак, улуттук кийимдерди (калпак, чепкен, элечек, шөкүлө ж.б.) жасайт. Көптөгөн кароо-сынактарга катышкан. Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги (1995). Министрликтин Ардак грамоталары, дипломдор м-н сыйланган.

АЖЫБАЙ уулу Акы (?-?, Эмел конушу) – жыгач уста, мергенчи. Калыктын атасы. Жумгалдык манаптар: Чоюбек, Мырзабек, Түркмөндөрдүн жүз баш ак өргөөлөрүнө узанган. Боз үйдүн кереге, уук, түндүк, босого таягын, кырма идиштерди жасаган. Чоң мергенчи да болуп, бир айыл элди жалаң кийиктин эти м-н баккан учурлары болгон. Тогуз-Торо, Кетмен-Төбө, үч-Терек өрөөндөрүнө да жыгаччы катары атагы чыккан.

АЖЫДААР-ҮҢКҮР – Чоң-зындандын



Ажыкеев А



Ажыкеев Э



Ажымамбетов К



Ажымудунов М

оозунан башталып, Табылгытынын оозунан өтө берип бүткөн тоо боорундагы чоң курбу. Узундугу 50-60 м келип, ичи кенен ж-а бийик, траншея түрүндө. Изилденген эмес.

АЖЫКЕЕВ Адылбек (1951-ж.т. Куйручук айылы). КМУнун юридикалык факультетин бүтүргөн (1981-ж.), Нарын ш. адвокатурасында адвокат, шаардык прокуратурада ага тергөөчү, прокурордун жардамчысы болуп иштеген. 1981-1985-ж.ж. Ак-Талаа райпрокурорунун жардамчысы, 1987-ж. прокурору, Ат-Башы районунун прокурору болгон (1998-2001-ж.ж.) Юстициянын 2-класстагы Кеңешчиси.

АЖЫКЕЕВ Эсенкан (1924, Түгөл-Сай айылы – 29.6.1989, ошол эле жер) – өткөөлчү, Социалисттик Эмгектин Баатыры (1966). 1940-ж. Нарын театрында солист болуп иштеген. 1941-49-ж. Советтик Армиянын катарында болуп, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1949-51-ж. Миң-Кушта жумушчу, 1951-жылдан Кыргыз тоо-кен комбинатынын молибден заводунда забойщик, өткөөлчү, бригадир болуп иштеген. Анын бригадасы 1961-ж. «Коммунисттик эмгектин бригадасы», өзү «Коммунисттик эмгектин ударниги» деген наамды жеңип алган. 2 Ленин ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Кыргызстан КПнын 14-15-съездинин делегаты.

АЖЫМАМБЕТОВ Качкын (1950-ж.т. Кайырма айылы). КМУну бүтүргөн (1973-ж.). Чаек колхозунда башкы экономист (1976-81-ж.ж.), Дыйкан колхозунда башкы бухгалтер (1981-85 ж.ж.), Өрнок колхозунда парткомдун катчысы, Райкомдо инструктор (1988-89 ж.ж.), Ленин атын. колхоздо парткомдун катчысы (1989-92-ж..) Ленин атын. колхоздо текшерүү комиссиясынын Төрагасы (1992-94 ж.ж.), "Байзак кредиттик кооперативинин" башчысы болуп иштеген (1995-2000-ж.ж.) Жалпы элдик шайлоодо Байзак айыл Өкмөтүнүн башчысы (2001-ж.) болуп шайланган, бир нече жолу райондук Кеңештин, коптогон жолу айылдык Кеңештин депутаты, партиянын Нарын обкомунун мүчөсү, Жумгал райкомунун бир нече жолку мүчөсү ж-а бюро мүчөсү болуп шайланган.

АЖЫМУДУНОВ Мукарап (1920-ж.т. Кызарт айылы).1941-ж. Нарын облустук мал чарба мектебинин 1 жылдык курсун бүтүргөн. 1941-1954-ж.ж. чейин Баш-Кууганды, Чаек, Суусамыр, Кызыл-Туу, Жаны-Арык зоовет. билимдеринде зоотехник болуп иштеген. 1954-57-ж.ж. тогузунчу Республикалык колхоздордун башкармаларын даярдоо мектебин бүтүргөн.1957-76-ж.чейин: орунбасар, башкарма, ферма башчысы, Кызарт совхозунда билим башкаруучу, парткомдун катчысы, 1976-82-ж. чейин Жумгал айылдык советинин Төрагасы,1982-93-ж. чейин зоотехник болуп иштеген ж-а 1982-ж. пенсияга чыккан. 9 жолу айылдык Кеңешке депутат болуп шайланган (1959-1977-ж.ж.). Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м–н сыйланган.

Азыркы айыл өкмөтүнүн аймагында 1928-ж. Кулжыгач айыл Кеңеши түзүлгөн. Буга Түгөлдүн суусунан баштап, Жумгал өрөөнүнүн батыш тарабындагы бардык элдүү айылдар Суусамыр, Сары-Камышка чейин кирген. 1936-ж. апрель айында Чаек айыл кеңеши аталган. Анын аймагында «Чаек» колхозу, «Көкөмерен» совхозу жайгашкан ж-а алар 1991-ж. дыйкан чарбаларына тараган. Айыл кеңеши көптөгөн республикалык социалисттик мелдештерге катышып, айылдык ж-а поселкалык кеңештердин арасында жеңүүчү болгон. Алсак, 1984-ж. Кыргыз ССР Министрлер Совети ж-а профессионалдык союздардын Кыргыз

Респ-лык советинин «өтмө Кызыл Туусу» ж-а 10 миң сом, 1987-ж. Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргыз Совпрофтун ж-а Кыргызстан ЛКЖС БКнын юбилейлик Ардак грамотасы ж.б. м-н сыйланган, көп жолу райондук ж-а облустук «Ардак тактага» жазылган. Айыл кеңешинин төрагалары: Иманбаев Жунушаалы (1950-56), Алыбаев Абдыракман (1956-62), Кудайбергенова Калия (1962-65), Сарсейитов Ашыралы (1965-67), Абышов Медет (1967-76), Молдалиева Алма (1976-87), 1987-жылдан Акматжанова Эрмек.

Азыркы айыл өкмөтүнүн аймагында 1930-32-ж. «Көк-Ой», «Эмел», «Миң-Теке», «Жаңы-Жол», «Чоң-Арык» колхоздору болгон. Бул колхоздор 1935-ж. уюшулган Фрунзе айыл кеңешине баш ийген. 1959-ж. ал айыл кеңеши Чаек айыл кеңешине кошулган. «Көк-Ой» колхозу 1930-ж. уюшулган. Анда 200 адам (50 түтүн), чарбада 600 кой, эчки, 30 жылкы, 25 уй болгон. Башкармалары: Айткожоев Жунуш, Абдыкеримов Акшар, Рыскулов Кыдыралы, Моңошов Токтотемир, айыл кеңешинин төрагасы Баялиева Жамила. «Эмел» колхозу 1932-ж. уюшулган. Анда 189 адам (48 түтүн), чарбада 680 кой-эчки, 25 жылкы, 23 уй болгон. Башкармалары: Итикеев Абылгазы, Океев Аруун, Жанкулуев Кадыралы, Алапаев Капар, Абдылдаев Бакеш, Абышов Медет, Караев Шейшенбек, Кыдыралиев Кооман. «Чоң-Арык» колхозу 1932-ж. уюшулган. Анда 110 адам (28 түтүн), чарбада 300 кой, 15 жылкы, 10 уй болгон. Алгачкы башкармасы Кожокеев Молдакун. «Миң-Теке» колхозу 1932-ж. уюшулган. Анда 133 адам (32 түтүн), чарбада 550 кой, 20 жылкы, 19 уй болгон. Башкармалары Моңошов Сүйдү, Рыскулов Кыдыралы.

АҢЫЛДАКОВ Эсенкан (1924, Жумгал району, Базар-Турук айылы) – 1940-41-окуу жылдары Жаңы-Арык орто мектебинин 8-классын бүтүргөн соң Базар-Турук башталгыч мектебине мугалим болуп дайындалат. 1942-жылы советтик армиянын катарына чакырылып, 1944-жылга чейин Курск салгылашуусунда ж-а Чехословакияны бошотууда эки жолу оор жарадар болуп, кайтып келгенден кийин 1989-жылга чейин Жумгал районундагы Жаңы-Арык, Коммунизм мектептеринде мугалим, окуу болүмүнүн башчысы ж-а директор болуп эмгектенди. 1947-ж. Нарын педагогикалык окуу жайын, 1951-жылы Пржевальск мугалимдер институтун, 1959-жылы КМУнун физика-математика факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Улуу Ата Мекендик согуштун 1 даражадагы орденн м-н сыйланган.

АЙБАШЕВ Советбек (21.5.1939, Кайырма айылы – 1995, ошол эле жер) – "Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген юристи" (1992). КМУнун юридика факультетин бүткөн. Кыргыз Респ-нын Жогорку сотунда, Нарын шаардык, Кочкор, Тогуз-Торо, Тоң р-ндук сотторунун Төрагасы болуп иштеген.

АЙДАЙ-КАКТЫН ТАЛААСЫ. Көкомерен дарыясынын оң жээгинде, Котур-Суу айылына жакын жерде. Жалпы 5-10 га келген эки түзөңчөдөн турат. Бири уй бөйрөк тартып күн чыгыштагы тоонун этегинен, экинчиси анын батыш жагындагы эки кырка тоонун ортосунан орун алган. Ай тегерек тартып турат. Тоо тарабы караган, таштуу, кызыл чополуу, жайкысын катуу-как келет.

АЙДАРАЛИЕВ Кайып Жумашалиевич (22.4.1956-ж.т., Кайырма айылы) – милиция-нын полковниги (1998). Б.Бейшеналиева атн. Кыргыз мамлекеттик искусство институтун жогорку квалификация-луу клуб кызматкери ж-а оздук көркөм хор жетекчиси адистиги б-ча (1974), Кыргыз Респ-нын ИИМинин Бишкек жогорку мектебин (1998) бүткөн. 1977-79-ж. Республикалык эл чыгармачылык үйүндө музыкалык редактор ж-а усулчу, 1979-82-ж. Кыргыз республикалык эл чыгармачылыгы ж-а маданий-агартуу иштери илимий-методикалык борборунда улук усулчу, бөлүм башчы, 1982-83-ж. Кыргыз Респ-нын ИИМинин Бишкек жогорку мектебиде саясий-тарбия иштери б-ча топтун улук инспектору, 1983-92-ж. курс начальнигинин саясий бөлүм б-ча орунбасары, 1992-98-ж. окуу бөлүк-чөлөрүнүн курс начальниги, 1998-жылдан чарба иштери б-ча начальниктин орунбасары. Ал обончу ж-а аткаруучу дагы. 10дой ыры Кыргыз радиосунун фондусуна кабыл алынган. «Кыргыз Респ-нын милиция отличниги» (1984). 2 медаль м-н сыйланган.

АЙДРАЛИЕВ Ысагалы (1932-ж.т., Жаңы-арык айылы) – Жумгал р-ндук аткаруу



Айдралиев Ы



Айтыгулов К



Айтбаев Т

комитетинин төрагасы (1982-86). 1953-ж. КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1953-54-ж. Нарын ш. мугалимдер институтунда окутуучу, 1954-60-ж. Жумгал, Тогуз-Торо р-ндорунда мектеп директору, 1960-66-ж. Тогуз-Торо, Ак-Талаа ж-а Жумгал р-ндорунда эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1966-71-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1971-82-ж. Нарын обкомунун пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, 1986-93-ж. Жумгал момо-жемиш совхозунун директору болуп иштеген. 1993-жылдан озгочо сиңирген эмгеги үчүн республикалык маанидеги пенсияда. 1971-87-ж. партиянын Нарын обкомунун мүчөсү, Нарын облсовети-нин 13-19-чакыры-лыш-тарына 7 жо-лу депутат болуп шайланган. «Ырлар» (1984) ыр жыйнагы, «Нарын облусунда партиялык уюмдарынын жаштарды тарбиялоодогу иш-таж-рыйбалары» (1983), «Советтердин сессияларын откөрүүдогу иш-тажрыйбалары» (1984) деген китепчелери жарык көргөн. «Кыргыз ССРинин эл агартуу отличниги» (1964). «Ардак Белгиси» ордени (1958), СССРдин 4 медалы, Кыргыз ССР Жогорку Совстинин 2 Ардак грамотасы, Монгол эл республикасынын Ардак грамотасы (1980) м-н сыйланган.

АЙТБАЕВ Тариель Сыдыгалиевич (1951-ж.т.) Каракол ш. Кыргыз мамл. университетин бүтүргөн. Кесиби экономист. Кочкор райондук айыл чарба башкармасынын экономисти, 1973-75-ж.ж. Аткаруу комитетте райпландын Торагасы, 1975-79-ж.ж. Партиянын Кочкор районунда нускоочу, айыл чарба бөлүмүнүн башчысы (1979-82-ж.ж.) болуп. Тендик совхозунун директорлугун аткарган. 1987-95-ж.ж. Райадминистрациясынын башчысынын орунбасары, 1995-96 ж.ж. Айыл чарба башкармасынын начальниги болгон. Кочкор райадминистрациясынын башчысынын 1-орунбасары (1996-99-ж.ж.), Башчы аким болуп иштеген (1999-2003 жж) 01.04.2004-ж. ж. Жумгал райадминистрациясынын Башчысы акими болуп иштеген.

АЙТЫГУЛОВ Кайыпбек (8.12.1932-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын эл артисти (1993), эмгек сиңирген артисти (1975). 1952-ж. М.Күроңкөев атн. музыкалык окуу жайын, 1957-ж. П.И.Чайковский атн. Москва мамлекеттик консерваториясынын үйлөмө аспаптар бөлүмүн бүткөн. Эмгек жолун окуп жүргөн жылдары баштап, 1949-51-ж. К.Орозов атн. эл аспаптар оркестринде, 1951-52-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрында, 1953-56-ж. Москва мамлекеттик «Ромен» цыган театрында, 1956-57-ж. Москванын Свердлов р-нундагы балдар музыкалык мектебинде мугалим болуп иштеген. 1957-68-ж. Кыргыз мамлекеттик опера ж-а балет театрында, 1968-93-ж. Кыргыз мамлекеттик искусство институтунда улук окутуучу, ошол эле учурда 1977-жылдан доцент, 1988-93-ж. профессор, кафедра башчысы, факультет деканы, 1993-жылдан Кыргыз улуттук консерваториясында профессор ж-а факультеттин деканы, М.Күроңкөев атн. музыкалык окуу жайында мугалим. үйлөмө аспаптар үчүн көптөгөн көнүгүүлөрдү, этюддарды ж.б. жазган, алар баалуу окуу-усулдук материал катары колдонулууда. «Жыгач-үйлөмө аспаптар үчүн хрестоматия» аттуу окуу куралы (1987) жарык көргөн. Ал иштеп чыккан Кыргыз композиторлорунун ж-а чет өлкөлүк классиктер м-н азыркы мезгилдеги авторлордун көптөгөн чыгармалары радио м-н телевидениенин Алтын фондусуна жазылган. 1957-жылдан берки Кыргыз адабияты м-н искусствосунун Москвада, Ленинградда ж.б. шаарларда откөрүлгөн декадаларына катышкан, көп чет өлкөлөрдө (Финляндия, Швеция, Тунис ж.б.) гастролдо болгон. Ал Мамлекеттик

телерадионун мамлекеттик симфониялык оркестрин уюштуруучулардын бири (анда азыркыга чейин иштейт). Көптөгөн шакирттерди (С.Токтосунова, А.Базарбаева, Толгой Мураталиев, Тенти Мураталиев, В.Бобров, С.Сонунбеков, К.Азыкбаев, Р.Жумакунов, А.Молдокулов ж.б.) тарбиялап өстүргөн. «Кыргыз ССР эл агартуу отличниги» (1967), Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы (1959), медалдар м-н сыйланган.

АЙТЫКЕ (чын аты Айты, 1816-87, Жумгал өрөөнү) – манасчы, акын. Эл арасында таланты м-н кадыр-барктуу болгондуктан «Айтыке» аталган. өмүрү ж-а чыгармачылыгы тууралуу толук маалыматтар жокко эсе. Бирок анын айтылуу манасчы Балык м-н айтышы ж-дө азыноолак маалыматтар бар. «О кудай ай, кудай ай», «Ким жакшы», «Тойбойт» сыяктуу насыят ырлары сакталып калган. Таластан чыккан Чонду ырчынын айтымына караганда Айтыке «Манас», «Семетей», «Сейтекти» бүтүндөй айткан. Тоголок Молдонун баа берүүсү боюнча Айтыке чоң манасчы болгон. «Жаныш-Байыш», «Эр Төштүк», «Сарынжи-Бөкөй» дастандарын да айткан.

АЙЫЛ-КЫШТАКТАРДЫ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ БӨЛҮМЧӨСҮ (Чаек айылы, Кыргызстандын 60 жылдагы көчөсү, 95). Айыл-кыштак элин таза суу м-н камсыз кылат. Райондун аймагындагы суу түтүгүнүн жалпы узундугу 101 км, анда 274 суу чоргосу иштейт. Райондогу узундугу 3 км болгон алгачкы суу түтүгү колхозчулардын күчү м-н 1961-ж. Чон-Дөбө айылына курулган (ошол кездеги колхоз башкармасы Сооронбаев Алияскар). Анда 4 суу чоргосу иштеген. 1963-ж. Байзак айылына узундугу 20,1 км (суу чоргосу 76), Доскулуга 8,7 км (14) булактан алынган суу түтүктөрү курулган. 1976-ж. Кызарт айылына узундугу 7,8 км (суу чоргосу 40), Куйручукка 11,4 км (50), Түгөл-Сайга 6,8 км (26), Дыйканга 12,4 км (41) жер астынан суу сордурма насостору бар суу түтүктөрү курулган ж-а пайдаланууга берил-ген. 1977-ж. «Чаек-1», «Чаек-2» насостук станциялары ишке берилген. 1978-ж. Көк-Ой айылына узундугу 3 км суу түтүгү курулган. 1994-ж. «Көкө-Мерен» ж-а «Кара-Кечүү» насостук станциялары ишке берилген. 1990-ж. жер казуучу жаңы техникалар м-н жабдылган. 1992-ж. Шор-Тоң аймагындагы кыш заводу ишке киргизилген, 1994-ж. Таш-Дөбө айылында узундугу 12 км (суу чоргосу 34) суу түтүгү ишке берилген. 1976-жылга чейин бөлүмчөсү Кочкор районун тейлеген (суу түтүктөрүн техник Леденев Петр Алексеевич иштеткен). 1976-ж. өз алдынча Жумгал р-ндук бөлүмчөсү болуп ачылган. Бөлүмчөнүн начальниктери (акимдери): Шүкүн Абдыкалыков (1976-81), Төлөгөн Арстанбеков (1981-89), Жоодат Нураков Кайбылдаевич (1989-жылдан). Бөлүмчодө жалпы 18 адам иштейт (1998). Көп жылдары иштеген эмгек ардагерлери: А.Турганалиев, К.Абдыкадыров, К.Насипов, Д.Сагымбаев, Ж.Аскарбеков, Ж.Жарпачиева, Т.Ажыбеков, Ш.Тургунбаев.

АЙЫЛЧИЕВ Азим (23.03.1949-ж.т., Чаек айылы) – мамлекеттик ишмер. 1978-ж. КМУнун юридикалык факультетин бүткөн. 1978-ж. Кыргыз ССР юстиция министрлигинде улук консультант, Кыргыз ССР Министрлер Советинде юридикалык бөлүмдүн ата референти, бөлүм башчынын орунбасары, 1991-92-ж. Кыргыз Респ-нын Президентинин аппаратында референт, юридикалык бөлүмдүн жетекчиси, 1992-96-ж. Кыргыз Республикалык Жогорку арбитражынын төрагасынын 1 орунбасары, 1997-99-ж. «Ак-кеме холдингте» юрист, «Кыргызкурулуш» акционердик коомунда президенттин кеңешчиси, Кыргыз Респ-нын Соттор боюнча департаментинин директорунун 1-орунбасары, 2001-жылдан Чүй облустук юстиция башкармасынын жетекчиси. 1-класстагы юстиция кеңешчиси.

АЙЫЛЧИЕВ Райкан Шаршенбаевич (1946-ж.т., Чаек айылы) – «Кыргыз Респ-нын билим берүүгө эмгек синирген кызматкери» (1996). 1973-жылы КМУнун тарых факультетин бүткөн. СССРдин ж-а «Кыргыз Респ-нын кесиптик-техникалык билим берүүсү отличниги». 1973-86-ж. Кыргыз ССРинин кесиптик-техникалык комитетинин башкы адиси, бөлүм башчысы. Кыргыз ССРинин Билим берүү министрилигинин башкы адиси. 1986-94-ж. кесиптик-техникалык билим берүү боюнча башкы башкарманын мамлекеттик инспекциясынын начальниги. 1994-ж. Бишкек шаарындагы №20 кесиптик лицеинин директору.



Айылчиев А



Айылчиев Р



Айылчиев Ш

АЙЫЛЧИЕВ Шаршенбай (1916-ж.т., Кызыл-Жылдыз айылы) – билим берүү ишмери. 1935-ж. Самаркан шаарындагы «Бауман» атн. жумушчулар факультетин, 1939-ж. ошол эле шаардагы Куйбышев атн. эл чарба ин-ститутун бүткөн. 1940-41-ж. Жалал-Абад облустук соода болүмүндө экономист-товаровед, 1941-44-ж. Ата-Мекендик согушка катышкан. Согушта катуу жарадар болуп кайра айылына келген. 1944-48-ж. Чаек орто мектебинде директор, 1948-52-ж. Чаек балдар үйүндө директор болуп иштеген. Ошол убакта жетим балдарды оз атасындай кам көрүп тарбиялаган. Белгилүү драматург Бакы Өмүралиев ушу кишиге арнап «Атанын тагдыры» деген драмасын жазган. 1952-55-ж. «Бирлик» жети жылдык мектебинин директору, 1955-58-ж. Жумгал районунда коомдук тамак-аш ишканасында товаровед, директор болуп иштеген. «Элге билим берүү отличниги».

АЙЫП ИДИНОВ АТЫНДАГЫ КЫЗАРТ ОРТО МЕКТЕБИ. Жаңы-Арык айылында. 1938-ж. "Кара-Булак 7 жылдык мектеби" деген атта Мамакеев Нааматтын демилгеси м-н уюшулган. 1951-ж. ага Базар-Турук башталгыч мектеби кошулуп, Коммунизм жети жылдык мектеби аталган. 1973-жылдан Кызарт орто мектеби деп аталат. Директорлору: Какыбаев Жунус, Өмүралиев Султанидин, Жаманкулов Бейшеке. 1998-ж. А.Идиновдун ысымы ыйгарылган. 419 окуучу окуйт, 43 мугалим иштейт (1998).

АКБЫШТЫ Кокон хандыгынын «Торткүлдогу сепили» талкалангандан кийин Качыке баатырга Курманкожо элинен берилген сый күлүк ат. Далай жолу бышты болсо да жоону кууганда жетип, тийген жылкыларды куткарып калып күлүктүгүнүн даңкы чыккан. Атактуу бир чоң ашта Актатырдан /Чаек айылынан/ Колмо жайлоосунун «Уторго» чейинки аралыкта /60-км. аралык/ чоң байге сайылып ат чабышта астына ат салдырбай жетим капчыгайдын башы «Үч суунун чатындагы» мойноктон ооздугун бербей аскадан чабандеси м-н кошо учуп кеткен. Ошол жер азыр «Акбыштынын сазы» деп аталат. Бул жонүндө акын А.Чекиров «Акбышты» деген поэма жазган.

АКИЕВ Салморбек Калыкович (5.5.1924-ж.т., Кайырма айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 4 жолку депутаты (1971-85). 1941-жылга чейин Ленинграддагы мамлекеттик хореографиялык окуу жайында окуган. 1941-42-ж. Советтик эл комиссариатынын аппаратында техникалык катчы болуп иштеген. 1942-ж. августта Советтик Армиянын катарына чакырылып, Фрунзе жөө аскерлер окуу жайында окуган. 1943-46-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, 1-Батыш, 2-Белорус фронторунда болгон. 1946-47-ж. Кыргыз опера ж-а балет театрында солист, 1947-52-ж. Бишкектеги комсомолдун Свердлов райкомунда 2-катчы, Ысык-Көл облусунда саясий ж-а илимий билимдерди жайылтуу б-ча коомдун жооптуу катчысы, 1952-ж. Кыргызполиграфмамбаста басма болүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1953-ж. республикалык партиялык мектепти бүткөн. 1953-60-ж. партиянын Фрунзе шааркомунда инструктор, 1960-63-ж. Кыргызстан КП БКнын аппаратында инструктор, жооптуу уюштуруучу, инспектор, 1963-65-ж. Партиялык-мамлекеттик контролдун, 1965-69-ж. элдик контролдун Фрунзе шаардык комитетинин торагасы, 1969-80-ж. Кыргызстан КП 1-май райкомунун 1-катчысы, 1980-86-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин, СССР Министрлер Советинин алдындагы туруктуу окүлү болуп иштеген. 1986-жылдан персоналдык пенсияда. 1963-71-ж. Фрунзе ш. советинс депутат, Кыргызстан КПнын 15-сьездинен баштап 12 жыл Кыргызстан КП БКнын мүчөсү



Акиев С. К.



Акимкожоев М



Акиев Э



Акматалиев А

болуп шайланган. «Эмгек Кызыл Туу», «Кызыл Жылдыз», «Ардак Белгиси» ордендери ж-а 14 медаль м-н сыйланган.

АКИЕВ Элеман (1948-ж.т., Кочкор р-ну, үкок айылы) – Жумгал р-ндун мамлекеттик администрациясынын башчысы (1999-жылдан). 1963-ж. Бишкек финансылык-экономикалык техникумун, 1973-ж. КМУУну бүткөн. 1966-74-ж. Кочкор р-нунун «Большевик» колхозунда башкы бухгалтердин орунбасары, башкы бухгалтер, 1974-79-ж. Фрунзе колхозунда, 1979-81-ж. ДЭУ-955 мекемесинде башкы бухгалтер, 1981-95-ж. Кыргыз Респ-нын Айыл чарба министрлигинде башкы адис, бөлүм башчы, КРУнун акими, 1995-97-ж. Кочкор р-ндук мамлекеттик администрациясынын акими, 1997-99-ж. Кыргыз Респ-нын Айыл чарба министринин кеңешчиси Жумгал райадминистрациясынын башчысы (1999-2000 ж. ж.) болуп иштеген. Медалдар ж-а Ардак грамоталар м-н сыйланган.

АКИМКОЖОЕВ Медербек (20.11.1920, Жаңы-Арык айылы – 1991, ошол эле жер) – акын. 1937-ж. Бишкек зооветеринария техникумун бүткөн. 1940-64-ж. «Базар-Турук», «Совет» колхоздорунда участкалык зоотехник, эсепчи, айыл кеңешинин катчысы, талаачылык б-ча звено башчысы, 1964-жылдан «Кызарт» совхозунда кадрлар б-ча инспектор, байланыш бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. «Тоо жели» (1954), «Кремлдин жанында» (1962), «Керимбек» (1966), «Ата» (1969), «Когултур тоолор» (1970), «Мээрим» (1977), «Жайлоо таңы» (1980), «Тайна пера» (1984), «Кыял чабыттары» (1991) ж.б. ырлар ж-а поэмалар жыйнактары жарык көргөн. 1959-жылдан СССР Жазуучулар союзуна мүчө болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.

АК-КӨЛ – айыл, Кабак айыл окмөтүнө карайт. Башталгыч мектеп бар.

АК-КӨЛ – Ички Тенир-Тоо аймагындагы көл. Молдо-Тоонун түндүк капталында. Көкөмерендин сол куймасы. Миң-Куш суусунун алабынан орун алган. Узундугу 900 м, туурасы 250-300 м, аянты 3,6 км^2. Терендиги орточо 6 м көлгө үнкүр-Сай, Кең-Сай суулары куюп, андан Ак-Көл суусу агып чыгып, Дүнгүрөмөгө куят.

АК-КӨЛ КОРГОШУН КЕНИ – Ак-Көл айылынан 1 км түштүк тарапта, Кабак тоосунун түндүк капталындагы Ак-Көл суусунун баш жагында. 1936-37-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагы ордовик мезгилинин кумдугунан, сланецтеринен, карбондук конгломераттарынан турат. Кен кумдуктун арасында жайгашып, тектоникалык жаракалар м-н байланыштуу. Ал кварц, кальцит, барит, галенит, сфалерит, халькопирит минералдарынан түзүлгөн ичке тарамчалар, майда уячалар ж-а бүртүкчөлөр түрүндөгү 11 руда тулкусунан турат. Алардын узундугу 10-120 м, калыңдыгы 1 мге чейин. Руда тулкулары тик бурч м-н (60-70°) жайгашып, кеңдик, түндүк-чыгыш, түндүк-батыш багыттарда созулуп жатат. Коргошундун эсептелген запасы В категориясы б-ча 0,25 миң т, C_1 – 2,93 миң т, C_3 – 6,32 миң т. Кенден 1950-60-ж. коргошун (6150 т) казып алынып, киреше бербегендиктен токтотулган.

АКМАТ Сарыбай уулу (19-кылымдын аягы – 20-кылымдын башы, Баш-Кууганды айылы) – коллективдештирүү кыймылынын жандуу катыщуучусу. Анын оз ыктыяры м-н элдик менчикке откөрүп берген малынан (короо-короо кой, үйүр жылкы, уй, топоз) эсебинен «Дыйкан» айыл чарба артелинин негизи түзүлгөн. Анын жылкылары «Акматтын чаар жылкылары» деген атак алган. 1929-33-






Акматалиев Э *Акматбеков Р* *Акматалиева М* *Акматжанова Э*

ж. колхоздош-туруу ишине жан-дили м-н катышкандыктан кулакка тартылбай калган.

АКМАТАЛИЕВ Азиз (26.9.1926, Эпкин айылы – 31.3.1987, ошол эле жер) – соода ишмери. 1957-ж. Алматыдагы кооператив техникумун, 1963-ж Самаркандагы кооператив институтун бүткөн. 1942-жылдан мугалим. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1951-76-ж. Жумгал, Ат-Башы, Кочкор р-ндук, Нарын облустук керек-жарак коомунун башкармасынын Төрагасы, 1976-86-ж. Миң-Кушта ОРС соода бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. СССР соода отличниги (1982), Эл депутат-тарынын Жумгал р-ндук Советине депутат (1976-78) болуп шайланган. 2-даражадагы Ата Мекендик согуш, Эл Достугу ордендери, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, медалдар м-н сыйланган. Анын ысымы м-н Чаектеги дүрү дүнүйө дүкөнү аталган.

АКМАТАЛИЕВ Эмилбек (1936-ж.т., Таш-Добо айылы) – Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990-95). 1959-ж. КМУнун физика-математика факультетин, 1966-ж. Бишкек политехника институтун бүткөн. 1959-ж. Миң-Кушта мугалим, 1959-61-ж. комсомолдун Кара-Балта райкомунда катчынын орунбасары ж-а сектор башчысы, 1961-62-ж. Миң-Куштагы заводдун гидрометаллургиялык цехинде аппаратчы, 1962-74-ж. жылуулук электр станциясында электр-монтөр, дежур инженер, улук дежур инженер, цех начальниги, башкы инженер, 1974-75-ж. «Оргтехника» заводунда цехтин начальниги, 1975-81-ж. ГЭСтин начальниги, 1981-86-ж. «Оргтехника» заводунда коммерциялык маселелер б-ча директордун орунбасары, 1986-89-ж. «Оргтехника» кыргыз өндүрүштүк бирикмесинде коммерциялык маселелер б-ча генералдык директордун орунбасары, 1989-91-ж. «Оргтехника» заводунда директор, 1991-93-ж. директордун сапат б-ча орунбасары, 1993-95-ж. «Миң-Куш» акционердик коомунда коммунулдык-чарба маселелери б-ча башкаруучу болуп иштеген. өндүрүшкө киргизилген 43 рационализатордук сунуштун автору. Миң-Куш поссоветинин 9 жолку чакырылышынын (1964-68, 1975, 1979, 1982, 1985, 1989) депутаты болуп шайланган. Көптөгөн бүткүл союздук, республикалык «Социалисттик мелдештердин жеңүүчүсү». Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1974), медалдар, СССР граждандык коргонуу министрлигинин төш белгиси (1986), министрликтердин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

АКМАТАЛИЕВА Маржаке (1921-ж.т., Кайырма айылы) – «Октябрь Революциясы орденинин» ээси (1971). 1939-76-ж. Ленин атн. колхоздо колхозчу болуп иштеген. Ардактуу колхозчу (1971). Айыл кеңешине 4 жолу депутат болуп шайланган. Медалдар, Ардак грамоталар м-н да сыйланган.

АКМАТБЕКОВ Рыспек Актаевич (20.8.1951-ж.т., Баш-кууганды айылы) – техника илимдеринин кандидаты (1982), доцент (1991). 1973-ж. Бишкек политехника институтунун автоматика ж-а телемеханика адистиги б-ча, 1980-ж. Москва энергетика институтунун аспирантурасынын бүткөн. 1973-77-ж. Кыргыз илимдер академиясынын Геология институтунда, «Кыргызөнөржай-долбоор» институтунда, Министрлер Советинин эсептөө борборунда иштеген. 1980-91-ж. Бишкек политехника институтунда окутуучу, улук окутуучу, доцент, 1991-98-ж. автоматика ж-а телемеханика кафедрасынын башчысы,



Акматов А



Акматов Ж



Акматов Т



Акматов Ж

1998-жылдан илимий техникалык «Нарк» фирмасынын директору. Илимий иштеринин негизги багыты: техникалык кошуундарды башкаруу, илимий изилдөөлөрдү автоматташтыруу ж.б. 30дан ашык илимий эмгектин (а.и. 1 монография, 5 илимий эмгеги Германия м-н Болгарияда жарык көргөн) автору. Медалдар м-н сыйланган.

АКМАТЖАНОВА Эрмек (1944-ж.т.) Билими жогорку, Мектепте мугалим, директор, чарбаларда партиялык комитеттин катчысы. Жумгал райондук Аткаруу комитетинин төрагасынын 1-орунбасары 1981-87-ж.ж., Чаек Айыл Өкмөтүнүн башчысы 1987- 2002-ж.ж., андан кийин билим берүү бөлүмүндө инспектор, мектеп директору болгон. Азыр Чаек Айыл Өкмөтүнүн башчысынын орунбасары болуп иштейт. Бир нече жолу жергиликтүү Кеңештердин депутаты,Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АКМАТОВ Амангелди (12.11.1946, Чаек айылы – 21.6.1993, Бишкек) – райондон чыккан алгачкы учкуч. 1970-ж. Саратов шаарындагы граждандык авиация окуу жайын, 1980-ж. Ленинграддагы граждандык авиация академиясын бүткөн. 1970-93-ж. «Манас» аэропортунда 2-, 1-учкуч, кеме командири болуп иштеген.

АКМАТОВ Аскер (1955-ж.т. Баш-Кууганды айылы) Баш-Кууганды Айыл ?кмөтүнүн башчысы (1998-2000-ж.ж.)Дыйкан колхозунда алдынкы механизатор, механик, болуп эмгектенген. Эмгектеги жетишкендиктери үчүн «Эмгек Данкы» орденинин III баскычы, бир нече медалдары м-н сыйланган.

АКМАТОВ Жакин (1928-84-ж.ж. Жаңы-Арык айылы) КМУну бүтүргон, 1953-ж. Чон-Алай районунун «Коммунист» орто мектебинде (1953-55-ж.ж.), директор, райононун башчысы (1956-57ж.ж.) 1963-ж. чейин «Коммунист» мектебинде директор болгон. «Ардак белгиси» ордени, Лениндин 100 ж. юбил. медалы, «Эл агартуу отличниги» төш белгилери м-н сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасын алган. Жаңы-Арык орто мектебинде завуч (1963-65-ж.ж.), Жумгал орто мектебинде директор болгон(1966-72-ж.ж.). 1976-ж. өмүрүнүн акырына чейин «Коммунизм» орто мектебинде директордун орунбасары болуп эмгектенген.

АКМАТОВ Токтобек (1951-ж.т. Чаек айылы) 1968-ж. орто мектепти бүткөндөн кийин. Фрунзе политехникалык институтун инженер экономист адистиги боюнча 1974-ж. бүткөн. Финансы министрлигинде экономист, улук экономисти, жетектөөчү экономисти болуп иштеген. 1991-ж. Чүй облусунун финансы башкармалыгынын началь-ниги, 1992-ж. Бишкек салык инспекция-сынын начальниги, 1995-ж. КР Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык инспекциясынын директорунун орунбасары, 1-орунбасары, 1997-ж. Жалал-Абад облусунун салык инспекциясынын начальниги, 1998-ж. Финансы министрлигинин салык ж-а бажы маселелери боюнча кеңешчиси, 1999-ж. контролдук-ревизия башкар-малыгынын директорунун 1-орунбасары болуп иштеген. 2000-ж. Финансы инспекциясынын директорунун орунбасары, 2003-ж. бери Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин Аппаратынын финансы бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.

АКМАТОВА Нуруйса (1942-ж.т., Чон-Дөбө айылы) – саймачы. Клуб башчысы болуп иштеген. Сайма үлгүлөрүндө көркөмдүк каражаттарды таба билүүсү м-н өзгөчөлөнөт. Кароо-сынактарга катышкан.

АКМАТОВ Жукеш /1924-ж.т. Кашка-Суу



Акматова Л



Акматов Э

айылы, 2001-ж. Таш-Төбө кышт./ Комсомолдук, советтик кызматкер. Эмгек жолун 17 жашынан /1942-ж./ Жумгал р-ндук эл агартуу бөлүмүнүн инспекторлугунан баштаган. Согуш мезгилинде Эл депутаттарынын рай-дук Аткаруу комитетинин жооптуу катчылык кызматын аткарып, атуулдарды фронтко мобилизациялоо, ооруктагылардын турмуш-шартын жакшыртуу ж-а камкордук көрүү жаатында көп аракеттерди жасаган. 1950-1954-ж.ж. комсомолдун Жумгал р-ндук комитетинин I катчылык милдетин аткарып, жаштарды өлкөгө берилгендик, патриоттук духта тарбиялооого ж-а эмгек майданында эрдиктерди жаратууга зор көңүл бөлгөн.1954-ж.дан кийин кайрадан Эл депутаттарынын р-ндук Аткаруу комитетинин жооптуу катчысы б-п дайындалып, андан МТСтин парт. уюштуруучусу, «Союзпечаттын» р-ндук болүмүнүн башчысы кызматтарын аткарган. Ал ардактуу эс алууга чыгардын алдында Таш-Төбө айылындагы маданият үйүн башкарып, чарбанын партиялык уюмунун катчысы болгон. Өкмөт тарабынан бир нече медаль, грамоталар м-н сыйланган. Калкына сиңирген ак кызматы кадырга болоп, кутман карылыктын убайын көрүү м-н небере-чөбөрөлөрдүн кашында нускасын берип келген.

АКМАТОВА Ламира Жукешовна (1952-ж.т. Чаек айылы). В.Маяковский атын. Кыргыз кыз-келиндер институтунун филология факультетине кирип, 1974-ж. Жумгал районунун Миң- Куш пос.-угунда М.Горький атын. орто мектепке мугалимдикке жиберилген. 1975-1977-ж.ж. Фрунзе ш.-дагы Б.Бейшеналиева атын. Искусство институтунда окутуучу болгон. 1977-1978-ж.ж. Казак ССРинин Жамбул обл.-тынынЖамбул шаарында жашы жете электер м-н иштөө боюнча Аткаруу комитетинин катчылык милдетин аткарган. 1978-1987-ж.ж. Жамбул ш.-дык никелешүү Үйүндө инспектор. 1987-1995-ж.ж. Жамбул ш.- дагы №2 кесиптик-техникалык окуу жайында окутуучу. 1995-ж. Бишкек ш.-нын Ленин р-ндук ЗАГСына инспекторлук кызматка алынат. 1998-2001-ж.ж. Бишкек ш.-дык Никелешүү сарайынын башкы адиси болуп иштейт. 2001-ж. баштап Бишкек ш.-ындагы Октябрь р.-нунун Граждандык абалдын актыларын каттоо боюнча бөлүмүнүн башчысы. Жогорку категориядагы окутуучу даражасы ыйгарылган. ГААК системасында эмгектенүү м-н Н.Л. улуттук каада-салттарды өнүктүрүү ж-а аларга жаңы маани-маңыз берүү жаатында бир катар саамалыктардын ээси болду. Анын үйлөнүү тойлорун өткорүү, никеге туруу, күмүш ж-а алтын мааракелерди белгилөө боюнча жазган сценарийлери борбордук басмаларга жарыяланып, усулдук курал катары респ. аймагында колдонулуп келүүдө. Ал өткөргөн аземдерге чет мам.-терден келген меймандар алып барылып, атайын үлгү катары көрсөтүлүп келет. Ал өзүнүн артисттик жөндөмү, бир нече тилди билгендиги м-н өзүнө тартат. Ошол эле учурда өз ишинин мыкты адиси катары жамааттын гана эмес, бул уюмга кайрылган жарандардын бардыгынын урмат-сыйына татып келүүдө. Мурда алган адистигине кошумча КМУУнун юридикалык фак-тетин да аяктап /2000-ж./. I- класстагы юрист даражасына ээ болгон. ГААК системасындагы майнаптуу эмгеги татыктуу бааланып, ал Юстиция министрлигинин Ардак грамотасы, «Баштапкы профсоюздар уюмдарынын торагаларынын эң мыктысы» диплому м-н сыйланган. Анын ысымына алкоо каттар дүйнөнүн көп жерлеринен агылып келип турат. Кыргыздын мындай айжаркын кызынын үлгүсү келечегинен үмүткөр сиңдилеринин тууроосуна татыктуу.

АКМАТОВ Эмиль Жумакадырович /1973-ж.т. Бишкек ш./ Бишкек ш.-дагы хореографиялык мектепти аяктагандан кийин 1981-1989-ж.ж. Санкт-Петербургдагы А.Я.Ваганова атындагы бий академиясында окуйт. 2002-ж. Кыргыз улуттук консерваториясын аяктайт. Хореография адистиги боюнча балеттин артистик дипломуна ээ. Чыгармачылык



Акматов С



Акматов С



Акназаров А

ишмердигин Санкт-Петербургдагы Л.Якобсон атын. Академиялык балет театрында /1989-1994-ж.ж./ бийчиликтен баштайт. 1994-1999-ж.ж. Мариинск опера ж-а балет театрынын алдындагы Л.Якобсондун фондунда бийчи, 1999-ж. баштап А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук опера ж-а балет театрында бийчи.1991-ж. Душанбе ш.-нда өткөн М.Сабирова атын. эл аралык конкурста 2-сыйлыкты, 1992-ж. Хельсинкиде өткөн балет артистеринин эл аралык конкурсунда III сыйлыкты жеңип алган. Ал өзү иштеген театрлардын сахнасына коюлган классикалык ж-а улуттук балеттердин баарында башкы партияларды аткарып келүүдө.

АКМАТОВ Сабырбек (1941-ж.т. Таштөбө). Эмгектин ардагери. Санитардык Граждандык коргоонун отличниги. Жумгал райондук ооруканада Санитардык эпидемиологиялык станцияда эмгектенип, кесиби боюнча жогору категорияга ээ болгон. Ошону менен катар анын калеминен жаралган ырлары, макалалары басма сөздө жарыяланып, актуалдуу маселелерди көтөрүп, радио, телевидениеден берилип келет. «Улукмандын темир тоолук урпактары» деген энциклопедиялык жыйнакка райондун дарылоо мекемелеринин 60 жыл ичинде ары татаал, бирок татыктуу тарыхын, ардактуу кесипти тандап алып, Жумгал районунун аймагындагы калктын ден-соолугу үчүн бүт өмүрүн арнаган татыктуу инсандар жөнүндө макалаларды топтоп жазып, көмөк көрсөтүү м-н бир катар ден-соолук жөнүндө ырлары да жарыяланган. «Улуу Ата Мекендик Согуштун 50- жылдагы» медалы м-н сыйланып, бир нече Ардак Граматаларга татыктуу болгон. Ата мурасы, Улуттук салт, санжыралар тобун топтоп, келечек муун үчүн арноо аракетинде эмгектенип келет.

АКМАТОВ Сталбек Темирбекович / 1976-ж.Таш-Төбө кышт./ 1990-ж. Респ Олимпиадалык резерв окуу жайына кирип, 1995-ж. аяктаган. Ошол эле жылдарда өспүрүмдөр ж-а жаштар арасындагы мелдештерге катышып, чыгаан боксчу катары таанылган. 1990-1995-ж.ж. бокс боюнча республиканын чемпиону наамын жеңип алган. 1997 ж. кикбоксинг боюнча эл аралык мелдеште Азиянын кубогун жеңип алган. 1992-ж. ага СССР спортунун мастерлигине кандидат, 1997-ж. Кырг.Респуб.-нын спорт чебери ардак наамы берилген. Жаштарды спорт ишине тартуу жаатына аракеттерди жасоо м-н ал машыктыруу өнөрүнө да көп көңүл бөлөт.

АК МӨӨР Адыл кызы (1834, Жумгал өрөөнү – 1869, Кемин өрөөнү) – сулуулуктун символу катары өмүрү кыргыз журтчулугунда уламышка айланган аял. Аны Жантайдын алганы, сүйгөнү Болот м-н болгон окуя ж-дө көптөгөн көркөм адабий чыгармалар, кино жаралган. Ак мөөрдүн трагедиялуу өмүр баянынын копчүлүгү чындыкка жакындабагандыгы жөнүндө көп сөздөр айтылып келет.

АКНАЗАРОВ Корчубек (1922-ж.т., Бакай-Ата р-ну, Кызыл-Октябрь айылы) – партиялык ж-а мамлекеттик ишмер. Социалисттик Эмгектин Баатыры (1966). 1944-жылдан КПСС мүчөсү. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Эмгек жолун 1941-ж. Бакай-Ата р-ндагы Кызыл-Чарба мектебинде мугалим болуудан баштаган. 1950-52-ж. Республикалык партиялык мектепте окуган. 1947-50-ж. Кыргызстан КПнын Чаткал райкомунда парткабинеттин башчысы, пропаганда-агитация бөлүмүнүн башчысы, 1952-56-ж. Чаткал райкомунун 2-, 1-катчысы. 1956-ж. Ала-Бука р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1957-60-ж. Кыргызстан КПнын Октябрь (кийин Сузак), Базар-Коргон райкомдорунун 2-катчысы, 1961-71-ж. Кыргызстан КПнын Ак-Талаа, 1971-73-ж. Жумгал, 1990-ж. Кочкор райкомдорунун 1-катчысы болуп иштеген. Ал жетекчилик кылган райондор мал чарба ж-а

дыйканчылык продуктыларын ондүрүүдө ж-а мамлекетке сатууда чоң ийгиликтерге жетишкен. 1990-жылдан ардактуу эс алууда. Кыргыз ССР Жогорку Советинин ж-а КР эл депутаттыгына 6 жолу шайланган (1962-94). 1955-1958-жылдары Жалал-Абад обкомунун мүчөсү. 1961-ж. 11-облусттук партиялык конференцияда Кыргызстан КП Тянь-Шань обкомунун мүчөсү, ошол эле жылы Кыргызстан КПнын 12-съездинде Кыргызстан КПнын мүчөлүгүнө кандидат, Кыргызстан КПнын 13-17-съездинде Кыргызстан КП БКнын мүчөсү болуп шайланган. КПССтин XXV ж-а XXVI съездеринин делегаты. Ал 2 Ленин «Октябрь Революциясы», 2 «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси», Ата Мекендик согуштун 1-даражадагы ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

АКСАКАЛ баатыр (азандагы аты Солтобай) Мамбет уулу (1869, Кайырма айылы – 1948, ошол эле жер) – кыргыздын атактуу найзакери, балбан, үч эмдин улуусу болгондуктан Аксакал аталган. Жапалдаш бойлуу, тууралжын, далылуу, чымыр адам болгон. Эр сайышка 20 жашынан түшүп, аты чыккан балбандарды жеңип, баатыр атанган. Кожомкул, Абдракман, Отор, Тиштээк, Абдылда, Сабыр, Эрназар, Жусуп саякту балбандар м-н күч сынашкан. Кыргыз жергесиндеги чоң аш-тойлордо 36 жолу сайышка түшкөн (а.и. 8 эрди олтуро сайган). Ал эр сайыштан башка эр оодарыш, күроштөрго да катышкан. Колхоз курулушуна да активдүү кол кабыш кылган. 1948-ж. Кыргыз өкмөтүнүн чакыруусу б-ча Кыргыз ССРинин түзүлгөндүгүнүн 24 жылдык мааракесине ардактуу мейман катары чакырылган. Ал ж-до Б.Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхында», Ш.Иманалиевдин «өткөн өмүр эсимде» (1977) аттуу китебинде маалыматтар бар. А.Чекиров ага арнап «Акыркы эрөөл» деген драма ж-а поэма жазган.

АК-СУУ, Ийри-Суу – суу, Суусамырдын сол куймасы. Узундугу 41 км, алабынын аянты 218 км^2. Кыргыз – Ала-Тоосунун түштүк капталынан башталып, жогорку болугу кууш капчыгай аркылуу түндүккө, бара-бара түштүк-батышты карай агып, Суусамырга куят. Апрелде кирип, октябрда тартыла баштайт. Жылдык орточо чыгымы 2,56 м^3/сек. Сугатка



Акышов Т



Алапаев К

пайдаланылат.

АК-ТАТЫР – Чаек айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Чаекке улай жайгашкан. Жалпы аянты 41,8 га, Чаекке чейинки аралыгы 3 км.

АК-ТАТЫР БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Ак-Татыр айылынан түндүк-чыгышында. 31 добо-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,15-0,17 м, диаметри 4-15 м. Б.з.ч. 3-к – б.з. 6-к-на таандык. 1986-ж. М.И.Москалев баяндап жазган. Казып изилдөө иштери жүргүзүлө элек.

АК-ТАШ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Кайырма айылынан 6-7 км түндүк-батышта. 3 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,3-0,5 м, диаметри 4-7 м, 6-10-к-га таандык. 1985-ж. М.И.Москалев баяндап жазган. Казуу иштери жүргүзүлө элек.

АКУЛАК КӨМҮР ТИЛКЕСИ (Миң-Куш шаарчасы). 1970-ж. Ачылган. Негизги участкалары «Акулак» ж-а «Кара-Кечүү». Запасы 66,7 млн т. Жылына 100 миң т көмүр казып сатат. 1997-ж. 7,5 млн сомдук көмүр казылган. 290 киши иштейт (1997).

АКЫЕВ Калык, к. Калык.

АКЫНБАЕВ Ажымамбет /1910-1959-ж.ж./ райондо алгачкы автомашина айдоочулардан.Согуштун катышуучусу, турмуш-тиричилик комбинатта, токой чарбасында директор болгон. Согушта орден, медалдар м-н сыйланган.

АКЫШОВ Таланбек (1963-ж.т. Токтогул району Такталык айылы) 1974-75-ж.ж. КМУнун юридикалык бөлүмүн бүткөн. Ысык-Көл райондук аралык прокуратурасында тергөөчү(1980-81-ж.ж.), Түп районунда ага тергөөчү (1981-83-ж.ж.), Ысык-Көл облпрокурату-расында озгөчө маанилүү иштер боюнча тергөөчү, 1983-88-ж.ж. тергөө бөлүмүнүн начальниги, Ысык-Кол район аралык прокурору (1988-92-ж.ж.), Жумгал районунун прокурору



Алиаскаров З



Алиев Ы



Алмазбеков С

(1992-99-ж.ж.) ж-а Нарын облусунун прокурору, Нарын обл. прокурорунун координациялык Кеңешинин торагасы (1999-ж.) «Жумгал районунун ардактуу атуулу», Кыргызстан жазуучулар Союзунун башкармалыгынын чечими м-н «2001-жылдын мыкты адамы» деп аталган.

АЛАПАЕВ Кадыр (1908, Жаңы-Арык айылы 1984, ошол эле жер) – чарба ишмери, 1935-ж. 2 жылдык мугалимдер курсун, 1938-ж. чарба жетекчилеринин курсун бүткөн. 1935-36-ж. Кара-Чий мектебинде мугалим, 1936-38-ж. «Кара-Чий» колхозунда бригадир, ферма башчысы, 1938-43-ж. «Кара-Чий», 1943-47-ж. «Эмел», 1947-51-ж. «Совет», 1951-54-ж. «Түгөл-Сай», 1954-55-ж. «Совет» колхозунда башкарманын Төрагасы, 1956-ж. «Совет» колхозунда башкарманын орунбасары, 1957-58-ж. ферма башчысы, 1958-60-ж. курулуш мастери, 1960-68-ж. райондук даярдоо конторасында мергенчи болуп иштеген. Райондук (1948, 1950), айылдык (1948, 1957) советтерге депутат болуп шайланган. Медалдар м-н сыйланган.

АЛИАСКАРОВ Зарылбек (1948-ж.т. Кайырма айылы) Өмүр жолу Ленин атын. колхоздун өсүп өнүгүшүнө байланышкан, колхозчулуктан чарбанын бөлүм башчыларына чейин эмгектенген. Чарбага 60миң койго жеткиргенге үлүш кошкон. Бир нече жолу айыл Кеңешине депутат болгон. Азыркы кезде Көлмө токой чабасында бөлүм башчы. Райондук Кеңештин депутаты.

АЛИЕВ Бакирдин (1933-ж.т., Суусамыр айылы) – Кыргыз Респ-нын эл артисти (1979). 1955-ж. Ташкендеги А.Н.Островский атн. театр өнөрү институтун бүтүргөн. 1955-62-ж. Жалал-Абад драма театрында, 1962-95-ж. М.Рыскулов атн. Нарын облустук музыкалык-драма театрында, 1995-жылдан Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында иштейт. Ал ар кыл мүнөздогу ролдорду чебер аткарган артист катары белгилүү. Аткарган ролдору: Токтогул (Б.Жакиев, «Мин кыял»), Тейитбек (К.Жантошев, «Курманбек»), Хлестаков (Н.Гоголь, «Текшерүүчү»), Яго, Форд (У.Шекспир, «Отелло», «Виндзордогу ойсокелер»), Акылбек (Б.Жакиев, «Атанын тагдыры»), Плетнов (Н.Анкилов, «Жоокердин жесири») ж.б. «Махабат жаңырыгы», «Уркуя», «Айсулуунун талаасы», «Мен – Тянь-Шань», «Эски тегирмен» фильмдерине тартылган. Медалдар м-н сыйланган.

АЛМАЗБЕКОВ Сталбек (19.9.1953-ж.т., Көк-Ой айылы) – Кыргыз Респ-нын Эл артисти (1995). 1978-ж. М.Күрөңкеев атн. музыкалык окуу жайынын вокал классын, 1983-ж. Курмангазы атн. Алматы мамлекеттик консерваториясынын вокалдык бөлүмүн бүткон. 1983-жылдан А.Малдыбаев атн. Кыргыз мамлекеттик Академиялык опера ж-а балет театрында солист болуп иштеген. үнүнүн тиби драмалык тенор. Опералардагы аткарган негизги партиялары: Сыргак («Манас»), Күлчоро («Айчүрөк»), Бектур («Ажал ордуна»), Керимбай («Токтогул»), Туйгун баатыр («Сепил»), Герман («Пиковая дама»), Овлур («Князь Игорь»), Трике («Евгений Онегин»), Панкертон («Чио-Чио-Сан»), Раденес («Аида»), Ринуччио («Джанни Скакки»), Фауст («Фауст»), Хозе («Кармен») ж.б. 1984-ж. Чоң театрда ырдаган, көптөгөн чет өлкөлөрдө гастролдо болгон. Ал ж-дө «Бельканто» (1996) аттуу музыкалык фильм тартылган. Кыргыз Респ-нын Ардак грамотасы м-н сыйланган (1992).

АЛТЫН-АРЫК БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ. Бир канча таш дөбө-мүрзөлөрдөн турат. 1949-ж. А.Н.Бернштам изилдеген. Адамдын сөөгү топурак мүрзөлөргө



Алыбаев М



Алыбеков Д



Алыбеков И



Алыкулов К

коюлган, андан темир ж-а соок буюмдар габылган. 9-10-кылымга таандык.

АЛЫБАЕВ Мидин, к. Мидин.

АЛЫБЕКОВ Дүйшөнаалы (15.7.1961-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси. 1930-64-ж. райондун соода, өнөр жай гармактарында, бюджет мекемелеринде ж-а кино системасында бухгалтер, 1964-жылдан райондук киноустановкаларында директор болуп иштеген. СССР кинематографиясынын отличниги (1966). Медалдар м-н да сыйланган.

АЛЫБЕКОВ Искен (1912-ж.т. Жаңы-Арык айылы) Нарын облусу боюнча биринчи «СССР финансы кызматкерлеринин отличниги»(1951-ж), салык кызматынын 3-рангадагы кенже Кеңешчиси (1949-ж.), Жумгал районунун салык кызматынын негиз салуучусу.42 жыл салык жыйноо кызматын аткарган. СССРдин финансы министрлигинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Салык инспекциясында инспектор, Айыл Кеңешинин төрагасынын орунбасары болуп иштеген (1945-87-ж.ж). Айыл Кеңешке 12 жолу депутат болуп шайланган. Жумгал ж-а Жаңы-Арык айыл өкмөтүндө жашаган карапайым элдин жетимиш пайызына жакынына жакындан жардам берип, аларды түйшүктөндүрбөй, убара кылбай пенсияга оңой, жеңил чыгарганга көмөктөшкөн. Элдин ажатын ачууда эмгеги зор, колдоосун аяган эмес. Райондо жогорку кызматта иштеп кетишкен Бексултан Аманбаев, Токуш Быржыбаев, Исалы Кудабаев, Советтер Союзунун баатыры Дайыр Асанов, полковник Адис Абдыраев, мурункү прокурор Малай Шаршенов, Арстанбек Дүйшеев ж.б. м-н үзөңгүлөш эмгектенип, түз байланышта болгон. Жумгал ороонүнүн мыкты адамдары Наамат Мамакеев, Мусакожо Бектуров, Кыдыралы Чегирткеев, Боронбай Чылпаков, Тенти Бокчубаев ж.б. м-н дайыма катышып турган. Азыр ардактуу эс алууда жүрсө да, өзүнүн кеп-кенешин аянбай, акыл-насаатын келечек муундарга берип турат.

АЛЫКУЛОВ Калманбет (1926-ж.т. Эпкин айылы) 8-классты аяктагандан кийин 1942-44 ж.ж. мугалим болуп иштеген. 1944-ж. Армияга чакырылып, согушка катышып 1950-ж. келген.1952-ж. чейин мугалим болуп иштеген.1952-99ж.ж. 47 жыл бою керек-жарак кооперация системасында дүкөн кампа башчысы, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тянь-Шань районундагы керек-жарак коомунун Төрагасы, Балыкчы облустар аралык «Кирпотребсоюз» соода базасынын директору, Нарын «облпотребсозунун» Төрагасы болуп иштеген. 1958-60-ж.ж. Алма-Ата ш. «центрсоюздун» 2 жылдык соода кооперация мектебин бүтүргөн. Жумгал райпосунун юрист консульту,экономисти болуп иштеген.(1989–99 ж.ж.). «Советтик сооданын отличниги», «Эмгек Кызыл-Туу» ордени, Лениндин 100-ж. юбил. медалы, Кыргыз Республиканын Ардак грамотасы м-н 2 жолу Ата Мекендик согуш ордени, 9 медалы м-н сыйланган. Партиянын обкомуна мүчө, облустук, райондук Кеңештердин депутаты болуп бир нече жолу шайланган.

АЛЫКУЛОВ Каныбек Мамытович (26.8.1944-ж.т., Кайырма айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген куруучусу (1994). Эл аралык архитектура академиясынын профессору (1992). Эл аралык чыгыш мамлекеттер академиясынын академиги (Баку, 1999). 1964-ж. Бишкек автомобиль-жол техникумун, 1970-ж. Бишкек политехника институтун, 1982-ж. СССР Эл чарба академиясынын курсун бүткөн.



Алыкулов К



Алымкулов Э



Алышкуров Ж



Аманалиев А

1964-ж. жол мастери, Кыргызстан долбоорлоо ж-а илим изилдөө институтунун кызматкери, 1980-ж. Республиканын курулуш иштери б-ча мамлекеттик комитетинин төрагасынын 1-орунбасары, ошол эле учурда 1991-93-ж. ж-а 1997-жылдан Кыргызстан архитекторлор союзунун Төрагасы, 1993-жылдан Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн курулуш ж-а архитектура бөлүмүнүн башчысы. Бишкек ш. «Ысык-Көл» мейманканасынын, Ош ж-а Каракол шаарларындагы автовокзалдардын, облустук ж-а райондук борборлордогу айрым коомдук имараттардын, Бишкектеги театр аянтынын ж-а айрым турак үйлөрдүн автору. 2000-ж. Чоң-Таш айылында курулуп бүткөн «Ата-Бейит» мемориалдык комплексинин авторлор тобунун жетекчиси. «Даңк» ж.б. медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АЛЫКУЛОВ Мамыт (1921-ж.т., Кайырма айылы) – 1-даражадагы Улуу Ата Мекендик согуш орденинин ээси, кенже лейтенант. Нарын педагогика окуу жайын, 1953-ж. Республикалык партиялык жогорку мектепти бүткөн. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, взводдун командири болгон. 1943-ж. эл агартуу бөлүмүндө инспектор, райкомдо пропагандист, райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, Жумгал социалдык кымсыздоо бөлүмүнүн башчысы, парткомдун катчысы болуп иштеген. 10 медаль, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АЛЫМБАЙ УУЛУ Үркүнчү, үркүнчү ажы (1831-1903, Жумгал өрөөнү, Кулжыгач айылы) – манап, дыйкан. Жетим өсүп, ар кимге малай жүргөн. Кийин эмгекчилдигинен байып, 10 миңден ашык кой, миңден ашык жылкы, төө, үй күткөн. Бей-бечараларга кайрымдуу болгон. Жумгал суусунан чоң алыш каздырган, ал азыркыга чейин «Күчүк арык» аталат. Жаз алды м-н ар үй-бүлөдөн бирден жигит алып, канал каздырып, арык чаптырган. Жер айдаттырган.

АЛЫМКУЛОВ Асанкан (1919, Жаңы-Арык айылы – 18.10.1987, ошол эле жер) – Кызыл Жылдыз орденинин ээси. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1948-55-ж. Тянь-Шань облустук мал чарба бөлүмүнүн башчысы, 1955-61-ж. Жумгал р-ндук МТСтин парткомунун катчысы, 1961-63-ж. «Совет» колхозунун башкармасынын Төрагасы, 1963-87-ж. ушул колхоздун кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 3-даражадагы «Даңк» ордени, 2 Улуу Ата Мекендик согуш ордендери м-н сыйланган.

АЛЫМКУЛОВ Жумабек (1952-ж.т. Чаек айылы). 1969-ж. эмгек жолун Керек-жарак коомунан баштаган. Сатуучу, кампа башчысы, бөлүм башчы болгон. Коомдун партиялык уюмун жетектеген. Коомдун торагасынын орунбасары (1985-86-ж.ж.) Коомдук тамак аш Төрагасы болуп иштеп келеатат. Тармактык баскычтардын сыйлыгынын ээси.

АЛЫМКУЛОВ Эсенбек Сыдыкович (18.03.1953-ж.т., Чаек айылы) – «Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген экономисти» (1995). 1975-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1975-1983-ж. Кыргыз Респ-нын Финансы министрлигинде иштеген. 1983-96-ж. Кыргыз илимдер академиясыда финансы кызматын башкарган, 1996-жылдан Кыргызөнөржай-курулуш банкынын Бишкек ш. Октябр райондук бөлүмүнүн жетекчиси. Эл аралык коомдук Айтматов академиясынын мүчөсү (академиги).

АЛЫШКУРОВ Жолдошбек (27.12.1946-ж.т., Баш-Кууганды айылы) – Эл депутаттарынын Жумгал р-ндук



Аманалиев Ж



Аманалиев К

кенешинин аткомунун Төрагасы (1988-90), Жумгал райкенешинин Төрагасы ж-а Кыргыстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы (1990-91). 1970-ж. айыл чарба институтунун ветеринария факультетин, 1979-ж. Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти, 1997-ж. Казакстан айыл чарба академиясынын токой чарба факультетин бүткөн. 1964-65-ж. «Дыйкан» колхозунда колхозчу, эсепчи, 1970-72-ж. Жумгал р-ндук ветеринария лабораториясында ветврач, 1972-73-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн инструктору, 1973-76-ж. Жумгал райондук ветеринардык станциясынын начальниги, 1976-77-ж. «Кыргызстандын 40 жылдыгы» совхозунун парткомунун катчысы, 1979-86-ж. «Көкө-Мерен» совхозунун директору, 1986-88-ж. Эл депутаттарынын Тогуз-Торо р-ндук кенешинин аткомунун Төрагасы, 1992-94-ж. «Жумгал» совхозунун директору, 1995-96-ж. Жумгал р-ндук «Дыйкан-ордо» айыл чарба ишкерлеринин Төрагасы, Кыргызстан Агрардык эмгек партиясынын Нарын облустук уюмунун Төрагасы, 1996-97-ж. Чаектеги №26 кесиптик-техникалык окуу жайынын (лицейинин) директору, 1997-жылдан Жумгал мамлекеттик токой чарбасынын директору. 1975-94-ж. Нарын, Ысык-Көл облустук, Жумгал, Тогуз-Торо р-ндук кенештерине депутат болуп шайланган. «Ардак Белгиси» (1986) ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.

АМАНАЛИЕВ Абазбек (1924-ж.т. Чоң-Дөбө айылы) Орто мектепти аяктагандан кийин Чоң-Дөбө, Кайырма, Чаек мектептеринде мугалим болуп иштеген. 1950-57-ж.ж. балдар интернатында директор, Кызыл-Туу колхозунда башкарма (1957-60-ж.ж.), Чаек кичи мектебинде директор (1960-64 ж.ж.), Партиянын райкомунда жооптуу кызматкер, Жумгал совхозунда парткомдун катчысы болгон. Лениндин 100 ж. юбил. медалы, грамоталар м-н сыйланган.

АМАНАЛИЕВ Жузупбек (5.12.1932-ж.т., Кызыл-Туу айылы) – тарыхчы, педагогика илимдеринин доктору (1992), профессор (1994). Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1976). 1953-ж. КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1953-63-ж. Чаек орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, директору, Ат-Башы р-нундагы балдар үйүнүн директору, 1963-69-ж. Элге билим берүү министрлигинде мектептер башкармасынын начальниги, орунбасары, 1969-88-ж. начальниги, 1988-жылдан Орус тили ж-а адабияты пединститутунда декан, проректор, БГУда профессор. 70дей илимий эмгектин (а.и. 6 монография) автору, педагогика теориясы ж-а тарыхы тармагында адис. Илимий эмгектери негизинен Кыргызстанда мектептердин өнүгүшү ж-а анын жаңылануусуна арналган. 1972-ж. Москвадан окуучуларга рухий-адеп-ахлахтык тарбия берүү проблемалары б-ча кандидаттык, 1992-ж. «Кыргызстандын мектептеринде билим берүүнүн өнүгүшү ж-а жаңылоонун жолдору» деген темада докторлук диссертациясын коргогон. 1997-ж. БГУнун Педагогика кафедрасынын базасында анын мектеби түзүлгөн. Мында жалпысынан 9 адам Кыргыз Респ-нда билим берүү системасын жаңылоо ж-а гумандаштыруунун илимий-педагогикалык негиздери проблемасы б-ча иш жүргүзүшүүдө. СССРдин (1974), Кыргыз Респ-нын (1959) «Эл агартуу отличниги», Крупская атн. сыйлыктын лауреаты (1983), «Ардак Белгиси» ордени ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.



Аманбаев Б



Аманалиев Э



Аманалиев Э



Аманалиев О

АМАНАЛИЕВ Кыдыргыч (9.5.1934-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген ирригатору (1983). 1958-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун гидоомелиорация факультетин бүткөн. 1958-63-ж. Жумгал суу чарба башкармалыгында инженер, башкы инженер, начальник, 1963-69-ж. Кочкор, Жумгал ж-а Орто-Токой суу чарба башкармалыктарынын, 1969-71-ж. Жумгал чарбалык эсептеги курулуш башкармалыгынын, 1971-97-ж. Кочкор р-нунун көчмө механикалаштырылган колоннасынын начальниги болуп иштеген. Анын катышуусу м-н Жумгал ж-а Кочкор р-ндорунун көптөгөн суу чарба ж-а социалдык объектилери: айылкыштактардагы суу түтүктөрү, каналдар, темир-бетон арыктары, ондогон БСР ж-а БДР суу сактагычтары ж.б. курулган. 1997-жылдан персоналдык пенсияда. «СССР суу чарба министрлигинин отличниги» (1989). Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы (1972), Ардак грамотасы (1993) м-н сыйланган.

АМАНАЛИЕВ Олжобек (1955-ж.т. Чоң-Дөбө айылы) КМУну сырттан окуп бүтүргөн (1989-ж.). Чоң-Дөбө байланыш бөлүмүнүн начальниги, айыл чарба кооперативинин башкы бухгалтери (1995-ж.), 1999-ж. Чоң-Дөбө Айыл Өкмөтү болуп иштеп келет. Айылды социалдык-экономикалык жактан көтөрүүдө эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н сыйланган (2002-ж.).

АМАНАЛИЕВ Эркинбек Абасканович (23.12.1960-ж.т., Чаек айылы) – Жумгал р-ндук мамлекеттик администрация башчысы (1995-99). 1983-ж. Кыргыз айыл чарба институтунун гидромелиорация факультетин бүткөн. 1983-85-ж. «Нарын суу чарба курулуш» бирикмесинин Жумгалдагы ПМКсында мастер, 1985-86-ж. прораб, 1987-89-ж. башкы инженер, 1989-92-ж. ПМКнын акими, 1992-ж. апрель-декабрда Жумгал р-ндук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орунбасары, 1992-95-ж. биринчи орунбасары, 1999-жылдан Нарын облустук Мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары. «Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги» (1998).

АМАНАЛИЕВ Эсенбек (18.8.1938, Чоң-Дөбө айылы – 16.2.1994, ошол эле жер) – инженер-курулушчу, Кыргыз Респ-нын илим ж-а техника б-ча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1982, «Манас» аэропортунун жолун долбоорлоого ж-а курууга катышкандыгы үчүн). 1963-ж. Бишкек политехника институтун бүткөн. 1963-65-ж. Бишкек курулуш монтаждоо башкармасынын мастери, прорабы, инженери, 1965-68-ж. №8 Жол курулуш башкармасынын (ЖКБ) начальниги, 1968-70-жж.. «Чүйжолкурулуш» трестинин башкармасынын орунбасары, башкы инженери, 1970-94-ж. №958 ЖКБнын начальниги. Нарын дарыясындагы үгүт көпүрөсү м-н Жумгалдын Сандык жайлоосуна кеткен жолдун долбоорун түзгөн. Ал республкадагы автоунаалардын жолдорун курууга, пайдаланууга чоң салым кошкон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1972) ж-а медалдар м-н сыйланган.

АМАНБАЕВ Бексултан (1906, Жети-Өгүз району, Кабак айылы – 9.3.1971, ошол эле жер) – Жумгал р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы (1944-50). 1949-ж. мал чарба адистеринин 1 жылдык курсун бүткөн. 1922-27-ж. өз айылында дыйкан, 1927-28-ж. Караколдогу башталгыч мектептен, 1928-ж. Каракол канткомунун алдындагы пропагандисттердин курсунан окуган. 1928-29-ж. комсомолдун Каракол райкомунда пропагандист, 1929-31-ж.



Аманбаев Ж



Аманкулов М

Кыргыз ССР КП БКнын алдындагы 3 жылдык партиялык мектептин угуучусу, 1931-34-ж. партиянын Балыкчы райкомунда бөлүм башчы, 1934-35-ж. Ташкендеги 1 жылдык Орто Азия марксизм-ленинизм курсунун угуучусу, 1935-ж. Кыргызстан КП Балыкчы райкомунун 2-катчысы, 1935-36-ж. Баткен райкомунун 2-катчысы, 1936-37-ж. Кочкор р-ндук жер бөлүмүнүн башчысы, 1937-38-ж. Кочкор райкомунун 3-катчысы, 1938-40-ж. Кочкор р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1940-41-ж. МТСтин директорунун орун басары, 1941-43-ж. Нарын райондук, 1943-44-ж. Жумгал р-ндук жер бөлүмүнүн башчысы, 1944-50-ж. Жумгал райаткомунун Төрагасы, 1950-51-ж. Кочкор райондук жер бөлүмүнүн башчысы, 1951-52-ж. Жети-өгүз р-ндук соода бөлүмүнүн башчысы, 1952-жылдан ошол райондогу Киров мектебинде завхоз болуп иштеген. 1948-ж. Нарын облустук Советине депутат болуп шайланган. Медалдар ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы м-н сыйланган.

АМАНБАЕВ Жумгалбек (1945-ж.т., Чаек айылы) – мамлекеттик ишмер. К.И.Скрябин атн. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн (1966). Биология илимдеринин кандидаты (1970). Эмгек жолун 1966-ж. Тянь-Шань мал чарба тажрыйба чарбасында зоотехник болуп баштаган. 1967-70-ж. Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария илим изилдөө институтунун аспиранты. 1970-ж. ошол эле институтта улук илимий кызматкер. 1971-73-ж. Ош облустук мамлекеттик асыл-тукум станциясында директор. 1973-74-ж. Ош облустук Комитетинин айыл чарба бөлүмүнүн орунбасары, бөлүм башчы. 1978-ж. Алай р-дук партия комитетинде биринчи катчы. 1981-жылдан Ош облустук партия комитетинде катчы, 1985-88-ж. Кыргызстан КП БКнын катчысы. 1988-91-ж. Ысык-Көл облустук партия комитетинин (Нарын курамында турган учурда) 1-катчысы. 1991-ж. Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы. 1991-жылдан октябрынан Кыргызстан агроөнөржай экономикасынын илим изилдөө институтунун директорунун орунбасары, ушул эле жылдын декабрында институт жоюлгандан кийин Кыргыз Агробизнес борборунун кеңешчиси. 1993-95-ж. Кыргыз Респ-нын Вице-премьер-министри. 1996-97-ж. Агробизнес АКсынын Вице-президенти, 1998-жылдан «Китлап» кыргыз-кытай биргелешкен ишканасынын президенти болуп иштейт. «Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген зоотехниги» (1978). Эркин күрөш б-ча спорт чебери (1964). СССР Жогорку Советине, 4 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советине, Ысык-Көл, Ош облустук советтерине, Жаны-Жол, Алай р-ндук советтерине депутат болуп шайланган. КПСС БКнын саясий бюросуна, КПСС БКга мүчө болгон. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери, медалдар м-н сыйланган.

АМАНКОЖОЕВ Кубанычбек (19.2.1934, Чаек айылы – 1985, ошол эле жер) – живописчи. Балдар үйүндө тарбияланган. 1954-ж. Бишкек көркөм окуу жайын, 1957- ж. Москвадагы В.И.Суриков атн. көркөм-сүрөт институтунун живопись факультетин бүткөн. Сүрөттөрү Бүткүл союздук көргөзмөлөргө коюлган. Көбүнчө жанрдык картина, пейзаж, этюд б-ча иштеген. Белгилүү сүрөттөрү: «Алтап», «Ак-Талаа», «Жумгал», «Боз-Айгыр», «Тоодогу таң», «Мөңгү» ж.б. СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1958).

АМАНКУЛОВ Мирслав Акалович (1960-ж.т. Кочкор району, Чолпон айылы) Украина айыл чарба академиясын (1983-ж.), КМУну (1996-ж.) бүткөн. Мамлекеттик кызматтын 2-класстагы кеңешчиси. Генерал чини бар. Жумгал токой чарбасында инженер (1983-85 ж.ж.), Нарын мамлекеттик коругунда илимий иштер боюнча директордун орунбасары (1985-1987 ж.ж.), Кыргызстан ЛКЖС Нарын обкомунда уюштуруу бөлүмүнүн инструктору, ЛКЖС Жумгал райкомунун 1-катчысы (1987-89 ж.ж.),



Аманкулов Н



Андарбекова Ш



Аңылдаков Э

Жумгал райаткаруу комитетинин Төрагасынын 1-орунбасары (1989-90 ж.ж.), Нарын зонасы боюнча токой инспекциясынын мамлекеттик көзөмолдөөнүн инспектору (1990-91 ж.ж.), Нарын облустук Кеңештин улук референти (1991-92 ж.ж.), МБС «Алтын КОЛДдун» директору (1992–92 ж.ж.), Жумгал токой чарбасынын директору (1992-96 ж.ж.), Жалалабат токой чарба башкармалыгынын начальниги (1996-2001 ж.ж.), Нарын облустук токой чарба бирикмесинин начальниги (2001–2001 ж.ж.), КР Президентинин Аппаратынын уюштуруу иштери ж-а мамл. башкаруу саясатынын бөлүмүнүн референти (2001–2002-ж.ж.), ушул эле бөлүмдүн агрардык сектордун эксперти (2002-ж.), Премьер-министрдин Аппаратынын экономика, соода ж-а өнөржай башкармалыгынын эксперти (2004-ж.) болуп иштеп келатат.

АМАНКУЛОВ Наянтай Акалович (1957-ж.т. Кайырма айылы) Кыргыз айыл чарба институтун бүткөн (1980-ж.), Инженер-гидротехник. Жумгал ПМКда мастер-прораб (1980-81-ж.ж.), Кыргызстан ЛКЖС Жумгал райкомунун II катчысы (1981-85 ж.ж.), Советтик Армияда саясый кызматкер (1985–87 ж.ж.), Жумгал суу чарба башкармасында участоктун акими (1987-91 ж.ж.), Жумгал раймамлекеттик администрациясында башкы адис (1991-92 ж.ж.), Суусамыр раймамлекеттик администрациясынын башчысынын орунбасары (1992-94 ж.ж.), КР Президентинин Администрациясынын алдындагы Эл аралык стратегия институтунун иш башкаруучусу (1994-96 ж.ж.), Айлана-чөйрөнү коргоо министрлигинин башкы адиси (1998-2000 ж.ж.), 2001-ж. бери ОсОО «МАНСИ» фирмасынын директору болуп иштеп келатат.

АНДАРБЕКОВА Шайлообүбү (1951-ж.т.). Фрунзе ш. кыз-келиндер институтун бүткөн. Кесиби мугалим. «Кызарт» совхозунда парткомдун катчысы, Айылдык Кеңештин төрайымы, мектепте мугалим болуп иштеген. Райондук Кеңештин депутаты.

АНДАШОВ Өмүралы (1902-1986-ж.ж.) Колхоздоштуруу кезинде башкарманын төрагасы, парторг, уй ферма болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согушта болгон (1941-43 ж.ж.). Согуштун бир нече медалдары. Лениндин 100-ж. юбил. медалы м-н сыйланган. Кийинки жылдары почточу болуп иштеген. Чоң балбан болгон. Абрахман, Карабай, Орозалы балбандар м-н күрөшүп жүрчү экен.

АҢЫЛДАКОВ Эсенкан (1924, Жумгал району, Базар-Турук айылы) – 1940-41-окуу жылдары Жаңы-Арык орто мектебинин 8-классын бүтүргөн соң Базар-Турук башталгыч мектебине мугалим болуп дайындалат. 1942-жылы советтик армиянын катарына чакырылып, 1944-жылга чейин Курск салгылашуусунда ж-а Чехословакияны бошотууда эки жолу оор жарадар болуп, кайтып келгенден кийин 1989-жылга чейин Жумгал районундагы Жаңы-Арык, Коммунизм мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы ж-а директор болуп эмгектенди. 1947-ж. Нарын педагогикалык окуу жайын, 1951-жылы Пржевальский мугалимдер институтун, 1959-жылы КМУнун физика-математика факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Улуу Ата Мекендик согуштун 1 даражадагы ордени м-н сыйланган.

АРА-КӨЛ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ 63 дөбө-мүрзөдөн турат. 1949-ж. А.Н.Бернштам изилдеген. 3 көрдү казып көргөн. Адамдын сөөгү топурак көрлөргө кадимкидей коюлган: кийин көрлөрдү ачып, буюм-тайымдарды алып кетишкен. Казып изилдөөдө эч кандай буюм табылган эмес. 6-10-к-га таандык.

АРАЛ – айыл, Көк-Ой айыл өкмөтүнө карайт. Чаектен 18 км түштүк-батышта, Балыкчы темир жол бекетинен 203 км.



Арзыбеков Т



Аркабаев Н



Аркабаева Г

Чаек–Миң-Куш, Чаек–Суусамыр автомобиль жолдорунун тоомунда. Кокомерен ж-а Жумгал суулары кошулган жерде жайгашкан. Жалпы аянты 30 га. 1930-ж. негизделген. №55 почто ящиги деп аталган. Калкы 379 (1997), 100 түтүн, негизинен кой чарбасында эмгектенишет. №24 жол тейлоо ишканасы иштейт, Орто мектеп (112 окуучу, 13 мугалим), ФАП, клуб, китепкана, байланыш бөлүмү «Жалын» балдардын эс алуу жайы, дүкөн бар.

АРАЛ АСКА БЕТИНДЕГИ СҮРӨТТӨРҮ Арал айылынан чыга бериште жайгашкан. Адамдын сөлөкөтү ж-а текенин сүрөттөрү тартылган. 1986-ж. М.И.Москалев баяндап жазган. 1-10-кылымга таандык.

АРАЛ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНДӨР ТОБУ Корүстөндүн бири Арал айылынын чыгышында. Ал бир нече таш дөбө-мүрзөдөн турат. 1953-ж. А.К.Кибиров баяндап жазган. Б.з.ч. 1-к – б.з. 3-к-на таандык. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес. 2-көрүстөн Арал айылынын түндүк жагында жайгашкан. Бир нече таш дөбө-мүрзөдөн турат. 3-көрүстөн Арал айылынан чыгышта, капчыгайдын оозунда жайгашкан. 5 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,7-0,8 м, диаметри 7-10 м. Эки көрдү ачып, буюм-тайымдарды алып кеткени байкалат. 1986-ж. М.И.Москолев баяндап жазган. Б.з.ч.3-к. – б.з. 6-кылымына таандык. Казыла элек.

АРАМЗА – суу, Суусамырдын оң куймасы. Узундугу 32 км, алабынын аянты 170 км^{2}дей. Суусамыр кырка тоосунун түндүк-чыгыш капталындагы чакан моңгүлөрдөн башталып, кууш өрөөн аркылуу шар агып, андан агып чыккандан кийин Суусамырга куят. Нугу босоголуу. Алабында моңгү (жалпы аянты 2,6 км^2) бар. Суу куралуу аянтынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 3000 м. Жылдык орточо чыгымы 1,7 м^3/сек. Май-июнда кире баштап, октябрь-ноябрда тартылат. ороону малга жайлуу.

АРДАГЕРЛЕР КЕҢЕШИ (Чаек айылы, Ленин көчөсү) – ыктыярдуу коомдук уюм. Нарын облустук согуш ж-а эмгек ардагерлер кеңешине карайт. Бул «Бакай-Ата» коому деп да аталат. 1984-ж. уюшулган. Райондогу эмгек ж-а согуш ардагерлерине, афган согушуна ж-а Чернобыль алааматына катышып келгендерге, алардын үй-бүлөлөрүнө кам көрөт. Аларга пенсия, гуманитардык ж.б. тиешелүү жардамдардын өз учурунда берилишинин, турмуш-тиричилик жактан тейленишин көзөмөлдөйт, аларды коомдук пайдалуу ишке тартат ж.б. Райондогу ардагерлердин саны 6 миң, а.и. согуштун катышуучулары 196 (анын 85и согуш майыбы). Райондук кеңештин мүчөлөрү ж-а Президиуму (9 киши) иш жүргүзөт. Кеңештин Президиумунун Төрагасы 1984-ж. Сыдыгалиев Бердибек.

АРЗЫБЕКОВ Токон (1929-ж.т.) Юрист. 1959-ж. Ички иштер бөлүмүнө кирген. Мин-Куш шаарчалык милиция бөлүмүнүн начальниги (1968-70 ж.ж.), Жумгал РИИБда начальниктин орунбасары (1970-72 ж.ж.), Жумгал РИИБнин начальниги (1973-80 ж.ж.), Нарын шаардык ИИнин начальниги (1980-82-ж.ж.), Нарын №5 ИИ бөлүмүнүн начальниги (1982-87-ж.ж.), кызматтарында иштеген. Жергиликтүү Кеңештердин бир нече жолку депутаты. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, согуштун, милициянын медалдары м-н сыйланган. Жаштардын насаатчысы.

АРКАБАЕВ Насырбек (25.12.1935-ж.т., Түгөл-Сай айылы) – математик, физика-математика илимдеринин кандидаты (1962), улук илимий кызматкер (1966), доцент (1976). 1957-ж. КМУнун физика-математика факультетин бүткөн. 1957-60-ж. КМУда аспирант, 1960-72-ж. Кыргыз ССР ИАнын физика-математика институтунда кенже, улук илимий кызматкер, окумуштуу катчы, 1972-90-ж.



Арыков К



Асанбек уулу Борончу



Асанканов А



Арыков Б

КМУнун механика-математика факультетинде кафедра башчысы, декандын орун басары, декан, 1990-жылдан жогорку математика ж-а теориялык механика кафедрасында профессор. 40тан ашуун илимий макалалардын, окуу-усулдук колдонмолордун автору. «Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги» (1983). Медалдар м-н сыйланган.

АРКАБАЕВА Гүлзыйнат Насырбек кызы (2.12.1965-ж.т., Бишкек ш.) – математик, физика-математика илимдеринин кандидаты (1996). 1988-ж. КМУнун математика факультетин бүткөн. 1988-89-ж. ошол факультеттин АСУ ж-а программалоо кафедрасында стажер-изилдөөчү, 1989-93-ж. аспирант 1993-96-ж. ошол эле кафедрада окутуучу, 1997-жылдан Бишкек бажыкана инспекциясында иштейт. Эмгектери информатика ж-а ЭЭМдин негиздери б-ча.

АРУНОВ Кемел (13.03.1934-ж.т., Беш-Терек айылы) – «Ардактуу колхозчу» наамынын ээси. 1959-ж. Нарын айыл чарба техникумун бүткөн. 1959-69-ж. райондун чарбаларында ветеринардык участкалардын жетекчиси, 1969-жылдан Жумгал ветеринариялык аптекасын жетектеген. Медалдар м-н сыйланган.

АРЫКОВ Бексултан (1929-ж.т.) 1965-ж. Ош пединститутун бүтүргөн. «Эл агартуунун отличниги», санжырачы. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы, Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган. 15 беш жыл бою Айыл Кеңештерге депутат болгон.

АРЫКОВ Качы (1935-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1995). 1955-ж. Гоголь атн. Нарын мугалимдер институтунун математика факультетин, 1969-ж. КМУнун механика-математика факультетин бүткөн. 1955-ж. Талас облусунун Буденный районундагы Буденный атн. орто мектепте, 1956-88-ж. Жумгал р-нун Жаңы-Арык орто мектебинде математика мугалими, 1988-96-ж. окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Көптөгөн педагогикалык окууларга, көргөзмөлөргө, семинарларга катышкан. Мектепте үлгүлүү ЭЭМ кабинетин түзгөн. Райондо мектептерди кабинеттештирүү, окуучуларга дифференциалдык ыкма м-н сабак өтүү б-ча үзүрлүү эмгектенген. Окуучуларга чыгармачылык м-н сабак өтүп, алдыңкы усулдук ыкмаларды колдонгондугу, стандарттуу эмес сабактарды корсөтмөлүү өткөндүгү үчүн «новатор мугалим» аталган, Агартуу министрлигинин Ардак тактасына сүрөтү илинген. Кыргыз Респ-нын (1980), СССРдин (1982) «Эл агартуу отличниги». Кыргыз Респ-нын мугалимдеринин 6-сьездинин делегаты (1987).

АСАНБЕК УУЛУ БОРОНЧУ (1912, Кара-Суу айылы 1984, азыркы Куйручук). 1929-1930-ж. "Кара-Суу", 1938-1939-ж. "Совнарком" колхоз түзүлүшүн курууга активдүү катышкан. 15 жыл үзгүлтүксүз (1942-1957) "Совнарком" кийин "Кызыл-Туу" колхозунун бригадири, элдин турмушун оңдоого бардык күч аракетин жумшаган, чарба ишмери. 1941-1944 ж.ж. –жумушчу армияда. 1958-1961-ж.ж. – суу чарба башкармасында суу техниги, 1961-ж – "Кызыл-Туу" колхозунда малчы, ооруктун ардагери болгон.



Асанбеков К



Асанов Ж

АСАНБЕКОВ Кубанычбек (1947-ж.т. «Совнарком» айылы – азыркы Куйручук айылы). Экономист, КМУнун экономика факультетин бүтүргөн (1971 ж.), Кыргыз Республикалык курулуш банкында экономист, бөлүм башчысынын жардамчысы, шаардык бөлүмүнүн жардамчысы (1971-78-ж. ж.), Кыргызстан банкынын шаардык бөлүмүнүн башчысы (1980-92-ж. ж.), Шаардык Свердлов райондук финансы бөлүмүнүн башчысы (1992-94-ж. ж.), Кыргыз мамлекеттик ишкерлерди өнүктүрүү боюнча комиссиянын бөлүм башчысы (1995-2002-ж.ж.), Финансы министрлигинин Ысык-Көлдөгү эс алуу жайынын директору (2003-ж.). «Финансы кызматынын отличниги».

АСАНБЕКОВА Калыйча Балбай кызы (1924, Чаек айылы – 1999, ошол эле жер) – оймочу. Бала бакчада башчы, мектепте мугалим, райондук элге билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп иштеген. Жабык баш, шырдакта жалпы оюмду так, төп берүүдө, өндөрдү ич ара айкалыштырууда, түр шырдак, бир түрдөгү шырдак кармоодо, ала-кийизге, кездемеге көркөм оюм-көчөт түшүрүүдө уздук дарамети район аймагында күчтүү уз. Эмгектери көптөгөн кароо-көргөзмөлөргө коюлган. «Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги», Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү (1990). «Баатыр эне».

АСАНКАНОВ Аблабек (27.12.1954-ж.т., Доскулу айылы) – тарыхчы, тарых илимдеринин доктору (1993), профессор (1994). 1977-ж. КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1977-79-ж. Жумгал р-нунун Көл-Арык, Жумгал орто мектептеринде мугалим, Бишкек политехника институтунда окутуучу, 1980-83-ж. СССР ИАнын этнография институтунда аспирант, 1983-84-ж. КМУнун окутуучусу, 1984-93-ж. археология ж-а этнология кафедрасынын башчысы, 1992-94-ж. КМУнун тарых факультетинин деканы, Кыргыз тааануу борборунун директору, ошол зле мезгилде 1993-96-жылдары илимий-пропагандалык «Мурас» ишкер долбоорунун директору. Кыргыз Респ-нын Президенттик администарциясынын социалдык саясат бөлүмүнүн башчасы. Арабаев атн. университетинин ректору. Кыргыздардан эң биринчи болуп этнография илими б-ча докторлук диссертация жактаган. Кыргыз этнографиясына арналган 70тен ашык илимий эмгектин, а.и. 2 монография, 2 окуу китеби, 4 брошюранын автору. «Кыргыз айыл жерлеринде элдин социалдык-маданиятынын өнүгүшү» (1989), «Кыргыздар: улуттук аң сезимдин өнүгүшү» (1997) деген илимий 2 монографиясы илимий жургчулукка кеңири белгилүү. Стамбул, Анкара, Нью-Йорк, Дели ж.б. шаарларда өткөн эл аралык конференция, симпозиумдарга ж.б. катышып докладдар м-н чыккан. 5 илимий эмгеги чет өлкөлөрдөн басылып чыккан.

АСАНОВ Жусуп (7.11.1932-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – «Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген экономисти» (1983). 1954-ж. Н.А.Вознесенский атн. Ленинград финансы-экономика институтун бүткөн. 1954-57-ж. Бишкек шаардык финансы бөлүмүндө, финансы министрлигинде инспектор, улук инспектор, 1957-59-ж. Жумгал р-ндук финансы бөлүмүнүн башчысы, 1959-61-ж. «Совет» колхозунун башкармасынын Төрагасы, 1961-67-ж. Кочкор р-ндук финансы бөлүмүнүн башчысы, 1967-71-ж. Кыргыз Респ-нын финансы министрлигинде кадрлар ж-а кадрларды даярдоо бөлүмүнүн начальниги, 1971-92-ж. Нарын, Ысык-Кол облустук финансы башкармаларынын начальниги, 1992-93-ж. Жумгал р-ну б-ча мамлекеттик салык инспекциясынын начальниги болуп иштеген (ошол эле учурда 1993-жылдан салык инспекциясында башкы инспектор). 1971-92-ж. Нарын ж-а Ысык-



Атабеков К



Асанов И

Көл облустук советтеринин депутаттыгына шайланган. Нарын облустук партиялык уюмунун текшерүү комиссиясынын Төрагасы болуп 15 жылдай иштеген. «Ардак Белгиси» ордени, Кыргыз Респ-нын Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган. «СССР финансы кызматынын отличниги».

АСАНОВ Насир (1933-ж.т. Чон-Дөбө айылы) Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн (1956-ж.) Куланак МТСинде мал чарба адиси, Таш-Дөбө колхозунда башкы зоотехник, Комсомолдун Жумгал районунун 1-катчысы (1959-61 ж.ж.) Нарын облустук элдик көзөмөлд комитетинде инспектор, Ат-Башы, Ак-Талаа райондорунда Аткаруу комитеттердин Төрагасы болуп иштеген (1961-75 ж.ж.). Ташкендеги жогорку партмектепти бүтүргөн. Дыйкан колхозунда башкарманын Төрагасы (1975-82 ж.ж.), Мал чарба министрлигинин адиси болуп Чаек эт комбинатында эмгектенген.

АСКЕР КОМИССАРИАТЫ (Чаек айылы). Райондогу аскердик ж-а мобилизациялык даярдыктарды уюштурат, аскерге милдеттүүлөрдүн ж-а эл чарба техникаларынын эсебин алат, уландарды чыныгы ж-а альтернативалуу кызматка чакырат. 1930-ж. ноябрда уюшулган. 1930-35-ж. Кыргыз АССРинин, 1935-38-ж. Кыргыз ССРинин, 1938-39-ж. Тянь-Шань округунун, 1939-62-ж. Тянь-Шань облусунун аскер комиссариатына караган. 1963-65-ж. Кочкор аскер комиссариаты м-н бириккен. 1966-ж. кайрадан түзүлүп, 1966-70-ж. түздөн түз Кыргыз ССРинин, 1970-88-ж. Нарын облусунун, 1988-ж. Ысык-Көл облусунун, 1989-жылдан Нарын облусунун аскер комиссариатына баш ийет. Райондук аскер комиссарлары: Лысенко (1946-50), Кочорбаев (1950-54), Абдраев (1954), Асанов Сабырбек (1954-58), Бейшебаев (1958-65), Мамбеталиев (1965-68). Юсупов Турсунбек (1968-71), Жолдошев (1971-77), Чалакеев Турсунбек, Айдаралиев Рысбек (1977-87), Абдылдаев Саламат Буларович (1987-93), Касымалиев Акылбек Таштанкулович (1993-97), 1997-жылдан Керималиев Арстанбек Калканович.

АТАБЕКОВ Карымшак (1892, Жумгал р-ну, Базар-Турук айылы — 04.10. 1972, ошол эле жер) — 30-жылдары биринчилерден болуп, Базар-Турук колхозуна мүчө болуп кирип, узак жылдар бою колхоз башкармалыгынын мүчөсү, айылдык кеңештин депутаты болуп шайланган, 1941-1953-жылдары Базар-Турук колхозунун кой ферма башчысы болуп эмгектенип, 1946-жылы 500 тубар койдун ар жүзүнөн 154төн козу алгандагы үчүн "Кызыл Жылдыз" ордени, 1951-жылы ошондой эле ийгиликтери үчүн «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган. Санжырачы, мүнүшкөр адам катары да калк арасында кеңири белгилүү болгон.

АТАЕВ Дүйшө Айтбаевич (1905, Түгөл айылы — 1942, түрмөдө өлгөн) — мамлекеттик, партиялык ишмер. 1927-жылдан КПССтин мүчөсү. Ата-энесинен эрте ажырап, Аламүдүн р-нунун Таш-Дөбө айылында орус кулактарына жалданып иштеген. 1926-ж. Бишкек айыл чарба техникумун бүткөн. 1926-27-ж. комсомолдун Талас канткомунун катчысы болуп иштеген. 1927-ж. Ташкендеги коммунисттердин орто-азиялык университетине (САКУ) жиберилген. Аны 1933-ж. артыкчылык м-н бүтүп, марксизм-ленинизм институтунун аспирантурасына калтырылган. 1937-ж. аспирантураны бүтүп, философия илиминин кандидаты деген илимий даражага ээ болгон. Ошол эле учурда 1929-30-ж. Жалал-Абад р-ндук МТСтин директору, 1930-31-ж. райондук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1937-38-ж. Кыргызстан КП(б) БКнын республикалык агартуу үйүндө окутуучу ж-а кабинет башчысы, 1938-39-ж. Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин


Атамбеков Ж


Аттокуров С


Ашыралиев Ж


Ашырбаев А

алдындагы радиокомитеттин Төрагасы, Кыргызстан КП БКнын басма б-ча бөлүмүнүн башчысы, башкы редактору, «Кыргызмамбастын» директору, 1940-ж. мартган Кыргызстан КП БКнын пропаганда ж-а агитация б-ча катчысы, ошол эле учурда 1940-ж. ноябрдан «Коммунист» журналынын редактору да болуп иштеген. 1942-ж. 29-мартта Армиянын саясий бөлүмүнө кызмат өтөө үчүн Москвага чакырылдың деген шылтоо м-н кызматынан бошотулган ж-а дароо эле поезддеп (Кара-Балтанын Ак-Суусунан) камакка алынган. Ошол эле жылы 12-августта атылган. Күнөөсү жоктугуна байланыштуу 1956-ж. акталып, 1957-ж. партиялуулугу калыбына келтирилген. Ал өз көз карашын тайманбай тике айткан, чечен, баамчыл, ошол эле учурда терең билимдүү адамдардан болгон.

АТАМБЕКОВ Жыргалбек Медетбекович (1963-ж.т. Чаек айылы). Харьковдогу коммерциялык курулуш институтунда окуган. 1982-ж. Аскер Деңиз Флотунда кызмат өтөгөн. Жумгал РИСинде мастер, РЭСте начальник (1994-2000-ж.ж.), азыр инженер болуп иштейт. Райондук Кеңештин депутаты.

АТТОКУРОВ Сабыр (8.4.1932-ж.т., Лама айылы) – тарыхчы, тарых илимдеринин доктору (1969), профессор (1971). Кыргыз Респ-нын илимге эмгек синирген ишмери. 1953-ж. Кыргыз мамлекеттик пединститутунун тарых факультетин, 1960-ж. анын аспирантурасын бүткөн. 1959-ж. кандидаттык диссертациясын жактаган. 1956-62-ж. КМУда окутуучу, 1965-70-ж. тарых факультетинин деканы, кафедра башчысы. 1970-86-ж. профессор, 1986-жылдан Кыргыстан УИАнын Тарых институтунун совет мезгили бөлүмүндө улук илимий кызматкер, 1993-жылдан бөлүм башчы. 200дон ашык илимий эмгектин автору (а.и. 12 монография). Негизги эмгектери Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхына арналган: «Кыргыз өнөр жайынын тарыхынан (1938-1941)», «Кыргызстандын өнөр жайы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында», «Кыргызстандын өнөр жайы согуштан кийинки жылдарда (1946-1950)» ж.б. Ошондой эле кыргыз элинин жалпы тарыхына байланыштуу «Тайлак баатыр» (1994), «Тагай бий» (1994), «Кыргыз санжырасы» (1995), «Кыргыз этнографиясынын тарых наамасы» (1996) ж.б. китептери жарык көргөн. Ал улуттук этнография ж-а санжыра б-ча белгилүү адистерден. Анын жектекчилиги м-н КМУУда этнография музейи уюштурулган. Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги.

АШЫРААЛЫ КЕЛИНИ Касия (1939-ж.т., Доскулу айылы) – оймочу. «Жумгал» совхозунда иштеген. Боз үйдүн ички, тышкы жасалгаларын (жабык баш, кылдырооч ж.б.) жасоодо оймочулугу өзгөчөлөнөт. Чыгданга кыял оюмдарын чебер пайдаланат. Көптөгөн кароо-сынактарга катышкан. "Баатыр эне"

АШЫРАЛИЕВ Жарашбай (1939-ж.т. Жумгал совхозу). Кочкор СельПТУсунда окуп тракторист, комбайнер, совхоздун нефтебазасында, (1956-64-ж.ж.), кампада (1964-75-ж.ж.), совхоздо эсеп бухгалтери (1975-77-ж.ж.), профкомдун Төрагасы (1977-84-ж.ж.) болуп иштеген. КМУну сырттан окуп бүткөн (1977-ж.), Айыл Кеңешинин Төрагасы (1984-90-ж.ж.), башкы экономисти болуп иштеген (1990-94-ж.ж.).

АШЫРБАЕВ Абдыракман (3.3.1940–6.7.2001, Баш-Кууганды айылы) – «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси (1973). 1963-



Ашырбеков Ж

ж. Ысык-Көл айыл чарба техникумунун, 1976 ж Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1964-91-ж. «Дыйкан» колхозунда башкы агроном болуп иштеген Медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

АШЫРБЕКОВ Жолдошбек (1933-1993-ж.ж. Баш-Кууганды айылы) 1959-ж. тартып «Дыйкан» колхозунда сугатчы болуп иштеп, айыл чарбасында мыкты жетишкендиктери үчүн «Эмгек Кызыл-Туу» ордени м-н сыйланган (1976-ж.). «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» (1973-77-ж.ж.), бир нече медалдардын ээси.

Б

БААТЫР ЭНЕЛЕР. Абдылдаева Сатарбүбү, Ажымусаева Бакас, Акжолтоева Калипа, Алымбекова Жаңыл, Арыкова Бурул, Арыкова Күсөр, Асанбекова Калыйча, Асанкулова Жамыйла, Асанова Жамал, Асекова Багымкүл, Асыкбекова Макин, Атабаева Насипа, Ашыралиева Касия, Бабатаева Тажикан, Баева Тосконбү, Байпелова К., Байтокова Зулайка, Балтабаева Эмил, Бегимбаева Зуура, Бердалиева Шарипа, Бердикеева Рысбүбү, Бияманова Бүбүш, Бозжигитова Айнагүл, Болотова Сагын, Борончиева Жаки, Буларова Бурул, Бусурманкулова Шакин, Доолөткелдиева Калича, Доөткулова Каленбүбү, Дубанова Гүлкайыр, Дүйшеева Күйпүл, Дүйшөналиева Гүкүн, Дүйшөналиева Калипа, Жабудаева Асанбүбү, Жамансариева Нурийла, Жамгырчиева Жамыйла, Жарбаңбаева Кенжеке, Жөөбаева Майрамкан, Жумабаева Токон, Жумабаева Сыйнат, Жумалиева Сайракүл, Жумукова Гүлжан, Жумукова Майрам, Жунушова Сатина, Жээнбаева Качкын, Иманкулова Какий, Имерова Гүлжамал, Исмаилова Гүлнара, Ияскарова Сина, Кадыралиева Жанбүбү, Кадырова Эрмек, Казыбаева Илике, Каптаева Калдыке, Карабекова Сонунбүбү, Караева Жекин, Карасартова Айнакан, Карасартова Сабатбүбү, Кармышова Көкүл, Карымбаева Бурулкан, Касманбетова Айнек, Качкеева Керез, Кенжекулова Айна, Көйкөлова Кенже, Көчөрбаева Жумагүл, Кубатбекова Күланда, Кудайбергенова Шайлоо, Кулова Үпөл, Курманалиева Шайымкан, Курманбекова Жумакан, Кыдыралиева Аманат, Кыдырова Салиман, Майчиева Күкүн, Маматова Асел, Маматова Бегимбү, Мамбеталиева Батыйпа, Мамбеткулова Алтын, Мамбетова Азис, Мамытканова Мөөркан, Мамытова Сокин, Молдалиева Ырыс, Молдошерипова Меркс, Молдошова Насипа, Нурбаева Насип, Нургазиева Окин, Нурманбетова Анар, Оркулова Букун, Орозбекова Бурул, Өмүралиева Гүланда, Өмүрзакова Бүбүалый, Рысалиева Сумурат, Рысалиева Турсун, Сагынбаева Мария, Саитова Макин, Сакиева Шаани, Сартбаева Турсун, Сарыбаева Райкан, Сатыбалдиева Сайра, Сатымкулова Жаңыл, Сооронбаева Айнаке, Сооронбаева Сайкал, Сулайманова Рапия, Сулайманова Сонунбүбү, Султанбекова Салика, Султанкулова Маруса, Сыдыкова Бурулкан, Сыдыкова Окил, Термечикова Токтокан, Тилегенова Шааркан, Тойчубекова Мүкүлүсүн, Токтобекова Жыпар, Токтомушева Токтосун, Төлөгөнова Кенже, Төрөгулова Толкун, Тургуналиева Рапия, Турусбекова Бурган, Турусбекова Шарипа, Чекирова Анар, Чокчодоева Бурулкан, Чыйбылова Сагынбү,



Бабаев Б.



Багыш Сазан уулу

Чымырбаева Мисте, Чыналиева Кубанычбүбү, Чыныбекова Манрус, Шейшенова Токтобүбү, Шералиева Нурийпа, Шорукова Укен, Эралиева Айшаке, Эсеналиева Перизат, Эсенбаева Мээркүл.

БАБАЕВ Белек (1916, Суусамыр айылы – 28.9.1976, ошол эле жер) – партиялык ишмер. Бишкек педагогикалык окуу жайын, 1956-ж. республикалык партиялык мектепти бүткөн. Украина ССРинин Кассовск р-унда мектеп директору болуп иштеген. 1939-46-ж. ак финдерге каршы ж-а Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-50-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, Тогуз-Торо райкомунун 2-катчысы, 1951-60-ж. эмгекчилер депутаттарынын Тогуз-Торо, Кочкор ж-а Ат-Башы р-ндук советтеринин Аткаруу комитеттеринин Төрагасы, 1960-61-ж. Кыргызстан КП Ат-Башы райкомунун 1-катчысы, 1961-73-ж. Кочкор р-нундагы «Коммунизм» совхозунун директору, Жумгалдагы калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын директору, «Жумгал» совхозунун партиялык комитетинин катчысы, 1973-76-ж. «Кызарт» совхозунун партиялык комитетинин катчысы болуп иштеген. 2-даражадагы Ата-Мекендик согуш, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАГЫШ Сазан уулу (1878 – 1958, Багышан айылы (азыркы Куйручук)) – «Манас» айтуу искусствосунун ири окүлдөрүнүн бири. Атасы Сазан санжыра кепке бай, оокат-жайга билги ж-а ар түркүн канаттуу куштарга отө жакын, б.а. канаттуулардын «тилин билген» адам болгон деп айтылат. Келечектеги манасчы Багыш жаш кезинде эле ырга, күүгө жакын, «кыз оюндарды» уюштурган жаштардын оюн-зоокторунда тизмектештире ыр кайрыган зирек улан болгон экен. Анын биринчи иретте көркөм эстетикалык ой жүгүртүүсүнө, жан дүйнөсүнүн ырга айланып «Манас» айтыш калуусуна жакын тууганы Байбагыш Жакып уулунун, жердеши Куйручук-Кудайберген Өмүрзак уулунун, манасчылар Орозбак уулу Сагымбайдын, Жаңыбай Көжөк уулунун таасирлери багытталагандай. Бул залкар инсандардын өнөрчүлүгү илхамын ойготуп, табыгый шыктын касиеттүлүгүнөн түшүнө Манас баштаган бабалар кирип, улуу өнөр жолуна коштоп чыккындай туюлат. Бир укканын көңүлгө жатка туюп, куйма кулак, табият тартуу кылып берген шыкты, талантты тута билген Багыш манасчынын адам пендесинде сейрек кездешүүчү өнөрү өз убагында бааланууга тийиш эле. Кандайдыр диний ишенимдерге каршы коюлган саясаттын убактылуу күчү манасчынын өлбөс-өчпөч айрым поэтикалык эмгектерине доо кетирип, атеизм дарегине көлөкө түшүрүп келгендей шек бар. Кыргыз журтчулугунда «Манас» үчилтигинен кабар бере алган дөө-шаалардын үчөө болсо, бири Багыш Сазан уулу деп айтууга акылуубуз. Буга манасчыдан «Манас» эпосунан 41000 сап, «Семетейден» 55000 сап, «Сейтектен» 5580 сап жазылып калтырылган көркөм рухий мурас топтому күбө. Улуу эпостун үчилтиги өз убагында толугу м-н манасчынын өз айтуусунда кагазга же тасмага түшүрүлүп калбагандыгы, ал эми жазылган топтомдору саясат «элегинен» өткөрүлүп, нукура эстетикалык ой жүгүртүүдөн жаралган манасчынын мурастарын жыйнап алуу 1938-1949-жылдардын аралыгында башталып, ошол учурдагы «Манас» эпосу ар кандай көз



Багышев М

караштардын тутумунда майдаланып, текшерилип жаткан мезгилге туш келген. Бул коогалануу жылдардын кесепети манасчынын сак болуп жүрүүсүнө түртткү болгон. Тоголок Молдо м-н Сагымбайдын «Манасындагы», «Семетейиндеги» кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолун диний көз караш м-н ырдап чыгуулар кан буугандай буулуп келгендей. Багыш манасчынын варианттары да атеизм өкүмчүлүгүнөн эл-журт аралаган жүрүшүн токтотуп келген. Көркөм дүйнө табылгасынын элине шыпкаланып төгүлүп берүүсү тоскоолдуктарга кабылат.

Убагында тарыхий уламышталган жашоо-тирликти санжыралап айтып бергендиги м-н «Жаңыл Мырза», «Кожожаш», «Тайлак баатырлардын» эрдиктерин жомоктото кеп курган, кара создүн камбылы, өз өнөрүндө жашыруун сырдуу бир мүнөз, ары даанышман, акылгой манасчынын калтырып кеткен мурасы элибиздин рухий байлыктарынын бийик сабында турат. Багыш аксакал манасчынын өзгөчөлөнгөн, кайталангыс чеберчилиги илимий жактан ар тараптуу изилдениши керек. «Манас» үчилтигинде тарыхий драмаларды новаторлук м-н ойлоп тапкан ойчул-философ, акын-жомокчу, поэзия аркылуу изилдөөчү этнограф ж-а жан дүйнөсү таза инсанга карата илимпоздор эмгектери, изилдөөлөрү аркылуу ой бөлүшүү м-н манасчынын жаркын элесин түбөлүккө калтыруу иштерин жаратышы парз.

БАГЫШАН БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНДӨР ТОБУ 1-көрүстөн Багышан айылынын түндүк-чыгыш четжакасында. 41 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,2 м, диаметри 6-12 м. 2-көрүстөн Багышан айылынын 2 км түндүк тарапта, 15 дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,3-0,9 м, диаметри 5-11 м. 3-көрүстөн Багышан айылынан 1,5 км чыгыш тарапта, 30 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,4-1,3 м, диаметри 4-17 м. Б.з.ч. 3-к – б.з. 5-кылымына таандык. Көрүстөндөрдү 1985-ж. М.И.Москалев баяндап жазган. Казып изилдөө иштери жүргүзүлгөн эмес.

БАГЫШОВ Мукамбетсадык (1926-ж.т., Кара-Суу айылы) – фольклорчу. Жаңы-Арык толук эмес орто мектебин бүткөн. Мектепте окуп жүргөндө жакын тууганы Т.Абдракунов м-н биргелишип Багыш Сазан уулунун «Манасын» кол жазма кылып жазууга киришкен. Бир топ эпизоддорду манасчынын айтуусу боюнча жазып алышып, Кыргыз илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүнө ташырышкан. Бүгүнкү күндө ошол кол жазма варианты сакталып турат. Улуу Ата Мекендик согушка катышып дайынсыз болуп калган.

БАГЫШОВ Мукаметжан (1948-ж.т., Кара-Суу айылы). Кыргыз мамлекеттик медицина институтун врач-терапевт кесиби б-ча бүтүргөн (1974). Нарын облустук ооруканада, облустук саламаттык сактоо бөлүмүндө (1976), облустук ооруканада эксперт, бөлүм башчы (1981), башкы врачтын орун басары (1983), кардиология бөлүмүнүн башчысы (1986), Бишкектеги №4 шаардык оорукананын терапия циклинин жана нерв оорусу боюнча бөлүмүнүн башчысы (1997) болуп эмгектенет. Нарын облустук оорукананын комсомол комитетинин катчысы (1978-80) болуп иштеген. Атактуу манасчы Багыш Сазановдун уулу. Атасынын мураскерлеринин бири катары манасчынын али билинбей эл арасына тарап кеткен чыгармаларын жыйноодо изилдөө иштерин талбай жүргүзүп келет.

БАЗАРКУЛОВА Жамалкан (1953-ж.т.) 1973-ж. райондук статистика комитетинде инспекторлуктан бөлүм башчысынын орунбасарлык кызматына чейин котөрүлгөн. Райондук, облустук, республикалык Статкомитеттердин



Байбачаев С



Байбориев А

Ардак грамоталары м-н сыйланган. Статистика тармагына көп эмгек сиңирген, «Статистиканын отличниги». **БАЗАРОВ** Садыр (1912, Чолпон р-ну, Чолпон айылы – 1994, Кочкор р-ну, Кочкор айылы) – Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы (1953-61). 1931-36-ж. соода системасында, советтик кызматтарда иштеген, 1936-37-ж. комсомолдун Кочкор райкомунун 1-катчысы, 1937-39-ж. даярдоо министрлигинин Кочкор р-ну б-ча инструктору, 1939-жылдан партиялык иште, 1942-47-ж. Нарын облустук соода бөлүмүнүн башчысы, 1947-51-ж. эмгекчилер депутаттарынын Ат-Башы р-ндук кеңешинин Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1951-53-ж. Нарын облустук керек-жарак коомунун башкармасынын төрагасы, 1961-жылдан чарбалык, администрациялык кызматтарда иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1955-59). 1932-жылдан КПСС мүчөсү болгон. Ленин, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

БАЗАР-ТУРУК – суу, Жумгал суусунун сол куймасы. Узундугу 34 км, алабынын аянты 270 км2, деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 3100 м. Эң бийик жери 4155 м (Кызарт тоосунда). Соң-Кол тоосунун түндүк, Кызарт тоосунун түштүк ж-а түндүк капталдарынан агып түшөт. Суу кууш колот аркылуу агып, Чаар-Арча, Килемче суулары кошулгандан кийин Базар-Турук деп аталып, Кызарт суусуна кошулат. Жылдык орточо чыгымы 2,80 м3/сек, эң көбү май-июнда, эң азы февралда байкалат. Сугатка пайдаланылат. Жээгинде Базар-Турук, Кара-Чий айылдары жайгашкан.

БАЗАР-ТУРУК – айыл, Кызарт айыл өкмөтүнө караштуу. Базар-Турук суусунун боюнда. Чаектен 45 км чыгыш тарапта. Бишкектен 300, Нарындан 195, Балыкчы темир жол бекетинен 150 км аралыкта, деңиз деңгээлинен 2470 м жогору. Калктын саны 560 адам (1999). Негизинен мал чарбасы ж-а дыйканчылыкта эмгектенишет.

БАЙБАЧАЕВ Садыгалы (1910, Чоң-Дөбө айылы – 1945) – Ленин орденинин ээси (1941). 1936-41-ж. Кочкор р-нунда (Жумгал м-н биригип турганда) сот органдарында иштеген. 1941-жылдан Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Ленинград блокадасында болуп, бир дивизия аскерди курчоодон куткаргандыгы үчүн кыргыз жоокерлеринен 1-болуп Ленин ордени м-н сыйланган.

БАЙБӨРИЕВ Алик Шейшеналиевич (15.10.1950-ж.т., Тогуз-Торо району, Казарман айылы) – улуттук-коопсуздук кызматынын полковниги (1993). 1976-ж. КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1976-ж. КММИнин дарылоо факультетинде комсомол комитетинин катчысы, 1976-жылдан Улуттук коопсуздук министрлигинде иштейт. 1990-91-ж. СССР Мамлекеттик коопсуздук комитетинин борбордук аппаратында, 1991-93-ж. Улуттук коопсуздук министрлигинде бөлүм башчы, 1993-96-ж. ошол министрликте Нарын, 1996-97-ж. Ысык-Көл облустары б-ча башкармалыктардын начальниги, 1997-жылдан оперативдик-издоо башкармасынын начальниги. Медалдар м-н сыйланган.

БАЙБӨРҮ КЕЛИНИ Бурушбүбү (1904, Ак-Талаа р-ну – 1988, Нарын шаары) – зергер ж-а уз. Кайын атасы Байборүнүн, өмүрдөшү Тургунаалыдан таалимин алган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Тогуз-Торо р-нунун «Кош-Булак» колхозунда уста болуп иштеген. Топчу, шакек, сөйкө ж.б. зер буюмдарды кармаган. Күмүштү, жезди иштетүүнү, аны чегелөөну мыкты билген. өтүк



Байгазиев С

ултарган. Ээр чапкан, аны шөкөттөгөн. Ат жабдыктарын бүтүндөй кармаган. Оймочу, саймачы, термечи ж-а чырмакчы катары да белгилүү болгон. Эл чеберлеринин республикалык көптөгөн кароо-сынактарына катышып, лауреаттык наамдарга ээ болгон.

БАЙБӨРҮ Шайдылда уулу (19-кылым, Ат-Башы өрөөнү – Тогуз-Торо р-ну) – зергер. Кулжыгач элинин билерманы Мырзабек таеке-жээндигин салып, Жумгалга көчүрүп келип, жердеп калган. Ошол мезгилдеги атактуу чоң усталардан болгон. Калыктын күмүш чаптырылган кемер курун атайын тапшырма м-н жасаган. Анын кармаган зер нускалары тарых, этнография музейлеринде, эл арасында сакталган.

БАЙБӨРҮЕВ Шейшенаалы (1922-ж.т., Чаек айылы) – мамлекеттик кызматкер. 1949-ж. Бишкектеги партиялык мектепти, 1959-ж. Алматыдагы партиялык жогорку мектепти бүткөн. 1939-ж. Кыргыз филармониясында иштеген ж-а Кыргыз искусствосунун Москвада өткөн 1-декадасына катышкан. 1941-49-ж. Кыргызстан КП Тогуз-Торо райкомунда бөлүм башчы, райаткомдун Төрагасынын орунбасары, 1949-55-ж. райкомдун 3-катчысы, 1955-ж. партиянын Нарын обкомунда, 1955-58-ж. Куланак райондук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1958-61-ж. Ат-Башы райкомдун 2-катчысы, райондук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1961-82-ж. Жумгал р-нунда май заводунун директору, «Жумгал» совхозунда, «Өрнөк» колхозунда парторг, райондук пландоо комитетинин төрагасы, «Союзбасмасөздүн» начальниги болуп иштеген. Көптөгөн медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

БАЙБОСУНОВА Сабира Таштанбековна (31.5.1960-ж.т., Миң-Куш шаарчасы). 1983-ж. Бишкек политехника институтун бүткөн. 1983-84-ж. Бишкек жашылча-жемиш комбинатында лаборант, 1984-89-ж. Жумгал коомдук тамак-аш жайында цех башчысы, өндүрүш башчысы, директордун милдетин аткаруучу, 1989-93-ж. райондук керек-жарак коомунда башкарманын кадрлар б-ча орун басары, 1993-94-ж. Жумгал эл банкында башкы бухгалтер, 1994-97-ж. банктын башкаруучусу, 1997-жылдан райондук мамлекеттик администрациянын жалпы бөлүм башчысы, райондук «Аялзат» борборунун төрайымы.

БАЙГАЗИЕВ Советбек Орозкан уулу (1.5.1946-ж.т., Кайырма айылы) – «Кыргыз Респ-нын билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери» (1998), адабият изилдөөчү, сынчы, публицист, жазуучу, педагог-усулчу, филология илимдеринин доктору (2002), профессор (1995), Москвадагы Эл аралык педагогикалык ж-а социалдык илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, Төлөн Насирдинов, Э. Арабаев атын. сыйлыктардын лауреаты. 1969-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1971-жылдан Кыргыз Мамлекеттик радиотеле комитетинде редактор, «Кыргызстан маданияты» гезитинде кабарчы, Кыргыз ИАда илимий кызматкер, Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунда кыргыз тилин ж-а адабиятын окутуу методикасы секторунун башчысы, директордун орунбасары, 1993-2001-ж. И.Арабаев атн. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинин окуу ж-а илимий иштер б-ча проректору, 2002-жылдан Кыргыз билим берүү институтунун директорунун орунбасары. 300дөн ашык илимий макаланын, 20дан ашык китептердин автору ж-а авторлошу. «Менин боз торгоюм» (1970) аңгемелер жыйнагынын, «Кайдасың Асан Кайгы» повесть-эссенин, «Иниме кат» (1982), «Атуул жана Ата-Журт», «Агай эмне үчүн атынып өлгөн жоксуз?», «Кыргыз журту ободогу»,

«Бүркүттүн көзү менен» ж.б. публицистика китептеринин, «Жаңы мүноздор, жаңы конфликттер» (1980), «Калем изи» (1987) ж.б. адабий-сын макалалар жыйнактары, «Мукай жана Жусуп» (1993), «Гумандуу педагогика жонүндө сөз» (1998), «Инсандын иш жактан жаңылануусунун зарылдыгы» ж.б. китептери чыккан. Кыргыз адабияты б-ча окуу программаларынын, 10-класстын «Кыргыз адабияты» окуу китебинин, «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» аттуу 2 томдук китептин негизги авторлорунун бири. «Манас таануу» (2000), «XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы» (2000), «Улуу «Манас» улутубуздун дил ж-а тил бешиги» (1993) аттуу окуу куралы мектептерде, ЖОЖдордо кошумча адабият катары пайдаланылууда. Ал элдик бай, көркөм табият-туюму сергек, эстетикалык-теориялык, тарыхый-адабий даярдыгы терең адабиятчы, сынчы, кыргыз тилин ж-а адабиятын мектепте окутуу ишине, жалпы жаштарды окутуу-тарбиялоого көрүнүктүү салым кошкон педагог, коомдук, адабий-маданий, рухий, билим берүү темасындагы курч, масштабдуу макалаларды жазган публицист. Эл аралык Айтматов академиясынын академиги, «Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги» (1993). Жазуучулар (1981) ж-а Журналисттер союздарынын (1992) мүчөсү. Республиканын Журналисттер союзунун сыйлыгынын 2 жолку (1993, 1996) лауреаты. Медалдар м-н сыйланган. «Байзак айылынын ардактуу атуулу» (1999). Кыргыз Респ-нын Президентинин алдындагы реформаны идеологиялык жактан камсыздоо кенешинин мүчөсү (1997-жылдан). «Манас-1000» юбилейлик медалы-нын ээси. Республиканын Улуттук идеологиясынын автордук вариантын иштеп чыккан. Россия федерациясынын Педагогикалык ж-а социалдык илимдер академиясынын академиги (2004), Улуттук аттестациялык комиссиянын кыргыз тил ж-а адабияты б-ча эксперттик комиссиянын Төрагасы. 7 томдук «Кыргыз адабият тарыхынын» «Кыргыз педагогикасы» энциклопедиянын авторунун бири, Кыргыз билим берүү академиясынын Вице-президенти (2003).

БАЙЗАК – Байзак айыл өкмөтүнүн борбору. 1989-жылга чейин Кайырма аталган. 1930-ж. негизделген. Бишкектен 320, Балыкчы темир жол бекетинен 177, Нарындан 230 км аралыкта, Чаектен 8 км түндүк-чыгышта. Орто-Куугандy суусунун сол жээгинде жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 1820 м бийикте. Жалпы аянты 370 га. Калкынын саны 5960 (1998), айыл чарбасында эмгектенишет. Орто мектеп (1158 окуучу, 83 мугалим), айылдык-врачтык амбулатория, клуб, китепкана, мончо, дүкөн бар. Айылга жакын жерде Төрткүл байыркы шаар чалдыбары жайгашкан.

БАЙЗАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ 1996-ж. Ленин атн. колхоздун базасында түзүлгөн. Райондун борбордук бөлүгүндө жайгашкан. Борбору – Байзак айылы. Негизги тармагы айыл чарбасы. Айыл чарбасына жарактуу жери 53984 га, а.и. 2800 га сугат жер. Айыл өкмөтүнүн карамагында 986 дыйкан чарбасы, 2 фермердик чарба бар. Дыйкан чарбаларында 18000 кой, 3000 жылкы, 3500 уй бар. Жалпы айыл өкмөтү б-ча калкынын саны 5900 (1998) адам, 1230 түтүн. Айыл өкмөтүнүн аймагында 1 орто мектеп (1155 окуучу, 81 мугалим), 1 айылдык-врачтык амбулатория, мончо, маданият үйү, 2 китепкана, тейлөө бөлүмчөсү, байланыш түйүнү, 7 соода түйүнү, 5 тегирмен иштейт.

1930-жылдары азыркы Айыл Өкмөтүнүн аймагында «Ак-Чий» «Орто-Куугандy», «Пионер», Ленин атн., «Кызыл Кыргызстан», «Кызыл Октябрь» колхоздору болгон. Бул колхоздордун курулушуна активдүү катышып, пайдубалын курган инсандар: Бөлөкбаев Токтомуш, («Кызыл Кыргызстан» колхозунун башкармасы), Данияров Токтоналы (айыл кенешинин Төрагасы), Бөлөкбаев Осмон, алгачкы курушчулар Качкынтаев Жумалы, Шерташев Адаш, Куталиев Касым, биринчи шофер Акынбаев ажымамбет,алгачкы колхозчулар Ниязбекова Зина, Бузурманова Райым, көпөнөва Асылкан (булар Суусамыр жолун чабууда Кыргыз ССр Жогорку Советинин Ардак грамотасын алышкан, Матыкеев Кыштообек, Айдакеев Макен, Байбосунов Тургуналы, алгачкы

мектептин директору Жангаров Абдырахман, жылкы ферма башчысы Шахова Күлбара (Эмгек Кызыл Туу ордендүү), Кайыбпаев Калдар (Ленин атн. Колхоздун башкармасы, Кыргызстан КП БКнын мүчөсү болгон) ж.б. болушкан. 1951-ж. бул бытыранды колхоздор биригип, Ленин атн. ж-а «Кызыл Кыргызстан» колхоздору түзүлгөн. Ленин атн. колхоздун алгачкы башкармалары Сатыбалдиев Жанузак, Жүзбаев Кадыр, «Кызыл Кыргызстан» колхозунун башкармасы Бокчубаев Тенти. 1959-ж. март айында бул эки колхоз биригип, Ленин атн. колхозу аталган. Колхоз башкармасынын төрагасына Бокчубаев Тенти шайланып, 1986-жылга чейин жетектеген. Бул жылдары колхоз экономикасы ж-а маданияты өскөн. Бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү катары КПСС БКнын, СССР Министрлер Советинин, ВЦСПСтин 3 жолу, кыргызстан КП БКнын, Кыргыз Министрлер Советинин, Кыргызсовпрофтун 4 жолу Өтмө Кызыл Туусун жеңип алган. Колхоздун акчалай кирешеси 2,5 млн сомго жеткен. 1972-ж. колхоз «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. Колхозду 1986-88-ж. Молдалиев Жапар, 1988-92-ж. Ибраимов Насипбек, 1992-94-ж. Сандыбаев Керезбек жетектеген. 1995-ж. январь айында колхоз толугу м-н дыйкан чарбаларына тараган ж-а Байзак айыл кеңешинин карамагына берилген. Айыл кеңешинин Төрагасы Тургунбаев Кеңешбек (1989-96). 1996-ж. май айында Байзак Айыл Өкмөтү болуп түзүлгөн. Башчысы Жумалиев Өткүлбек. Бул чарбанын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон көптөгөн колхозчулар өкмөттүк жогорку сыйлыктарга татыган. Алар: Социалисттик Эмгек Баатыры А. Мырзакматов, Ленин орденинин ээси Сулайманов Алай, Октябрь Революяциясы орденинин ээси М. Акматалиева, Эмгек Кызыл Туу ордени м-н сыйлангандар – Кабылбаев Бабыш (2 жолу, жылкычы), Айбашев Камчыбек (1971,чабан), Норузбаев Карыпбек (трактөрчү), Өмүрбеков Кененбай (1976,чабан), Ш.Темирканов, Кылычбеков Бодөнө(1957,чабан) Модокоев Асылбек (парткомдун катчысы), Шахова Күлбара (ферма башчысы), К.Матыев, К. Сандыбаев, Ж. Молдожусупов. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйлангандар – Үркүчиев Жолдошбек (1981, агроном), Осмоналиев Камчыбек (1974, трактөрчү), Такешов Сыдык (1966. чабан), Молдокеев Күлташыр (врач), Доктурбек Абдылдаев, 3-даражадагы «Данк» ордени м-н Жумабеков Аскарбек (бригадир, 1983). Айыл өкмөтүнүн аймагында Кара-Кечүү көмүр кендери, токой тилкелери бар. Бул айылдан көптөгөн адамдар Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Алсак, Сандыбаев Карыбек 2 жолу «Даңк» ордени, Ата Мекендик согуш ордени, мырзакматов Акун, Сыдыков бейшенбек «Кызыл Жылдыз», «Даңк» ордендери, Жунушов Кубатбек, Исаков Салейдин, Үкүбаев Шаршен Ата Мекендик согуш ордени м-н сыйланышкан. Бүгүнкү күндө айылда согуштун 28 катышуучусу жашайт. Карыялар кеңешинин Төрагасы Мамбеткулов Болот. Айыл кеңешинин төрагалары: Орозбаев Баймат, Бөлөкбаева Батыш, Шаменова Масимкан, Бокчубаев Тенти, Коноев Жамаке, Шахова Күлтай, Дүйшөев Ибраим, Рысбекова Күлүсүн, Токтосунова Бүбүайша, Мамбетов Абыш, Молдокеев Асылбек, Темирканов Мыктыбек, Калыбеков Сапаралы, Тургунбаев Кеңешбек. Айыл өкмөт башчылары: Жумалиев Өткүлбек, Ажымамбетов Качкын.

БАЙЗАК Тооке уулу, Байзак ажы (1827, Жумгалдын кептеши Эмел айылы – 7.9.1914, Жумгал өрөөнү, Көк-Ой деген жер) – чекир саяк уруусунун кулжыгач уругунан чыккан атак даңкы торт дубанга кеткен инсан. Ал кыргыз жергесинин Кытай менен болгон чек арасын тактоого ж-а белгилөөгө чоң салым кошкон. Агасы Атагелди болуштун молдосунан окуп кат таанып, өз мезгилиндеги сабаттуу адамдардан болгон. Байзак Атагелдинин өтүнүчү б-ча Египет, Букара тараптан келген кербендер м-н Үрүмчү, Үч-Турпан, Кашкар, Кулжага чейин барып, кыргыз мамлекетинин чектери м-н толук таанышып чыккан. Кийин кербендер м-н эки жолу Ташкен, Кокон, Самаркан, Букарага чейин барып, шаар калкынын турмуш-тиричилигин өздөштүрүп таалим алган. Кыргыз-Кытай чек арасын ажыратууда Байзакты орус экспедициясы кыргыз өкүлү катары катыштырып, анын чек араны жакшы билгенине, далилдүү талаша алганын баалап, падышага сунуш кылып, ага чин алып берген. Жалал-Абад, Нарын өздорунун чегин ажыраткан. Казак, тажиктер м-н чек ажыратууга да



Байгараев К



Байкелова Б



Байсалов Э

атышкан. Байзак Жумгалда болуш олгон. Кара-Ойдо медресе ачтырып, ла окуттурган. Айткан сөзү топ келген, ло турган окуяны биле күн мурунтан йткан олуя болгон. Байзак каза болгондо 700дой үй тигилип, сөөгү 7-күнү коюлган. Өзүнүн керээзи б-ча ашы кошо берилген. Аштыбашкарган атактуу Куйручук болгон. 1916-ж. үркүндө Байзактын чен тонун көргөн жазалоочу отрядын полковниги, «тинтүүгө да, күч колдонууга да болбойт» деп орусча, арабча жазуусу бар темир калакчаны чоң жолдун жээгине сайдырып кеткен. Натыйжада анын элине эч ким тийген эмес. Жазуучу А.Молдалиев «Байзак баатыр» деген даректүү китеп, драматург А.Чекиров «Байзак менен Куйручук» аттуу пьеса жазган.

БАЗАРКУЛОВА Жамалкан (1953-ж.т.) 1973-ж. райондук статистика комитетинде инспекторлуктан болүм башчысынын орунбасарлык кызматына чейин көтөрүлгөн. Райондук, облустук, республикалык Статкомитеттердин Ардак грамоталары м-н сыйланган. Статистика тармагына көп эмгек сиңирген, «Статистиканын отличниги».

БАЙГАРАЕВ Кенжекул (1933-ж.т. Куйручук айылы) 1950-54 ж.ж. колхоздо эсепчи, электрик, агроном, ферма башчысы, комплекстүү бригаданын бригадири болуп иштеген. 3-даражалуу «Эмгектеги данк» ордени, Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган.

БАЙКЕЛОВА Бермет (23.07.1960-ж.т. Байзак айылы) Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти (2000-ж.). 1977-78-ж.ж. «Кыргызавтомаш» заводунда жумушчу болуп иштеп 1978-ж. М. Күрөңкеев атын. музыкалык окуу жайына кирип (1982-ж.) бүтүргөн. 1982-ж. Б. Бейшеналиева атын. Мамл. искусство институтунда белгилүү ырчы Болот Миңжылкыевдин вокалдык классынан окуган. 1987-ж. Кырг. мамл. Т. Сатылганов атын. филармонияда К. Орозов атын. эл аспаптар оркестринде ырчы ж-а алып баруучу болуп иштеп келатат. Искусство институтунда вокал боюнча мугалим.

БАЙЛАНЫШ МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондогу байланыш иштерин тейлейт. Кыргыз Республикасынын байланыш министрлигине баш иет. Райондо байланыш иши 1936-ж. почта конторасы уюшулгандан башталган.

БАЙСАЛОВ Зарыпбек – «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси (1976). 1962-96-ж. райондук байланыш түйүнүндө («Телеком» электр байланыш бөлүмү) иштеген. Медалдар м-н да сыйланган.

БАЙСАЛОВ Эркин 1949-ж.т. (Жумгал районунун тургуну Байсалов Абдыкадырдын үй-бүлөсүндө туулган). Орто мектепти аяктаган соң, 1966-жылы Фрунзедеги политехникалык институттун энергетика факультетине тапшырып, 1971-ж эң мыкты бүтүрүүчү катары «Электропривод жана өнөр жайдагы аспаптарды автоматташтыруу» кафедрасына мугалим болуп калтырылган. 1972-жылы ошол эле кафедрага ассистент болуп которулуп, 1973-жылы Москвадагы Энергетика институтундагы аспирантурага тапшырып, 1976-жылы кандидаттык диссертациясын мөөнөтүнөн мурда жактаган. Илимий даражага ээ болгондон кийин, Фрунзедеги Политехникалык институтта «Электропривод ж-а өнөр-жайдагы аспаптарды автоматташтыруу» кафедрасында окутуучу болуп эмгектенип кечки факультеттин деканынын орунбасары кийин күндүзгү бөлүмдүн деканы болгон. 1979-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунда Студенттердин профсоюздук комитетинин төрагасынын орунбасары, ошол эле жылы Төрагасы болуп 1984-жылга чейин эмгектенген. Бул аралыкта РК Профсоюздун мүчөсү, Профсоюздун борбордук кандидат мүчөсү, съездердин делегаты болгон. 1984-жылы Фрунзедеги политехникалык институтундагы Энергетика факультетинин «Электропривод ж-а өнөр-жайдагы аспаптарды автоматташтыруу» кафедрасында ага окутуучу, 1985-жылы деканы,1990-жылы ушул эле институттун Эл аралык



Байтокова З



Байтурсунов Н



Бакенов С



Бакиров А

байланыштар боюнча проректору болуп институттун структурасы кайра түзүлүп жаңыланганга чейин кызмат өтөгөн.Ал өздүк компьютерлерди биринчилерден болуп киргизип, чет элдик студенттерди окутуу үчүн контрактык келишим системасын биринчилерден болуп киргиздирген. 1992-96 ж. ж. жеке менчик ишканаларын жетектеген.1996-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин жоопкерчилиги чектелген «Вулкан« коомунун Генералдык директору, «Алатоо инвест» инвестициялык фондунун деректирлер кеңешинин мүчөсү, 2001-жылдан бери «БИ КМАО-ОЙЛ» жоопкерчилиги чектелген коомдун Президенти. Ал жетектеген «Вулкан« жоопкерчилиги чектелген коому, жергиликтүү сырьелорду жаңы технологияларды колдонуп, курулуш материалдарды өндүрүүгө багытталган. Ишкананын негизги максаты: калкка өнөр-жай,курулуш ж-а энергетика маселелерин чечип берүү болуп саналат. "Кыргызкредит" АКБнын деректирлер Кеңешинин Төрагасы.1 ойлоп табуунун ээси, 16 б.т. илимий эмгектердин автору. Элге жасаган ак ниет эмгеги жогору бааланып, калайык-калк 2005-жылы, окумуштуу, чыгаан ишкер Байсалов Эркинди Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыка шайлаган.

БАЙТОКОВА Зулайка Ыбрайымакун кызы (1930, Нарын р-ну. Орто-Нура айылы – 19.4.1998, Багышан айылы) – «Ардак Белгиси» орденинин ээси (1960). 1948-ж. Нарын педагогика окуу жайын, 1953-ж. Нарын мугалимдер институтун, 1962-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1948-51-ж. Чаек, Түгөл-Сай мектептеринде мугалим, 1953-57-ж., 1964-80-ж. Багышан орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1958-64-ж. директору болуп иштеген. «Эмгек Даңкы» ордени, 2 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Кыргызсовпрофтун Ардак грамотасы м-н сыйланган. «Эл агартуу отличниги». Баатыр эне.

БАЙТУРСУНОВ Насыр (1915, Көкөмерен айылы – 11.5.1995, ошол эле жер) – Даңк орденинин толук кавалери. Улуу Ата Мекендик согушка чейин мектепте мугалим болуп иштеген. Аскердик наамы сержант, замбиректин командири болгон. 1943-ж. Советтик Армиянын катарына чакырылган. Брянскиде, 1- ж-а 2-Белорус фронтторунда салгылашкан. Днепр, Прут, Березина, Висла, Одер, Шпрее дарыяларын кечип өтүп эрдиктерди жасаган. Польша жеринде, Силезияда, Берлин үчүн салгылашкан. Прут ж-а Березина дарыяларын кечип өтүүдөгү эрдиги үчүн 3-даражадагы (27.7.1944), Висла дарыясындагы душмандын коргонуусун бузуп өтүүдө 7 пулемет точкасын кыйратып, полкко жол ачканы үчүн 2-даражадагы (14.1945) ж-а Швенов кыштагын бошотуудагы баатырдыгы үчүн 1-даражадагы (31.5.1945) «Даңк» ордендерине татыктуу болгон. «Кызыл Жылдыз» ордени ж-а медалдар м-н да сыйланган.

БАКЕНОВ Сатыбалды (26.6.1941-ж.т., Доскулу айылы) – «Кыргыз Респ-нын маданиятына эмгек сиңирген ишмери» (1995), жазуучу, журналист. 1959-ж. Бишкектеги №3 техникалык окуу жайын, 1966-ж. КМУнун журналистика факультетин бүткөн. 1957-61-ж. Кочкордо киномеханиктин жардамчысы, киномеханик, 1966-жылдан «Жеткинчек» гезитинде адабият кызматкери, бөлүм башчысы, жооптуу катчы, башкы редактору болуп иштейт. «Пионердик иштердин беш жылдыгы», «Балдардын бактысы достук», «Отряд жана анын иши» ж.б. китептердин, көптөгөн макала, очерк, репортаж, сүрөттөмөлөрдүн автору. В.П.Шахматовдун «Жаштарга нике ж-а үй-бүлө жөнүндө» деген



Бакиров Т



Балкыев Ө



Балтабаев К

китебин кыргызчага которгон. «Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги» (1979). Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1983), СССР ж-а Кыргызстан ЛКЖС БКлардын Ардак грамоталары м-н сыйланган.

БАКИРОВ Апас (12.2.1935-ж.т., Түгөл-Сай айылы) – геолог, геология-минералогия илимдеринин доктору (1975), Кыргыз Респ-нын Улуттук илимдер академиясынын академиги (1997; корреспондент-мүчөсү, 1984), «Кыргыз Респ-нын илимге эмгек сиңирген ишмери» (1993). 1957-ж. Бишкек политехника институтунун тоо кен-геология факультетин бүткөн. 1957-жылдан Кыргызстан ИАнын Геология институтунда кенже, 1969-жылдан улук илимий кызматкер, лаборатория башчысы, 1988-жылдан ошол институттун директору. Негизги эмгектери Теңир-Тоонун аймактык геологиясына, өзгөчө эң байыркы күчтүү өзгөрүүлөргө учураган тоо катмарларынын озгочолуктөрүнө арналган. Көптөгөн катмарлардын жашын аныктаган, жер кыртышынын тектоникалык түзүлүшүнө, өнүгүш тарыхына жаңы көз караштарды киргизген. Борбордук Азия аймагындагы тоо тектердин метаморфизмин (физикалык ж-а химиялык жактан өзгөрүлүшүн) изилдеп, биринчилерден болуп метаморфизм м-н тектоника кубулуштарынын байланышын аныктаган. Мурун Борбордук Азияда белгисиз болгон сейрек учуроочу минералдарды таап, метаморфизмдин жаңы типтерин бөлгөн. Метаморфизм комплекстеринин металлогениялык картасын түзүп, аларда учурай турган пайдалуу кендердин прогнозун берген. Ысык-Көл облусундагы үч-Кошкон калай кенин ачкандардын бири, Талас өрөөнүндөгү Бала-Чычкан ж-а Кичи-Кайыңды ванадийлүү титан-магнит кендерин негиздеген. Ал 150ден ашык илимий эмгектин (а.и. 8 монография, Теңир-Тоону, Памирди, Казакстандын, Өзбекстандын ж-а Тажикстандын аймактарын камтыган 10дон ашык ар түрдүү геологиялык карталардын) автору. Көптөгөн эл аралык жыйындарга, эл аралык геологиялык конгресстерге катышып, доклад жасаган. «Кенди биринчи изилдегич» (СССР) төш белгисинин ээси. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а Грамотасы м-н сыйланган.

БАКИРОВ Турсаалы (1924-ж.т., Эпкин айылы). Коомдук жана саясий иштердеги жетишкендиктери үчүн 1972-жылы Кыргызстандын 40-жылдыгы колхозунун "Ардактуу колхозчу" деген наамын алган. Лениндин 100-жылдык юбил. медалынын ээси. Түгөл-Сай айылында жашайт.

БАЛБАЕВА Мистекан (1925, Чаек айылы – 1983, ошол эле жер) – шырдакчы. Көп жылдар механизатор болуп иштеген. Шырдак оюмдарын чебер айкалыштырып, улуттук нукта стилдештирүүгө умтулган уз. Көптөгөн кароо-сынактарга катышкан.

БАЛБАК (1732-1785-жылдар ченде жашаган, мүрзөсү Кочкордун Семиз-Белинде) – баатыр. 1748-жылдар ченде калмактар черик элин чапканда, Турдумамбет баатыр м-н бирге кол курап барып калмактарды чапкан. Казактын Эдиге баатыры кыргызды чапмакчы болуп 1000 кол м-н келе жатканда Эраалы баатыр экөө көп колу м-н Суусамырда беттешип, Эдигени жеңген. Көкөмерендин боюнан жолборс чапкан.

БАЛКЫЕВ Өмүргазы (1939-ж.т. Тогуз-Булак айылы). Фрунзедеги Политехникалык институтту бүтүргөн. Райондун чарбаларында башкы адис ж-а жетекчилик кызматтарда иштеген. Бир нече жолу Жергиликтүү Кеңештин депутаты болуп шайланган. Коомдук ж-а саясый иштердеги жетишкендиктери үчүн 1979-ж. «Ардак белгиси» ордени, Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган.

БАЛТАБАЕВ Абды (1900, Чаек айылы – 1987, ошол эле жер) – «Кыргыз Респ-

нын эмгек сиңирген мугалими» (1970). 1931-32-ж. Кабак айылындагы Кызыл-Ноолу толук эмес орто мектебинде мугалим, 1933-34-ж. Сары-Булуң башталгыч, 1935-36-ж. Туура-Терек толук эмес орто, 1936-38-ж. Бостон-Кайың башталгыч мектебинин башчысы, 1938-42-ж. Кызыл-Жылдыз толук эмес орто мектебинин мугалими, 1942-43-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1944-45-ж. Чаек балдар үйүнүн тарбиячысы, 1946-48-ж. Кызыл-Жылдыз 7 жылдык мектебинин директору, 1948-71-ж. Чаек орто мектебинин мугалими болуп иштеген.

БАЛТАБАЕВ Кадыр (1903, Кызарт айылы – 1994, ошол эле жер) – «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси (1957). 1946-62-ж. «Совет» колхозунда улук чабан болуп иштеген. 1955-ж. Москвада өткөн Бүткүл союздук айыл чарба көргөзмөсүнө катышкан. Медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары (1955,1956) м-н сыйланган.

БАЛТАБАЕВА Эмил (1935-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – оймочу, куракчы. Узчулук ыкмасында кийизди бычуу ж-а аны шырдак бетине жайгаштыруусу башкалардан айырмаланат. Эки кийизди беттебей эле кийизден өөн чыгарбай, төптоштүрүп бир түрдөгү шырдакты оюунун чыгаан чебери. Анын мүйүзчөлөнө жасалган курак буюмдары «Эмилдин курагы» деп аталат. Көптөгөн кароо-сынактарга, көргөзмөлөргө катышып, Ардак грамоталар, дипломдор м-н сыйланган. Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү (1990). Баатыр эне.

БАЛЫКТЫ ТООСУ Соң-Көл тоосунун батышында. Жумгал ж-а Соң-Көл өрөөндөрүнүн аралыгында жайгашкан. Узундугу 24-25 км, туурасы 8-10 км. Орточо бийиктиги 2800-3000 м, эң бийик жери 3400 м. Жону түзөң. Чыгыш капталы кыска, Соң-Көл өрөөнү тарабы жантайыңкы. Жумгал өрөөнү тарабы тигирээк келип, кокту-колоттуу. Тоо ордовик ж-а карбондун кумдук, сланец, порфирит, туф, акиташ тектеринен турат. Негизинен альп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа ландшафттуу. Жайыт жер.

БАЛЫКЧЫ–КОЧКОР–КАРА-КЕЧҮҮ ТЕМИР ЖОЛ ДОЛБООРУ. Кара-Кечүү көмүр кенин өздөштүрүп, аны м-н бүтүндөй түндүк Кыргызстанды отун энергетикасы м-н камсыз кылуу максатында бул жолду куруу каралган. Бул максатта, 1994-ж. Кыргыз Респ-нын Президентинин «Балыкчы–Кочкор–Кара-Кечүү темир жолун куруу жана ага жакын жайгашкан райондорду өнүктүрүү жөнүндө» Указы чыккан. Аны ишке ашыруу б-ча Мамлекеттик дирекция уюштурулуп, Кыргызстан, Казакстан ж-а Москванын долбоорлоо институттары ишке тартылып, бул жолдун долбоору түзүлгөн. Ал долбоор б-ча Балыкчы–Кочкор–Кара-Кечүү темир жолу Кыргыз Респ-нын Түндүгү м-н Түштүгүн бириктирүүчү ж-а Кытайдын Кашкар шаарына чейин курулуучу темир жолдун башталыш бөлүгү болмокчу. Бул жолдун курулушу 1998-ж. июнь айында башталган. Мамлекеттик дирекциянын биринчи гендиректири – Марат Исаков.

БАНКТАР Эсептешүү сактык компаниясынын Чаек бөлүмчөсү (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 117). 1932-ж. СССР Мамлекеттик банкынын Чаек бөлүмү катары уюшулган. 1989-ж. Агроөнөржай банкынын филиалы болуп өзгөрүлгөн, 1996-жылдын 30-июлунда азыркыдай ат м-н кайра түзүлгөн. Компания өз алдынча юридикалык жак болуп эсептелет, өзүнчө баланска ээ. Компаниянын ишмердүүлүгү экономикалык ж-а чарбалык принциптерге негизделген. Компаниянын негизги клиенттери – казына, социалдык фонд, курулуш, айыл ж-а суу чарба мекемелери. Счеттор б-ча жашыруун сырды сактайт. Счеттор, операциялар ж-а салымдар б-ча: счет ээлерине ж-а алардын мыйзамдуу ишенимдүү адамдарына, өндүрүш иши б-ча расмий жазуу түрүндө суроо жиберген изилдөө органдарына ж-а сотко маалымкат берет. Компания бардыгы 94 мекеме-ишкананы тейлейт (1998). Бардыгы 9 киши иштейт. Жетекчилери: Жайлообаев Муса (1940), Усупбаев Абылмежин (1941-43), Бакмуханбетова Таля (1943-44), Дөөлөтбаев Одобек (1944-50), Ибраев Абдылдабек (1951-60), Акматов Муташ (1960-62), Сыдыгалиев Кумарбек (1962-63), Жээнтаев Төлөгөн

1963-71), Турсункулов Жаныш (1971-81), Токтотемиров Күрүчбек (1981-94), Асмалиева Аманат (1996-98), 1994-96-ж-а 1998-жылдан Дүйшөнов Шаршенбек.

Кыргыз өнөр жай курулуш банкынын Миң-Куш филиалы 1989-ж. 13-ноябрда түзүлгөн. Түрдүү профилдеги ишканаларга ж-а уюмдарга кредит берет ж-а Республикадагы жеке, кичи бизнестин онүгүшүнө көмөктөшөт. Филиал «Ак-Улак» тилкеси, «Миң-Куш» акционердик коому ж.б. сыяктуу 40тан ашык кардарларды тейлейт (1998). Тейлөө учурдун талабына жооп берүүчү жаңы формада жүргүзүлөт. Ай сайын түшүүчү орточо кирешеси 7,5 миң сом. Жетекчиси: Косоев Майрамбек Кусейинович.

БАРАКАНОВ Кары (1937-ж.т., Дыйкан айылы) – спортчу (күрөш), спорттун эл аралык класстагы чебери, эл аралык категориядагы машыктыргыч, Кожомкул атындагы байгенин 1-чемпиону, СССР спортунун Кыргызстан б-ча 1-чебери, самбо күрөшү б-ча 1-чемпион. Ысык-Көл облустук Олимпиадалык команданын Төрагасы болуп иштеген.

БАТЫШ КАРАКОЛ ӨРӨӨНҮ Суусамыр өрөөнүнүнүн Жумгал районуна караштуу чыгыш бөлүгү. Кыргыз Ала-Тоосу м-н Кара-Мойнок, Жумгал, Киндик тоолорунун ортосунда жайгашкан. Батышында Көк-Кыя кырка тоосу Ийри-Суу өрөөнүнөн бөлүп турат. Узундугу 60 км, туурасы 2-3 км. Таманынын бийиктиги 2100-3000 м. Суусамырга караганда алда канча кууш, капталдары тик. Чыгышты көздөй өрөөн өтө кууштап, Кара-Мойнок тоосун эки айрыкка – Караколдун төрүнө ж-а Батыш-Сөөккө бөлөт. Төмөнкү бөлүгү түштүк-батышты карай созулат. Өрөөн аркылуу Батыш-Каракол суусу (куймалары: Туюк-Ала-Арча, Ашуу-Ала-Арча, Сокулук, Чаар-Таш, Сөөк, Муз-Төр, Шили-Суу ж.б.) агып, Суусамырга куят. Климаты кескин континенттик. Кышы суук ж-а узак, январдын орточо темпаратурасы -20...-21°С, июлдуку 13-14°С. Жылдык жаан-чачыны 350-500 мм.Өрөөндүн ж-а Жоо-Жүрөктүн жапыз бөлүктөрүнө бетеге-шыбактуу кургак талаа, 2200-2700 м бийиктикке бетеге туландуу, түркүн чөптүү талаа, талаалуу шалбаа, Кыргыз Ала-Тоосунун нымдуурак (500 ммге чейин) жогорку капталдарына дан өсүмдүк-түркүн чөптүү субальп, бетеге, өлөң чөптүү, доңуз сырттуу шалбаа ландшафттар мүнөздүү. Тектирлерде кара бүргөн, шыбак, бетеге, буудайык ж.б. өсүмдүктөр өсөт. Суу бойлой олөң, чөптүү шибер, токой кезигет. Суусамыр м-н бул өрөөн кошулган жерде мурда чытырман токой болгон. Азыр тал, кайың, ыргай, ит мурун, шилби, аса-муса, чычырканак ж.б. кезигет. Жайлоо; түзөң жерлери айдалып эгин, тоют өсүмдүктөрү эгилет.

БАШ-КУУГАНДЫ – айыл, Баш-Кууганды айыл өкмөтүнүн борбору. Жумгал суусунун оң ойүзүндө жайгашкан. 1930-ж. негизделген. Бишкектен 342, Балыкчы темир жол бекетинен 175, Нарындан 250 км аралыкта, Чаектен 18 км чыгышта. Деңиз деңгээлинен 1800 м бийиктикте. Жалпы аянты 197,5 га. Калкы 2750 (1998), 460 түтүн. Негизинен мал чарбасында эмгектенишет. Орто мектеп, айылдык-врачтык амбулатория, клуб, китепкана, дүкөн ж.б. бар.

БАШ-КУУГАНДЫ – суу, Жумгал суусунун оң куймасы. Узундугу 31 км, алабынын аянты 149 км2. Жумгал кырка тоосунун түштүк капталынан башталып, түштүктү карай агат. Жогорку агымында кууш өрөөн м-н агып, Жумгал ойдунуна чыкканда өрөөнү кеңейип, салааларга бөлүнөт. Жылдык орточо чыгымы 0,63 м3/сек, эң көбү июнда (1,60 м3/сек), азы январда (0,20 м 3/сек) байкалат. Алабында Баш-Кууганды көлү жайгашкан. Боюнан Баш-Кууганды айылы орун алган. Сугатка пайдаланылат.

БАШ-КУУГАНДЫ – тоо көлү, Баш-Кууганды суусунун алабында, Жумгал кырка тоосунун түндүк капталында жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 2860 м бийиктиктеги тепши сымал өрөөндүн таманын ээлеп жатат. Аянты 0,264 км2, суусунун көлөмү 1,72 млн м3, эн терең жери 22 м. Көл өрөөн аркылуу аккан Көл суусунун бөгөлүшүнөн пайда болгон. Көлдөн суу түз агып чыкпастан, бөгөттүн асты м-н сарыгып чыгат. Деңгээли 4-5

мге чейин өзгөрөт. Саргыч-жашыл түстө; тунуктугу 3,5 м. Көлдө балык бар. Сугат мезгилинде көлдүн суусунан Баш-Кууганды суусу алынат.

БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ. 1991-ж. «Дыйкан» колхозунун базасында түзүлгөн. Борбору – Баш-Кууганды айылы. Жумгал өрөөнүнүн орто жеринен орун алган. Жалпы аянты 32935 га, а.и. айыл чарбасына жарактуу жери 28684 га, анын 1435 гасы айдоо, 10 гасы кайрак, 62 гасы чабынды, 980 гасы кысыр (бош жаткан), 26205 гасы жайыт, 97 гасы огород, 4551 гасы айдоого жараксыз жер. Жалпы айыл өкмөтү б-ча калкынын саны 2750 адам, 460 түтүн. Айыл өкмөтүнүн аймагында орто мектеп, клуб, айылдык-врачтык амбулатория, 2 дүкөн бар.

Айыл өкмөтүнүн аймагындагы негизги жайлоолор: Көлмө (деңиз деңгээлинен 1800 м бийиктикте, Баш-Кууганды дан 30 км аралыкта), Бел-өтөк (2800 м), Жакшына-Төр (2900 м), кыштоолор: Конур-Дөбө (Баш-Кууганды дан 40 км) Бел-өтөк, Төө-Таш, Борду (55 км, ат жол). Айыл өкмөтүнүн аймагынан республикалык маанидеги Балыкчы – Миң-Куш (8 км), Балыкчы–Кара-Кечүү (22 км) трассалары өтөт.

1991-ж. колхоз тараганда 24000 кой, 486 үй, а.и. 90 топоз, 460 жылкы дыйкан чарба мүчөлөрүнө үлүш катары бөлүнүп берилген. Алсак, фермерлер Исакулов Ширинбекке 63 саан үй, 2 трактор, 1 КПЗ, 70 га сугат жер, үй сарай; Чотоев Сагынбекке 70 топоз, 35 га кайрак, 25 га сугат жер, кашар, трактор өткөрүлүп берилген.

Бул айыл өкмөтүнүн аймагында 1930-ж. «Баш-Кууганды» (башкармасы Тилекматов Ыбырайым), «Көк-Мойнок» (башкармасы Турдубаев Ишенбай) колхоздору уюшулган. 1937-ж. бул эки колхоз биригип, «Баш-Кууганды» колхозу аталган. Башкармасы Сокуров Сагыналы. Ушул эле айыл өкмөтүнүн аймагында 1930-ж. «Көл-Арык» (башкармасы Токоев Жамгырчы), «Жол-Кара» колхоздору уюшулган. 1937-ж. «Жол-Кара» колхозу «Дыйкан» аталган (башкармасы Атабаев Сман). 1938-ж. «Дыйкан» ж-а «Көл-Арык» колхоздору биригип, «Дыйкан» колхозу аталган (башкармасы Нусупов Шарыпбай). 1951-ж.8-мартта «Дыйкан» м-н «Баш Кууганды» биригип, «Дыйкан» колхозу, «Баш-Кууганды» айыл кеңеши (төрагасы Мусакожоев Абдурасул) аталган. «Дыйкан» колхозунун башкармасынын төрагалары Сулайманов Самудин (1947-55), Алиев Абдыкерим (1955 58), Жээналиев Токтосун (1958-60), Макеев Токтогул (1960-65), Жоошов Курманбек (1965-75), Асанов Насыр (1975-82), Субанбеков Мидин (1982-86), Самүдунов Бердибек (1986-90), Карынбаев Эркинбек (1990-91). Колхоздун экономикасынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон көптөгөн адамдар өкмөттүк сыйлыктарга татыган. Алсак, Ленин ордени м-н Ж.Бердибаев, Мамытова Ардак, Калыкова Жумабүбү, Октябрь Революциясы ордени м-н Жоошов Курманбек («Ардак Белгиси » ордени да бар), Эмгек Кызыл Туу ордени м-н Казаков Токтоболот, Терекбаев Мусай, Ташыбеков Ыбыраим, Ашырбаев Абдрахман, Ашырбаев Абдилдер сыйланышкан. 1991-ж. колхоз дыйкан чарбаларына тарап, «Дыйкан» айыл комитети аталган. Төрайымы Батыралиева Анара (1991-93), Акенкулов Калыбай (1993-96). 1996-ж. ал «Баш-Кууганды» айыл өкмөтү болуп аталган. Башчылары Ишеналиев Таштанбек (1996-97), 1997-жылдан Сманов Асаналы.



Бегалиев М

БАЯЛЫ АКЕ (1835-1941-ж.ж. Курманкожо эли) Курманкожо элинен чыккан сөзго чебер устат, кара кылды как жарган калыс, окуяны алдын ала билген көзү ачык. 1916-ж. болуштука караган айыл элин Кытайга үркөндөн сактап калган. Өзүнүн элге кадыр-баркы м-н Жумгал өрөөнүндө биринчи «аке» деген ардактуу атка татыктуу адам болгон экен.

БЕГАЛИЕВ Муратбек Акимович (21.6.1955-ж.т., Миң-Куш шаарчасы) – композитор, профессор, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1998), Кыргыз Респ-нын адабият, искусство ж-а архитектура жагындагы Токтогул атн. Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1998). Кыргыз Респ-нын искусствосуна эмгек сиңирген ишмер (1990), Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты (1986). Республикалык атайын музыкалык мектеп-интернатта (труба, кларнет,

фягота), 1974-77-ж. Кыргыз мамлекеттик Б.Бейшеналиева атн. искусство институтунда (М.Абдраевдин классы), 1977-82-ж. Москва мамлекеттик П.И.Чайковский атындагы консерваториядан (М.Чулакинин классы) билим алган. 1984-ж. аспирантураны бүтүп, Кыргыз мамлекеттик Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунда иштейт. 1993-ж. анын демилгеси м-н Улуттук консерватория ачылып, анын тунгуч ректору. Музыкалык мектеп-интернатта, консерваторияда окуп жүргөндөн баштап эле ырларды, аспаптык чыгармаларды жазат. 1983-ж. Москвада өткөн композиторлордун Бүткүл союздук конкурсунда «Симфониялык поэмасы» үчүн Башкы байгени жеңип алган. Орустун 19-кылымдагы атактуу сүрөтчүсү К.Брюлловдун «Помпейдин акыркы күнү» деген картинасына таасирленип жазган поэмасында мезгилдин кайгылуулугун, адамдын тагдырын өзгөчө драматизмдүү, терендикте сыпаттайт. Бул поэма шериктеш өлкөлөрдө, Югославия, Чехия, Польша, Венгрия, Япония ж.б. өлкөлөрдө аткарылат. «Кылдуу квартет» үчүн жазган «партитасы», «Фортепиано үчүн кайрык», «Карыянын эскерүүсү» деген фортепиано үчүн сюитасы, «Балалыктын обону» симфониялык картинасы, симфониялык оркестр үчүн жазган майрамдык увертюрасы, камералык оркестр үчүн жазган «Ностальгиясы», скрипка м-н фортепиано үчүн жазган «Манас сонатасы» бар. Композитордун «Манастын улуу Семетей» музыкалык драмасы, «Жыгач жол» (Л.Устиновдун пьесасы б-ча) мюзикл-жомогу, Манастын обондорунун негизинде жазылган симфониясы, «Бир кылымга тете күн» (Ч.Айтматов), «Кыргыздар» аваздык-симфониялык ырлары, «Жараткан гимн» аттуу музыкалык чыгармасы профессионалдык музыканын байышына салым кошту. 40дан ашык көркөм фильм, 20дай спектаклге музыка жазган. Ал классикалык музыка өнөрүндө өзүнчө жол, формага ээ болуп, оркестровкада чоң, чеберчилиги байкалып, башкалардан айырмаланган автордук стили м-н улуттук булактардан алган азыгы аркылуу дүйнөлүк классика м-н азыркы музыканы айкалыштырган жаңы муундун новатору катары таанылган. «Кайрыктар» аттуу аспаптык чыгармаларынын жыйнагы (1987) чыккан. 1991-ж. ЮНЕСКОнун стипендиясын алып, маданият борборунун жолдомосу м-н Германияда 1 жыл стажировкада болгон. «Түгөлбай ата» (1995), Ч.Айтматов фондусунун (1995), Казакстандын Эл аралык «Алтын көпүрө» (1996) сыйлыгынын лауреаты. Эл аралык чыгармачылык академиясынын академиги (1997). П.И.Чайковский атн. Алтын медалдын ээси (2000), Эл аралык «Руханият» сыйлыгынан (2001) лауреаты. Билим ж-а маданият иштери б-ча Президенттин алдындагы Мамлекеттик комиссиянан мүчөсү (1996), Мамлекеттик Токтогул атн. сыйлыктын мамлекеттик комитетинин мүчөсү (1998), Президенттин алдындагы Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиянын мүчөсү (1998). Жумгал районунун ардактуу атуулу (1998).Мамлекеттик орден, медалдарды алган.

БЕГАЛЫ уулу Акмат /1891-ж.т. Курманкожо болуштугу. 1947-ж. Таш-Төбө айылы/. Ата-энеден эрте жетим калып, абасы Сагындык ажынын колунда тарбияланган. Тирикарак, зиректигинен кат таанып, эл арасында абройго ээ болгон. Ал алгачкылардан б-п партиянын катарына кирип, партячейкаларды уюштуруу, коллективдештирүү иштерине активдүү катышкан. Таш- Төбө айылындагы карапайым калкты колхозго тартып, борбордон атайын адис алып келүү м-н элди отурукташтыруу боюнча план түздүргөн. Анын негизинде 1930-ж. Кашка-Суу, Куу-Секи айылдарында турак жайлар түшүп, курулуш жумуштарына кашкардык уйгур усталары жалданган. Калктын камын жеп, жаңы түзүлүш үчүн жан сабашы, кой терисин жамынган тап душмандарына жаккан эмес.Андыктан, ар кандай жалаалар тагылып, үстүнон тоголок арыздар жонөтүлөт да, эки жолу 1932-ж. ж-а 1936-ж. 58-а статьясы м-н айыпталып, абакка отургузулган. Бул каралоолор далилденбегендиктен ж-а жазган арызы М.И.Калининдин өзүнө жеткендиктен зордук-зомбулуктан арылып, партиялуулугу калыбына келтирилген. Өмүрүнүн акыркы жылдарында Таш-төбө колхозунда жылкы фермасын башкарып,



Бейшенкулов А



Бейшембаев М

партиялык уюмду жетектеген. Согуш жылдарында чарбада жылкынын саны 1500го жетип, андан фронтко күч унаа катары жөнөтүлүп турган. Мындагы сиңирген эмгеги жогору бааланып, Башкы командачы И.Сталинден атайын алкыш катын алган.Анын демилгеси м-н элди азык-түлүк м-н камсыз кылуу максатында атайын жайлар курулуп, анда тамак-аш сатылып турган. Элди жер иштетүүгө үйрөтүү жаатында да бир топ аракеттерди жасаган. Бул үчүн өзбек дыйкандарын чакырган. Калкына сиңирген эмгектери аңыз катары айтылып, анын басып өткөн байсалдуу жолу үлгү катары бааланат.

БЕЙШЕМБАЕВ Мукаш Итикулович (27.11.1960-ж.т., Сары-Камыш айылы) – хирург-онколог, медицина илимдеринин доктору (1996). 1984-ж. КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1984-89-ж. СССР медицина илимдер академиясынын Бүткүл союздук Онкологиялык илимий борборунда клиникалык ординатор, аспирант, (1989-ж. кандидаттык диссертациясын жактаган), 1989-95-ж. Кыргыз онкология ж-а радиология илим изилдөө институтунда улук илимий кызматкер, 1995-96-ж. Россия медицина илимдер академиясынын Н.Н.Блохин атн. Онкологиялык илимий борборунда докторант, 1997-жылдан Кыргыз онкология ж-а радиология илим изилдөө институтунда клиника жетекчиси. 50ден ашык илимий эмгектин (а.и.1 ойлоп табуу,8рационализатордук сунуш) автору. 15тен ашык илимий сунушу медицина практикасында колдонулууда. Илимий иштери адамдын көкүрөк органдарында ж-а ич көндөйлөрүндө пайда болгон зыяндуу шишиктерге диагноз коюу, дарылоо ж-а аларды болтурбоону алдын алууга арналган. Изилдөөлөрүнүн натыйжалары Кыргызстандын, Россиянын илим изилдөө институтунда пайдаланылууда. Көптөгөн эл аралык, республикалык съездерге, конференцияларга илимий докладдар м-н катышкан.

БЕЙШЕНКУЛОВ Абас (17.4.1942-ж.т., Кызыл-Жылдыз айылы) – физика-математика илимдеринин кандидаты (1981), доцент (1984), улук илимий кызматкер (1983). 1966-ж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетин, Кыргызстан КП БКнын алдындагы Марксизм-Ленинизм университетин бүткөн. 1966-70-ж. ошол эле институтта окутуучу, 1970-93-ж. Бишкектеги политехникалык институтта окутуучу, кафедра башчысы, декандын орун басары, 1993-жылдан Кыргыз тоокен металургиялык институтунда табигый илимдер кафедрасынын профессору, кафедра башчысы. 50ден ашык илимий эмгектин (а.и. 15и усулдук колдонмо) автору. Илимий изилдөөлөрү сызыктуу эмес интегралдык ж-а дифференциалдык тендемелер системасын чыгаруунун жаңы ыкмасы б-ча. Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги. Медалдар ж-а министрликтин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

БЕЙШЕН-САЙ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ Чаек айылынан 50 км түндүк-батышта, деңиз деңгээлинен 2095 м бийиктикте жайгашкан. 6,5°С температурада минералдашуусу 2,0-2,1 г/л. Көмүр кислотасынын концентрациясы 300ден 900 мг/лге чейин. Химиялык курамы б-ча суу Пятигорск нарзанына окшош.

«БЕКБЕКЕЙ» – элдик фольклордук-аваздык ж-а бий ансамбли. 1975-ж. Жумгал элдик театрынын алдында уюшулган. Бул ансамблдин түзүлүшүнө «Алтын кыз» драмасында коюлган бий өбөлгө болгон. 1976-ж. элдик ансамбль наамын алган. Ансамблди түзгөн ж-а көркөм жетекчиси Шакин Эсенкулов, о.эле негиздөөгө Сайнап Жокобаева, Султан Юсупов, Нурдин Түгөловдор да бараандуу салым кошушкан. Ансамбль республикада жанрдын өзгөчөлүгү б-ча 1-болуп уюштурулган. 1976-ж. Москвадагы эл чарба жетишкендиктеринин бүткүл союздук 1 көргөзмөсүндө өткөрүлгөн кароо-сынакта коло, 1977-ж. Бүткүл союздук 1-



Бекишев Т



Бектуров Ө

фестивалда алтын медалды, республикалык кароо-сынактарда бир нече жолу алдынкы орундарды алышкан. 1976-ж. Москва шаарына (Кремлдер дворецине) концерт коюп, Бүткүл союздук 1-, 2-даражадагы дипломдорду алышкан. 1977-ж. Батыш Берлин шаарына 12 күндүк чыгармачыл гастролго, Вильнюс шаарында өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк фольклордук ансамблдердин корутунду концертине, 1978-ж. Түркмөнстанга 10 күндүк гастролго, 1994-ж. Анкара шаарына «Нооруз-94» фестивалына барган. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына катышкан. «Короо четинде» (1977), «Перизат» (1978), «Ата Журт – алтын бешигим» (1985), «Отко сыйынуу» (1987), «Буурул түн» (1994), «Ханым – даат» (1994), «Купуя сыр» (1995) аттуу программаларды чыгарып, республиканын бардык аймактарында болушкан. Республиканын элине минден ашуун концерттерди тартуулашкан. Коллективи 30 киши (1998). Коркөм жетекчиси Шакин Эсенгулов, балетмейстери Сапарбек Абдужалилов, хормейстери Гүлмира Эсенгулова.

БЕКИШОВ Токтогул (1932-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Ленин орденинин ээси (1977). 1950-91-ж. «Кызарт» совхозунда комбайнчы-механизатор болуп иштеген. Облустук, республикалык мелдештерге катышып 1-,2-, 3-орундарды ээлеген. 1982-86-ж. үч жолу Нарын, 1989-91-ж. Ысык-Көл облустук кеңешине, 1979-ж. Жумгал райондук кеңешине, 1987-91-ж. Жаңы-Арык айыл кеңешине депутат болуп шайланган. 1995-жылдан персоналдык пенсияда. Эмгек Кызыл Туу ордени (1973) ж-а медалдар м-н да сыйланган.

БЕКМАТОВ Жамаш (15.3.1929, Кайырма айылы – 27.11.1987, ошол эле жер) – Кыргыз Респ-нын соода ж-а турмуш тиричилик жактан тейлөөсүнө эмгек сиңирген кызматкер (1976). 1951-ж. Бишкек кооператив техникумун бүткөн. 1951-86-ж. Жумгал р-нундагы Байзак айылында дүкөнчү болуп иштеген. Ленин (1981), «Ардак Белгиси» (1974) ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Байзак айыл Кеңешине депутат болуп шайланган.

БЕКТУР Абдыраман уулу (1878-ж.т., Базар-Турук айылы – 1936, Бишкек ш.) – санжырачы. Куйручук (Кудайберген) м-н жакын жолдош болгон. 1916-ж. эл качканда Кытай тарапка Акчий, Үчтурфанга чейин барып, үй бүлөөсү (6 баласы, аялы Тыйын-эне) м-н 1917-жылы элине кайтып келген. Балдарынын улуусу Ажар аттуу кызы Акчий айлында (Какшаалда) турмушка (18-жашында) чыгып Кытайда калып калган. Ажар эжеден Тургуналы аттуу уулу бар. Ал Акчийде Сом-Таш айлында жашайт, Кыргызстанга 1997-ж. (67-жашында) келип Базар-Туруктагы, Бишкектеги туугандары м-н жолугушуп кайткан.

Бектур Кытайдан кайра кайтканда Бозой белин ашып келип ошол жакта кыштап калган. Мергенчилик м-н үй-бүлөөсүн багып, ошол жерде төрөлгөн жетинчи баласы, кызынын атын Бозой койгон. Б. 1936-ж. куру жалаа м-н камалып, Куйручук экөө Бишкектеги түрмодо чогуу болушкан. Б. сыркоолоп түрмодо кайтыш болгон. Куйручук болсо акталып элине кайтып келген, Б. дүйнодөн кайтканын аялы Тыйынга, балдарына угузган.

БЕКТУРОВ Өмүрбек (1959-ж.т. Байзак айылы). 1978-ж. КМУну бүтүргөн. 1973-86 ж.ж. Ленин атын. колхоздо экономист, башкы экономист болуп иштеген. Райондук агро о.ж. бирикмесинде начальниктин орунбасары (1986-88-ж.ж.), партиянын райкомунда нускоочу (1989-ж.), Жумгал райкомунда пландоо комиссиянын Төрагасы (1989-91 ж.ж.), Суусамыр керек-жарак коомунун башкармасынын Төрагасы (1991- 94-ж.ж.) Жумгал салык полиция болүмүндө ревизор эксперт (1994-95-ж.ж.), 1996-ж. бери салык инспекциясында эмгектенет. Райондук, айылдык Кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган.

БЕКТЕМИРОВ Иманбек (1938-1988-ж. Сары Камыш Бирлик айылы). Нарындагы айыл чарба техникумун



Бектемиров И



Бердикеев К



Бердигулов С

(1957-ж.), Кыргыз айыл-чарба институтун бүтүргон (1968-ж.). Тогуз-Торо районунда ветврач, ветстанциянын начальниги болуп иштеп (1970-75-ж.ж.), Алма-Ата ш. партиялык жогорку мектепти бүтүргөн (1975-77-ж.ж.). Тогуз-Торо райкомунда нускоочу (1977-78-ж.ж.), ветстанциянын начальниги (1978-80-ж.ж.), облветстанцияда болүм башчысы болгон (1980-81-ж.ж.). Жумгал ветстанцияда начальниктин орунбасары, начальниги болуп иштеп (1982-87-ж.ж.), 1988-ж. Чаек колхозунда башкы ветврач болгон.

БЕРДИБАЕВ Жумадин (8.3.1921, Баш-Кууганды айылы – 1989, ошол эле жер) – Ленин орденинин ээси (1980). 1938-50-ж. «Баш-Кууганды» колхозунда сугатчы, 1950-60-ж. «Дыйкан» колхозунда уй ферма башчысы, кампачы, 1961-82-ж. комплекстүү бригаданын бригадири болуп иштеген. 1980-ж. бригада б-ча ар гектардан 35,0 ц ден эгин, 70 ц көп жылдык чөптүн түшүмү алынган. Эмгек Кызыл Туу ордени, медалдар м-н да сыйланган.

БЕРДИГУЛОВ Самар (1947-ж.т. Сары-Камыш айылы) Фрунзедеги финансы техникумун (1968-ж.), КМУну бүтүргөн (1973-ж.). Көкө-Мөрөн совхозунда бухгалтер (1973-87-ж.ж.), башкы экономист, бөлүмдүн башкаруучусу, парткомдун катчысы болуп иштеген. «Өрнөк» колхозунун башкармасынын Төрагасы (1987-91-ж.ж.), «Канатбек» дыйкан чарбасынын жетекчиси (1991-99-ж.ж.), «Эмел» совхозунда директор (1994 ж.), Көк-Ой айыл Өкмөтүнүн жетектөөчү адиси (1994-99-ж.ж.). Көк-Ой Айыл Өкмөтүндө финансы бөлүмүнүн башчысы, бухгалтери болуп иштейт (1999-2002-ж.ж.). Облустук Кеңешке 1 жолу, райондука 4 жолу, айылдык Кеңешке 6 жолу депутат болуп шайланган.

БЕРДИКЕЕВ Канболот (1.9.1938-ж.т Кайырма айылы) – жазуучу. 1960-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүткөн, 1963-67-ж. ошол институтта аспирантурада окуган. 1960-65-ж. Ленин атн. колхоздо башкы ветврач, 1965-67-ж. райондук ветеринардык ветстанцияда начальниктин орунбасары, 1967-69-ж. ветлабораторияда серология болүмүнүн башчысы, 1969-71-ж. Жумгал мал семиртүүчү совхоздо башкы ветврач, 1971-97-ж. Чаек эт комбинатында ветврач болуп иштеген. Малдын көк мээ, туберкулез, бруцеллез, эхинококкоз ж.б. ыландарына каршы көптөгөн практикалык иш чараларды жасап, миндеген кой-козуларды айыктырган. Ал жазуучу катары «Абийир» (1976), «Көкө-Мерен» (1977), «Айдың-Көл» (1979), «Нуска» (1984), «Айыл» (1986), «Капсалан» (1995), «После дождя» (1967, Москва) аттуу прозалык китептердин автору. Анын чыгармаларынын өзөгүн трайбализмге каршы идея түзөт. Учурдун койгойлүү масселелерин которгон сатиралык ж-а публицистикалык, санжыра жаатындагы көптөгөн макалалары мезгилдүү басма сөзгө жарыяланып турат. Медалдар, ВЛКСМ БКнын, Нарын обкомунун Ардак грамоталары м-н сыйланган. «Кыргызстан – Сорос» фондусу жарыялаган конкурстун лауреаты (1998) болгон.

БЕРИКБАЙ УУЛУ Бекболот (1866, Жаңы-Арык айылы) – саяпкер. Чыгаан күлүк аттарды көп күткөн. Нарбаш аттуу күлүгү Шабдандын ашында 300 аттан алдыга чыгып келген. Үркүндө Турпандан кайтып келатканда Нарбашты 6 ат 3 төөгө сатып, туугандарын аман асырап калган.

БЕШ-ТЕРЕК – айыл, Чаек айыл өкмөтүнө карайт. Жумгал суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Жалпы аянты 82,2 га. Бишкектен 332, Балыкчы темир жол



Бийсеев Д



Биялиев А

бекетинен 203, Нарындан 252, Чаектен 9 км аралыкта. Калкы 1297 (1998), 248 түтүн. Орто мектеп, китепкана бар.

БИЙНАЗАР УУЛУ Абдраим (1916, Чаек айылы – 1943) – Жумгалдан чыккан 1-учкуч. Учкучтар окуу жайын бүткөн. 1939-ж. фин согушуна, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Учкуч катары көп эрдиктерди көрсөткөн.

БИЙСЕЕВ Догдурбек Касымбекович (27.2.1960-ж.т., Чаек айылы) – бийчи, Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1992). 1979-ж. Ленинграддагы А.Ваганова атн. академиялык хореографиялык окуу жайын бүткөн, 1996-98-ж. Б. Бейшеналиева атн. искусство институтунда окуган. 1979-жылдан Кыргыз опера ж-а балет театрында балет солисти болуп иштейт. Ошол эле учурда 1979-94-ж. Бишкек хореографиялык окуу жайында балет б-ча мугалим болгон. 1998-ж. «Бий-Данс» хореографиялык студиясын ачкан. Ага 30 бала катышат. Студияда бий өнөрү Бийсеев иштеп чыккан жаңы метод (жазмодерн) б-ча жүргүзүлөт. Мындан балдар жазмодерн, классикалык, элдик, спорттук бийлерди ж.б. оздоштүрүшөт. Ал балетте Адандын «Жизелинде» Р де Деих, Минкустун «Дон Кихотунда» Базиль, «Баядеркасында» Алтын кудай, Амировдун «Миң бир түнүндө» Аладиндин, Чайковскийдин «Ак куулар көлүндө» Шуттун, Хачатуряндын «Гаянесинде» Армендин, Эсенгул Жумабаевдин «Саадак кактысында» Жаналгычтын, Полуэктовдун «Бастилиясында» Маркиз де Лантенактын, «Ак кеме» балетинде баланын, Лансбергердин «Четная предосторожность» аттуу балетинде Колендин ж.б. образын жараткан. Бүткүл союздук балет артисттеринин конкурсунун лауреаты (1989, Дүйшомбү). 1981-97-ж. коптогон эл аралык фестивалдарга (Ленинград, Москва, Ташкен, Дрезден, Минск ж.б.) катышкан ж-а мыкты ролдору үчүн медаль, атайын сыйлыктар м-н сыйланган. 1984-ж. Москванын Чоң театрында гастролдо болгон.

БИР МИҢ ТОГУЗ ЖҮЗ ОН АЛТЫНЧЫ ЖЫЛДАГЫ УЛУТТУК БОШТОНДУК КӨТӨРҮЛҮШҮ– кыргыз элинин орус падышалыгынын колониялык саясатына каршы улуттук-боштондук күрөшү. XIX к-дын аягы XX к-дын башында Борбордук Азияда түзүлгөн социалдык-экономикалык ж-а саясий кырдаал, колониялык эзүүнүн күчөшү көчмөн элдердин турмуш абалын кескин начарлатып, ага кошумча орус келгиндеринин эгин өстүрүүгө ыңгайлуу жерлерди мекчиктештириши ж-а 1-дүйнөлүк согуштун таасиринен орус империясындагы оор экономикалык тартыштыктар улуттук-боштондук күрөштүн чыгышынын башкы себеби болгон. Буга жергиликтүү улуттардын 19 жаштан 43 жатка чейинки эркектерин оорук иштерине алуу жөнүндөгү падышалык бийликтин 1916-ж. 25-июндагы Указы көтөрүлүштүн башталышына шылтоо болот. Кыргызстандын бардык жерлериндегидей эле, Жумгал аймагында да аскер берүүгө каршы элдик кыймылдар чаржайыт башталган. Анда Кара-Кечүү болуштугундагы 200дөн ашык адам жергиликтүү бийликке каршы көтөрүлүшкөн. Черикчи болуштугунда Байбоосун уулу Нусупаалы жетектеген 40 чамалуу кишиге Качыке болуштугунун 140ка жакын кишиси кошулган. Нарын өрөөнүндөгү эл ичинде да дал ушундай кырдаал түзүлгөн. Мындай абалда жергиликтүү бийлик өкүлдөрү карама-каршы эки топко бөлүнүшкөн. Биринчилери орус бийликтерине билдирип, алардан жардам сурап, көтөрүлүштү басууга аракеттенишкен.

БИЯЛИЕВ Абак (20.7.1938-ж.т., Кызыл-Туу айылы) – тилчи, филология илимдеринин кандидаты (1972), доцент (1983). 1960-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1960-78-ж. Кыргызстан ИАда кенже, улук илимий



Биялиев К



Ботоев С

кызматкер, 1978-80-ж. КМУда окутуучу, доцент, 1980-94-ж. кыргыз тил илими кафедрасында анын башчысынын орун басары ж-а филология факультетинин сырттан окуу болүмүнүн деканынын орун басары, деканы болуп иштеген. «Анчылык терминдеринин» орусча-кыргызча создүгү (1967), «Орусча-кыргызча фразеологиялык сөздүк» (Н.Л.Хмельницкая м-н бирге) жарык көргөн. «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүн» (1969, 1984), «Фразеологиялык сөздүктү» (1980), «Синонимдер сөздүгүн» (1984) түзүүгө жигердүү катышкан (булардагы эмгеги жалпы 80 басма табак). Кыргыз тилинин лексика, лексикология, лексикография, терминология, алфавит, диалектология ж-а диалектизм маселелерине арналган 60 басматабактан ашык илимий, илимий-методикалык ж-а изилдөөлөрдүн автору. Кыргыз этнографиясы б-ча 200ден ашык макаласы КСЭнин 1-4-томдоруна жарыя-ланган. «Улуу манасчы, феномен Сагымбай Орозбаков» (1996) деген тилдик багыттагы монографиясы жогорку окуу жайларында атайын курс катары окутулууда. «Манас» эпосунун тилине ж-а көркөмдүк баалуулугуна арналган илимий-популярдуу макалалары атайын сыйлыкка татыктуу болгон. Өкмөттүк медалдар м-н сыйланган.

БИЯЛИЕВ Кутманбек Абакович (1963-ж.т., Бишкек ш.) – филология илимдеринин кандидаты (1997). 1985-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1985-91-ж. Бишкектеги Орус тили ж-а адабияты пединститутунда окутуучу, 1991-96-ж. КМУнун улуттар адабияты кафедрасында окутуучу, 1996-жылдан Кыргыз-Россия славян университетинде доцент. Илимий иштери негизинен классикалык орус поэзиясынын кыргызча котормолоруна (негизинен С.Эралиевдин котормочулук чеберчилигине), жалпы көркөм котормо теориясына арналган. Бир катар илимий макалалардын, усулдук колдонмолордун автору.

БОЙТОЕВ Сүйөркул (1951-ж.т. Чаек айылы) 1974-ж. Пржевальский пединститутунун география-биология факультетин (1974-79-ж.ж.) бүтүргөн, «Оргтехника» заводунда инженер (1975-85-ж.ж.), Жумгал райаткомунун жалпы бөлүмүндө (1987-88-ж.ж.), Кок-Ой орто мектебинде директор, чарбалык иштердин начальниги (1988-96-ж.ж.), Райкеңештин башкы адиси (1996-99-ж.ж.), кесиптик Лицейдин директору (1999-2000-ж.ж.), 2002-ж. тартып Жумгал токой чарбасынын директору болуп эмгектенүүдө. «Кесиптик техникалык билим берүүнүн отличниги». Бир нече жолку депутат.

БОКОЙ УУЛУ Молдалы (1888, Жумгал болушу, Кызыл-Ой айылы – 1941, камакта каза болгон) – кеңеш бийлигин курууга активдүү катышуучу. Кат тааныган сабаттуу адам болгон. Айылдык кеңейлер тобун жетектеген. Суусамыр өрөөнүндө колхоз курулушунун активдүү уюштуруучусу, Тунуктагы айыл-чарба артелинин башкармасынын 1-төрагасы болгон. «Эл душманы» катары 1933-, 1937-, 1941-ж. үч жолу репрессияланып түрмөдө кайтыш болгон. 1959-ж. акталган.

БОКУТАЙ Балбан 1850-ж.ж.т. Шаботонун урпактары. Кирген буура м-н кармашып жеңген. Аты м-н куун бир мезгилде беш карышкырды чапкан. Жылкысына тийип качкан Токо балбан м-н түндөн таң атканга чейин кармашкан. Мыкты саяпкер болуп, «Кызыл ат» деген күлүгү көп жолу байге алып берген дешет.

БОКЧУБАЕВ Кеңешбек (1938-ж.т. Байзак айылы). Кыргыз айыл чарба



Бокчубаев Т



Бокчубаев Э



Болжобеков И



Бокчубаев К

институтун бүтүргөн. Чаек колхозунда башкы зоотехник (1962-ж.), 1962-1976-ж.ж. Жумгал мал семиртүү совхозунда башкы зоотехник, директору (1976-84-ж.ж.). Райондук агроонөр жай бирикмесинде улук зоотехниги болуп иштеп 1984-90 ж.ж , ден-соолугуна байланыштуу пенсияга чыккан. Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланып бир нече жолу айылдык Кеңештин депутаттыгына шайланган.

БОКЧУБАЕВ Тенти (1925, Кайырма айылы – 2001, ошол эле жер) – Кыргыз Респ-нын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкери (1996). Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1942-ж. «Кызыл Кыргызстан» колхозунда бригадир, 1943-53-ж. Жумгал райондук аткаруу комитетинин инструктору, Кайырма айыл кеңешинин торагасы, «Кызыл Кыргызстан» колхозунун парткомунун катчысы, 1953-59-ж. ушул чарбанын, 1959-86-ж. Ленин колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. 1986-жылдан персоналдык пенсияда болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 5 жолку чакырылышынын депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун, Кыргызстан КП БКнын, Нарын обкомунун, Жумгал райкомунун бюро мүчөсү, СССР колхозчулар советинин мүчөсү, облустук, райондук айыл кеңештерине бир нече жолу депутат, колхозчулардын 2-3-сьездерине делегат болуп шайланган. Ленин, «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси», «Октябрь Революциясы» ордендери, медалдар ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

БОКЧУБАЕВ Эрнисбек Тентиевич (1963-ж.т. Кайырма айылы). Мамлекеттик медицина институтун артыкчылык диплому м-н аяктагандан кийин (1986-ж) Бүткүл Союздук кардиология илимий борборуна клиникалык ординатурага өткөн. 1991-ж. жогоруда аталган борбордо оорусу м-н жабыркаган оорулууларды радикалдуу ыкма м-н дарылоого арналган кандидаттык илимий ишин жактаган. Азыркы убакта Саламаттыкты сактоо министрлигинин терапия кызматы боюнча башкы адиси болуп иштеп келет. 28 илимий макала, 1 монография жана 8 методикалык сунуштардын автору. 2001-ж. Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

БОЛЖОБЕКОВ Иманбек (1941-ж.т. Эпкин айылы). Кой чарбасында жетишкендиктери үчүн «Ардак белгиси» ордени, 2 жолу СССРдин ВДНХсынын күмүш медалы м-н сыйланган.

БОЛОТОВ Кылычбек (1954, Кызарт айылы – 1996, ошол эле жер) – карапа, тери буюмдарынын чебери. Бишкектеги сүрөтчүлөр окуу жайын бүткөн. С. Чокморов атн. кол өнөрчүлүк окуу жайында сүрөтчү-чебер болуп иштеген. Анын булгаарыга наар түшүүрүсү, чийме сынпочтоосу башкалардан өзгочолөнөт. Карапа буюмдарын жасоодо ысыктыкты пайдалануу сырларын мыкты билген. Көптөгөн кароо-конкурстарга, көргөзмөлөргө катышып, медалдар, дипломдор м-н сыйланган. Кыргыз Респ-нын кесиптик билим берүү отличниги.

БОРУЕВ Бакен Иманкул уулу (1913, Доскулу айылы – 24.4.1998, ошол эле жер) – колхоз курулушунун активдүү



Босумбаева У



Буржубаев Т



Борубаев М

катышуучусу. 1927-ж. «Жумгал» совхозу уюшулганда ага биринчилерден болуп кирген. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Совхоздун экономикасынын онүгүшүнө көп салым кошкон. Айыл кеңешине бир нече жолу депутат болуп шайланган. 1-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени ж-а көптөгөн медалдар м-н сыйланган.

БОСУМБАЕВА Үмүт (1932-ж.т., Куйручук айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1959-63). 1950-жылдан «Кызыл-Туу» колхозунда жардамчы чабан, 1953-жылдан баш чабан болуп иштеген. 1957-ж. 508 ириктин ар биринен 4,5 кгдан жүн алып, 80 кг тирүүлой салмакта мамлекетке өткөргөн. «Эмгек Кызыл Туу» ордени (1957) м-н сыйланган.

БОСУМБАЙ УУЛУ Токтогул (1928-ж.т., Куйручук айылы) – Кыргыз ССРинин мал чарба чебери (1957). 1950-жылдан «Кызыл Туу» колхозунда баш чабан болуп иштеген. «Эмгек Кызыл Туу» ордени (1958), Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

БӨЛӨКБАЕВ Токтомуш (1885, Кара-Кечүү болуштугу – 1937) – колхоз курулушунун активдүү катышуучусу. 1918-жылдан ВКП(б)нын мүчөсү. 1918-20-ж. Кызыл Армиянын катарында түндүк фронтунда согушка катышкан. 1935-36-ж. Эл депутаттарынын Жумгал р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы болуп иштеген. «Кызыл Кыргызстан» колхозун уюштурган ж-а 1937-жылга чейин башкармасынын Төрагасы болгон. 1937-ж. «Эл душманы» катары камакка алынып, 7-сентябрда атууга өкүм кылынган. 1957-ж. толук акталган.

БӨРҮБАЕВ Мойнок (1910-1992-ж.ж. Таш-Дөбө айылы) Мал доктурлуктун курсун бүтүрүп, райондун чарбаларында мал доктур болуп иштеген. 1951-ж. Таш Дөбө колхозуна башкарма болуп чарба ишилешкенге чейин эмгектенген. Таш-Дөбөдө комплекстүү бригаданын бригадири (1970-ж.) болгон. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери, 7 медаль м-н сыйланган. Бир нече жолу айылдык Кеңештин депутаты болгон.

БУРЖУБАЕВ Токуш (1913, Кочкор р-ну, Мантыш айылы – 16.4.1975, Кочкор айылы) – Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы (1943-46). 1932-ж. Бишкек финансы техникумун, 1955-ж. Кыргызстан КП БКнын алдындагы республикалык партиялык мектепти бүткөн. 1932-36-ж. Кочкор райондук финансы бөлүмдөрүнүн инспектору, 1936-39-ж. Ак-Талаа, Ат-Башы р-ндук финансы бөлүмүнүн башчысы, 1941-ж. эмчекчилер депутаттарынын Тянь-Шань облустук Советинин Аткаруу комитетинин катчысы, 1939-41-ж. эмгекчилер депутаттарынын Ат-Башы р-ндук советинин Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1941-43-ж. Кыргызстан КП Тянь-Шань облустук комитетинин кадрлар бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, 1946-52-ж. Эмгекчилер депутаттарынын Тоң р-ндук советинин Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1955-63-ж. Ысык-Көл облустук финансы бөлүмүнүн башчысы, Жети-өгүз р-нунда колхоз башкармасынын төрагасы, 1964-72-ж. Кочкор р-ндук бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Нарын ж-а Ысык-Көл облустук Советтерине бир нече жолу депутат болуп шайланган. «Кызыл Жылдыз», «Ардак Белгиси» ордендери, 4 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.

В

ВЕТЕРИНАРИЯ БАШКАРМАСЫ, РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК ВЕТЕРИНАРИЯ БАШКАРМАСЫ (Чаек айылы, 1-май көчөсү). Малдын жугуштуу ж-а мите ыландарынын алдын алат ж-а эмдөө жүргүзөт, лабораториялык анализ жүргүзөт. 1928-ж. уюшулган. 1930-ж. имараты курулган. Малдын жугуштуу ыландарына каршы күрөшүүчү, ичегикарын курттарына каршы күрөшүүчү болүмдөрү, лабораториясы иштейт. Лаборатория 3 бөлүмдөн турат: серологиялык, бактериологиялык ж-а паразитологиялык бөлүмдөр. Башкармалык 10 ветеринариялык участкадан турат (ар бир айыл өкмөттөрүндө бирден). 6 чарбалык эсептеги ветеринариялык сервизи бар. 24 киши иштейт. Нарын облустук мамлекеттик ветеринария башкармасына баш иет. Башкарманын начальниктери: 1961-71-ж. Сыдыков Тургунбек, 1971-73-ж. Кочкорбаев Бөлүм, 1973-76-ж. Алышүкүров Жолдошбек, 1976-88-ж. Жапаров Бекчоро, Бектемиров Иманбек, 1988-90-ж. ж-а 1992-жылдан Бекказы Медетов.

Г

ГРАЖДАНДЫК АБАЛДЫН АКТЫЛАРЫН КАТТОО (ГААК) **БӨЛҮМҮ** (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 115). Төрөлгөнү, өлгөнү, никелешүү жана ажырашуу, ысымын, атасынын атын ж-а фамилиясын өзгөртүү, бала асырап алуу, аталыкты аныктоо, ар кандай күбөлүктөрдү экинчи жолу берүү ж.б. актыларды каттоону жүргүзөт. Миң-Куш шаарчасында ж-а айылдарда ал милдетти айыл өкмөттөрү аткарат. Нарын облустук юстиция башкармасына баш ийет. 1997-ж. район б-ча 910 төрөлгөндүгү, 311 никелешкендиги, 23 ажырашкандыгы, 334 өлгөндүгү, 110 аталыкты аныктагандыгы, 20 бала асырап алгандыгы, 7 ысымын (фамилиясын атасынын атын) өзгөрткөндүгү ж-дө акт катталган. ГААК бөлүмүндө 2 киши иштейт (1998). Райондук ГААК бөлүмүнүн башчысы 1986-жылдан Кожомкулова Ырыс Бакирдиновна.

Д



Даакиев К



Давлетбаев М

ДААКИЕВ Камбар (1936-ж.т. Көк-Ой айылы). 1951-ж. тартып кой чарбасында эмгектенген. Өндүрүштөгү жетишкендиктери үчүн «Эмгек Кызыл-Туу» ордени, Лениндин 100-ж. юбил. медалы, «Эмгектин артыкчылыгы» медалы, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ДАВЛЕТБАЕВ Мамбетказы (1931-ж. т. Байзак айылы) Согуш убагында колхоздо 11 жашынан баштап иштеп, 1952-жылы Айыл чарба институтуна кирип, 1957-жылы ветеринария бөлүмүн аяктаган. Жумгал районунда Эмел, Түгөл-Сай, Таш-Төбө айылдарында мал доктур болуп

иштеген. «Айыл чарбасында Социалисттик мелдештин отличниги» деген төш белги алган. 1971-1975 ж. ж. Москвада өткөн Бүткүл союздук айыл-чарба көргөзмөсүнө эмгектери коюлган. «Эмгектин ардагери» деген наамга ээ болгон.

ДАНИЯРОВ Токтоналы (1905ж.т. Кайырма айылы – 2.8.1943, Донецк облусу, Куйбышев р-ну, Мариновка айылы) – чарбалык ишмер. 1925-30-ж. Жумгал р-нунда комсомол ячейкасынын катчысы, 1931-32-ж. эл депутаттарынын Жумгал р-ндук Аткаруу комитетинин катчысы, 1933-34-ж. Ленин атын. колхоздун башкармасынын төрагасы (ушул колхозду уюштуруучу), 1935-36, 1938-39-ж. Кайырма айыл кеңешинин Төрагасы, 1937-жылы «Эл душманы» деп камалып 1 жылдан кийин акталып, 1940-ж. Ленин атн. колхоздо чарба башчысы, 1941-ж. күзүндө ошол колхоздо бригадир болуп иштеген. 1941-ж. советтик армиянын катарына согушка чакырылып, Белорус фронтунун 24-гвардиялык аткычтар дивизиясында кызмат өтөгөн. Көп эрдиктерди жасаган. Ал жөнүндө «Бүтпөгөн согуш» деген пьеса жазылган. (авт. А. Чекиров)

ДАРЫКАНАЛАР. Райондо №36 борбордук дарыкана (Чаек айылы, Ш.Айылчиев көчөсү), «Ай-Пери», «Арча» менчик дарыканалары иштейт.

ДАЯРДОО КОНТОРАСЫ (Чаек айылы). Кыргыз Респ-нын кооперативдер ассоциациясынын Нарын региондук өкүлчүлүгүнө карайт. Мекеме элден айыл чарба продуктыларын ж-а сырьелорун (жүн, тери, эт, сүт, дан эгиндери, жумуртка, мүйүз, сөөк) кабыл алып, тийиштүү өнөр жай ишканаларына өткөрөт. Азыркы имараты 1978-ж. пайдалануага берилген. Директорлору: Ботоканов Исак, Тукенбаев Таштанбек, Акматов Сапарбек, Абдрахманов Асек, Кыдыралиев Абакир, Токталиев Койчу, Кокелов Бегалы, Бекматов Кубанычбек, Намазбеков Нур, Рыспеков Шайлык, Жапаров Зарлык (1954-95), 1995-жылдан Алымкулов Ислам.

«ДЕМИЛГЕ» – Жумгал р-нунун коомдук-саясий гезити (редакциясы: Чаек айылы, Ленин көчөсү, 129). Гезит ээси: Жумгал р-нунун мамлекеттик акимдиги. 1938-ж. негизделген. 1962-жылга чейин «Социалисттик мал чарба» деген ат м-н чыгып турган, 1966-жылдан азыркыдай аталат. Район Кочкор р-на кошулганына байланыштуу 1962-65-ж. гезит чыккан эмес. Кыргыз тилинде жумасына 1 жолу чыгат. Райондогу жүргүзүлүп жаткан реформаларды, эмгек коллективдеринин иши, коомдук ж-а маданий турмушу; айыл чарбасы, өнөр жайы; социалдык-экономикалык абалдары ж-дө, о.эле облустагы, Республиканын башка аймактарындагы ж-а чет өлкөлөрдөгү маанилүү окуялар ж-дөгү жаңылыктар, аналитикалык мүнөздөгү материалдар жарыяланат. А3 форматында чыгарылат. Нускасы 1545 (1996). Редакцияда (цех м-н бирге) жалпы 8 адам иштейт. 1938-жылдары Мидин Алыбаев кабарчы болуп иштеген. Гезиттин редакторлору: Жаркынбаев Осмон (1938), Момунов Муса (1941-42), Акунов Б. (1943-53), Сейдалиев Кубат (1953-55), Бакиров Турсалы (1956-58), Жакыпов Мустафа (1959-62), Кулманбетов Сабырбек (1966-78), Калиев Баялы (1979-90), Өскөналиев Эркалы (1990-94), 1992-жылдан Жунушов Эдил. Жооптуу катчылары: Арыкбаев Адраим (1938-53, 1956-62), Мыканаалы Жумабаев (1953-56), К.Мамбеталиев (1966-67, 1970-90), Ш.Исабекова (1967-70), Б.Беккулиев (1970-79), Бактыбек Нышанов (1990-91), Жумагүл Керимбекова (1991-97), 1997-жылдан Бейшеналы Калманбетов. Гезит өзүнүн басма цехинде басылат. Цехте 60тан ашуун касса (ариф), 2 монотип машинеси, 1 китеп тигүүчү, 1 кагаз кесүүчү, 2 гезит басуучу, 1 корректордук, 1 тигелдик (бланка) басуучу машине бар. Цех башчылары: Исаев Мамытбек (1953-55), С.Жангериев (1959-62), Дуулат Кожокинов (1968-жылдан).

ДЕПУТАТТАР. Китепке СССР Жогорку Советине, Кыргыз ССР Жогорку Советине, Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешине депутат болуп шайлангандардын таржымалы өзүнчө макала болуп кирди. Ал эми Нарын облустук ж-а Жумгал р-ндук кеңешине депутат болгондордун тизмеси гана берилди.

Облустук кеңештин депутаттары: Абдыжапаров Каласалы, Абышов Медет, Айдралиев Исагалы, Айтбаева Асылбү,



Дербишалиев А

Акжолтоева Калипа, Алишүкүров Жолдошбек, Алыкулов Калманбет, Аманбаев Бексултан, Асанов Жусуп, Байшүкүрова Турсун, Бекишов Токтогул, Бердигулов Самар, Бокчубаев Тенти, Болотбеков Бейшенбек, Буржубаев Окуш, Жөөнбаева Майрамкан, Жумалиев Жеңишбек, Жунусов Жайнак, Жээнбаева Качкын, Идинов Айып, Иманалиев Насырынбек, Искендерова Манар, Исраилова Сонунбүбү, Кадыралиев Камчыбек, Кадыров Сураган, Казыбаев Абен, Касымалиева Күкүн, Кожогулова Гүлбүбү, Кыдыралиев Кооман, Мамытов Абдылда, Матыбаева Алиман, Медербекова Айсалкын, Медетов Бекказы, Мусаева Тепкедей, Оболбеков Асанаалы, Оркулов Шамалбек, Сандыбаев Керезбек, Сейитбекова Турду, Сманов Асанбек, Тойчубекова Мүкүлүсүн, Тотонова Рысбү, Төрөканов Бексул, Тукеев Карагул, Тургуналиева Алмакан, Тыналиев Карыбек, Тыныбекова Алый, Үсөнова Жаңыл, Худолей Василий Маркович, Шаршекеев Жүкүн, Шаршенов Ормон, Шахова Күлбара, Эсенканов Сатарбек.

Райондук кеңештин депутаттары. Абдраимов Насранбек, Абдыжапаров Каласалы, Абдыкеримов Акшар, Ажыгулов Калыбек, Аккулуев Жуман, Акматалиев Асиз, Акчубакова Алмакан, Алапаев Кадыр, Алыкулов Калманбет, Алымжанов Окин, Алымкулов Ислам, Алышүкүров Жолдошбек, Асанбеков Жусупбек, Асанов Кыштообек, Бекишов Токтогул, Бердигулов Самар, Бокчубаев Тенти, Жумалиев Жеңишбек, Жусупов Асанбек, Жээналиев Токтосун, Жээнбаева Качкын, Исабекова Шарипа, Исагулов Адыл, Исаков Бейманжан, Искендерова Манар, Кадыралиев Султанбек, Кадыров Сураган, Калиева Жаңыл, Капсаламов Узак, Карымбаев Канат, Касмамбетов Талант, Касымбеков Салмоорбек, Кекиликов Жолдошбек, Кожогулова Гүлбүбү, Кудайбергенова Калия, Курманалиев Кадыржан, Курманалиева Уултай, Кыдыралиев Кооман, Мамбетов Болот, Мамытов Абдылда, Манаева Шайыркан, Молдалиев Абдыхалил, Молдалиева Алма, Мусаев Болоткан, Мусаева Тепкедей, Мырзакматов Майрамбек, Орозобеков Аалы, Осмонов Тепиш, Өмүрова Куралбүбү, Рысалиев Токтобек, Рысалиева Сайнап, Сагынбаева Мария, Самүдинов Бердибек, Сандыбаев Керезбек, Сапаралиев Темирбек, Саралаев Асыранбек, Сейиткулова Талжан, Смаилкулов Жакыпбек, Соронбаев Жолдошбек, Сулайманова Багымбүбү, Сыдыгалиев Бердибек, Сыдыкбеков Калидин, Сыдыков Насирдин, Телтаев Алмаз, Токтоналиев Жеңиш, Токтосунов Өткүлбек, Төлөгөнов Асылбек, Тултуков Айбек, Тыналиев Карыбек, Тыныбекова Алый, Үсөнова Жаңыл, Худолей Василий Маркович, Чекиров Сагыналы, Чыйбылова Айнаш, Шаменалиев Абдыкары, Шаршекеев Жүкүн, Шаршенов Иманбай, Шаршенов Ормон, Ысыранов Барктабас, Эсенбаева Айжан, Эсенканов Сатарбек.

ДЕРБИШЕВА Мийнакан (1941-ж.т. Жумгал району Кара-Чий айылы). Атасы Дербиш эмгекчил, ак ниет, жогорку маданияттуу, айылдаштары кадырлаган адам болгон. Мийнакан 1958-ж. Фрунзедеги №5 мектепти, 1963-ж. КМУну артыкчылык диплом м-н бүтүргөн. 1972-ж. биология илимдери боюнча кандидаттык диссертация жактаган. Пенсияга чыкканга чейин университеттин биология факультетинде доцент болуп эмгектенген. «Өсүмдүктөрдүн физиологиялык процессине микроэлементтердин тийгизген таасири» деген темада илимий изилдөө иш жүргүзүп Ленинградда, Москвада, Улан-Удэде, Киевде, Ташкенде, Дүйшөмбүдө Бүткүл Союздук илимий конференцияларга катышкан. Жогорку окуу жайлар үчүн 4 окуу китептин, 1 монографиянын, 50дөн ашык илимий иштердин автору.

ДЕРБИШАЛИВ Абдысамат (1932-ж.т. Баш-Кууганды айылы). Өмүр бою «Дыйкан» колхозунун мал

чарбачылыгында, талаачылыкта мыкты эмгектенип келген. Эмгектеги жетишкендиги үчүн ЦК ВЛКСМдин «Ардак грамотасы» (1957-ж.), Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1977-ж.), «Эмгек даңкы» ордени (1977-ж.) м-н сыйланган.

ДОҢУЗ КОРГОШУН КЕНИ Жумгал р-ндагы Ак-Улак айылынын түштүк-чыгышында, Молдо-Тоонун түндүк жак бетинде. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон доломит ж-а доломиттешкен акиташ тектери түзөт. Бул тектер бүктөлүүгө дуушарланып, антиклиналдык түзүлүштү пайда кылган. Анын түштүк канаты жылышуулар тибиндеги жаракалар м-н тилмеленген. Руда тилкеси брекчияланган жаракаларда топтолуп, тарам, линза, уя түрүндө жатат. Узундугу 5 м, калындыгы 0,5-2 м. Кендин түндүк-батыш жагы борпоң элювий-делювий чөкмө тоо тектери м-н жабылып калган. Чыгыш тарабы кууштап, жок болот. Негизги минералы: галенит, сфанерит, пирит, халькопирит ж.б. Руда тилкесинин үстүнкү бөлүгү кычкылдануу дуушарланган.

ДОСКУЛУ – айыл, Жумгал айыл өкмөтүнүн борбору. 1930-ж. негизделген. Кызарт суусунун боюнда. Жалпы аянты 150 га. Бишкектен 310, Нарындан 186, Балыкчы темир жол бекетинен 140 км аралыкта. Чаектен 53 км түндүк-чыгыш тарапта, деңиз деңгээлинен 2200 м бийиктикте. Калкынын саны 2400 (1998), 338 түтүн. Негизинен кой чарбасында эмгектенишет. Айылдык-врачтык амбулатория, китепкана, дүкөн, орто мектеп бар.

ДОСМАТОВ Жеңиш (22.9.1945-ж.т., Чаек айылы) – Кыргыз Респ-нын Жогорку сотунун торагасынын 1-орун басары (1996-жылдан). 1976-ж. КМУнун юридика факультетин бүткөн. 1963-71-ж. мектепте пионервожатый, спорт б-ча инструктор, дене тарбия мугалими, заводдо жумушчу, 1976-77-ж. Кыргыз ССР Юстиция министрлигинин Сот органдары башкармасында консультант, 1977-82-ж. Бишкек шаарынын Октябрь р-ндук эл сотунда элдик судья, Бишкек шаардык сотунун мүчөсү, 1983-96-ж. Кыргыз ССР Жогорку сотунда судья болуп иштеген. Кыргыз Респ-нын Ардак грамотасы (1996) м-н сыйланган.



Доолоталиев С



Доолоталиева Г

ДӨӨЛӨТАЛИЕВ Сейит (1940-ж.т., Баш-Кууганды айылы) – тоо-кен инженери, экономика илиминин доктору (1993). Фрунзе политехника институтунун тоо-геологиялык факультетин бүткөн (1962). 1962-64-ж. Таш-Көмүр шахта башкармасында ж-а Хайдаркан сымап комбинатында тоо инженери, 1964-77-ж. Кыргызстан ИАнын Экономика институтунда кенже, улук илимий кызматкер, 1977-79-ж. сектор башчысы. 1979-81-ж. ИАнын Президиумуна караштуу Табигый жаратылыш байлыктарынын негизинде өндүргүч күчтөрүн өнүктүрүү ж-а жайгаштыруу комиссиясынын башкармасынын орунбасары, 1994-жылдан Кыргыз техникалык университетинин Токмок шаарындагы филиалында кафедра башчысы. Илимий иштери республикада өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүү ж-а жайгаштырууга, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу, тоо-кен өнөр жай курулушун техникалык-экономикалык жактан негиздөөгө, максаттуу илимий техникалык программаларды иштеп чыгууга ж.б. арналган, 112 илимий эмгектин (а.и. 5 монография, 2 окуу китеби) автору.

ДӨӨЛӨТАЛИЕВА Гулжамал (1932-ж.т. Түгөл-сай айылы) 1960-ж. талаачылык иштеринде жетишкендиктери үчүн «Ардак белгиси» ордени м-н сыйланган.



Доолотбаев А



Долотбаева М



Дөөлөтбаева Н



Доолотов Ж

Жергиликтүү Кеңештердин депутаты болуп бир нече жолу шайланган.

ДООЛОТБАЕВ Алымгазы (1934-ж.т. Кайырма айылы, азыркы Байзак айылы). Мал остүрүүнүн мыкты чебери. 18 жашынан баштап 40 жыл баш чабан болуп иштеген. Бир нече жолу Ардак грамоталар м-н сыйланып, баалуу сыйлыктарга татыктуу болгон. «Социалдык мелдештердин жеңүүчүсү». Ар жүз тубар койдон 120-125ге чейин төл алган. Эмгекте көптөгөн жогорку көрсөткүчтөргө жетишип,"Эмгектин ардагери" болгон.

ДООЛОТБАЕВА Малике (1933-ж.т. Кара-Саз айылы) Кыз-келиндер институтун бүтүргөн (1956-ж.). «Элге билим берүүнүн отличниги» Жаңы-Арык, Кара-Кужур, Соң-Көл, Көк-Жар мектептеринде мугалим ж-а интернат башчысы болуп иштеген (1956-67-ж.ж.). Багышан орто мектебинде иштеп «Зоология бурчун» уюштуруп, облус, республикага таанылган. Мугалимдердин V съездинин делагаты (1968-86-ж.ж.). Жогорку Советтин Ардак грамотасы, Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган. Тарых ж-а маданият эстеликтерин коргоонун Республикалык коомунун III, IV, V, съездеринин делегаты.

ДӨӨЛӨТБАЕВА Нуруйла (1929–1983-ж.ж. Кайырма айылы, азыркы Байзак айылы) 1948-ж. Фрунзе кооперативдик техникумун артыкчылык диплому м-н бүтүргөн. Эмгек жолун (1948-ж.) Чаек айылында Райподо бухгалтер болуп иштөөдөн баштаган (1948-1970-ж.ж.) Чаектеги Райпонун башкы бухгалтери, райондук токой чарбасынын башкы бухгалтери, андан кийин райондук турмуш-тиричилик комбинатта башкы бухгалтер болуп үзүрлүү эмгектенген. 1967-ж. КМУнун экономика факультетин бүтүрүп, 1970-ж. Кыргыз театралдык ишмерлер коомунун ишканасында башкы бухгалтер, 1976-жылдан өмүрүнүн акырына чейин Республикалык токой чарба комитетинин башкы бухгалтеринин орунбасары болуп иштеген. Ал, эмгектенген тармактардын Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ДӨӨЛӨТОВ Жумакан (1928-ж.т. Кайырма айылы, азыркы Байзак айылы). «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси (1974-ж.), Кыргыз мамлекеттик педагогика институтун бүтүргөн (1949-ж.). Чүй районунда «Ак-Бешим», «Кегети», Жумгал районунда Кайырма орто мектептеринде мугалим, завуч, директор, «Кызарт» совхозунда (1961-77-ж.ж.), Кызыл-Туу колхозунда парткомдун катчысы (1963-64-ж.ж.), партиянын Жумгал райкомунда инструктор (1962-63-ж.ж.), Майзоводунун директору (1968-ж.) № 26 кесиптик техникалык окуу жайынын директору (1974-78-ж.ж.) болуп иштеген. Медалдар, грамоталар м-н сыйланган.

ДӨӨМӨТБЕКОВ Сулайманбек (9.8.1946-ж.т., Кайырма айылы) – экономика илимдеринин кандидаты (1989), доцент (1994). 1979-ж. КМУнун экономика факультетии бүткөн. 1979-82-ж. Нарын р-нунун «8-март», Жумгал р-нунун «Жумгал», «Кызарт» совхоздорунда башкы экономист, башкы бухгалтер,



Доомотбеков С



Доконалиев А



Думанаев М



Дүйшеев Ж

1982-85-ж. Суу чарба министрлигинде, Сокулук р-нунун «Кызыл-Туу» колхозунда башкы бухгалтер, 1985-87-ж. Кыргыз Илимдер Академиясында аспирант, 1987-90-ж. Агроөнөржай комплексин башкаруунун жогорку мектебинде доцент, 1990-жылдан Кыргыз агрардык академиясынын агроэкономика факультетинде доцент. 25 илимий эмгектин (а.и. 1 монография) автору. Илимий ишинен негизги багыты айыл чарбасынын экономикалык маселелери, өз ара экономикалык эсептешүүнүн жолдорун компьютерлештирүү боюнча. Көптөгөн илимий-практикалык семинарларга, конференцияларга катышкан.

ДӨКӨНАЛИЕВ Абылмечим (1934-ж.т. Чаек айылы) Эмгек жолун 1952-ж. шахтадан жүктөөчү, өткөөлчү болуп баштаган. Мин-Кушта өрттөн сактоо бөлүмүндө начальник (1956-65-ж.ж.), поселкалык Кеңештин Төрагасы (1969-78-ж.ж.), Байланыш бөлүмүнүн начальниги (1978-ж.) Өрттөн Сактоо объектисинин начальниги (1978-88-ж.ж.), Күзөт бөлүмүнүн начальниги (1997-ж. чейин). Кыргыз айыл чарба институтунун зоотехникалык бөлүмүн бүтүргөн (1973-ж.). Поселкалык Кенештин депутаты болуп шайланган (1969-94ж.ж.). Лениндин 100 ж. юбил. медалы «Эмгектин ардагери» ж.б. медалдар м-н сыйланган.

ДУМАНАЕВ Медетбек (17.03.1947-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – экономист, КМУнун экономика факультетин бүткөн (1969). 1969-89-ж. Кыргыз Респ-нын Финансы министрлигинин тармагында экономист, улук экономист, бөлүм башчы. Бишкек шаарынын 1-май райондук финансы бөлүмүнүн башчысы (1989-90), ошол эле райондун Мамлекеттик салык инспекциясынын начальниги (1990-94), Октябрь районунун салык полициясынын начальниги (1994-95), 1995-жылдан Кыргыз Респ-нын Финансы министрлигинде бөлүм башчы болуп иштеп келет. СССР финансы кызматынын отличниги. Энциклопедиянын биринчи чыгарылышын каржылаганга жардам берген.

ДУНГАН Балбан (Азыркы Байзак айылында туулган). Сабыр найзакердин тууганы. Кадимки Кожомкулга жээн. Бир нече жолу күч сынашкан балбандары:Теке, Чүнчул, Малике, Аксакалдар болгон. Дубанга таанылган балбан.

ДУУЛАТ Медет уулу (1796, Жумгал өрөөнү, Куйручук айылы – 1848, Кочкор р-ну, Алтын-Булак деген жер) – бий. Медет датканын уулу. Медет өлгөндөн кийин курманкожо элине бий болуп шайланган. Санжырачылардын айтымында атасына аш берүүдө айрыкча кадыр-баркка ээ болгон. Байгеге 9 кундуз үй (1 үйдүн баасы 1000 жылкы), 9 шумкар, 9 туйгун, 1000 кой сайган. Дуулат бий ж-дө Тоголок-Молдонун, Белек Солтоноевдин санжыраларында да эскерилген. Элге кайрымдуу адам болгон.

ДУУЛАТОВ Элчибек (1905-ж.т., Көк-Ой айылы – 1939, ошол эле жер) – Кыргыз ССРинин Жер иштери б-ча эл комиссары (1937-38). 1937-ж. Москвадагы Жерди иштетүү б-ча Бүткүл союздук айыл чарба академиясын бүткөн. 1938-ж. 31-январда «Эл душманы» катары камакка алынып, 1939-ж. 16-июлда


Дүйшенов Ш


Дүйшеев Т


Дүйшеев И


Дүйшекеева Ж

ıкталып бошотулган.

ДҮЙШЕЕВ Жапарбек (1923-ж.т. Баш-Кууганды айылы, 2002-ж. Токмок ш.) Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси. Улу а Мекендик согушка катышкан. 1963-ж Москвадагы кооперативдик институтту сырттан окуп бүтүргөн. 1948-1960-ж.ж. Чүй районунун керек-жарак кооперативинде дүкөнчү, склад башчысы, 1960-1973-ж.ж. Төрагасы болуп иштеген. Облустун райондук ж-а Токмок шаардык советтерине депутат болуп шайланган. «Советтик Сооданын отличниги». Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдары м-н сыйланган.

ДҮЙШЕНОВ Шаршенбек (1956-ж.т. Баш-Кууганды айылы). Фрунзедеги Финансы-экономикалык техникумун (1973-ж.), КМУнун экономикалык факультетин (1982-ж.) бүтүргөн. 1973-85-ж.ж. Жумгал районундагы Дыйкан колхозунда экономист, бухгалтер, башкы бухгалтер, 1985-88-ж.ж. партиянын Жумгал районунда инструктор, 1988-91 ж.ж. Дыйкан колхозунда парткомдун катчысы, 1991-9-ж.ж. Райстаттын начальниги, 1994-98-ж.ж. райондук агроөнөржай банкынын башкаруучусу, 1999-ж. бери Жумгал району б-ча Мамлекеттик салык инспекциясынын начальнигинин орунбасары болуп иштеп келеатат. Айылдык Кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган.2002-ж. райондук Кеңештин депутаты.

ДҮЙШЕЕВ Жолдош (1923-ж.т., Чаек айылы) – район б-ча Кыргыз Респ-нын Коргоо министрлигинин ардактуу пенсионери наамын алган биринчи адам. 1942-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1943-ж. Биринчи Прибалтика фронтундагы офицердик курстан окуп, «кенже лейтенант» наамын алган. 1-, 2-даражадагы Улуу Ата Мекендик согуш, 3-даражадагы «Даңк» ордендери, көптөгөн медалдар м-н сыйланган.

ДҮЙШЕЕВ Ибраим (1909-1987-ж.ж. Кайырма айылы). Чарбалык ишкер. Бишкекте партмектепте окуган (1926-28-ж.ж.), Нарын «Ликбезинде» инструктор (1928-34ж.ж.), Кызыл Туу сельсоветинин Төрагасынын орунбасары. Сокулук Райкеңештин Төрагасы (1935-36-ж.ж.), Жумгал райзоосунда зоотехник болуп иштеген (1936-42-ж.ж.). Согушка катышкан (1942-43-ж.ж.). Кызарт совхозунда директор (1943-44-ж.ж.), Даярдоо министрлигинин Жумгал району боюнча өкүл (1944-56 ж.ж.), Даярдоо кеңсесинин директорунун орунбасары (1956-63-ж.ж.), Кайырма сельсоветинин Төрагасы болуп иштеген (1963-71-ж.ж.). «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н 2 жолу сыйланган.

ДҮЙШЕЕВ Текиш (1922-ж.т. Жаңы-Арык айылы). 1961-ж. Ананьеводо 1940-45 ж.ж. Жумгал районунун Чоң-Дөбө, Кара-Булак мектептеринде мугалим болуп иштеген 1945-61 ж.ж. ички иштер бөлүмүндө иштеп, катардагы милиционерден, милициянын подполковниги чинине чейин жеткен. Ат-Башы, Чолпон, Түп ж-а Ысык-Көл райондук милицияда начальник болуп эмгектенген. Үзүрлүү эмгеги үчүн медалдар м-н сыйланган.

ДҮЙШЕКЕЕВА Жумакан (1937-ж.т. Ат-Башы районунун Кара-Суу айылы). Фрунзедеги кыз-келиндер пединститутун бүтүргөн (1959-ж.). Көк-Ой, Көл-Арык М. Алыбаев атын. орто мектептерде директор, партиянын райкомунда



Дүйшомбиева З



Дүйшоналиев М



Дүйшонбиев Б

парткабинеттин башчысы, райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Грамотасы, Ардак грамотасы, Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган. Көп жылдары райкомдун мүчөсү, Райкеңештин депутаты болгон.

ДҮЙШӨМБИЕВА Зубаш (1923-ж.т., Нарын ш.) – финансы кызматкери. 1960-ж. Бишкек финансы-кредит техникумун бүткөн. 1941-45-ж. Кызыл-Жылдыз мектебинде мугалим, директор, айыл чарба банкында инспектор, 1945-50-ж. Чаек мамлекеттик банкында, Ак-Талаа финансы бөлүмүндө, 1950-85-ж. Жумгал финансы бөлүмүндө башкы бухгалтер. 1960-80-ж. Чаек айылдык советинин депутаты, бюджет комиссиясынын төрагасы, райондук керек-жарак коомунун текшерүү комиссиясынын, Мамлекеттик мекемелердин профсоюзунун райондук комитетинин төрагасы болуп шайланган. «Финансы кызматынын отличниги». «Ардак Белгиси» ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку советинин, СССР ж-а Кыргыз ССР Финансы министрлигинин Ардак1975-76-ж. Бишкек политехника институтунда комсомол комитетинин катчысы, 1980-81-ж. ошол эле институтта ассистент, ошол эле учурда 1980-82-ж. окуудан сырткаркы иштер б-ча проректор, 1981-83-ж. улук окутуучу, грамоталары м-н сыйланган.

ДҮЙШӨНАЛИЕВ Медетбек (20.10.1949, Жаңы-Арык айылы – 19.12.1996, ошол эле жер) – техника илимдеринин кандидаты (1982), доцент (1988). 1973-ж. Бишкек политехника институтунун инженердик-курулуш факультетин, 1980-ж. Москва автомобиль-жол институтунун аспирантурасын бүткөн. 1973-ж. ошол институтта комсомол комитетинин катчысынын орунбасары, 1974-ж. Кыргызстан ЛКЖС БКнын аппаратында, 1983-92-ж. Автомобиль жолдору кафедрасынын башчысы, 1992-94-ж. инженердик-курулуш факультетинин деканы, 1994-жылдан кафедра башчысы болуп иштеген. Илимий эмгектери негизинен автомобиль жолдоруна: жолдун жылуулук өткөрбө катмарына, жолдун суу-жылуулук режимин жакшыртууга ж.б. арналган. 26 илимий эмгектин (а.и. 2 монография) автору. Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги (1996). 1975-76-ж. Бишкек шаарынын Биринчи Май р-ндук советине депутат болуп шайланган.

ДҮЙШӨНБИЕВ Бөрүбай (1914-ж.т. Чаек айылы) Алма-Атадагы (1937-39 ж.ж.). Ташкендеги СССР МВД офицерлер мектебин бүтүргөн. 1947-50 ж.ж. Жалал-Абадда катардагы милиционер, Өзгөн шаарында комендант, 1939-40-ж.ж. Кара-Суу, Чаткал, Үч-Терек, Токтогул ж-а Кербен РИИБдеринде начальник, 1940-53 ж.ж. Нарын ИИБ кылмышкерлерди издоо бөлүмүндө, кайтаруу бөлүмүндө начальник болуп иштейт (1953-61 ж.ж.). 1961-ж. подполковник чининде эс алууга чыккан. «Кызыл-Жылдыз», «Кызыл-Туу» ордендери, «Күжүрмөн эмгеги үчүн» медалы ж-а Ардак грамоталар м-н сыйланган.

ДҮҢГҮРӨМӨ – айыл, Кабак айыл өкмөтүнө карайт. «Дүңгүрөмө» көмүр шахтасы бар.

ДЫЙКАН – айыл, Баш-Кууганды айыл өкмөтүнө карайт. Балыкчы темир жол бекетинен 160, Чаектен 15 км аралыкта, деңиз деңгээлинен 1660 м бийиктикте. Чаек – Кочкор трассасынын боюнда жайгашкан. Калкынын саны 2013 (1998), негизинен дыйканчылык, мал чарбачылык жүргүзүшот. Айылдык-врачтык амбулатория, орто мектеп бар.

Е



Елебесов А

ЕЛЕБЕСОВ Абдынасыр (5.12.1912, Кайырма айылы – 11.9.1978, Бишкек) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты (1947-55), айыл чарба илимдеринин кандидаты (1966). 1930-жылдары Ленин атн. колхоздо сабатсыздыкты жоюу б-ча мугалим болгон. 1937-ж. Кыргыз мамлекеттик зооветеринария институтун бүткөн. 1937-38-ж. ошол институтта ассистент, 1938-39-ж. Кыргыз ССР эл агартуу комиссарынын 1-орунбасары, 1939-40-ж. Эл агартуу комиссары, 1940-42-ж. Кыргыз ССР жер иштери Эл комиссары, 1942-44-ж. Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын орунбасары, 1944-48-ж. Кыргыз ССРинин совхоздор министри, андан кийин мал чарба министри, 1948-50-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин СССР Министрлер Советинин алдындагы туруктуу өкүлү, 1950-54-ж. Кыргыз ССР мамлеттик пландоо комитетинин 1-орунбасары, 1954-ж. эл депутаттарынын Ысык-Көл облустук Аткомунун төрагасынын орунбасары, 1954-жылдан Кыргызстан мал чарба ж-а ветеринария илим-изилдөө институтунда улук илимий кызматкер, болүм башчы болуп иштеген. 10дон ашык илимий эмгектин автору. «Эмгек Кызыл Туу», 2 «Кызыл Жылдыз», 2 «Ардак Белгиси» ордени, бир нече жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.

Ж

ЖАЙЛОКЕЕВА Зуура (8.10.1927, Ысык-Көл облусу, Жети-Өгүз р-ну, Тамга айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1951). 1944-ж. Каракол шаарындагы С.М. Киров атн. айыл чарба техникумунун ветеринария болүмүн бүткөн. 1947-87-ж. Ысык-Көл облусунун «Улахол» совхозунда, Кочкор р-нунун «Соң-Көл», «Коммунизм», «Кочкор» совхоздорунда, Жумгал р-нунун «Большевик», Ленин атн. колхоздорунда, ветеринария аптекаларында жетекчилик кызматта иштеген. «Ардак Белгиси» (1951) ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1979) ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖАЙСАҢ Үмөт уулу (682-736) – Айкөл Манасты эң биринчи ырга айланткан акын. Уламыш боюнча атасы Үмөт экөө Манастын чоролорунун катарында болгон. Апасы Карач кандын кызы Жаңылча. Жайсаң Чоң казатта жарадар болуп, эсине келген учурдан баштап «Манас» дастанын айта баштаган. Эл ичинде анын өмүр жолу уламышка



Жакыпов Ж

айланган Жайсандан кийинки 10 кылым бою 9 жолу Жайсаң аттуу манасчылар төрөлгөн. Муса кызы Бүбү Мариямдын айтуусу б-ча Жайсаң Алтайда туулган, 54 жаш курагында эпостогу Ырамандын ырчы уулу (Токчоро уулу Токтогул) колдуу дүйнөдөн кайткан. Соөгү Кызарттын белине коюлган. Бүбү Мариямдын айтуусунда жазуучу Ш. Эсенгул уулу «Жайсаң» аттуу китеп чыгарган (1-7 т., 1996-2002).

ЖАКЫПОВ Женишбек (1961-ж.т. Чаек айылы) 1987-ж. чарбаларда башкы бухгалтер,салык инспекциясында бөлүм башчы, финансы инспекциясында инспектор, райондук салык инспекциясынын акими (1996-99-ж.ж.). Салык кызматынын 2-рангадагы Кеңешчиси. Республикалык «Лизинг



Жакыпов М



Жаналиев Т



Жаманов С

компаниясынын» Вице-президенти.

ЖАКЫПОВ Мустафа (1930-2004-ж.ж. Чаек айылы). 1953-ж. КМУну бүтүргөн.1954-56-ж.ж. Чаек орто мектебинде окуу болүмүнүн башчысы, 1956-65-ж.ж. партиянын райкомунда бөлүм башчы, инспектор уюштуруучу болгон. 1965-78-ж.ж. Жумгал райондук Элдик көзөмөл комитетинин Төрагасы, партиянын райкомунун бюро мүчөсү, 1979-90-ж.ж. Пушкин ж-а Алыбаев атын. мектептерде директор, окуу бөлүм башчысы болуп жүрүп пенсияга чыккан. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н 2 жолу, Лениндин 100 ж. юбил. ж.б. медалдар м-н сыйланган. «СССР элдик көзөмөл органынын отличниги» болгон.

ЖАМАНОВ Сыдыкбек (1913, Беш-Терек айылы – 24.7.1993, Бишкек шаары) – актер, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1958), Токтогул атн. мамлекеттик сыйлыктын лауреаты (1986). Эмгек жолун 1936-ж. балдар театрында иштөө м-н баштаган. 1941-жылдан Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында иштеген. Аткарган негизги ролдору: Каныбек, Курманбек, (Жантошев «Каныбек», «Курманбек»), Түлкү (К.Маликов, А.Куттубаев, «Жаңыл»), Болот (А.Көбөгөнов, «Болот менен Тынар»), Ашырбай (Т.Абдумомунов, «Ашырбай»), Балбай (А.Токомбаев, «Өлбостун үрөнү»), Субанкул, Кулубай (Ч.Айтматов, «Саманчынын жолу», «Танабай Бакасов»), Добротин (А. Салынский, «Мария»), Яровой (К.Тренев, «Любовь Яровая»), Байков (Ж.Сыдыков, «Жукеев-Пудовкин»), Кочкарев (Н.В. Гоголь, «Үйлөнүү»), Скалазуб (А.Грибоедов, «Акылдан азап»), Жолдош (Н.Байтемиров, «Уркуя»), Забелин (Н.Погодин, «Кремль куранттары»), Бакай (Ж.Садыков, «Манастын уулу Семетей», «Сейтек») ж.б. Ал кыргыз киноискусствосунун өнүгүүсүнө да салым кошуп, «Илья Муромец», «Салтанат», «Менин жаңылыштыгым», «Алыскы тоолордо», «Токтогул», «Эрте келген турналар», «Он үчүнчү башкарма» ж.б. кинофильмдерге тартылган. «Өнөр өргө жетелейт» деген мемуардык китептин ж-а бир нече пьесанын автору. Ал атайын билим албаса да кыргыздын профессионалдык театр искусствосунун алгачкы баштоочуларынын катарында туруп, озүнүн табигый таланты ж-а талыкпаган эмгеги аркылуу кыргыз театр кино искусствосунун тарыхына из калтырган.

ЖАМАНОВА Чолпон (1927-ж.т., Чаек айылы) – балерина, Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1954). 1937-ж. Ленинград хореографиялык окуу жайында окуп, согуш мезгилинде окуусун Бишкекте уланткан ж-а 1947-ж. бүткөн. 1965-жылдан Бишкек хореографиялык окуу жайында окутуучу болуп иштеген. Ж.И. Морозовдун «Доктор Айболитинде» Танянын, М. Раухвергердин «Чолпонунда» Чолпондун, «Бахчисарай фонтанында» Мариянын, «Ала-Тоо жазында» Салтанаттын, «Эсмеральдада» Цыганканын, «Салтанат» кинофильминде Шайырбүбүнүн, «Чоң валста» Генриэтанын ж.б. ролдорун ойногон.

ЖАМАНСАРИЕВА Акылжан Сапарбек кызы (1969-ж.т., Чаек айылы) – шырдакчы, өрмөкчү. Бишкек кооператив техникумун бүкөн. Соода тармагында эмгектенет. Жерге салууга, дубалга тартууга ылайыкталган түр, бир түрдөгү шырдактарды кармайт. Терме таар буюмдарына көркөм көчөттөрдү өзгөчөлөп түшүрөт. Көркөм көргөзмөлөргө катышып, дипломдор м-н сыйланган.

ЖАНАЛИЕВ Тургуналы (1910-1973-ж.ж. Кайырма, азыркы Байзак айылы). Колхоздоштырууга активдүү катышкан чарба ишмери. Ата Мекендик согуштун катышуучусу (1941-44-ж.ж.), Комсомол ячейкасында катчы (1936-41-ж.ж.). Ар кандай жумуштарда (1945-51-ж.ж.), Кызыл Туу айылдык Кеңешинин Төрагасы (1951-59-ж.ж.). «Өрнөк» колхозунун башкармасы болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ЖААНБАЕВ Сейитбек (1953 ж. т. Жаңыарык айылы) Кыргыз Мамлекеттик Университетинин физика факультетин бүткөн(1978-ж). Маяковский атындагы



Жаанбаев С



Жапаров Б



Жаңыбай Кожок уулу



Жапаров С

кыз-келиндер педагогикалык институтунда(1978-80 ж. ж.) иштеген. 1980-93 ж. ж. Чаткал районунда Терексай шаарчасында мектепте окуу бөлүм башчысы, кен комбинатында инженер, мектептин директири, поселоктук Кеңештин Төрагасы болуп иштеген ж-а облустук Кеңешке депутат болгон. 1993-ж. бери Кыргыз билим берүү академиясында жетектөөчү илимий кызматкер, бөлүм башчы, педагогика басма борборунун директири. 160тан ашык макалалардын автору. "Акыл ордо" телеберүүсүн уюштурган. "Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн отличниги" ж-а Билим берүү академиясынын, Билим берүү министрлигинин Ардак грамоталарынын ээси.

ЖАНБАРАКОВА Дилдебүбү (1912, Чоң-Добо айылы – 1947, ошол эле жер) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1938-47). 1938-жылга чейин колхозчу болуп иштеген. 1938-ж. сезон ичинде үй-бүлөсү м-н чалгы чаап 100 т. чөп жыйнаган. 1938-ж. Жумгал р-ндук жер бөлүмүнүн башчысы, 1938-40-ж. Кызыл-Туу айыл кеңешинин, 1941-44-ж. «Чоң-Добо» колхозунун башкармасынын Төрагасы, 1944-47-ж. ферма башчысы болуп иштеген.

ЖАНБОЛОТОВ Абдракман (1896, Көк-Ой айылы – 27.7.1982, ошол эле жер) балбан. Кожомкул м-н 25 жашында күрөшкөн, аны м-н тай, таш көтөрүшкөн. Отор баатыр м-н күрөшүп, Аксакал, Дунканалдар м-н эңишке түшкөн. Ал уста да болуп, аяк, кашык, чөмүч, тепши, соку сыяктуу кырма буюмдарды жасаган.

ЖАПАРОВ Бекчоро (1948-ж.т. Кызыл Туу колхозу). Фрунзе айыл чарба институтунун ветеринардык бөлүмүн (1972-ж) бүтүргөн. Жумгал райондук ветлабараториясында бактериология бөлүмүнүн башчысы болуу м-н эмгек жолун баштаган. 1974-ж. директору, андан кийин ветстанциянын начальниги, 1992-99-ж.ж. ветлаб-яда иштеген.

ЖАҢЫ-АРЫК (Кызарт) – айыл, Кызарт айыл өкмөтүнүн борбору. Базар-Турук суусунун боюнда. Жалпы аянты 450 га. 1928-ж. негизделген. Чаектен 45 км чыгыш тарапта. Бишкектен 260, Нарындан 195, Балыкчы темир жол бекетинен 150 км аралыкта, деңиз деңгээлинен 2150 м бийиктикте. Калкынын саны 1109 (1998) 249 түтүн. Негизинен мал чарбасында ж-а дыйканчылыкта эмгектенишет. 3 орто мектеп (989 окуучу, 104 мугалим) 25 орундуу участкалык оорукана (7 врач, 32 медсестра), клуб, китепкана, мончо, дүкөн, почта, телеграф бар.

ЖАҢЫБАЙ Кожөк уулу (1869, Жумгал өрөөнү – 1942, Токтогул р-ну, Өзгөрүш айылы) – манасчы. Өзүнүн айтуусунда жети атасы тең (Айдарбек, Сүйүнбай, Сакечук, Теңирбай, Сары, Жаманкары, Кожөк) манасчы болгон. Жаңыбай 16 жашынан «Манас» айта баштаган. 29 жашынан Кетмен-Төбөдө жашаган. Ал «Манастан» «Манастын балалык чагын», «Кокотойдун ашын», «Чоң казат» ж.б., о.эле «Семетей» м-н «Сейтекти» толук айткан. Андан 100 басма табак коломтөдө жазылып алынган. Ал «Эр Табылды», «Эр Төштүк» кичи эпосторун, «Ак Моор» дастанын ж-а салт ырларын да жакшы билген. Жаңыбайдын вариантында башка варианттар м-н үндөштүктөр ж-а сюжеттик айырмачылыктар бар.

ЖАПАРОВ Калачы (6.10.1948, Кайырма айылы – 10.6.1986, ошол эле жер) – жазуучу-сатирачы, полковник. 1971-ж. КМУнун юридика факультетин бүткөн. 1971-86-ж. аскер кызматкери болгон. Кыргыз ССР мамлекеттик коопсуздук комитетинин төрагасынын 1-орун басары болуп иштеген. «Созүм бар, уруксатпы?» (1981), «Кадырыңыз жан болсун» (1984), «Келген создү келин айтат» (1987) аттуу сатиралык китептери жарык көргөн. Бир катар китептерди кыргызчага которгон.

ЖАПАРОВ Сарланбек (1925-ж.т., Кызыл-Эмгек айылы) – 3-даражадагы Даңк (1944), 1-даражадагы Улуу Ата Мекендик



Жапарова Ш



Жаркынбай Н



Женалиев К



Жаркынбаев А

согуш (1985) ордендеринин ээси. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1949-ж. Нарын педагогикалык окуу жайын, 1954-ж. КМУнун тарых факультетин бүткон. 1947-49-ж. Жаңы-Арык орто мектебинде мугалим, 1954-66-ж. окуу бөлүмүнүн башчысы, директору, 1966-67-ж. «Кызарт» совхозунун №4 фермасында башкаруучу, 1967-72-ж. «Кызыл-Туу» колхозунда парткомдун катчысы, 1973-76-ж. мугалим, 1976-82-ж. Жаңы-Арык айыл советинин төрагасы, 1982-90-ж. «Кызарт» совхозунда кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Көптөгөн медалдар м-н да сыйланган. 4-жолу айыл кеңешине депутат болуп шайланган.

ЖАПАРОВА Шарапат (1915-ж.т., Кызарт айылы) – райондогу аялдардан чыккан алгачкы агартуучулардан. Педагогикалык окуу жайын ж-а Бишкектеги 1-жылдык партиялык мектепти бүткөн. 1931-40-ж. эл агартуу ишинде, 1940-45-ж. райондук партия комитетинде аялдар бөлүмүнүн башчысы, 1945.55-ж. партиялык-советтик кызматтарда, 1955-91-ж. Чаектеги М.Алыбаев атн. мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп иштеген. «Эл агартуу отличниги». Медалдар м-н сыйланган.

ЖАР-КОРУМДУ МӨҢГҮСҮ – Ички Тенир-Тоодогу ороон тибиндеги мөңгү. Кызарт кырка тоосунун түндүк капталында. Кочкор суусунун алабынан орун алган. Узундугу 3,9 км, аянты 5,0 км². Мөңгүнүн башы деңиз деңгээлинен 4155 м, этеги 3600 м бийиктикте жатат. Кар чегинин бийиктиги 3960 м, абляция областынын аянты 3,2 км². Азыркы мезгилде мөңгү бир калыпта тартылууда. Мөңгүдөн Жар-Корумду суусу башталып, Кочкордун оң куймасы Кызартка оң тараптан куят.

ЖАРКЫМБАЙ Нурпаис (1.11.1939-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – акын, Кыргыз Респ-нын маданиятка эмгек сиңирген ишмери (1994). 1962-ж. КМУну, 1975-ж. Москвадагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1962-жылдан «Ленинчил жаш», «Советтик Кыргызстан», «Коммунист» гезит-журналдарында редактор, бөлүм башчы, редактордун орунбасары, КЭнин Башкы редакциясында редактор болуп иштеген. 1-ыры 5-кыргыз орто мектебинде окуп жүргөндө (1955) гезитке жарыяланган. «Жаштык жазы» (1966), «Өмүрлөр тоодон башталат» (1970), «Чабалекей» (1972), «Жүрөк тартуулары» (1975), «Ала-Тоо бооктору» (1978), «Мезгил бийиги» (1979), «Бешик ыргагы» (1983), «Түндө кимдер уктабайт» (1984), «Кыргыз күчү» (1986), «Азаматсың жылкычы» (1987), «Таңкы торгой» (1988) ж.б. ырлар ж-а поэмалар жыйнактарынын автору. Лениндик сыйлыктын лауреаты Е.А.Исаевдин «Акыл соту», «Акыл чабыты» экилтик поэма китебин, М.Светлов, В.Маяковский, Е. Евтушенко, Д.Вознесенский, О.Сулейманов ж.б. ырларын кыргыз тилине которгон. Өзүнүн айрым чыгармалары башка тилдерге которулган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖАРКЫНБАЕВ Абдылда (1893-ж.т., Кызыл-Туу айылы – 1978, ошол эле жер). Жумгал өрөөнүндө жүн, тери жана эгин топтогон пунктта 17 жыл үзгүлтүксүз башкарма болуп иштеп, айрыкча согуш жылдарында өзгөчө так жана адилет касиеттери менен айрымаланып, тылдын ардактуу ардагери болгон. 1955-65-ж.



Жокобаева



Жетиген уулу Акун

Мергенчи болуп, кара калтар ж-а ак түлкүнү колдо багуунун ыкмаларын Жумгалга тараткан. А. эркин саякатчы болгон, 70-жашында Эне-Сайга чейин барып келген.

ЖЕНАЛИЕВ Көчөн (1954-ж.т. Миң-Куш шаарчасы). Фрунзе политехникалык институтун бүтүргөн. 1976-ж. Жумгал автобазасында колоннанын, эксплуатация бөлүмүнүн начальниги (1976-92-ж.ж.), башкы инженери болуп иштеген. Нефтебазанын директору (1992-93-ж.ж.), Жумгал райондук мамлекеттик администрацияда бөлүм башчы, акимдин орунбасары (1993-98-ж.ж.). 1998-ж. бүгүнкү күнгө чейин Миң-Куш Айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп иштейт.

ЖЕРГЕ ЖАЙГАШТЫРУУ ЖАНА КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛККӨ УКУКТАРДЫ КАТТОО БАШКАРМАЛЫГЫ (Чаек айылы, Матыев көчөсү, 108). 1991-ж. 22-июлда Жерге жайгаштыруу ж-а жер реформасы б-ча райондук комиссия, 1991-ж. 30-августа комитет, 1992-ж. 2-сентябрда жерге жайгаштыруу б-ча мамлекеттик инспекция болуп түзүлгөн. 1996-жылдын 8-июлунан жерге жайгаштыруу жана жер ресурстары боюнча башкарма, 1999-жылдын 22-февралынан азыркыдай аталат. Башкармалык райондогу фермерлер, дыйкан чарбалардын ж. б. субъектилерди жерге жайгаштыруусун жана алардын жерди ар кандай эрозияга учуратпай пайдаланышын көзөмөлдөйт, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттайт. Райондогу бардык жер аянты 429903га. Айдоого жарактуу жери 20959 га, а.и. 15533 гасы сугат, 3459 гасы кайрак жер, 1967 гасы кысыр аңыз, 330516 гасы жайыт, 1856 гасы менчик огород. Башкармалыкта 14 киши иштейт (1998). Жетекчиси 1991-99-ж. Осмонов Тепиш, 1999-жылдан Токтоналиев Жеңиш.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТ. Финансы реформаларынын жүргүзүлүшүнүн натыйжасында райондо жергиликтүү бюджеттин кобойүшүно шарт түзүлгөн. Жумгал р-ндук жергиликтүү бюджетинин киреше ж-а чыгаша бөлүгү 2000-ж. 33131,8 миң сомго аткарылган. Салык [illegible] нинен орчундуу көлөмдү [illegible] дыйкандардан алынуучу түшүлөрүнүн [illegible] алпы көлөмдүн 1998-ж. түзгөн салыктын [illegible] 34,2%, 2000-ж. 42,9%, ал жер салыгы [illegible] корсотүүдөн алынуучу 62,0%, 1999-ж. [illegible] мү жалпы көлөмдүн 1998-эми кызмат [illegible] ж. 22,9%, 2000-ж. 18,6% салыктын көлө[illegible] чыгымдар бөлүгүнүн ж. 8,9%, 1999-[illegible] арга болгон каражаттар: түздү. Жалп[illegible] лүмүно жалпы көлөмдөн ичинен тармак[illegible] 1999-ж. 57,0%, 2000-ж. билим берүү б[illegible]н. Саламаттык сактоого 1998-ж. 60,0%[illegible]о бөлүгүнүн ичинен 1998-56,2% берилг[illegible] ж. 23,4%, 2000-ж. 24.0%; жалпы чыгымд[illegible] ятка 1998-ж. 3,2%, 1999-ж. 24,6%, 199[illegible]. 4,1% түзгөн. Социалдык ал эми мадан[illegible]ы чыгымдоонун 1998-ж. ж. 4,1%, 2000-[illegible]. 4,3%, 2000-ж. 3,8% жардамга жал[illegible]лгон. Ал эми калган 2,4%, 1999-[illegible]ызмат коргонуу, коомдук чыгымдоо б[illegible]-жай, айыл-чарбасына мамлекеттик [illegible]н 1998-ж. 9,5%и, 1999-ж. тартип, тура[illegible] 11,1% чыгымдалган. жалпы коломд[illegible]лу Акун (1897-1990-ж.ж. 10,8%, 2000-ж.[illegible]). Үркүнгө туш болгон.

ЖЕТИГЕН УУЛУ Акун (1897-1990-ж.ж. жатып, Ат-Башы районун Жумгал айыл[illegible] чейин устачылык кылган. Кытайдан келе[illegible]енден кийин элди жаңы жерден 1923-ж.[illegible]рууга үгүттөөчү болгон. Жумгалга кел[illegible]асында иш башкаруучу, коомду башк[illegible]рзы» колхозунда 18 жыл Доскулу фер[illegible] болгон. Кыргыз ССР Кочкордогу «[illegible]гинин Ардак грамотасы, ферма башче[illegible] ж. юбил. ж-а бир нече Жогорку Сове[illegible] сыйланган. "КПССтин Лениндин 10[illegible]кыл" тош белгисин алган. медалдар м-н[illegible]. Сайнат (5.5.1929, катарында 50 [illegible]ы — 1991, Бишкек ш.) — **ЖОКОБАЕВА** Кыргыз Респ-нын эмгек Төкөлдөш айы[illegible]гисти (1958). 1937-ж. балерина, К[illegible] хореографиялык окуу сиңирген ар[illegible] Ленинграддагы

жайында окуган. 1941-ж. Бишкек хореография окуу жайында билимин улантып 1947-ж. бүткөн. 1947-жылдан Кыргыз мамлекеттик опера ж-а балет театрында солист болуп иштеген. Кыргыз балет театрынын калыптануусуна ж-а онүгүшнө чоң салым кошкон. Ал 1946-жылдан «Коппелия» балетинде Сванельданын, «Сыйкырдуу флейтада» Лизанын, «Бахчисарай фонтанында» Морленинин, «Уйкудагы сулууда» Сирекиндин, «Жизелде» Миржанын, «Эсмеральдада» Флер де Листтин, «Чоң вальста» Фанишкиндин, «Корсарда» Гүлнаранын, «Чолпондо» Айдай, «Анарда» Анар, «Ала-Тоодогу жазда» Сайра, «Ак куу көлүндө» Одетта-Одиллия ж.б. образдарды жараткан. 1957-ж. Москвада өткөн балет артистеринин конкурсунда Бүткүл дүйнөлүк жаштар м-н студенттердин күмүш медалын алган. 1959-ж. Москвада өткөн кыргыз искусствосунун 2-декадасына катышкан. 1975-ж. Жумгалдагы «Бекбекей» аваз ж-а бий ансамблин негиздегендердин бири. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар СССР ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советтеринин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ЖОЛ ТЕЙЛӨӨ ИШКАНАСЫ №24 (Арал айылы). 1955-ж. Миң-Куш тоо-кен комбинатынын курамында Жол эксплуатациялоо участкасы болуп, Арал айылында түзүлгөн. 1965-ж. Кыргыз ССР Автотранспорт ж-а шоссе жолдор министрлигинин карамагындагы №14 жол тейлөө бөлүмү болуп кайра уюшулган. 1968-ж. кайрадан №24 жол тейлөө бөлүмү болуп аталган. 1968-71-ж. жалпы узундугу 170 км болгон Кочкор – Арал – Миң-Куш жолун тейлеген. Жол дээрлик шагыл жол болгон. 1971-78-ж. ишкананын административдик имараты курулган, жолго кара шагыл аралашмасы төшөлө баштаган, жолду паспорт-тоштуруу жүргүзүлүп, категорияларга бөлүнгөн. Жолдун мааниси такталган. Кочкор -Арал – Тоо-Ашуу автожолу мамлекеттик, Арал – Миң-Куш автожолу республикалык мааниде деп белгиленген. 1998-ж. январда №24 жол тейлөө бөлүмү



Жоомартов О



Жоошев К

Жумгал РДЭСУсу м-н биригип №24 жол тейлөө ишканасы болуп кайра түзүлгөн. Жалпы 567 км жолду тейлейт, а.и. 192 км эл аралык (Кочкор – Арал – Тоо-Ашуу автожолу), 36 км мамлекеттик (Арал – Миң-Куш автожолу), 402 км жергиликтүү маанидеги жол. Бул жолдун 87 км бөлүгү асфальт, кара шагыл, калган 480 км бөлүгү шагыл. 1997-ж. жалпы жол оңдоо иштери б-ча 911412 сомдук жумуш аткарылган. Эл аралык маанидеги жолго 486171 сом, республикалык маанидеги жолго 349046 сом жумшалган, б.а. Кызарт ашуусу, Арал – Миң-Куш автожолу оңдолуп, асфальт жолдордун жыртылган бөлүктөрү калыбына келтирилген. Ишканада 54 адам иштейт (а.и. 10 адам жетектөөчү адис, 44 адам жумушчу-механизатор). Ишкананын жетекчилери: А.Н.Кошелов (1955-71), Ш.Самудинов (1971-78), 1978-96-ж. Акжолтоев, Кабылбаев, Бердибаев, Алымжанов, Шаршеев, Солтобаев, Зарылбек Моношов (1996-2000), 2000-жылдан Мамбеталиев Каратал.

ЖОЛДУБАЕВ Кеңешбек (1934, Кара-Дөбө жайлоосу – 1997, Чаек айылы) – «алдынкы чабан» (1968), «ардактуу чабан» (1971) наамдарынын ээси. Өмүр бою «Чаек» колхозунда малчы болуп иштеген. Жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Көптөгөн медалдар м-н сыйланган.

ЖООМАРТОВ Орозбек Дубанаевич (23.02.1963-ж.т., Жаңы-Арык айылы). 1994-ж. КМУУну бүткөн. Кыргызстан ЛКЖС БКда сектор башчысы (1989-90), Нарын обком комсомолунда 2-катчы (1990-91), «Тянь-Шань» жаштар ассоциациясында президент (1991-93), 1993-94-ж. «Азык» агрофирмасынын



Жумабеков А



Жоқоева К



Жумабеков Р

башкы директору, 1994-ж. республиканын прокуратура системасында иштейт.

ЖООШЕВ Курманбек (1925-1998-ж.ж. Баш-Кууганды айылы). Улуу Ата Мекендин согуштун катышуучусу. Согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн "I даражадагы Ата-Мекендик Согуш" ордени ж-а 9 медаль м-н сыйланган. 1964-ж. чейин "Дыйкан" колхозунда ар кандай кызматтарда иштөө м-н 1964-1975-ж.ж. чейин "Дыйканда" колхозчу болуп иштеген. Чарбанын экономикасын которуудө уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү үчүн «Ардак белгиси» ж-а «Октябрь революциясы» ордендери м-н сыйланган. Бир нече жолку «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү», жергиликтүү Кеңештердин 3 жолку депутаты, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ЖОКОЕВА Калый (Галичка) (1919-ж.т., Кайырма айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты (1967-75). 1960-ж. Токмок айыл чарбасын механикалаштыруу ж-а электрлештирүү техникумун бүткөн. 1936-41-ж. Ленин атн. колхоздо колхозчу. 1941-86-ж. Жумгал р-ндук айыл чарба техникасы бирикмесинде трактортчу, участкалык механик, инженер-технолог болуп иштеген. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ЖУМАБЕКОВ Аскарбек (1943-ж.т., Кайырма айылы) – 3-даражадагы Эмгекке Даңк орденинин ээси (1983). 1974-94-ж. №3 талаачылык бригадасынын бригадири болуп иштеген. Тоют ж-а эгин даярдоодо жакшы ийгиликтерге жетишкен Медалдар м-н сыйланган.

ЖУМАБЕКОВ Районбек (30.3.1936, Чаек айылы – 9.11.1993, ошол эле жер) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1987). 1961-63-ж. М.Күроңкөев атн. музыкалык окуу жайында окуган. 1963-ж. Кыргыз мамлекеттик академиялык опера ж-а балет театрында хор артисти, жетектөөчү хор артисти болуп иштеген. Ал хор артисти эле эмес, солист катары ири партияларды да аткарган. Алсак, «Манас» операсында Кошой м-н Коңурбайдын, «Айчүрөктө» Бакай м-н Чынкожонун ролунда, о.эле «Алтын кыз», «Ажал ордуна», «Токтогул», «Оптимисттик трагедия» ж.б. солист катары ырдаган. Үнү кеңири диапазондогу бас ж-а жагымдуу ыргакка ээ болгон. Москванын Чоң театрында, Ленинградда, Киевде, Алматыда ж.б. гастролдо болуп ырдап чыккан. 1990-жылдардын башында Кошой м-н Бакайдын көрком образында көптөгөн театрлаштырылган корсөтүүлөргө катышкан. Кыргызстан жаштарынын биринчи фестивалынын ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-49-ж. Нарын музыкалуу драма театрында артист, 1949-62-ж. Жумгал райондук маданият үйүнүн башчысы, 1962-68-ж. Миң-Куш шаарчасында клуб башчысы болуп иштеген. Элге белгилүү «Комузум», «Сагынам» ж.б. ырларга обон чыгарган.

ЖУМАЕВ Сатар (1905, Базар-Турук айылы – 1985, ошол эле жер) – обончу, актер. 1938-41-ж. Жумгал театрында, Кыргыз филармониясында артист болуп иштеген. 1941-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-49-ж. Нарын музыкалуу драма театрында артист, 1949-62-ж. Жумгал райондук маданият үйүнүн башчысы, 1962-68-ж. Миң-Куш шаарчасында клуб башчысы болуп



Жумакадырова С



Жумалиев Ж



Жумалиев Ө

иштеген. Элге белгилүү «Комузум», «Сагынам» ж.б. ырларга обон чыгарган.

ЖУМАКАДЫРОВА Салима Жумакадыровна (10.04.1962-ж.т. Чаек айылы). 1979-80-ж.ж. Чаек айылындагы № 1 Балдар бакчасында тарбиячы болуп ишгеген. 1980-85-ж.ж. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. 1985-87-ж.ж. Жумгал райондук № 26 кесипчилик-техникалык окуу жайына бошотулган комсомолдук уюмунун катчылыгына шайланган. 1988-ж. Москва ш. ЦК ВЛКСМдын алдындагы Жогорку комсомолдук мектебин бүтүрүп, жогорку саясый билимин алган. 1988-ж. Москва ш. партиялык комитетинин КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган. 1988-91-ж.ж. Кыргызстан ЛКЖС Жумгал райондук комсомол комитетинин комсоргу, II катчысы ж-а I катчылыгына шайланган. 1991-95-ж.ж. Нарын ш. администрациясынын ага референти. 1989-91-ж.ж. Жумгал райондук партиялык комитетине бюро мүчө, 1987-91-ж.ж. Кыргызстан ЛКЖС БКнын мүчөсү болгон. Жумгал райондук партиялык комитетинин, Кыргызстан ЛКЖС БКнын ж-а Нарын облустук комсомол комитетинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ЖУМАЛИЕВ Жеңишбек (1945-ж.т. Кочкор кыштагы) Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн. Жумгал совхозунда механизатор (1962-77-ж.ж.) Лама фермасында бригадир, агроном, (1977-94-ж.ж.), облкеңешке 1, райкеңешке 3 жолу, айылдык Кеңешке үзгүлтүксүз депутат болуп шайланып (1998-99-ж.ж.), III даражадагы «Данк» ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а көптөгөн медалдар м-н сыйланган.

ЖУМАЛИЕВ Жеңишбек (1945-ж.т., Лама айылы) – 3-даражадагы «Данк» орденинин ээси. 1977-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1962-77-ж. «Жумгал» совхозунда механизатор, 1977-94-ж. талаачылык агроному, 1994-жылдан «Лама» дыйкан чарбасынын башчысы болуп иштеген. Облустук, райондук кеңештерге 3 жолудан депутат болуп шайланган. Көптөгөн медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, ВЛКСМ БКнын өтмө вымпелдери м-н сыйланган.

ЖУМАЛИЕВ Өткүлбек (1948-ж.т. Байзак айылы) 1971-ж. КМУну бүтүргөн. 1972-77 ж.ж. Райкомсомолдун II катчысы, 1977-79-ж.ж. партиянын райкомунда саясый агартуу кабинетинин башчысы болгон. 1979-81-ж.ж. Алма-Атадагы партиялык жогорку мектепте окуган. 1981-87-ж.ж. партиянын райкомунда үгүт-насыят бөлүмүндө башчы, 1987-ж. Нарын обкомунда партиялык көзөмөл комиссиянын нускоочусу, 1987-95-ж.ж. Жумгал Районунун башчысы болуп иштеген. «Эл агартуунун отличниги». 1995-96-ж.ж. Республиканын көзөмөл палатасында инспектор, 1996-2001-ж.ж. Байзак Айылы Өкмөтүнүн башчысы болгон. 2001-ж. бери «Демилге» гезитинин редактору. Райондук Кеңешке бир нече жолу депутат.

ЖУМАЛИЕВА Кымкаш (1925, Базар-Турук айылы – 1989, ошол эле жер) – саймачы. Фабрикада, республиканын жергиликтүү өнөр жай системасында иштеген. Кийим-кечелердин жакасына, этегине илме шибеге аркылуу көркөм көчөт түшүрөт. Кара жердикке сайган туш кийиз, белдемчи ж.б. буюмдары сүрөт, этнография музейлерине



Жуманалиев Н



Жуматаев Т

экспонатталган. Көптөгөн кароосынактарга, көркөм көргөзмөлөргө катышкан. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар Кыргыз ССР Жогорку Советтин Ардак грамоталары, дипломдор м-н сыйланган.

ЖУМАНАЛИЕВ Надырбек (5.3.1938-ж., Баш-Кууганды айылы) – физика-математика илимдеринин кандидаты (1970), доцент (1975). 1960-ж. КМУнун физика-математика факультетинин физика бөлүмүн, 1969-ж. Бауман атн. Москва техникалык университетинин аспирантурасын бүткөн. 1960-61-ж. Кочкор р-нундагы Чолпон орто мектебинде мугалим болуп иштеген. 1961-жылдан Кыргыз техникалык университетинде ассистент, окутуучу, улук окутуучу, доцент. Илимий иштери негизинен космос мейкиндигине учуучу апараттарга, күн энергиясын пайдалануунун теориялык ж-а колдонмо маселелерине арналган. 80ден ашык илимий ж-а илимий методикалык эмгектин (а.и. 1 монография, 15 методикалык колдонмо) автору. Педагогикалык билимдер факультетинин деканы ж.б. иштерди да аткарган, «Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги» (1989). 1989-ж. КТУда «мыкты куратор» деген Ардак грамотага татыган. Медалдар м-н сыйланган.

ЖУМАТАЕВ Тыналы (1945-ж.т., 2001-ж. Суусамыр айылы). КМУну бүтүргөн. 1988-ж. Кызыл-Туу, Чаек колхоздорунда бухгалтер, райондук камсыздоо бөлүмүнүн коомдук тамак-аш жайынын, райстаттын начальниги, Райкенеште адис, Райадминистрацияда бухгалтер болгон. Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган. Бир нече жолу айылдык, райондук, Кенештин депутаты болуп шайланган.

ЖУМГАЛ (моңголчо дзун – сол же чыгыш ж-а гос – суу; сол куйма маанисинде) – суу, Көкөмерендин сол куймасы. Кызарт ж-а Базар-Турук суулары кошулуп Жумгал суусун түзөт. Узундугу 96 км, алабынын аянты 3080 км^2. Өрөөнүнүн чыгыш болүгүнүн таманы деңиз деңгээлинен 2000-2200 м бийиктикте, батышты карай жапыздайт (1485 мге чейин). Жээги тектирлүү. Ири куймалары: Чаар-Арча, Кызарт, Түгөл-Сай, Баш-Кууганды, Орто-Кууганды, Чет-Кууганды, Түгөл-Суу, Көлдүү-Суу, Базар-Суу, Базар-Турук, Кайың-Суу, Кара-дөбө, Ичке-Суу, Кара-Кечүү, Баш-Терек, Мин-Теке ж.б. Жылдык орточо чыгымы 11,2 м ^{3}/сек, эң көбү 77,0 м ^{3}/сек, эң азы 5,30 м ^{3}сек. Апрелдин аягында кире баштап, августта тартылат. Октябрда тоңуп, апрелде ачылат. Алабында көл көп, ирилери: Сары-Көл (аянты 0,39 км^2), Баш-Кууганды көлү (0,22 км^2), Чоң-Таш-Көл (0,24 км^2) ж.б. Сууда жилингир, маринка балыктары, ондатр, норка ж.б. бар. Жумгалдан бир нече сугат канал башталат; ирилери: Жаңы-Арык, Сары-Талаа. Жээгинде Чаек, Түгөл-Сай, Арал, Байзак, Куйручук ж.б. айылдары жайгашкан.

ЖУМГАЛ АВТОУНАА ИШКАНАСЫ (Чаек айылы, 1-май көчөсү). 1964-ж. январда Кочкор автобазасынан №5 чарбалык эсептеги автоколонна болуп бөлүнгөн. 45 жүк ташуучу автомашинасы болгон. 1965-ж. январда автогараж болуп кайрадан уюштурулган. Бул учурда 54 жүк ташуучу автомашинасы, 2 автобусу болгон. 1966-ж. январга Жумгал автобазасы болуп түзүлгөн. Ошол учурда 65 жүк ташуучу автомашинасы, 6 автобусу болсо, 1995-ж. автомашинасы 160ка (а.и. 27 автобус, 41 жүк ташуучу, 47 өзү түшүрүүчү, 5 такси) жеткен. 208 адам иштеген. 1995-жылдан баштап мамлекеттик акционердик автотранспорт ишканасы деп аталат. 85 автомашинасы бар (25 автобус, калганы жүк ташуучу).

100 киши иштейт (1998). Жыл сыйын орточо 5,4 миң т жүк, 240,1 миң жүргүнчү ташыйт. Ишканада эмгек алдыңкылары, ардагер шоферлор Сейдекматов Сыргак, Сейдекматов Байыш, Кубатбеков Жанбил, Орозомаматов Жээнбек, Акматов Султанбек, Жумалиев Артисбек, Тойбаев Рахат, модурчу Солобаев Алмаз, кадрлар бөлүмүнүн начальниги Өмүралиев Байжан, башкы бухгалтер Насиров Мисир, автоколоннанын начальниги Сапарбеков Дамаз ж.б. эмгектенишет. Ишкананын жетекчилери: Ибраимов Алмаз (1964-65), Мамбеталиев Чалагыз (1965-68), Шаршенов Зарлык (1968), Оторбаев Качкын (1968-77), Касымбеков Орозбек (1977-80), Сооронбаев Асангазы (1980-83), Канаев Кадырбай (1983-85), Тыналиев Жалалидин Султанидинович (1985-90), 1990-жылдан Садыков Сыпарбек.

ЖУМГАЛ АГРОТЕХНИКА БИРИКМЕСИ (Чаек айылы). 1936-ж. декабрь айында Жумгал машина-трактор станциясы (МТС) деп уюштурулуп, ага 11-«НАТИ», 8-«СТС» маркасындагы трактор, 6-«СЗК» маркасындагы эгин оруучу комбайн. 2-«МК-1100» маркасындагы эгин бастыруучу молотилка, 10 соко ж-а 9 сепкич топтолгон. МТСтеги алгачкы тракторчулар: Сокубашов Дүйшөнаалы, Балбаков Кылычбек, Тургуналиев Ажымат, Турдукеев Нуркалый, Бекбаев Сарыгул, Арзыматов Бейшенаалы, Арзыматов Өмүрбек, Эркинбаев Аалы, Кыдырмаев Шыйты. Согуш мезгилинде эмгектенишкен аял тракторчулар: К. Жөкөева, Керимбекова Күлүйпа, Мураталиева Мария, Сексенбаева Алтын, Самтырова Какен, Акжолтоева Зейнеп, Кулумбаева Тургунбүбү, Акматова Сайна, Уланова Гүлбүбү, Чондолоева Жамыйла. Булардын ичинен Д.Сокубашов, К. Жөкеевалар өкмөттүк жогорку сыйлыктарга татыган. 1958-ж. МТС ремонт-трактор станциясы (РТС) болуп кайра уюштурулуп, тракторлор райондун чарбаларынын өздүк менчигине бөлүштүрүлүп берилген. Мекеме чарбалардын, мекеме-ишканалардын заказдарын аткарып, ремонт иштерин жасаган. 1970-ж. ремонт мастерскою ишке берилген. Мындан сырткары «Мелиоративдик отряд» (ММО), «МЖФ», «Автопарк» бөлүмдөрү болуп, алар райондун өнүгүшүнө чоң салым кошкон. ММОдо 18 трактор, 12 комбайн болгон. МЖФ бөлүмү кой чарбасын тейлеген. «Автопарк» бөлүмү Жумгал району эле эмес, Нарын облусунун көп жерин көмүр м-н камсыз кылган. Бул жылдары автопаркта 80ден ашык ар кандай маркадагы автомашиналар топтолгон. Соода тармагы райондун калкын ар кандай запастык бөлүктөр м-н ж-а эл керектөөчү товарлар м-н камсыз кылып келген. 1980-жылдары РТС жогоркулардын башка «СТО МТП», «ТОП», «СТО МЖФ», «СТО Автопарк» бөлүмдөрү м-н толукталып, көп тармактуу мекемеге айланган. Мекемеде жалпы 100дөй техника болгон. 1986-ж. мекеме экиге бөлүнүп, соода тармагы ж-а ремонттоочу бөлүм (РПО) аталган. 1988-ж. ал эки мекеме биригип, Жумгал р-ндук «Агротехсервис» бирикмеси же АТО аталган. Бул мекемеде 30-40 жыл үзүрлүү эмгектенишкен ардагерлер: Жамансариев Сапарбек, Касиянов Бакир, Корголдоев Абдылда, Осмонкулов Ирмер, Сариев Жокина, Бейшебаев Мамбетсадык, Моонбаев Аалы, Курманбеков Ажы, Акматалиев Эсен, Молдокматов Насир, Асаналиев Муктар, Өмүралиев Советбек ж.б. Бирикменин (МТСтин, РТСтин) жетекчилери (директорлору): Ахунбаев Садыкбек (1936-47), Акматов Закир (1947-50), Юхта Бронислав Иванович (1950-62), Сариев Досалы (1962-63), Жайылганов Орозбек (1963-72), Шабданбеков Кумарбек (1972-74), Сагыналив Орозбек (1974-75), Султаналиев Аккабак (1975-77), Ибраимов Насип (1977-86), ЖапаровТынай (1986-88), Сманов Асаналы (1988-97), 1997-жылдан Байтөлөев Тыныбек.

ЖУМГАЛ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ. 1994-ж. «Жумгал» совхозунун базасында түзүлгөн.

бул айыл өкмөтүнө Доскулу, Лама айылдары карайт. Борбору – Доскулу айылы. Жалпыайыл чарбасына жарактуу жери 33233 га а.и. 2404 га айдоо (анын 734 га сугат жер), 902 га кайрак жер. Мында 432 үй-бүлөлүк дыйкан чарбалары бар. Негизги тармагы мал чарбасы ж-а дыйканчылык. Жалпы айыл өкмөтү б-ча калкынын саны 3119 адам. Айыл өкмөтүнүн аймагында 2 орто мектеп, 1 ФАП, 2 дүкөн бар. «Жумгал» совхозу 1930-31-жылдары Кочкор р-нуна караштуу «Кочкор асыл тукум кой чарба совхозунан бөлүнүп, Жумгал р-нуна караштуу совхоз болуп түзүлгөн. Негизги тармагы мал чарбачылык (кой, жылкы, үй, топоз) болгон. Ошол жылдары кайра «Кочкор» совхозуна кошулган. 1945-ж. кайрадан өзүнчө совхоз болуп бөлүнгөн. Ошол учурда 15-20 миң кою, 150-200 уй-топозу, 100-150 жылкысы болгон. Бара-бара совхоздун экономикасы өскөн. Ар бир койдон 3,5 кг жүн алынган, койдун орточо салмагы 30-35 кгга, 1990-жылдары койдун саны 25-26 миңге жеткен. Совхоз 2 жолу (1983-84-ж. ж-а 1986-87-ж.) социалисттик мелдештин жеңүүчүсү катары түбөлүккө калуучу өтмө Кызыл Туу м-н сыйланган. Совхоз 1994-ж. дыйкан чарбаларына тараган. Айыл өкмөтүнүн (совхоздун) жетекчилери: Курманов Акмат (1931-40), Ызаков Тилемиш (1940-45), Абыкаев Сакай (1945-57), Рыспеков Тукей (1950-52), Дүйшөев Арстанбек (1957-61), Акматов Дүйшө (1961-63), Чериков Эркинбай (1963-64), К.Сандыбаев (1964-76), Молдокеев Жапар (1976-86), Асанбеков Райымбек (1981-88). Медетов Бекказы (1988-91), Алышүкүров Жолдошбек (1991-94), Эшенкулов Асанбек (1994-2000), 2000-жылдан Эсенгулов Зарылбек.

ЖУМГАЛ ДРАМА ТЕАТРЫ (Чаек айылы, Ленин көчөсү). 1936-ж. колхоз-совхоз аралык театр катары райондук маданият үйүнүн алдында уюшулган. Алгачкы уюштуруучусу, жетекчиси Абдыашым Көбөгөнов болгон. Ошол мезгилинде бул театрда Акиш Айдаралиев, Сайра Өмүрканова, Мыскал Өмүрканова, Абдыкалый Темиров, Кулманбет Турсунбаев, Мырсаалы Турсунбаев, Садык Өмүралиев, Шарапат Жапарова, Люба Кутулина, Сатар Жумаев, Шарапат Айдаралиева, Сания Өмүрова, Үмүт Жетигенова ж.б. иштешкен. Клубду Конушбаев Касымалы жетектеген. 1939-ж. К. Жантөшевдин «Дардаш» (режиссеру А.Көбөгөнов) пьесасын коюп Бишкекте өткөн колхоз-совхоз театрларынын республикалык фестивалына катышып, Ардак грамотага татыктуу болгон. Ошол эле жылы Жумгал ж-а Пржевальск театрларынын алдыңкы актерлорунун катышуусунда коюлган «Токтогул» спектакли Москвада болуп өткөн колхоз-совхоздук театрлардын бүткүл союздук фестивалына катышкан. Фестивалга Жумгал театрынан баргандар: А.Көбөгөнов, Ш. Жапарова, М. Өмүрканова, А. Адралиев, К. Турсунбаев, А. Темиров. 1939-ж. Нарын музыкалуу драма театры ачылып, А. Көбөгөнов башкы режиссерлукка которулган. Таланттуу жаштар кошо кетишкен. Театрдын иши солгундаган. 1950-жылдары С.Жумаев кайра келип, театрдын ишин жандандырган. Ал жылдары театрга Болот Абылгазиев, Койкеева, Нуркан Турсунбаев, Таттыбүбү Турсунбаева, Сүйүнтбек Бийназаров сыяктуу таланттуу жаштар топтолушкан. Бирок, район Кочкор м-н кошулганда, театрдын иши кайра солгундаган. Клубду Б.Абылгазиев гана иштетип турган. 1965-ж. район кайра түзүлгөндө, театрдын ишин Ш.Эсенгулов кайрадан уюштурган ж-а жетектеген. Театр көптөгөн ийгиликтерге жетишип, 1972-ж. «элдик театр» деген наамга ээ болгон. Ал 1968, 1972, 1974, 1976, 1977, 1994-ж. өткөрүлгөн элдик театрлардын кароо-сынактарынын жеңүүчүсү болгон. Бул жылдары театрдын коллективи М.Токобаев, О.Сарыбагышев, Ш.Садыбакасов, Р. Шүкүрбеков, Н. Хикмет, Ж.Бөкөнбаев, А.Кучаев, Ш.Эсенгулов ж.б. авторлордун «Кайгылуу Какей», «Алтын көкүл», «Акындын үмүтү», «Унутулган адам», «Махабат баяны», «Алтын күз», «Биринчи

смена», «Уят эмеспи», «Фархат-Ширин», «Тулпар таш», «Унутулгус күндөр», «13-председатель», «Жапалак Жатпасов», «Атанын тагдыры», «Ий бетим, бала бойдон турбайбы», «Келбейт дебе», «Кесирдин кээри», «Экинчи өмүр», «Балдар бойго жеткенде», «Курорттогу окуя», «Ажар», «Кедейкан», «Жылаажындын үнү», «Акыл ачарчылыгы», «Байзак баатыр», «Алтынай баяны» ж.б. спектаклдерди элге тартуулаган. Бул жылдары 30дай спектакль коюшуп, республиканын бардык булуң-бурчтарында гастролдо болушкан. 1995-ж. профессионал драма театры статусун алган. Театрда 42 адам иштейт, жылына 60 миңге жакын көрүүчүнү тейлейт (1998). Театрдын алгачкы директору Абдыашым Көбөгөнов (1936-39), 1997-жылдан Чынара Дүйшеева. Режиссерлору Б.Ибраимов, М. Букеев, 1972-жылдан Шарыпкул Эсенгул уулу.

ЖУМГАЛ ӨРӨӨНҮ Жумгал тоо тизмеги, Түндүк Кабак ж-а Соң-Көл тоолорунун ортосунда жайгашкан. Кызарт белинин түбүнөн Көкөмерен суусуна чейин 80 км аралыкта созулуп жатат. Туурасы 30 км. Таманы деңиз деңгээлинен 1500-2600 м бийиктикте; батышты карай өрөөн жапыздайт да (1485 мге чейин) таманы кеңейип, Кайырма айылы тушта туурасы 25 кмге жетет. Чаектен батышты карай өрөөн кайра куушурула баштайт (10 кмге чейин). Тоо этегиндеги түзөндөрдүн туурасы 4-8 км келип, Жумгал суусун карай эңкейиштеп (5-7°), суу боюндагы тектирлерге өтөт. өрөөндө палеоген-неоген ж-а антропоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тоо тектер жатат. Жумгал өрөөнүндө таш туз, жер астындагы суу ж-а курулуш материалдардын кендери бар. Климаты кескин континенттик. Жайы ысык (30-32°Сге чейин), кышы ызгаардуу (30-35°Сге чейин). Январдын орточо температурасы -16°С. Жылдык жаанчачыны 250-500 мм. өрөөндүн айланасындагы тоолордо мөңгү ж-а түбөлүк кар өтө аз, ошондуктан суулары кичине. Боз шыбактуу жарым чөл, кургак талаа, бетеге, ак кылкандуу талаа, шалбаалуу субальп ж-а альп ландшафттары мүнөздүү. Жарым чөл өрөөндүн Көкөмеренге туташ жаткан батыш бөлүгүндө (шыбак, терскең, бетеге, чий аралаш өсөт), кургак талаа ж-а талаа алкактары 1700-2700 м бийиктеги тоо капталдарында тараган. Жумгал суусунун боюнда тал, терек, чычырканак ж.б. өсөт. Мал чарбасы ж-а дыйканчылык өнүккөн күнгөй беттеринде кар жокко эсе болгондуктан кышкысын мал кыштатылат. Тескей тарабындагы шалбаа, шалбаалуу талаалар жайыт катары пайдаланылат. Дыйканчылык айрыкча Жумгал суусунун оң өйүзүндө өнүккөн. Мында буудай, арпа, жүгөрү, сулу ж-а көп жылдык тоют өсүмдүктөрү, о.эле жашылча-жемиш (батыш бөлүгүндө) өстүрүлөт. Айдоо аянтынын көбүн тоют өсүмдүктөрү ээлейт. өрөөндө байыркы (Кайырма), орто кылымдык элдүү пунктардын калдыктары ж.б. тарыхый эстеликтер бар.

ЖУМГАЛ КЕРЕК-ЖАРАК КООПЕРАТИВИ (Чаек айылы, Ленин көчөсү). 1929-ж. Жумгал ж-а Кызыл-Туу айылдык керек-жарак кооперативдери түзүлгөн. 1930-ж. алар биригип Жумгал р-ндук керек-жарак коому аталган. 1991-ж. Багышан айылдык керек-жарак коому ж-а Жумгал керек-жарак кооперативи болуп экиге бөлүнгөн. Бул кооператив райондун Байзак, Чаек, Кызыл-Жыддыз, Көк-Ой, Арал, Сары-Булуң, өрнөк, Сары-Кымыш айылдарын ж-а Миң-Куш шаарчасын соода м-н тейлейт. Кооперативде 27 дүкөн (жалпы соода аянты 3267 м^2), аларда 95 адам иштейт. Жылдык товар жүгүртүү көлөмү 1800 мин сомго барабар (1998). Кооперативде 6800 пайщиктин мүчөсү бар, ал кооператив тейлеген аймактагы 16 жаштан жогорку адамдардын 60%ин түзөт. Кооперативде жылына 1 жолу пайщиктер м-н чогулуш өткөрүлөт. Кооперативде узак мезгил иштеген ардагерлер: Акматалиев Азиз, Алымкулов Насыралы, Алыкулов Калманбет, Бекматов Жамаш,

Мамбеталиев Асанбек, Исабекова Гурдубүбү, Шаккулуева Саткын, Иманкулов Жакып ж.б. кооперативдин башкармасынын торагалары: Дубанбеков Эшмухамбет (1942-45), Аманов Асыранкул (1948-53), Чылпаков Боронбай (1953-62), Абыкеев Жапар (1962-63), Оторов Жумалы (1963-64), Акматалиев Азиз (1964-75), Обозов Канболот (1975-76), Рысалиев Токтобек (1976-85, 1987-91), Алымкулов Аман (1986-87), Изатканов Айдар (1987-89), Жолдошбеков Аскарбек (1991-92), 1992-жылдан Алымкулов Жумабек.

Жумгал райондук байланыш бөлүмү. 1938-ж. шахтага байланыштуу ачылган. 1960-ж. 90 киши иштеген. 1972-жылдан райондук байланыш бөлүмүнө карайт. 4 адам иштейт (1998). Бөлүмдүн начальниктери: Гнетова А.А. (1938-61), Такырбашов А. (1961-79), Асанканова Н. (1979-98), 1998-жылдан Н.Кулатаева.

ЖУМГАЛ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯСЫ (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 127) – райондун аймагында аткаруучу ж-а тескөөчү бийик жүргүзүүчү өз алдынча юридикалык тарапка ээ болгон базалык аймактык деңгээлдеги орган. 1992-ж. апрелде уюшулган. Ал «Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндөгү» Мыйзамдын, Кыргыз Респ-нын Конституциясынын, мыйзамдарынын, Кыргыз Респ-нын Президентинин указдары м-н буйруктарынын, өкмөттүн токтомдорунун, нормативдик актыларынын, Жогорку Кеңештин палаталарынын чечимдеринин негизинде иш жүргүзөт. Мамлекеттин социалдык, экономикалык, маданий өнүгүүсүнүн аймактык программаларын иштеп чыгат ж-а ишке ашырат; райондун аймагында мамлекеттик ж-а коомдук тартипти сактайт; айыл чарбаны өнүктүрөт; райондун экономикалык өсүшүн тездетүүнү камсыз кылуучу өнүккөн инфраструктураны калыптандырат; табигый ресурстарды комплекстүү өздөштүрөт; биргелешкен ишканаларды, кызматтарды түзүү жолу м-н райондун экспорттоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет; дүйнөлүк рыноктун шарттарына ыңгайлашкан чарба жүргүзүүнүн жаңы формаларын аймактык деңгээлде иштеп чыгат; чет элдик капиталды, жаңы техниканы ж-а технологияны ишке тартуу үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыз кылат; чет өлкөлөр м-н соода-экономикалык ж-а илимий-техникалык кызматташууну өнүктүрөт; жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзөт, аны райондук кеңештин бекитүүсүнө коёт ж-а анын аткарылышын уюштурат; айыл өкмөттөрүнүн иштерине жетекчилик жүргүзөт ж.б. оз ишин өкүлчүлүктүү ж-а түздөн түз демократиялык жол м-н жүзөгө ашырат. Райондогу бардык эмгек жамааттары, коомдук бирикмелер м-н өз ара тыгыз байланышта иштейт. Республиканын Президентине, өкмөтүнө, Нарын облусунун губернаторуна отчет берет. Жумгал р-ндук мамлекеттик администрациясын администрация башчысы жетектейт. Аны облустук мамлекеттик администрациянын башчысы губернатордун сунушу б-ча Премьер-министрдин көрсөтүүсү м-н Кыргыз Респ-нын Президенти дайындайт. Ал аткаруучу ж-а тескөөчү бийлик жүргүзүп, атуулдардын эркиндиги м-н мыйзамдуу кызыкчылыгынын конституциялык укугун ишке ашырууну камсыз кылат, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын мыйзамдын чегинде иш жүргүзүүлөрүнө мамлекеттик көзөмөлдү ишке ашырат, райондун аймагындагы иштин абалы жөнүндө жылына кеминде бир жолу эл депутаттарынын кеңешине билдирип турат ж.б. Райондогу 10 айыл өкмөтү райондук мамлекеттик администрацияга баш иет. Райондук администрация 2 бөлүмдөн (социалдык-маданий маселелер ж-а жалпы) туруп, анда 8 адам иштейт. Райондук мамлекеттик администрация башчылары: Б. Самүдинов (1992-95), Э.А.Аманалиев (1995-1999), Кожеков Өмүрбек (1999-2000), 2000-жылдын

декабрынан Акиев Эламан, андан кийин Айтбаев Тариэль, азыр Керимов Памирбек.

ЖУМГАЛ РАЙОНДУК ЭЛ ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ (Чаек көчөсү, 127) – райондун өзүн өзү башкаруунун өкүлчүлүктүү органы, жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү шайлайт. 1992-ж. түзүлгөн. Ага чейин 1928-ж. Жумгал волосту болуп түзүлгөн, 1929-ж. Нарын кантонуна баш ийген. 1932-ж. Жумгал, Кочкор болуштугу биригип, Сталин р-ну уюшулган. 1995-ж. мартта эл депутаттарынын Жумгал р-нук кеңешинин аткаруу комитети түзүлгөн. 1930-36-ж. түздөн түз Кыргыз АССРине, 1936-38-ж. Кыргыз ССРине, 1938-ж. Тянь-Шань округдук комитетине, 1939-62-ж. эл депутаттарынын Тянь-Шань облустук советинин Аткаруу комитетине баш ийген. 1962-ж. Тянь-Шань облусу жоюлганда, Жумгал р-ну Кочкор р-нуна кошулуп, түздөн түз республикага баш ийген. 1965-ж. Жумгал р-ну Кочкор р-нунан бөлүнүп, кайрадан өзүнчө райондук кеңеш түзүлгөн. 1992-ж. эл депутаттарынын Жумгал райондук кеңешинин аткаруу комитети жоюлуп, азыркыдай аталган. Кыргыз Респ-нын Конституциясын, мыйзамдык укуктарын, талаптарын жетекчиликке алып, демократиялык принциптерге таянуу м-н өзүнүн уюштуруучулук ж-а жетекчилик иштерин жүргүзөт; райондун аймагында өзүн өзү башкаруу системасын өркүндөтүүнү ж-а калктын турмуштук маанилүү маселелерин чечүүнү көздөйт. Райондук кеңеште 1995-жылга чейин 75 депутат иштесе, азыркы кезде 21 депутат иш жүргүзөт. Райондук кеңеште 4 тармактык комиссия түзүлгөн: экономика, финансы, план ж-а бюджет маселелери; мыйзамдуулук, мамлекеттик ж-а коомдук тартипти сактоо; билим берүү, саламаттык сактоо, маданият ж-а жаштар иштери, азык-түлүк, эл керектөөчү товарлар ж-а кызмат көрсөтүү; өнөр жай, курулуш ж-а транспорт, экология маселелери б-ча. Райкеңеште төрага, үч адиси м-н иш жүргүзөт. Райондук кеңештен жетекчилери (төрагалары): Сатыбаев Саалы (1929-32), Жөөкүлүков Жунуш (1932-35), Белекбаев Токтомуш (1935-36), Калкаев Жумадин (1936-38), Модубаев Исмаил (1938-40), Чылпаков Боронбай (1940-41), Кудабаев Исаалы (1941), Курманов Карыпбай (1941-42), Орозкожоев Асанкожо (1942-44), Аманбаев Бексултан (1944-46), Жүзбаев Кадыр (1947-49), Деркенбаев Муса (1949-50), Ногойбаев Отунчу (1951-53), Оторов Жумалы (1953-58), Кадыров Сураган (1958-63), Сыргатаев Асанбек (1963-65), Сыдыков Мукайашым (1965-66), Үсөнов Кадыр (1965-71), Худолей Василий Маркович (1971-79), Калназаров Кайып (1979-82), Айдралиев Исагалы (1982-86), Исабеков Асанакун (1986-88), Алышүкүров Жолдошбек (1988-90), Соромбаев Жолдошбек (1990-91), Самудинов Бердибек (1992-93), Жээналиев Токтосун (1993-95), Карымбаев Канат (1995-96), 1997 жылдан Мусаев Болоткан.

ЖУМГАЛ РАЙОНУНУН "АРДАКТУУ АТУУЛДАРЫ" наамдарын алгандар: Абдылдаев Актан, Байсалов Эркин, Бегалиев Муратбек, Идинов Кубанычбек, Иманкулов Белек, Кубанычбеков Калыбек, Матиев Эркинбек, Мусаев Болоткан, Мусакожоев Шайлобек, Осмоналиев Тамил, Оморов Роман, Түмөнбаев Акылбек, Узакбаев Эмилбек, Чекиров Акималы, Шамбетов Кылыч ажы, Элебесов Жолдошбек, Акышов Талант.

ЖУМГАЛ РЕГИОНДУК «АГРОТЕХСЕРВИС» БОРБОРУ (Чаек айылы, Ак-Татыр көчөсү, 63). 1997-ж. 19-майда түзүлгөн. «Айылтехсервис» мамлекеттик акционердик лизинг компаниясына карайт. Борбордун негизги милдети райондун дыйкан чарбаларынын, фермерлеринин айыл чарба жумуштарына жардам берет, отоо чөптөргө каршы уу химикаттарды чачат. Ишкананын карамагында ар кандай маркадагы 11 автомашина, 5 трактор, 4 комбайн, түрдүү айыл чарба шаймандары

бар. 24 киши иштейт (1998). Жетекчиси Карамолдоев Турдакун (1997-2000), 2000-жылдан Мүлкүбатов Т.

ЖУМГАЛ ТОКОЙ ЧАРБАСЫ Кыргыз Респ-нын өкмөтүнө караштуу Токой чарбасы б-ча мамлекеттик агентствого карайт (кеңсеси: Чаек айылы, Ленин көчөсү, 174). 1929-жылга чейин Пишпек токойчулугунун «Тоолуу токой дачасы» деген ат м-н мамлекеттин карамагындагы токой фондусунда турган. Пишпек токойчулугунун базасында өзүнчө токой-курулуш бөлүмү болуп 1929-ж. уюшулган ж-а 132,9 миң га жер аянты бөлүнүп берилген. 1931-ж. Нарын токой чарбасынын Сталин атн. токой-курулуш бөлүмү болуп уюшулган. 1947-ж. Жумгал токой чарбасы болуп кайрадан уюштурулган. 1953-ж. 145,2 миң га аянтка картасы түзүлүп, аэрофото сүрөтү тартылган. 1961-ж. кайра тактоодо 169123 га, 1975-ж. 168134 га жалпы жер аянты берилген. 1979-ж. мындан Тогуз-Торо токой бөлүмчөсү (70332 га бөлүнүп), Суусамыр токой бөлүмчөсү (9144 га) кошулган. Жумгал р-ну тоолуу келип, деңиз деңгээлинен 1500-4500 м бийиктикте ж-а климаты ар түрдүү болгондуктан токой тилкелери бирдей шартта эмес. Жылдык жаан-чачындын топтолушу орточо 350 ммден ашпайт. Вегетациялык мезгилдин мөөнөтү 140 күн. Токой тилкесиндеги өсүмдүктөрдүн өсүп жетилиш процессине нымдуулуктун, аба температурасынын кескин өзгөрүп турушу тескери таасирин тийгизет. Токой тилкелеринде Тянь-Шань карагайы, кызыл карагай, арча ж.б. ийне жалбыректуу, терек, кайың, тал, кара жыгач, ак чечек ж.б. сыяктуу жазы жалбыректуу даректар; четин, ит мурун, чычырканак, шалбаа, аса-муса, долоно, табылгы, караган, карагат, ысырык, чекенди сыяктуу бадалдар, шалбаа, кара кыяк, бетеге сыяктуу тулаң чөптөр, дары өсүмдүк-төрдүн 200ден ашуун түрү өсөт. 1977-жылдан бери кол күчү м-н 1800 га бак-даректаротургузулган. Токой көчөттөрүн Ок-Торкой, Төрткүл тоо кыркаларына, дыйканчылык зоналарына отургузуу жыл сайын жүргүзүлөт. Токойду аркар, кулжа, эчки, теке, элик, карышкыр, суур, кашкулак, бүркүт, ителги, кыргый, куш, күйкө, жору, кара боор. кекилик, чил, кыргоол, булбул, күкүк, үпүп, улар, аңыр, өрдөк, курт-кумурскалар м-н сойлоочулардын көп түрлөрү мекендейт. Токой чарбасынын аймагында минералдык суулар абдан көп. Жумгал токой чарбасы төрт токой бөлүмчөсүнө бөлүнөт: Чаек токой бөлүмчөсү. Аянты 16846 га. бөлүм башчысы Эгембердиев Арзыбек; Миң-Куш токой бөлүмчөсү. Аянты 26350 га. Аймагында көмүр кени бар.Бөлүм башчысы Идирисов Талант; Ак-Көл токой бөлүмчөсү. Аянты 40471 га. Аймагында Ак-Көл көлү, көмүр коргошун кендери бар. Бөлүм башчысы өмүрзаков Доктурбек; Кара-Чийлүү токой бөлүмчөсү. Аянты 14135 га. Мында сейрек учуроочу аюу, жапайы чочко кездешет. Кызыл туздун кени бар. Бөлүм башчысы Жекшеналиев Нарынбек. Жумгал токой чарбасынын өнүгүшүнө ар мезгилдеги жетекчилери Сейдалиев Бекиш, Төлөгөнов Асылбек, Султанкулов Калыбек, Аманкулов Мирслав, Алышүкүров Жолдошбектер кыйла салым кошкон. Жалпы аянты 97808 га. Негизги токой массивинин узундугу чыгыштан батышка 120 км, түндүктөн түштүккө 50 км аралыкка созулат. Туруктуу 50, сезон учурунда 100 ден ашык адам иштейт (1998).

ЖУМГАЛ ТОО ТИЗМЕГИ Жумгал өрөөнүнүн түндүк жагында. Узундугу 54 кмге созулат. Орточо бийиктиги 3600 м, эң бийик жери – 4281 м (Кара-Мойнок чокусу). Тескей Ата-Тоонун (үкөк, Карагатты, Кызарт тоолору) батыш уландысы. Жумгал тоо тизмеги өз ара жарыш ж-а ачаланып кеткен бир нече кырка тоодон турат. Чыгыш бөлүгүндө Сандык, Кара-Мойнок тоолору кууш Чыгыш-сөөк өрөөнү м-н бөлүнөт. Батыш бөлүгү түндүк-чыгыштан түштүк-батышка созулган үч кырка тоого (Киндик, Жумгал, Ой-Кайың) ажырайт. Тоонун геологиялык түзүлүшү өтө татаал, батыш бөлүгү гранит-диорит интрузиясынан ж-а соңку протерозойдун

калындыгы 500-3000 м болгон филлит, кумдук, алевролит, ортоңку бөлүгү алгачкы палеозойдун гранит, гранидиоритинен, чыгышы ордовиктин калыңдыгы 1000-4600 мге чейинки кумдук, туф, порфирит, акиташ тегинен, конгломерат ж.б. тектерден турат. Тоо аралык ойдундарда палеоген-неоген ж-а антропогендин чөкмө тектери жатат. Тоо тизмегендеги нефелиндүү сиенит массивдери м-н алюминий кени байланыштуу (к. Сандык кени). Тоолордун капталдары бирдей эмес: Жумгал, Ой-Кайың тоолорунун тескей беттери тик ж-а кыска, күнгөйү жазы ж-а жантайыңкы. Киндик, Кара-Мойнок, Сандык тоолорунуку тескерисинче, капталдары айдөөш. Тоодон Батыш ж-а Чыгыш Каракол суулары башталат. Кара-Мойнок, Ой-Кайың тоолорунда майда мөңгүлөрү бар (жалпы аянты 7,3 км^2). Климаттык шарты бийиктикке карай өзгөрөт; жалпысынан кескин континенттик: абанын орточо температурасы январда -11,9°С, июлда 12,5°С; жылдык жаан-чачыны 300-400 мм. Тоонун ландшафты бийиктик алкактуулук б-ча өзгөрөт. Тоо этектеринде, айрыкча күнгөй беттеринде 2200-2300 мге чейин талаа (бетеге, шыбак); 2200-2800 мде шалбаалуу талаа (бетеге), бир аз жерин токой: 2800-3300 мде альп шалбаасы, шалбаалуу талаа; 3300 мден жогору шагыл таштуу, асказоокалуу нивалдык-гляциалдык алкак ээлейт. Жайыт катары пайдаланылат.

ЖУМГАЛ ТУРАК ЖАЙ КОММУНАЛДЫК ИШКАНАЛАР КОМБИНАТЫ (Чаек айылы). Чаек айылын көктөндүрүү, калкты таза суу м-н камсыз кылуу, мектеп, оорукана, кабат үйлөргө жылуулук берүү ж.б. жумуштарды аткарат. Калкты таза суу м-н камсыз кылууда Чаекке 3, Миң-Кушка 2 ж-а ар бир айылга бирден суу тосмолору курулган. Суу түтүкчөлөрү Жумгал



Жунусалиев У



Жунусов Ж



Жунушбаев К

(узундугу 8,7 км), Жаңы-Арык (7,8 км), Куйручук (16,9 км), Түгөл-Сай (17,8 км), Баш-Кууганды(12,4 км), Байзак (20,6 км), Көк-Ой (7 км), Чаек (10 км) айыл өкмөттөрүндө ж-а Миң-Куш шаарчасында (37 км) иштейт.

ЖУНУСАЛИЕВ Уйчубек (1945-ж.т. Сары-Камыштагы «Бирлик» колхозу) Фрунзедеги медициналык окуу жайын бүтүрүп, 1964-ж. Нарын, Сүлүктү ш.ш. тиш техниги болуп иштеген. 1964-67-ж.ж. Фрунзедеги «Кыргызавтомаш» заводунда жумушчу болуп иштеп, 1967-71-ж.ж. КМУну сырттан окуп бүтүргөн. Нарын ш. прокуратурасында үйрөнчүк, тергөөчү, ага тергөөчү, 1971-ж. Облпрокуратурада прокурор криминалист, 1978-ж. Партиянын обкомунда нускоочу, 1980-81-ж.ж. Нарын ш. Эл сотунун Төрагасы, 1981-87 ж.ж. шаарпрокурорунда ага төргөөчү, 1987-91 ж.ж. Ат-Башы райпрокуратурасынын жардамчысы, облпрокуратурада болүмдүк прокурор болуп иштеген. 1993-ж. бери Жумгал райпрокуротурасында жардамчы болуп иштейт. Кыргыз Республикасынын башкы прокурорунун Ардак грамотасы, республиканын профсоюзунун Ардак грамотасы, Республиканын башкы прокурорунун «Прокуратуранын ардактуу кызматкери»деген төш белгиси м-н сыйланган. Юстициянын 2-класстагы Кеңешчиси.

ЖУНУСОВ Жайнак (12.12.1937-ж.т., Кара-Чий айылы) – «Ардак Белгиси» орденинин ээси. 1968-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1950-62-ж. өз айылында дыйкан, тракторчу, жыгач уста, дүкөнчү, 1968-78-ж. Кочкор районунун «Соң-Көл», «Теңдик» совхоз-дорунда,



Жунушалиев Б. Ч.



Жунушалиев Б



Жунушалиев Ш



Жунушова З

1978-80-ж. айыл чарба башкармасында башкы агроном, 1980-82-ж. Нарын облустук айыл чарба башкармасында начальниктин орун басары, 1982-84-ж. «Кызыл-Ой» совхозунда директор, 1984-86-ж. «Кызарт» совхозунун №2 фермасында башкаруучу, 1986-94-ж. ушул совхоздун башкы агроному болуп иштеген. Нарын облустук советине 2 жолу депутат болуп шайланган. Медалдар м-н да сыйланган.

ЖУНУШАЛИЕВ Бактыбек Чуңкулович (17.11.1955-ж.т., Беш-Терек айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1980-85). 1970-ж. кесиптик-техникалык окуу жайын бүткөн. 1972-91-ж. «Чаек» колхозунда трактортчу, 1991-жылдан дыйкан чарбасында иштейт. ВЛКСМдын 19-сүездинин делегаты (1982). Монголияга тажрыйба алмашууга барган (1983). «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖУНУШАЛИЕВ Бекмырза (1941-ж.т.)1968-ж. Фрунзе Политехникалык институтун бүтүргөн, Токтогул, Жумгал райМСОдо инженер, начальник. Миң-Куш РСУда начальник болуп иштеген.

ЖУНУШАЛИЕВ Шаршен (1928-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын мал чарбасына эмгек сиңирген устаты (1976). 1944-89-ж. «Кызарт» совхозунда баш чабан болуп иштеген. Ар жүз тубар койдон 150ге чейин төл алган. 1989-жылдан озгөчө сиңирген эмгеги үчүн пенсияда. «Октябрь Революциясы» (1977), «Эмгек Кызыл Туу» (1973) ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖУНУШБАЕВ Карагул (1936-ж.т. Эпкин айылы). 1976-ж. талаачылыкта жетишкен ийгиликтери үчүн 3-даражадагы «Данк» ордени м-н сыйланган.

ЖУНУШЕВ Зарип (1913, Чаек айылы – 1983, ошол эле жер) – колхоз ондүрүшүнүн активдүү катышуучусу, «Чаек» колхозун уюштуруучулардын бири. 1930-жылдан «Чаек» колхозунун башкармасынын төрагасы, уй, жылкы, кой фермалардын башчысы болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖУНУШОВА Зууракан (1945–ж.т. Куйручук айылы) КМУну бүтүргөн. Кызыл Туу колхозунда бухгалтер, экономист болуп иштеген (1962-75-ж.ж.). Айылдык Кеңештин төрайымы, Айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп туруп (1975-96-ж.ж.) пенсияга чыккан. Айылдык Кеңешке бир нече жолу депутат болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, бир нече медалдар м-н сыйланган. Туулуп өскөн айылындагы көчөгө ысымы берилген.

ЖУСУПОВ Асанбек (1939-ж.т. Кайырма айылы) Чарбалык ишмер. Финансы кредит техникумун (1959-ж.), КМУну (1966-ж.), Алма-Атадагы партиялык жогорку мектепти (1979-ж.) бүтүргөн. Ленин атын. колхоздо башкы бухгалтер (1959-73-ж.ж.), Нарын облустук Элдик көзөмөл комитетинде инспектор (1973-74-ж.ж.), Көкө-Мөрөн совхозунда парткомдун катчысы (1974-77-ж.ж.), партиянын Жумгал районунун бөлүм башчысы (1979-81-ж.ж.), 1981-88-ж.ж. Өрнөк колхозунда башкарманын Төрагасы, 1988-92-ж.ж. Ленин колхозунда башкы бухгалтер болуп иштеген. Райондук кеңештин 3 жолку, айылдык Кеңештин бир нече жолку депутаты.

ЖҮЗБАЕВ Кадыр (1910-ж.т., Чаек айылы) — чарбалык ишмер, 1938-ж.



Жүзбаев К



Жусупов А



Жундубаев Б



Жыргалбеков К

Бишкектеги С.М.Киров атн. коммунисттик жогорку окуу жайынын партиялык факультетин бүткөн. 1930-32-ж. Жумгал болуштугунда Кулжыгач айыл кеңешинин катчысы, 1932-36-ж. «Жумгал» совхозунда ферма башчысы, 1938-39-ж. Кыргызстан КП Бишкек шаарындагы Свердлов райкомунун 2-катчысы, 1939-41-ж. Ак-Талаа МТСинин саясий бөлүмүнүн директорунун жардамчысы, 1941-42-ж. Жумгал райкомунда бөлүм башчы, 1942-44-ж. «Кочкор» совхозунда саясий бөлүмдүн начальниги, 1944-46-ж. Жумгал р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1946-51-ж. Жумгал даярдоо конторасынын башкаруучусу, 1951-53-ж. айыл чарба ж-а даярдоо башкармасынын начальниги, 1953-54-ж. райаткомдун төрагасынын орунбасары, 1954-59-ж. Ленин атн. колхоздун башкармасынын Төрагасы, 1960-61-ж. кыш заводунун башчысы, 1961-71-ж. Ак-Көл, Миң-Куш, Чаекте склад башчысы болуп иштеген. «Эмгек Кызыл Туу» ордени (1957) ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖҮНДҮБАЕВ Биялы (1930, Эпкин айылы – 2000-ж. ошол эле жер) – «Ардак Белгиси» орденинин ээси. 1952-ж. КМУнун география факультетин, 1975-ж. Москвада жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1952-62-ж. Түгөл-Сай, Бирлик мектептеринде директор, 1962-75-ж. Таш-Дөбө, Дыйкан колхоздорунда, Жумгал совхозунда парткомдун катчысы, 1975-90-ж. А.С.Пушкин атн. Түгөл-Сай орто мектептеринин директору болуп иштеген. Медалдар, СССР Жогорку Советинин (1975), Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1975) Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ЖЫЛУУЛУК БЕРҮҮ ИШКАНАСЫ (Чаек айылы). Райондук жылуулук берүү ишканасы 1994-ж. Жумгал коммуналдык чарбалык ишканасынан озүнчо мекеме болуп бөлүнүп чыккан. Карамагында 4 от казан болгон. 2 от казан электр жылуулук м-н иштеп, райондук администрацияны ж-а 100 квартиралуу турак үйдү, 2 от казан көмүр м-н иштеп, 32 ж-а 8 квартиралуу турак үйлөрдү тейлеген. Ишкананын карамагына 1996-ж. Ак-Татыр орто мектебинин от казаны, Чаектеги суу түтүгү бөлүмчөсү, мончо, райондук китепкананын ж. б. от казандары өткөрүлүп берилген. Ишкана ушул мекемелерди жылуулук, Чаек айылын, мектеп, бала бакча ж.б. ичүүгө жарактуу суу м-н камсыз кылат. 1 суу тартуучу, 1 ГАЗ-53 маркасындагы автомашинасы бар. Ишканада туруктуу 26 (кышкы сезондо 60) адам иштейт (1998).

ЖЫРГАЛБЕКОВ Карабай (1.1.1938-ж.т., Ак-Талаа р-ну, Коңорчок айылы) – Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы (1973-78). 1955-ж. Бишкек айыл чарба техникумун, 1961-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун, 1970-ж. Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1961-65-ж. Тогуз-Торо р-нунда зоотехник, комсомолдун Тогуз-Торо, Ак-Талаа р-ндук комитеттеринин катчысы, Кыргызстан ЛКЖС БКда бөлүм башчы, 1965-70-ж. Кыргызстан КП БКда инспектор, айыл чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1970-73-ж. Тогуз-Торо райкомунун 1-катчысы, 1979-87-ж. Ош облусунда облустук айыл чарба мекемелеринде жетекчи кызматтарда,



Жээналиев Т



Жээнбаева К

1987-96-ж. Ак-Талаа районунда Ленин атн. колхоздун башкармасынын Торагасы, 1996-жылдан «Кыргызжанармай» компаниясынын 1-вице-президенти. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 жолу депутаты (1971-80). 2 «Ардак Белгиси» орден.и, медалдар м-н сыйланган.

ЖЭЭНАЛИЕВ Токтосун (31.10 1935-ж.т., Түгөл-Сай айылы) – эл депутаттарынын Жумгал р-ндук кеңешинин Торагасы (1992-95). Кыргыз айыл чарба институтунун зоотехния факультетин бүткөн. 1957-58-ж. Сталин атн. колхоздо, 1958-59-ж. райондук айыл чарба инспекциясында башкы зоотехник, 1959-60-ж. «Дыйкан» колхозунун башкармасынын Төрагасы, 1960-62-ж. «Кызыл-Туу» колхозунда башкы зоотехник, 1962-63-ж. «Совет» колхозунун парткомунун, 1963-64-ж. «Кызыл-Туу» колхозунун партиялык уюмунун катчысы, 1964-67-ж. Кочкор районундагы «Соң-Көл» совхозунун башкы зоотехниги, 1967-70-ж. ошол райондогу «Шамшы», Ленин атн. колхоздордун башкармасынын Төрагасы, 1970-73-ж. Жумгал р-нун-дагы Кыргызстандын 40 жылдагы атн. колхоздун башкы зоотехниги, 1973-81-ж. Ат-Башы р-нундагы «1-Май» колхозунун, 1981-90-ж. Жумгал р-нундагы «Кызыл-туу» колхозунун башкармасынын Торагасы, 1990-92-ж. «Большевик» совхозунун башкы зоотехниги болуп иштеген. 1995-жылдан персоналдык пенсияда. Эл депутаттарынын райондук, айылдык советтерине бир нече жолу депутат болуп шайланган. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЖЭЭНБАЕВА Качкын (1939-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты (1967-75), Баатыр эне (1984). 1957-67-ж. Жумгал совхозунда жардамчы чабан, 1967-89-ж. баш чабан болуп иштеген. 1967-75-ж. ар тубар койдон 115-120дан козу алган. 1989-жылдан дыйкан чарбасында эмгектенет. Облустук, райондук айыл советтерине бир нече жолу депутат болуп шайланган. 1-даражадагы «Эмгек даңкы» ордени, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.

З



ЗАРИПОВ Асаналы (1948-ж.т., Чаек айылы) – Жумгалдан чыккан автоинспекциянын кызматкери, милициянын полковниги. 1974-ж. Бишкек политехника институтун бүткөн. 1966-78-ж. Ленин атн. заводдо жумушчу, «Кыргызавтомаш» заводунда мастер, инженер, цехтин смена начальниги болуп иштеген. 1978-99-ж. облустук, республикалык мамлекеттик автоинспекция тармагына жетекчилик кызматтарда, 1999-2000-ж. «Бетме-Бет» гезитинин редактору-нун орунбасары, 2001-жылдан Кыргыз Респ-нынын Ички иштер министрлигинин алдындагы Милиция академиясынын тарбия бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. «Милициянын отличниги», Ардак грамоталар ж-а медалдар м-н сыйланган.

И



Ибраимов А



Ибраимов К



Ибраимов К



Ибраимов Т

ИБРАИМОВ Ажыке (1914, Эпкин айыл – 1993, ошол эле жер) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1976). Бишкек педагогикалык окуу жайын бүткөн. 1931-жылдан «Большевик» совхозунда эсепчинин жардамчысы, Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы басма создөө мамлекеттик жашыруун сырларды сактоо б-ча башкы башкармасында редактор, 1941-45-ж. Ат-Башы р-нунда мектеп директору, элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, партиянын Ат-Башы райкомунун үгүт-насаат бөлүмүнүн башчысы, Тянь-Шань райкомунун инструктору, 1946-55-ж. Кыргызтан КП Жумгал райкомунда парткабинет башчысы, райкомдун катчысы, 1955-76-ж. Жаңы-Арык, А.С.Пушкин атн. орто мектептердин директору, 1976-78-ж. М.Алыбаев атн. орто мектепте мугалим болуп иштеген. «Эл агартуу отличниги». «Эмгек Кызыл Туу» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ИБРАИМОВ Касымбек Ажыкеевич (1960-ж.т. Кызарт айылы). Кыргыз айыл чарба институтунун «Гидромелиорация» факультетин бүтүргөн. Ак-Талаа ПМКсында «Фрунзе водьмалстрой» тресте Кыргыз Республикасынын суу чарба министрлигинде мастер, прораб,ПТОнун, жетекчиси (1982-ж.), Ак-Талаа УОСнун башкы инженери (1986-90-ж.ж.), Жумгал ПМКнын прорабы (1990-95-ж.ж.), Жумгал Топбазасынын директору (1995-97-ж.ж.), Жумгал УОСтун начальниги болуп иштейт. Райондук Кеңештин депутаты (2000-ж.).

ИБРАИМОВ Курманбек (15.5.1941-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын онор жайына эмгек сиңирген кызматкер (1993), 1965-ж. Бишкек политехника институтунун энергетика факультетин бүткөн. 1965-74-ж. Жумгал райондук электр тармактар башкармасынын начальниги, 1974-79-ж. Ат-Башы ГЭСинин начальниги, 1979-85-ж. Чүй, Аламүдүн р-ундук электр-тармактарынын начальнигинин орунбасары, 1985-90-ж. Чүй облустук электр тармактар ишканасында директордун орунбасары. Жумгал р-нунун, Чүй облусунун айыл-кыштактарын электрлештирүү, электр линияларын, подстанцияларды куруу ж.б. б-ча кыйла салымы бар. Медалдар м-н сыйланган.

ИБРАИМОВ Тяньшань (10.10. 1940-ж.т., Беш-Терек айылы) – Кыргыз Респ-нын маданиятына эмгек сиңирген ишмер (1993). 1962-ж. Бишкек кечки машина куруу техникумун, 1969-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1959-62-ж. Бишкек физикалык приборлор заводунда жумушчу, 1962-78-ж. Кыргыз ССР телерадио комитетинде оператор, 1978-98-ж. башкы оператор, 1996-жылдан насаатчы-оператор болуп иштейт. 1980-ж. Москвада өткөн 22-Олимпиаданы телеге тартууга катышкан. Бир катар телефильмдерди тарткан. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган (1980).



Игембердиев З



Игембердиев С



Идинов А

ИГЕМБЕРДИЕВ (туурасы – Эгембердиев) Зыфар (1908, Сары-Камыш айылы – 21.10 1974, Бишкек) – хирург, медицина илимдеринин доктору (1958), профессор (1966). Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген врачы (1949). 1933-ж. Москва медицина институтун бүткөн. 1934-40-ж. Кызыл-Кыя ж-а өзгөн шаардык ооруканаларында башкы врач, хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1940-42-ж. Ош облустук ооруканасында, Бишкек шаардык клиникалык ооруканасында башкы врач, 1942-46-ж. гвардиялык аткычтар дивизиясынын медицина-санитариялык батальондорунун башкы хирургу болуп Румыния, Болгария, Югославия, Венгрия, Австрияга чейин барган. 1946-48-ж. Кыргыз-стан саламаттык сактоо министринин 1-орунбасары. 1948-50-ж. министр, 1951-54-ж. СССР медицина илимдер академиясында докторант, 1954-60-ж. КММИде илим б-ча проректор, 1960-74-ж. КММИнин госпиталдык хирургия кафедрасынын башчысы. Эмгектери күйүктөн болгон травма, андагы шоктун түрлөрүнө, алардын бөйрөктүн ишине тийгизген таасирин изилдөөгө арналган. Анын демилгеси ж-а уюштуруусу м-н респуб-ликада күйүк оорулар борбору ачылган. 180 илимий эмгектин автору. Анын жетекчилиги м-н 2 докторлук, 6 кандидаттык диссертация корголгон. «Эмгек Кызыл Туу», 2-даражадагы Ата Мекендик согуш, «Кызыл Жылдыз» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ИГЕМБЕРДИЕВ (туурасы – Эгембердиев) Самыйбек Абазович (1.11.1923-ж.т., Сары-Камыш айылы) – геолог, Кыргыз Респ ны н мамлекеттик сыйлыгынын (1972) ж-а СССР мамлекеттик сыйлыгын (1976) лауреаты. 1940-41-ж. КММИде окуган, 1942-ж. жөө аскерлер окуу жайын бүткөн, 1942-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1952-ж. С.Орджоникидзе атн. Москва геологиялык чалгындоо институтун бүткөн. 1952-55-ж. Кадамжай, Терек рудниктеринде участкалык геолог, улук геолог, 1955-59-ж. геологиялык партиянын начальниги, 1959-75-ж. Кыргыз ССР Геология башкармасынын начальниги-нин 1-орун басары-башкы инженери, 1975-88-ж. начальниги, 1988-89-ж. Геологиялык чалгындоо иштери б-ча Кыргыз өндүрүштук бирикмесинин (геология башкармасы ушундай өзгөртүлгөн) башкы директору болуп иштеген. 1989-жылдан персоналдык пенсияда. Кыргызстандагы сымаптын ири кендирин, калай кендирин ачууга ж-а чалгындоого жетекчилик кылган. Кыргыз ССРинин геология кызматына эмгек сиңирген кызматкер (1978), Кыргыз ССР Жогорку Советине 3 жолу (1975-90), Бишкек шаар кенешине 4 жолу, Биринчи май райкенешине депутат болуп шайланган. «Кен чалгындоо отличниги», «Ардактуу кен чалгындооч». 2-даражадагы Ата Мекендик согуш, 2 «Эмгек Кызыл Туу» ордендери ж-а 7 медаль, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Кыргызстан Компартиясынын 17-, 18-съездеринин делегаты.

ИДИНОВ Айып (1927, Жаңы-Арык айылы – 18.10.1997, Бишкек) – тарыхчы, тарых илимдеринин доктору (1978), профессор (1981). «Кыргыз Респ-нын билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкери» (1993). 1951-ж. Кыргызстан КП БКнын алдындагы республикалык



Идинов К



Иманалиев Н

партиялык мектепти, 1958-ж. КМУнун тарых факультетин, 1961-ж. КМУнун аспирантурасын бүткөн. 1943-49-ж. Жаңы-Арык айыл кеңешинин катчысы, комсомолдун Жумгал райкомунун 2-, 1-катчысы, Тянь-Шань обкомунун катчысы болуп иштеген. 1961-ж. кандидаттык, 1977-ж. докторлук диссертациясын коргогон. 1962-93-ж. КМУда улук окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы (1980-93), КМУнун парткомунун катчысы (1972-74), 1993-жылдан Кыргыз Билим берүү институтунун бөлүм башчысы ж-а И. Арабаев атн. Кыргыз мамлекеттик педагогика университетинде профессор болуп иштеген. Анын негизги эмгектери Кыргызстандын партиялык уюмдарынын колхоздук өндүрүштөгү жетекчилигинин тарыхына, айылдык партиялык уюмдардын иштөө стилинин методдорунун жакшыртылышына, коммунисттердин авангардык ролун жогорулатууга ж.б. арналган. 130дан ашык илимий, илимий-усулдук эмгектин (а.и. 6 монография) автору. Анын жетекчилиги м-н орто мектептер үчүн «Кыргызстан тарыхы», «Жалпы тарыхы» б-ча жаңы программалар түзүлгөн. 1990-ж. «Кыргызстан» демократиялык кыймылынын университеттеги уюмун түзүүгө активдүү катышкан. Бир нече жолу Нарын облустук ж-а Бишкек шаардык кеңештердин депутаттыгына шайланган. СССР Жогорку билим берүүсүнүн, Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличиниги (1965). Көптөгөн медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган. 1998-ж. ысымы Кызарттагы орто мектепке ыйгарылган.

ИДИНОВ Кубанычбек (16.7.1949-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – экономист. экономика илимдеринин доктору (1993). 1970-ж. КМУну, 1988-ж. Россия Башкаруу академиясын бүткөн. 1972-80-ж. Кыргыз Респ-нын Илимдер академиясында илимий кызматкер, комсомол комитетинин катчысы, 1980-86-ж. Кыргызстан КП БКнын инструктору, сектор башчысы, айыл чарба бөлүмүнүн башчысы. 1986-90-ж. Ысык-Көл райондук Аткаруу комитетинин төрагасы. 1990-92-ж. Нарын облустук кеңешинин төрагасынын орунбасары. 1992-жылдан Жогорку Кеңештин эл аралык ж-а парламенттер аралык туруктуу комиссиясынын Төрагасы, 1993-жылдан Жогорку Кеңештин контролдоо палатасынын Төрагасы, Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990-жылдан). 1997-жылдан экология, туризм ж-а спорт б-ча комитетинин Төрагасы. 50дөн ашык илимий эмгектин автору. Эл аралык университеттин профессору. «Жумгал р-нунун ардактуу атуулу».

ИМАНАЛИЕВ Насырынбек (1.1.1929, Түгөл-Сай айылы – 4.9.1982-ж., ошол эле жер) – мамлекеттик ишмер. 1947-ж. мугалимдер институтун, 1959-ж. Москвадагы жогорку партиялык мектепти, 1971-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1947-50-ж. М. Алыбаев атн. орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы. 1950-52-ж. Жаңы-Арык орто мектебинде директор, 1952-57-ж. комсомолдун Нарын обкомунун катчысы, 2-катчысы, 1959-65-ж. Кыргызстан КП Кочкор райкомунун 3-,2-катчысы, эл депу-таттарынын Кочкор райондук совет-инин Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1965-66-ж. Жумгал райком-унун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1966-77-ж. «Кызарт» совхозунун директору, 1977-82-ж. Нарын облустук совхоздор б-ча тресттин акими болуп иштеген. «Октябрь Революциясы» (1971), «Эмгек Кызыл Туу» (1973), «Ардак Белгиси» (1975) ордендери, медалдар м-н сыйланган. 1976-ж. Нарын облустук советине



Иманалиев О



Иманкулов Б



Исабеков А

депутат, Кыргызстан Компартиясынын 15-16-сьезддерине делегат болуп шайланган.

ИМАНАЛИЕВ Оволбек Салыкбаевич (10.4.1933-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – «Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген экономисти» (2000). 1954-ж. Бишкек финансы-экономикалык техникумун, 1962-ж. КМУнун экономика факультетин, 1966-ж. Алматыдагы партиялык жогорку мектепти бүткөн. 1954-63-ж. Жумгал, Кочкор эл банктарында эсепчи, башкы эсепчи, башкаруучу, 1963-64-ж. Кыргызстан КП Кочкор райкомунда инспектор-уюштуруучу, 1966-68-ж. Кочкор районундагы «Теңдик» колхозунун парткомунун катчысы, 1968-70-ж. Кыргызстан КП Кочкор райкомунун 2-катчысы, 1970-75-ж. эл депутаттарынын Кочкор райондук советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1975-95-ж. Жумгал р-ндук финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы, 1995-98-ж. мамлекеттик администрацияда жооптуу кызматкер болуп иштеген. Облустук советке 2 жолу, райондук советке 11 жолу депутат болуп шайланган. «Эмгек Кызыл Туу» ордени (1971) ж-а көптөгөн медалдар, дипломдор, төш белгилер м-н сыйланган. Кыргызстан ЛКЖСнын ж-а Кыргызстан КПнын 15-сьездеринин делегаты.

ИМАНБАЕВ Жунушалы (1910-1992-ж.ж.) Фрунзе педокуу жайын бүткөн. Кетмен-Төбөдө мугалим, Көк-Ой мектебинин директор, Чаек, Көк-Ой, Сары-Камыш айылдык Кеңештеринде Төрага, Ак-Татыр колхозунда башкарма болуп иштеген. Кийин УОСто суу техниги болуп туруп пенсияга чыккан.

ИМАНКУЛОВ Белек (22.6. 1940-ж.т., Колмо жайлоосу, Кургак – Колот конушу) – геология минералогия илимининн кандидаты (1975), улук илимий кызматкер (1983). 1963 ж Москвадагы С. Орджоникидзе атн. геология-чалгындоо институтунун гидро-геология ж-а инженердик геология факультетин бүткон. 1963-65-ж. «Кыргызгидросуучарба» долбоорлоо институтунда, 1965-89-ж. Кыргыз илимдер академиясынын Геология институтунда кенже, улук илимий кызматкер, лаборатория башчысы, 1989-жылдан «Бейиш» элдик медицина борборунда бөлүм башчы. 90дой илимий эмгектин (а.и. 7 монография) автору. Анын илимий иштери негизинен гидрогеология илиминин теориялык ж-а практикалык маселелерине: экологияга, жер алдындагы минералдык сууларга арналган. Ал жаратылыштын касиеттери деген жаңы илимий тармактын пайда болушуна чоң салым кошкон. Кыргызстандын минерал байлыктарынан мурда медицинада пайдаланылбаган дарыларды ж-а косметикалык каражаттарды алууда Кыргызстандыгы алгачкы 8 патенттин ээси. 1997-ж. «Кыргызпатент» уюштурган республикалык «Ойлоп табуучулардын 1993-96-жылдардагы эң жакшы көрсоткүчтөрү» үчүн аттуу конкурста ал 1-орунду (кесиптештери м-н бирге) ээлеген. «Жумгал р-нун ардактуу атуулу» (1998).

ИРРИГАЦИЯЛЫК КУРУЛМАЛАР, к. Суу чарба башкармасы.

ИСАБЕКОВ Асанакун Акылбекович (2.6.1939-ж.т., Нарын р-у, Жерге-Тал айылы) – Жумгал райондук аткаруу комитетинин Төрагасы (1986-88). Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген ирригатору (1981). 1967-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун, 1988-ж. Ташкендеги жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1971-82-ж.



Исабекова Ш



Исаков Б

Нарын райондук, облустук сугат тармактар башкармасында инженер, начальник, 1982-86-ж. Кыргызстан КП Нарын обкомунда болүм башчы, 1988-93-ж. Ысык-Көл облустук суу чарба башкармасында начальник, Кыргыз Респ-нын мелиорация ж-а суу чарба министринин 1-орунбасары, 1992-жылдан Чүй район аралык, Чүй облустук суу чарба башкармасынын начальниги. «Эл достугу» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ИСАБЕКОВ Сыягул (15.1.1924, Кызыл-Туу) – Жумгал элдик театрынын алгачкы артисттеринин бири, обончу. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1940-49-ж. Нарын облустук театрында артист, 1952-54-ж. Жумгал райондук пландоо комиссиясынын төрагасы, 1954-74-ж. Миң-куш «Оргтехника» заводунда иштеген. «Ардак Белгиси» ордени, көптөгөн медалдар м-н сыйланган. Көптөгөн обондуу ырлардын автору.

ИСАБЕКОВА Шарипа (1933-ж.т., Чаек айылы) – «КР маданият ишмери». 1953-ж. Бишкектеги Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык окуу жайын, 1965-ж. Ош педагогикалык окуу жайын бүткөн. 1953-62-ж. Жумгал р-нундагы Ак-Татыр, Чаек, Талас облусунун Киров р-нундагы Шекер, Грозный, Жалал-Абад облусунун Караван р-нундагы Таш-Дөбө, Калинин р-нундагы Фрунзе атн. орто мектептерде биология, химия мугалими, 1965-86-ж. Жумгал райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, 1986-91-ж. райондук киноустановка дирекциясынын директору, 1991-95-ж. райондук маданият бөлүмүндө инспектор болуп иштеген. Элдик театрдын, «Бекбекей» ыр-бий, «Ак-Шоола» эстрадалык ансамблдеринин уюштурулушуна, өнүгүшүнө коп салым кошкон. Вильнюста өткөн Бүткүл союздук 1-ыр-бий фестивалынын лауреаты (1977). 1965-92-ж. райондук советке депутат болуп шайланган. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар, КПСС БК, СССР Министрлер Совети ж-а ВЦСПСтин Ардак грамотасы, министрликтердин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ИСАКОВ (Ысак уулу) Бейменжан (1924-ж.т., Кызыл-Туу айылы – 2002, ошол эле жер) – чарба жетекчиси. Кыргызстан КП БКнын алдындагы партиялык мектепти (1956-59), 1968-ж. КПСС БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1942-49-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 1949-ж. Кызыл-Туу айыл кеңешинин катчысы, 1950-51-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунда инструктор, 1951-54-ж. айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 1954-55-ж. МТСте инспектор, 1959-60-ж. «Совет» колхозунда парторг, 1960-72-ж. «Кызыл-Туу» колхозунун башкармасынын төрагасы болуп иштеген. Ошол кезде колхоздун өнүгүшүнө чоң салым кошкон, айылга клуб, эки кабат мектеп, бала бакча, мончо ж.б. курулган, жол салынган. 1972-85-ж. мектепте мугалим, директор болуп иштеген. Санжырачы катары да белгилүү болгон. 2 Ата Мекендик согуш ордени, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. "Кыргыз ССР эл агартуу отличниги" (1984). Көп жолу райондук ж-а айыл Кеңештерине депутат болуп шайланган.

ИСАКОВА Бүбүайым (7.2.1946-ж.т, Түгөл-Сай айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1980-85). 1971-95-ж. Миң-Куш «Оргтехника» заводунда жумушчу болуп иштеген. 1995-жылдан ардактуу эс алууда.

ИСКЕНДЕРОВА Манарбүбү Эне 1946-ж. партиянын Ак Талаа райкомунун аялдар бөлүмүн башкарат. 1959-64-ж.ж.



Искенов Б



Исмаилов Б



Искендерова М

Ленин атын. колхоздун жетекчиси, 1964-65-ж.ж. партиянын Кочкор райкомунда инспектор болуп эмгектенет. 1965-ж.ж. «Жумгал» совхозунда партуюмдун катчысы, «Кызарт» совхозунда жумушчулар комитетинин төрайымы болот. Манарбүбү эне бир нече жолу райондук, облустук кеңештерге депутат, Кыргызстан аялдарынын,Кыргызстан КП съездерине делегаттыка шайланган, 3 жолу Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин грамотасын бир нече медалдарды алууга арзыган. Манарбүбү эне, өзүнүн 5 баласына дагы 3 бала кошуп баккан боорукер адамдарыбыздын бири. Азыр Эненин 20 жуук небереси, 10дон ашуун чөбөрөсү бар. Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондусунун 10 жылдыгына байланыштуу «Кутман эне» деген ардактуу наам берилген.

ИСКЕНДЕРОВА Мынар (1922-ж.т., Ак-Талаа р-ну, Дөрбөлжүн айылы) – чарба жетекчиси. 1946-ж. республикалык партиялык мектепте 1 жыл, 1951-54-ж. 2 жыл окуган. 1962-ж. Ысык-Көл совхоз техникумун бүткөн. 1942-45-ж. Ак-Талаада жумушчу, 1946-ж. Кыргызстан КП Ак-Талаа райкомунда аялдар бөлүмүнүн башчысы, 1946-51-ж. Тогуз-Торо райкомунда пропогандист, 1954-59-ж. Ак-Талаа райкомунда пропоганда ж-а агитация бөлүмүнүн башчысы, 1959-64-ж. Ленин атн. колхоздун башкармасынын төрагасы, 1964-65-ж. Кочкор райкомунда инспектор (Жумгал зонасынын жарымына), 1965-66-ж. Жумгал районунун «Жумгал» совхозунда, 1966-67-ж. «Кызарт» совхозунда парткомдун катчысы, 1967-77-ж. «Кызарт» совхозунда жумушчулар комитетинин Төрагасы болуп иштеген. Бир нече жолу Тянь-Шань облустук, райондук советке депутат, Кыргызстан аялдарынын сьездерине делегат болуп шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамоталары ж-а көптөгөн медалдар, 1962-ж. «Волга» автомашинасы м-н сыйланган.

ИСКЕНОВ Болотбек (1943-ж.т. Жаңы-Арык айылы). 1966-ж. КМУну бүтүргөн. Чарбалык эсеп ж-а эмгек акы төлөө боюнча көрүнүктүү адис. Эмгек жолун «Большевик» ж-а "Жумгал" совхозунда (1966-1974-ж.ж.) башкы экономист болуу м-н баштаган. 1974-76-ж.ж. Республиканын айыл чарбасынын финансылоо башкармасынын башкы экономисти, 1983-76-ж.ж. Айыл чарба министрлигинин көзөмөлдөө-текшерүү башкармасында башкы текшерүүчү, Басма сөз ж-а маалымат министрлигинде башкы текшерүүчү (1985-88-ж.ж.), 1988-90-ж.ж. Кант райондук Агро-өнөр жай өндүрүштүк бирикмесинде эмгек акы төлөө боюнча башкы экономист, 1989-90-ж.ж. Экология министрлигинде башкы текшерүүчү, 1992-96-ж.ж. шаардык соцфонддун башкармалыгында башкы текшерүүчү болуп эмгектенген, Кыргызстан ЛКСМ БКнын Ардак грамотасы (1968-ж.) "Эмгектеги каармандыгы үчүн» (1971-ж.) медалы м-н сыйланган. «Ички чарбалык эсепте совхоздордо материалдык жактан төлөөнүн жолдору» («Бишкек» 1975-ж.), «Совхоздорду чарба эсепке өткөрүүнүн ыкмасы» (1974-ж) аттуу китептердин автору, 15ке жакын чарба ишине байланыштуу макалалары жарыяланган.

ИСМАИЛОВ Бекиш (1922-ж.т. Чаек айылы) Кыргызстан КП БКнын алдындагы партиялык жогорку мектепти (1958-ж.) Алма-Атадагы партиялык жогорку мектепти (1968-ж.) бүткөн. 1941-



Исмаилов И



Исмаилов С



Исмаилов Д

46-ж.ж. Ата Мекендик согушка катышып Сталинград, Дон, Украина фронтторунда болгон 2-даражадагы «Ата-Мекендик согуш» ордени, бир нече медалдар м-н сыйланган. «Кызыл-Жылдыз» мектебинде мугалим (1946-49-ж.ж.), «Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармасы (1949-50-ж.ж.) 1950-54 ж.ж. бухгалтер, райкомдун катчысынын жардамчысы, райкомдун инструктору. КП БК алдындагы РПШнын угуучусу 1954-58-ж.ж. Партиянын Жумгал, Кочкор райкомдорунда инструктор. 1958-62-ж.ж. катчысынын жардамчысы, Чаек колхозунун парткомунун катчысы, 1962-73-ж.ж. райондук Аткаруу комитетинин инструктор, 1973-79-ж.ж. Жумгал РАПОсунда, 1979-86-ж.ж. агроном болуп иштеп келген. Айылдык, райондук Кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган.

ИСМАИЛОВ Дүйшөнаалы (8.2.1932-ж.т., Чаек айылы) – Октябрь Революциясы орденинин ээси (1988), 1-класстагы мал чарба устаты (1981). 1962-91-ж. «Чаек» колхозунда баш чабан, 1991-жылдан дыйкан чарбасында иштейт. 2 «Эмгек Кызыл Туу» (1959, 1981) ордени, КПСС БК, СССР Министрлер Совети, ВЦСПС ж-а ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1985), Грамотасы (1957, 1977) ж-а медалдар м-н сыйланган.

ИСМАИЛОВ Исламхайдар (1951-ж.т. Кызыл Жылдыз айылы) Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн (1973-ж.) Аламүдүн районундагы «XXII партсъезд» совхозунда ага агроном (1973-75-ж.ж.), Жумгал айыл чарба башкармасында ага агроном (1975-80-ж.ж.) башкы агроном, начальниктин орунбасары, райондук агро-онөр жай бирикмесинде орунбасар болуп иштеген (1983-85-ж.ж.). Райондук айыл чарба химиялык өндүрүштүк бирикмесинде Төрага (1994-ж.) ушул мезгилге чейин «Жылдыз» АКнын Төрагасы болуп иштейт. Айылдык Кеңешке депутат болгон. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н сыйланган (2003-ж.).

ИСМАИЛОВ Сатар (1925-ж.т. Эпкин айылы) Согуштун катышуучусу. Согуштун 1-даражадагы ж-а «Ардак белгиси» орденинин ээси.

ИТИКЕЕВ Эсенбек (1933-ж.т., Сары-Булуң айылы) – ат жабдыктарынын чебери. Ат жасалгаларынын шөкөттөрүн кармайт. Анын чоюн, жез, колодон жасалган кооз үзөнгүлөрү башка усталардан өзгөчөлөнөт.

Ички иштер кызматынын отличниктери: Абдиев Курманбек, Зарипов Асаналы, Шакиров Жакып.

К

КАБА, к. Кожомкул.

КАБАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ 1996-ж. «Өрнөк» колхозунун базасында түзүлгөн. Райондун түштүк-батыш бөлүгүндө. Бул айыл өкмөтүнө Табылгыты, Сары-Булуң, Ак-Көл, Дүңгүрөмө, Сары-Камыш, Кең-Суу, Котур-Суу айылдары карайт. Борбору Табылгыты айылы. Негизги тармагы мал чарбасы. Жалпы аянты 88483 га, анын айыл чарбага жарактуу жери 21831 га, 183 га айдоо, 33325 га жайыт. 8709 кой-эчки, 753 жылкы, 872 уй, 68 топоз, 972 үй канаттуусу бар. 245 дыйкан чарбасы иштейт. Жалпы айыл өкмөтү б-ча калкынын саны 1644 адам, 456 түтүн (1998). Айыл өкмөтүнүн аймагында 1 орто, 1 толук эмес орто, 2 башталгыч мектеп, 2 ФАП, 2 китепкана, 1 байланыш түйүнү, 2 дүкөн, 1 чакан ишкана (көмүр шахтасы) ж.б. иштейт. Азыркы айыл өкмөтүнүн аймагында Арал Кара-Күңгөй, Бостоң-Кайың, Табылгытты, Кызыл- Коргон, Чоң-Жекат, Кичи-Жекат, Дүңгүрөмөе, Ак-Кол, Сары-Булуң, Кызыл-Сөөк, Туура-Кабак айылдары 1935-ж. айыл кеңеши болуп уюшулган. Алгачкы төрагасы Намазов Жолдошбай. Ошол кезде ушул айылдар Дүңгүрөмө, Сары-Булуң, Бостоң-Кайың, Тунук (Кичи-Жекат), Сталин (Чоң-Жекат), Сары-Булак, Кара-Күңгөй деген 7 колхоздон турган. 1938-ж. колхоздорду ирилештирүү жүргөндө, Сары-Булуң, Дүңгүрөмө, Туура-Кабак, Кызыл-Сөөк, Ак-Көл колхоздору биригип, «Дүңгүрөмө» колхозу аталган. Биринчи башкармасы Өмүралиев Калиялы. Бостоң-Кайың, Тунук, Сталин, Сары-Булак колхоздору биригип, «Чоң-Дөбө» колхозу аталган. Башкармасы Айылчы Сандыбай. 1952-ж. 4-февралда «Дүңгүрөмө», «Чоң-Дөбө» колхоздору биригип, «Өрнөк» колхозу болуп уюшулган. 1-башкармасы Баянов Кулубай, айыл кеңешинин төрагасы Курманалиева Уултай. 1987-ж. Сары-Камыштын Кызыл-Октябрь аймагы (Кең-Суу, Котур-Суу, Чоң-Таалга айылдары) «өрнөк» колхозуна кошулган. Ошол учурда «Өрнөк» колхозунда 11500 кой-эчки, 175 уй, 409 жылкы, 238 топоз болуп, 381 түтүндө 654 колхозчу эмгектенген, жалпы калкы 1345 адам. Колхоздун эли дыйканчылыкта ж-а мал чарбачылыкта эмгектенишкен. Колхоз 1965-67-ж. уюштурулган социалисттик мелдеште облустун, райондун өтмө Кызыл Тууларын жеңип алган. Колхоз 1990-жылдын 23-ноябрынан тартып дыйкан чарбага өтө баштаган. 1993-ж. Кабак айыл комитети, 1995-ж. айыл кеңеши, 1996-жылдын май айында айыл өкмөтү болуп түзүлгөн. Бул айыл өкмөтүнүн аймагындагы колхоздордун курулушуна, чарбасын өнүктүрүүгө жигердүү катышкандар: Эсенаманов Эсенгул, Тезеков Сейитнасир, Байсеркеев Касымалы, Өмүралиев Калиялы, Кулов Жекшеналы, Сейдалы, Итбаев Шералы, Абдиев Кулубай, Курманалиева Уултай, Абдыжапаров Каласалы, Өмүржан ж.б. Ал эми эмгектеги ири жетишкендиктери үчүн Айтбаева Асылбү, Чекиров Сагыналы, Бопуев Койчубек «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланышкан, «Өрнөк» колхозунун башкармасынын төрагалары: Баянов Кулубай (1952-53), Мутуев Мейманалы (1953-55), Жаналиев Тургуналы (1956-57), Мамбеткулов Болот (1958-61), Абдыжапаров Каласалы (1961-71), Мамытов Абдылда (1971-76), Смаилкулов Жакыпбек (1976-79). Медербеков Султан (1979-81), Жусупов Асанбек (1981-88), Бердигулов Самар (1988-90). Кабак айыл өкмөтүнүн (айыл кеңешинин) төрагалары: Намазов Жолдошбай (1936-38), Баянов Кулубай (1939-44), Мутуев Мейманалы (1944-45), Маатова Шарапат (1945-48), Акматова Саткын (1948-50), Курманалиева Уултай (1950-54), Кулов Жекшеналы (1954-55), Качканакова

Нурбүбү (1955-58), Калыбекова Сонунбү (1958-61), Акматов Бектурган (1965-68), Самсалиев Какан (1968-70), Абдыжапаров Каласалы (1971-75), Тултуков Нуралы (1975-80), Кыргызбаев Насыранбек (1980-83), Кызалаков Азык (1983-35), Курманалиев Кадыржан (1985-87), Манаева Шайыркан (1987-89), Жекшеналиев Нарынбек (1989-91), 1991-жылдан Манаева Шайыркан. Айыл өкмөтүнүн аймагында көмүр, руда, акиташ, никель ж.б. кендери бар. «Дүңгүрөмө» комүр шахтасы 1951-ж. ачылган. 1961-жылга чейин иштеген. 1-начальниги Петренко. 1997-жылдын май айынан кайрадан ишке киришүүдө. Жетекчиси Салбаров Карыбек. 1944-45-ж. «Ак-Кол» руда комбинаты ачылып, 1963-ж. жабылган.

КАБАК КӨМҮР БАССЕЙНИ Молдо-Тоо м-н Түндүк Кабак тоолорунун аралыгындагы Миң-Куш ж-а Каракечүү өрөөндөрүндө жайгашкан. Бассейн батыштан чыгышка 75 кмге созулуп, эни 90 кмге чейин. Бул аймакта Көк-Мойнок, Миң-Куш, Кашка-Суу, Туура-Кабак, Ак-Улак, Каракечүү кендери белгилүү. Мындан, сырткары Сары-Камыш, Кичи-Сары-Булак, Көкөмерен, Кара-Чүйлү сыяктуу көмүр жаткан жерлер бар. Бассейн структуралык жактан – мезозой (юранын) көмүрлүү чокмо тоо тектери, кайназойдун борпоң чөгүндүлорүнөн турган грабен-синклиналь. Көк-Мойнок, Миң-Куш кендери Миң-Куш грабен-синклиналынын түштүк капталында, Кашка-Суу, Туура-Кабак, Ак-Улак – түндүк капталынан орун алган. Айрым убакта бул кендерди Миң-Куш тобундагы же жөн эле Миң-Куш кени деп аташат. Бассейндеги көмүрдүн 1800 м терендикке чейинки жалпы геологиялык запасы 3,9 млрд т.

КАБАК КЫРКА ТООСУ Жумгал ж-а Миң-Куш тектоникалык өрөөндөрүн бөлүп турат. Узундугу 40 км, эң жазы жери 16 км. Орточо бийиктиги 3390 м, эң бийик жери 4144 м (Кашка-Суу чокусу). Негизинен интрузия тоо тектеринен (гранит-диорит ж-а гранит) турат. Көмүр кени бар. Чыгышы бийик, зоокалуу, капталы тик, жону мөңгүлүү, батышы жапыздап ашууга өтөт. Талаа ж-а шалбаалуу талаа (2400-2500 м), карагай-бадалдуу (2500-2900 м) субальп ж-а альп шалбаасы ж-а сейрек бетегелүү талаа (3300-3500 м), андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафтар мүнөздүү. Түндүк-чыгыш капталында (Каракечүүнүү ичинде) карагайлуу токойлор кездешет. Жайыт катары пайдаланылат.

КАБЫЛБАЕВ Бабыш (1928-ж.т. Кайырма айылы). 2 жолу «Эмгек Кызыл Туу» орденин алган (1966-82 ж.ж.). Мал чарбасынын мастери. Ленин атын. колхоздо (1955- 90-ж.ж.) мыкты жылкычы болгон.

КАДИЕВ Молдоиса (1924-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1983). 1954-ж. КМУну бүткөн. 1943-49-ж. Жаңы-Арык мектебинин башталгыч класстарынын мугалими, 1954-90-ж. Кайырма орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1990-жылдан пенсияда. Эл агартуу отличниги (1968). Медалдар ж-а эл агартуу министрлигинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

КАДЫРАЛИЕВ Абакир (1932-88-ж.ж. Көк-Ой айылы). Пржевальск айыл чарба техникумун, Фрунзе айыл чарба институтун бүтүргөн. 1957-ж.ж. Дыйкан колхозунда башкы зоотехник, 1957-59-ж.ж. Райондук айыл чарба инспекциясында башкы зоотехник 1959-62-ж.ж. партиянын Жумгал райкомунун катчысы болуп иштеген. 1963- 62-ж.ж. Алма-Атадагы партиялык жогорку мектепти бүтүргөн. 1963-65-ж.ж. Тянь-Шянь райондук айыл чарба башкармасынын начальниги (1965-75-ж.ж.) болгон. Жумгал районунун айыл чарба башкармасында башкы адис (1975-76-ж.ж.) Жумгал РСКнын директору (1976-79-ж.ж.) болуп иштеген. »Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери», «Эмгектеги артыкчылыгы», «Эмгектеги каарманы» медалдары м–н сыйланган. Бир нече жолу райондук



Кадыралиев К



Кадыралиев М



Кадыралиев С



Кадыралиева С

кеңештерге депутат, партиянын райкомунун бюро мүчөсү болгон.

КАДЫРАЛИЕВ Камчыбек (1941-ж.т., Эркин айылы) – «Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген экономисти» (2001). 1961-ж. Бишкек финансы-экономикалык техникумун, 1979-ж. КПСС БКнын алдындагы Коомдук илимдер академиясын бүткөн. 1961-65-ж. Нарын облустук, Тянь-Шань, Кочкор райондук финансы бөлүмдөрүндө инспектор-текшерүүчү, 1965-67-ж. комсомолдун Жумгал райкомунун 1-катчысы, 1967-71-ж. райондук финансы бөлүмүнүн башчысы, 1971-77-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунда бөлүм башчы, 2-катчы, 1979-80-ж. Ак-Талаа райкомунда 2-катчы, 1980-86-ж. Ак-Талаа райондук советинин Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1986-90-ж. райкомдун 1-катчысы, 1990-92-ж. Ысык-Көл обкомунун партиялык көзөмөлдөө комиссиясынын Төрагасы, Нарын облустук статистика башкармасынын акими, 1992-жылдан Нарын облустук финансы башкармасынын акими. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1972, 1974) ж-а медалдар менен сыйланган.

КАДЫРАЛИЕВ Маданбек (5.1.1932-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – чарба жетекчиси. 1955-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун зоотехния факультетин бүткөн. 1955-58-ж. «Кызыл-Туу», «Совет» колхоздорунда башкы зоотехник, 1958-61-ж. Тогуз-Торо р-ндук айыл чарба башкармасында зоотехник, Төрага (начальник), 1961-68-ж. Тогуз-Торо р-нундагы Ленин атн. колхоздун башкармасынын Төрагасы, 1968-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунда инструктор, 1968-73-ж. «Кызарт» совхозунун партиялык комитетинин катчысы, 1973-80-ж. башкы зоотехник, директор, 1983-90-ж. башкы селекционер зоотехник, 1990-92-ж. бөлүм башчысы болуп иштеген. «Октябрь Революциясы», «Эмгек Кызыл Туу» ордендери, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы м-н сыйланган.

КАДЫРАЛИЕВ Султанбек (1946-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – чарба жетекчиси. 1970-ж. КМУну, 1982-ж. Алматыдагы партиялык жогорку мектепти бүткөн. 1972-80-ж. райондо экономист, комсомолдун райкомунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Кыргызстан КП Жумгал райкомунда инструктор, Ленин атн. колхоздо парткомдун катчысы, 1982-84-ж. Кыргызстан КП Нарын обкомунда инструктор, 1984-89-ж. «Чаек» колхозунун башкармасынын Төрагасы, 1989-91-ж. Жумгал райкомунда инструктор, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1991-94-ж. «Кызарт» совхозунун директору. 2000-ж. Жаңы-Арык айыл Өкмөтүнүн Төрагасы. 1978-жылдан райондук советке 3 жолу, Кайырма, Чаек, Жаңы-Арык айыл кеңештерине бир нече жолу депутат болуп шайланган. Азыр Раймамл. администрациянын аппарат жетекчиси.

КАДЫРАЛИЕВА Созулкан (1942-ж.т. Жаңы-Арык айылы) Фрунзедеги кыз-келиндер институтун бүтүргөн.1966-ж.1987-ж.чейин Доскулу, Чаек ,Коммунизм орто мектептеринде мугалим, интернат башчы, мектеп директору болуп иштеген. «Эл агартуунун отличниги». Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, ЛКСМ БКнын Грамотасы м-н сыйланган. Жаңы-Арык айылдык Кеңешинин төрайымы (1987-1992-ж.ж.) болуп



Кадыров С



Казаков Т

медалдар м-н сыйланып көп жолу райондук Кеңешке депутат болуп шайланган.

КАДЫРОВ Досой (23.2.1918, Жаңы-Арык айылы – 1978, Бишкек ш.) – аскер кызматчысы. 1939-ж. фин согушуна катышкан, 1942-ж. Францияга өтүп, партизан отрядына кошулган. 1945-ж. апрелден августка чейин СССР м-н Франциянын чек арасында СССРдин өкүлү катары командир болгон. 1945-жылдан республикалык кинопрокатта директор, редактор болуп иштеген.

КАДЫРОВ Сураган (7.11.1922-ж.т., Кызарт айылы) – Жумгал р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы (1960-64). Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Бишкектеги партиялык жогорку мектепти, КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1950-80-ж. Жумгал р-ндук комсомол комитетинин 1-катчысы, Нарын шаардык Жумгал р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы, Кочкор ж-а Тогуз-Торо р-ндук элдик көзөмөлдөө Комитетинин Төрагасы, 1980-88-ж. Жумгал р-ндук мамлекеттик даярдоо инспекциясынын башкы мамлекеттик инспектору болуп иштеген. 1988-жылдан өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн пенсияда, ошол эле учурда Кызарт айылындагы «Усуп» үй-бүлөлүк дыйкан чарбасынын жетекчиси. 1950-80-ж. Жумгал р-ндук, Нарын шаардык, облустук советтерге депутат болуп шайланган. «Ардак Белгиси», 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордени ж-а көптөгөн медалдар м-н сыйланган.

КАЗАКОВ Токтоболот (1941-ж.т. Баш-Кууганды айылы) Көп жылдар "Дыйкан" колхозунда сугатчы болуп эмгектенген. Айыл чарбасында жетишкен ийгиликтери үчүн "Эмгек Кызыл-Туу" ордени м-н сыйланган (1972-ж.) «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү»(1973-78-ж.ж.) Бир нече медалдардын ээси.



Казыбаев А



Казатова С

КАЗАТОВА Сайнап (1948-ж.т., Чаек айылы) – СССР Жогорку Советинин депутаты (1984-89). 1972-ж. КМУну бүткөн. 1972-87-ж. Жумгал р-нда мугалим, мектеп директору, 1987-89-ж. Кыргызстан КП Ат-Башы, 1989-90-ж. Жумгал райкомдорунун катчысы, 1990-жылдан мектеп директору. «Билим берүү отличниги».

КАЗЫБАЕВ Абен (24.5.1937-ж.т., Түгөл-Сай айылы) – Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990-95). 1959-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1959-62-ж, Бишкектеги темир бетон буюмдары заводунда экономист, улук инженер, 1962-69-ж. Автомобиль ж-а шоссе жолдору министрлигинде бөлүм начальниги, 1969-74-ж. Республиканын транспорт-экспедиция башкармасынын начальниги, 1974-76-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин бөлүм башчынын орунбасары, 1976-78-ж. КПСС БКнын Коомдук илимдер академиясынын угуучусу, 1978-85-ж. Кыргызстан КП Нарын обкомунда инструктор, Нарын шаркомунда инструктор, 2-катчы, Нарын обкомунда бөлүм башчы, 1985-93-ж. Нарын, Ысык-Көл облустук профсоюз советтеринин Төрагасы, 1993-95-ж. Туризм ж-а экскурсия б-ча Кыргыз Республикалык Советинин Төрагасы, 1995-жылдан «Кыргызтур» акционердик коомунун президенти. 1997-жылдан өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн пенсияда. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары (1982,1986) ж-а медалдар м-н сыйланган. 1978-94-ж. Нарын ж-а Ысык-Көл облустук советтерине депутат болупшайланган.

КАЗЫБАЕВ Дүйшөнбек (1948-ж.т. Көк-Ой айылы) Фрунзедеги айыл чарба институтун бүткөн (1972-ж), Жумгал райондук суу чарба башкармасында иштеген.



Кадыркулова К



Казыбекова Г

КАЗЫБЕКОВА Гүлсара Молдалиевна (1966-ж.т. Чаек айылы)1990-ж. КММИнин педиатрия факультетин бүткөн. Нарын облустук ооруканада (1990-91-ж.ж.), Ат-Башы райондук борборлоштурулган ооруканада врач-ординатор (1991-97 ж.ж.), Жумгал райондук борборлоштурулган ооруканада участкалык педиатр (1997-98 –ж.ж.), башкы дарыгердин дарылоо боюнча орунбасары(198-2002 ж.ж.), 2002-ж. апрель айынан бери Жумгал райондук ооруканада директор болуп иштейт. Саламаттык сактоо системасында реформалоо, реструктризациялоо иштерине кошкон салымы чоң. Өзү эмгектенген оорукана республикалык конкурс-мелдештин жеңүүчүсү(2004-ж.) « Саламаттыкты сактоонун Ардактуу кызматкери» (2004-ж.)

КАДЫРКУЛОВА Кымбат (1933-ж.т. Баш-Кууганды айылы)1953-ж. "Дыйкан" колхозунда колхозчу болуп эмгектенген. Бир нече жолку «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү»,1966-ж. "Эмгек Кызыл-Туу» ордени ж-а бир нече участкада инженер, начальник, суу чарба башкармасында башкы инженер,(1976-78-ж.ж.) 1978-ж. Кочкор райондук суу чарба башкармасында начальник болуп үзүрлүү эмгектенип келеатат. 5 жолу «Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» төш белгисин алган.

КАЙЫРМА БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНДӨР ТОБУ. Биринчиси Кайырма айылынын батыш четинде. 73 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,15-0,8 м, диаметри 6-16 м, Бир дөбө-коргондун үстүнө балбал коюлган. 1-10-кылымдарга таандык, 2-көрүстөн Кайырма айылынан түштүк тарапта жайгашкан 24 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,1-1,2 м, диаметри 4-10 м. Бир таштын бетине эчкилердин сүрөтү чегилген. Болжолдуу мезгили б.з. 1-миң жылдыктар аралыгы. 1985-ж. М.И. Москалев баяндап жазган. Казуу иштери жүргүзүлө элек.

КАЙЫРМА ТУРГУН ЖАЙЫ Жумгал суусунун оң жээгинде, Чаек айылынан 10 км аралыкта. Ал чарчы түрүндө: 175х175 м, дубалдары топурактан, бийиктиги 4 м. Бурчтары ж-а дубалдары мунаралар м-н бекемделген. Анда көптөгөн дубалдар сакталып калган. Журтту биринчи жолу А.Н. Бернштам изилдеген (1949), кийин (1958) П.И.Кожемяко да казган. Дубалдары м-н бурчтарында мунаралар, ортосунда цитадель болгон. Казуу учурунда курулуштун, очок, ороо ж.б. калдыктары, чопо идиштер, темир буюмдар, айбанаттардын сөөктөрү ж.б. табылган. 10-12-кылымга таандык. Бул шаар чалдыбарынан түштүгүрөөк 2-шаар чалдыбары (Кайырма айылынан түштүгү) табылган. 1949-ж. А.Н. Бернштам баяндап жазган. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес. Кайырма айылынан түштүк-батыш тарабында 1-төрткүл шаар чалдыбары белгиленген. Жумгал суусунун жайылмасынын тектиринде. Планы тик бурчтук формасында, олчөмү 40х44 м. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 0,6-0,7 м. 10-12-кылымдарга таандык. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес. 2-төрткүл шаар чалдыбары Кайырма айылынын түштүк-батышында 1-төрткүлгө жакын, төрт чарчы формасында, капталдарынын өлчөмү 42х44 м. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 1,5 мге чейин. 1958-59-ж. П.И.Кожемяко изилдеген. 10-12-кылымдарга таандык. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес. 3-төрткүл шаар чалдыбары жогорку экөөнүн жанында. 1988-ж. П.И.Кожемяко баяндап жазган. Формасы чарчы келип, өлчөмү 32х34 см. Төрт тарапка каратылып салынган. Жалдарынын бийиктиги 1 мге чейин. 10-12-кылымдарга таандык. Жогоркулардан башка дагы төрт чарчы формасындагы дагы бир төрткүл шаар чалдыбары бар. өлчөмү 20х20 м. 1958-59-ж. П.И. Кожемяко баяндап жазган. 10-12-кылымдарга таандык.

КАКЫБАЕВА Рабия (1915-ж.т., Кызарт айылы) – оймочу, чырмакчы. Колхоздо иштеген. Түрдүү үлгүдөгү боз үйлөрдүн ички, тышкы жасалгаларын бүтүндөй кармайт. Көптөгөн кароо-сынактарга, көркөм көргөзмөлөргө катышкан. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, дипломдор м-н сыйланган.

КАЛДАШЕВ Юсуп Ахун (1893, Көк-Ой айылы – 1990, ошол эле жер) – Социалисттик Эмгектин баатыры (1958). 1929-43-ж. «Көк-Ой» колхозунда колхозчу, 1943-58-ж. Кыргыз ССР



Калдашев Ю



Калиев Б



Калназаров К



Калиев Ш

фондунун башчысы (1991-96-ж.ж.), 1997-ж. бери Жумгал райондук статистика комитетинин Төрагасы. Айылдык кеңештин депутаты.

КАЛИЕВ Баялы (14.11.1941-ж.т., Эпкин айылы) – райондук ишмер. Каракол мамлекеттик пединститутун бүткөн (1965). 1958-61-ж. райондун гезитте арип терүүчү, басып чыгаруучу, 1965-ж. комсомолдун Жумгал районунда бөлүм башчы, 1967-71-ж. катчы, 1965-67-ж. Кыргызстан КП Жумгал районунда нускоочу, 1971-74-ж., 1978-79-ж. бөлүм башчы, 1974-78-ж. Кайырма орто мектебинин директору, 1979-90-ж. райондук «Демилге» гезитинин редактору, 1990-2001-ж. Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси. Бир нече медаль, 2 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Райондук кеңештин депутаты (1970-95).

КАЛКТЫ ИШКЕ ЖАЙГАШТЫРУУ БОРБОРУ (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 125). 1991-ж. уюшулган. Ага чейин 1985-жылдан райондук эл депутатарынын аткаруу комитетиниы алдында калкты ишке жайгаштыруу б-ча уполномоченный (Турускулов Күрүчбек) иштеген. 1987-ж. калкты ишке жайгаштыруу б-ча бюро уюшулган. 1991-жылдан азыркыдай аталат. Негизи милдети райондун аймагында жер үлүшүнө ээ болбогон, негизги жумушу жок 16 жаштан пенсия жашына чейинки адамдарды эсепке алуу, мүмкүнчүлүк болсо аларды ишке орноштуруу же жумушсуздук пособиесин чектөө. 1997-ж. 154 адамды жумушка орноштурган, 113 адамдын өзүн өзү иш камсыз болуусуна шарт түзүп, финансылык жардам берген. 6 адам иштейт (1998). Борбордун директорлору: Саякбаев, Рафхатбек Абдиев (1987-91), Абдрасул Эсеналиев (1991-93), өмүрбек Асанбеков (1993-97), 1997-жылдан Шейшеналиев Скандарбек.

КАЛНАЗАРОВ Кайып (5.5.1936-ж.т., Нарын р-ну, Төө-Жайлоо айылы) – эмгекчилер депутаттарынын Жумгал р-ндук аткаруу комитетинин Төрагасы (1979-82). 1964-ж. Бишкектеги партиялык мектепти, 1970-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1953-61-ж. «Тянь-Шань правдасы» газетинде, комсомолдук иште, 1961-70-ж. Кыргызстан КП Нарын райкомунда инструктор, «Эмгекчил» колхозунун парткому, райкомдун бөлүм башчысы, 1970-79-ж. «Куланак» колхозунун башкармасы-нын Төрагасы, 1982-ж. Нарын облустук айыл чарба башкармасынын акими, 1982-85-ж. Кыргызстан КП Тогуз-Торо райкомунун 1-катчысы, 1985-94-ж. Нарын районундагы Ленин атн. колхоздун башкармасынын Төрагасы, 1994-жылдан Нарын мамлекеттик коругунун директору. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990-95). «Эмгек Кызыл Туу» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

КАЛИЕВ Шейшенаалы (1931-ж.т. Эпкин айылы) Көп жылдар бою «Кыргызстандын 40-жылдыгы» атын. колхоздо башкы инженер болуп эмгектенип, эмгектеги жетишкендиктери үчүн (1985-ж.) «Ардак Белгиси» ордениКурулуш министрлигинин «Фрунзе шаар курулушу» трестинин курулуш-






Капсаланов У *Калидинов К* *Калыкова Ж* *Калык А*

монтаждоо башкармасынын куруучусу. ондүрүштүк планды 160-180%ке аткарган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1959-63). Ленин ордени м-н сыйланган.

КАЛИДИНОВ Калмырза (1957-ж.т. Чаек айылы) КМУну бүтүрүп экономист бухгалтер кесибине ээ болгон(1979-ж.). Жумгал райондук «Кыргыз айыл чарба» бирикмесинде башкы экономист (1980-85-ж.ж.), Көкө-Мөрөн совхозунда бухгалтер. (1986- 90-ж.ж.), Райондук борборлоштурулган №36 аптекада башкы бухгалтер (1990-91-ж.ж.), Райондук Социалдык (мурунку пенсиялык) м-н сыйланган.

КАЛЫК Акыев (1883, Кара-Ой айылы – 3.11.1953, Бишкек) – эл ырчысы, төкмө акын, Кыргыз ССРинин эл артисти (1939). 1926-жылдан Кыргыз улуттук театрынын, 1936-жылдан Кыргыз филармониясынын артисти. Ал 14 жашынан элдин оор турмушу ж-дө ыр чыгара баштаган. 1897-ж. Токтогулга жолуккан, анын өрнөгүн алган, ал Калыктын өнөрүн жогору баалаган. Калыктын чыгармачылыгына Токтогулдун чоң таасири тийген. 1919-ж. Жети-Суу облусунун түңгуч сүездине делегат болгон. Айыл кеңешинин Төрагасы болуп иштеген. Совет бийлигинин жылдарында кыргыз элинин эмгеги, турмушу ж-дө ырдаган. Анын «Калыктын ырлары» (1936), «өлбөс баатыр» (1940), «Ырлар жана поэмалар» (1940), «Ырлар жыйнагы» (1943), «Тандалган ырлар» (1958) аттуу жыйнактары, «Баскан жол» (1964) баяны ж.б-лар жарыкка чыккан. Кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын көбүн жатка билген. Анын айтуусунда «Жаныш-Байыш» (1939), «Курманбек» (1938), «Шырдакбек», «Ак моор», «Кедейкан» (Т.Сатылганов м-н авторлош; 1938) ж.б. эпикалык чыгармалар, «Бир асыл», «Кара доо», «Өлбос баатыр», «Ач карышкыр» аттуу поэмалар жазылып алынган. Анын көптөгөн төкмө акындар м-н айтыштары белгилүү. Ал сөздү чукугандай таап айткандыгы, жамгырлата төгүп жамы журттун жарпын жаза билгендиги үчүн «кара жаак» чечен аталган. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» (1939) ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Анын ысымы м-н Бишкек шаарынын ж-а Чаек айылынын бирден көчөлөрү, мектептер аталган.

КАЛЫКОВА Жумабүбү (1926, Баш-Кууганды айылы – 19.12.1977, ошол эле жер) – Ленин орденинин ээси (1966). 1948-77-ж. «Дыйкан» колхозунда саанчы болуп иштеген. Жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы (1962) м-н сыйланган.

КАПСАЛАҢОВ Узакбек (1952-2002 – ж. ж. Миң Куш шаарчасы) Фрунзедеги политехникалык институтту бүтүргөн (1978-ж.). Миң-Куш заводунда катардагы инженерден ага мастер,цехтин механиги,начальниги,кадрлар бөлүмүнүн начальнигине чейин жеткен (1978-88-ж.ж.) Миң Куш поселкалык Кеңешинин Төрагасы болуп туруп 1989-ж. «Агулак» көмүр кенинин,Оргтехника заводун бөлүүдөн сактап калуу аракетин жасаган, менчик малга жайыт чечип берген, Өкмөттөн 1,5 млн. сом кредит болдүрүп, жакыр үй-бүлолорго 346 баш уй сатып берүүнү жетектеген. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н



Карагулов Б

Бүткүл союздук колхозчулардын 4-сүездинин (1988), КПССтин 28-съездинин (1990), Кыргызстан колхозчуларынын 3-сүездинин (1987) делегаты.

КАРАБЕКОВА Зейнеп (1936-ж.т., Суусамыр айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1974). СССР Жогорку Советинин депутаты (1979-83). 1957-ж. В.В.Маяковский атн. кыз-келиндер пединститутун бүткон. 1957-жылдан Суусамыр орто мектебинде мугалим болуп иштеген. Мугалимдердин республикалык 5-съездинин делегаты. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган.

КАРАГУЛОВ Билим (1.5.1936-ж.т., Чаек айылы) – Кыргыз ССРинин маданиятка эмгек сиңирген ишмери (1984). Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1980-85), акын, 1959-ж. КМУну, 1969-ж. Москвадагы жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1959-72-ж. «Кыргызстан пионери» гезитинде, «Мектеп» басмасында, «Кыргызстан коммунисти» журналында бөлүм башчы, 1972-80, 1983-84-ж. Кыргызстан КП БКда инструктор, бөлүм башчысынын орун басары, 1980-83-ж. Басма сөздө мамлекеттик жашырын сырды сактоо башкармасынын начальниги, 1985-86-ж. Басма, полиграфия ж-а китеп соодасы б-ча Кыргыз мамлекеттик Комитетинин торагасы, 1986-91-ж. «Эл агартуу» журналында редактордун орун басары, 1991-94-ж. «Береке» гезитинин редактору болуп иштеген. «Мандалак» (1960), «Достук» (1961), «Чырпык» (1961), «Эки өмүрдөн эпизод» (1968), «Аалам магелландары» (1977), «Прометейдин оттору» (1968), Москвадан «Память» (1979), «Сколько ног у скакуна» (1980), «Магелланы Вселенной (1987) ж.б. ыр китептери жарык көргөн. А.Барто, С.Баруздин, С. Маршак ж.б. чыгармаларын кыргыз тилине которгон. «Огонек» журналынын лауреаты (1980).

КАРА-ДӨБӨ – суу, Жумгал суусунун сол куймасы. Эмел тоосунун түндүк капталынан башталат. Узундугу 15 км, алабынан аянты 67 км^2. Алабынан деңиз деңгээлинин орточо бийиктиги 2800 м. Кар, жаан-чачын сууларынан куралат. Жылдык орточо чыгымы 2,0 м ^{3}сек. Эң көбү май-июнда, азы январда байкалат. Суу төмөнкү агымында сугатка пайдаланган-дыктан Жумгал суусуна жетпейт.

КАРА-КЕЧҮҮ – суу, Жумгал суусунун сол куймасы. Узундугу 45 км, алабынан аянты 184 км ^{2}. Молдо-Тоонун түндүк капталынан башталып, түндүкту карай агат да, Жумгалга жетпей сугатка бөлүнүп кетет. Жогорку агымында өрөөнү куушураак, төмөндөгөн сайын кеңеет. Чатында салааларга бөлүнүп, саздуу. Жылдык орточо чыгымы 1,1-1,5 м^3/сек, эң көбү июнь-июлда, азы декабрь-январда байкалат. Май айында кирип, сентябрда тартылат. Сугатка пайдаланылат.

КАРА-КЕЧҮҮ АЛТЫН КЕНИ. Чаек айылынан 40 км түштүк-чыгыш тарапта, Кара-Кечүү суусунун оң өйүзүндө. 1973-жылдан белгилүү. Кең аймагында соңку протерозойдун андезиттери, диабаздары, байыркы ж-а ортоңку ордовиктин конгломераты, кумдугу, сланеци, алевролити, кварцити жатат. Магма тоо тектеринен протерезойдун диориттери м-н карбон-пермдин андезиттери, о.эле палит ж-а плагиоклаздуу порфирит дайкалары кезигет. Кен диориттер м-н порфириттердин арасындагы брекчия ж-а гидротермалдык өзгөрүү (кварцташуу, гематиттешүү, пириттешүү) зоналарында жайгашкан. Мында Түндүк ж-а Түштүк рудалуу зона аттуу эки участкага бөлүнөт. Түндүк рудалуу зона кендик багытында 2 кмге созулуп, анын борбордук ж-а

КАРА УУЛУ Шейшенбек (1921, Чаек айылы – 2001, ошол эле жер) – балбан. «Ак-Татыр», «Чаек» колхоздорунда эсепчи, башкарманын Төрагасы болуп узак убакыт иштеген. Жумалы, Сарүкү сыяктуу чоң балбандар м-н күрөшкөн.



Карабаев К

Бишкек ат майданында Жуков деген балбан м-н күрөшүп, жеңишке ээ болгон.

КАРАБАЕВ Керимкул (1939-ж.т., Чаек айылы) – чабан, «Эмгек данкы» орденинин толук кавалери (1975, 1977, 1983). Кыргыз Респ-нын айыл чарбага эмгек синирген кызматкери (1991). 1957-67-ж. Чаек айылында ар кандай жумуштарда иштеп, 1967-91-ж. «Чаек» колхозунда баш чабан, 1992-жылдан Чаек дыйкан чарбасынынмүчөсү. 1974-ж. карамагындагы ар бир ириктин салмагын 65 кгга жеткирип, 4-5 кгдан жүн алган. 1977-83-ж. ар бир ириктен 5-5,5 кгдан жүн алып, салмагын 66 кгга жеткирген. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин 2 жолку депутаты (1985-95). Медалдар м-н сыйланган. Кыргызстан Компар-тиясынын 17-18-съездеринин, батыш бөлүгүндө негизги руда тулкусу жатат. Руда тулкусунун узундугу 330 мден ашат. Ал калындыгы 0,9-3,0 м келген, брекчияланган ж-а лимониттешкен тарамынан турат, Тарам алтын, пирит чанда малахит ж-а галенит м-н минералдашкан. Минералдашуу бир кылка эмес. Рудадагы алтындын өлчөмү 7,7-37,5 г/т, күмүштүкү – 5,4-37,5 г/т. Түштүк рудалуу зона тектоникалык брекчиядан, жышынды чополон ж-а ар кайсы жеринде гидротермалдык өзгөрүүдөн туруп, 1 кмге созулат ж-а эни жүздөгөн метрге жетет. Алтындуу руда жука (0,1-0,4 м) кварцтан ж-а кварцташкан тоо тектерден түзүлгөн тарамдардан турат. Алардагы алтындын өлчөмү 3,1-34,1 г/т, күмүштүкү – 17,6 г/тга чейин.

КАРА-КЕЧҮҮ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ Чаек айылынын 40 км түштүк-чыгыш тарапта, Кабак көмүр бассейнинин аймагында, деңиз деңгээлинен 3050 м бийиктикте жайгашкан. Булактар карбон мезгилинин акиташ тектери м-н юранын көмүрлүү чополорунун чегиндеги тектоникалык жаракалардан агып чыгат. Суусу муздак, температурасы 2,1-3,2°С, сульфат-гидрокарбонат магний-кальцийлүү. Дебити жыл ичинде 0,09-0,27 л/секга чейин өзгөрөт. Бул сууда 0,2 мк/л фтор, 0,8 мг/л литий кычкылы, мышьяк 1 мкг/л, хром, цинк м-н коргошун 5 мкг/л, жез 2 мкг/л, уран 30 мкг/л, радондун концентрация 25-44 м/л. Химиялык курамы б-ча Кисловодск тибиндеги нарзандарга кирет. Суу 2,8-3,8 млн жыл мурун пайда болгон деп эсептелет.

КАРА-КЕЧҮҮ ЧОПО КЕНИ Чаек айылынан 40 км түштүк-чыгыш тарапта, Кара-Кечүү көмүр кенинде жайгашкан. Мында пайдалуу чопо катмары көмүр кабаттарынын арасында жатат. Чопо катмарынын калындыгы 3-21 м, узундугу 1300 м. Чопо фарфор-фаянс идиштерин жасоого жарактуу.

КАРА-КҮНГӨЙ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНДӨР ТОБУ. 1-көрүстөн Арал айылынан 3 км аралыкта, Суусамырга кеткен жолдун сол өйүзүндө. 17 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,3-0,7 м, диаметри 4-11 м. Айрым дөбө-мүрзөнүн үстүндө бийиктиги 75 смге жеткен балбалдар бар. 2-көрүстөн биринчисинен 1,5-2 км аралыкта, Суусамыр жолунун боюнда. 11 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,3-0,9 м, диаметри 5-17 м. 6-10-кылымга таандык. 1936-ж. М.И.Москалев баяндап жазган. Казуу иштери жүргүзүлө элек.

КАРАКОЛ, Батыш Каракол – суу, Көкөмерендин сол куймасы. Узундугу 89 км, алабынын аянты 1230 км^2. Кыргыз Ала-Тоосу м-н Карагатты тоосунун кошулган жеринен башталып, анча кууш эмес өрөөн аркылуу агат. Негизги куймалары: Туюк, Ала-Арча, Сөөк, Ашуу-Ала-Арча, Шили-Суу, Сокулук, Чаар-Таш ж.б. Майда куймалары коп. Жылдык орточо чыгымы 19,7 м^3/сек, эң көбү 56,9 м^3/сек, эң азы 7,03 м^3/сек, Апрелдин аягында кирип, сентябрда тартылат. Боюнан Кожомкул айылы орун алган.

КАРА-МОЙНОК ТООСУ Жумгал тоо тизмегине кирет. Түштүгүнөн Батыш ж-

чыгышка 26-28 кмге созулат жатат. Туурасы 4-5 км. Орточо бийиктиги 2700-3000 м, эң бийик жери 3448 м. Тоонун кыры тайпак, капталдары кыска; Каракол ж-а Жоо-Жүрөк капчыгайларына тик түшөт. Тоонун бийик бөлүгү астыңкы палозойдун гранит, аляскит интрузия тектеринен, Жумгал өрөөнүнө жантайган тоо этектери неогендин конгломерат, кумдук, алевролит, мергель тектеринен турат. Талаа, бадал-шалбаалуу талаа (2700-2800 м бийиктикке чейин), субальп ж-а альп шалбаасы, талаа ландшафт басымдуу. Жайыт.

КАРАЧ КЫЗЫ Калыйбүбү (15.7.1915, Жумгал өрөөнү – 22.1.1981, Чаек айылы) – саймачы, оймочу, тикмечи. Колхоздо иштеген. Чий, өрмөк соккон, кийиз жасаган, шырдак ойгон. Чокой ийлеген. Туштуурдук, терезе парда өндөнгөн үйдүн ички жасалгаларын чебер жасаган уз болгон. Китиль, шым, тон өндүү кийимдерди заказ менен тиккен. Белгилүү актриса Т.Турсунбаеванын энеси.

КАРАЧЕЛЕК (азандагы аты Курманаалы) Тоймат уулу (1870, Баш-Кууганды айылы – 1929, Бишкек) – 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүштүн Жумгалдагы жетекчилеринин бири. Элди жетектеп 1916-ж. Кытайга качып, 1917-ж. кайра келген. 1929-ж. камакка алынып, түрмөдө каза болгон.

КАРА-ЧҮЙЛҮ ТАШ ТУЗ КЕНИ Кара-Чүйлү суусунун оң жээгинде, суусун чатынан 8 км жогору. Кен аймагы карбондун гипстүү чополору м-н кумдук тоо тектеринен турат. Туз кабаты чопонун арасында майда ак кристаллдар түрүндө жатат. Калыңдыгы 12 мден 36 мге чейин, узундугу 500 м.

КАРГА (1740, Сөң-Көл өрөөнү – 1803, Таш-Дөбө айылы) – бий. Отуздан ашканда бий болуп, катаган элин бийлеген. Колдоочусу бар, касиеттүү адам катары белгилүү болгон. Сазан мүнүшкөр м-н замандаш болуп, андан кеп-кеңеш алып турган.

КАРГА БИЙ-ОЛУЯ көз ачык. Сазан олуя менен замандаш болгон.



Карыкенов А

КАРЫБЕКОВ Назарбек (1938, Кайынды айылы – 1989, ошол эле жер) – физика-математика илимдеринин кандидаты (1987). 1962-ж. КМУнун физика математика факультетин бүткөн КМУда доцент, кафедра башчысы болуп иштеген. 60дай илимий эмгектин (а.и. 1 монография) автору. 4 илим кандидатын чыгарган. Ысымы Байзак айылынын бир көчөсүнө коюлган.

КАРЫКЕНОВ Аскарбек (1957-ж.т.) КМУну бүткөн (1982-ж.). Райондун чарбаларында, мекемелерде бухгалтер экономист болуп иштеген. 2002-ж. баштап райсоцфондунун начальниги.

КАРЫМБАЕВ Канатбек Оморбекович (1955-ж.т., Быстровка р-ну, Жаңы-Алыш айылы) – Жумгал р-ндук кеңештин төрагасы (1995-96). 1980-ж. Кыргыз айыл чарба институтунун зоотехния факультетин бүткөн. 1972-73-ж. «Кызарт» совхозунда жумушчу, 1980-83-ж. Кочкор районундагы 24-партсъезд атн. колхоздо зоотехник, селексионер-зоотехник, 1983-85-ж. комсомолдун Нарын облустук комитетинин инструктору, бөлүм башчысы, 1985-87-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун инструктору, «Кызарт» совхозунун парткомунун катчысы, 1987-90-ж. Жумгал райкомунун айыл чарба, партиялык уюштуруу бөлүмдөрүнүн башчысы, райондук кеңештин Төрагасынын орунбасары, 1990-92-ж. «Көкөмерен» совхозунун директору, 1992-93-ж. Жумгал коммерциялык ассоциациясынын директору, 1993-95-ж. Жумгал мөмө-жемиш совхозунун директору болуп иштеген.

КАРЫМБАЕВ Кудайберген (1902, Чаек айылы – 1981, ошол эле жер) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1941). Чаектеги балдар үйүнүн



Карымшаков К



Карымшаков С

директору, мугалим болуп иштеген. Бүт омүрүн эл агартуу ишине арнаган. Элдик уламыштарды, санжыралар-ды баяндаган бир катар китептердин автору. 2 Ленин ордени м-н сыйланган.

КАРА-СЕҢИР ТОО/СУ – Жумгал тоосунун түндүк-батыш тармагы. Каракол (Батыш) ж-а Жоо-Жүрөк сууларынын аралыгында түштүк-батыштан Чыгыш Сөөк суулары, түндүгүнөн Каракол өрөөнү чектейт. Чыгышында Кочкор, батышында Суусамыр тектоникалык өрөөндөрү жатат. Узундугу 64 км, эң жазы жери 16 км, орточо бийиктиги 3850 м, эң бийик чокусу 4281 м (Кара-Мойнок). Негизинен алгачкы палезойдун гранит, порфир, сланец ж-а гранит-диорит тоо тектеринен турат. Түндүк капталында алгачкы плейстоцендин мореналары (моңгү таштары) бар. Кочкор өрөөнүнө караган чыгыш капталы тик (5020), сөөк тарабы жантайыңкы. Торпу м-н Сөөктүн сол куймаларынын ж-а Каракол суусунун башы мөңгүлүү. Шалбаалуу талаа (2500-2800 м), субальп ж-а альп (2800-3800 м), тоо тундрасы м-н нивалдык (3800-4200 м) ландшафт алкактары басымдуу. Терең өрөөндөрдүн айрым жерлеринде (3000 мден төмөн) бадал өсөт.

КАРЫМШАКОВ Кабылбек Эсенканович (22.8.1966-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – СССР спортунун чебери (1985). 1994-жылдан И.Арабаев атн. мамлекеттик педагогикалык университетинин юридика факультетинде окуйт. 1984-97-ж. коммерциялык мекемелерде иштеген. 1997-жылдан жаштардын олимпиадалык резерв спорт мектебинде улук машыктыргыч. 1983-ж. СССР чемпионатына катышкан. Бүткүл союздук турнирлердин бир нече жолку женүүчүсү. Кыргыз ССРинин дзю-до б-ча курама командасына көп жыл бою мүчө болгон. Кыргыз Респ-нын 1996-жылдагы Спартакиаданын дзю-до б-ча чемпиону. Дзю-до б-ча бир нече жолу республиканын чемпиону болгон.

КАРЫМШАКОВ Санарбек (20.10.1941-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – сынчы, котормочу, журналист, педагог, доцент. КР билим берүү отличниги (2001). 1962-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1962-64-ж. Кыргыз мамлекеттик телерадиосунун музыка уктуруу редакциясында редактор, 1964-66-ж. Кыргызстан ИАда аспирант, 1967-89-ж. «Кыргыз маданияты» гезитинде бөлүм башчы, Кыргызстан ИАнын философия ж-а укук институтунда кенже илимий кызматкер, Кыргызфилим киностудиясында «Көрөгөч» сатиралык киножурналынын башкы редактору, «Кыргызстан» басмасында бөлүм башчы, Кыргыз Респ-нын маданият министрлигинде башкы редактор, «Экран», «Коммунист» журналдарында ж-а Кыргызстан КП БКнын алдындагы партия тарыхы институтунда улук редактор. 1989-жылдан КМУУнун басмасында улук редактор ж-а кыргыз адабияты кафедрасында улук окутуучу, 1994-жылдан доцент. Чыгармачылыгын ыр жазуу м-н баштаган. Ал адабият ж-а эстетика проблемалары б-ча 200дой макалалардын, рецензиялардын, «Турмуш саптары» (1968), «Толкундар арасында» (1971), «Көркөм образдын табияты» (1977), «Көркөм сөз күчү» (1973), «Азыркы кыргыз адабиятындагы социалдык проблемалар» (1983) аттуу жыйнактарын, «Эстетика жана турмуш» (1980), «В.И. Ленин ж-а эстетикалык теориянын айрым маселелери» (1983) деген 2 брошюранын, «Көркөм образдын табияты» (1992) ж-а «Адабий сындын табияты жана милдеттери» (1992) аттуу эки окуу-усулдук колдонмолордун, «К.Артыкбаевдин илимий-сынчылык



Касмамбетов Т



Касымбек уулу Мамбеталы



Касымбеков С



Касымбеков О

коллегиялардын мүчөсү болгон. Кыргызстан ЛКЖС БКнын Ардак грамоталары м-н сыйланган. 1973-жылдан СССР жазуучулар союзунун, 1981-жылдан журналисттер союзунун мүчөсү.

КАСМАМБЕТОВ Талантбек Мусалиевич (1956-ж.т. Өрнөк айылы) Фрунзедеги политехникалык институтту бүтүргөн.(1987-ж.). Миң-Куш РЭСте мастер, лаборатория башчысы, нөөмөт начальниги болуп иштеген (1978-82-ж.ж.), КСМ комитетинин катчысы (1982-85-ж.ж.) ЦВКнын орунбасары, начальниги болгон (1985-86-ж.ж.) парткомдун катчысы (1986-88-ж.ж.) Алма-Атадагы партиялык мектепти бүтүп партиянын Жумгал райкомунда бөлүм башчы, Миң-Куш «Оргтехника» заводунда директордун орунбасары, башкы инженер (1990-ж.) Миң-Куш АКнын Төрагасы болуп иштеген (1994-ж.) Облустук, райондук ж-а айылдык Кеңештерге депутат болуп шайланган.

КАСЫМБЕК уулу Мамбеталы (1898-ж.т. Жаңы-Арык айылы) 11-14 жашында Тынай элиндеги мектептен билим алган.1918-ж. Бишкек уезиндеги №11 башталгыч мектепте мугалим, башкаруучу. Өзгөн районундагы «Эркин-Тоо» 7 жылдык мектебинде директор (1937-40-ж.ж.), Чүй районундагы «Кегети» орто мектебинде (1941-45-ж.ж.) мугалим, Жумгалдагы Жаңы-Арык орто мектебинде мугалим (1943-57-ж.ж.) болуп иштеген. «Эмгек сиңирген эл мугалими» деген наам алган.

КАСЫМБЕК уулу Мамбеталы (1898ж.т. Жаңы-Арык айылы – олгон жылы белгисиз, ошол эле жер) – мугалимдик кесипти Октябрь революциясанан мурда баштаган алгачкы кыргыз агартуучуларынан. 1914-ж. Чүйдөгү Дүрдүн мектебин бүткөндөн тарта 1958-ж. ардактуу эс алууга чыкканга чейин Жумгалдын мектептеринде мугалим, директор болуп иштеген. «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими». Ленин ордени м-н сыйланган.

КАСЫМБЕКОВ Орозбек (14.9.1947-ж.т., Таш-Дөбө айылы) – Кыргыз Респ-нын транспортко эмгек сиңирген кызматкери (1989). 1966-ж. Бишкек автомобиль-жол техникумунун жол-механика бөлүмүн, 1971-ж. Бишкек политехника институтунун механика факультетин, 1980-ж. Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1968-жылдан КПССтинмүчөсү. 1967-71-ж. Жумгал райондук жол тейлөө ж-а куруу бөлүмүндө (РДЭСУ) механик, начальник, 1971-76-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунда бөлүм башчы, 1976-80-ж. Жумгал автобазасынын начальниги, автотрестте начальник болуп иштеген. 1980-жылдан Бишкектеги «Кубат» акционердик коомунун (мурдагы №4 автотранспорт ишканасы) Төрагасы. 1977-80-ж. эл депутатарынын Жумгал, 1987-91-ж. Биринчи май р-ндук советтерине депутат болуп шайланган. 1981-90-ж. Кыргыз ССР ыктыярдуу Автоышкыбоздор коомунун президиумунун мүчөсү болгон. Ал Жумгал суусундагы чоң-чоң көпүрөлөрдү, айылдар аралык ж-а Жумгалдын жайлоолоруна барчу жолдорду, райондогу асфальт заводун, Чаектин көчөлөрүндөгү тротуарларды ж.б. курдурган. Жумгал автобазасында иштеген мезгилинде биринчи жолу айыл аралык маршруттарды ачкан. Медалдар м-н сыйланган.

КАСЫМБЕКОВ Салмоорбек (1950-ж.т.)



Касырбекова С

Жумгал райондук финансы бөлүмүндө инспектор (1973-77-ж.ж.), Нарын обкомкомсомолунда инструктор (1977-78 ж.ж.) Соцкамсыздоо бөлүмүнүн начальниги, партиянын Жумгал райкомунда инструктор, мамлекеттик соцкамсыздоо башкармасынын начальниги (1984-1986-ж.ж.) Атбашы райондук керек-жарак коомунун Торагасы (1986-89-ж.ж.). Жумгал жылуулук кампасын уюштуруп 1989-ж. курулушун курган. Турмуш-тиричилик комбинатында директор, "Беш-Сары" фирмасынын көмүр кесининде директордун орунбасары. Таш-Дөбө айылында Айыл башчысы болуп иштеген. Азыр Жумгал райондук мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары. Жергиликтүү Кеңештин депутаты болуп бир нече жолу шайланган.Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н сыйланган.

КАСЫМОВ Токтогул (15.6.1943-ж.т., Кызыл-Туу айылы) — живопись колдонмо өнөр сүрөтчүсү. 1968-ж. Бишкек сүрөтчүлөр окуу жайынын декоратив бөлүмүн бүтүп, Ош шаарында художник-жасалгалоочу болуп иштейт. 1970-жылдан сүрөт көргөзмөлөрүнө катышат. «Жылкычылардын бийи», «Аңчы», «Жаз», «Ысык-Көлдүн коргунушу» деген жасалга-колдонмо эмгектери, «Шахматчылар», «Чырпык жыйнаган балдар», «Чабандар» деген живописгери ж.б. эмгектери бар. СССР сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1976).

КАСЫРБЕКОВА Светлана (1957-ж.т. Кайырма айылы). Юрист. КМУнун юридикалык факультетин бүткөн (1981-ж.). Нарын областтык юстиция бөлүмүндө консультант (1981-1989-ж.ж), ага консультант, юстициянын начальнигинин орунбасары (1989-1991-ж.ж.) Тянь-Шань райондук Сотунун (1991-96-ж.ж.) Нарын ш. Сотунун (1996-99-ж.ж.) 1999-жылдан бери Тоң райондук Сотунун Торагасы болуп иштейт.

КАЧЫКЕ БААТЫР Түлкү уулу Качыке болжол м-н (1757-1760-ж.ж.т.) 1877-ж. көлдүк Белек бийдин небереси (Алдаштын уулу) Бирназар м-н Жумгал элинин атынан Цинь империясынын борбору Пекинге барышкан. Императордун салтанаттуу кабыл алуусунда болгон ж-а андан белек алган. Көлдүк бугулар XVIII к. биринчи жарымында Калмак чапкынынын натыйжасында Ферганага, Гиссарга, Гулябга сүрүлүп кийин алар Ала-Тоого кайткан. Келе жатып Кетмен-Төбөдө бир жыл, Жумгалда эки айча жашап кетишкен. Ошол мезгилде (1773-1774-ж.ж.) Качыкенин атасы Түлкү, баласы Качыкени көлдүн бийи Бирназар м-н тааныштырган. Качыке кыпчактар, казактар м-н болгон салгылаштарда Жумгал элинин колун баштап жүргөн (ошондуктан Качыкеге «Баатыр» деген наам берилген). 1820-жж. (болжол м-н) Качыке сарыбагыштын манабы Ниязбектен мал кыштатууга жер сурап барганда Ниязбектин уулу Ормон Качыкеге катуу айткан. Ошол кезде Качыкенин 13 баласы болгон. Экинчи аялы Жүзүмкандан төрөлгөн Эраалы 16 жашында Ормонду байлап келген, ошондон тартып Жумгалдын «Байтөбөт» деген жеринде «Ормондун ору» деген ат кийинки мезгилге (1950-70-ж.ж.)чейин сакталып келген 1842-ж. Ормонду хан көтөрөөрдө 85 жаштагы Качыке журт аксакалы катары чакырылган. 96 жашында дүйнөдөн кайткан.

КАЧЫКЕНИН КАРА ТООСУ. Жумгалдын түштүк жагында, көзгө урматтуу, жүрөктөй болгон, ак мөңгүлүү кара тоо. Соң-Көл, Миң-Куш тоо кыркалары м-н туташ, алыстан даңкайып, кырка тоолордун баарынан бийик көрүнөт. Апрелдин башында

Жумгалда катуу кара шамал болуп, бул тоону чүмбөттөп жаткан карды учуруп кетет. Ошондон кийин Жумгалга жаз келет. Бул тоосу Жумгалда жаздын символу катары каралат. Уламышта Жумгалдын ханы Качыке баатырдын кароол тоосу болгон деп айтылат.

КАШКАР БААТЫР, Кашкар Жанбото уулу (1829, Кызарттын бели – 1889, ошол эле жер) – курманкожо уруусунан чыккан чоң баатырлардын бири. 1847-ж. көп кол курап, Кенесары кыргыздарга экинчи жортуулун уюштурган. Жортуулчулардын Чүй өрөөнүнүн батышынан башталган ырайымсыз кандуу чабуулу Жанкарач, Жантай, Ормон ж-а башка уруу башчыларынын тынчын алып, аларды чечкиндүү аракетке түрткөн. Солто, сарыбагыш жигиттери стратегиялык мааниси бар, Текеликтин сеңирине топтолушуп, жоону күтүшкөн. Аларга Жумгалдык саяктардан эки үйдөн бир жигит кош ат жетелеп келип кошулушуптур. «Шамшыны» ашып 400 адам келген. Ошолордун ичинде Кашкар да болгон. Ал ошол Текеликтин сеңирине жакын жердеги Караконуздун чыгыш жагындагы Май – Дөбөдө болгон казак м-н кыргыздын чоң салгылашуусунда жекеге чыгып, сайышта казактын баатырын жеңип чыккан. Ошол эрдиги үчүн баатыр наамын алган. (К.Усенбаев, «Ормон хан», «Эркин Тоо» газетасы, 22-июль, 1998-жыл; Белек Солтоноев, «Кызыл кыргыз тарыхы», 2-том 4-5-беттер). К. Кызарттын белине жете элек жерде, түштүк кырка тоодогу «Кашкар булак» аттуу жерде жашаган. К. жылкыга бай, туугандарына караштуу, абдан белдүү, сырттан адам болгон. «Кашкардан кайыш артбайт», – деген сөз, анын айрым жылкыларын кайыш тушамыш м-н тушап койгондугунан чыккан. Тушалган жылкы жоо тийгенде үйүрүнөн артта болүнүп калып, алардын изи м-н К. дайыма оз малын жоодон кайтарып алып турган. К. намыскөй адам болгон. Атасы Жанбото Умуке аттуу экинчи энесинин колунда дүйнодон



Кекиликов Ж

кайтат. Бир топ адам м-н К. баатыр келип Жанботонун сөөгүн алып кетмекчи болуп талашат. Дагы бир уулу Жообасар, «өзүм эле коем» – деп бербей коет. Ошондо Нусуп бий арага түшүп: «Балам колуң тайкы, Жанботонун сөөгүн кандуу моюн Кашкарга чыгарып бер», – деп чечкен экен. Кашкар баатырдын балдары: Саркобөн, Бейиш, Акынбек, Абдыраман, Таштанбек, Телкулун. Абдырамандан: Абдыкерим, Сарыкалча, Бектур. Бектурдан: Турсунаалы, Мусакожо, Заирдин, Дайыр (к. Мусакожо Бектур уулу).

КАШКА-СУУ КӨМҮР КЕНИ. Миң-Куш 2-кени. Миң-Куш шаарчасынан 12 *км* түндүк-батыш тарапта, Миң-Куш өрөөнүндө, райондун борбору Кабак көмүр бассейинин ортоңку бөлүгүндө жайгашкан. 1946-52-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон калыңдыгы 200 *мге* жеткен көмүрлүү чөкмө тектер (гравелит, кумдук, алевреолит, чопо ж.б.) түзүп жатат. Көмүрлүү туура-кабак свитасы 8 көмүр кабатынан турат, а.и. 3 кабаты толук изилденген. Кабаттардын калыңдыгы 0,8-18,55 *м,* узундугу 8 *км.* Көмүр күрөң, бир өңчөй, аз күлдүү (15%) ж-а аз күкүрттүү (1%). Көмүрдүн курамында чайыр арбын болгондуктан отун катары пайдалануу м-н бирге андан түрдүү химиялык продуктуларды алууга болот. Баланс запасы 12170 миң *т* (1993).

КАШКА-ТЕРЕК МИНЕРАЛДУУ СУУСУ, *к. Чаек минералдуу суусу.*

КЕКИЛИКОВ Жолдошбек (1.1.1932, Беш-Терек айылы – 26.8.1998, ошол эле жер) – чарба жетекчиси. 1955-ж. Кыргыз айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1955-57-ж. Булганин атн. колхоздо агроном, 1957-59-ж. Нарын облустук айыл чарба башкармасынын



Кенжегулова Ш



Кенчиев Ж

начальнигининин орунбасары, Жумгал МТСинин башкы агроному, 1959-61-ж. ж-а 1967-76-ж. «Чаек» колхозунун башкармасынын Төрагасы, 1961-65-ж. башкы агроному, 1965-67-ж. ж-а 1976-80-ж. райондук айыл чарба башкармасынын начальнигин орунбасары, 1980-85-ж. райондук «Кыргызайылчарбахимия» өндүрүштүк бирикмесинин Төрагасы болуп иштеген. Жумгал р-дук советине 2-жолу (1975, 1977), Чаек айыл кеңешине 3 жолу (1969,1971, 1973) депутат болуп шайланган. «Ардак Белгиси» ордени (1973) ж-а көптөгөн медалдар м-н сыйланган. 1992-ж. Беш-Терек толук эмес орто мектебине ысымы ыйгарылган.

КЕЛДИБЕК бий (1720-55-жылдар чен, Жумгал өрөөнү) – саяк урууларын бийлеген бий, баатыр. Жигиттик курагы «Калмак дооруна» туш келген. Бул жылдары калмактар м-н кыргыздардын ортосунда бир катар кандуу согуштар болуп, кыргыздар Анжиян тарапка сүрүлүшкөн. Кушчу уруусунан чыккан Кубат бийдин жетекчилиги м-н кыргыздар көп аскер курап, калмактарга жортуул жасаган. Ал жортуулда саяк уруусуна Өтөгөчү бий м-н Келдибек бий, Сарыбагышка Черикчи, саруура Момункул, базыстарга Матек бийлер жол башчылык кылып, калмактарды талкалашкан. «Калмак доорунан» кийин Түгөл-Сайдан Кочкорго чейинки аймакты бийлеген. Калмактар кайра күч алып, кыргыздарды кайрадан Анжия багытына сүрүшкөн. Көп узабай кыргыздар калмактарды кайрадан талкалашып, 1748-ж. өз жерлерин кайрадан ээлешкен. Келдибек бий ошол согуштардын баарына катышып, зор баатырлык көргөзгөн. Көзү өткүчө саяктарды бийлеген. Калыс, адамга жаман айтпаган, акылман адам болгон. Уулу Нусуп бий да эл башкарган.

КЕМЕЛОВ Сайпидин (1950-2000, Көк-Ой айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1975-80). 1967-жылдан «Коммунизм» колхозунда сугатчы, звено башчысы болуп иштеген, «Ардак Белгиси» ордени (1976) м-н сыйланган.

КЕМПИР БААТЫР (18-кылымдын 2-жарымы, Жумгал өрөөнү – 19-кылымдын 1-жарымы, Ак-Талаа р-ну, Куртка айылы) – баатыр. Алгачкы эрдигин Кокон башчыларына каршы күрөшүүдө алардын жекеме-жекеге чыккан баатырын сайып өлтүрүүдө көрсөткөн ж-а 17 жашында эле «Баатыр» деген наам алып, ак кийизге салынып, кол башчылыкка дайындалган. «Кой кайтарган арыктан, кол баштаган Кемпир баатыр чыкты» деген лакап айтылган. Чүкө, Түлкү, Токо деген баатыр уулдары м-н элди сырткы душмандардан коргогон. Тайлак, Качыке, Чомой баатырлар м-н жакын ымалада болуп, аларга көмөктөшүп турган.

КЕНЖЕГУЛОВА Шааркан (25.8.1930-ж.т., Ат-Башы р-ну, Баш-Кайынды айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими. Таш-Дөбө орто мектебинде чет тил мугалими болуп иштеген. «Эл агартуу отличниги». «Эмгек Кызыл Туу» ордени м-н сыйланган.

КЕНЖЕКАРАЕВ Абдыкадыр (1880, Таш-Дөбө айылы – 1962, ошол эле жер) – мамлекеттик ишмер. Алгачкы билимди араб тамгасында алып, Көкүмбайга катчы болуп беш жыл иштеген. Кочкор, Жумгал р-ндору биригип, Сталин р-ну болгондо райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, төрагасы болуп иштеген. Ошол мезгилде Жумгал, Кочкор айылдарында бир катар мектептерди курдурган, жаңы кыштактарды салдырган. 1936-37-ж. репрессияланып, 1941-ж. акталган.

КЕНЧИЕВ Жапар (1929-ж.т., Чаек айылы) – сатирик-акын, санжырачы, 1991-ж. Ысык-Көлдө өткөн санжырачылар конкурсунун жеңүүчүсү. 1958-ж. Бишкек политехника институтунун тоо кен-геология



Керезбеков К



Керимов П

факультетин бүткөн. 1949-53-ж. Жумгал районунда мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1958-68-ж. Кыргыз ССР Геология башкармасынын экспедицияларында геолог, 1968-75-ж. «Кыргызгидросуучарба» долбоорлоо институтунда отряд начальниги, 1975-76-ж. Курорт зоналарынын инженердик түйүндөрүн ж-а курулуштарын куруу б-ча бирикме дирекциянын башкы инженери, 1976-89-ж. Кыргыз Совет Энциклопедиясынын Башкы редакциясында улук илимий редактор болуп иштеген. «Санжыра» (1991), «Балбай баатыр баяны» (1992), «Мидинден кат» (1992), «Керемет акын» (1992), «Эсенгул баатыр» (1996), «Акылман куудул» (1986), «Ылаачын» (1992), «Медетдатка» (1996), «Долон» (1998), «Бабалар баяны», «Алымбек датка», «Эркинбек» (2000), «Кемпир баатыр» (2001) ж.б. китептери (30дан ашык) жарык көргөн. Көптөгөн публицистикалык макалалары, сатиралык ырлары басма сөзгө жарыяланган. Кыргыз Респ-нын журналисттер (1980), жазуучулар (1994) союздарынын мүчөсү. Медалдар ж-а грамоталар м-н сыйланган.

КЕҢ-СУУ – айыл, Кабак айыл өкмөтүнө карайт. Жалпы аянты 20,5 га, Балыкчы темир жол бекетинен 255, Чаектен 70 км аралыкта. Калкынын саны 44 (1998), 14 түтүн. Башталғыч мектеп (14 окуучу, 1 мугалим) бар.

КЕРЕЗБЕКОВ Канат (19.1.1970-ж.т., Жумгал айылы) – юрист, юридика илимдеринин кандидаты (1998), доцент (2002). КМУнун юридикалык факультетин (1993), аспирантурасын (1997) бүткөн. 1998-жылдан УИАда илимий, улук илимий кызматкер, КМУУнун юридикалык институтунда директордун орунбасары, директор, кафедра башчысы, УИДа бөлүм башчы болуп иштейт. Эл аралык комерциялык арбитраждык соттун судьясы. ВЛКСМ отличниги. КМУда иштеген 15 ил. эмгектин автору.

КЕРИМОВ Памир Насыранбекович (1961-ж.т., Сопукоргон айылы, Алай району, Ош обл.)Фрунзедеги политехникалык институтун инженер-механик адистиги боюнча бүтүргөн.(1978-83ж.ж.). Эмгек жолун Жумгал автобазасында (1983-85 ж.ж.) автоколоннанын начальниги кызматынан баштаган.1985-87-ж.ж. Жумгал райкомкомсомолунда сектор башчысы, бөлүм башчысы, 1987-88-ж.ж. уюштуруу бөлүмүнө инструктор, 1988-91-ж.ж.Кант райкомпартиясынын уюштуруу бөлүмүндө инструктор, 1991-92-ж.ж. Кант райкенешинин референти, 1992-99-ж.ж. Кант, Ысыката райкенештеринин Аппарат жетекчиси, 1999-2002-ж.ж.Ысыката райадминистрациясынын башчысынын орунбасары, 2002-2004-ж.ж. Аламүдүн райадминистрациясынын башчысынын I- орунбасары болуп иштеп, 01.2005-ж. бери Жумгал райадминистрациясынын башчысы болуп эмгектенет.

КЕРИМБАЕВ Манапбай (26.3.1935-ж.т., Сары-Камыш айылы) – юридика илимдеринин кандидаты (1967), доцент (1989). 1959-ж. КМУнун экономика-юридика факультетин бүткөн. 1959-61-ж. Бишкек шаардык аткаруу комитетинде, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунда инструктор, 1962-63-ж. КМУда окутуучу, 1964-66-ж. аспирант, 1967-71-ж. КМУда, Ош педагогика институтунда улук окутуучу, кафедра башчысы, 1972-75-ж. Кыргыз ССР эмгек ресурстар комитетинде улук экономист, 1976-83-ж. Бишкек политехника институтунда, 1983-86-ж. Кыргыз ССР ИАда, 1986-95-ж. И.Арабаев атн. педагогика университетинде, КМУда улук илимий кызматкер, доцент, 1995-жылдан «Дастан» технологиялык университетинде профессор, кафедра башчысы. СССР өкмөтү м-н союздук республикалардын байланышы, адам укугу, укук таануу, мамлекеттин тарыхы ж.б. б-ча 200дөн ашык илимий эмгектин (а.и. окуу-усулдук көрсөтмөлөр, лекциялардын курстары ж.б.) автору. «Лениндик нур менен», «Сакебай күкүк», «Акбаранын арманы», «Лайли», «Сарыгамышым» ж.б. поэмалары, көптөгөн ырлары басма сөзгө

жарыяланган. Айрым ырларына обон чыгарылган. Көркөм котормодо да күчүн сынап П.П.Ершовдун «Дулдул кайым чыңгултай», К. Чуковскийдин «Уудалган күн», А.Блоктун тандалган ыр, поэмаларын, «Калевалла» эпосун ж.б. которгон. Санжырачы, элдик күүлөрдү черте билген комузчу, Атай, Мусанын ырларын обондорун келтире ырдаган аткаруучу.

КЕСИПТИК-ТЕХНИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ОТЛИЧНИКТЕРИ: А.И.Васильев, Ж.Имашев, Ч. Асанбекова, Болотов Кылычбек, Чокоева Бурул.

КЕСИПТИК-ТЕХНИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАРЫ Райондо 1 кесиптик-техникалык окуу жайы, 1 кесиптик лицей иштейт, эл чарбасынын ар кандай тармактары үчүн квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдайт.

КИНОФИКАЦИЯ. Райондук кинофикация тармагы 1937-38-ж. уюшулган. Негизги милдети райондун калкын кинофильм м-н тейлөө болгон. Райондун калкына туруктуу кино корсотүүчү жай – Чаектеги «Сөц-Көл» кинотеатры. Айылдык клубдарда да кино корсөтүлөт. Жергиликтүүлөрдөн 1-киномеханик болуп, 1938-жылдан Кочкор-Жумгал р-нунда өмүрбаев Шарип иштеген. Райондук кинофикация тармагынын директорлору: Калчаев Сатыбек (1949-55), Алыкулов Мамыт (1956-63), Алыбеков Дүйшеке (1964-69), Максутов Болчөк (1970-71), Тургунбаев Кенеш (1972-73), өмуралиев Байжан (1974-77), Иманова Кыяс (1978-80), Мамбетова Калипа (1981-84), Бокчубаев Кенеш (1985-86), Исабекова Шарипа (1987-90), Мураталиев Аскараалы (1991-92), Жумабаева Мунара (1993-94), 1994-жылдан Абшекиров Тилек.

КИТЕПКАНАЛАР. Райондун аймагында алгачкы китепканалар 40-жылдардан баштап ачыла баштаган. 1945-ж. Жумгал райондук борбордук китепканасы уюшулган. Алгачкы 2 штат иштеп, 7415 нуска китеби болгон. Райондогу алгачкы китепканачылар – Асанова Сайра, Екатерина Романовская, Жумабаева Зина. Бул китепкана 1974-ж. Кыргыз ССРинин 50-жылдык юбилейинде «эң жакшы иштеген китепкана» наамын жеңип алган. 1975-жылдары Кара-Кечеде алыскы жайыттардагы малчыларды тейлөөчү стационардык (жайы-кышы иштөөчү) китепкана ачылган. Райондук китепкана 1977-ж. райондук борборлоштурулган китепкана тармагы болуп кайрадан уюшулган (дареги: Чаек айылы, Ленин көчөсү, 67). Ал райондогу бардык айылдык китепканаларга усулдук кеңеш берүүчү борбор болуп эсептелет. Ага балдар бөлүмү (ал 1952-ж. негизделген) ж-а 19 айылдык китепкана карайт. 30 орундуу окуу залы, абонемент бөлүмү иштейт. Борбордук китепканада 10 (а.и. балдар бөлүмүндө 2), айылдык китепканаларда бирден (бардыгы 19) адам иштейт (1998). Район б-ча бардык китепканалардын китеп фондусу 167871, а.и. борбордук китепканада 26653 (анын 5225и кыргыз, 21428и орус тилинде), балдар бөлүмүндө 14955 (анын 5763у кыргыз, 9192си орус тилинде), айылдык китепканаларда 126263 нуска китеп бар. Район б-ча жалпы китеп окурмандардын саны 15430, а.и. борбордук китепкананыкы 2101, балдар бөлүмүнүкү 1235. Район б-ча 1997-ж. китеп берүүлөрдүн саны 236658 (а.и. борбордук китепканада балдар бөлүмүн кошо эсептегенде 84695) нуска китепти, китептин окулушу 15,3 (тиешелүү турдө 25,3), китептин айланышы 1,4 (2,0), окурмандардын китепканага тартылышы 6,1 (10,3) пайызды түзгөн. Райондогу китепкана тармагын өнүктүрүүгө Дөкөнова Сайнаке, Алымсеитова Кенжекан, Молдалиева Жийде, Көбөгөнова Жеңиш кыйла салым кошкон.

КИЧИ-АРАЛ – айыл, Көк-Ой айыл өкмөтүнө карайт. Жумгал суусунун оң өйүзүндө. Жалпы саны 55 га. Чаек айылынан 15 км батышта, Балыкчы темир жол бекетинен 196 км. Калкынын саны 193 (1998), 53 түтүн. Негизинен мал чарбачылыкта эмгектенишет. Китепкана бар.

КИЧИ-КУЛ ТАШ ТУЗ КЕНИ Чаек айылынан 30 км батышта, Көкөмерен суусунун оң куймасы – Кичи-Кулдун алабында. 1951-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын миоценде пайда болгон чопо, мергель, алевролит ж-а кумдук тоо тектери түзөт. Туз чопонун арасында линза сымал катмар түрүндө жатат. Туз катмарынан калыңдыгы 35-40 м, узундугу 1700 м. Туз негизинен глацбериттен турат, өнү



Кожалиев М



Кожеков Ө

жашыл боз, каралжын боз. Туздагы Na_2SO_4түн орточо өлчөмү 23,5%. Геологиялык запасы 47,0 млн т (1960). Тамак-ашка колдонуута жарабайт, бирок курамында сейрек тараган микроэлементтер арбын болгондуктан малга абдан жагымдуу.

КЛУБ МЕКЕМЕЛЕРИ лекция, тематикалык ж-а эс алуу кечелерин уюштурат, ангеме өткөрөт, өздүк-көркөм чыгармачылыгынын концертин берет, театрлаштырылган оюн-зоок кече өткөрөт, ар кандай жолугушууларды уюштурат ж.б. Көпчүлүк клуб мекемелеринде кино коюлат. Эл чыгармачылыгынын бардык түрүн, айрыкча өздүк-көркөм чыгарма-чылыкты өнүктүрүүгө көмөк берет. Райондогу алгачкы клубдар 1936-жылдан ачыла баштаган. Алгач Жаңы-Арык, Кайырма, Көк-Ой айылдарында болгон. 1998-ж. райондун аймагында 1 маданият үйү, 12 айылдык клуб, 1 көчмө клуб иштеген. К. Маданият ж-а клуб мекемелери.

КОЖАЛИЕВ Мадан (1920-ж.т., Доскулу айылы) – «Кызыл Жылдыз» орденинин ээси. 1941-46-ж. Улуу Мекендик согушка катышкан. 1946-жылдан «Жумгал» совхозунда малчы болуп иштеген. «Даңк», 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н да сыйланган.

КОЖЕКОВ Өмүрбек Акылбекович (5.3.1954-ж.т., Ак-Талаа р-ну, Жаңы-Талап айылы) – Жумгал р-ндук мамлекеттик администрациясынын башчысы (1999-2000), экономика илимдеринин кандидаты. 1973-ж. Бишкек финансы-экономикалык техникумун, 1981-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун экономика факультетин, 1990-ж. Алматыдагы жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1973-75-ж. «Коммунистчил» колхозунда башкы бухгалтердин орунбасары, 1981-83-ж. ушул колхоздо, райондук айыл чарба башкармасында башкы экономист, 1983-86-ж. Кыргызстан КП Ак-Талаа райкомунда айыл чарба бөлүмүнүн инструктору, бөлүм башчысы, 1986-89-ж. Ак-Талаа райондук керек-жарак коомунун башкармасынын Төрагасы, 1990-94-ж. райондук Аткаруу комитетинин Төрагасы, райондук кеңештин Төрагасынын орунбасары, райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын I-орунбасары, 1994-97-ж. Ак-Талаа, 1997-99-ж. Кочкор, 1999-жылдан Жумгал р-ндук мамлекеттик администрация-ларынын башчысы. Нарын облустук, Ак-Талаа, Кочкор райондук кеңештерине депутат болуп шайланган. Медалдар м-н сыйланган.

КОЖОГУЛОВ Сооданбек (26.5.1950-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – Кыргыз Респ-нын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1980). Чоң-Дөбө айылында механизатор, 1971-91-ж. Миң-Куш «Оргтехника» заводунда наладчик болуп иштеген. «Эмгек Кызыл Туу» ордени м-н сыйланган.

КОЖОГУЛОВА Гүлбүбү (Ибраим кызы) (1911-ж.т. Эпкин айылы). 1916-ж. Улуу көтөрүлүштө Кытайга чейин качып барган. Жетимчиликтин запкысын көрүп жетилип, эмгек жолун Чоң-Дөбө айылында колхозчулуктан баштаган, жолдошу Соодалы кан кечкен согушка кеткенден кийин түйшүк мойнуна түшкөн. 1940-42-ж.ж. дүкөнчү, Кылыз Туу эгин даярдоо пунктунун башчысы болуп иштеген. Алты айлык партиялык курсту бүтүрүп, Кайырма айыл Советинин төрайымы (1943-47-ж.ж.) Суусамырда айыл Кеңешинини төрайымы болуп, айтылуу Кожомкул балбан м-н үзөңгүлөш иштеп, советтик



Кожогулов С



Кожогулова Г



Кожомкул Каба уулу



Кожомбердиева Б

иштерди аялдардын иштерин уюштурууга чоң салымын кошкон. Партия Гүлбүбүнүн уюштуруучулугуна, жондомүно жоопкерчиликтүүлүгүнө ишенип, чарбалык ишке жиберет. 1947-ж. артта калган «Чоң-Дөбө» колхозун жетекчилике алат. Облустта, райондо аялдардан чыккан алгачкы башкарма болот. Аталган колхозду райондогу алдынкы чарбага сүрөп жеткирген. «Ардак белгиси» ордени, бир нече медалдар м-н сыйланган. Айылдык, райондук, облусттук Кеңештердин депутаттыгына шайланган. «Коммунисттик партиянын катарында 50-жыл» деген төш белги алган.

КОЖОГУЛОВА Гүлбүбү Ибраим кызы (1911-2002, Эпкин айылы) – райондогу аялдардан чыккан алгачкы башкарма. 6 айлык партиялык курсту бүткөн. 1940-42-ж. дүкончү, Кызыл-Туу эгин даярдоо пунктунун башчысы, 1942-ж. Кайырма, 1943-47-ж. Суусамыр айыл кеңештеринин төрайымы, 1947-жылдан «Чоң-Дөбө» колхозунун башкармасынын торагасы болуп иштеген. «Ардак Белгиси» ордени, медалдар м-н сыйланган. Райондук, облустук кеңештерге депутат болгон.

КОЖОМБЕРДИЕВА Бүбүмаалим (1949-ж.т. Кайырма айылы) 1967-ж. Чаектеги момо-жемиш совхозунун өнүгүшүнө чоң салым кошкон. "Аялзат" борборунун мүчөсү "XXI кылымдын жемиши" жамааттык уюмдун жетекчиси.

КОЖОМКУЛ Каба уулу (1888, Суусамыр ороону – 1955, ошол эле жер) – балбан. Бала кезинде байларга койчу болгон. 1925-28-ж. Суусамыр болушунда мураб, кедейлер комитетинин, 1929-38-ж. Көкөмерен айыл кеңешинин Төрагасы болуп иштеген. Ошол жылдары Суусамыр жайлоо кеңешин уюштуруп, элдин турмушун оңдоого, сабатсыздыгын жоюуга, Жумгал жергесине кеңеш бийлигин орнотууга активдүү катышкан. 1938-42-ж. «8-Март» колхозундаферма башчысы болуп иштеп, 1949-ж. ардактуу эс алууга чыккан. Кожомкул дене түзүлүшү жагынан И.П.Поддубный, И. Заикин сыяктуу орус балбандарынан да зор болгон. 47 жашында салмагы 164 кг, боюнун узундугу 1 м 97 см болуп (бою 2 м 36 см, салмагы 208 кг болгон деген да маалымат бар), 52-өлчөмдөгү өтүк кийген. Кожомкул балбандыгын ата-энесинен мурастап алган. Атасы Кошуна уулу Каба (болжолу 1827-1906) күч жагынан эл оозуна алынган балбан болгон. Ал Жоо-Жүрөк жайлоосундагы арыкты бөгөгөн 1274 кг чамалуу ташты тээп жылдырган. Энеси Алмадай да эр сайышка түшкөн. Кожомкулдун күчтүүлүгү бала чагында эле байкалган. 15 жашында күрөшкө түшүп, 45 жаштагы дасыккан балбанды жыккан. Андан кийин Кожомкул күрөшсө да, эңишсе да өмүр бою эч кимге алдырган эмес. Казак балбаны Балбан-Шолакты жыккандан кийин анын атагы казак элине да кеңири тараган. Кожомкулдун балбандыгы ж-дө эл оозунда көп аңыз сөздөр айтылат. Күчкө толуп турган убагында салмагы 400 кг чамалуу өгүздү жаракадан сууруп алган. 22 жашында Суусамыр өрөөнүнүн Арамза төрүндө бийиктиги 1 м 60 см, жоондугу

1м 89 см ташты 100 мдей аралыкка көтөрүп барып, жерге күч м-н уруп киргизген. Эл аны «Кожомкулдун ташы» атайт. Кожомкулдун мындай таштары Суусамырдын Бөйрөк, Кен-Суу, Жоо-Жүрөк жайлоолорун-да, Кетмен-Төбө өрөөнүндө да бар. Чүйдөн Суусамырга баратканда минген аты баспай калып, аны өзү көтөрүп Төө-Ашуудан ашкан. Тутамга ченеп суу талды кармаганда суусу шорголоп, жерге таштаганда ширеңкедей чачылган. Кожомкулдун күмбөзүн 1956-ж. Очобай уулу Исабек салган. Кожомкулдун 2 уулу, 1 кызы (Муктар – 1994, Амантай – 1995, Нурике – 1978, байбичеси Сайра 1992-ж. каза болгон) болгон. 20дан ашык небереси, 30дай чөбүрөсү бар. Кожомкулду тарткан 1 гана иниси Мокотой болгон. Кожомкулдун 100 жылдык мааракеси Суусамырда 1989-ж. июлда белгиленген. Музей ачылган.

Дене тарбия ж-а спорт б-ча. Кыргыз Респ-нын күрөш федерациясы 1962-ж. эркин күрөш б-ча Кожомкул атындагы байге белгилеген. Ал байге үчүн эл аралык мелдеш жыл сайын өткөрүлөт. Кожомкул ж-дө Ф.Е.Байман, В.П.Никулин «Человек с железными мускулами» (1967) деген китеп, А.Белеков «Кожомкул» (1976) аттуу поэма жазган, 1990-ж. «Каба уулу-Кожомкул» аттуу документалдуу-хроникалык фильм тартылган. Сценарийи Акималы Чекировдуку (режиссер, тартуучусу Бердибек Жандавлетов). Ысымы Бишкек шаарындагы Спорт сарайына, Жумгалдагы айылга коюлган. 2004-ж. Спорт сарайдын алдына ат көтөрүп турган эстелиги орнотулган "Эмгек Кызыл Туу" ордени, 4 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

КОЖОМКУЛ МУЗЕЙИ (Кожомкул айылы). 1989-ж. июлда Кожомкул Каба уулунун 100 жылдык мааракесине арналып ачылган. Музей имараты мурунку «8-Март» колхозунун комсомол уюмунун ж-а колхоз башкармасынын төрагасынын демилгеси м-н курулган. Жалпы аянты 80 м^2, 4 бөлмөдөн турат. 1500ден ашык экспонат бар. Музей экспозициясына Кожомкулдун ичиги, чепкени, шымы, устачылык аспаптары (көөрүк, балта, чот), мергенчилик курал-жарактары, урунган идиштери, кол жазмасы, ойногон комузу, жалаң күмүш м-н көркомдөлүп, казак зергери белекке берген ат жабдыгы, өмүр жолуна байланышкан тарыхый-архивдик фото сүрөттөр, живопистик сүрөттөр м-н документтердин көчүрмөлөрү жайгаштырылган. Ошондой эле балдары, неберелери, байбичеси, тели-теңтуштары, курдашы Исабек устанын да сүрөттөрү, урунган буюмдары коюлган. Музей алдына Кожомкул көтөргөн таштар (Жоо-Жүрөктөгүсү 620, Чаргымбайдын күмбөзүндөгүсү 600, Арамзадагысы 690 кг, Жөө-Жүрөктөн атасы тээп жылдырган таш 1274 кг) жайгаштырылган. Музей экспозициясынын автору Акималы Чекиров. Музейде атайын иштеген киши жок, балдары тейлеп турат. Кожомкул ж-дө экспонаттар райондук тарых музейине да коюлган.

КОЖОМКУЛОВ Бакирдин (25.8.1921, Көк-Ой айылы – 1989, ошол эле жер) – Ленин орденинин ээси (1971). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1950-59-ж. Ак-Суудагы кант заводунда, 1959-82-ж. Миң-Куштагы «Оргтехника» заводунда жумушчу болуп иштеген. «Кызыл Жылдыз ордени» ж-а медалдар да сыйланган.

КОЖОНАЛИЕВ Зарылбек (15.1.1953-ж.т., Баш-Кууганды айылы) – саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери (1999). 1976-ж. КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1976-77-ж. Нарын облустук, 1977-94-ж. Кочкор р-ндук ооруканаларында врач-терапевт, терапия бөлүмүнүн башчысы, башкы врачтын орун басары, 1994-97-ж. Жумгал р-нун ооруканасынын башкы врачы,



Кожомкулов Б



Кожоналиев З



Кожоналиева Б



Койчиев М

997-жылдан бөлүм башчы. Кыргыз ССР-нын Ардак грамотасы (2001), аламаттык сактоо министрлигинин, облустук саламаттык сактоо башкармалыгынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

КОЗУЧУ УУЛУ Отор, Отор баатыр (1880, Кара-Чий айылы – 1973, ошол эле жер) – балбан, найзакер. Жаш кезинде жылкы баккан, мергенчилик кылган. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында жумушчу батальондо болгон. Кийин «Кызарт» совхозунда иштеген. Бойлуу, далылуу зор адам болгон. 12 жашында Соң-Көлдөгү Тулпар ташты эки колдоп көтөрдүн кашына 12 жолу көтөрүп койгон экен, 16 жашынан эр сайышка түшкөн. Тогузторолук Кызтек, Жумгал өрөөнүнөн чыккан Сабыр, Аксакал, Торсо, таластык Теке баатыр сыяктуу белгилүү найзакерлер м-н көп ирет беттешкен. 70 жашында Тоголок деген балбан м-н күрөшүп, аны жеңген.

КОЙЧИЕВ Мажы (1917-99-ж.ж. Чоң-Добо айылы ошол жер). Ата Мекендин согуштун катышуучусу. Комсомол ячейкасын жетектеген. Канттагы айыл чарба техникумун сырттан бүтүргөн. Чон-Добо колхозунда ферма башчысы, 1939-44-ж.ж. колхоздун башкармасы, өз айылында бригадир, кампа, ферма башчы, Совнарком колхозунда башкарма (1947-52-ж.ж.) Райпонун кампа башчысы, РЗКда уролнизач, Таш-Дөбө колхозунда башкарма болуп, колхоз жоюлганча иштеген. 1954-61-ж.ж. Чоң-Дөбө колхозунда кампа башчы, бригадир болуп эмгектенген «Ардак белгиси» ордени, Бүткүл Союздук эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн алтын медалы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

КОЛЖОНАЛИВА Бүбүайда (1922-ж.т. Таш-Дөбө айылы). КМУнун географиялык факультетин бүтүргөн (1943-ж.ж.). Ак-Талаа районунда мугалим, мектеп директору болуп иштеген. «Эл агартуунун отличниги» деген наам алган. Тянь-Шань обкомунда инспектор, (1950-51-ж.ж.) Партиянын Ак-Талаа районунда II катчы, Аялдар бөлүмүнүн башчысы (1952-55-ж.ж.) 3 жылдык партиялык мектепти бүтүрүп (1955- 58 ж.ж.) 1961-ж. чейин Жумгал райкомунда иштеп турган. Орто мектепте мугалим, директор болуп иштеген (1982-ж.). Кыргыз Республикасынын Грамотасы, бир нече медалдар м-н сыйланган, эмгектин ардагери.

КОНОЙ БАЛБАН (1815-85, Таш-Дөбө айылы) – балбан. Катаган уругунан. Тоголок Молдонун айтуусу б-ча Коной 1840-ж. Медет датканын ашында (Кызыл-Дөбө айылы) Кокон ханы Мадалы хандын Төө балбаны м-н күрөшүп, аны жеңип чыккан. Байгесине ак төөгө мингизген кыз алган. Ага үйлөнүп балалуу болгон.

КОНУРБАЕВ Сопу (1890-1977-ж.ж). Ленин колхозунун калыптанышына активдүү катышкан. Өмүрүнүн дээрлик бөлүгүн мал чарбасына арнаган. 1916-жылдагы элди үркүндөн сактап калган, падышалык аскерлердин жүрүшүнө күбө болгон. Мырзабек болуштун орус

аскерлери м-н болгон сүйлөшүү бөлүмүн ишке ашыруу үчүн аларды Жумгал чегинен чыгарууга катышкан. Кыргыз ССР Жогору Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

КОРГОО СПОРТ-ТЕХНИКАЛЫК УЮМУ (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 98). 1975-86-ж. Кочкор ДОСААФынын филиалы катары иштеген. 1998-ж. Жумгал райондук ДОСААФы аталган. 1991-ж. октябрдан Коргоо спорт-техникалык уюму (КСТУ) аталат. Негизги милдети калкты патриоттук сезимге тарбиялоо, эмгекке ж-а Ата Мекенди коргоого даярдоо, ошондой эле спорттун техникалык түрлөрүн ж-а техникалык чыгармачылыкты өнүктүрүү. 4 адам иштейт (1998). Уюмдун жетекчилери (директорлору, төрагалары): Бекматов Темирбек (1975-81), Сариев Райкан (1981-86), Жунушов Мелис (1985-87), Асанбеков Койгелди (1987-95), 1995-жылдан Мамбеталиев Кубанычбек.

КОТУР-СУУ – айыл, Кабак айыл өкмөтүнүн аймагында. Жалпы аянты 15,4 га. Балыкчы темир жол бекетинен 255, Чаектен 70 км аралыкта. Калкынан саны 88 (1998), 26 түтүн.

КӨБҮК-СУУ – Ички Теңир-Тоодогу суу, Көкөмерендин оң куймасы. Узундугу 35 км, алабынын аянты 398 км^2. Куралуу аймагынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2500 м. Негизинен кар ж-а мөңгү сууларынан куралат; 52 куймасы бар. Жылдык орточо чыгымы 9,4 м^3 / сек. Алабындагы мөңгүлөрдүн жалпы аянты 2,7 км^2.

КӨК-БУЛАК (ТУЛПАР-ТАШ) БАЛБАЛДАРЫ Соң-Көлдүн түштүк-батыш тарабында, Көк-Булак деген жерде жайгашкан 3 таш балбалдан турат. Бирөө Соң-Көлдүн түндүк-батыш жээгинде. өң-түспөлүү монголоид тибинде. Эркек же аял сүрөттөлгөнүн аныктоо мүмкүн эмес. Бийиктиги 100 см. 2-балбан-монголоид тибиндеги аял. Кумарага окшош буюмду кармап турат. 3-балбал дагы монголоид тибиндеги аялдын түспөлүү. Бийиктиги 80 см. Буларды Я.А. Шер баяндап жазган. 6-10-к-га тандык.

КӨК-ОЙ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ 1994-ж. өзүнчө айыл кеңеши болуп, Чаек айыл кеңешинин курамынан бөлүнүп чыккан. Райондун борбордук бөлүгүндө жайгашкан. Чыгышынан, түштүк-чыгышынан ж-а түндүк-чыгышынан Суусамыр району, батышынан ж-а түштүк батышынан Кабак айыл өкмотүнүн аймактары м-н чектешет. Ортосунан чыгыштан батышты карай Жумгал, батышында түндүктөн түштүктү карай Көкөмерен суусу агып отот. Андан сырткары Миң-Теке, Кайып-Суу, Эмел, Чоң-Мыкаачы, Кичи-Макаачы, Куп суулары агат. Бул айыл өкмөтүнө Көк-Ой, Кичи-Арал, Арал, Кырчын айылдары карайт. Борбору – Көк-Ой айылы. Негизги тармагы айыл чарбасы. Жалпы аянты 404,25 км^2, анын айыл чарбага жарактуу жери 26425 га, а.и. 1152 га сугат, 12 га кайрак, 36 га чабынды, 17353 гасы жайыт. 289 дыйкан чарбасы иштейт. Элде 2090 уй, 1864 жылкы, 7423 кой-эчки бар. Жалпы айыл өкмөтү б-ча калкынын саны 2534 (1998) адам, 649 түтүн. 13 айылдык кеңештин депутаты иш жүргүзот. Айыл өкмөтүнүн аймагында 2 орто мектеп бар. Аларда 50 мугалим эмгектенип, 733 окуучу окуйт. О.эле 2 ФАП, 2 клуб, 2 китепкана, 2 почта, 2 мончо, 3 дүкөн иштейт. Элди 13 суу түтүгү таза суу м-н камсыз кылат. Айыл өкмөтүнүн аймагындагы негизги жайлоолор -Миң-Теке, Кайып-Суу, Кош-Бел, Чалкан, Чаграй, Чоң-Эмел, Бороонду, Кара-Күңгөй, Сары-Мундуз, Балтыркан, Көк-Дөбө, Таарылган ж.б. Кыштоолору: Чоң-Кул, Кичи-Кул, Ноот-Булак, Кайың-Суу, Мыкаачы, Чалкан, Чагырай, Жаман-Ан, Ак-Мойнок, Миң-Теке, үнкүр ж.б.

КӨК-МОЙНОК КӨМҮР КЕНИ Чаек айылынын 45 км түштүк-батыш тарапта, Көк-Мойнок өрөөнүндө. Кабак көмүр бассейини батыш бөлүгүндө жайгашкан. Аймагында юра мезгилинде пайда болгон чөкмө тоо тек (гравилит, кумдук,

алевролит, чопо ж.б.) катмарлары жатат. Кен ошол катмарлардын арасындагы комүрдүн 8 кабатынан (анын пайдалуусу калганы табигый шартта 200 м терендикке чейин күйүп кеткен) турат. Комүр кабаттарынын калыңдыгы 2-39,6 м. Комүрү күрөң, күкүрттүү, күлдүүлүгү орточо (18%) Эсептелген жалпы запасы 130, 452 млн т (1993).

КОК-ОЙ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Кок-Ой айылына жакын жерде. Тизмектешип узатасынан кеткен дөбө-мүрзолордон турат. Бийиктиги 2 мге чейин. А.К.Кибиров 1953-ж. изилдеген. Б.з.ч. 1-к. – б.з. 3-к-на таандык. Казуу иштери жүргөн эмес.

КОКӨМЕРЕН (көк ж-а моңголчо мөрөн-суу) – суу, Нарын дарыясынын оң куймасы. Жалпы узундугу 199 км, алабынын аянты 10400 км^2, деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2800 м. Суусамыр ж-а Каракол суусунун кошулган жеринен Көкөмерен аталат. Ири куймалары: Муз-Төр, Жаман-Эчки, Ак-Суу, Каракол, Жоо-Жүрөк, Ой-Кайың, Көбүк-Суу, Жумгал, Мин-Куш. Мындан тышкары 100дөн ашык майда куймалары, алабында бир нече майда көл бар. Негизинен кар ж-а булак сууларынын куралат. Көп жылдык орточо чыгымы 80,3 м^3/сек, эң көбү июнда (215 м^3/сек), эң азы мартта (29,7 м^3/сек) байкалат. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Октябрь-ноябрда тоңо баштап, март-апрелде муздан арылат. Сугатка пайдаланылат. Боюнан Кызыл-Ой, Арал, Сары-Булуң, өрнөк айылдары орун алган.

КӨКӨМЕРЕН БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Көкөмерен суусунун сол ойүзүндө. Таш-Дөбө мүрзөлөрдөн турат. Айрымдарын таш коргондор м-н курчап койгон. 1953-ж. А.К.Кибиров изилдеген. Б.з.ч. 1 к. – б.з. 3-к-на таандык. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес.

КОКӨМЕРЕН КАПЧЫГАЙЫ – субмеридиан багытта жайгашкан антецеденттик капчыгай. Жумгал м-н Суусамыр тоолорун бөлүп турат. Суусамыр ж-а Жумгал өрөөндөрүн байланыштырат. Узундугу 46 км, туурасы 40-120 м (кээ бир жерлерде 200 м). Капталынын бийиктиги 600-1450 м, тиктиги 30-75°, кээде 80-85°

Капчыгай аркылуу Көкөмерен суусу агат. Баш жагында Сандык-Кишиней капчыгайы (капталы 40-45°), андан ылдый кененирээк Ой-Кайынды (оң бети 38-40°), андан кийин Бороонду (Бообек), орто бөлүгүндө Кызыл-Ой, томонкү бөлүгүндө Кок-Кайынды (Курган), Жумгал өрөөнүнө чыккан жери Үч-Кум-Күнгөй деп аталат. Капчыгай ГЭС каскаддарын курууга өтө ыңгайлуу.

КӨКӨМЕРЕН РАДОНДУУ МИНЕРАЛ СУУСУ Жумгал суусунун чатынан 14 км жогору, Көкөмерендин оң ойүзүндө, Көк-Мойнок капчыгайынын чыга беришинде жайгашкан. Алгачкы изилдөөчүлөрдүн (Ромах, 1955) малыматтарына Караганда минералдуу суу Көкөмерен суусу жаткан жерге жакын жерден чыккан. Азыркы убакта 40°Сдей температурада чыккан сууну табуу кыйын. 1990-ж. температурасы 12°С болгон булакты табышкан. Курамында 27,45 эман радону бар. Бул булакты 41°Сде радон 123-216 эмандан (Ромах, 1955) 150 эманга (Матыченков, 1974) чейин өзгөргөнүн белгилөөгө болот. Минералдашуусу 1,0-1,2ге чейин. Химиялык курамы: сульфат-хлорид-натрийлүү.

КӨК-ТАШ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Кочкор–Чаек автомобиль жолунан 25-30 км аралыкта. Каракече көмүр тилкесине кеткен жолдун боюнда. 2 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Түндүктөн түштүктү карай багытталып жайгашкан. Бийиктиги 0,25-0,9 м, диаметри 7-12 м. Айрым мүрзөлөрдү байыркы убакта эле ачышып, андагы буюм-тайымдарды алып кетишкени байкалат. 1985-ж. М.И.Москалев баяндап жазган. Казып изилдөө иштери жүргүзүлгөн эмес.



Көкүмбай Ч



Кочорбаев Т

КӨКҮМБАЙ Чыны уулу (1860-1935) – Жумгал өрөөнүндөгү эл башкарган манап. (Ал курманкожо элин башкарган. Курманкожо элине азыркы Жаңы-Арык, Жумгал, Лама, Чоң-Добо, Куйручук айылдарынын эли кирет). Дүйнө жыйнап, мал күтпөгөн, элге кайрымдуу болгон. Көкүмбайдын чоң аталары Медет, Дуулат, атасы Чыны да ири манаптардан болушкан. Элге кадырлуу болгондуктан Байзактын ашын башкартышкан. Көкүмбай кыргыз эли орус мамлекетинин кол астында калган мезгилдерде бир нече жолу болуш болуп шайланган. 1916-жылкы улуттук-боштондук күрөштө Жумгалдын күн чыгыш жагындагы көтөрүлүшчүлөрдү жетектеп хан көтөрүлгөн. Бирок, орус жазалоочу аскеринен качып, элин баштап Кытайга барган, 1918-ж. элин жетектеп кайра келген. Ошол учурда Черикчи баласы Мамбеткадырды Бишкекке жиберип, чечекке каршы эмдегенди үйроттүргөн ж-а элин бул тумоодон сактап калган. 1927-ж. Совет өкмөтү тарабынан бай-манаптардын өкүлү катары Самара шаарына айдалган. Улуу баласы Ысмайыл орусчаны билген сабаттуу адам болгондуктан, Москвада Калининдин кабыл алуусунда болуп, анын жардамы м-н түрмөдөн бошоп чыккан. 1933-34-ж. репрессияланып, катуу оорудан кийин түрмөдөн чыгарылган. 1934-35-ж. Бишкектин аймагында каза болуп, сөөгү Аламүдүн сайынын жээгиндеги мүрзөгө коюлган.

«КӨЛМӨ» (Байзак айылы, Колмо жайлоосу, Ак-Быштынын сазы) – балдардын эс алуу лагери. 1987-ж. ачылган. Алгач жайкы каникул учурунда боз үйлөр тигилип, балдар эс алышкан. Жетекчиси Копчуков Абакир болгон. Лагердин материалдык базасын чыңдоого, өнүгүшүнө Айдралиев Мамбеткул, Сопиев Назар, Рыспаев Жумакадырлар көп салым кошкон.

КӨМҮР-ОТУН ЖАБДУУ ИШКАНАСЫ (Чаек айылы). 1992-жылдын 25-июлунда оз алдынча ишкана катары түзүлгөн. Ага чейин Балыкчы көмүр-отун базасынын көмүр склады аталган. Негизинен райондун калкын көмүр отуну м-н камсыз кылат. 1992-95-ж. бардык социалдык, камсыздоо бөлүмүнөн көмүр алуучуларды, мугалимдерди, медицина кызматкерлерин ж.б. көмүр м-н камсыз кылган. 1995-жылдан автоунаа кызматы кошулуп, керектөөчүлөрго көмүрдү жеткирип берет. Ишкананын директорлору: Бейшекеев Замирбек Дөөлөтбаевич (1992-95), Ибраимов Касымбек Ажикеевич (1995-97), 1997-жылдан Курамаев Дуулатказы Осмоналиевич.

КӨЧМАМБЕТ Бакатай уулу (19-кылымдын аягы – 20-к-дын ортосу, Кызарт айылы) – молдо, дарыгер, эмчи-домчу, серчи. Жумгалда жашаган, Ат-Башыда да көп жүрүп Чоко манаптын жардамы м-н Кашкарга чейин барып арабча окуган. Айтканы айткандай келген, колдоочусу бар, көптөгөн оорулууларга шыпаасы тийген дарыгер, сабаттуу адам болгон. Ошол мезгилдеги бир катар айыкпас ооруларды айыктырганы эл ичинде уламыш катары айтылган.

КӨЧӨРБАЕВ Токтобек Дөөмөтбекович (23.10.1956-ж.т., Кайырма айылы) – инженер-механик. 1979-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун гидромелиорация факультетин бүткөн. 1979-81-ж. Токтогул ГЭСинде инженер, 1981-96-ж. Жумгал суу курулуш механизациялаштырылган көчмө колоннасында мастер, прораб, өндүрүш-техникалык бөлүмдүн башчысы, начальниктин орун басары, начальниги, 1997-жылдан Жумгал райондук мамлекеттик администрациясында бөлүм башчы, «Жумгал-Ата» фондусунун аткаруучу директору. 1995-жылдан Байзак айыл кеңешинин депутаты. Кыргыз Респ-нын мелиорация ж-а суу чарба министрлигинин Ардак



Кудайбергенов Б



Кудайбергенова К



Куйручук олуя

грамоталары м-н сыйланган. Ал жетектеген фонд «Жумгал району» энциклопедиясынын биринчи чыгарылышын каржылаганга жардам берген.

КОЧОРОВ Жумалы (1916-1979-ж.ж. Кайырма айылы). Согуштун катышуучусу Ленин колхозунун мал чарбасынын өнүгүшүнө катышып келген. Айылдагылар урматташып «Шаабай» деп аташкан.

КУДАЙБЕРГЕНОВ Бейшеке (1930-ж.т. Жаңы-Арык айылы) Фрунзедеги пединститутту (1954-ж.) КМУну (1958-ж.) ж-а Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн (1967-ж.). Мектепте мугалим, завуч, директордун орунбасары болуп иштеген (1954-65-ж.ж.). Кеңеш совхозунда профсоюз уюмунун Торагасы (1965-70-ж.ж.) Жумгал совхозунда башкы зоотехник (1970-72-ж.ж.). Кызартта ферма (1972-79-ж.ж.) Канттагы айыл чарба техникумунда директор (1979-82-ж.ж.) Кызарт совхозунун директорунун орунбасары (1982-84-ж.ж.) Профсоюз уюмунун Торагасы (1984-92 ж.ж.) болгон. Лениндин 100 ж. юбил. медалы, СССР ВДНХнын күмүш медалы м-н сыйланган.

КУДАЙБЕРГЕНОВ Кубанычбек Молдакматович (28.4.1964-ж.т., Түгөл-Сай айылы) – Жумгал р-дук мамлекеттик администрация башчысынан 1-орун басары (1997-2000). 1981-ж. Чаектеги №26 кесиптик-техникалык окуу жайын, 1988-ж. Москва курулуш техникумун бүткөн. 1995-жылдан Жалал-Абад коммерциялык институтунда сырттан окуйт. 1981-82-ж. Түгөл-Сайда автооператор, 1988-96-ж. Бишкектеги «Азат» акционердик коомунда мастер, цех начальниги, 1996-97-ж. Нарын облустук кеңешинде жетектөөчү адис, Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын жардамчысы болуп иштеген.

КУДАЙБЕРГЕНОВА Зарыл (1936-ж.т., Багышан айылы) – шырдакчы, сыймачы. Бишкек кооператив техникумун бүткөн. Соода тармагында эмгектенет. Жормомо, көптүрмө, басма, таңдай саймалар м-н керебет жапкыч, терезе парда, кийим жапкыч, сүлгү ж.б. аткарган чебер саймачы, көркөм каражаттарын живописти маанайда чечмелеген шырдакчы катары белгилүү.

КУДАЙБЕРГЕНОВА Калия (1925-ж.т., Кайырма айылы) – жетекчи кызматкер. 1938-ж. Ленинграддагы хореография-балет окуу жайын бүткөн. 1948-51-ж. Кайырма орто мектебинде мугалим, китепканачы, 1951-53-ж. райондук комсомол комитетинде учет бөлүмүнүн башчысы, 1954-57-ж. Чаек айыл советинин катчысы, 1957-61-ж. төрагасы, 1961-81-ж. райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1983-90-ж. райондук «Союзбасмасөздүн» начальнигиболуп иштеген. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. 1953-82-ж. жергиликтүү советтин депутаты болуп шайланган.

КУДАКЕ Чапкынчы уулу (1805-1915, Жумгал р-ну) – баатыр. Жумгал өрөөнүнөн калмак баскынчыларын кууп чыгуудагы эрдиктери үчүн баатыр аталган. Казактар м-н болгон чабышта да чоң эрдиктерди көрсоткөн. Ал кыл мерген да болгон. Жумгалдагы айрым жерлер, мис., Ак-Улак, Сасык-Булак ж.б. анын мергенчилигине байланыштуу аталып калган.

КУЙРУЧУК (өз аты – Кудайберген Өмүрзак уулу; 29.3.1866, Курманкожо-Кулжыгач эли (Багышан айылы) – 28.4. 1941, азыркы Куйручук айылы) – көзү ачык олуя, «Манасчы», «Семетейчи», акын, жомокчу, куудул, ырчы, чечен.

Энесинен эрте ажыраган. 14 жашынан байларга жалданып иштеп, турмуштун оордугун көп тарткан. Ошондуктан коомдогу жакшы м-н жамандыкты, карама-каршылыктарды, курч келишпестиктерди эртерээк ажыратып, сергек кароого үйрөнгөн. Өз чөйрөсүндөгү бай-манап, молдо, бий-болуштардын терс кылык-жоруктарын эл алдында тартынбай ашкерелеген. Көбүнчө Байзак ажыны коштоп жүрүп, анын терс жактарын да бетине айтуудан тартынбаган. Анын «Бейиштеги үн», «Арбак», «Айып кимде», «Жалаа», «Манасым барда кайда болсо коном» ж.б. жоруктары эл арасында кеңири белгилүү. Куйручук төкмө акын да болгон (мис, атактуу Найманбай ырчы м-н айтышы) «Манас», «Семетей» ж.б. эпос дастандардан да айткан. Кыргыздын оозеки чыгармаларын, улама сөздөрүн, санжырасын көп билген, жаакта жок чечен болгон. Карыпка кайрымдуу, бечерага бел болгон, карапайым элдин кызыкчылыгын көздөгөн. Куйручуктун куудул сөздөрү бизге толук жеткен эмес. Анын чукугандай таамай айтылган курч сөздөрү, күлкүлүү жоруктары эл арасында ылакап катары айтылган. 1935-36-ж. репрессияланып Бишкекте түрмөдө жакын досу, сөзмөр Бектур Абдыраман уулу м-н бирге жаткан. Бектур түрмөдө сыркоолоп кайтыш болот. Куйручук акталып бошоп келет. К. Бектенов, Э.Өскөналиев ж.б. Куйручуктун мурасын чогултуп, ал ж-дө китеп жазышкан. «О, Куйручук ата, кайдасың», «Байзак менен Куйручук», «Куйручук м-н Шаршен» драмалары (А.Чекиров) жазылган. «Куйручук» балети (К. Молдобасанов) коюлган. Куйручук чыйрак, карылуу дагы киши болгон. озүнүн эскерүүсүнө караганда 27 жашка чыкканга чейин 18 жолу балбан күрошко түшүптүр. Ал куудул гана эмес сынчы, акылы зирек, созү таамай, бироонун оюн айттырбай билген даанышман, о.эле айтканы айткандай туура келген сыйкырдуу касиети бар олуя да адам болгон. 1991-ж. күзүндө Жумгал ороонүндө 125 жылдыгы белгиленип, күмбозү кайра оңдолуп курулган. Өзү туулган айылга ысымы берилген, ошол айылга музейи ачылган, анын экспозициясынын автору Акималы Чекиров.

КУЙРУЧУК – айыл, Куйручук айыл өкмөтүнүн борбору. 1992-жылга чейин Багышан деп аталган. Жалпы аянты 295 га, Бишкектен 315, Балыкчы темир жол бекетинен 155, Нарындан 225 км аралыкта, Чаектен 40 км чыгышта. Деңиз деңгээлинен 1980 м бийиктикте. Жумгал суусунун ж-а Чаек-Кочкор жолунун боюнда жайгашкан. Калкы 2171 (1998) адам, 580 түтүн. Орто мектеп (560 окуучу, 44 мугалим), бала бакча, ФАП, мончо, дүкөн бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Айылга 1992-ж. Куйручуктун ысымы ыйгарылган.

КУЙРУЧУК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ. 1992-ж. «Кызыл-Туу» колхозунун базасында түзүл-гөн. Бул айыл өкмөтүнө Куйручук, Чоң-Дөбө айылдары карайт. Борбору – Куйручук айылы. Жалпы айыл чарбасына жарактуу жери 40144 га, айдооо аянты 2073 га, 240 га кайрак жер. Мында 813 дыйкан чарбасы бар. Дыйкан чарбаларында 1647 ири мүйүздүү мал, 7035 кой-эчки, 1724 жылкы, 1240 тоок бар. Жалпы айыл өкмотү б-ча калкынын саны 3271 адам. Айыл өкмөтүнүн аймагында 2 орто мектеп, маданият үйү, 1 участкалык оорукана, 3 дүкөн, 1 китепкана, 4 тегирмен, 1 айылдык базар, 1 парк, мончо, 51 суу түтүкчөлөрү, 23 электр трансформатору бар. Азыркы айыл өкмөтүнүн аймагында 1929-30-ж. 4 колхоз: Жусуп Абдыракманов атн., «Кара-Суу», Орозбеков атн., «Алтын-Арык» колхоздору уюштурулган. 1938-39-ж. колхоздор ирилештирилип, Ж. Абдыракманов атн. колхоз м-н «Кара-Суу» колхозубиригип «Совнарком» колхозу, Орозбеков атн. колхоз м-н «Алтын-Арык» колхозу биригип «Багышан» колхозу болуп аталган. Бул колхоздордун уюштуруучулары ж-а алгачкы башкармалары: Байдакеев Сарыгул, Турусов Мукан, Ниязалиев Субанбек. «Совнарком» колхозунун башкармалары: Чоконбаев Сүйүндүк (1941-45), Абдыракманов Шамбек (1945-47), Бакбалов Жапар (1947-48), Койчуев



Кулжанов Ө

Мажы (1948—51). «Багышан» колхозунун башкармалары: Айдыралиев Шамбетаалы (1945-47), Туралиев Шарше (1944-47), Султаналиев Карамолдо (1947-49), Майлыбаев Абдырасак (1949-57). 1951-ж. бул эки колхоз биригип, «Кызыл-Туу» колхозу аталган. Башкармасынын төрагалары: Койчуев Мажы (1951-52), Сырдыбаев Турдумамбет (1952-53), Кыдыралиев Кооман (1953-56), Аманалиев Абасбек (1956-59), Сарыгулова Турганбүбү (1959-60), Исаков Бейменжан.

КУЙРУЧУК МУЗЕЙИ (Куйручук айылы) – 1991-ж. августта Куйручуктун 125 жылдык маараксине карата уюштурулган. Музейдин имараты 3 болмодон турат, жалпы аянты 100 м^2. Музей экспозициясына куудулдун жашап өткөн мезгилине тиешелүү сакталып калган буюм-тайымдар, өз оозунан жазылып алынган ырлардын, дастандардын көчүрмөлөрү, өзү урунган тушамыш, үкөк, насвай чакча, жүгөн, камчы, чийбаркут чепкен, байбичесине ноопаска сатып берген, 1905-жылкы кол машине, жүргөн жерлерин, окуяларын элестеткен живописттик чыгармалар, китептер, «Куйрукчук» балетинен көрүнүштөр, фотосүрөттөр ж.б. коюлган. Скульптор В.К.Федоров 1х1 өлчөмүндө гипстен жасаган, коло м-н сырдалган айкели музей экспозициясынын башкы экспонаттарынан болуп эсептелет. Куйручуктун айкели өзүнүн түзүлүш оригиналдуулугу м-н айырмаланып, баатырдын эл-журт үчүн болгон боор толгоосу, татаал жашоо-турмуштун оң жа терс кагылышуусун ажырата алган калыс, кыраакы инсан экендигин элестетип турат. Жалпы экспонаты 400дөн ашык. Экспозициянын автору Акималы Чекиров. Музейде атайын штат жок, балдары тейлейт.

КУЛЖАНОВ Өмүрбек Билалович (1964-ж.т.) 1987-ж. Кыргыз айыл чарба институтун бүтүрүп, инженер, механик адистигин алган. Кызарт совхозунда устакана башчысы (1987-95-ж.ж.) башкы инженер, дыйкан чарба мүчөсү (1995-2001-ж.ж.) топ башчы болгон. 2001-ж. Жаңы-Арык Айыл Өкмөтүнүн орунбасары, 2002-ж. Айыл Өкмөтүнүн башчысы.

КУЛЖЫГАЧ Кудайберди уулу, Кулжыгач бий (1612-1684-жылдар чен, Жумгал өрөөнү) – Жумгал өрөөнүнүн Түгөлдүн-Сайынан Кабак, Толук, Суусамырга чейинки элин башкарган бий, баатыр. 1828-жылга чейин ошол аймактагы эл «кулжыгач эли», 1898-жылдагы орус падышачылыгынын тушундагы жер-суу реформасынан кийин «Кулжыгач болуштугу», 1934-жылга чейин «Кулжыгач айылы» аталган. Эл оозунда анын калмак баскынчыларына каршы баатырдык м-н күрөшкөнү көп эскерилет.

КУЛМАМБЕТ Өмүр уулу, Кулмамбет болуш (1870, Жумгал өрөөнү, Окторкой жайлоосу – 1932, Бишкек) — курманкожо элинин болушу (1904-16), 1916-жылдагы Жумгал көтөрүлүшүнүн жетекчилеринин бири. Куйручук айылынын жанындагы келгин орустардан түзүлгөн орус айылын бошотууга активдүү катышкан («Кыргызстандын тарыхы», 1-том). 1929-ж. Нарын түрмөсүнө камакка алынып, 1932-ж. Пишпек түрмөсүндө катуу жазалоодон кийин көз жумган. Айтымда Көкүмбай болуш м-н түрмөдө бир жатып, бир мезгилде өлтүрүлгөн. Сөөктору Төкөлдош сайынын жээгине (азыркы Чүй проспектиси м-н Төкөлдөш сайынын кесилишиндеги чоң көпүрөнүн түндүк-батыш жагы) коюлган. Ал жер кийин түздөлүп жол салынган. 1934-ж. балдары Ажымудин, Зайнидин, Асанбек, келини Токтобүбү, кызы Мөөркан кулактын тукумдары катары Украинага сүргүнгө айдалган. Небереси Ажимудинов Мукарап дагы кулактын тукуму катары кодуланган, 1940-жылдан кийин гана Жумгалга келген, колхоз башкармасы, партком, айыл кеңешинин Торагасы, агроном болуп иштеген.



Кулманбетов С



Кулназаров А



Кулунчаков О



Курамаев О

КУЛМАМБЕТОВ Сабырбек (1930-1990-ж.ж.). Университеттин 2-курсун, Алма-Ата шаарындагы партиялык жогорку мектепти бүтүргөн. Партиянын райкомунда парткабинет башчысы, "Демилге" газетасынын башкы редактору болуп (1996-1979-ж.ж.) иштеген. СельПТУда директор, айыл чарба башкармасында кадрлар бөлүмүн жетектеген.

КУЛНАЗАРОВ Абдыкалык (1925-ж.т. Түгөл-Сай айылы) Ата Мекендик согуштагы эрдиктери үчүн «Согуштун Ардак белгиси» орденинин ээси. Согуштан кийин агартуу системасында өмүрүнүн акырына чейин үзүрлүү эмгектенген.

КУЛУНЧАКОВ Осмон (12.3.1901, Кашка-Суу кыштоосу – 17.8.1943, Смоленск облусу, Киров району) – колхоз уюштурууга активдүү катышуучу. 1933-34-ж. «Таш-Дөбө» колхозунун башкармасынын төрагасы, уюштуруучусу дагы, 1934-36-ж. «Кызыл-Туу» айыл кеңешинин Төрагасы, 1936-39-ж. райондук жер бөлүмүнүн башчысы, 1939-42-ж. райондук керек-жарак коомунун төрагасы болуп иштеген. Элди дыйканчылыкка үйрөткөн, чаптырган арыгын «Осмон арык» деген ат м-н эл азыркыга чейин пайдаланууда.

Айылга узундугу 3 км жеткен «Осмон арык» деген арыкты каздырган. Азыркы убакта ал 350 га жерди суу м-н камсыз кылат. Жумгал районунда райзоонун башчысы болуп иштеген. Суусамыр-Жумгал жолун чаптырган. Райондо «Райпотребсоюздун» Торагасы (1939-ж.ж.) болуп иштеп туруп (1942-ж.) согушка кеткен, лейтенант деген чын алып (1943-ж.) Смоленский облусуна караштуу Киров районундагы Капа жыгач кыштагын коргоодо курман болгон.

КУНАСОВ Сарыкбек (1932, Миң-Куш шаарчасы – 30.12.1991, ошол эле жер) – Ленин орденинин ээси (1976). 1951-91-ж. «Ак-Улак» көмүр кенинин жумушчусу, забойщиктердин бригадири, эксковатордун машинисти болуп иштеген. Эмгек Кызыл Туу (1966), Эл Достугу (1986) ордендери менен да сыйланган.

КУРАМАЕВ Осмоналы (1906-ж.т. Ак-Татыр айылы). Фрунзедеги №5 орто мектепти бүтүргөн. Сары-Булун токой чарбасында жетекчи, Чаек сбербанкында башкаруучу болгон. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Ак-Татыр колхозунда жылкы ферма башкармасы, кийин керек-жарак коомунда, МСОдо иштеген (1969-ж.). Сөзмөр санжырачы болгон.

КУРМАН Лепес (Илепис) уулу (1849, Кочкор өрөөнү – 1930, Жумгал р-ну, Жаңы-Арык айылы)- манап. Курманкожонун урпагы. Бир нече жылы болуш болуп, Кызарттагы бир катар урууларды бийлеген. Жумгалдагы бир катар элди үркүндө качырбай, элди аман сактап калууга көп салым кошкон. Кудасы сарыбагыш элинин ханы Канатты качыргандыгы үчүн падыша өкмөтү Курманды дарга асмак болгондо, уулу Ыскак падыша өкмөтүнүн командири м-н тил таап, Канатты кармап берген. Атасы Курманды дарга астырбай сактап калган.

КУРМАНААЛЫ УУЛУ Карыпбек (9.7.1949-ж.т., Кара-Күңгөй айылы, Көзөнөк жайлоосу) – физика-математика



Курманалыұулу Карыпбек



Курманов С



Курманов К

КУРМАНОВ Карпек Шамсединович (1928-ж.т., Кызыл-Туу айылы) — юрист. Юридика илимдеринин доктору (1992). Профессор (1995). Ленинград юридикалык институтун бүткөн (1949). КМУда аспирант (1966). Прокуратурада, адвакатурада илимий педагогикалык кызматтарда иштеген. Наркоманияга каршы күрөшүү тармагында кылмыш иштери б-ча адис. 50дөн ашык илимий эмгектин (а.и. 1 монография ж-а окуу китеби ж.б.) автору.

КУРМАНОВ Сүйөнаалы (1940-ж.т. Кавак с/с. Кызыл-Сөөк айылы). 1962-1967-ж.ж. КМУнун юридикалык факультетин укук таануу адистиги б-ча бүтүргөн. 1967-ж. Ички иштер министрлигинде тергөөчү, Балыкчы ш. ИИБдө тергөөчү болуп эмгек жолун баштаган. Ысык-Көл райондук ИИ бөлүмүндө тергөө бөлүмчөсүнүн начальниги (1970-ж.), Сокулук райондук ИИ бөлүмүнүн начальниги (1975-77-ж.ж.), 1977-ж. Нарын облустук ИИ башкармалыгынын коомдук тартипти сактоо бөлүмүнүн жетекчиси, 1978 ж. Тогуз-Торо райондук ИИ бөлүмүнүн начальниги, 1983-86-ж.ж. Ат-Башы райондук ИИБ начальниги, 1986-90-ж.ж. Мин-Куш ш. ИИБ начальниги, 1992-ж. чейин Ысык-Көл облустук ИИ Башкармалыгынын башкы тергөөчүсү, тергөө бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары болуп иштеген, кийин ардактуу эс алууга чыккан. «Милициянын отличниги», СССРдин бир нече медалдары м-н сыйланган. Милициянын подполковниги.

КУРТКА ФЛЮОРИТ КООЗ ТАШЫ КЕНИ Чаек айылынан 45-50 км түштүк батышта, Молдо-Тоонун түштүк капталында. 1964-ж. табылган. Кен аймагын карбон мезгилинин башталышында пайда болгон аки таш, сланец катмарлары түзот. Алардын



Кыдыралиев К



Кыдыралиев А

арасында флюрит тулкусу линза түрүндө кезигет. Узундугу 40 м, туурасы 10 м, жалпы аянты 410 м^2 Флюрит майда кристаллдуу, тыгыз. өңү кочкул көк, сыя көк, ачык көк. Запасы C_1 ж-а C_2 категориясы б-ча 30,8 миң т. Таш майда кооз буюмдарды жасоо-го ж-а мозаика үчүн жарактуу.

КЫДЫКОВА Сагынбүбү Тентимишовна (1953-ж.т., Тогуз-Торо р-ну, Казарман айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1975-80). 1975-жылдан «Өрнөк» колхозунда чабан болуп иштеген, азыр дыйкан чарбасынын мүчөсү.

КЫДЫРАЛИЕВ Кооман (1923-ж.т., Эмел айылы – 1981, ошол эле жер) – Октябрь Революциясы орденинин ээси, чарба жетекчиси. 1953-ж. Канттагы колхоз башкармасын башкаруучулардын даярдоо курсун, Кыргыз айыл чарба институтунун зоотехния факультетин бүткөн, 1941-42-ж. Суусамыр мектебинде мугалим болуп иштеген. 1942-44-ж. согушка катышкан. 1944-46-ж. «Эмел» колхозунда эсепчи, 1946-47-ж. комсомолдун Жумгал райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1947-51-ж. «Эмел», 1953-58-ж. «Кызыл-Туу», 1958-63-ж. «Коммунизм», 1963-67-ж. «Чаек», 1967-77-ж. «Коммунизм» колхоздорунун башкармасынын Төрагасы болуп иштеген. 1977-жылдан ардактуу эс алууда чыгып, «Көкөмерен» совхозунун жумушчулар Комитетинин төрагасы болуп иштеген. Бир нече жолу райондук кеңешке депутат болуп шайланган. Эмгек Кызыл-Туу, «Ардак Белгиси» ордендери ж-а медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а Грамотасы м-н сыйланган.

КЫДЫРАЛИЕВ Абакир (1932-88-ж. ж. Көк-Ой айылы). Пржевальск айыл чарба техникумун, Фрунзе айыл чарба институтун бүтүргөн. 1957-ж. ж. Дыйкан колхозунда башкы зоотехник, 1957-59ж.ж. Райондук айыл чарба инспекциясында башкы зоотехник 1959-62-ж.ж. партиянын Жумгал райкомунун катчысы болуп иштеген. 1963-62-ж.ж. Алма-Атадагы партиялык жогорку мектепти бүтүргөн. 1963-65-ж.ж. Тянь-Шянь райондук айыл чарба башкармасында башкы адис (1975-76-ж.ж.) Жумгал РСКнын директору (1976-79-ж.ж.) болуп иштеген. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери, «Эмгекьеги артыкчылыгы», «Эмгектеги каарманы» медалдары м-н сыйланган. Бир нече жолу райондук Кеңештерге депутат, партиянын райкомунун бюро мүчөсү болгон.

КЫДЫРАЛИЕВА Жибек (1939-ж.т., Багышан айылы) – саймачы. Шырдак, ала кийиз, жабык баш, канат чий ж.б. үйдүн ички жасалгаларына узданат. Туш кийиз үлгөрү башка буюмдарынан өзгөчөлөнөт.

КЫЗАРТ ТООСУ Жумгал, Кочкор р-ндорунун аймагында. Чыгышындагы Кара-Кокту тоосунан батыштагы Кызарт суусунун өрөөнүнө чейин 30 кмге созулуп жатат. Туурасы 16 км, орточо бийиктиги 3800 м, эң бийик жери 4400 м. Түндүк капталы жазы келип, Кызарт суунунун өрөөнүнө түшөт. Түштүк капталы кыска, андан Төлөк ж-а Килемче суулары башталат. Ал суулардын аралыгындагы мойнок аркылуу Байдулу ж-а Соң-Көл тоолору м-н туташат. Негизинен сланец, алевролит, туф ж.б. тектерден түзүлгөн. Кырында ж-а тармактарында 3200-4000 м бийиктикте тайпак жолдор кездешет. Тепши сымал өрөөндөр да бар. 3640-4400 м бийиктикте жайгашкан мөңгүлөр бар, алардын этегинде голоцендеги мореналар жатат. Айрым жеринде мореналар тоонун этегине чейин түшөт. Бийик тоолуу кургак талаа (2300-2800 м), субальп (2600-3100 м), нивалдык ландшафт алкактары мүнөздүү.

КЫЗАРТ – суу, Жумгал суусунун оң куймасы. Сандык кырка тоосунун оң куймасы. Сандык кырка тоосунун түштүк капталынан, Кызарт ашуусундагы майда булактардан башталат. Узундугу 26 км, алабынын аянты 191 км^2. Алабынын

деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 3000 м. Суу V-формасындагы кокту аркылуу агып, Жумгал өрөөнүнө чыгат. Ири куймалары: Окторкой (он), Кум-Бел (сол) ж.б. Алабында Кызарт (2664 м), Кум-Бел (3676 м) ашуулары бар. Негизинен кар, жаан чачын ж-а булак сууларынан куралат. Жылдык орточо чыгымы 2 $м^3$ /сек, эң көп чыгымы майиюнда, эң азы февралда байкалат. Жээгинде Кызарт, Жаңы-Арык айылдары жайгашкан. өрөөнү м-н Кызарт ашуусу аркылуу Бишкек Миң-Куш автомобиль жолу өтөт.

КЫЗАРТ (ЖАҢЫ-АРЫК) АЙЫЛ ӨКМӨТҮ. 1994-ж. «Кызарт» совхозунун базасында түзүлгөн. Бул айыл Өкмөтүнө Жаңы-Арык, Кара-Чий, Базар-Турук айылдары карайт. Борбору – Жаңы-Арык (Кызарт) айылы. Жалпы аянты 53253 га, а.и. 2898 га айдоо, 46276 га жайыт. Мында 1100 үй-бүлөлүк дыйкан чарбалары бар. Негизги тармагы айыл чарбасы. Жалпы айыл окмөтү б-ча калкынын саны 5016 адам (1998), 980 түтүн. Айыл өкмөтүнүн аймагында 3 орто мектеп, 1 участкалык оорукана, 3 дүкөн, 1 клуб, 2 китепкана, мончо, 2 почта ж-а 1 телеграф бар. Азыркы айыл Өкмөтүнүн аймагында 1929-ж. байлардын малын ортолоштуруунун натыйжасында Таабалды Жукеев атн. артель уюштурулган (жетекчиси Турганов Абдыжапар). 1930-жылдары артелдин ордуна 8 колхоз түзүлгөн: «Жаңы-Арык» (башкармасы Дөөлөтөв Тургуналы), «Шыбак» (Калкабаев Султаналы), «Кара-Булак» (Кобошов Маматкул), «Кызарт» (Жусупов Сейдекмат), «Базар-Турук» (Молдоев Саяпбай), «Кара-Чий» (Жакыманов Жумаш), «Кызыл-Эмгек» (Ийгиликов Темир), «Сары-Талаа» колхоздору. «Кара-Булак» м-н «Кызарт» биригип, «Кызарт» колхозу, «Жаңы-Арык» м-н «Шыбак» бириктирилип «Жаңы-Арык» колхозу аталган. 1954-ж. «Жаңы-Арык» м-н «Кызарт» бириктирилип «Коммунизм» колхозу, «Базар-Турук», «Кара-Чий», «Кызыл-Эмгек» колхоздору кошулуп «Совет» колхозу деп аталган, (башкармасы Мусакожо Бектур уулу), 1965-ж. бул эки колхоз биригип «Кызарт» совхозу болуп түзүлгөн. Алгачкы директору Сыдыгалиев Бердибек, кийинки директору Кадыралиев Султанбек. Бул чарба 1994-ж. дыйкан чарбага тарап, «Жаңы-Арык» айыл комитети түзүлгөн. Жетекчиси Саралаев Асранбек. 1996-2000-ж. «Жаңы-Арык» айыл Өкмөтү болуп аталган. Жетекчиси Жумашүкүров Максат (1996-2000), 2000-жылдан Кадыралиев Султанбек.

КЫЗАРТ АШУУСУ Кочкор ж-а Жумгал өрөөндөрүн байланыштырат. Кум-Бел (Кызыл-Бел) ж-а Баба-Ата тоолорунун ортосунда. Бийиктиги 2664 м. Протерозойдун ж-а төмөнкү палеозойдун гранит-диорит тектеринен туруп, делювий (1-3 м) м-н жабылган. Чыгыш жагы жантайыңкы (Узун-Булак), батышы бир аз тик (Кара-Суу). Ашуу аркылуу автомобиль жолу өтөт. Ашуу жыл бою ачык.

КЫЗАРТ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Кызарт ашуусунда. Дөбө-мүрзөлөрү 12 дөбө-коргондон турат. Алардын ар биринин бийиктиги 0,2-0,9 м, диаметри 6-20 м. 1949-ж. А.Н.Бернштам изилдеген, 5 дөбө-коргондо казуу иштери жүргүзүлгөн. Көрүстөндөр казанактуу жарма мүрзөлүү ж-а төрт чарчы жөнөкөй көрлүү мүрзөлүү. Көрүстөндө сөөк жалгыздан ж-а Чоподон жасалган идиштер, темирдин калдыктары, найзанын учу, сөөктөн кооздолуп жасалган жаалар, кездемелер табылган. 1-4-кылымдагы хунну урууларынан калган мүрзөлөр деп эсептелет. Бүгүнкү күндө Кызарт жергесинен байыркы түрк ж-а Караханий дооруна таандык эстеликтерди Аман Абдрахманов ачкан. Аларга балбал таштар ж-а байыркы тураккжай калдыктары кирет.

КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ – айыл, Таек айыл Өкмөтүнө карайт. Жалпы аянты 150 га, Бишкектен 330, Балыкчы темир жол бекетинен 200, Нарындан 250, Таектен 6 км аралыкта. Калкы 2016 адам, 587 түтүн (1998). Орто мектеп, ФАП, китепкана бар.

КЫЗЫЛ-КОРГОН – айыл, Кабак айыл өкмөтүнө карайт. Жалпы аянты 116 га, Балыкчы темир жол бекетинен 225, Таектен 45 км аралыкта. Калкынын саны 508 адам, 103 түтүн (1998).

КЫЗЫЛ-ОЙ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Кызыл-Ой айылынан батышыраак

тарапта жайгашкан. Таш ж-а топурак дөбө-мүрзөлөрдүн тобунан турат. 1953-ж. А.К. Кибиров баяндан жазган. Б.з.ч. 1-к. – б.з.-дын 3-кылымына таандык.

КЫЗЫЛ-СӨӨК – Кабак айыл Өкмөтүнө каршту айыл. Жалпы аянты 29,7 га. Балыкчы темир жол бекетине чейинки аралыгы 241, Чаекке чейин 56 км. Калкынын саны 186 адам, 40 түтүн (1998).

КЫЗЫЛ-ТУУ КӨРҮСТӨНДӨР ТОБУ. Бир көрүстөнү Кызыл-Туу айылынан – 1,5 км чыгыш тарапта жайгашкан. 10 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,3-2 м, диаметри 6-18 м. Айрым дөбө-коргондорду байыркы мезгилдерде эле ачып, буюм-тайымдарды алышкандыгы байкалат. Б.з.ч. 7-к-га – б.з. 3-к-га таандык. 2-көрүстөн Кызыл-Туу айылынан 2 км чыгыш тарапта жайгашкан. 8 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,1-1,8 м, диаметри 4-23 м. Б.з.ч. 7-к-да – б.з. 3-к-га таандык. 3-көрүстөн Кызыл-Туу айылынан 5 км чыгыш тарапта. Бийиктиги 0,3-0,5 м, диаметри 6-9 м. 1-5-к-га таандык, 4-көрүстөн Кызыл-Туу айылынан 6 км чыгыш тарапта. 9 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,4-0,7 м, диаметри 8-12 м. Б.з.ч. 3-к-га – б.з. 5-к-га таандык.

КЫЗЫЛ-ТУУ ТУРГУН ЖАЙ КОМПЛЕКСИ. Биринчи шаар чалдыбары Жумгал суусунун сол жээгинде, Кызыл-Туу айылына жакын жайгашкан. Төрт чарчы келип, 70х70 м. Жалчалары 2 м бийиктикке чейин сакталган. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес. Экинчи шаар чалдыбары биринчисинен чыгыш тарапта жайгашкан. Түзөлүп калган. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес. үчүнчү шаар чалдыбары жогоркулардан 2 км чыгыш тарапта жайгашкан. Жалпы көрүнүшү көп бурчтук түрүндө, аянты 82х105х110х130 м. Сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 2 мге чейин. Бардыгын П.И.Кожомяко изилдеген. 10-12-к-га таандык.

КЫЛЫЧБЕКОВА Бөдөнө (1933-ж.т. Кайырма айылы) «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси (1957-ж.), 1950-83-ж.ж. Ленин атын. колхоздо чабан болуп иштеген. Ардак грамоталар м-н сыйланган.



Кыргызбаев Д.

КЫРГЫЗБАЕВ Дүйшенбек 1955 жылы «Көк-Ой» сегиз жылдык мектебине кирип 1963 жылы 8чи классты аяктаган. 1963 жылдан 1965 жылга чейин Ак-Талаа районундагы «Ломоносов» атындагы орто мектепте окуп 1966 жылы Кочкор районундагы «Калинин» атындагы орто мектебинен 11-класты бүтүргөн. Ошол жылдын сентябрь айынан баштап Жумгал райондук суу чарба башкармасында көзөмөлдөөчү болуп эмгек жолун баштаган. «К. И. Скрябин» атындагы айыл чарба институна кирип 1972 жылы бүтүрүп чыгып инженер-гидротехник адистигин алгандан кийин Жумгал райондук суу чарба башкармасында участкада инженер суу пайдалануу жана оңдоо-курулуш бөлүмдөрүндө начальник болуп иштеген. 1978-жылы Кочкор райондук суу чарба башкармасына начальник болуп которулуп 25 жылдан бери үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Райондук суу чарба башкармасы республикада алдыңкы суу чарба мекемелеринин катарына кошулуп X беш жылдыктын жыйынтыгы м-н республиканын Өтмө кызыл туусуна татыктуу болгон. Д. Кыргызбаев ушул жылдар ичинде беш жолу социалдык мелдештин жеңүүчүсү төш белгисин алган. 1986 жылы союздук суу чарба министрлигинин отличниги наамы ыйгарылган. Эгемендүүлүк жылдарындагы катаал шартка карабастан Кочкор районунда сугат тармактарын эксплуатациялоону жакшыртуу максатында бүткүл дүйнолук банк тарабынан бөлүнгөн кредитке долбоор түзүп «Топон-Арык» ж-а «Кеңеш»

каналдары реабилитациялоого каражат алууга жетишкен. Бул каналдарды реабилитациялоого 22 миллион сом каражат жумшалган. Азыркы күндө райондогу 8 насостук станция үзгүлтүксүз иштетилүүдө. Суу чарбасындагы реформаны колдоп райондо 5 суу пайдалануучулар ассоциациясынын түзүлүшүнө көмөк көрсөткөн. Райондук дыйкан, фермер чарбаларын, жалпы суу пайдалануучуларын үзгүлтүксүз сугат суулары м-н камсыз кылып, айыл чарба өсүмдүктөрүн туруктуу түшүм өстүрүшүп алынышына өз салымын кошууда.

КЫРГЫЗ РЕСП-НЫН БИЛИМ БЕРҮҮ (ЭЛ АГАРТУУ) ОТЛИЧНИКТЕРИ:
Абдесов Нургалый, Абдыразаков Жаныбек, Ажимудинова Бүбүзуура, Ажымүдунова К., Аманалиев Жузупбек, Аманалиев Эркинбек, Амангулова Асаке, Аптабалиев Какей, Аркабаев Насырбек, Арыков Качы, Асанбекова Калыйча, Ашырова А., Байманбетова Алымкан, Байтокова Зулайка, Бакенов Сатыбалды, Бейшеналиева Канымжан, Бейшенкулов Абас, Бектурганова Бариса, Гальцева С.В., Дүйшөналиев Медетбек, Жаманкулов Бейшеке, Жамантаева В., Жапарова Шарапат, Жумабеков Төлөгөн, Жумалиев Өткүлбек, Жуманалиев Надырбек, Ибраимов Ажыке, Идинов Айып, Исаков Бейманжан, Исаков Муса, Исеналиев Самудун, Кадиев Молдоиса, Кадыркулова Р., Кадыров Досалы, Казатова Сайнап, Казыбеков Мамаке, Кенжегулова Шааркан, Кожомкулов Самудин, Көчөрбаева Ж., Кудайбергенова Дамира, Курманалиев Карыпбек, Курманалиев Нурсейит, Куценко Вера Андреевна, Кыдыралиев Кубанычбек, Кыдыралиева Көкүл, Маатов Турдалы, Мамбеталиев Жусуп, Мамытова К., Мейманов Каттоо, Молдалиев Шайлообек, Молдалиева Алма, Момбаева Зууракан, Мусабеков Обосбек, Мусакожоев Шайлообек, Ниязаалы уулу Субанбек, Ногойбаев Отунчу, Ногойбаева Сайкал, Ожукеева Токон, Полтавских Р.Г., Рузанова В.А, Рысалиева Э., Рыспаев Жумакадыр, Рыспаев Сулайман, Саадабаев Аскербек, Самудинова Нуруйпа, Сандыбаев Карбек, Сапаралиев М., Сарыкеев Согушбек, Сатыбеков Мелис, Смадиярова Ишенгүл, Строителева Л.Н., Султаналиев У., Сыдыгалиев Жаныбек, Тилемишева Жумагүл, Токталиева Нурбүбү, Токтобеков Акматбек, Тултуков Теңирберген, Турдубаев Жолдошбек, Турсунов Жалил, Турусбеков Султан, Өмүралиев Султанидин, Усубалиев Жеңишбек, Усубалиев Эрмат, Шейшеңбекова Суусар, Ыбыкеева Зейнебүбү, Эсенгулова Гулмира, Эсенкожоев Кайырбек.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНА ӨЗГӨЧӨ ЭМГЕГИ СИҢГЕН ПЕРСОНАЛДЫК ПЕНСИОНЕРЛЕР:
Абдыкадырова Гулайым, Айдралиев Ысагалы, Акматалиев Эмилбек, Асанов Жусуп, Бекишов Токтогул, Бокчубаев Тенти, Жөкөева Калыя, Иманалиев Оболбек, Кадиев Молдоиса, Кадыров Сураган, Карабаев Керимкул, Мамаев Аскар,Мамытов Шейшехун, Молдалиев Абдыкалил,(Акал) Молдалиева Алма, Мусакожоев Шайлобек, Сартбаев Рахматалы, Сыдыгалиев Бердибек, Токтобеков Акматбек, Узагалиев Асранбек.

КЫРЧЫН – айыл, Көк-Ой айыл өкмөтүнө карайт. Калкынын саны 80 адам, 22 түтүн (1998).лауреаты (1957). Медалдар м-н сыйланган.

Л

ЛАМА – айыл, «Лама» дыйкандар бирлигинин борбору. Жалпы аянты 60 *га*. Бишкектен 313, Балыкчы темир жол бекетинен 152, Чаектен 55 *км* аралыкта, районду аралап өтүүчү негизги трассадан 6 *км* түштүк-батышта, тоо түбүндөгү эң четки айыл. Деңиз деңгээлинен 2180 *м* бийиктикте жайгашкан. Калкы 719 адам, 110 түтүн (1998), негизинен мал чарбасында эмгектенишет. Орто мектеп (178 окуучу, 17 мугалим), мончо, ФАП, китепкана, дүкөн, 2 тегирмен бар. Мектептин жалпы ремонтуна ж-а клубдун тургузулушуна Кыргызпатент (дир. Р. Оморов) жардам берген. (2003-2004ж.ж.)

«ЛАМА» ДЫЙКАНДАР БИРЛИГИ. 1998-ж. январда Жумгал айыл өкмөтүнөн бөлүнүп чыккан. 1994-жылдын ноябрына чейин «Жумгал» совхозунун №2 фермасы, 1994-97-ж, «Лама» дыйкан чарбасы болгон. Сугат жери аз, жайыты кенен. Окторкой (айылдан 6 *км),* Сандык (11 *км)* жайлоолору айылдын түштүк-батышында жайгашкан. Бирликте техникалык сервиз уюштурулган. Анда гараж, склад, кырман, дүкөн, 2 автомашина, 4 каз тамандуу, 4 – ЮМЗ, 1-150 үлгүсүндөгү 4-т – 40 тракторлору, 2 комбайн, 2 сеялка, 5 соко, 4 прессподборщик ж.б. техникалар бар. Бирликте Шаршекеев Капар, Ж. Шаршекеев, Дыйканов Жумаалы, Б.Шералиев, Нургазиев Болотбек, Ж.Жумалиев, К.Арыков, Иманов Кеңешбек, Исаков Муса, Ишекеев Кеңешбек, К.Мамбеталиев ж.б. Эмгек ж-а согуш ардагерлери эмгектенишет. Бирликтин башчысы 1998-жылдан Медет Нургазиев.

М

МААТОВ Турдалы Өмүрзакович (25.8.1942-ж.т., Миң-Куш шаарчасы) – фармаколог, медицина илиминин кандидаты (1984), доцент (1987). 1969-ж. КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1969-73-ж. КММИнин фармакология кафедрасында ассистент, 1973-75-ж. аспирант, 1975-90-ж. кайрадан ассистент, 1990-жылдан доцент. Ошол эле мезгилде 1988-94-ж. педиатрия факультетинин деканынын орун басары, 1995-жылдан «Нурбилим» жалпы билим берүүчү борборунда даярдоо курсунун окуу-тарбия иштери б-ча директордун орун басары. 20дан ашык илимий эмгектин автору. Илимий эмгеги негизинен фармакология, анын ичинен жүрөккө таасир этүүчү дарылар б-ча. Кыргыз Респ-нын саламаттык сактоо ж-а билим берүү отличниги.

МАДАНИЯТ ЖАНА КЛУБ МЕКЕМЕЛЕРИ. 1998-ж. райондо 1 райондук маданият үйү, 12 айылдык клуб (к. Клуб мекемелери), 1 көчмө клуб, 1 музыкалык мектеп, 1 профессионал театр *(к. Жумгал драма театры),* «Бекбекей» ансамбли, музей, райондук китепкана ж-а 19 айылдык китепкана болгон. Райондо өздүк-көркөм чыгармачылыгынын 60тай ийрими иштеп, ага 400 катышуучу тартылган.

Маданият үйүнүн негизги милдеттери – атуулдарды өз Ата мекенин сүйө билүүгө тарбиялоо, диний ахлак ж-а ыймандуулукка үйрөтүү, массалык оюн-шоокторду уюштуруу, элдик салттарды жайылтуу, айрыкча жаштар м-н иш алып баруу ж.б. Маданият үйүнө Кызыл-Туу, Чоң-Дөбө, Таш-Дөбө, Түгөл-Сай, Дыйкан, Байзак, Арал, Көкомерен айылдарындагы клубдар карайт. 1998-ж. райондук маданият үйүндө 13, айылдык клубдарда 10 адам иштеген. Маданият үйүнүн директорлору: 1953-94-ж. М.Алыкулов, Ш.Шамыратов, С.Жумаев, А.Абылгазиев, Э.Романовская, А.Ногойбаева, А.Жумабеков, Н.Турсунбаев, Б.Ибраимов, орунбасары,



Мажиев Т



Маңгый Ыбырайым уулу



Макеев Т



Макишов И

Дүйшеева Чынара, 1998-жылдан Абшекиров Тилек, азыр Шоконова Замира.

МАЖИЕВ Талгартбек (1952-ж.т. Чоң-Добө айылы) 1974-ж. КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Кыргыз телерадио комитетине редактор болуп, 30 ж. жакын үзүрлүү эмгектенип келет. Кыргызтеленин кабарчысы катары Талас облусу боюнча 13 жылдай, азыр Нарын облусу боюнча 1996-ж. бери иштеп келүүдө. Облустардагы экономикалык-социалдык, маданий жаңылыктарды, айрым кемчиликтерди так чагылдырып келет. Эмгеги аталган облустардын грамоталары м-н белгиленип, жалпы көөрмандардын ыраазычылыгын жаратып жатат.

МАҢГЫЙ Ыбырайым уулу (1927-ж.т. Кара-Чий колхозу) Эмгек жолун Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде «Кара-Чий» колхозунда эсепчи болуп иштөө м-н баштаган 1952-56-ж.ж. Бишкек айыл чарба техникумдан бухгалтерлик эсеп адистигине ээ болуп, Тогуз-Торо районунун айыл чарба башкармасында башкы бухгалтер, Ак-Талаа районундагы Ленин атын. колхоздо башкы экономист (1960-63-ж.ж.) болуп иштеп келген. 1959-64-ж.ж. КМУнун бухгалтериялык эсеп факультетин сырттан окуп бүтүрүп, 1963-ж. Кызарт, Жумгал совхоздорунда башкы бухгалтер, башкы экономист болуп иштеп, ардактуу эс алууга чыккан. 42 жыл (1943-1986-ж.ж.) бою финансы багытында эмгектенди.

МАКЕЕВ Токтогул (1926-ж.т. Кайырма айылы) Чарбалык ишмер, «Ардак белгиси» ордендин ээси. 1949-ж. Айыл чарба институтун бүтүргөн. Чолпон, Куланак райондук айыл чарба башкармалыгында (1949-59-ж.ж.) Тянь-Шянь облусунун айыл чарбасынын башкы зоотехниги, Нарын МТСда (1954-55-ж.ж.) Улахол, Төлөк, (1957-59-ж.ж.) Коммунизм (1966-70-ж.ж.) Кочкор совхозунда (1970-76-ж.ж.) башкы зоотехник, Дыйкан колхозунда башкарманын Төрагасы (1959-66-ж.ж.) Большевик совхозунун директору (1976-81-ж.ж.) болуп иштеген. Көптөгөн медалдар, Ардак грамоталар м-н сыйланган.

МАКЕЕВА Турдукан (16.7.1927-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1963-67). 1950-55-ж. «Совет» колхозунда колхозчу, 1955-жылдан саанчы болуп иштеген. «Ардак Белгиси» ордени (1965), көптөгөн медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

МАКИШОВ Иманбек (11.02.1948-ж.т., Кайырма айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген экономисти (2001). 1969-ж. КМУУнун экономикалык факультетин бүткөн. Кыргыз Респ-нын финансы министрлигинде ага экономист, Кант райфосунда жетекчинин орун басары, финансы министрлигинде башкы адис, көзөмөл-текшерүү башкармасында башкы текшерүүчү, башкармалыктын жетекчисинин орунбасары, Бишкек ш. б-ча салык инспекциясынын жетекчиси, республикалык Элдик көзөмөл комитетинде инспектор, республика б-ча «Тамак-аш» бирикмесинин ж-а Калинин р-нундагы Крупская атн. колхоздун башкармасынын орунбасары, 1992-94-ж. Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн аппаратында экономика жана финансы болүмүнүн жетекчиси, 1994-95-ж. Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнө караштуу салык полициясынын директорунун



Малабеков М

орунбасары, 1995-96-ж. Борбордук Азия өнүктүрүү банкында (өкүлдүн) башчысы, 1997-2001-ж. Кыргыз Респ-нын Эсептөө палатасында аудитор, инспектор, 2001-02-ж. Иссык-Көл облусу б-ча Салык инспекциясынын жетекчисинин орунбасары, Ак-Суу р-ну б-ча салык инспекциясынын жетекчиси.

МАКСҮТОВ Ибраим (1893, Баш-Кууганды айылы – 1956, Чаек айылы) – Ленин орденинин ээси (1949). 1915-ж. дин мектебинен билим алган. Алматыдагы мугалимдерди даярдоо курсунда окуган. 1919-29-ж. Көл-Арык башталгыч мектебинде мугалим, 1929-30-ж. Суусамыр, 1931-46-ж. Баш-Кууганды башталгыч мектептеринин башчысы, 1946-56-ж. Чаектеги Ак-Татыр орто мектебинде мугалим болуп иштеген.

МАЛАБЕКОВ Маадан (1946-ж.т. Куйручук айылы). Механизатор. Кыргызстан КПнын XIX съездинин делегаты. Партиянын өкмөтүнө 2 жолу, районуна 3 жолу бюро мүчөсү болгон. Райкеңешке 1 жолу, айылдык Кеңешке 4 жолу депутат. Кыргыз ССРинин эстелик медалын алган (1984-ж.) Лениндин 100 ж. юбил. медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. 3-даражадагы "Эмгек даңкы" орденинин ээси.

МАЛАКЕ Найзакер (1890, Таш-Дөбө айылы – 1935, ошол эле жер) – баатыр. Сабыр, Аксакал, Теке сыяктуу атактуу найзакерлер м-н беттешкен. Тиштээк найзакер м-н 15 жолу эр сайышка түшкөн.

МАЛДЫБАЙ Найман уулу, *Малдыбай ажы* (19-к.) – Жумгал өрөөнүндө 19-кылымдагы элдик агартуучулардын белгилүүсү. Саяктын котон уруусунан. Кочкордун Мантышынан Жумгалдын Түгөл-Сайына чейин жайлаган. Балдардын сабатсыздыгын жоюуга өзгөчө көңүл буруп, бала окутуучу боз үйлөрдү уюштурган. Орто кылымдагы жазма адабиятты сабаттууларга көчүртүп элге тараткан, топтоп, көктөп китеп кылып сактаган. Кийин алар кулакка тартуу учурунда өрттөлгөн. Балдарды эмдеген, табыпчылык жүргүзгөн, дары жасаган. Балдарга кол өнөрчүлүктү, зергеликти үйрөткөн. Биринчи жолу кыштоолорго там үйлөрдү салдырган, элди эгин айдооого тарткан. Анын таш көпүрөлөрүнүн калдыгы азыркыга чейин сакталган.

МАЛДЫБАЙ уулу Токторбай (1830-35, Жумгал өрөөнү) – болуш, Курманкожо элин бийлеген. Анжиян, Фергана кыргыздары м-н алака түзгөн. Анжияндык ыкма м-н тоо этегиндеги боз адырлардан кыялата арык чаптырып (ал азыр да «Токторбайдын арыгы делет»), суу чыгарган. Башка болуштардан айырмаланып өз болуштугундагы аялдарга (негизинен тектүүлөргө) эркектердин талап айтуу укугун жойгон, балалуу качкындарга жер берген. Уруулардын бирин-бири талап-тоноп, чабуусуна тыюу салган. Уруулар аралык жерлердин, жайыттардын чегин ажыраткан, эн тамгаларды тактап, айрымдарына жаңы эн тамгаларды берген. Кудук каздырган. Таш көмүр каздырып, отун катары пайдаланганды үйрөткөн. Кокон бийлигине каршы чыккан. Кочкордун Мантышынан Кызарттын белине чейинки жерди Орусия падышачылыгына 25 жылга ижарага өз алдынча берген биринчи болуш болгон.

МАМАЕВ Аскар (1929-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын мал чарбасына эмгек сиңирген устат (1975). 1942-89-ж. «Кызарт» совхозунда баш чабан болуп иштеген. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты (1975-80). «Октябрь Революциясы», 2 «Эмгек Кызыл Туу» ордендери м-н сыйланган.

МАМАЙ Настар (1962-ж.т., Миң-Куш шаарчасы) – белгилүү сүрөтчү, 1988-ж. Бишкектеги С.Чуйков атн. көркөм окуу



Мамай Настар



Мамакеев Н



Мамбеталиев Ө

жайын бүткөн, 1991-93-ж. Москвада, 1998-ж. Венадагы Көркөм академияда окуган. Сүрөттөрү көптөгөн көрсөтмөлөрдө коюлган 1986, 1989, Фрунзеде; 1991, 1992, Москвада; 1998, 1999, 2000, Венада; 2000, Стамбулда-Турция; 2001, Гмунденде-Австрия; 2002, жеке көрсөтмөсү-Бишкекте «Теңир планетасы» темасында көрсөтүлгөн). М. Австриядагы «Kogel» аттуу Жаш сүрөтчүлөр союзуна мүчө. Анын «Жабылган алакан – Күн ж-а анын нурлары» аттуу жыйнагын Венадагы «Albertino-Kupfertstichka-binet» музейинин архиви сатып алган.

МАМАКЕЕВ Наамат (1894-ж.т. Жаңы-Арык айылы 1955-ж. ошол жерде). Совет курулушунун алгачкы кирпичтерин кынап, эл бийлигин калыптандырууга зор салым кошкон адамдардын бири. 1916-ж. үркүн мезгилинде Курманкожо элинин козголбой калышына баа жеткис эмгек өтөгөн. Кочкор, Жумгал эли биригип, Сталин району болуп турганда 1925-ж.ж. "ТАЛАП" соода кооперативин башкарып турган. Анын тубаса уюштуруучулук дарамети коллективдүү чарба уюштурууда өзгөчө көрүнгөн. Жумгал районунун борбору – Чаекте булгаары цехин уюштурган. Улуу Ата Мекендик согуш ж.ж. жоокерлерге ооруктан жардам жөнөтүүдө көп эмгек сиңирген. Ак-Талаа, Кара-Балтадан ич ара сүйлошүп, 1942-1944-ж.ж. төө, өгүз м-н эгин алып келип, элди ачарчылыктан сактап калган. 1946-48-ж.ж. Жаңы-Арык колхозун башкарып балдардын билим алышына аталык камкордук көргөн. "Карабулак" ж-а Базартурук мектептерин бириктирип белгилүү тарыхчы А. Иминовдун ысымын алып жүргөн Коммунизм орто мектебинин курулушун ашар жолу м-н бүтүргөн. Андан тышкары колхоздун чарбалык имараттарын тургуздурган. Акылгөй, кеңешчи, тарбиячы адам болгон.

МАМБЕТАЛИЕВ Өзгөрүш (8.2.1938-ж.т., Ош облусу, үч-Коргон р-ну, Бел айылы) – айыл чарба илимдеринин кандидаты (1972). 1962-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1962-63-ж. Ак-Талаа р-нундагы Ленин атн. колхоздо башкы агроном, 1963-68-ж. Ак-Талаа р-ндук айыл чарба башкармасында башкы агроном, начальниктин орун басары, 1968-71-ж. Тогуз-Торо р-ндук өндүрүштук айыл чарба башкармасынын начальниги, 1971-73-ж. Кыргыз ССР Айыл чарба министрлигинде дыйканчылык б-ча башкы башкарманын начальнигинин орун басары, 1973-77-ж. Ысык-Көл тажрыйба – селекциялык станциясынын директору, 1977-80-ж. Ак-Суу р-ндук эл депутаттар кеңешинен Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1980-85-ж. Кыргызстан КП Жумгал, 1985-87-ж. Ат-Башы, 1988-90-ж. Тогуз-Торо райкомдорунун 1-катчысы, 1987-88-ж. Нарын облустук Аткаруу комитетинин Төрагасынын 1-орунбасары, облустук агропромдун Төрагасы, 1990-94-ж. айыл чарба министрлигинде бөлүм башчы, Бишкек совхоз-техникумунун директору, 1994-жылдан Кыргыз мамлекеттик акционердик лизинг компаниясында бөлүм башчы. 1997-жылдан сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсияда. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985-90). 1988-ж. Бүткүл союздук колхозчулардын съездине делегат болуп катышкан. Илимий ишинин негизги багыты: бийик тоолуу Нарын өрөөнүндө дан эгиндерине жер семирткичтерди пайдалануу. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган.

МАМБЕТАЛИЕВ Капар (18.8.1930-ж.т., Лама айылы) – мал чарба чебери. 1955-92-ж. «Жумгал» совхозунда малчы болуп иштеген. Көптөгөн медалдар, Кыргыз



Мамбеталиев С



Мамбеткулов Б



Мамытов Ш



Мамытова А

ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

МАМБЕТАЛИЕВ Сейитказы (1895-1973-ж.ж. Жаңы-Арык айылы) Жамбыл ш. (Олуя Ата) мугалимдерди даярдоо курсун бүткөн. Республиканын мектептеринде башкаруучу (1921-1957-ж.ж.) мугалим болуп иштеген. Республикалык маанидеги персоналдык пенсионер. «Эмгек Кызыл Туу» ордени, медалы м-н сыйланган. «Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген окутуучусу» наамын алган. Элге билим берүү министрлигинин Ардак грамотасын 2 жолу алган.

МАМБЕТКУЛОВ Болот (1921-ж.т. Кайырма айылы) Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, чарбалык ишмер, Чарба жетекчисин даярдоочу 3 жылдык курсту бүтүргөн. (1955-59 ж.ж.). «Пионер» колхозунда башкарманын орунбасары (1952-55-ж.ж.). Өрнөк колхозунун бшкармасы (1958-65-ж.ж.). Парткомдун катчысы (1968-74-ж.ж.). Токой чарбасында төкойчу болуп иштеп туруп ардактуу эс алууга чыккан.

МАМЫРБАЙ Ичкилик уулу, *Мамырбай ажы* (1840-жылдар чен, Жумгал өрөөнү – 1917, Какшаал) – чекир саяктын курманкожо уруусунун төлөк ургунан чыккан бай. Мекеге барып, ажы болуп келген. Миңдеген кой, жүздөгөн кара (жылкы, уй), ондогон төө күтүп, бей-бечараларга карамдуу болгон. Жакшына-Төр деген жайлоодогу өтөк азыркыга чейин «Мамырбайдын өтөгү» аталат. үркүндө каза болгон.

МАМЫТОВ Шейшенакун (9.5.1937-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – мал чарба устаты, 2 Ленин орденинин ээси (1966,1968). 1947-56-ж. «Жумгал» совхозунда чабан, 1956-92-ж. баш чабан болуп иштеген. 1966-ж. ар жүз түбар койдон 140тан козу, 4,0 *кг*дан жүн алган. «Эмгек Кызыл Туу» (1973) ордени, медалдар, СССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н да сыйланган. Айыл кеңешине депутат болуп шайланган.

МАМЫТОВА Ардак (1915, Баш-Кууганды айылы – 2.11.1998, Бишкек шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1959-63). өзү туулган айылда өмүр бою саанчы болуп иштеген. 1958-ж. өзүнө бекитилген 12 саан уйдан 2667 *л* сүт саап алган Кайырма айыл кеңешине депутат болуп шайланган (1961). Ленин ордени (1957), медалдар жа Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

МАНАЕВА Шайыркан (1954-ж.т. Кабак айылы) Нарындагы Ленин атын. орто мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы (1983-1985-ж.ж.), Жумгал районундагы Өрнөк мектебинде мугалим (1985-1989-ж.ж), Өрнөк колхозунда профкомдун Төрагасы, Кабак айыл Кеңешинин Төрагасы (1983-ж.ж) Эл депутаттарынын Жумгал райондук Аткаруу комитетинин Торагасынын орунбасары, Кабак Айыл Өкмөтүнүн башчысы. 2002-ж. Өрнөк мектебинин директору болуп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасын алган.

МАНАСЧЫЛАР: Айтыке, Сагынбай Орозбак уулу, Кудайберген (Куйручук) Өмурзак уулу, Жаңыбай Көжөк уулу, Багыш Сазан уулу ж. б.

МАНДАЛАКОВ Алияскар (1914-58-ж.ж. Байзак айылы) 1939-ж. чейин чарбада бригадир болуп иштеп, 1939-ж. армияга чакырылып чалгындоо кызматын өтөгөн, 1943-ж. Сталинграддын алдында оор



Матыев Р



Мандалаков А



Матыев Э

жарадар болгон. Чарбада кампачы, колхоздун башкармасы болуп иштеген, кийин айылга дүкөн ачып өмүрүнүн акырына чейин дүкончү болгон. Ата Мекендик согуштун I, II даражадагы ордендери, медалдары м-н сыйланган.

МАНЖИЕВ Өмүр (1894-1974-ж.ж.) Бишкектен 3 айлык мугалимдер курсун, Пржевальскиде 1 айлык башкармалар курсун бүтүргөн. Партиянын Нарын обкомуна бюро мүчөсү болгон 4-5 ж. районду жетектеген. Ак-Татыр колхозунда башкарма болгон.

МАТЫЕВ Роман Сагыналиевич (1946-ж.т., Фрунзе шаары – 1985, Ош шаары) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. 1972-ж. Фрунзе политехника институтун бүтүп, Хайдаркан сымап комбинатында кен мастери, 1974-ж. комсомол комитетинин катчысы, 1975-78-ж. тоо-кен-капиталдык иштер б-ча участканын жетекчисинин орун басары, жетекчиси, 1978-ж. Ош облусундагы Фрунзе райком партиясында онөр жай болүмүнүн жетекчиси, 1980-ж. экинчи катчысы, 1982-ж. Майлы-Сай шаардык партия комитетинин биринчи катчысы, 1983-ж. Ош шаардык партиялык комитетинин биринчи катчысы болуп иштеген. Ош обком партиясына мүчө болгон.

МАТЫЕВ Эркинбек Сагыналиевич (18.8.1959, Чаек айылы – 15.3.2000, Бишкек) – фармацевт, провизор, биология илимдеринин доктору (1992), профессор (1992). 1981-ж. Алматы мамлекеттик медицина институтунун фармацевтика факультетин, 1984-ж. И.А.Сеченов атн. Москва медицина институтунун аспирантурасын бүткөн. 1984-89-ж. КММИнин улукокутуучусу, фармацевтикалык, аналитикалык ж-а органикалык химия кафедра башчысы (1989-жылдан кафедрага коомдук башталышта башчылык жүргүзгөн), 1990-92-ж. П.Лумумба атн. эл достугу университетинде улук илимий кызматкер, 1992-93-ж. «Гален препараттары» ишкер долбоорунун генералдык директору, «Кыргызфарм-индустрия» мамлекеттик концернинин төрагасы, 1993-жылдан «Кыргызфармация» мамлекеттик фармацевтикалык компаниясынын генералдык директору, 1995-2000-ж. «Фармация» акционердик коомунун президенти болгон. 120дан ашык илимий эмгектин ж-а иштеп чыгуулардын (а.и. 2 монография) автору. 1986-жылдан Кыргыз Респ-нын фармацевттеринин илимий коомунун төрагасы, Европанын хроно-биологиялык коомунун (1991), эл аралык хронобиология илимий коомунун мүчөсү (1992), Кыргыз Респ-нын Коомдук илимдер академиясынын академиги (1992), Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин депутаты (1995-жылдан). «Жумгал р-нунун ардактуу атуулу».

МАТЫКЕЕВ Кыштообек (1926-ж.т., Кайырма айылы) – Ленин атн. колхоздо сугатчы болуп иштеген. 45 *га* дан эгинден 57-60 *ц* түшүм алып турган. 2 Эмгек Кызыл Туу ордени (1972,1986) ж-а медалдар м-н сыйланган.

МЕДЕРАЛИЕВ Жумабек (24.1.1957-ж.т., Доскулу айылы) – жазуучу. 1979-ж. КМУнун журналистика факультетин бүткөн. 1979-1985-ж. «Ленинчил жаш» гезитинде кабарчы, бөлүм башчы, 1985-86-ж. Кыргызмамбаскомдо улук редактор, 1986-88-ж. «Мектеп» басмасында улук редактор, редакция башчысы, «Адабият» басмасында редакция башчысы, 1989-94-ж. директордун орун басары, 1994-жылдан «Акыл» мамконцернинин башкы редактору, «Нуска» жумалыгынын баш редактору, Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинде иштеген. Алгачкы



Медербеков С



Медербеков С



Медетов Б



Медетов С

ангемелери 1974-жылдан мезгилдүү басма сөзгө жарыялана баштаган. "Боор толгоо" (1989), «Бышмана» (1998) аңгеме, повесттер жыйнактарынын автору. Орус жазуучусу С.Алексеевдин, «Маршал Жуков жөнүндө ангемелер» (1987), фин жазуучусу Й.Лехтонендин «Табышмактуу сепил» (1991) китептерин, Россия элдеринин жомокторун, Кытай, Япон, Беларусь жазуучуларынын аңгемелери орус тилине которгон. өзүнүн бир катар аңгемелерин орус тилине которулган. Журналисттер (1980), Жазуучулар (1990) союздарынын мүчөсү.

МЕДЕРБЕКОВ Султан (1943-ж.т. Жаңы-Арык айылы, Базар-Турук кыштагы) Кыргызстандагы айыл чарба институтун бүтүргөн (1967-1972-ж.ж.). Жумгал совхозунда ферманын ветврачы (1972-1974-ж.ж.) Коммунизм колхозуна бөлүнгөн ветврач (1974-1976-ж.ж) Чаектин башкы ветврачы (1976-1977-ж.ж), Райондук ветстанциянын начальниги (1977-1978-ж.ж), «Өрнөк» колхозунун башкармасы (1978-1981-ж.ж.) Нарын облусунда ветлабораториянын бөлүм башчысы (1983-1985-ж.ж.), "Кызарт" совхозунда ферманын бөлүмчөсүндө (1985-1987-ж.ж) ферманын ветврачы (1987-1990-ж.ж.), "Кызарт" совхозунун башкы ветврачы (1990-1993-ж.ж.) болуп иштеген.

МЕДЕРБЕКОВ Сыпарбек (20.7.1942-ж.т., Куйручук айылы) – акын. 1967-жылдын Кыргыз камволдук-нооту комбинатында мастер болуп иштеген. «Соң-Көл гүлдөрү» (1978), «Көл кыялы» (1991), «Өмүр саябаны» (1997) поэзия китептери жарык көргөн. «Соң-Көл гүлдөрү» орус, армян тилдерине которулган. Көптөгөн ырларына обон чыгарылган. 1995-жылдан Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү. Медалдар м-н сыйланган.

МЕДЕТ Байтүгөл уулу, *Медет датка* (1778-1839) – курманкожо саяктарынын башкаруучусу. Нусуп бийдин инисинин баласы болгон. Жашынан жетим калып, Нусуп бийдин тарбиясында өскөн. Кокон хандыгы Кыргызстандын түндүк аймактарын каратуу мезгилинде (19-к-дын башы) ал хандык жергиликтүү бийлик өкүлү катары Медет м-н алака түзүп, 1811-12-жылдары даткалык наам ыйгарган. 27 жыл датка болгон. Ошол себептен эл ичинде Медет «Чоң Медет» деп да аталган. Медеттин күмбөзү Кызарт ашуусунун чыгыш жагында (Ак-Учукта), Кочкор өрөөнүндө салынган, 1997-ж. күмбөзү кайра жаңыртылып тургузулган. Уулу *Дуулат* бий болгон. Медет датка жөнө Ж.Кенчиев, М.Исаковдор китеп жазышкан.

МЕДЕТОВ Бекказы (1950-ж.т.) 1972-ж. Фрунзедеги айыл чарба институтун бүтүргөн. Партиянын райкомунда нускоочу, бөлүм башчы, Жумгал совхозунда парткомдун катчысы, директору, райветстанциянын, райветлабораториянын начальниги болуп иштеген. Айылдык, райондук, облустук, Кеңештерге депутат болуп шайланган.

МЕДЕТОВ Сейдалы (17.05.1928, Түгөл-Сай айылы – 7.09.1958) – биринчи атактуу профессионал композитор, комузчу. Кыргыз профессионал музыка искусствосун баштоочулардан. 1940-42-ж. Нарын музыкалык драма театрында, 1942-44-ж. Кыргыз филармониясында артист. 1949-42-ж. Бишкектеги багыты экономиканын өнүгүү проблемалары,

М.Күроңкөев атн. музыкалык окуу жайынын дирижерлук классын, 1958-ж. Москвадагы Чайковский атн. консерваториянын улуттук студиясында композиция б-ча профессор В.Шевалиндин классын бүткон. Аны бүтүп, профессор М.Чулакинин классында окуп жүрүп, айылына кайтып келип кайра Москвага учуп баратканда самолеттун жарылуусунун натыйжасында курман болгон. 1953-58-ж. «Майрамдык увертюра», фортепиано үчүн «Рапсодия», фортепиано үчүн соната, скрипка м-н фортепияно үчүн «Скерцо», эл аспаптар оркестрине «Пахтачы кыздын бийи» аттуу чыгарма, «Партияга даңк», «Бактылуу Кыргызстан», «Токтогулдун арманы», «Кең Ала-Тоо» хорлорун, «Какшаалдан кат», «Чабандын ыры», «Фестиваль ыры» ж.б. ырларды жазган. «Алар Тянь-Шанда төрөлгөн» ж.б. документ фильмдердин музыкасын жазган. Ысымы Түгөл-Сай орто мектебине ыйгарылган.

МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЗ ЖАРДАМ КЫЗМАТЫ, к. *Медицина-санитария мекемелери, Оорукана* макалаларын.

МЕДИЦИНА-САНИТАРИЯ МЕКЕМЕЛЕРИ. Райондогу калктын саламаттыгын сактоо, оорулууларды дарылоо, оорунун алдын алуу иштерин жүргүзөт. Райондо борбордук оорукана (к. *Оорукана),* балдар консультациясы, торот үйү, тез жардам, реанимация бөлүмдөрү, СЭС (к. *Санитария-эпидемиология станциясы),* «Айпери», «Арча» менчик дарыканалары, Миң-Куш шаарчасында 70 орундуу оорукана (бейтапканасы м-н), Жаңы-Арык айылында 25 орундуу участкалык оорукана, 4 айылдык дарыгерлик амбулатория (Доскулу, Түгөл-Сай, Байзак айылдарында), 9 ФАП (Лама, Чоң-Добо, Куйручук, Таш-Дөбө, Эпкин, Кызыл-Жылдыз, Көк-Ой, Арал, өрнөк айылдарында) иштейт. Буларда 102 врач, 408 орто медицина кызматкери эмгектенет (1998).

МЕДРЕСЕ-МЕКТЕПТЕР Алгачкы мусулман медреселери кыргыз



Мейманов К

жергесинде Караханийлер доорунда (10-12-к.) ачылган. Медресе-мектеп куруу кайрадан 19-кылымдын акыры – 20-кылымдын башында жанданган. 1912-жылдын акырында азыркы Нарын облусунун аймагында 70тей медресе-мектеп иштеп, аларда 870 окуучу окуган. Анын ичинде мындай мектеп Жумгалдын Базар-Туругунда иштеген, ал эми Кайырмада (азыркы Байзак) Байзак Тооке уулунун медресеси болгон.

МЕЙМАНКАНА. 1999-жылдын 1-январына карата райондун борбору Чаекте 54 ордундуу 1 мейманкана иштейт.

МЕЙМАНОВ Каттоо (20.3.1938-ж.т., Сары-Камыш айылы) – экономика илимдеринин кандидаты (1973), доцент (1981). 1966-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1955-61-ж. Миң-Кушта жумушчу, 1966-70-ж. КМУда окутуучу, 1970-73-ж. Ленинград мамлекеттик университетинде аспирант, 1973-79-ж. Бишкек политехника институтунда окутуучу, улук окутуучу, доцент, 1979-88-ж. Каракол мамлекеттик педагогикалык институтунда илим б-ча проректор, 1988-96-ж. Кыргыз техникалык университетинде доцент, гуманитардык факультеттин деканы, 1996-98-ж. Кыргыз Респ-нын финансы министрлигинин Экономика илим изилдөө институтунда директордун орун басары, ошол эле учурда ушул институттагы окуу борборунун директору болуп иштеген. 1998-ж. апрелде ал илимий кадрларды даярдоо б-ча борбор ачкан, мында аспиранттар ж-а изилдөөчүлөр окушууда. Ал ушул борбордун директору ж-а ошол эле учурда Улуттук статистика комитетинин Статистикалык изилдөөлөр институтунда окумуштуу катчы, бөлүм башчы болуп иштейт. Илимий иштеринин негизги

республикада жүргүзүлүп жаткан экономикалык реформалар ж.б. б-ча 60 илимий эмгектин (а.и. 15 монография ж-а брошюра) автору. «Рынок экономикасынын теориясы» (1973), «Экономикалык теория» (1976), «Рынок экономикасы теориясынын негиздери» (1993), «Экономикалык теорияга киришүү» (1996), «Кыргыз Респ-нын экономикасы» (1997, авторлош) ж.б. окуу китептеринин автору. Табият ж-а коом ж-дөгү Эл аралык академиянын кыргыз бөлүмүнүн мүчөсү, Табият ж-а коом ж-дөгү илимдердин эл аралык академиясынын академиги (1999), Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги (1983).

МЕКТЕПТЕР. Райондо 1998/99-окуу жылында 27 мектеп (а.и. 23 орто, 1 толук эмес орто, 3 башталгыч) иштеген. Аларда 10800дөн ашык окуучу окуп, 870 мугалим иштейт. Алардын айрымдарынын узак тарыхы бар.

Айып Идинов атындагы Кызарт орто мектеби. Жаңы-Арык айылында. 1938-ж. Кара-Булак 7 жылдык мектеби деген атта Мамакеев Нааматтын демилгеси м-н уюшулган. 1951-ж. ага Базар-Турук башталгыч мектеби кошулуп, Коммунизм жети жылдык мектеби аталган. 1973-жылдан Кызарт орто мектеби деп аталат. Директорлору: Какыбаев Жунус, Өмүралиев Султанидин, Жаманкулов Бейшеке. 1998-ж. А.Идиновдун ысымы ыйгарылган. 419 окуучу окуйт, 43 мугалим иштейт (1998).

Калык Акыев атындагы орто мектеп Кызыл-Жылдыз айылында. 1932-ж. 1-окуу корпусу, 1963-ж. 2-, 1968-ж. 3-корпусу салынган. Алгачкы директору Модубаев Исмаил. 368 окуучу окуйт, 37 мугалим иштейт (1998).

Кара-Күнгөй орто мектеби (Миң-Куш). 1953-ж. А.С.Пушкин атн. мектеп болуп ачылган, мында жумушчу жаштардын кечки мектеби да иштеген. 1960-ж. ортомектепке айланган. 1962-91-ж. окутуу орус ж-а кыргыз тилинде жүргүзүлгөн. 1992-жылдан Кара-Көңгөй орто мектеби деп аталат ж-а окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт. 482 окуучу окуйт, 29 мугалим иштейт (1998). Алгачкы директору Абдылдаев Сениш. Азыркысы Ж.Ибраимова. Ж.Кекиликов атындагы орто мектеп Беш-Терек айылында. 1937-ж. 4 класстык башталгыч мектеп катары ачылган. Анда 1937-41-ж. мектеп башчысы болуп Нарынбаев Осмон, орун басары Мураталиев Насир иштеген. 1990-ж. Беш-Терек толук эмес орто мектеби аталып, директору Ажыков Асейин болгон. 1994-ж. мектепке ушул айылындан чыккан алгачкы башкарма Кекилик уулу Жолдошбектин ысымы ыйгарылган ж-а 1995/96-окуу жылында орто мектепке айланган. 153 окуучу окуйт, 21 мугалим иштейт (1998).

Н.К.Крупская атындагы орто мектеп (Миң-Кушта). 1972-ж. уюшулган. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн. 210 окуучу окуйт, 16 мугалим иштейт (1998). 3 билим берүү отличниги эмгектенет. Директорлору: А.А.Ворошилова (1972-73), Логиков (1973-74), Г.Ф.Баденко (1974-75), И.Ш.Шаршенов (1976-79), Б.Т.Түмөнбаев (1980-83), А.Т.Казакбаева (1983-86), Б.Жолдошалиев (1986-92), Ж.Керимбекова (1992-93), К.Бектенов (1993-95), Э.И.Исакова (1996-97), З.Р.Жумалиева (1997-жылдан).

Миң-Куш орто мектеби. Миң-Кушта 1953-ж. ачылган, 1966-ж. 8-жылдык, 1973-ж. 10 жылдык болгон. 1953-56-ж. Маленков атн., 1956-91-ж. А.М.Горький атн., 1991-жылдан Миң-Куш орто мектеби деп аталат. 1978/79-окуу жылында 1200 окуучу окуп, 98 мугалим иштесе, 1998-ж. 715 окуучу окуп, 44 мугалим иштейт. Мектепте СССРдин 2, Кыргыз Респ-нын 7 эл агартуу отличниги, 2 методист мугалим, 1 улук мугалим иштейт. Директорлору: Чивернова Анастасия Павловна (1953-57), Зайцева (1957-60), С.А.Асанов (1961-67), Л.А.Керимова (1967-68), С.А.Асанов (1968-84), Ж.С.Мамбеталиев (1984-91), З.Чодонова (1991-94), 1994-жылдан З.М.Жаманкулов.

жыйнагы чыккан. Ал өз поэзиясында

Орюк орто мектеби. Кабак айыл окмотүнүн аймагында. 1936-ж. курулган. Калык Акыев ырдап элден 317 кой чогултуп, ошол каражатка салынган. Алгачкы мугалимдер. Кожалы, Курманалиева Чултай, Рысалиева Сайнап, Орозалиев Исакбек. Көп жыл иштеген мугалимдер: Тыныбекова Алый, Токтогулов Рыспай, Смадиярова Ишенгүл. Бүтүрүүчүлөрүнөн 2 илим доктору, 2 илим кандидаты, мамлекеттик, чарбалык ишкерлер чыккан. 252 окуучу окуйт, 20 мугалим иштейт (1998).

Таш-Добо орто мектеби, Сүйүмбаев Акматбек атн. айылда. Бул мектеп «Күрүчбек медресесинен» өсүп-жетилип, 1930-46-ж. «Таш-Дөбө» башталгыч мектеби болуп уюштурулган. Анда Тойматов Эсенгул, Байөмүров Жумалы, Сатылганов Самудин, Айдаралиев Шакел мугалим болуп иштеген. Ал 1946-62-ж. жети, 1962-71-ж. сегиз жылдык, 1972-жылдан орто мектеп болгон. Мектеп директорлору: Ыбыкеева Зейне (1946-47, 1953-55), Касымкулов С. (1947-52), Молдокеев Асылбек (1956-60), Кенжегулова Ш. (1962-66), азыр директору Б.Зарылов. Мектепте узакка иштеген ардагер мугалимдер: Абдрасулова Жуман, Абдрахманов Асанкан, Молдобеков Сапарбек, Ниязов Касымбай, Керимбеков Асанкан, Калиев Садык, Симонова З.А, Айдаров Н., Асанова К., өмүркожоева Ж., Жумаева Э. ж.б. 1997/98-окуу жылында 422 окуучу окуган, 37 мугалим иштеген.

Ш.Садыбакасов атындагы орто мектеп. Баш-Кууганды айылында. 1927-ж. Жол-Кара участкасында башталгыч мектеп катары ачылган. Алгачкы мектеп жетекчиси Абдысалам молдо. 1937-жылдарда айылдар ирилештирилгенде Кол-Арык участкасына мектеп курулган. Директору Түгөл-Сайлык Аркабай болгон. 1939-ж. мектеп 7 жылдыкка айландырылган. Директору Бакиров Турсалы. 1958-ж. Баш-Кууганды айылына ашар ыкмасы м-н 8 жылдык мектеп салынган. Директорлору: *Токтобеков* Акматбек, Осмонов Касымалы, Шыкмамбетов Насыркан, Турсуналиев Мөкүш. 1964-ж. орто мектепке айландырылган. Директорлору: Дүйшекеева Жумакан, Осмонов Эсенгул, Токтобеков Акматбек, 1992-жылдан Турдубаев Жолдошбек. Мектепке 1992-ж. жазуучу, драматург Шатман Садыбакасовдун ысымы ыйгарылган. 1997/98-окуу жылында 493 окуучу окуп, 42 мугалим иштеген.



Мидин А

МЕНДЕБАИРОВ Кенжекул (7.11.1946-ж.т., Кайырма айылы) – артист, обончу, Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1986). 1970-78-ж. Жумгал р-ндук маданият үйүнүн артисти, «Бекбекей» ырбий ансамблинин солист-бийчиси, 1978-93-ж. Нарын облустук М.Рыскулов атн. музыкалуу драма театрынын, 1993-жылдан Кыргыз мамлекеттик жаштар театрынын артисти. Аткарган ролдору: Тихон («Добул», А.Островский), Эдгар («Король Лир», У.Шекспир), Свидригайлов («Кылмыш жазасы», Достоевский), Акон («Ханума», Цагарели), Пазилахун («Бир каттын сыры», Ш.Эсенгулов), Македонский («Балдар бойго жеткенде», М.Байжиев), доктор («Унутулган адам», Назым Хикмет) ж.б. 50дөн ашык образдарды жараткан. 80ден ашык обону бар. Белгилүүлөрү: «Сыргажан», «Бир кызга», «Туулган жерди сагынуу», «Карап турдум караан үзгөн жолунду» ж.б. Бир нече спектаклдердин музыкасын жазган.

МИДИН Алыбаев (7.11.1917, Чаек айылы – 1959, Бишкек) – Кыргыз журтчулугуна белгилүү акын, сатирик ж-а драматург. 1931-ж. педтехникумда, 1935-36-ж. Бишкек шаарын-дагы комсомол кызматкерлеринин бир жылдык курсунда окуган. Чыгарма-чылык иши 1934-ж. башталган. 1936-38-ж. «Ленинчил жаш» гезитинин редакциясында иштеген.

«Бактылуу жаштык» (1937), «Ырлар жыйнагы» (1938, 1947), «Ак чүч» (1957) деген ыр жыйнактары жарык көргөн. Акындын поэтикалык мурасы «Мидин» деген бир томдукка (1967) жыйналып басылган. Орус тилинде «Разговор с современником» (1958) деген ырлар назик лиризм м-н өткүр сатиралык пафосту, фольклор м-н профессионал адабияттын салттарын айкалыштыра билген. «В.В.Маяковскийге акындык отчөт» деген поэманын, бир канча очерк, ангемс, фельетондордун автору. «Курорттогу окуя», «Жантектин керээзи» ж.б. драмалык чыгармалары бар, чебер котормочу дагы. Ал куйкум сөздүн чебери, чукугандай сөз таап, аны ыр м-н куюлуштура сүйлөгөн акын катары белгилүү болгон. Ысымы Чаек айылынын бир көчөсүнө ж-а орто мектепке коюлган.

МИҢ-КУШ – суу, Көкөмерендин сол куймасы. Узундугу 47 *км*, алабынын аянты 728 *км*^{2}. Молдо-Тоонун түндүк капталынан башталып, нугу кууш, ортоңку ж-а төмөнкү агымында өрөөнү кеңейет. Негизинен булак (42%), мөңгү (28%), кар (25,4%) сууларынан куралат. Ири куймалары: Чамынды (узундугу 29 *км*), Туюк-Суу (13 *км*), Чоң-Таш (12 *км*). Жылдык орточо чыгымы 1,12 *м*^{3}*/сек*, эң көп чыгымы июнь-июлда, азы январь-февралда байкалат. Апрелде кирип, сентябрда тартылат. Алабында таш көмүр кени бар. Жээгинде Миң-Куш шаарчасы, Сары-Булак айылы жайгашкан.

МИҢ-КУШ – шаарча. 1949-ж. негизделген. 1953-жылдан шаарча, Кабак уран рудасын казып алууга байланыштуу курулган. Райондун түштүк бөлүгүндөгү Миң-Куш кууш өрөөнүнөн орун алган. Түндүгүнөн Кабак-Тоо, түштүгүнөн Молдо-Тоо кырка тоолору м-н курчалган. Миң-Куш суусунун оң жээгинде (поселканын ж-а өрөөндүн аты ошондон). Рельефи тоолуу, жеринин бети батышты карай жантайып, адыр-күдүрлүү. Аймагы отун-энергетика, минерал-сырьө ресурстарына бай. Бишкектен 400, Нарындан 300 *км* аралыкта, Чаектен 56 *км* түштүктө, Балыкчы темир жол бекетинен 241 *км* түштүк-батышта. Деңиз деңгээлинен 2150 *м* бийиктикте. Аянты 82360000 *м*^{2}. Калкы 6573 адам, 1406 түтүн (1998); көп улуттуу. Негизинен кыргыз (81,5%, 1989-жылдагы эл каттоо б-ча), орус (14,7%), украин, татар, өзбек, казак, уйгур, дуңган ж.б. жашайт. Калктын 51%и өнөр жайында, калганы курулушта, транспорт м-н байланышта, соодада, өндүрүш эмес чөйрөдө ж-а менчик чарбада эмгектенишет. Миң-Куш «Оргтехника» акционердик коому, «Ак-Улак» көмүр тилкеси, нан заводу ж-а жылуулук электр борбору, «Аманат» транспорт, «Назик» соода акционердик коомдору ж.б. бар. Башка калктуу пункттар м-н автомобиль жолу аркылуу байланышат. 1997/98-ж. окуу жылында 3 жалпы орто мектеп (1470 окуучу, 72 мугалим ж-а тарбиячы), №24 кесиптик-техникалык окуу жайы (170 окуучу), 4 бала бакча (150 бала) болгон. Маданият үйү, 2 клуб, китепкана (15,0 миң нуска китеп ж-а журнал), балдардын музыкалык мектеби, спорт мектеби, спортзал, стадион, 70 орундуу оорукана, бейтапкана, тез жардам бөлүмү (8 врач, 45 медсестра), 600 номерлүү АТС, почта бөлүмү, соода мекемелери ж.б. бар. Шаарчада бардыгы 12 тейлөөчү мекеме иштейт. Аларда бардыгы 360 адам эмгектенет. Шаарчага Миң-Куш поселкалык өкмөтү жетекчилик жүргүзөт. Жетекчси К. Жээналиев.

МИҢ-КУШ БОТАНИКАЛЫК ЗАКАЗНИГИ. 1984-ж. кидик аммопиптантты сактап калуу максатында уюшулган. Чанактуу өсүмдүктөрдөн бийиктиги 0,5-1,5 *м* бадалдар, о.эле ыргай, шилби өсөт. Шыбак, ак кылкан, бетеге ж.б. жыш өсөт. Аянты 76,7 *га*.

МИҢ-КУШ ГЛИЕЖ КЕНИ Чаек айылынан 47-50 *км* түштүк-батыш тарапта, Молдо-Тоо м-н Эмел-Тоонун аралыгындагы Миң-Куш өрөөнүндө жайгашкан. Глиеж Кабак көмүр бассейнинин борбордук болүгүндөгү Ак-Улак, Туура-Кабак, Кашка-Суу, Миң-Куш, Көк-Мойнок кендеринде кездешет.

таш-глиеж майда бүртүкчөлүү, жол-жол чмгилдүү. Күрөң, сыргыч күрөң, ачык кызгылт ж-акызыл түстөрдө. Таш оной иштетилип, жакшы сайкалданат. Майда жаракалар м-н 2-4 *м³/ге* чейинки болүкчөлөргө ажыраган.

МИҢ-КУШ КӨМҮР КЕНИ Миң-Куш шаарчасынан 10 *км* чыгыш тарапта, Молдо-Тоо м-н Кабак-Тоонун арылыгындагы Миң-Куш өрөөнүндө жайгашкан. Көмүр жергиликтүү элге өзелтсн белгилүү. 1956-60-ж. ж-а 1973-77-ж. геологиялык изилдоо ж-а лгындоо жүргүзүлүп, көмүрдүн запасы аныкталган. Кабак көмүр бассейнинин борбордук бөлүгүнон орун алган. Бул аймакта негизинен юра мезгилинде пайда болгон көмүрлүү чөкмө тоо тек катмарлары жатат. Алар чопо, алевролит, арганит, кумдук, гравелит ж-а көмүр кабаттарынан турат. Тоо тек катмарлары татаал антиклиналь ж-а синклиналдык бүктолүүлөрдү түзөт. Кен «Батыш» ж-а «Чыгыш» деп аталган эки участкага болүнөт. Көмүр кабаттарынын саны 10го жетет, калыңдыгы 1,04-22,54 *м*. Көмүр жогорку сапаттуу, күкүрттүү ж-а күлү аз. Мындагы көмүрдүн 600 *м* терендикке чейинки жалпы запасы C_2 категориясы б-ча 58186 миң *т*.

МИҢ-КУШ «ОРГТЕХНИКА» АКЦИОНЕРДИК КООМУ (Миң-Куш шаарчасы, Совет көчөсү, 7). 1970-ж. июлда рудниктин базасында Миң-Куш «Оргтехника» заводу катары уюштурулуп, пайдаланууга берилген. Ошол учурда анын карамагында ТЭС, автобаза, турак-жай ишканасы, 800 номерлүү АТС, жалпы аянты 47980 *м²* өндүрүш корпустары, жалпы аянты, 65400 *м²* үй массивдери, 800 орундуу 3 клуб, 300 орундуу 5 ашкана, 2 мончо, 6 балдар комбинаты, китепкана, 3 клуб, спорткомплекси, 25 орундуу пансионат, 180 орундуу пионер лагери, 150 орундуу ооруканасы болгон. Заводдо 1971-ж. шариктүү жазуу түйүндөрүн чыгаруучу, механикалык оңдоо ж-а аспап чыгаруу цехтери ачылган. Жогорку технологиялуу швейцариялык станоктор орнотулган. Балыкчы шаарында филиалы ачылган. 1973-ж. түстүү таштарды кырдоо цехи, 1978-ж. ошол зле цехтин базасында «Конструктордун иш орду – МККГУ», «Технологдордун иш орду – МТК-2» даярдоочу жыгач иштетүү цехи ачылган. 1981-ж. курулуш-монтаждоо башкармасы түзүлгөн. 1982-ж. ал цех фломастер, шариктүү калем сап чыгаруучу цехке реконструкцияланган. Түстүү карандаш чыгаруу цехи иштей баштаган. 1985-ж. 61746 миң даана фломастер, 251 млн даана калем саптын өзөгүн чыгарган. 1986-ж. Кыргыз ондүрүш бирикмеси болуп түзүлүп, ага «Оргтехника» заводу, Балыкчыдагы филиалы ж-а курулуш-монтаждоо башкармасы кирген. Бирикмеде 2110 адам иштеген. 1993-ж. июнда «Миң-Куш» акционердик коому, 1995-жылдын декабрынан мамлекеттик акционердик коом болуп уюшулган. 1996-жылдын октябрынан бул коом коллективдин менчиги. «Оргтехника» заводунан 1993-ж. ТЭС, автобаза, 1995-ж. курулуш-монтаждоо башкармасы, 1996-ж. АТС, турак-жай комбинаттары өз-өзүнчө мекеме катары бөлүнүп чыккан. «Оргтехника» АКсы калем саптын түргүн, калем саптын өзөгүн, фломастер, эсептоо таякчаларын, сызгыч-транспортир, бор, электр эсептегичтери үчүн пломб ж.б. чыгарат. Айыл чарба тетиктерин жасайт, ремонт ишин жүргүзөт. 1997-ж. 10,5 млн сомдук продукция чыгарган. 360 киши иштейт (1998).

МИҢ-КУШ №44 ӨРТКӨ КАРШЫ БӨЛҮГҮ. 1953-ж. өртко каршы команда деген ат м-н уюшулган. өртко каршы күрөшүү ж-а алдын алуу иштерин жүргүзөт. Нарын облустук мамлекеттик өртко каршы кызмат бөлүмүнө баш иет. 4 автомашинасы бар, 20 адам иштейт (1998). Бөлүктүн башчылары Кошелев (1953-59), Емельянов (1959-62), Сафонов (1962-63), Ушаров (1963), Дунаев (1964), Султаналиев Токон (1969-76), Доконалиев Абылмечин (1976-88), Исраилов Жумадил (1988-93), Матеков Талгат (1995-97), 1998-жылдан Кулманов

Болот.

МИҢ-КУШ ӨРӨӨНҮ Ички Теңир-Тоодо.

Молдо-Тоо м-н Кабак-Тоонун аралыгында деңиз деңгээлинен 1400-3300 *м* бийикте жайгашкан. Узундугу 36 *км*, туурасы 2 *км*. өрөөндүн башы Доңуз ашуусуна барып такалат. Негизинен кеңдик багытында. Миң-Куш шаарчасынан бир аз батышыраакта түндүк-батышты карай имерилет да, төмөн жагында кайрадан кеңдик багытка өтөт. Туюк-Суунун чатынан төмөн капчыгайга айланат. өрөөндү курчап турган тоолордун салыштырмалуу бийиктиги 1500-2100 *м*ден ашык. өрөөн Көкөмерен тибиндеги симметриялуу ичке, тар ойдундарга кирет. Төмөн жагы м-н сол өйүзүндө неоген-палеогендин кумдук, чопо, мергель, алевролит; юра мезгилинин конгломерат, аргиллиттери, көмүр кабаттары кездешет. Молдо-Тоо жагында астынкы карбондун сланец, кумдук, акиташ тектери, Кабак-Тоо тарабында гранит тектери жатат. *Миң-Куш глиеж кени* ж-а *Миң-Куш көмүр кени бар*. Климаты континенттик. Январдын орточо температурасы -11,8°, июлдуку 17°С. Жылдык жаан-чачыны 372 *мм;* 80 %тен ашыгы жаз, жай мезгилдерде жаайт. Негизги суусу – Миң-Куш (куймалары: Чамынды, Туюк-Суу, Чоң-Таш). Ландшафты өрөөндүн капталдарына жа бийиктикке жараша өзгөрөт. Тескей тарабын сейрек карагайлуу токой ж-а көбүргөн-шимүүр-каз тамандуу шалбаа (2500-3100 *м),* альп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (3100 *м*ден жогору), күнгөй беттерин бетеге-кылкан-шыбактуу кургак талаа (1400-2100 *м*), кылкан-түркүн чөптүү талаа (2100-2500 *м*), жапалак арча, бадалдуу бетеге-түркүн чөп-шалбаалуу талаа (2500 *м*ден жогору) ландшафттары ээлейт. Карагай токою да бар. Капчыгайда, суу бойлорунда терек, тал, кайың, жийде, баш жагында четин өсөт. өрөөн негизинен жайыт, кыштоо (Туюк-Суу, Кара-Күнгой, Ак-Улак, Кызыл-Сөөк, Кереге-Таш, Талды-Булак, Кашка-Суу, Зындан, Сасык-Таш ж.б.) ж-а токой чарбасында пайдаланылат. Кууш кокту-колоттору өтө көп болгондуктан, аталышы Миң-Кууш деген сөздөн келип чыккандыгы ж-до пикирлер бар. өрөөндүн бир тарамы Миң-Бугу аталат. Ага Тогуз-Торо, Кара-Кечүү, Туюк-Суу майда белдери аркылуу каттайт. Аталышы бугунун көп мекендегенинен келип чыкканы айталат. өрөөндө *Миң-Куш* шаарчасы, Сары-Булак айылы жайгашкан. Миң-Куш–Чаек–Бишкек жолу өтөт.

МИҢ-КУШ ПОСЕЛКАЛЫК ӨКМӨТҮ, к. *Миң-Куш (шаарча).*

МИҢ-КУШ ТУРАК-ЖАЙ КОММУНАЛДЫК КОМБИНАТЫ. 1996-ж. 1-январда «Оргтехника» заводунан өз алдынча мекеме болуп бөлүнүп чыккан. Көп тармактуу жарым-жартылай өндүрүш мекемеси болуп эсептелет. Негизинен шаарчадагы ичүүчү суу, канализация, автоунаа кызматы, 2 бала бакча, 2 клуб, мейманкана, жатаканаларды тейлейт. 1997-ж. «Кереге-Таш» суутоптомосу ишке берилип, 16 аянтчанын эли таза суу м-н камсыз болгон, 1568 *м* узундуктагы борбордук суу линиясы тартылган. Комбинат 1997-ж. июндан республикага түз баш иет. 91 киши иштейт. Директорлору: Айдаралиев Токтобек (1996-97), 1997-ж. марттан Шоконова Замира Капасовна.

МИҢ-ТЕКЕ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Көк-Ой айылынын чыгыш жак чет-жакасында жайгашкан. 74 таш дөбө-мүрзөдөн турат. Бийиктиги 0,1-2,5 *м*, диаметри 4-25 *м*. Айрым дөбө-коргондор байыртадан эле казылып, буюм-тайымдарын алып кеткендиги байкалат. Ири дөбө-коргондору таш дубал м-н тегерете курчалган. Көрүстөндүн батыш бөлүгүндөгү таштарда тоо текелердин ж-а төөлордүн сүроттөрү, уута чыккандагы көрүнүштү чагылдырган, ондогон сүроттор табылган. Б.з.ч. 7-га – б. 3-кна таандык. Казуу иштери жүргүзүлгөн эмес.



Модубаев И



Молдалиев А



Молдалиева А

МОДУБАЕВ Исмаил (1911-74-ж.ж. Кызыл-Жылдыз айылы) Коллективдештирилген чарбага мүчө болуп кирген (1925-ж.) Жумгал райондук, айылдык Кеңешке катчы болгон (1934-35-ж.ж.) Башталгыч мектепте мугалим болуп элдин кат сабатсыздыгын жоюуга активдүү катышкан, мектептин курулушуна жетекчилик кылган (1935-38-ж.ж.). 1938-ж. Бишкектеги айыл чарба техникумун кызыл диплом м-н бүтүргөн. (1941-ж.ж.) Партиянын райкомунун нускоочусу, Кызыл-Жылдыз колхозунун башкармасынын Төрагасы (1942-48-ж.ж.) Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин I чакырылышынын депутаты (1938-48-ж.ж.) Канттагы жетекчи кадрларды даярдоо курсун окуп бүткөн (1948-49-ж.ж.) Райондук Кеңештин Төрагасы болгон. (1950-51 ж.ж.) Кызыл-Жылдыз айыл Кеңешинин Төрагасы (1951-58-ж.ж.) Чаек колхозунда жылкы ферма башчысы (1959-65-ж.ж.) Комплекстүү бригаданын бригадири (1961-65-ж.ж.) болуп иштеген ж-а ардактуу эс алууга чыккан.

МОЛДАЛИЕВ Абдыхалил (Акал) (1931-ж.т., Суусамыр айылы) – райондук аксакалдар сотунун 1-төрагасы. 1955-ж. КМУну, 1969-ж. Алматыдагы партиялык жогорку мектепти бүткөн. 1952-жылдан Кайырма орто мектебинин директору, Чолпондогу мектеп интернаттын 1-директору, Жумгал райкомунда инструктор, бөлүм башчы, «Чаек» колхозунда парткомдун катчысы, Кыргызстан КП Жумгал райкомунда партиялык комиссиянын Төрагасы болуп иштеген, Сөздү чебер сүйлөй билген, чечен, Эл Мугалими, Молдалиев Абдыхалил партиялык жана советтик коомдук ишмер гана эмес, ал кыргыз элинин тарыхый жолун мыкты билген изилдөөчү, публицист, жазуучу экендиги, анын «Байзак баатыр» (1998), «Ала-Тоонун асылзат айымдары» (2001) аттуу көркөм адабий китептеринен корүнүп турат. Анын тарбиялануучулары ондогон мыкты эл билген ишмерлер бүгүнкү күндө Ата-Журтубуздун ар кыл кызматтарында эмгектенишет. 1991-жылдан аксакалдар сотунун Төрагасы. Райондук советке 30 жыл депутат болуп шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган. Медалдар менен сыйланган. Кыргыз Республикасынына өзгөчө эмгек сиңирген пенсионер болгон.

МОЛДАЛИЕВА Алма (1932-ж.т., Кочкор р-ну, Кызыл-Дөбө айылы) – партиялык коомдук ишмер. 1952-ж. КМУну бүткөн. 1952-65-ж. Кайырма, Чаек орто мектептеринде, Кочкор р-нунун Чолпон мектеп-интернатында мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1965-76-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун катчысы, 1976-87-ж. Чаек айыл кеңешинин төрайымы болуп иштеген. Райондук Советке 30 жыл үзгүлтүксүз депутат болуп шайланган. Бардыгы болуп партиянын идеология боюнча катчысы болуп 11 жыл, советтик кызматтарда 12 жыл үзүрлүү эмгектенген. Мыкты педагог, насаатчы, андан тарбияланган ондогон жазуучу, акындар, драматургдар бар. Медалдар м-н сыйланган. Аялдар Кеңешинин орунбасары, "Эл агартуунун отличниги" Чаек айыл өкмөтүнүн Төрайымы болуп турганда жакшы жетишкендер үчүн Республиканын Өтмө Кызыл Туусун Нарын облусу б-ча биринчилерден болуп алган (1984ж.). "Нарын облусунун ардактуу атуулу" наамын алган (2003ж.)Кыргыз Республикасына өзгөчө эмгек сиңирген пенсионер.



Молдалиев Ш



Молдобеков Д



Молдобеков Ж



Молдокадыров А

МОЛДАЛИЕВ Шайлобек (1933-ж.т. Чоң-Дөбө айылы) Бишкектеги мугалимдер институтун (1951-ж.) ОГПИни сыртта окуп бүткөн (1966-ж.) Чоң-Дөбө мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы (1951-ж.) директору болуп иштеген (1969-87-ж.ж.) Лениндин 100 ж. юбил. медалын алган. «Эл агартуунун отличниги».

МОЛДАЛИЕВ Кемелбек Игембердиевич (17.2.1930-ж.т., Сары-Камыш айылы) – «Ардак Белгиси» орденинин ээси (1971). 1955-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1955-58-ж. Дыйканчылык институтун-да, 1958-60-ж. аспирант, 1960-71-ж. Кыргыз ССР ИАнын топурак таануу институтунда кенже илимий кызматкер, лаборатория башчысы, 1971-93-ж. «Кыргызгипрозем» долбоорлоо институтунда экспедиция начальниги. СССР айыл чарба отличниги (1982). Бишкек шаар кеңешине депутат болуп шайланган (1957-59). Органикалык ж-а минералдык жер семирткичтерди пайдалануу, кыртыш таануу, жерди картага түшүрүү ж.б. б-ча илимий иштерди жүргүзгөн. 2 китеби, 10дон ашык эмгеги жарык көргөн. Топурак таануучулардын бүткүл дүйнөлүк X конгрессинин (1984), СССР топурак таануучуларынын сүезддеринин делегаты. Медалдар м-н сыйланган.

МОЛДОБЕКОВ Дөөлөтбай (1911-ж.т., Таш-Дөбө айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин үч жолку депутаты (1947-59). «Совет» колхозунда башкарманын төрагасы болуп иштеген. «Эмгек Кызыл Туу» ордени м-н сыйланган.

МОЛДОБЕКОВ Жаңыбай (5.5.1936-ж.т., Байзак айылы) – «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси (1973). 1961-ж. айыл чарба техникумун бүткөн. 1956-58-ж. Ленин атн. колхоздо чабан, 1961-62-ж. агроном, 1971-94-ж. талаачылык б-ча бригадир болуп иштеген. 1971-ж. бригада б-ча 400 *га* дан эгинден 47 *ц*ден, 317 *га* көп жылдык чөптөн 87 *ц*ден, 1972-ж. 417 *га* эгинден 48 *ц*ден, 311 *га* көп жылдык чөптөн 93 *ц*ден, 1973-ж. 417 *га* эгинден 50 *ц*ден, 311 *га* көп жылдык чөптөн 92 *ц*ден түшүм алган.

МОЛДОКАДЫРОВ Алыбек (1934-ж.т. Куйручук айылы) Үзгүлтүксүз чабан болуп иштеген (1956-92-ж.ж.) «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери, бир нече медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Кыргызстан КПнын XVI съездинде делегат, айылдык, райондук Кеңештерге бир нече жолу депутат болгон.

МОЛДОКЕЕВ Асылбек (8.3.1929-ж.т., Кайырма айылы) – Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси. 1948-ж. Кыргыз мамлекеттик мугалимдер институтун, 1951-ж. КМУнун тил ж-а адабият факультетин бүткөн. 1951-54-ж. Суусамыр, 1947-ж., 1954-55, 1959-63-ж. Кайырма, 1955-59-ж. Таш-Дөбө орто мектебинде директор, 1963-77-ж. Ленин атн. колхоздун башкармасынын төрагасынын орун басары, партиялык уюмдун катчысы, 1977-84-ж. Кайырма айыл советинин төрагасы болуп иштеген. Көптөгөн медалдар, КыргызССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н да сыйланган.

МОЛДО-ТОО – Ички Теңир-Тоодогу кырка тоо. Жумгал ж-а Нарын КМУнун тил-адабият факультетин бүткон. 1952-59-ж. Нарын мугалимдер институтунда мугалим, 1959-61-ж. Нарын, 1961-62-ж. Ат-Башы мектеп интернатынан директору, 1962-69-ж. Окуу бөлүмүнүн



Момбаева З

районорунун аймагында. Нарын дарыясынын оң, өйүзүндө, анын меридиандык имерилишинен чыгышты карай Куртка суусуна чейин 110 *км* ийилип созулат. Туурасы 26 *км*, орточо бийиктиги 3600 *м*, эң бийик жери 4185 *м*. Бир-бирине жарыш жаткан кыркалардан турат. Жону чыгышында түзөң, айдөөш, батышында негизинен тик, чоку-аскалуу, ортоңку бөлүгү (Кара-Кечүү суусунун башында) бийик. Капталдары батышында негизинен тик; Көкөмерен ж-а Нарын өрөөндөрүнө караган беттери терең кокту-колоттуу, капчыгайлуу. Чыгышында Жумгал ж-а Нарын өрөөндөрүн карай жантайыңкы. Ашуулары: Чамынды (3184 *м*), Кен-Арык (3524 *м*), Ак-Тайлак (3400 *м*), Боз-Айгыр (3660 *м*), Сулу-Куртка (3368 *м*), Узун-Булак (3126 *м*). Негизинен ортоңку палеозойдун акиташ теги, мрамор, филлит, кварцит, диабаз, конгломерат; этеги неоген-антропогендин кум, чопо тектеринен турат. Чакан мөнгүлөр кездешет. Көмүр, полиметал ж.б. кендери бар. Тоо-нун күнгөйүнө жарым жол ж-а кургак талаа (2300 *м*ге чейин), арча, бадалдуу талаа ж-а шалбалуу талаа (2300-3000 *м*), субальп ж-а шалбаалуу талаа (3000-3600 *м*), тескейине, батыш тоо этегине бадалдуу кургак талаа ж-а талаа, чыгышына сейрек карагайлуу токой ж-а шимүүрказ тамандуу шалбаа (3000 *м*ге чейин), альп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (3500 *м*ге чейин), андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жайыт.

Молдо-Тоо м-н Кабак-Тоонун аралыгында деңиз деңгээлинен 1400-3300 *м* бийикте жайгашкан. Узундугу 36 *км*, туурасы 2 *км*. өрөөндүн башы Доңуз ашуусуна барып такалат. Негизинен кендик багытында. Миң-Куш шаарчасынан бир аз батышыраакта түндүк-батышты карай имерилет да, төмөн жагында кайрадан кендик багытка өтөт. Туюк-Суунун чатынан төмөн капчыгайга айланат. өрөөндү курчап турган тоолордун салыштырмалуу бийиктиги 1500-2100 *м*ден ашык. өрөөн Көкөмерен тибиндеги симметриялуу ичке, тар ойдуңдарга кирет. Төмөн жагы м-н сол өйүзүндө неоген-палеогендин кумдук, чопо, мергель, алевролит; юра мезгилинин конгломерат, аргиллиттери, көмүр кабаттары кездешет. Молдо-Тоо жагында астынкы карбондун сланец, кумдук, акиташ тектери, Кабак-Тоо тарабында гранит тектери жатат. *Миң-Куш глиеж кени* ж-а *Миң-Куш көмүр кени бар*. Климаты континенттик. Январдын орточо температурасы -11,8°, июлдуку 17°С. Жылдык жаан-чачыны 372 *мм;* 80 %тен ашыгы жаз, жай мезгилдерде жаайт. Негизги суусу — Миң-Куш (куймалары: Чамынды, Туюк-Суу, Чоң-Таш). Ландшафты өрөөндүн капталдарына ж-а бийиктикке жараша өзгөрөт. Тескей тарабын сейрек карагайлуу токой ж-а көбүргөн-шимүүр-каз тамандуу шалбаа (2500-3100 *м*), альп шалбаасы ж-а шалбаалуу талаа (3100 *м*ден жогору), күнгөй беттерин бетеге-кылкан-шыбактуу кургак талаа (1400-2100 *м*), кылкан-түркүн чөптүү талаа (2100-2500 *м*), жапалак арча, бадалдуу бетеге-түркүн чөп-шалбаалуу талаа (2500 *м*ден жогору) ландшафттары ээлейт. Карагай токою да бар. Капчыгайда, суу бойлорунда терек, тал, кайың, жийде, баш жагында четин өсөт. өрөөн негизинен жайыт, кыштоо (Туюк-Суу, Кара-Күнгөй, Ак-Улак, Кызыл-Сөөк, Кереге-Таш, Талды-Булак, Кашка-Суу, Зындан, Сасык-Таш ж.б.) ж-а токой чарбасында пайдаланылат. Кууш кокту-колоттору өтө көп болгондуктан, аталышы Миң-Кууш деген сөздөн келип чыккандыгы ж-дө пикирлер бар. өрөөндүн бир тарамы Миң-Бугу аталат. Ага Тогуз-Торо, Кара-Кечүү, Туюк-Суу майда белдери аркылуу каттайт. Аталышы бугунун көп мекендегенинен келип чыкканы айталат. өрөөндө *Миң-Куш* шаарчасы, Сары-Булак айылы жайгашкан. Миң-Куш—Чаек—Бишкек жолу өтөт.

МОМБАЕВА Зууракан (1930, Москва р-ну, Чоң-Арык айылы — 8.8.1983, Чаек айылы) — Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1967). 1952-ж.



Муктарбеков М



Муктасов М

башчысы, 1969-76-ж. Ленин атн. орто мектепте мугалим, 1976-79-ж. Ак-Талаа р-нунун Ломоносов атн. орто мектебинде мугалим, 1979-82-ж. Чаек айылындагы Мидин Алыбаев атн. орто мектепте мугалим болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку кеңешинин депутаты (1963-67). Эл агартуу отличниги. Бир канча жолу жергиликтүү советтерге депутат болуп шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1967) ж-а медалдар м-н сыйланган.

МУЗЫКАЛЫК МЕКТЕП,
к. *Чаек балдар музыкалык мектеби.*

МУКТАРБЕКОВ Муратбек (1959-ж.т. Жаңы-Арык айылы) КМУнун механико-математика факультетин (1976-1981-ж.ж) бүтүргөн. 1981-85-ж.ж. Жумгал районундагы Тыналы атын. орто мектебинде математика мугалими, тарбия берүү боюнча директордун орунбасары, 1987-99-ж.ж. директору, А. Идинов атын. орто мектептин директору (1999-2002-ж.ж.) Жумгал райондук билим берүү бөлүмүндө башкы адис, 2002-ж. Р. Солтонбеков атын. орто мектебинде директор болуп иштеп келе жатат. Кыргызстан мугалимдеринин VI съездинин делегаты (1986-ж.). Кыргызстандын чыгармачыл мугалимдеринин 9-слетунун катышуучусу (1991-ж.) Кыргыз Республикасынын билим берүү ж-а маданият министрлигинин ж-а илимий мекемелеринин кызматкерлеринин профсоюзунун республикалык комитетинин Ардак грамотасы м-н сыйланган (1986-ж.). Эл депутаттарынын Жумгал райондук Кеңешинин депутаты (2 жолу) ж-а 3 жолу айылдык Кеңешинин депутаты, 1997-ж. «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» белгиси м-н сыйланган.

МУКТАСОВ Молдокмат (1936-ж.т.) 1957-ж. Фрунзе университетин бүтүргөн. Ошондон бери мектептерде математика мугалими болуп иштейт. «Эл Агартуунун отличниги». Лениндин 100 ж. юбил. медалын алган. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими». Азыр персоналдык пенсияда.

МУНАЙЗАТ ИШКАНАСЫ
(Чаек айылы, Совет көчөсү, 11). 1929-ж. уюшулган. 1969-ж. реконструкцияланган. Балыкчы темир жол бекетинен 180 *км* аралыкта жайгашкан. Аянты 2,5 *га*. Мында 1000 $м^3$ күйүүчү ж-а майлоочу майлар сакталат. Райондун чарбаларын, менчик машиналарды, мамлекеттик мекемелердин автомашиналарын күйүүчү ж-а майлоочу майлар м-н камсыз кылат. Акимдери: Курманов Акмат (1948-58), Чылпаков Боронбай (1958-64), Галимов Шакир (1964-68), Жумабеков Совхоз (1968-73), Борбушалиев Шакиралы (1973-78), Көчөрбаев Кубанычбек (1978-81), Калмурзаев Аскар (1974-90), Сыдыков (1990-92), Жээналиев Көчөк (1992-93), 1993-жылдан Ибраимов Насыпбек.

МУРАТААЛЫ УУЛУ Камердин (1904, Чаек айылы – 1988, ошол эле жер) – зергер ат жабдыктарынын чебери. 16 жашынан айыл чарба артелинде иштеген. Ээрди өзүнө гана таандык өзгөчө ыкмалар м-н кармайт, улуттук оюндар үчүн ынгайлаштырылган ээр чапкан. Ат жабдыктарын түстүү металлдар м-н шөкөттөйт. Кол булгары (көн) ийлеп, өтүк да ултарган.

МУРАТАЛИЕВ Аскералы (1942-ж.т.) 1970-ж. «Демилге» газетасында бөлүм башчы, «Билим» коомунун жооптуу катчысы, партиянын райкомунун


Мураталиев Т

инструктору, облусттук газеталарда кабарчы (1982-86-ж.ж) айыл чарба кызматкерлеринин райондук профсоюз уюмунун Төрагасы болгон. СССР журналистер союзунун мүчөсү.

МУРАТАЛИЕВ Кыдыраалы (1906, Кара-Жээк айылы – 19.5.1979, ошол эле жер) – жомокчу, чарба жетекчиси, Чоң атасы Оторалыдан араб тилинде окуган. 1934-ж. уюшулган «Кара-Жээк» колхозунун алгачкы башкармасынын төрагасы, 1935-36-ж. дүкөнчү, кийин бригадир болуп иштеген. Анын айтуусунда бир нече жомок «Кыргыз эл жомоктору» деген китепке киргизилген. «Манас» эпосунун бир варианты анын айтуусунда жазылып алынган (жарык көрө элек, Кыргыз УИАда сакталуу).

МУРАТАЛИЕВ Тентимиш (18.9.1950-ж.т., Ак-Татыр айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1993), Кыргыз Республикасынын Эл артисти (2004-ж.), доцент (1991), профессор (1998). 1969-ж. Мураталы Күрөңкөй уулу атн. музыкалык окуу жайын, 1974-ж. Мухтар Ашрафи атн. Ташкен мамлекеттик консерваториясынын эл аспаптар болүмүн бүткөн. 1974-80-ж. Б.Бейшеналиева атн. Кыргыз мамлекеттик искусство институтунда окутуучу, 1980-83-ж. маданий-агартуу иши факультетинин деканы, эл аспаптар кафедрасынын башчысы, институттун партиялык уюмунун катчысы, 1986-жылдан Мураталы Күрөңкөй уулу атн. музыкалык окуу жайынын директору, ошол эле учурда 1995-жылдан Кыргыз улуттук консерваториясынын эл аспаптар кафедрасынын башчысы. Устат катары 60тан ашык шакирт тарбиялаган, а.и. алтоо республикалык конкурстардын лауреаты. 1966-жылдан обончулар А.Атабаев, М.Рыскулбеков, Э.Мааданбековдун ж.б. чыгармаларын иштеп чыгып, З.Шаакеева, Г.Момушева, Э.Мойдунов ж.б.-дын аткаруусунда, 20дан ашык кыргыз, орус, өзбек, казак ж-а дүйнөлүк классиктердин (Н.Паганини, Тартини, Моцарт, Чайковский ж.б.) чыгармаларын өзүнүн ойноосунда радио ж-а телевидениенин алтын фондусуна жаздырган. Республиканын искусство чеберлери м-н көптөгөн чет өлкөлөрдө (Швеция, Дания, Швейцария, Италия, Германия, Сирия, Иордания, Мозамбик, Эфиопия, Туркия, Индия, Кытай ж.б.) гастролдо болгон. «Устат ж-а шакирти», «Комуз үчүн программа», «Сольфеджио» (А.Исраилова м-н), «Комузда ойноо окуу куралы» (1998) окуу китебинин, көптөгөн илимий-методикалык макалалардын автору. Эл аралык конкурстун I-даражадагы лауреаты (1974). Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган (1985) ж-а республикалык «Эмгек даңкы» китебине ысымы жазылган. "Жумгал районунун ардактуу атуулу"

МУРАТБЕКОВ Балбай (1884, Чаек айылы – 1938, Чоң-Таш, «Ата-Бейит») – коомдук ж-а мамлекеттик ишмер. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. 1918-ж. Пишкекте өткөн «Букаралар» сүездинин делегаты. 1919-ж. Нарын зонасы б-ча алгачкы «Кедейлер тобун» уюштурган. 1919-ж. Алматыда өткөн «Союз кошчу» сүездинин делегаты. Жер-суу реформасын жүргүзүүгө активдүү катышкан. 1921-жылдан Кочкор-Жумгал өрөөнү б-ча Жер бөлүмүнүн начальниги. 1922-жылдан Кочкор-Жумгал б-ча «Союз кошчунун» төрагасы. 1924-жылдан Нарын канткомунун 1-катчысы болуп иштеген. 1925-ж. Бишкекте өткөн Кыргызстан Советтеринин учредителдик-уюштуруу сүездинин делегаты. 1937-ж. 26-августта репрессияланып, 1938-ж. атылган. 1957-ж. акталган.

МУСА КЫЗЫ Бүбү Мариам (8.3.1950-ж.т., Мин-Куш шаарчасы) – элдик дарыгер. Атайын орто билимдүү. 30 жылдай чабан болуп иштеген. Бала



Мусабеков А



Мусабеков О



Мусаев А

кезинен эле сыйкырдуу кубулуштарды сезе билген. 1987-жылдан баштап элдик табып катары белгилүү болгон. 1995-жылдан алгачкы манасчы Жайсан Үмот уулу айткан «Манастын» эң биринчи вариантын кагазга түшүрө баштаган (медитация аркылуу). Анын негизинде жазуучу Ш.Эсенгул уулу «Жайсан» аттуу китепти (1-7-т., 1990-2002) жарыкка чыгарган.

МУСАБЕК (Карамолдо) Шамыркан уулу (1886, Багышан айылы – 1970, ошол эле жер) – райондо совет бийлигин орнотууга, колхоз түзүлүшүн курууга активдүү катышуучу. Жети жылдык мусулман мектебин бүткөн. 1916-жылдагы Улуу үркүнгө катышкан. 1925-29-ж. айыл кеңешинин катчысы төрагасы болуп иштеген. 1929-ж. «Багышан» колхозун уюштурууга активдүү катышкан ж-а анын эсепчиси, башкармасынын төрагасы болгон. 1941-50-ж. райондук суу чарба башкармасында суу техниги, 1981-60-ж. «Багышан» колхозунда малчы, текшерүү Комиссиясынын төрагасы болуп иштеген.

МУСАБЕКОВ Азизбек Обосбекович (14.10.1956-ж.т. Бишкек ш.) – экономика илимдеринин кандидаты (1998). 1979-ж. Кыргыз айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1979-95-ж. Дыйканчылык б-ча илимий-өндүрүштүк бирикмесинде улук агроном, Айыл чарба министрлигинин илим изилдөө институтунда илимий кызматкер, 1995-жылдан Финансы министрлигинин Экономика институтунда бөлүм башчы. Илимий ишинин негизги багыты агроөнөржайы комплексинин экономикасы ж-а айыл чарба экологиясы б-ча. Айыл чарбасы б-ча бир катар өкмөттүк программалардын авторлорунун бири.

МУСАБЕКОВ Обосбек (11.3.1929-ж.т., Багышан айылы – 2002, Бишкек ш.) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген экономисти (1983), экономика илиминин кандидаты (1965), доцент (1966). 1953-ж. КМУну бүткөн. 1953-54-ж. Ташкендеги Орто Азия университетинде окуган. 1953-60-ж. Кыргыз мамлекеттик медицина институтунда улук окутуучу, 1960-70-ж. Кыргыз айыл чарба институтунда доцент, декандын орун басары, 1970-91-ж. жетекчи кадрларды даярдоо ж-а кайра даярдоо боюнча проректору. 1991-ж. институтта КМШда биринчилерден болуи агробизнес мектебин уюштуруп, анын директору, 1993-ж. агробизнес факультетине негиз салган ж-а анын деканы болгон. 1994-96-ж. кафедра башчысы. 1994-жылдан Кыргыз айыл чарба академиясынын профессору. Кыргызстандын айыл чарба ишканаларынын жетекчилерин ж-а адистерин даярдоого чоң салым кошкон. Анын жетекчилиги менен 1970-91-ж. миңдеген жетекчи кадрлар ж-а адистер даярдоодон ж-а кайра даярдоодон өтүшкөн. Кыргызстандын айыл чарбасынын ж-а агрардык экономиканын проблемаларына арналган 70дей илимий ж-а усулдук эмгектин, 3 монография ж-а окуу китебинин автору. Кыргыз Респ-нын эл агартуу, СССР айыл чарбасынын, СССР жогорку мектебинин отличниги. Медалдар м-н сыйланган. Бишкек шаардык кеңешине 4 жолу депутат болуп шайланган (1972-80).

МУСАЕВ Абайылда (1923-ж.т.) Таш-Төбө, Түгөл-Сай айылдардын талаачылыгынын онүгүшүнө салым Жумгал району, Базар-Турук айылы) –



Мусаев Б



Мусаев Д



Мусаева Т

кошкон. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Согуштун, эмгектин ардагери. Жеңиштин орденинин, юбилейлик медалдардын ээси. Карга бий-олуя көзү ачык, Сазан олуя м-н замандаш болгон.

МУСАЕВ Болоткан Нурлукович (1950-ж.т., Чаек айылы) – Эл депутаттарынын Жумгал р-ндук кеңешинин төрагасы (1997-жылдан). 1972-ж. Бишкек политехника институтунун курулуш факультетин бүткөн. 1973-74-ж. Нарын облустук колхоздор аралык бирикмесинде улук инженер, 1974-86-ж. Мин-Куш «Оргтехника» заводунда капиталдык курулуш бөлүмүнүн инженери, ремонт-курулуш участогунун мастери, начальниги, комсомол комитетинин катчысы, коммуналдык турак-жай, капиталдык курулуш, пландоо-келишим бөлүмдүрүнүн, курулуш-монтаждоо бирикмесинин начальниги, 1986-92-ж. Эл депутаттарынын Жумгал райондук советинин аткаруу комитетиннн торагасынын орун басары, райондук пландоо комиссиясынын төрагасынын орун басары, төрагасы, райондук кеңештин аткаруу комитетинин, андан кийин райондук кеңештин төрагасынын онор жай, курулуш, транспорт ж-а байланыш иштери б-ча орун басары, 1992-94-ж. райондук Мамлекеттик акимчиликте башкы адис, 1993-97-ж. райондук жол тейлөө, ремонттоо, курулуш бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1996-ж. азыркы күнгө чейин Райкеңештин Төрагасы. «Жумгал районунун ардактуу атуулу».

МУСАЕВ Дүйшөнбек Нурлукович (1952-ж.) Экономист, юрист. Чегара кызматынын полковниги. КР «финансы-экономика кызматынын отличниги». 1970-ж. Бишкек Финансы экономикалык техникумун, 1976, КМУтин (экономист) 1983-ж. Алматыдагы партиялык жогорку мектепти, 1990-ж. КМУУтин (юрист) бүткөн. 1970-76-ж.ж. Жумгал рай. финансы бөлүмүндө инспектор, ага инспектор, бөлүм башчысынын орунбасары, Кыргызстан КП БКнын инструктору, уюштуруучу бөлүм, 1992-94-ж.ж. Сокулук рай. финансы бөлүм башчысы, рай. администрациясынын башчысынын орунбасары, 1994-97-ж.ж. Бишкек ш. Ленин рай. Мамлекеттик салык инспекциясынын начальниги, 1997-98-ж.ж. КР финансы министрлигинде башкармалыктын начальниги, 1998-2000-ж.ж. КР Соттор департаментинин директорунун орунбасары, 2000-02-ж.ж. КР финансы министрлигинин алдындагы Сокулук, Москва, Чүй, Кемин рай. финансы полициясынын начальниги, 2002-ж. бери КР чегара кызматындагы финансы-экономика башкармалыгынын начальниги. Жумгал, Сокулук рай. Кеңештерине депутат болуп шайланган, бир нече окуу-усулдук колдонмолордун авторлошу. Медалдар ж-а министрликтин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

МУСАЕВА Нурбүбү (1951-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – уз. Бишкек финансы экономикалык-техникумун бүткөн. 1983-ж. «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинин Кочкордогу бөлүмүн уюштурган. Кыргыз эл чеберлер союзунун «Белек» чакан өнөрканасын жетектейт. Шырдак жасайт, саймачы катары да белгилүү. Анын сайма, кийиз буюмдарынын айрымдары тарых, этнография музейлерине экспонат-талган. Көптөгөн кароо-сынактарга, көркөм көргөзмөлөргө катышкан. Кыргызстан эл сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1991).

МУСАЕВА Тепкедей (2.1.1923, Ат-Башы



Мусакожо Бектур уулу



Мусакожоев А



Мусакожоев Ш

р-ну, Баш-Кайыңды айылы – 9.10.1979,«Кыргыз ССРинин соодасынын ж-а коомдук тамактанусунун эмгек сиңирген кызматкери» (1967). 1973-ж. Бишкек кооператив техникумун бүткөн. 1939-42-ж. мугалим, 1942-45-ж, Нарын шаарында дүкөнчү, 1945-79-ж. «Кызарт» совхозунда дүкөн башчысы болуп иштеген. Соода маданиятын көтөрүүгө көп көңүл бурган, сооданын прогрессивдүү жаңы формаларын ишке киргизген. 4 жолу райондук (1972-76) ж-а Нарын облустук (1972-76) советтерине депутат болуп шайланган. «Советтик соода ж-а потреб-кооперация отличниги» (1964). 2 «Эмгек Кызыл Туу» (1971, 1974), Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары (1954, 1967) ж-а медалдар м-н сыйланган.

МУСАКОЖО Бектур уулу (1904, Базар-Турук айылы – 1975, ошол эле жер) – санжырачы, алгачкы агартуучулардан, чарба ишмери. Арабча сабаты ачылган. 1937-ж. Кочкор р-нундагы эл агартуу бөлүмүнүн астында ачылган мугалимдерди кайра даярдоо курсун, 1952-ж. Канттагы башкармаларды даярдоочу кыргыз айыл чарба орто мектебин бүткөн. 1937-41-ж. Жумгал р-нундагы Коспром, Лама, Жаңы-Арык мектептеринде мугалим, 1941-42-ж. жумушчу армияда, 1942-57-ж. «Базар-Турук» (кийин «Совет») колхозунун башкармасы-нын төрагасы, 1957-жылдан жылкы фермасынын башчысы болуп иштеген. Учурунда колхоздун экономикасын көтөрүүгө, райондогу алдыңкы чарбалардын катарына чыгышына зор күч жумшаган. Кыргыз элинин санжырасын мыкты билген, чебер айткан, сөзмөр, чечен адам болгон. "Элеттик сырттан Мусакожо" деген пьеса жазылган. (авт. А. Чекиров).

МУСАКОЖОЕВ Алмазбек (17.3.1969-ж.т., Бишкек ш.) – экономист Философия илимдеринин доктору (1999, Европалык калып боюнча). 1993-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1993-2001-ж. «Вертер», «АСИ», «Трансфер ЛТД» мекемелеринин директору болуп иштеген. 2001-ж. Англияда ишкерлердин окуусун окуп, 2002-жылдан чет өлкөлүк фирмада кызмат өтөйт.

МУСАКОЖОЕВ Шайлообек (28.10.1937-ж.т., Базар-Турук айылы) – экономист. Экономика илимдеринин доктору (1980), профессор (1984). Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген экономисти (1995). 1959-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1959-ж. Борбордук статистика башкармасын-да иштеген. 1961-64-ж. Ленинграддагы Н.А.Вознесенский атн. финансы-экономика институтунда аспирантурада окуп, 1964-ж. кандидаттык диссертациясын жактаган. 1964-74-ж. КМУнун экономика факультетинин деканы. 1974-76-ж. Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо комитетинде бөлүм башчы, 1976-93-ж. анын эсептөө борборунун директору, 1994-жылдан Кыргыз Респ-нын экономика министрлигинин Экономика илимий-изилдөө институтунун директору. Анын илимий эмгектери экономикалык маалыматтарды электрондук эсептеп чыгууда азыркы методдорду ж-а каражаттарды өндүрүшкө киргизүүгө арналган. Анын жетекчилиги м-н 1985-ж. эсептөө борборунун жамааты планды эсептөөнүн автоматташтырылган системасынын экинчи кезегин ишке киргизген. «Кыргыз Респ-нын 2000-жылга чейинки экономикалык ж-а социалдык өнүгүү концепциясынын», «Кыргыз Респ-нын өнөр жайлык саясатынын негизги багыттары»,



Мусакожоева А



Мусакожоева Б



Мырзабек Д

энергетиканы, айыл чарбасын өнүктүрүү ж.б. маанилуу окмоттук иш-чаралардын авторлорунун бири. Ал уюштурган эл чарбасын башкаруудагы экономика-математикалык моделдерди колдонуу, индикативдик пландаштыруу маселелери б-ча илимий багыт үзүрлүү өнүгүүдө. 200ден ашык илимий эмгектин (а.и. 20 монография ж-а брошюра) автору. Экономика илиминин докторлугуна даражаны жактоо б-ча адистештирилген кенештин Төрагасы. Анын жетекчилиги м-н экономика илиминин 25 кандидаты даярдалган. Республиканын «Эмгек данкы» китебине ысмы жазылган. Кыргыз Респ-нын Президентинин алдындагы реформаны маалымат м-н камсыз кылуу кенешинин мүчөсү. Кыргыз Респ-нын инженердик академиясынын академиги (1996). «Эл агартуу отличниги» (1969). Жаратылыш жана коом б-ча Россиядагы эл аралык илимдер академиясынын академиги (1997).

МУСАКОЖОЕВА Айгүл (18.09.1963-ж.т., Фрунзе ш.) – экономист. Экономика илимдеринин кандидаты (1991). КМУнун экономика факультетин бүткөн. Ленинграддагы Н.А.Вознесенский атн. финансы-экономика институтунда аспирантурада окуган. КМУда мугалим, 1995-2000-ж. ЮСАИД долбоорунда иштеп, Кыргызстандын Дүйнөлүк Соода Уюмуна (ВТОго) мүчө болушуна өзүнүн илимий салымын кошкон. АКШ Вашингтон штатынын университетинде 6 айлык мөөнөттө стажировкадан өткөн (1997). Азыр Немис-Кыргыз фирмасында кызмат өтөйт.

МУСАКОЖОЕВА Бермет (17.06.1973-ж.т. Фрунзе ш.) Экономист. Экономика илимдеринин кандидаты (2002-ж.) Диссертациясы «Баалуу кагаздарды өнүктүрүү – Кыргызстандын финансы рыногун жаңылоо» темасында жазылган Аспирантураны бүтүрү м-н диссертациясын жактаган. Азыр чет элден келүүчү инвестициялар б-ча Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинде Бүткүл дүйнөлүк долбоорунун директору болуп иштөөдө.

МУСТАЙ УУЛУ Бөөтай Аалы тегин (1.5.1947-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – сүрөтчү живописчи, Кыргыз Респ-нын сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү (1997), санжырачы. 1984-ж. Бишкек көркөм сүрөт окуу жайын бүткөн. 1979-жылдан Кыргыз Респ-нын сүрөтфондусунда, ошол эле учурда 1998-жылдан Г.Айтиевдин үй-музейинде иштейт. Көрүнүктүү живопис-тик чыгармалары: «Аялдар» (1975), «Дандырдын жанында» (1981), «Дандыр», «Турмуш ыргагы» (1988), «Айыл» (1989), «Колукту», «Коңур күз» (1997) ж.б. Бир катар коргөзмөлөргө катышкан. Кыргыз Респ-нын гербин тандоо сынагына, 1990-ж. Ысык-Көлдө өткөн санжырачылар конкурсуна катышкан. Санжыра б-ча көп жылдык иликтоонүн айрымдарын УИАнын Манас таануу жана көркөм маданият борборуна тапшырган, анын айрымдары, живопись м-н адабий көркөм дүйнөнүн жакындыгын көрсөткөн ырлары басма сөзгө жарыяланган. 1991-ж, «өмүр кочу-75» (үркүндүн 75 жылдыгына арналган) эскерүү жөө жүрүшүно катышкан.

МЫРЗАБЕК Дыйканбай уулу (1861, Жумгал өрөөнү – 1933, Чаек айылы) – манап. Жумгал элин 33 жыл башкарып, көп жолу болуш болуп шайланган. Кедей-кембагалдарга кайрымдуу болгон. 1916-ж. үркүндө Чаек элин качырбай алып калган. 1927-ж. кулакка тартылган. Атасы Дыйканбай, агасы Чойбек да болуш болгон. Чаекти көрктөндүрүүгө көп салым кошкон. Дыйканчылыкка көңүл бөлгөн. Жумгалда топурак ийлеп там салганды, чөптү чалгы м-н чапканды, бак тиккенди Мырзабек баштаган. Кийин Мырзабектин тиккен багынын ичине оорукана салынып, ошондон улам райборбор жайгашкан



Мырзабеков К



Мырсалиев Т

МЫРЗАБЕКОВ Кенешбек (1.5.1937-ж.т., Кочкор району, Кум-Дөбө айылы) – Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы (1978-80). "Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген куруучусу" (1993). 1959-ж. Бишкек политехника институтунун курулуш факультетин, Москвадагы жогорку партиялык мектепти (1972) бүткөн. 1959-66-ж. Тянь-Шань СМУсунда прораб, ага прораб, башкы инженер ж-а начальник. 1966-71-ж. Нарын шаардык Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1971-78-ж. Нарын облустук Аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасары, 1-орун басары, 1980-84-ж. төрагасы, 1984-86-ж. Айыл курулуш министрлигинде министрдин орун басары, 1986-88-ж. Кыргыз Респ-нын мамагроөноржайынын капиталдык-реконструкциялоо бирикмесинин начальнигинин орунбасары, 1988-жылдан Республикалык «Кыргызайылкурулуш» бирикмесинин Төрагасы. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1980-85). «Ардак Белгиси», «Эмгек Кызыл Туу» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

МЫРЗАКМАТОВ Акун (1914, Кайырма айылы – 1996, ошол эле жер) – Социалисттик Эмгектин Баатыры (1958). Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1939-46-ж. Ленин атн. колхоздун талаачылык бригадасынын бригадири, 1946-жылдан баш чабан. 1956-ж. ар түз тубар койдон 117ден козу, ар бир койдон 4 *кг* дан жүн алган. Ленин (1958), «Кызыл Жылдыз», «Эмгек Кызыл Туу»», 3-даражадагы Даңк ордендери м-н сыйланган.

МЫРЗАЛИЕВА Тынымкан (1928-1997-ж.ж. Ак-Талаа району, Коңорчок айылы). 1967-1974 ж.ж партиянын Нарын өкмөтүнүн мүчөсү. Бир нече жолу райкомдун мүчөсү (1967-1974-ж.ж) болгон. "Эмгек Кызыл Туу" ордени, Лениндин 100 ж. юбил. ж.б. көптөгөн медалдар м-н сыйланган. Чебер уз болгон. СССРдин 60-ж. юбил. көрсөтмөсүндө жасаган боз үйү I даражадагы дипломго ээ болгон.

МЫРСАЛИЕВ Токон (1924-ж.т. Куйручук айылы) Согушка катышкан. 1942- 46 ж.ж. Ички иштер бөлүмүнүн ар түрдүү оперативдик кызматтарында болгон. 1946-56 ж.ж. Облустук Кызылкрест коомунун Төрагасы, 1956-59-ж.ж. Жумгал совхозунда кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген Жумгал совхозунда ферма башчысы, директордун орунбасары, профком, экономист болуп иштеп келген (1960-84-ж.ж.) Ата-Мекендик согуштун 2-даражадагы ордени, ж.б. 7 медалы м-н сыйланган.

Жумгал райкомунда сектор башчысы кызматынан баштаган. 1978-87-ж.ж айыл чарба тармагында башкы экономист, 1987-88 ж.ж.райондук партия комитетинде инструктор, 1989-90-ж.ж. Чаек колхозунда парткомдун катчысы, 1990-95-ж.ж. турмуш-тиричилик комбинатта, Таш-Дөбө совхозунда директор, 1998-жылдан калкты иш м-н камсыз кылуу бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп келе жатат. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы м-н сыйланган.

Н



Надырбеков Ж



Насиров М



Насыранбеков О



Ниязалиев С

НАДЫРБЕКОВ Жантели (1933-ж.т. Жаңы-Арык айылы) 1951-1990-ж.ж. баш чабан болуп иштеген. «Эмгек Кызыл Туу» ордени, Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган. «9-беш жылдыктын ударниги», Мал чарбачылыгынын устаты болгон. Райондук, айылдык Кеңештерге депутат болуп шайланган.

НАСИРОВ Мисир (1947-ж.т. Чаек айылы). Эмгек жолун Жумгал автобазасында бухгалтерлик кызматтан баштаган. Жумгал автобазасында башкы бухгалтер, (1969-97-ж.ж.). 1997-ж «Кыргыз айылтехсервислизинг компаниясында» башкы бухгалтер, салык инспекциясында бөлүм башчы, 1999-ж. "Кыргызпочтасынын" Жумгал райондук почта байланыш түйүнүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Үзүрлүү эмгеги үчүн тармактык бөлүмдөрдүн Ардак граматалары м-н сыйланган.

НАСЫРАНБЕКОВ Осмонбек (1946-ж.т., Чаек айылы) – хирург, медицина илимдеринин кандидаты (1991), 1972-ж. КММИнин дарылоо факультетин бүткон. 1972-75-ж. Жумгал райондук борбордук ооруканасында хирург, башкы врачтын орун басары, 1975-85-ж. И.Ахунбаев атн. клиникада врач, бөлүм башчысы, 1985-94-ж. микрохирургия болүмүн жетектеген. 2000-жылдан КММАнын жалпы хирургия кафедрасынын доценти.

НИЯЗААЛЫ УУЛУ Субанбек (1899, Куйручук айылы – 1969, ошол эле жер) райондогу алгачкы мугалимдерден. Алгач арабча билим алган. 1927-ж. Бишкектеги мугалимдер курсун бүткон. 1927-жылдан «Ак-Чийде» (азыркы Куйручук айылы) Сатыбалды ажынын мечитине мектеп ачып, омүрбай уулу Шарип экөө бала окуткан, элдин күчү м-н 1933-ж. ж-а 1935-ж. эки мектеп курган. Согуш жылдары окуучуларга бекер тамак берүүнү уюштурган. Чынчыл, калыс, ишине жан-дили м-н берилген мугалим болгон. Согуш жылдары «Багышан» колхозунун кампачысы кызматын кошумча аткарып, элди ачкачылыктан сактоого зор улуш кошкон. 1927-56-ж. «Кызыл-Туу» колхозунда парторг, мектеп директору болуп иштеген. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги (1949).

НИЯЗАЛИЕВ Садыр (1922-97-ж.ж). Ак-Татыр колхозунда эсепчи, Чаек колхозунда башкарма болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан (1942-45-ж.ж.) Чаек колхозунда башкарма, парткомдун катчысы, бригадир болуп иштеген. СССРдин Грамотасы м-н 2 жолу сыйланган. Москвадагы айыл чарба көргөзмосүнө катышкан. Согуштун ж-а эмгек медалдары м-н сыйланган.

НОГОЙБАЕВ Келдибек (3.7.1928, Кызыл-Туу айылы – 1997, ошол эле жер) – 1941-жылдан колхоздо эмгектенген. 1954-ж. Нарын айыл чарба мектебин, 1967-ж. КМУнун экономика факультетин бүткон. 1955-79-ж. башкы бухгалтер, башкы экономист болуп иштеген.



Ногойбаев К



Ногойбаев О



Ноорузбаев Э

кесиптик бөтөнчөлүк-төрүнө умтулат. Көптөгөн кароо-сынактарга, көркөм көргөзмөлөргө катышып, Ардак грамоталар, медалдар м-н сыйланган.

НОГОЙБАЕВ Отунчу (1911, Чоң-Дөбө айылы – 13.5.1996, ошол эле жер) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1973). Бишкектеги мугалимдер институтунун 6 айлык даярдоо курсунда окуган. 1951-ж. Бишкектеги 2 жылдык партиялык мектепти, КМУну бүткөн. 1932-33-ж. Сталин р-нунда райондук эл агартуу бөлүмүнүн инспектору, 1933-35-ж. Кочкордогу Айгыр-Жал мектебинин башчысы, 1935-38-ж. Жумгалдагы Жаңы-Арык мектебинин директору, 1938-41, 1954-60-ж. Жумгал райондук эл агартуу бөлүмөнүн башчасы, 1941-45-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунда бөлүм башчы, 1945-47-ж. Нарын, 1947-49-ж. Жумгал райкомунда кадрлар б-ча катчы, 1951-53-ж. Эл депутаттарынын Жумгал райондук советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1953-54, 1960-72-ж. Чаек орто мектебинин директору, 1972-80-ж. мугалим болуп иштеген. Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги. Эмгек Кызыл Туу, «Ардак Белгиси» ордендери, 5 медаль, 5 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. 1997-ж. Ак-Татыр орто мектебине ысымы ыйгарылган.

НОГОЙБАЕВА Алтынай (1938-ж.т., Багышан айылы) – уз. Бишкектеги медицина окуу жайын, педагогика институтунун филология факультетин бүткөн. Ооруканада медсестра, райондук элдик театрда директор, Чаектеги М.Алыбаев атн. Москва орто мектептеринде мугалим болуп иштеген. Шырдак жасайт, көбүнчө оюм-чийимдерди көркөмдөөгө, өз алдынча мазмун берүүгө аракеттенет. Ал жасаган буюм-тайымдарында колдонмо өнөрдүн

НОРУЗБАЕВ Эмилбек Жаманкулович (1962-ж.т. Куйручук айылы) 1994-ж. КМУнун филология факультетин, Бишкектеги ИИМдин академиясын бүтүргөн (1999-ж.). Партиянын Панфилов РИИБде участкалык инспектор (1984-86-ж.ж.), ОБХСинде инспектор, Кара-Кол шаардык ИИБ (1997-98 ж.ж.), Тоң РИИБинин начальнигинин орунбасары, 1999-ж. бери Жети-Өгүз РИИБнүн начальниги болуп иштейт. Милициянын полковниги.

НУРАКОВ Кайбылда (15.8.1892, Чаек айылы – 1.9.1983, ошол эле жер) – райондогу алгачкы агроном. 1939-ж. Нарындагы бир жылдык агрономдук курсту бүткөн. 1918-38-ж. колхоздоштуруу ишине жигердүү катышкан, 1940-43-ж. райондун чарбаларын-да агроном болуп иштеген, 1943-45-ж. Уралда жумушчу батальондо болгон, 1945-54-ж. кайрадан агроном болуп иштеген. Райондо биринчи болуп коон, дарбыз, помидор, бадыраң айдаган, алманын түрдүү сорттурун кыйыштыруу жолу м-н өстүргөн, жүзүм, пахта өстүрүп тажрыйба жасаган. Медалдар м-н сыйланган.

НУРАКОВ Шаадат (1950-ж.т.) 1977-85-ж.ж. Кайырма, Түгөл-Сай, Калык Акиев атын. орто мектепте мугалим, мектептин директору (1985-90 ж.ж.), райондук партия комитетинде бөлүм башчы, 1990-92-ж.ж. райондук Кеңештин Төрагасынын орунбасары 1992-93-ж.ж. Эмгек совхозунун директору, 1993-райондук социалдык жардам берүү бөлүмүнүн башчысы, тармактык сыйлыктардын ээси.



Нышанов А



Нышанов Н

НУРКАЛИЕВА Эркингүл (15.6.1949-ж.т., Чаек айылы) – механизатор. 1966-88-ж. «Большевик» совхозунда жумушчу, механизатор, 1988-91-ж. профсоюз уюмунун төрөайымы, 1991-жылдан «Таш-Дөбө» айыл өкмөтүнүн катчысы. Кыргызстан КПнын 16-19-сүездеринин, КПССтин 26 сүездинин делегаты. Паша Ангелина атн., 3 даражадагы Эмгек Даңкы, Эл Достугу ордендери ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

НУСУП Келдибек уулу, Нусуп бий (1740-жылдар чен, азыркы Кочкор өрөөнү – 1820, Таш-Дөбө айылы) – саяк урууларын бийлеген бий. Келдибек бийдин уулу. Энеси Арзы байбиче өтө сыймыктуу киши болгон (Кочкордогу Арзы айылы ушул кишинин атынан аталган). Атасынан жаш калган Нусуп, 14 жашында өзбек соодагерлерине жалданып, Казакстандын көп айылдарында болгон. Элине кайра келгенде өтүп кеткен атасы Келдибек бийдин ордуна бий болуп шайланган. Калыс, сөзгө төп, убадага бек, адамгерчиликтүү, оң м-н солго кадыр-барктуу, бирөөнү тике карабаган (анткени, ал тик багып караган адам соо калган эмес), келер-кетээрди билген олуя адам болгон. Суусамыр жайлоосун талашып саяк м-н сарбагыштардын ортосунда чыккан чоң чырды калыстыгы ж-а акылдулугу м-н баскан. Күмбөзү Түгөл суусунун чыгыш жагында, Алкым айылынын кире беришиндеги дөбөдө. 1993-ж. кайрадан курулган. Нусуп бий ж-дө Ж.Кенчиевдин, М.Исаковдун «Медет датка» деген китептеринде кеңири баяндалган.

НЫШАНОВ Ашым (1938-90-ж.ж. Көк-Ой колхозу ошол жер) Пржевальскийдеги педагогикалык институтун ийгиликтүү аяктаган (1961-ж.) Чаек орто мектебинде мугалим (1961-64-ж.ж.) Райондук комсомол комитетинде бөлүм башчы (1970-ж) болуп иштеген. Алма-Ата шаарындагы партиялык жогорку мектептин окуучусу, (1970-74-ж.ж.). Райондук партиялык комитетте бөлүм башчы, 1975-79 ж.ж. Өрнөк колхозунда парткомдун катчысы болуп иштеген, мекеме жетекчиси (1980-85-ж.ж.) 1985-ж. өмүрүнүн акырына чейин Көкө-Морөн совхозунда профкомитет болуп иштеп турган.

НЫШАНОВ Нурланбек Ашымович (6.6.1966-ж.т., Чаек айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1995). 1984-87-ж. Жумгал р-ндук маданият үйүндө музыкант, 1987-93-ж. «Камбаркан» фольклордук тобунда музыкант, улуттук аспаптар б-ча уста, 1993-96-ж. Бишкек шаардык театрындагы «Саамал» фольклордук тобунун жетекчиси, 1995-жылдан Кыргыз мамлекеттик консерваториясынын студенти, ошол эле учурда 1997-жылдан консерваторияда окутуучу болуп иштейт. Ал кыргыз элдик музыкалык аспаптарын даярдоо б-ча уста дагы. Чоорду кайрадан жасап, ансамблде өзү ойноп чыккан. Ансамбль үчүн атайын даярдалган чопо чоордун, чоң чоордун автору. Музыкант ж-а уста катары «Камбаркан» фольклордук ансамблин түзүүгө чоң салым кошкон, Бишкек шаардык театрында коюлган «Керээз» (1994), «Амидзима» (1996) спектаклдери, «Кыргызфильм» киностудия-сында тартылган «Бештерек» (1996), «Чоорчу» (1996), «Бешкемпир» (1997) кинофильмдери үчүн жазылган оригиналдуу музыкалардын автору. Ал элдик аспаптар үчүн да оригиналдуу музыкаларды жазган. «Ысык-Көл–98» эстрадалык ж-а фольклордук фестивалынын лауреаты (1-сыйлык). Көптөгөн чет мамлекеттерде (Түркия, Дания, Болгария, Кытай, Малайзия, Камбоджа, Иран ж.б.) концерт берген.

О



Оболбеков А



Ожукеева Т

ОБОЛБЕКОВ Асанаалы (22.3.1917-ж.т., Кара-Баткак айылы) – «Кыргыз ССРинин айыл чарбасына эмгек сиңирген устат» (1964). 1933-42-ж. «Карабаткак» колхозунда колхозчу. 1942-46-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-53-ж. «Чаек» колхозунда талаачылык бригадири, 1955-75-ж. звено башчысы болуп иштеген. 1975-жылдан ардактуу эс алууда. 1-класстагы сугат чебери (1982). 1947-55-ж. Чаек айыл кеңешине, Нарын облустук советине депутат болуп шайланган. Ленин (1973), «Эмгек Кызыл Туу» (1972) ордендери ж-а көптөгөн медалдар м-н сыйланган.

ОЖУКЕЕВА Токон (13.2.1952-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – тарыхчы, тарых илимдеринин доктору (1996), профессор (1995). КМУнун тарых факультетин бүткөн (1975). 1975-77-ж. Чүй облусунун Аламүдүн р-нундагы Таш-Мойнок мектебинде мугалим, 1977-78-ж. М.В.Ломоносов атн. Москва мамлекеттик университетинде (МГУ) стажер-окутуучу, 1978-82-ж. ушул эле университеттин аспиранты, 1982-96-ж. КМУУнун окутуучусу, улук окутуучусу, доценти, профессор, саясий илимдер кафедрасынын башчысы, «Мамлекеттик кызмат ж-а политология» окуу борборунун директору. 1996-жылдан Кыргыз Респ-нын Президентинин Администрациясында Мамлекеттик кызмат ж-а уюштуруу иштери бөлүмүнүн эксперти. 1991-ж. МГУда «Союзные механизмы государственной власти» деген темада докторлук диссертация жактаган. Кыргыз Респ-нын Жогорку аттестация комиссиясынын эксперти, Демократиялык билим берүү борборунун аткаруучу директору милдеттерин аткарат. Ал ПРООНдо (Бириккен Улуттар Уюмунун өнүктүрүү программасы) «Кыргызстанда демократиялаштыруу» программасын иштеп чыгууга катышкан, КМУУда «Адам укугу ж-а демократия» б-ча жумушчу тобун түзгөн. 50дөн ашуун илимий эмгектери (а.и. 10 монография, жогорку окуу жайлары үчүн 5 окуу китеби, 3 энциклопедиялык сөздүк ж.б.) бар. Анын илимий изилдөөлөрү негизинен Кыргызстанда мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнө, Борбордук Азиядагы мамлекеттердин этно-саясий аймагынын калыптануу проблемаларына, андагы постсоветтик өлкөлөрдү саясий модернизацияланышынын теориялык ж-а практикалык маселелерине ж.б. арналган. Ал мурда белгисиз же пайдаланууга тыюу салынган архив материалдарын илимий иште алгачкылардан болуп колдонгон. "Кыргыз Респ-нын элге билим берүү отличниги"

ОЙ-КАЙЫҢ – суу, Көкөмерендин сол куймасы. Узундугу 33 *км*, алабынын аянты 235 *км*^{2}. Муз-Төр деген ат м-н Жумгал кырка тоосунун түштүк капталынан башталат да, Жумгал ж-а Ой-Кайың тоолорунун аралыгы м-н агып, Көкөмеренге куят. Ортоңку бөлүгүндө жайык, Көкөмеренге кошуларда кууш өрөөн м-н агат. Жылдык орточо чыгымы 1,5-2,8 *м*^{3}*/сек*, эң көп чыгымы июнь-июлда, азы февралда байкалат. Апрель-сентябрда кирип, Октябрь-мартта тартылат. Куймалары: Талды-Суу, Туура-Суу, Түз-Ашуу, Ак-Таш, Кош-Булак, Бас-Ады ж.б. Сугатка пайдаланылат. Боюнда Тунук айылы жайгашкан.

ОЙ-КАЙЫҢ ТООСУ Жумгал тоо тизмегинин түштүк-батыш тармагы. Ой-



Оморов Р

Кайын, Көкөмерен, Миң-Теке, Чет-Кууганды, Орто-Кууганды суулары (Жумгалдын оң куймалары) м-н чектешет. Узундугу 36 *км,* туурасы 20 *км.* Орточо бийиктиги 3800 *м,* эң бийик жери 423 *м.* Тоонун түштүк-батыш бөлүгүнүн кыры кууш, аскалуу, кокту-колоттуу келип, Көкөмерен суусуна тик түшөт. Түндүк чыгышында мөңгүлөр, байыркы түздүктөр, айрым жеринде жалама аскалар кездешет; капталдары капчыгайлуу, Жумгал өрөөнүнө жантайыңкы, Ой-Кайың суусуна тигирээк түшөт. Тоонун ортоңку бөлүгү бийик, айланасындагы өрөөндөргө салыштырмалуу бийиктиги 1800-2000 *м.* Чоң-Боронду (3800 *м),* Жол-Боронду (3780 *м),* Миң-Теке (3104 *м*), Ой-Кайың (3401 *м)* ашуулары бар. Түндүк-батышы филлит, кумдук, алевролит, ортоңку бөлүгү гранит, түндүк-чыгышы базальттуу ж-а андезит-базальттуу, туф, туф-конгломерат тектеринен турат. Тоого талаа (2500 *м*ге чейин), бадал, токой аралаш шалбаалуу талаа, айрым жерде шалбаа (3000 *м*), андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафт алкак-тары мүнөздүү. Жайыт шалбаалары чабынды.

ОМОРОВ Роман (2.8.1950-ж.т., Чаек айылы) Мамлекеттик ишмер. Техника илимдеринин доктору (1993), профессор (1994). Кыргыз Респ-нын УИАнын корреспондент-мүчөсү (2001). 1973-ж. Бишкек политехникалык институтун, 1985-ж. Ленинград так механика ж-а оптика институтунун аспирантурасын бүтүп кандидаттык диссертациясын коргогон, 1993-ж. ошол институттун докторантурасын бүткөн. 1973-75-ж. «Средазавтоматика» конструктордук долбоорлоо бюросунда инженер, 1975-жылдан Бишкек политехникалык институтунда улук инженер, автоматика ж-а телемеханика кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доцент, 1993-96-ж. Кыргыз техникалык университетинин профессору, 1993-жылдан Патенттик ведомствонун, 1996-жылдан Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн алдындагы интеллектуалдык менчик б-ча мамлекеттик агенствосунун, 2001-жылдан Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнө караштуу Илим жана интеллектуалдык менчик б-ча Мамлекеттик агенствосунун директору. Ошол эле учурда Кыргыз Респ-нын Президентине караштуу Башкаруу академиясында, Кыргыз техникалык университетинде педагогикалык иш жүргүзөт. Техникалык системалардагы башкаруу, автоматика жана эсептөө техникасынын элементтери ж-а түзүлүштөрү, эсептөө техникасын колдонуу ж-а моделдештирүү методдору адистиктери б-ча докторлук ж-а кандидаттык диссертацияларды жактоо б-ча атайын адистештирилген Кеңештин мүчөсү. Техникалык системаларды башкаруу теориясы, динамикалык системалар теориясы б-ча адис. 140тан ашык илимий эмгектин (а.и. 3 монография) автору. Эл аралык иженердик академиянын, Кыргыз Респ-нын инженердик академиясынын академиги (1996), Нью-Йорк илимдер академиясынын мүчөсү (1997), КР. маданият ишмерлеринин Ассамблея-сынын Вице-президенти (2004).,1996-ж. бери Кыргызпатенттин Коллегиясынын Төрагасы. Оморов Роман Кыргызстандагы патенттик системанын жана интеллектуалдык менчик системанын пайда болушунан бери аны жетектеп тажрыйбасын жана билимин багыттап келет.

Ал жетектеген уюм интеллектуалдык менчиктин объектилери болгон: онөр жай менчик объектилерин, автордук жана чектеш укук ээлеринин, салттуу эмес интеллектуалдык менчик объектилерин, илим, техника жана инновациялык объектилерин укуктук жактан коргоо боюнча мамлекеттик саясатты ийгиликтүү жүргүзүп келет. Аз убакыттын аралыгында Р. Оморовдун жетекчилиги

менен укуктук-нормативдик жана материалдык-техникалык база түзүлүп бүгүнкү күндө 12 мыйзам,30 мыйзам укуктук – актылары кабыл алынып, 22 Эл аралык келишимдер түзүлүп алардын ичинде: «Адабият жана көркөм чыгармаларды коргоо жонүндогү» Берн конвенциясы, «Өнөржай менчигин коргоо жөнүндогү» Париж конвенциясы, Интеллектуалдык Менчиктин укуктук соода жагдайындагы аспектилери жонүндө (ТРИПС) Макулдашуусу, Евразиялык патенттик конвенция (ЕАПК) ж.б. бар. Интеллектуалдык менчиктин объектилерин укуктук коргоо боюнча Эл аралык келишимдерди түзүүдө жекече Р.Оморовдун салымы зор. Ведомстволор аралык келишимдер Франция патенттик ведомствосу, Россия, Казакстан, Молдова, Тажикстан, Өзбекстан авторлордун укугун коргоо уюмдары, Туркиянын «Мезам» коому, фонограмма чыгаруучулардын Москвадагы Эл аралык Федерациясы(IFPI), Интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюму (ВОИС), ЕПВ, ЕАПО, CISAK уюмдары менен иштер жүргүзүлүп келет. Р.Оморов 1999-2001 ж. ж. Евразиялык патенттик уюмдун Административдик Кеңешинин (АС ЕАПО) Төрагасы, өнөр жай менчигин коргоо маселелери боюнча Мамлекеттер аралык Кеңештин (МГС ОПС, 03.2003 ж.) Төрагасы, өнөр жай үлгүсү боюнча Гаага союзунун Вице-президенти (2004 ж.),"Интеллектуалдык менчик","Кыргызпатенттин кабарлары","Илим жана жаңы технология","Илим, инновациялар жана турмуш" журналдарынын Башкы редактору болуп иштеп келүүдө. Кыргызпатенттеги илимий вуздар аралык "Интеллектуалдык менчик" кафедрасынын башчысы, көптөгөн аспиранттардын жана илим жактоочулардын жетекчиси, вуздарда ар дайым лекцияларды окуйт. Интеллектуалдык менчик боюнча 200дөн ашык илимий эмгектердин анын ичинен 3 монографиянын, 8 окуу китептердин автору. Р.Оморовдун Кыргыз Республикасында интеллектуалдык менчик системасын өсүп-өнүктүрүүдө жекече салымы үчүн Интеллектуалдык менчиктин Бүткүл дүйнөлүк уюмунун (ВОИС) эң



Оморов Б

жогорку сыйлыгы – Алтын медалы м-н (2003ж.)., талыкпас мамлекеттик ишмердик эмгеги жогору бааланып(1998ж.) Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н сыйланган. "Жумгал району" Энциклопедиясынын биринчи ж-а экинчи жолу чыгарлышын уюштуруп, каржылаганга жардам берген. "Жумгал районунун ардактуу атуулу" (2004ж.).

ОМОРОВ Баяман (22.01.1952-ж. т. Чаек айылы) Фрунзедеги политехникалык институтту бүткөн (1969-74-ж.ж.). РТЭУда инженер (1974-75-ж. ж.), "Кыргызавтомаш" заводунда комсомол уюмунун катчысы (1975-76-ж. ж.), институт "Земледелиеде" ПТО инженери (1976-77 ж. ж.), Чаек айылдык кесипчилик окуу жайда мугалим (1977-78-ж.ж.), ИИБдө Тянь-Шань, Кочкор райондорунда МАИнин начальниги (1978-94-ж.ж.), болуп иштеп кийин өздүк бизнес ишке өткөн(1994-2004-ж.ж.). 2004-ж.бери ОАО "Кыргызайылтехсервисте" лизинг бөлүмүнүн начальниги. Бүткүл Союздук комсомол уюмунун "5 жылдыктын Жаш гвардиячысы", ж-а "Милицияда кызматы үчүн" медалдары м-н сыйланган.

ООРУКАНА, райондук борбордук ооруканa (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 149). 1927-ж. уюшулган. Алгач 15 орундуу болуп, 1 врач, 3 медсестра иштеген. Райондун калкына дарылоо-алдын алуу иштерин жүргүзөт. 1932-ж. башкы корпусу, 1995-ж. эки кабат жаңы имараты пайдаланууга берилген. Ага электр м-н жылытуучу ж-а суу системалары орнотулган. Ооруканада 195 орундуу 9



Орозалиев А



Орозбеков М



Орозобеков Ж



Орозов М

станционардык бөлүм: терапия (35 орундуу), хирургия (45), төрөт бөлүмү (35), жугуштуу оорулар (25), балдар (40), гинекология (15), физиодарылоо, тез жардам, ооруларды кабыл алуу, реанимация бөлүмдөрү, бейтапканасы, лабораториясы бар. Мында кары-картаң, багар-көрөрү жок жалгыз бой, улгайган адамдар үчүн жатакана (10 орун) уюштурулган. Борбордук оорукана 1998-ж. апрель айында Кыргыз Респ-нын саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы медициналык лицензиялык аккредитациялык комиссиядан өтүп, "1-категориядагы оорукана" деген наам алган. Борбордук ооруканаңын башкы врачтары: Т.Исмаилов, К.Мамбеткадыров, К.Токтомбаев, С.Солтонкулов, А.Орозобеков, Т.Мамыткожоев, Н.Кадыралиев, К.Алиаскаров, Т.Мамаев, З.Кожоналиев, 1997-99-ж. К.Асанов, 1999-жылдан Токтомбаев Кумирбек Капарович.

ОРОЗАЛИЕВ Абдынасир (1938, Доскулу айылы – 1997, ошол эле жер) – Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси (1973). 1960-67-ж. чарбада башкы агроном, 1967-жылдан ар кандай кызматтарда иштеген.

ОРОЗБЕКОВ Мусуке (1925-ж.т. Куйручук айылы) Чарбада кампачы, ферма башчысы болуп кийин 32 жыл бригадир болуп иштеген, айылдык Кеңешке 7 жолу, райондук Кеңешке 1 жолу депутат болгон. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы жа 2 жолу грамотасы м-н сыйланган.

ОРОЗОБЕКОВ Аалы (13.10.1937-ж.т. Кайырма айылы) – Октябрь Революциясы орденинин ээси (1971). 1961-ж. Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүткөн. 1961-64-ж. Миң-Куштагы түзөтүү-эмгек колониясында, Чаек эт комбинатынын курулушунда иштегендерди тейлеген врач, Жумгал р-ндук оору-канасында хирург, 1964-73-ж. Кенес-Анархай участкалык ооруканасынын башкы врачы, 1973-78-ж. Ысык-Көл облусунун Түп р-нунда борбордукрайондук оорукана-нын башкы врачы, 1978-84-ж. Жумгал р-ндук борбордук ооруканасынын башкы врачы, 1984-жылдан хирургия бөлүмүнүн башчысы. Бир нече жолу Түп ж-а Жумгал р-ндук кеңештерине депутат, райондук ж-а облустук партиялык конференцияларга делегат болуп шайланган. Саламаттык сактоо отличниги (1997). Медалдар м-н да сыйланган.

ОРОЗОБЕКОВ Жанаке (1929-ж.т. Куйручук айылы) КМУнун юридикалык бөлүмүн бүтүрүп (1959-ж.) Кыргыз ИИМдин карамагында иштеп келген. 1971-ж. Нарын ОИИБнын КТС бөлүмүндө, 1975-ж. Ат-Башы ИИБ бөлүмүндө начальник болгон. ИИМдин алдындагы окуу борборунда начальник болуп, пенсияга (1987-ж.) чыккан. ИИМдеги 36 жылдык эмгек жолунда 4 жолу шаардык, райондук Кеңештерге депутат болуп шайланган. ИИМде Карыялар Кеңешинин мүчөсү, милициянын полковниги.

ОРОЗОВ Мекил (1932-ж.т. Кайырма айылы) 1958-ж. Айыл чарба институтун бүтүргөн. 1958-61-ж.ж. Ленин атын. колхоздо башкы зоотехник, 1962-67-ж.ж. Кочкор совхозунда ст. зоотехник, 1964-67-ж.ж. бордон семиртүү совхозунда башкы зоотехник, 1981-91-ж.ж. чейин

Ленин колхозунда комплекстүү бригаданын бригадири болуп иштеген. «Ардак белгиси» ордени (1972-ж.) ж-а медалдар, грамоталар м-н сыйланган.

ОРОЗОМАТОВ Базаркан (15.9.1934-ж.т., Чаек айылы) – Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси (1971). 1958-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1952-53-ж. Жумгал р-ндук керек жарак коомунда бухгалтер, 1958-59-ж. «Дыйкан» колхозунда агроном, 1959-76-ж. «Чаек» колхозунда башкы агроном, 1976-85-ж. №26 кесиптик-техникалык окуу жайында өсүмдүктөрдү коргоо б-ча мугалим, 1985-90-ж. агроном-инспектор, 1991-жылдан дыйкан чарбасында иштейт.

ОРТО-КУУГАНДЫ – суу. Жумгал тоосунун Муз-Төр ашуусунан башталат. Жогорку бөлүгү үч-Төр аталып чыгышты, Көлмө суунун чатынан Орто-Кууганды аталып түштүккө карай агат да, Жумгалга куят. Аскалуу кууш капчыгай аркылуу агып, тоодон Жумгал ойдунуна чыкканда сугат каналдарына бөлүнүп кетет. Ири куймалары: Кош-Булак, Түз-Ашуу, Арчалы-Төр. Жылдык орточо чыгымы 3,7 *м*^{3}*/сек*. Эң көп чыгымы июнь-июлда, азы январь-февралда байкалат. Апрель-сентябрда кирип, октябрь-мартта тартылат. Алабында 2592 *м* бийиктикте Чоң-Таш көлү жайгашкан. Негизинен кар, мөңгү ж-а булак сууларынан куралат. Боюнда Кайырма айылы бар.

ОРТО-КУУГАНДЫ ТЕМИР КЕНИ Кайырма айылынан 7 *км* түндүк тарапта, Орто-Кууганды капчыгайынын оозунда. 1953-ж. табылган. Кен аймагын кембрийге чейинки мезгилде пайда болгон аки таш теги ж-а аны жирең чыккан силурдун гранит интрузиясы түзөт. Темир кени аки таш теги м-н граниттин чегинде пайда болгон пироксен-гранит-магнетит скарн линзалары түрүндө жатат. Руда тилкесинин узундугу 1,5 *км*, калындыгы 30-40 *м*. Негизги минералдары: магнетит, пирит, гематит, гранит ж.б. Рудадагы темирдин өлчөмү 31,35-54,04%. Болжол запасы (225 *м* терендикке чейин) 544 миң *т*.

ОРУС-ЖЕРГИЛИКТҮҮ МЕКТЕПТЕРИ – Октябрь революциясына чейин Орто Азия м-н Казахстандагы орус тилинде окуткан алгачкы мектептер. Орус падышачылыгы Орто Азияны колониясына айландыра баштаганда бул чөлкөмдө мектеп аркылуу анын жергиликтүү калкын орусташтырууну көздөгөн. Кыргызстанда орус-жергиликтүү 1-мектеп 1884-ж. ачылган. Ушундай мектеп Нарын аймагында алгачкылардан болуп 1899-жылдан Жумгал өрөөнүндө иштей баштаган. 1902-ж. бул мектепте 40, 1903-ж. 30 бала окуган. Жергиликтүү эл балдарынын орусташып кетишинен, христиан динине өтүп кетүү коркунучунан чочулап балдарын окуткулары келген эмес. Анын үстүнө орусча окуу балдар үчүн оордук кылган. Ушул ж-а башка себептерден улам Жумгал орус-жергиликтүү мектеби кийин иштебей жабылып калган.



Осмоналиев А

ОСМОНАЛИЕВ Алымбек (1929-2002-ж.ж. Куйручук айылы) КМУну бүткөн (1962-ж.) Мектептерде мугалим болуп иштеген. Кызыл Туу айылдык Кеңештерге Төрага, парткомдун катчысы болгон (1972-78 ж.ж.). Эс алууга чыкканга чейин мектептерде мугалим болуп иштеген. «Эл агартуунун отличниги», Лениндин 100 ж. юбил. ж-а башка медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ОСМОНАЛИЕВ Арстанбек (1948-ж.т. Кызыл Жылдыз айылы) КМУнун экономика факультетин бүтүргөн. Москвадагы финансы академиясынын аспирантурасында окуп, илим кандидаттыгын ийгиликтүү жактаган, экономика илимдеринин кандадаты, профессор (1978-82 ж.ж.) КМУнун экономикалык факультетинде мугалим,



Осмоналиев К



Осмоналиев С



Осмонов Т

китептери жарыкка көргөн. Айрым чыгармалары орус тилинде чыккан. Анын 1830-60-жылдарда кыргыз жергесинде өткөн тарыхый окуяларды көркөм чагылдырган «Көчмөндөр кагылышы» романы (ал «Муң» ж-а «Ыйык жер» деген бөлүктөрдөн турган экилтик роман) жөнөкөй тил м-н көркөм баяндалып, автордун чебер романчы да экенин айгинелеген. Анын калеминен жаралган аңгеме, повесть, романдардын түрмөгүн окурмандар жылуу кабыл алышкан. Жазуучунун чыгармалары эл турмушунун калың катмарын көркөм чагылдырганы, тил байлыгынын молдугу м-н өзгөчөлөнөт.

доценти, кафедра башчысы болуп иштеген (1971-78-ж.ж.). 1982-93-ж.ж. Акционердик коммерциялык "Агрооноржай" банкынын башкармачылыгында начальник, правлениенин Төрагасынын орунбасары (1994-97-ж.ж.). Кыргыз айыл чарба финансы корпорациясынын аткаруучу директорунун орунбасары (1997-98-ж.ж.) акционердик коммерция "Кыргызкредит" банкынын Төрагасынын биринчи орунбасары (1999-2001-ж.ж.) болуп иштеген. 2001-ж. тартып ушул кезге чейин Бишкектеги Мамлекеттик экономика ж-а коммерция институтунда декан ж-а аны м-н катар "Дипломдуу бухгалтерлер институту" коомдук бирикмесинин генералдык директорунун кызматтарында иштеп келе жатат. 40ка жакын илимий ж-а усулдук эмгектердин автору.

ОСМОНАЛИЕВ Качкынбай (5.3.1929, Чаек айылы – 8.8.1996, Бишкек) – Кыргыз Респ-нын эл жазуучусу (1993). 1962-ж. Москвадагы Жогорку адабий курсту бүткөн. 1953-жылдан колхоздо эсепчи, бригадир, 1963-жылдан «Чалкан» журналында адабий кызматкер, Кыргызстан жазуучулар союзунун Нарын облусу б-ча адабий кеңешчиси болуп иштеген. Чыгармачылык жолу 1944-жылдан башталган. Алгач аңгемелери, кабарлары, ырлары басма созгө «Эркин Кыргызстан» деген ат м-н жарыялана баштаган. «Азаптын тагы» (1958), «Турмуш сабагы» (1961), «Самар» (1963), «Уйкусуз түн» (1966), «Эзелки кек» (1969), «Көчмөндөр кагылышы» (1982), «Ыйык жер» (1985) ж.б. прозалык

ОСМОНАЛИЕВ Садыр (15.5.1933-ж.т., Ак-Татыр айылы) – Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси (1972). 1948-54-ж. «Чаек» колхозунда колхозчу, 1958-62-ж. Миң-Куштагы рудникте жумушчу, 1963-91-ж. «Чаек» колхозунда сугатчы болуп иштеген. Медалдар м-н да сыйланган.

ОСМОНАЛИЕВА Перизат (1939-ж.т., Кызыл-Жылдыз айылы) – шырдакчы, оймочу. Шырдак жасоонун чебери. Анын шырдак оюмдары башка уздардыкынан айырмалангандыктан, айылдаштары «Перизат оюму» деп аташат.

ОСМОНОВ Тепиш (1942-ж.т. Таш-Дөбө айылы) Фрунзе курулуш техникумун (1960-ж.) политехникалык институтун (1968-ж.) бүтүргөн. «Кыргызгипрострой» долборлоо институнда техник, ага техник, инженер, ага инженер, топтун жетекчиси болуп иштеген (1961-69-ж.ж.) Жумгал МСОдо башкы инженер (1969-ж.) башкармасы болгон. Нарын облусу МСОнун башкармасынын орунбасары (1979-83-ж.ж.) Жумгал МСОдо башкарма (1983-87-ж.ж.) 1991-ж. чейин «райселремкомхоздун» начальниги болгон. Райондук жер реформасы ж-а жерге жайгаштыруу комитетинде

Мамлекеттик инспекциясында директор, начальник болуп иштеген (1991-ж.) 2000-ж. райондук жер ж-а агрореформа борборунун директору. Райондук Кенешке депутат болуп бир нече жолу шайланган. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

ОТЛИЧНИКТЕР. Райондо туулуп-өскөн ж-а райондун аймагында эмгектенген көптөгөн адамдар түрдүү тармактарда отличник төш белгисине татыктуу болушкан.

СССР жогорку билим берүүсүнүн отличниктери: Идинов Айып, Мусабеков Обосбек.

Кесиптик-техникалык билим берүү отличниктери: А.И.Васильев, Ж.Имашев, Ч. Асанбекова, Болотов Кылычбек, Чокоева Бурул.

СССРдин билим берүү (эл агартуу) отличниктери: Аманалиев Жузупбек, Арыков Качы, Исмаилова Каниса, Мамбеталиев Жусуп, Ташыгулова Бүбүбатма, Токталиева Нурбүбү, Токтобеков Акматбек, Эсенкожоев Кашырбек.

Кыргыз Респ-нын билим берүү (эл агартуу) отличниктери: Абдесов Нургалый, Абдыразаков Жаныбек, Ажимудинова Бүбүзуура, Ажымудунова К., Аманалиев Жузупбек, Аманалиев Эркинбек, Амангулова Асаке, Аптабалиев Какей, Аркабаев Насырбек, Арыков Качы, Асанбекова Калыйча, Ашырова А., Байманбетова Алымкан, Байтокова Зулайка, Бакенов Сатыбалды, Бейшеналиева Канымжан, Бейшенкулов Абас, Бектурганова Бариса, Гальцева С.В., Дүйшөналиев Медетбек, Жаманкулов Бейшеке, Жамантаева В., Жапарова Шарапат, Жумабеков Төлөгөн, Жумалиев Өткүлбек, Жуманалиев Надырбек, Ибраимов Ажыке, Идинов Айып, Исаков Бейманжан, Исаков Муса, Исеналиев Самудун, Кадиев Молдоиса, Кадыркулова Р., Кадыров Досалы, Казатова Сайнап, Казыбеков Мамаке, Кенжегулова Шааркан, Кожомкулов Самудин, Көчөрбаева Ж., Кудайбергенова Дамира, Курманалиев Карыпбек, Курманалиев Нурсейит, Куценко Вера Андреевна, Кыдыралиев Кубанычбек, Кыдыралиева Көкүл, Маатов Турдалы, Мамбеталиев Жусуп, Мамытова К., Мейманов Каттоо, Молдалиев Шайлообек, Молдалиева Алма, Момбаева Зууракан, Мусабеков Обосбек, Мусакожоев Шайлообек, Ниязаалы уулу Субанбек, Ногойбаев Отунчу, Ногойбаева Сайкал, Ожукеева Токон, Полтавских Р.Г., Рузанова В.А, Рысалиева Э., Рыспаев Жумакадыр, Рыспаев Сулайман, Саадабаев Аскербек, Самудинова Нуруйпа, Сандыбаев Карбек, Сапаралиев М., Сарыкеев Согушбек, Сатыбеков Мелис, Смадиярова Ишенгүл, Строителева Л.Н., Султаналиев У., Сыдыгалиев Жаныбек, Тилемишева Жумагүл, Токталиева Нурбүбү, Токтобеков Акматбек, Тултуков Теңирберген, Турдубаев Жолдошбек, Турсунов Жалил, Турусбеков Султан, Өмүралиев Султанидин, Усубалиев Жеңишбек, Усубалиев Эрмат, Шейшеңбекова Суусар, Ыбыкеева Зейнебүбү, Эсенгулова Гулмира, Эсенкожоев Кайырбек.

Саламаттык сактоо отличниктери: Абдрахманова А., Абдыкадырова Гүлай, Абышов Ш., Ажиева Т., Акматбекова Бактыгүл, Байзаков Саркунбек, Имангазиева Мосин, Капинос Ф.П., Касымалиева Зуура, Маатов Турдалы, Орозобеков Аалы, Рысалиев Т.Р., Солтонкулов С., Сулайманов Талантбек, Турусбекова Зоя, Тыналиев Түнгатар, Эсенгулова Койсун, Эсентаева С., Чекирова Алтын.

СССР кинематография отличниктери: Алибеков Дүйшөналы, Бөдөшбеков Жумадыл, Жусупов Бактилек, Калдыбаев Абас, кыргыз киносунун устаты: БайтилешовКачкынбек.

СССР суу чарба министрлигинин отличниктери: Аманалиев Кыдыргыч, Мусабеков Обосбек.

Ички иштер кызматынын отличниктери: Абдиев Курманбек, Зарипов Асаналы, Шакиров Жакып.

Финансы кызматынын отличниктери:

Алыбеков Искен, Асанов Жусуп, Туманаев Медетбек, Дүйшөмбиева Зубаш, Исмаилов Кадыркул, Төрөканов Бексул.

Соода отличниктери: Акматалиев Асиз, Алыкулов Калманбет, Алымкулов Жумабек, Алымкулов Сатыбек, Ажаипова Шайыр, Бекматов Жамаш, Иманкулов Жакып, Мамбеталиев Асанбек, Мусаева Тепкедей, Нуралиев Рыскул, өмүрзаков Алапай, Тажиева Сабырбүбү, Ташмамбетов Сакен, Шаккулуева Саткын.

ОЧОБАЙ УУЛУ Исабек (1888, Миң-Теке кыштоосу – 1974, ошол эле жер) – уста. Жыгачты да, темирди да бирдей кармаган. Боз үйдүн жыгачына узанган, чоң зергер болуп, кыз-келиндердин асем буюмдарын (чачуштук, сөйкө, билерик ж.б.) жасаган, тиш да салган. Жаш кезинде *Мырзабек* манаптын устасы болгон, 1941-жылга чейин Мин-Теке колхозунда уста болуп иштеген. Бийназар уста м-н бирге Арал, Көкөмерен ж.б. дарыяларга көпүрө салган. Согуш учурунда бронь м-н согуштан калып, 1949-жылга чейин Чаекте устачылык кылган. Кара-Кечүүдөн араба м-н көмүр тартып келип, ат така жасаган, ат такалап согушка жөнөтүп турган. 1956-ж. Кожомкулдун күмбөзүн салган. Устачылык аспаптары үзөнгү жолдош катары Кожомкулдун музейине коюлган.

Ө



Өмүралиев А



Өмүралиев Б

ӨМҮРАЛИЕВ Арманбек (1930-1993-ж.ж.) 1950-ж. Фрунзедеги мугалимдер институтун, 1959-ж. КМУну бүтүргөн. 1966-ж. чейин мектептерде мугалим, мектеп директору болуп иштеген, райкомдо инструктор 1966-ж. районунун башчысы (1966-78-ж.ж.) болгон. Райком профсоюзунун (1978-82-ж.ж.) Төрагасы, СельПТУда директор болгон. 1982-92-ж.ж. Партиянын райкомунун бюро мүчөсү, айылдык, райондук Кеңештин депутаты болуп шайланган. Лениндин 100 ж. юбил. медалынын ээси. «Эл агартуунун отличниги» 2002-ж. № 26 лицейге А.Өмүралиевдин ысымы берилген.

ӨМҮРАЛИЕВ Бакы (1.1.1932-ж.т., Базар-Турук айылы) — драматург, актөр, Кыргыз Респ-нын маданиятка эмгек синирген ишмери (1991). 1941-49-ж. Чаек балдар үйүндө тарбияланган. 1955-ж. Ташкендеги А.Н.Островский атн. театр-көркөм өнөр институтун, 1975-ж. Москвадагы Жогорку адабий курсту бүткөн. 1955-72-ж. Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында актөр, Кыргыз Мамтелерадиосунда режиссер, Кыргызстан жазуучулар союзунда адабий кеңешчи, башкармасынын катчысы, маданият министрлигинин репертуардык-редакциялык коллегиясында редактор болуп иштеген. Театрда иштеген жылдары Молчалиндин (А.Грибоедов, «Акылдан азап»), Шуттун (В.Шекспир, «Король Лир»), Токтогулдун (Р.Шүкүрбеков, «Акылдын үмүтү»), Тентинин (Ш.Бейшеналиев, «Кычан») ж.б. психологиялык жактан татаал, жогорку коркөмдүктөгү, эстетикалык таасири күчтүү образдарын жараткан. «Муз жүрөк жөнүндө баян», «Алыскы тоолордо», «Тяньшандык кыз», «Космонавттар көчөсү» ж.б. кинофильмдерге да тартылган. 1960-жылдан драма жанрында эмгектенет. Анын «Ата-сөзү – ар намыс», «Тагдырдын өгөй балдары», «Жаңырык», «Сел», «Мен



Өмуралиев К



Өмурбеков К



Өмурканова М



Өмурзакова А

билем, тоолор билет». «Жолчубектин көпүрөсү», «Ыйык жер», «Сирена», «Кыйышпастар», «Ырайымдуу ыраажа», «Бир кезде согуш болгон» ж.б. пьесалары республиканын профессионал ж-а элдик театрларында коюлган. «Жаңырык» («Жүз катын») пьесасы кыргыз драматургдарынын ичинен Ош кыргыз драма театрында 800 жолу коюлуп, Кыргызстан б-ча рекорд койгон. Көптөгөн пьесалары Бүткүл союздук, Республикалык конкурстарда алдыңкы сыйлыктарга арзыган. Алсак, 1996-ж. Ташкенде өткөн Азия өлкөлөрүнүн фестивалында «Найман эне» пьесасы баш байге – гранприни жеңип алган. СССРдин 70 жылдыгына арналып чыгарылган «Эң мыкты советтик драматургия» деген 1 томдукка «Мансуровдун үй-бүлөсү» аттуу пьесасы Орто Азия өлкөлөрүнөн жалгыз кирген (1987). Улуттук искусствонун ар кыл маселелерине арналган көптөгөн публицистикалык ж-а сын макалалардын да автору. «Жаңырык» (1979), «Мен билем, тоолор билет» (1982), «Пьесалар» (1984) ж.б. драмалар жыйнактары жарык көргөн. Айрым чыгармалары казак, өзбек, молдован, чех, румын, орус, украин ж.б. тилдерге которулган. 1971-жылдан СССР жазуучулар союзунун, 1962-жылдан СССР кинематографисттер ж-а СССР театр ишмерлер союзунун мүчөсү. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1951) ж-а медалдар м-н сыйланган.

ӨМҮРАЛИЕВ Кенжебек Байжан уулу (30.3.1967-ж.т., Кызыл Туу айылы) – спортчу (эркин күрөш). Эл аралык класстагы спорт чебери (1986), өспүрүмдөр арасында СССРдин (Ташкен, 1984), Европанын (Италия, 1985), жаштар арасында СССРдин, Европанын (1986), СССР элдеринин XI Спартакиадасынын ж-а СССР Чемпионатынын (1991) чемпиону. 12 жашынан машыга баштаган. Алгачкы машыктыргычы Атабек Алымкулов, кийин Жеңиш Дөнбаев машыктырган. 1993-ж. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргон. 1991-жылдан эркин күрөш б-ча Олимпиялык резервдеги республикалык адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде машыктыргыч, 1994-жылдан директору. Көптөгөн эл аралык мелдештерге, дүйнө, Азия чемпионаттарына ж.б. катышып байгелүү орундарды ээлеген, Кыргыз Респ-нын бир нече жолку, СССРдин 6, Европанын 4 жолку чемпиону.

ӨМҮРЗАКОВА Анара Алапаевна (1955-ж. т.) КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. Жумгал районунун ооруканасында (1981ж.) иштеп келатат, кесиби врач терапевт. Эмгек жолун Мин-Куш ооруканасында врач-рентгенолог болуп баштаган. Райондук ооруканада рентгенолог (1982-86-ж. ж.), Банкы врачтын уюштуруу иштери б-ча орунбасары (1986-98-ж.ж.), Кайрыма айылында СВА башчысы (1998-99-ж.ж.), Бащкы врачтын орунбасары (1999-ж.), 2001-ж. Райондо жаңы уюштурулган Үй-бүлөөлүк медицина борборунун директору болуп иштейт. Райондук «Аялзат» борборунун мүчөсү. Саламаттык сактоо системасында үзүрлүү эмгектенгендиги үчүн райондук Администрациянын, облустук Профсоюз уюмунун Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ӨМҮРБЕКОВ Кененбай (1939-ж.т. Кайырма айылы) «Эмгек Кызыл-Туу" орденинин (1975-ж.), Лениндин 100 ж. юбил. медалынын ээси. Колхоздо баш чабан болуп иштеген (1966-1994-ж.ж.). Мал чарбасынын мастери, Кыргызстан КП XIX съездинин делегаты (1972-ж.) медаль, Ардак громаталар м-н сыйланган.

ӨМҮРКАНОВА Айнакан (1932-ж.т., Кызарт айылы) – саймачы. Шырдак оюмдарынан көчөт жараткан сайма, терме таар кийиз буюмдары анын уздук жүзүн ачып берет.

ӨМҮРКАНОВА Мыскал Дүйшө кызы (1915, Эпкин айылы – 25.12.1976,



Өмүров А



Өсконалиев Э

Бишкек) – ырчы, Кыргыз Респ-нын эл артисти (1954). Чыгармачылыгын айыл арасында эл ырларын аткаруу м-н баштаган. 1936-ж. Эл чыгармачылыгынын республикалык 1-олимпиадасында 1-сыйлыкты жеңип алган. 1937-ж. Чаек колхоз-совхоз театрына кабыл алынат. 1940-ж. Нарын шаарында ачылган облустук театрга кирет. Анын кең диапозондуу коңур үнү чыгармачылыгынын өсүшүнө жол ачат. 1941-65-ж. Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштеген. 1943-ж. Казакстанда куралып жаткан армия болүктөрүнө, 1944-ж. Польша фронтундагы токой госпиталдарында концерт берген. 1958-ж. кыргыз адабияты м-н искусствосунун Москвада өткөн декадасына катышкан. Ал «Ак бермет», «Ой булбул», «Алымкан», «Колхоздогу курбума» ж.б. ырларды ажарын чыгара чебер аткарган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1955-59). Ленин, 2 Эмгек Кызыл Туу ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. СССРдин көп жерлеринде, КЭРде концерт берген. Ысымы Жумгал орто мектебине ыйгарылган.

ӨМҮРОВ Абик (1916-ж.т., Жаңы-Арык айылы – 1986, ошол эле жер). Колхоз өндүрүшүнүн активдүү катышуучусу жана уюштуруучулардын бири. Жаңы-Арык айыл кеңешинин катчысы, комсомол комитетин катчысы. 1941-жылдан армияда, Канттагы айыл чарба техникумун (ал кездеги башкармаларды даярдоо курсун) бүтүп, мурдагы 7 чарбанын негизинде ирилештирип уюштурулган «Совет» колхозунун төрагасынын орун басары, пенсияга чыкканга чейин кой, жылкы фермаларынын башчысы болуп иштеген.

ӨМҮРОВА Сания (1921, Чаек айылы – 11.3.1982, өрнөк айылы) – актриса. 1936-43-ж. Жумгал театрында, Нарын музыкалуу драма театрында актриса, андан кийин райондук даярдоо конторасында төраганын орун басары, дүкөнчү болуп иштеген. Театрда бир катар башкы каармандардын ролдорун (Жаңыл Мырза, Салтанат ж.б.) ойногон.

ӨСКӨНАЛИЕВ Эркалы (9.8.1958-ж.т., Табылгыты айылы) – акын. 1980-ж. КМУнун журналистика факультетин бүткөн. 1980-90-ж. «Демилге» гезитинде кабарчы, бөлүм башчы, Кыргызстан КП Жумгал райкомунун инструктору, 1990-92-ж. «Демилге» гезитинин редактору, 1992-жылдан «Ата журт» гезитинин баяндамачысы. «Тирүүлүк» (1988), «Ырдаган ай» (1995) деген ыр жыйнактардын автору. «Эй, бу Куйручук» аттуу Куйручуктун куудулдук өнөрүн изилдеген китеп жазган (1998). Көптөгөн публицистикалык макалалары басма сөзго жарыяланган. 1991-жылдан Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү.

П

ПОЧТА. Негизги милдети – гезит-журналдарга жазылууну, окурмандарга жеткирүүнү уюштурат, калкка пенсия, пособие, кат-кабар жеткирет. Жумгал райондук байланыш бөлүмү (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 123). 1936-ж. негизделген. 1994-ж. телекомдон өзүнчө болүнгөн. Байланыш министрлигине карайт. Айылдарда 16 байланыш бөлүмү иштейт. 46 адам иштейт (1997). Райондук почта байланыш түйтүнүнүн начальниги 1999-жылдан Насиров Мисир.

ПРОКУРАТУРА ЖУМГАЛ РАЙОНДУК (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 102) – мамлекеттик орган. 1936-ж. түзүлгөн. 1938-39-ж. Тянь-Шань округуна, 1939-62-ж. Тянь-Шань облусуна караган. 1963-65-ж. Кочкор районунун карамагында болгон. 1965-70-ж. Жумгал р-ндук прокуратурасы болуп турган. 1970-88-ж. Нарын, 1988-90-ж. Ысык-Көл облустук, 1990-ж. декабрдан Нарын облустук прокуратурасына баш иет. Райондун аймагында мыйзам актыларынын так ж-

а бирдей аткарылышына өз укук чегинде көзөмөл жүргүзөт. Кылмыш иштерин изилдейт, мыйзамда белгиленген учурларда ж-а мыйзам чегинде иштерди сотто кароого катышат. 1993-ж. кабыл алынган Кыргыз Респ-нын прокуратурасы ж-дөгү мыйзамдын негизинде иш жүргүзөт. Прокуратураны райондун прокурору башкарат. Аны облустун прокурорунун сунушу м-н республиканын Башкы прокурору 5 жылга дайындайт. Райондук прокуратуранын курамы орун басары, улук жардамчы ж-а жардамчы, улук тергөөчүдөн турат. Райондун прокурорлору Байбосунов Бектен (1965-71), Бейшекеев Асанакун (1971-75), Нарынов Совхоз (1975-77), Дүйшөбаев Ражаб (1977-79), Султангазиев Асанкул (1980-83), Исаев Турумбек (1983-88), Керимов Кеңеш (1988-92), Акышов Талантбек (1992-99), Саякбаев Аскербек (1999-2000), 2000-жылдан Боорсоков Кылычбек.

ПРОФЕССИОНАЛДЫК СОЮЗДАР – өндүрүш, маданият, тейлөө чөйрөсү ж.б-да элдин кызыкчылыгын көздөгөн коомдук уюмдар; райондун профсоюз уюмдарынын жетекчи органдары. Райондо агроөнөржай, билим берүү ж-а саламаттык сактоо кызматкерлеринин профсоюзунун Жумгал райондук комитеттери иштейт.

Райондогу алгачкы телефон ж-а телеграф байланышы 30-жылдардын ортосунан башталган. 1937-ж. Чаек ж-а Кочкор айылдарынын ортосунда МБ коммутатору аркылуу электр байланышы түзүлүп, Чаекте «Морзе» аппараты аркылуу 10 абонентти (райондун борборундагы мекеме, ишканаларды) тейлеген. 1952-53-ж. мурунку линиялар кайра курулуп Чаек-Кочкор багытында 12 канал иштеген. 1954-ж. МБ коммутатору 30 абонентке жеткен. Ошол эле жылы Мин-Куш Чаек–Кочкор-Балыкчы байланыш линиясы тартылып, СТ-35 аппараты аркылуу иштеген. Райондогу Кайырма, Дыйкан, Түгөл-Сай, Кызыл-Туу, Жаңы-Арык, Жумгал, Арал айылдары райондун борбору Чаек м-н телеграф байланышын түзгөн. 1960-ж. Чаек-Кочкор линиясы кайра курулуп, 316 тизмек иштей баштаган, ал эми ВО-12 аппаратурасы аркылуу 12 канал берип турган. 1972-ж. ТТ-6 аппараты м-н эки телеграф каналы Бишкектин ПС станциясына СТ-67М телеграф аппараты аркылуу иштеген. 1974-ж. Чаек айылына АТС-100/2000 тибиндеги 800 номерлүү АТС ишке берилген. Эски коммутатор М-60 тибиндеги жаңысына алмаштырылган. 1976-жылдан райондун айылдарына да АТСтер коюла баштаган. Байзак, Жаңы-Арык айылдарына АТС-50-200 тибиндеги АТС-50дөн номери м-н коюлган. Доскулу айылында 50 номерлүү АТС 1977-ж. ишке берилген, 1980-ж. Чаек-Бишкек багытында радиорелелик К-60П аппаратурасы аркылуу 60 канал иштей баштаган. 1980-ж. ТТ-6 аппараттурасы ТТ-12 м-н алмаштырылган.

ρ

РАЙОНДУК БАШКЫ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК ИНСПЕКЦИЯ (Чаек айылы). 1994-ж. 25-августта Кыргыз Респ-нын айыл чарба ж-а азык-түлүк министрлигине караштуу башкы мамлекеттик техникалык инспекциясы болуп түзүлгөн. Буга чейин райондук айыл чарба башкармасынын алдында райондогу айыл чарба техникаларын, машиналарды ж-а жабдууларды көзөмөлдөө б-ча башкы инженер гана иштеген. Инспекциянын негизги милдеттери: машиналардын, жабдуулардын, салмак өлчөөчү техниканын абалына, ондолушуна, сакталышына ж-а эсептеп чыгарылышына, мунайзат продуктуларынын, белсн тетиктердин

сакталышына, чыгымдалышына текшерүү жүргүзөт; мекеме-ишканалардагы машиналардын ж-а жабдуулардын оңдолушун, техникалык тейлөөгө өлчөгүч приборлор, шаймандар ж-а куралдар м-н камсыз болушун текшерет; кайсы ведомствого таандыктыгына ж-а менчигинин түрүнө карабастан тракторлорду, айыл ж-а суу чарба, жол курулуш техникасын ж-а жабдууларды, тиешелүү автомобилдерди кароодон өткөрүүчү комиссияны жетектейт; белгиленген тартипке ылайык тракторлор, өзү жүрүүчү шассилер, трактордун чиркегичтери, өзү жүрүүчү комбайндар ж.б. айыл чарба шаймандары үчүн фермердик ж-а дыйкан чарбаларына, уюмдарга, мекеме-ишканаларга ж-а жарандарга номердик белгилерди, техникалык паспорттору ж-а талондорду берет ж.б. Район б-ча дыйкан чарбаларында, агротехникалык сервиздерде, фермерлерде ж-а жеке менчик граждандарда 716 автоунаа, а.и. 464 жүк ташуучу машина; 590 трактор, а.и. 201 каз тамандуу, 395 дөнгөлөктүү трактор бар. Айыл чарбасына тиешелүү техникалар: 298 автоунаа, 362 трактор, 120 каз тамандуу ж-а 242 дөнгөлөктүү трактор. Айыл чарба шаймандары б-ча: 97 соко, 61 сеялка, 587 мала, 17 түздөгүч, 19 суу куюучу ж-а 8 ууландыруучу машина, эгин оруп-чаап жыйноочу 69 комбайн, үрөн чаап жыйноочу 14-КПКУ-75, 5-КПИ-2,4, 4 Е-281, 301, 3-КСК-100, 40-КС-2,1, 12-КПС-55, 30-ГЛП-6, ГВК-6, 51-ПСБ-Ф-1,6 ППЛ-Ф-1,6 техникалары бар. Жетекчиси Бакаев Т.

РАЙОНДУК МАДАНИЯТ ҮЙҮ 1936-ж. негизделген. Маданият үйүнүн имараты 1935-ж. курулган. Чаек айылында. 300 орундуу. Анда ар кандай ийримдер уюшулган. 1930-ж. маданият үйүнүн алдында А.Көбөгөнөвдүн жетекчилиги м-н колхоз-совхоз театры ачылган. Ал 1972-ж. элдик театр, 1995-ж. профессионал драма театр даражасына өсүп жеткен.

РАЙЫМБЕК Калча уулу (1832-1906, Сары-Камыш айылы) – болуш. Учурунда Осмон даткага, Шабдан баатырга ишенчиликтүү жигит катары кызмат өтөгөн. Нарындык кыргыздарды орус букарачылыгына өткөрүүдөгү зор эмгеги үчүн падышадан майор чинин алган, кыргыздарда баатыр атыккан. 30 жылы болуш, Жумгал өрөөнү б-ча шайлоо комиссиясынын төрагасы, алык-салык жыйнооту башчылык кылган. Шабдандын жардамы м-н боргемик элин жыйнап, таланган жерин кайрып алып, элдин турмушун ондоого чоң салым кошкон. Сары-Камыштын тарыхында биринчилерден болуп там салдырып, жемиш бактарын тиктирген, дыйканчылыкты өнүктүргөн. Мечит салдырып, Анжияндан атайын молдо алдырып бала окуттурган. Көкөмерендин оң жээгине мейманкана салдырып, ары-бери өткөн жолоочуларды кондуруп, тамак-аш, жем-чөп м-н бекер тейлеттирген. Ал ж-дө Токтогулдун ырларында, тарыхчы Б.Солтоноевдин эмгектеринде эскерүүлөр жолугат.



Рысалиев А

РЫСАЛИЕВ Алмаз Токтобекович (14.7.1975-ж.т., Чаек айылы) – эркин күрөш (1993) ж-а улуттук күрөш (1996) б-ча спорт чебери. 1993-94-ж. Кыргызстандын эркин күрөш, 1996-ж. улуттук күрөш б-ча чемпиону. 1992-ж. Бишкектеги Олимпиадалык резервдер окуу жайын бүткөн. 1993-ж. Кожомкул атн. эл аралык турнирдин жеңүүчүсү, 1996-ж. КМШнын жаштар арасындагы Спартакиадасынын катышуучусу. Эркин күрөш б-ча Кыргызстандын курама командасынын мүчөсү. ЖОЖдор аралык (Кыргызстандагы) спартакиаданын 4 жолку жеңүүчүсү.

РЫСАЛИЕВ Бексултан (1944-ж.т. Түгөл-Сай айылы) Бейшеналиева атын. искусство институтун бүткөндөн кийин (1974-ж.). Нарын облустук ж-а Жумгал райондук маданият үйүнүн директору болуп иштеген. 1982-ж. ушул күнгө чейин



Рысалиев Б



Рысалиев С



Рысалиева Г



Рысбаев С

маданият-спорт комплексинин директору болуп эмгектенүүдө. Элди маданияттуу тейлөөдөгү жетишкен ийгиликтери үчүн "Эл агартуунун отличниги" болгон. 1976-ж. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл Союздук фестивалынын лауреаты, бир канча медалдар м-н грамоталардын ээси.

РЫСАЛИЕВ Сайридин (1928-ж.т. Көк-Ой айылы). Сугатчы, көп жылдар бою чабан болуп 1960-82-ж. ж. "Эмгек Кызыл Туу" ордени, Лениндин 100 ж. юбил. ж-а бир нече медалдары, ВДНХнын күмүш медалы м-н сыйланган.

РЫСАЛИЕВ Ыбырайым (1902-1978-ж.ж. Жаңы-Арык айылы) 1916-1917-ж. ж. Турпанга үркүнгө барып келген. 1920-ж. Ак-Бешимде (Нарында) 1921-ж. Караколдо окуган, Ак-Бешимде мугалим, сельсоветтин Торагасы 1929-35-ж.ж. 1936-58-ж.ж. ст. 5-п. м-н түрмөдө болуп, 1938-ж. акталып чыккан. Нарында, Кайырмада, Жаңы-Арыкта сельсовет (1941-47-ж.ж.) андан кийин (1952-ж.) дүкөнчү болуп иштеген, Жаңы-Арык орто мектебинде чарба башчы болуп 1945-ж. пенсияга чыккан.

РЫСАЛИЕВА Гулбарам (Мураталы кызы) (1926-2002-ж.ж. Чаек айылы ошол жер) Кызыл Туу колхозунда эсепчи-кассир, китепканачы (1953-56-ж.ж.) Аткаруу комитетинде катчы (1957-60-ж.ж.) 1967-ж. чейин Аткаруу комитеттин Төрайымы болуп иштеген. Кийин уй ферма башчысы, профсоюз комитети (1979-ж.ж.) Текшерүү комиссиясынын Төрагасы (1980-82-ж.ж.) болгон. 2 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, көп жолу айылдык, райондук, облустук Кенештерге депутат, партиянын обкомунун мүчөсү болгон. Кыргызстан КПнын 16-съездине делегат болуп шайланган. «Ардак белгиси» орденинин ээси.

РЫСБАЕВ Сулайман Казыбай уулу (17.2.1956-ж.т., Ош шаары) – педагогика илиминин кандидаты (1995), доцент, жазуучу, журналист. 1978-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1978-92-ж. Кыргыз билим берүү институтунда улук илимий кызматкер, сектор башчы, 1992-жылдан кыргыз тили ж-а адабияты бөлүмүнүн башчысы. Илимий иштери негизинен кыргыз тилин башка улут өкүлдөрүнө окутуу (кандидаттык диссертациясы республикадагы ушул маселеге арналган 1-илимий эмгек) маселелерине арналган. Жалпысынан 100басма табак көлөмүндөгү эмгектин автору. Негизги илимий-усулдук эмгектери: «Изденүүлөр жана тажрыйбалар» (авторлош, 1992), «Кыргыз тили» (орус мектебинин 3- ж-а 4-класстары үчүн окуу китептери, 1991, 1992, 1993, 1994), Кыргыз мектептеринин 1-4-класстары үчүн «Алиппе», Кыргыз тили окуулуктары (1998), «Кыргыз тили, адабияты окуу китептеринин мазмунун ж-а түзүлүшүн өркүндөтүү, жолдору» (монография, 1992), «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар ж-а портреттер» (1998). Мындан сырткары хрестоматия, диафильм, окуу-усулдук комплекс, мугалимдер ж-а студенттер үчүн окуу куралдарын, окуу-нормативдик документ-терди жазган ж-а айрымдарына авторлош. Жазуучу катары «жылмайып турган таш» (1996), «Сыйкырдуу жазуу» (1997), «Мендей жана Сендей» аттуу көркөм-адабий китептердин автору.



Рыскулов М

Республикалык Т.Молдо жана И Арабаев сыйлыктын лауреаты, Кыргыз Респ-нын журналисттер (1993), жазуучулар (1997) союздарынын мүчөсү, «Кырчын» жаштар журналынын редколлегия мүчөсү (1995-жылдан). «Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги» (1994).

РЫСКУЛОВ Муратбек (23.11.1909, Кайырма айылы – 1.2.1974, Бишкек) Уламалуу айтылып жүргөн («Ак Мөөр») Болоттун небереси, залкар сахна чебери. Кыргыз ССРинин эл артисти (1951), СССР эл артисти (1958). Кыргыз Респ-нын Токтогул атн. мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1969). 1964-74-ж. Кыргыз ССР театр коомунун Төрагасы. 1936-жылдан Кыргыз драма театрынын актеру. Ал «Текшерүүчү» спектаклинде массалык шардан ичинде 1-жолу сахнага чыккандан тартып, "Король Лирдин", "Отеллонун" ролун аткарганга чейин кыргыз, орус ж-а чет өлкөлүк классиктердин чыгармаларындагы ар түрдүү мүнөздөгү каармандардын образдарынын бүтүндөй бир галереясын жогорку чеберчиликте түздү. Кыргыз драматургдарынын жаңыдан коюлган пьесаларынын негизги ролдорун 1-болуп сахнага алып чыгып турган. Таланты баарыдан мурда драмалуу, бөтөнчө трагедиялуу мүнөздөгү ролдорду ойногондо көп кырынан ачылып, таасын көрүнгөн. Ал ролдорду жандуу, өтө ийкемдүү, жөнөкөй, турмуштагыдай чынчыл ж-а жалындуу эмоция м-н аткарган. Ал кыргыз актерлорунун устаты катары улуттук театр өнөрчүлүгүнүн калыптанышына ж-а өсүшүнө зор салым кошкон. Алгачкы ролдору – Чойбек (М.Токобаев, «Кайгылуу Какей»), Момуш (Ж. Бөкөнбаев, «Алтын кыз»), Алымбай (Ж.Турусбеков, «Ажал ордуна»). Мына ушул образдарды жараткандан кийин Рыскуловдун өзгөчөлөнгөн мүнөзгө ж-а бөтөнчөлүккө ширелген актөрдук жаркын шыгы бар экендиги ачык-айкын болгон. Анын чыгармачылыгынын көп кырдуулугу, каармандарынын мүнөзүнө ылайык ийкемдүүлүгү, кейипкердин кылык-жоруктары анын аткаруусунда турмуш-тагыдай табигый сезилгени ал түзгөн Отелло (У.Шекспир, «Отелло»), Егор Булычов (М.Горький, «Егор Булычев жана башкалар»), Акылбек (Б.Жакиев, «Атанын тагдыры»), Король Лир (У.Шекспир, «Король Лир»), Үмөталы (А.Токомбаев, «Өлбөстүн үрөнү»), Фамусов (А. Грибоедов, «Акылдан азап»), Кошкин (К.Тренов, «Любовь Яровая»), Макечал (Б.Жакиев, «Макечал») ж.б. ролдордо айрыкча көрүнгөн. Анын чыгармачылыгынын эң бийик чокусу, көп жылдык жемиштүү изденүүсүнүн ж-а ой жүгүртүүсүнүн натыйжасы – Король Лирдин образы. Лирдин образын түзүүдөгү Рыскуловдун бул эмгеги классикада да, о.эле бүгүнкү күндүн репертуарында да логикалык жактан ишенимдүү ж-а кынтыксыз иштелип бүткөн ролдордон деп эсептелет. Ал сахнада түрдүү мүнөздөгү образдарды ойноо м-н дайыма асылзаттыкты даңазалоого, адамдагы жаман сапатты келекелөөгө умтулган. Тоби (У.Шекспир, «Он экинчи түн»), Шаар башчысы (Гоголь, «Менин айлым»), Кнуров (Н.Островский, «Сепсиз кыз»), Борбаш, Түлкүбаев, Шермат (Г.Абдумомунов, «Борбаш», «Тар капчыгай», «Жыгылган оогонго күлөт») ж.б. образдарды түзүп, комик-актер катары да таанылган. Анын Тейитбеги (К.Жантөшев, «Курманбек») мүнөздүн бекемдиги, образды өздөштүрүүдөгү терендиги ж-а масштабдуулугу жагынан улуттук сценада жаңы табылганы белгиледи. Классикалык драмаларда кайталангыс коркөм образ түзгон сыйкырчы, сахнанын ажары, коркү болгон. өз каарманынын ички дүйнөсүн, рухий турпатын өтө таасын сүрөттөп, анын мүнөзүн коркомдук жактан чегине жеткире аткарган.

Ушундай зор талантынын аркасында ал элдин сүймөнчүгүнө айланган.

Кинодо да бир катар образдарды түзгөн. Алгач 1949-ж. «Алитет тоо таянды» кинофильминде Ваалдын ролун аткарган. Кыргыздын эң биринчи көркөм киносу «Салтанатта» бири-бирине окшошпогон эки мүнөздү: Түгөлбай м-н чабан Асандын ролун ойногон. «Муз жүрөк жөнүндө баянда» Ашыктын образын гротеск планында атайын апыртып берсе, «Алыскы тоолордо» мыкаачы, зулум Сарыгул байды омоктуу көргөзүп, «Тянь-Шань кызында» Ашырбай абышканын ролунда илбериңки психологиялык белгилерди таба алган. Кийинки тартылган фильмдери «Ашуудагы ок атуу», «Бакайдын жайыты», «Ак Мөөр». Ал кыргыз адамынын эң сонун касиеттерин «Бакайдын жайыты» фильминде даана көрсөттү. Анын кинодо түзгөн образдары да салмактуулугу, жандуулугу м-н айырмаланат. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты (1963-67, 1971-75). Ленин, «Эмгек Кызыл Туу» ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Ал тууралуу «Муке» аттуу телефильм тартылып, китептер («Биздин Муратбек» ж.б.) «Бийиктик» деген поэма жазылган (авт. А. Чекиров). Ысымы Бишкек ш-ндагы ж-а Чаек айылындагы көчөлөргө, Нарын музыкалуу драма театрына коюлган. Нарын ш., Чаек айылында колодон айкелдери тургузулган.



Рысбеков Т.

РЫСПЕКОВ Шайык (1942-ж.т. Куйручук айылы) Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн (1965-70-ж.). Зоотехник, башкы зоотехник, Партиянын райкомунда нускоочу, Кызыл Туу колхозунда, Жумгал совхозунда парткомдун катчысы, 1970-76-ж.ж. Көкө-Мөрөн совхозунда директор, Чаек май заводунун башкаруучусу, райондук Э.К.К. инспектору, РЗКнын директору айыл чарба азыктарын даярдоо боюнча инспектор болуп иштеген (1977-ж.) Таш-Дөбө айылынын башчысы (1996-99-ж.ж.), райкеңеште жетектөөчү адис болуп иштеп, партиянын обкомунун мүчөсү, 3 жолу райондук, 2 жолу облустук Кеңешке, бир нече жолу жергиликтүү Кеңешке депутат болуп шайланган Лениндин 100 ж. юбил. медалы ж.б. бир нече медалдар м-н сыйланган.

С



Саадабаев А

СААДАБАЕВ Аскербек (3.6.1950-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – математик, физика математика илимдеринин доктору (1993), профессор (1994). 1972-ж. КМУнун механика-математика факультетин бүткөн. 1973-77-ж. Кыргызстан ИАнын физика ж-а математика институтунда кенже илимий кызматкер (1977-ж. Азербайжан илимдер академиясынын математика ж-а механика институтунда кандидаттык диссертациясын коргогон), 1977-86-ж. КМУУдагы дифференциал теңдемелер кафедрасында улук окутуучу, доцент, 1986-94-ж. дифференциалдык теңдемелер кафедрасынын башчысы (1999-ж. Новосибирск университетинде докторлук диссертациясын коргогон), профессор, 1994-ж. КМУУнун проректору, 1994-99-ж. механика-математика факультетинин деканы, кафедра башчысы. Ошол эле учурда 1998-99-ж. КМУУда дипломдордун аккредитациясы б-ча проректор, 1999-жылдан И.Арабаев атн.



Сагыналиев К



Сагымбаев А

педагогикалык университетте илимий иштер б-ча проректор. Анын илимий эмгектери дифференциалдык ж-а операторлук теңдемелердин чыгарылышын табууга арналган. «1-тартиптеги интегралдык теңдемелерди чыгаруу ыкмалары» (1986), «1-тартиптеги сызыктуу эмес операторлук интегралдык теңдемелерди жакындаштырып чыгаруу ыкмалары» монографиялары чыккан. 90дой илимий эмгектин (а.и. 2 монография ж-а дифференциалдык теңдемелер, элементардык математика курсу б-ча 3 окуу куралы) автору. Анын жетекчилиги м-н 2 аспирант кандидаттык диссертациясын коргогон. Кыргыз Респнын билим берүү отличниги (1994).

САБЫР Кудаке уулу (1875, Жумгал өрөөнү, Сары-Булак аймагы – 1929, Чоң-Таш деген жер) – найзакер. Сайышка түшкөндө көз ирмебей атаандашын аты м-н кошо чалкасынан очорулта сайган ыгы болгон. Кочкордон Тиштээк, Нарындан Чуңгул, Кетмен-Төбөдөн Теке, Жумгалдан Аксакал, Малаке ж-а Эсенаалы найзакерлерди сайып түшүргөн.

САГЫНАЛИЕВ Койчуман (5.6.1951-ж.т., Кызыл-Жылдыз айылы) – Кыргыз Респнын Жогорку Кеңешинин депутаты (1990-95). 1973-ж. КМУнун экономика факультетин, 1981-ж. Кыргызстан КП БКнын алдындагы марксизм-ленинизм университетин, 1987-ж. СССР Министрлер Советинин алдындагы Эл чарба академиясын бүткөн. 1975-78-ж. республикалык «Кыргызмаданийсоода» базасында бухгалтер, Кыргыз ССР соода министрлигинин кадрлар бөлүмүнүн улук, жетектөөчү инспектору, начальнигинин орун басары, 1978-82-ж. республикалык «Кыргызгалантерея» базасынын директорунун орун басары, 1982-ж. Соода министр-лигинде кадрлар бөлүмүнүн начальниги, 1983-85-ж. Товарлар сапаты ж-а соода б-ча мамлекеттик инспекция башкармасынын начальниги, 1985-89-ж. Кыргыз ССР Соода министрлигинин көзөмөлдөө-текшерүү башкармасынын начальниги, Кыргыз керек-жарак союзунун башкармасынын төрагасы-нын кадрлар ж-а соода б-ча орун басары, 1989-92-ж. төрагасы, 1992-жылдан «Кыргызкооппром» концернинин төрагасы болуп иштейт. Эл депутаттарынын Бишкек шаардык (1989-92), Биринчи май р-ндук (1987-89) советтерине депутат болуп шайланган. Ал депутат болуп турганда Чаекте соода маданиятын көтөрүүгө көп жардам берген, Чаекке 4, Кызартка 1 дүкөн ачтырган. Ал кыргыз маданиятын көтөрүүгө, кыргыздардын рухий дүйнөсун байытууга да өз үлүшүн кошуп келаткан инсан. Алсак, анын колдоосу м-н эл жазуучусу К. Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы; Калыктын мурда жарыяланбаган ырлары, Ы. Кадыровдун ыр жыйнагы ж.б. чыгармалар окурмардардын колуна тийген. Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 19-съездинин, соода ж-а керек-жерек кооперация кызматкерлеринин профсоюзунун 1-съездинин (1990) делегаты.

САГЫМБАЕВ Аманкул (1922, Кочкор р-ну, «Электро» колхозу – ?) – манасчы, атактуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун уулу. Жаш кезинен эле «Манас» айтууга дилгир болуп атасынын өнөрүн өздөштүрүүгө багыт алат. Мектепте окуп жүргөндө «Чоң казаттан» 10 миң сап айтууну өздөштүргөн. Элдин айтымында ал атасындай өз алдынча «Манас» айткан тубаса талант болгон. 1939-жылы Москвада өткөн I декадага каташып, манасчылар Молдобасан Мусулманкулов, Саякбай Каралаев, Тоголок Молдолар м-н бирге болуп «Манас» айтып өнөрүн көрсөтүп, алтын саат менен сыйланган. Кийин Ата Мекендик согушка катышап жүргөндө душмандарга бет алганда «Манас» айтып чыгуучу деген кеп бар. Согуштан кайтпай



Сагымбай



Садыбакасов Ш.

калган. Ал ж-дө драматург Акималы Чекиров «Кабыландын тукуму» деген драма жазган (1992).

САГЫМБАЙ Орозбак уулу (1867, Жумгал р-ну, Кызарт айылы – 1930, Кочкор р-ну, Айманбет деген жер) – залкар манасчы ж-а төкмө акын, манасчылардын эң көрүнүктүү өкүлү. Түбү жумгалдык саяк, Кар-Чий айылынан. Сагымбайдын теги төмөнкүдөй. Курманкожодон Мойнок, Мойноктон Манас уулу (Битеш, Молдо, Токтоной, Байсейит, Кожомкул). Токтоной-дон Байдөбөт, андан Сарбаш, Козубек, Орозбак. Орозбактан Сагымбай манасчы, андан Жаманкул (Балыкчыда жашаган). Атасы Орозбак Ормон хандын кернейчиси болгон. Сагымбай 9-10 жашында айылдык молдодон сабак алып, өз алдынча китеп окуганга жетишкен. Жаш чыгынан эле ар кыл мүнөздөгү тамашалуу, лирикалык ырларды жамактап ырдаганга, кошок чыгарууга шыктуу болгон. «Манас» эпосун 15-16 жашынан айта баштаган. Сагымбайдын манасчылык өнөрүнүн өрчүшүнө өз агасы Алишер жана Чоңбаш, Тыныбек, Найманбай, Акылбек сыяктуу белгилүү манасчылар таасир тийгизген. Ал ошол учурдагы чоң манасчылардын дээрлик бардыгы м-н жогулушуп, алардын нускаларын алган. Ошол титан манасчылардын биринен укканын экинчиси м-н толуктап, тактап, өз боюна сиңирүү м-н элдик көркөм салттардын кунун жоготпой кайрадан иштеп чыгып, өзүнүн көркөм табылгалары м-н кеңейтип, жаңы бийиктикке көтөргөн. Сагымбайдан Түркстан илим комиссиясынын, кийин Кара Кыргыз АОсунун Эл агартуу комиссариатынын тапшыруусу б-ча 1922-26-ж. К.Мифтаков м-н Ы.Абдырахманов «Манас» үчилтигинин 1-бөлүгүн жазып алышкан. Калган бөлүмдөрү Сагымбай катуу ооруп калганга байланыштуу жазылбай калган. Сагымбайдын варианты 180378 сап ырдан турат. Бул вариант идеясы, көркөмдүү жагынан жогорку деңгээлде иштелген, композициясы б-ча толук бүткөн монументтүү элдик көркөм чыгарманын бийик үлгүлөрүнөн. Сагымбайдын варианты башка варианттардан сюжетти курап турган эпикалык окуялардын толуктугу ж-а алардын жогорку көркөмдүктө баяндалышы м-н айырмаланат. Анын варианты классикалык вариант катары бааланат. Сагымбай айылдан айылды, өрөөндөн өрөөндү кыдырып, «Манас» эпосун айтуу м-н бирге чоң жыйындарга жар чакырып, аш-тойлордо ырдаган төкмө акын да болгондугу маалым. Бирок, анын көп төкмө ырлары жазылбай калган. Бизге жер көркүн сүрөттөгөн лирикалык «Ысык-Көл менен коштошуу» сыяктуу ыры, элдик философиянын үлгүсүндөгү санат-насыяттары, тамашалуу ырлары, тамсилдери, жомок-поэмаларынын («Эгин эккендеги ыр», «Заман», «Жолбун ит» ж.б.) айрымдары гана жеткен. Ал кошок жанрын да өтө баалап, өркүндөтүп айткан. Сагымбайдан жазылып алынган «Манас» эпосунун бөлүгү 1979-82-ж. 4 том болуп басылып чыккан. 1992-ж. анын 125 жылдык мааракеси өткөрүлүп, Кочкордугу Ормон хан айылынын аймагындагы Айгыр-Жал дөңсөөсүнө күмбөз салынган. Сагымбайдын ысымы республикадагы бир катар көчөлөргө, мектептерге, китепканаларга ыйгарылган. Ормонхан айылындагы мектептин базасында музейи, эстелиги орнотулган. Музей экспозициясын А. Чекиров түзгөн.

САДЫБАКАСОВ Шатман (25.5.1932, Баш-Кууганды айылы – 1983, Бишкек ш.) – жазуучу, драматург. 1955-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1955-61-ж. «Жаш ленинчи» журналында адабий кызматкер, 1962-65-ж. «Кыргызстан» басмасында редактор, 1965-75-ж. «Ала-Тоо» журналында проза ж-а поэзия бөлүмүнүн башчысы, 1975-жылдан башкы редактору болуп иштеген. Чыгармачылыгы 1950-ж. «Кыргызстан

пионерине» ыры жарыялангандан башталган. «Пейил» (1958), «Мүнөз» (1960), «Жол түгөнбөйт» (1962), «Бир үзүм жалын» (1964) ж.б. аңгеме-повесттер, «Жашыл өзөн» (1968) ыр жыйнактары, «Күндөр» (1965), «Ажайып күндөр» (1982) романдары, «Күзгү» (1981), «Жакшы бала» (1968) ж.б. балдар үчүн чыгармалары жарык көргөн. «Ак боз ат» (1972), «Керме Тоо – Тайлак баатыр» (1979) драмалары, «Уят эмеспи» (1977) комедиялары ж.б. кыргыз академиялык драма театрында, Нарын музыкалуу драма театрында, Ош өзбек музыкалуу-драма театрында ж.б. чоң ийгилик м-н коюлган. «Этот необуятный мир» (1984), «Внуки беркута» (1986) аттуу китептери Москвадан жарык көргөн. Көптөгөн чыгармалары орус, украин, казак, тажик, татар, уйгур ж.б. тилдерге которулган. өзү котормочу катары М.Шолохов, О.Гончар, Г.Мусрепов, В.Стефанин ж.б-дын айрым чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Ал өз чыгармаларына оозеки эл чыгармаларын, кыргыз эпостору, уламыштары ж.б. жомокторунун философиясын булак катары пайдаланган. Учурдун актуалдуу проблемала-ларын көтөргөн жалындуу публицистикачы-очеркчи катары да белгилүү болгон. Коптогон медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, Кыргызстан ЛКЖС БКнын Ардак грамоталары м-н сыйланган. Ысымы 1992-ж. Кол-Арык орто мектебине ыйгарылган.

САДЫГАЛИЕВ Курманбек (1935-ж.т. Куйручук айылы) Фрунзе финансы-кредит техникумун (1955-ж.) КМУнун экономика факультетин бүтүргөн (1964-ж.) Райондордо мамлекеттик банктарда инспектор, башкаруучу болуп иштеген (1955-63-ж.ж.) Нарын шаардык ЭККнин Төрагасы болгон (1963-69-ж.ж.) Алма-Ата ш. партиялык жогорку мектепти бүтүргон, партиялык советтик кызматтарда болгон. 1971-80-ж.ж. Курулуш банкынын Нарын облустук конторасынын (1980-89-ж.ж.) "Кыргыз Эл банкынын" Балыкчы ш. болүмүндө башкаруучу, кийин республикалык "Эл банкта" башкы текшерүүчү болуп эмгектенген (1989-96-ж.ж.). Партиянын Нарын ш. комитетинин бюро мүчөсү, шаардык Кеңештин депутаты болуп шайланган (1965-69-ж.ж.).

САДЫКБЕКОВ Калидин (1928-ж.т. Көк-Ой айылы) Советтик армияда кызмат өтөп келгенден кийин райкомдун пландоо бөлүмүндө (1954-ж.). Жалпы бөлүмүндө башчы болуп иштеген. Кокө-Мөрөн совхозунда талаачылык бригадири болуп эмгектенген. (1960-91 ж.ж.) "Даңк" ордени, Лениндин 100 ж. юбил. медалы, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы м-н сыйланган. Айылдык Кеңешке 7 жолу депутат болуп шайланган.

САДЫКОВ Сыпарбек (1959-ж.т. Кызыл Жылдыз айылы) 1965-1975-ж.ж. Калык Акиев ат-гы мектепте окуган. 1975-81-ж.ж. Фрунзеде политехникалык институтту бүтүргөн. 1981-83-ж.ж. Жумгал автобазасында колоннанын начальниги, 1984-90-ж.ж. башкы инженер, 1990-ж. азыркы күнгө чейин Жумгал автобазасында начальник болуп иштеп келе жатат. Айылдык Кеңештин депутаты.

САДЫРБАЕВ Акун (1922, Эпкин айылы – 13.12.1942) — Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Согушка чейин комсомолдун Жумгал райкомунун 1-катчысы болуп иштеген. 1942-ж. 13-декабрда душмандын 16 гранатасын тосуп алып, кайра ыргыткан. 17-граната колунда жарылып баатырларча курман болгон. Бул ж-дө «Кыргыз ССРинин тарыхында» бар.

САЗАН Кудаке уулу Мүнүшкөр, көзү ачык адам, азыркы Байзак айылынан. Куштун тилин билген, көрөгөч олуя болгон. Түлөкө баатырга "Алайдын айран көзүн", Черикчи байга "Обон сорбокту", Атай байга "Ак көкүлдү" ж.б көптөгөн бүркүттөрдөн таптап берген. Карга бийдин дүйнөдөн кайтаарын, ашта Черикчи байдын аты чыгып байге алаарын алдын ала айткан.



Саки уулу Муңайтпас



Самудинов Б



Самсалиев К

САКИ УУЛУ Муңайтпас (1878, Эмел айылы – 1974, ошол эле жер) – райондук алгачкы шахматчы. Шахматчылыгына аталарынын таасири тийген, чоң аталары Сарымсак түштүктөн чатыраш оюнун үйрөнүп келип, түндүк кыргыздарга жайылткан адамдардан болгон. 1949-ж. шахмат б-ча Нарын облустук биринчиликте биринчи, ушул жылдары өткөрүлгөн республикалык биринчиликте экинчи орундарды жеңип алган. Жыл сайын Жумгал р-нда Саки уулу Муңайтпас атындагы шахматчылардын биринчилиги өткөрүлөт.

Саламаттык сактоо отличниктери: Абдрахманова А., Абдыкадырова Гүлай, Абышов Ш., Ажиева Т. Акматбекова Бактыгүл, Байзаков Саркунбек, Имангазиева Мосин, Капинос Ф.П., Касымалиева Зуура, Маатов Турдалы, Орозобеков Аалы, Рысалиев Т.Р., Солтонкулов С., Сулайманов Талантбек, Турусбекова Зоя, Тыналиев Түнгатар, Эсенгулова Койсун, Эсентаева С., Чекирова Алтын.

САЛЫК ИНСПЕКЦИЯСЫ, Жумгал району боюнча мамлекеттик салык инспекциясы (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 127). 1990-ж. түзүлгөн. Негизги милдети: Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинде кабыл алынган салык мыйзамдарынын талабына ылайык бюджетке чегерилүүчү салык ж-а төлөмдөрдү мыйзам ченемдүү так ж-а өз убагында тиешелүү бюджеттерге чегерүү, аны көзөмөлдөө ж-а салык мыйзамын бузууга жол бербөө. Инспекциянын башчылары 1990-92-ж. Асанбеков Өмүрбек, 1992-93-ж. Асанов Жусуп, 1993-96-ж. Токтоналиев Жеңиш, 1996-2000-ж. Жакыпов Жеңиш, 2000-2001-ж. Мамырбаев Жумабек, 2001-жылдан Алжанбаев Ишенбек Инспекцияда 4 бөлүм бар, 19 кызматкер иштейт (1998).

«САМАТ» КИЧИ ИШКАНАСЫ (Чаек айылы). 1992-ж. калкты турмуштиричилик жактан тейлөө ишканалары менчиктеше баштаганда турмуштиричилик комбинаты-нын базасында түзүлгөн. Элдин суроо-талаптарына жараша заказ кабыл алат. Көбүнчө улуттук кийимдерди тигет. 8 киши иштейт. *К. Турмуш тиричилик жактан тейлөө кызматы.*

САМСАЛИЕВ Кадыралы (1907, Баш-Кууганды айылы) – колхоздоштыруруга активдүү катышуучу. Эпкин айылында дүкөнчү, «Арал» колхозунда 12 жыл башкарма болуп иштеген. Суусамыр жолункурууда саясий жетекчи болгон. 1944-ж. өз ыктыяры м-н Улуу Ата Мекендик согушка кетип кайпай калган.

САМУДИНОВ Бердибек (1955-ж.т. Баш-Кууганды айылы). 1974-76-ж.ж. Айыл чарба институнун зооинженердик факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Дыйкан колхозунда веттехник ферма башчысы, башкы зоотехник (1976-85-ж.ж.) Дыйкан колхозунда башкарманын Төрагасы (1985-91-ж.ж.) болуп иштеген. Кыргыз Республикасынын "Эл агартуу отличниги" (1989-ж.). Жумгал райондук Кеңешинин Төрагасы (1993-92-ж.ж.) Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы (1992-95-ж.ж.). Айыл чарбасын реформалоону Республикада алгачкылардан болуп райондо толугу м-н ишке ашырган 2001-ж. Баш-Кууганды Айыл Өкмөтү болуп иштейт. "Даңк" медалынын ээси (2004-ж).



Сандыбаев К



Сандыбаев К

САМҮДҮНДҮН "АЛА-БАШ" ЖОРГОСУ. 1949-75-ж.ж. чейин Жумгал районунда алдына ат чыгарбаган жорго. 1957-ж. Москвага ВДНХга декадага катышып диплом м-н сыйланган. Фрунзе ипподромунда алдына жорго ат чыгарган эмес. С. Сулайманов башкарма болуп турганда "Ала-Баш" жорго даңкка жеткен. Элде "Самүдүндүн Ала-Баш жоргосу" деген ат калган.

САНДЫБАЕВ Карыбек (1923, Байзак айылы – ошол эле жер) – 2-, 3-даражадагы Ата Мекендик даңк, Кызыл Жылдыз, 1-даражадагы Улуу Ата Мекендик согуш ордендеринин ээси. 1939-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. Танкист катары көптөгөн эрдиктерди көрсөткөн. Согуштан келгенден кийин өмүрүнүн акырына чейин мугалим болуп иштеген. Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги. Медалдар м-н сыйланган.

САНДЫБАЕВ Керезбек (21.7.1938-ж.т., Байзак айылы) – "Кыргыз Респ-нын айыл чарбасына эмгек сиирген кызматкер" (1996). 1960-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1960-61-ж. Кочкор р-нундагы «Кочкор» асыл тукум кой өстүрүү заводунда, 1961-63-ж. «Жумгал» совхозунда зоотехник, 1963-65-ж. Кочкор р-ндук айыл чарба башкармасында башкы зоотехник, 1965-66-ж. «Кызарт» совхозунун башкы зоотехниги, 1966-76-ж. «Жумгал» совхозунун директору, 1976-86-ж. Жумгал р-ндук айыл чарба башкармасынын начальниги, 1986-91-ж. Кочкор ра-нундагы «Коммунизм» совхозунун директору, 1991-92-ж. Жумгал райондук мамлекеттик администрация башчысынын 1-орун басары, 1993-95-ж, Ленин атн. колхоздун башкармасынын төрагасы, 1995-96-ж. райондук мамлекеттик акимчиликтин башчысынын орунбасары, айыл чарба департаментинин директору болуп иштеген. Ысык-Көл облустук Советине, 1966-97-ж. Жумгал р-ндук кеңешине депутат болуп үзгүлтүксүз шайланган. «Ардак Белгиси» (1973) ордени, 3 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж-а медалдар м-н сыйланган. "Мамлекетке өзгөчө эмгек сиңирген пенсионер"

САНДЫК КЫРКА ТООСУ Ички Теңир-Тоодо кеңдик багытында созулуп жатат. Жумгал кырка тоосунун чыгышында, Кызарт, Сөөк (Кочкордун куймалары), Түгөл-Сай, Кызарт (Жумгалдын куймалары) сууларынын алабында жайгашкан. Узундугу 50 *км*, туурасы 12 *км*. Орточо бийиктиги 300 *м*. Эң бийик жери 3947 *м*. Айланасындагы өрөөндөрдүн таманынан 800-1000 *м* бийиктикте көтөрүлүп жатат. Батыштан чыгышка карай жапыздап, Кочкор өрөөнүндө бөксөлүү майда адырларга (Ак-Учук, Айгыр-Жал) өтөт. Тоонун кыры негизинен тайпак, тик чокулар аз, айрым жерлеринде түбөлүк кар м-н мөңгүлөр кездешет. Тоонун түштүк-батыш тарабында, 3310 *м* бийиктикте чакан Сары-Көл көлү жайгашкан. Андан Түгөл-Сайдын оң куймасы Корумду башталат. Тоонун түндүк капталы батышында (Жалпак-Таш ж-а Кум-Бел сууларынын ортосу) жантайыңкы, Сандык өрөөнчөсү бар; чыгышында тик, Кум-Бел, Сарык капчыгайлары м-н тилмеленип, Сөөк суусунун таманына чукул түшөт. Түштүк капталы тик ж-а кыска, майда капчыгайлуу (Корумду, Сандык суусу, Кум-Бел, Килден-Суу, Чолой сууларынын). Сандык суусу Окторкой өрөөнүнүн дал ортосунан агып өтөт, негизинен сугатка пайдаланылат. Мал айдоого ыңгайлуу. Окторкой, Кум-Бел, Сандык сыяктуу ашуулары бар. Малга жайлуу. Түштүк-батыш бөлүгү төмөнкү ордовиктин гранит, гранит-

диорит, ортоңку бөлүгү пермдин сиенит-магма тектеринен, чыгышы ордовиктин жашыл бозомтук, жашыл түстөгү сланец, порфирит, туф, аки таш тектеринен турат. Тоонун түндүк-батышында Сандык өрөөнчөсү байыркы зор муздун жылышынан пайда болгон. Тоодо алюминий кени бар (к. *Сандык нефелиндүү сиенит кени).* Түндүк капталына шалбаалуу талаа ж-а шалбаа (3000 *м* бийиктикке чейин), түштүгүнө кургак талаа (2700 *м*ге чейин), талаа ж-а бадал аралашкан шалбалуу талаа (2700-2900 *м),* субальп ж-а альп талаасы, шалбаа, андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары мүнөздүү. Жаныбарлардан суур, кашкулак кездешет. Чоң-Дөбө дыйкан чарбасынын ж-а Кочкор р-нунун малы жайылат.

САНДЫК НЕФЕЛИНДҮҮ СИЕНИТ КЕНИ Таш-Дөбө айылынан 25 *км* түндүктарапта. Жумгал кырка тоосунун чыгыш учундагы Сандык тоосунда жайгашкан. 1953-ж. табылган. 1958-61-ж. Сандык массивинин түндүк бөлүгүндөгү бир участка (Чечекти) чалгындалган. Кен аймагында палеозойдун аягында жиреп чыккан сиенит интрузиясы кеңири таралган. Пайдалуу тоо тек – нефелиндүү сиенит магма комплексинин 2-фазасында пайда болуп, шток түрүндө жатат. Нефелиндүү сиенит негизинен калийлүү талаа шпатынан (60-65%), нефелинден (22,5%), калганы түстүү минералдардан (биотит, пироксен) турат. Нефелиндүү сиениттен алюминий кычкылын бөлүп алуу мүмкүнчүлүгү аныкталган. Анын өлчөмү 20,09%ке жетет.

САНИТАРИЯ-ЭПИДЕМИОЛОГИЯ СТАНЦИЯСЫ (Чаек айылы, Шаршенбай Айылчиев көчөсү, 67). 1932-ж. Чаекте 25 орундуу оорукана уюштурулуп, анын курамында санитария-эпидемиялык топ иштеген. Алар ошол убактагы жугуштуу ооруларды (кара тумоо, чечек, безгек, котон жара ж.б.) дарылоо ж-а алдын алуу б-ча көп иштерди аткарышкан. Радиусу 190 *км* аймактагы райондун калкын жөө кыдырышып, башкы врач Э.Н.Бакиндан жетекчилиги м-н К.Нигматулин, Н.А.Галушко, Л.И.Гужавина, А.П.Капинос, Э.Н.Бланк, Н.Азусулина, З.Касмалиева, А.Кудайбергенов, К.Тургуналиевдер эмдөө, алдын алуу иштерин жүргүзүшкөн. 1955-ж. райондук санэпидстанция болуп түзүлгөн. 1970-ж. өз алдынча бөлүнүп, имараты, лабораториясы, гаражы, чарбалык жайлары курулган. Райондун аймагында санитария-гигиеналык эрежелерди, нормаларды сактоодо мамлекет-тик көзөмөл ж-а жугуштуу оорулардын алдын алуу иш чараларын жүргүзөт. Райондук СЭСте өкмөттүк программаларды ишке ашыруу, элди таза суу, мончо, санитариялык жактан деңгээлин көтөрүү ж.б. б-ча 30 жылдан ашык иш тажрыйбалары бар эмгек ардагерлери Ш.Балбакова, М.Ниязалиева, М.Абдырахманова, З.Мусаева, С.Акматов, С.Сүймөналиева, А.Кожоналиева ж.б. эмгектенишет. Облустук СЭСке баш иет. Санитария ж-а эпидемиология бөлүмдөрү, тамак-аш ж-а бактериология лабораториялары, Миң-Кушта бөлүмчөсү (анда 1 эпидемиолог, 1 санврачтын жардамчысы, 1 лаборант иштейт) бар. 1998-ж. райСЭСте жалпы 10 врач, 20 орто билимдүү медицина кызматкерлери иштейт (а.и. 1 врач-жогорку, 5 врач-биринчи, 10 медицина кызматкери-жогорку, 6сы – биринчи, экөө – экинчи категорияга ээ). Башкы врачтары: 1955-58-ж. Н.А.Галушко, 1958-75-ж. Э.Н.Бланк, Жапаркулов, С.Солтонкулов, Б.Жусупбеков, 1975-90-ж. С.Байзаков, 1990-94-ж. А.Сыдыканов, 1994-жылдан Ринат Муктасов.

САПАРАЛИЕВ Нурдин (1922-ж.т., Багышан айылы) – 1963-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун бүткөн. 1939-41-ж. Чоң-Дөбө сегиз жылдык мектебинде мугалим, директор, 1941-42, 1946-48-ж. Жумгал РК партиясында инструктор, 1949-51-ж. Кыргыз ССР КП БКнын алдындагы партиялык мектиптин угуучусу, 1952-53-ж. райондук МТСтин


Сапаралиев С


Сапаралиев Т


Сарадаев А


Сарбагышев О

директорунун орун басары, 1953-56-ж. райаткомунун төрагасынын орун басары, 1957-62-ж. «Жумгал» совхозунун партиялык комитетинин катчысы, 1963-74-ж. «40 лет Киргизии» атн. колхоздун төрагасы. 1975-82-ж. «Кызыл-Туу», «Өрнөк» колхоздорунда башкы зоотехник. 1938-ж. бери персоналдык пенсияда. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 2-даражадагы Ата Мекендик Согуш, Даңк, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар м-н сыйланган. Райондук, облустук советке депутат болуп шайланган.

САПАРАЛИЕВ Сусамырбек Нурдинович (29.12.1947-ж.т., Чаек айылы) – 1966-ж. Фрунзе финансы-экономикалык техникумун, 1972-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. Ат-Башы райайылчарбатехникасында Жумгал райайылчарба башкармасында улук бухгалтер, 1974-79-ж. Кыргыз Респ-нын Финансы министрлигинин Көзөмөл-текшерүү башкармасында көзөмөл-текшерүүчү, 1979-92-ж. КР Финансы министрлигинин Көзөмөл-текшерүү башкармасынын Ысык-Көл ж-а Нарын области б-ча жетекчиси, 1992-ж. КР Финансы жана экономика министрлигинин башкы көзөмөл-текшерүү башкармасынын жетекчиси (начальниги), 1993-96-ж. КР өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик финансы инспекциясынын директорунун орун басары, 1996-ж. КР өкмөтүнө караштуу Баалуу кагаздардын рыногу б-ча Мамлекеттик комиссиясынын жооптуу кызматкери ж-а мамлекеттик кызмат – Комиссиянын мүчөсү болуп иштеп келет. КР Ардак грамотасы менен сыйланган (2000).

САПАРАЛИЕВ Темирбек Ибираимович (5.5.1963-ж.т., Чаек айылы) – Кыргыз Респ-нын Архитекторлор союзунун мүчөсү (1991). 1985-ж. Бишкек политехника институтунун архитектура факультетин бүткөн. 1985-86-ж. «Кыргызколхозагро-өнөржайдолбоор» долбоорлоо институтунда архитектор, 1986-88-ж. Жумгал р-ндук архитектуралык пландаштыруу бюросунун жетекчиси, 1988-89-ж. «Модуль» көркөмдөп-жасалгалоо кооперативинин улук архитектору, 1989-жылдан Жумгал р-нунун башкы архитектору. Чаек айылындагы базар, парк, мечит, айрым менчик турак үйлөрдүн ж.б. автору.

САРАДАЕВ Асыранбек (1942-ж.т. Жаңы-Арык айылы) Кыргыз айыл чарба институтун сырттан окуп бүтүргөн (1982-ж.). Ферманын зоотехниги, башкы зоотехник, директордун орунбасары болгон (1993-94-ж.ж.) Жаңы-Арык айыл Кеңешинин Төрагасы, Өкмөтүнүн башчысы (1996-ж.) болуп иштеген. Азыр «Сейсултан» кооперативдик чарбанын жетекчиси. 2 жолу райондук, 4 жолу айылдык Кеңешке депутат. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

САРБАГЫШЕВ Отунчу (1909, Чаек айылы – 8.3.1944, Бишкек ш.) – кыргыздын тунгуч режиссеру ж-а актеру. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген артисти (1939). Театр ишмердиги 1928-жылдан башталган. 1928-36-ж. Кыргыз мамлекеттик театрында актер, 1938-41-ж. Республикалык балдар театрында режиссер ж-а актер, 1941-44-ж. Кыргыз



Сарбагышев У



Сартбаев Р



Сартов Б

мамлекеттик драма театрында режиссер болуп иштеген. Аткарган ролдору: Корбашы (Ж.Бөкөнбаев, «Алтын кыз»), Командор (Лопе де Вега, «Токойлуу булак»), Таз (О.Сарбагышев, «Көкүл»). Н.В.Гоголдун «үйлөнүү», Р. Шүкүрбековдун «Сапар», М.Токобаевдин «Кайгылуу Какей», К.Жантөшевдин «Кичине баатыр», «Курманбек» драмаларын ж-а Ж. Мольердин «Акмак болгон күйөө» комедиясын койгон. Анын режиссердук дараметин таанытткан К.Жантөшевдин «Курманбек» драмасы б-ча койгон спектакль (1944) болгон. Ал «Көкүл», «Улуу мерген» драмаларынын ж-а «Чолпон» балетинин либреттосунун (Л.Крамеревский м-н бирге) автору.

САРБАГЫШЕВ Уран Отунчу уулу (11.12.1934-ж.т., Бишкек ш.) – балет артисти, балетмейстер. Кыргыз Респ-нын эл артисти (1967). 1955-ж. Ленинграддагы мамлекеттик академиялык хореография окуу жайын бүткөн. 1955-жылдан Кыргыз мамлекеттик опера ж-а балет театрында актер, 1966-жылдан башкы балетмейстери, 1958-ж. кыргыз адабияты м-н искусствосунун Москвада өткөн 2-декадасына катышкан. Аткарган ролдору: Альберт («Жизель»), Конрад («Корсар»), Вацлив («Бакчы сарай фонтаны»), Зигфрид («Ак куу көлү»), Ромео («Ромео жана Жульетта»), Тентек («Бой жеткен жана тентек»). «Саманчы жолу» (Ч.Айтматов), «Асель» (В.Власов), «Маңкурт жөнүндө баян» (К.Молдобасанов) ж.б. 15 балет-ораторияны, улуттук операнын концерттик оюндарын койгон. СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

САРСЕЙИТОВ Ашыралы (1907-1974-ж.ж.) Фрунзе педтехникумун, партиялык мектепти окуп бүткөн. Кемин, Кетмен-Төбө, Чоң-Алай, Таш-Көмүр, райондорунда партиянын I катчысы болуп иштеген. Райондун токой чарбасы, МТС керек-жарак коому, Эл агартуу, суу чарбасын жетектеп турган. Чаек колхозунда башкарма, айылдык Кеңештин Төрагасы болгон.

САРТБАЕВ Ракматалы (15.11.1934-ж.т., Кайырма айылы) – Социалисттик Эмгектин Баатыры (1957). 1962-ж. Ысык-Көл айыл чарба техникумун бүткөн. 1948-жылдан «Чаек» колхозунда чабандын жардамчысы, 1951-жылдан баш чабан болуп иштеген. Ар жүз тубар койдон 125-140тан козу, ар бир койдон 4,2 *кг*дан жүн алган. СССР Жогорку Советинин 2 жолку депутаты (1957-64). Ленин (1958), Эмгек Кызыл Туу (1955) ордендери м-н сыйланган.

САРТОВ Беганас (15.8.1945, Жаңы-Арык айылы – 8.8.1978, ошол эле жер) – жазуучу-фантаст, акын, кыргыз адабиятында фантастика жанрын негиздөөчүлөрдүн бири. КМУнун филология факультетин бүткөн. Кыргызтелерадио комитетинде режиссердун жардамчысы, эл чыгармачылык үйүндө методист, «Кыргыз маданияты» гезитинде кызматкер, «Мектеп» басмасында редактор, улук редактор болуп иштеген. «Жылдыздар балладасы» (1971), «Ааламда адашкандар» (1974), «Мамыры гүлдөгөн маалда» (1978), «Эридиана» (1982) аттуу фантастика ж-а илимий фантастикалык повесттер ж-а аңгемелер жыйнактары, «Маанай» (1976) аттуу ыр китеби жарык көргөн. 1976-ж. Москвада өткөн Бүткүл



Сарыбаев А



Сарыгулова Т

союздук фантасттардын 1-семинарынын катышуучусу. Фантастикалык чыгармалардын бүткүл союздук ж-а республиканын конкурстарынын бир нече жолку лауреаты. Көптөгөн акындардын ырларын кыргызчага которгон. 1970-жылдан «Тоо жылдызы» адабий ийримин жетектеген. «Учкун» альманахын негиздеген. Пьеса, интермедия, очерк, фельетон, көркөм сын макалалары да бар.

САРЫБАЕВ Айылчы (24.11.1948-ж.т., Кайырма айылы) – экономика илимдеринин доктору, доцент (1993). 1966-ж. Бишкек финансы-экономикалык техникумун, 1974-ж. КМУнун экономика факультетин бүткөн. 1966-67-ж. Ысык-Кол р-ндук эл агартуу бөлүмүндө бухгалтер, 1967-69-ж. Жумгал р-ндук финансы бөлүмүндө экономист, райондук камсыздандыруу инспекциясында башкы бухгалтер, 1974-94-ж. КМУнун финансы ж-а кредит кафедрасында окутуучу, улук окутуучу, доцент, 1994-96-ж. Экономика министрлигинин экономикалык илим изилдоо институтунда бөлүм башчы, 1997-98-ж. Кыргыз агрардык академиясында кафедра башчы, Бишкек финансы-экономикалык академиясында 1-проректор, ошол эле учурда финансы ж-а бухгалтердик эсеп кафедрасынын башчысы, КМУУнун «коммерция» кафедрасынын башчысы, профессор. Илимий иштери негизинен финансы ж-а банк системасы б-ча. 40тан ашык илимий-усулдук эмгектин (а.и. 1 китеп) автору.

САРЫ-БУЛУҢ – айыл, Кабак айыл өкмөтүнө карайт. Жалпы аянты 43 *га*. Балыкчы темир жол бекетинен 221, Чаектен 36 *км* аралыкта. Калкы 196 (1998), 52 түтүн. Мында «Миң-Куш» акционердик коомунун «Маринка» пансионаты жайгашкан (50 киши эс алат).

САРЫГУЛОВ Насыр (1917-45-ж.ж. Куйручук айылы). I даражадагы «Кызыл Жылдыз» ордени, 4 медалы бар. Ага лейтенант, согушка чейин комсомолдук кызматтарда иштеген. 1944-ж. Эл агартуу министрдин орунбасары болуп иштеген.

САРЫГУЛОВА Турганбүбү (1922-74, Кызыл-Туу айылы) – колхоз өндүрүшүн уюштурууга активдүү катышуучу, райондогу алгачкы аял жетекчилерден. 1957-ж. Алматы партиялык жогорку мектебин бүткөн. 1952-56-ж. Жумгал р-ндук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1957-59-ж. Кызыл-Туу айыл кеңешинин төрагасы, 1959-60-ж. «Кызыл-Туу» колхозунун башкармасы, 1960-74-ж. Багышан орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, мугалим болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган (1956).

САРЫ-КАМЫШ – Жумгалдын Токтогул р-ну м-н чектешкен жерине жайгашкан айыл. Кабак айыл өкмөтүнө карайт. Бул айыл Кең-Суу, Кичи-Таалга, Чоң-Таалга, Котур-Суу, Кожосойду, Кыргоонун бели, Көл, Чат, Ак-Колот, Кара-Баткак ж.б. майда элдүү пункттардан куралган. Калкы 380 адам, 66 түтүн (1997). Орто мектеп (60 окуучу, 12 мугалим), китепкана бар. Айылдын аты ошол аймакта өскөн турмуштук керектөөлөргө жарактуу жоон-жоон камыштарга байланыштуу аталган деп боолголонот.

САРЫ-КАМЫШ КЫРКА ТООСУ – Суусамыр кырка тоосунун Жумгал р-нуна караштуу түштүк-чыгыш тармагы. Көкөмерен ж-а Көбүк суусунун аралыгында. Кендик б-ча 30 *км*ге созулат. Туурасы 17 *км*, орточо бийиктиги 3800 *м*, эң бийик жери 4012 *м*. Ортоңку бөлүгү бийик, мөңгүлүү, түштүк капталы узун ж-а тигирээк, түндүгү кыска ж-а жантайыңкы: батыш бөлүгү аскалуу,

капталдары кокту-колоттуу; ортоңку бөлүгүндө тик чокулар, жалама беттер көп, терең капчыгайлар бар; чыгышы негизинен түзөң, байыркы түздүк-төрдүн калдыктары кездешип, капталдары Көкөмерен суусуна карай жантайыңкы. Тоодон Көкөмерендин сол куймалары: Көбүк-Суу, Кашка-Суу, Туура-Суу, Туура-Кайын, Кара-Күңгөй, Туура-Терек, Кичи-Жотош, Чоң-Дөбө, Сары-Булак, Ичке-Суу, Көк-Суу, Жер-Көчкү, Табылгы, Ак-Балтыркан, Көк-Сай суулары агып түшөт. Негизинен интрузия тектеринен турат. Жарым чөл, кургак талаа ж-а аралаш өскөн талаа (2400 *м* бийиктикке чейин), 3000 *м*ге чейин бадалдуу, айрым жеринде токою бар шалбаалуу талаа ж-а шалбаа, 3700 *м*ге чейин субальп, альп талаасы ж-а шалбаа, андан жогору нивалдык-гляциалдык ландшафт алкактары тараган. Жайыт, чабынды жерлери арбын.

САРЫ-КӨЛ – Жумгал кырка тоосунун түштүк капталындагы туюк тоо көлү. Сандык-Суу ж-а Корумду өрөөндөрүнүн аралыгындагы суу бөлгүчтөгү чуңкурчакта жатат. Деңиз деңгээлинен 3310 *м* бийиктикте жайгашкан. Аянты 2 *км*^{2}. Эң терең жери 0,5 *м*. Көл чанагы табак формасында. Көлгө суу куйбайт, негизинен кар, жаан-чачын, булак сууларынан толукталат. Деңгээли жыл мезгилдеринде 2 *м*ге чейин өзгөрөт. Көлдүн айланасы тектирлүү (бийиктиги 2 *м*ге чейин). Жээгинде саздак жерлер, кумдуу пляждар бар. Көлдөн Корумду суусу агып чыгат. Көлдүн үстүндөгү муз майдын аягы, июндун башында эрий баштап, Корумду суусунун деңгээли 1,5 *м*ге чейин көтөрүлөт.

САСЫКОВ Жусуп (1909-19-ж.ж. Кара-Балта району) Жумушчу жаштар мектебин бүтүргөн (1929-ж.). Филармонияда экономист (1930-31 ж.ж.). Бишкекте финансы бөлүмүндө финагент, Жумгал рай. соода бөлүмүнүн башчысы, банк башкаруучу, комсомол райкомунун катчысы, Кыргызстан комсомолунун 2-съездине делегат (1935-38-ж.ж.) райкомдо жооптуу катчы, Ак-Татыр колхозунда



Сасыков Ж



Сатаров Э

башкарма, МСОнун Төрагасы. Совет ГЭСтин директору болуп иштеген. Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы м-н 2 жолу, Лениндин100 ж. юбил. медалы ж.б. медалдар м-н сыйланган.

САТАРОВ Эсенгелди (27.3.1942-ж.т., Кайырма айылы) – Кыркыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1993). 1960-61-ж. Токмоктогу республикалык маданий-агартуу окуу жайынын театр бөлүмүндө окуган. 1969-ж. Ташкендеги А.Д.Островский атн. театр ж-а көркөм сүрөт институтунун актердук факультетин бүткөн. 1969-жылдан Кыргызфильм киностудиясында режиссер, 1971-жылдан Нарын облустук музыкалуу драма театрында актер. Театрда иштегенден бери 100гө жакын образдарды түзгөн. Ал ар кыл пландагы каармандардын образын түзгөн актер. Аткарган негизги ролдору: Шпекин (В.Гоголь, «Текшерүүчү»), Монтано, Герцог Коркуэл (У.Шекспир, «Отелло», «Король Лир»), Разумихин (Ф.М.Достоевский, «Кылмыш жана жаза»), Обер Кандалов, Бекбай, Чынгызхан, Эдигей (Ч.Айтматов «Кыямат», «Эрте жаздагы турналар», «Сары өзөктөгү өлүм»), Чоочун киши (М.Жакыпов, «Кара медальон»), СССРдин элчиси (С.Михалков, «Кымбат бала»), Ш.Айылчиев (Б.Жакиев, «Унутулгус күндөр»), Ормон (М.Гапаров, «Дарыянын шоокуму») ж.б. Режиссер катары К.Ажимудуновдун «Тирүүлөй өлүк» комедиясын койду. «Приватташтыруу», «Айылчылар», «Оору» ж.б. сатираларды жазган, озүнүн жазган ырларына обон да чыгарат.

САТЫБАЕВ Саалы (1901-1968-ж.ж.) Октябрь төңкөрүшүнөн кийин



Сатыбаев Т



Сатыбеков М

Кыргызстандын түндүгүндө жер-суу реформасынын жүзөгө ашырууга катышкан. Кыргыз Автономиялуу Республикасынын Аткаруу комитетинин мүчөсү, 1928-ж. Сталин (Кочкор, Жумгал бириккен кезде) районунун 1930-32 ж.ж. Жумгал районунун Аткаруу комитетинин Төрагасы болгон. Аталган райондордо колхоздоштырууга активдүү катышкан. 1938-ж. репрессияга туш болгон. Кийин акталып чыккан. Кыргызстан Эл чеберлер Союзунун мүчөсү (1990).

САТЫБАЕВ Таалайбек (1957-ж.т. Кызыл Туу айылы) Фрунзедеги № 93 профтех. окуу жайын бүтүргөн. Адистиги – мүйүздөн белектерди жасайт. «Кыялда» Генералдык директордун орунбасары болуп иштеген. Чаек этнографиялык музейде анын мүйүздөн, сөөктөн жасаган ар түрдүү белек-бечектери коюлган (2001-ж.). Чыгармачылыгы үчүн алтын медаль м-н сыйланган.

САТЫБЕКОВ Мелисбек (1950-ж.т. Чаек айылы) 1971-76-ж.ж. КМУнун тарых факультетин артыкчылык диплому м-н аяктаган, Лениндик стипендиант, факультеттин комсомол уюмунун катчысы болгон. Студент кезинде Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы м-н сыйланган. 1991-ж. КМУнун экономика факультетин сырттан окуп, (1976-ж.) КПССтин тарых кафедрасында окутуучу болуп иштеген. КМУнун комсомол комитетинин катчысы болуу м-н Жогорку окуу жайлар советинин мүчөсү, болгон. 1980-85-ж.ж. – Кыргызстан ЛКЖС БКнын студентик жаштар бөлүмүнүн башчысы. 1985-86-ж.ж. – Кыргызстан КПнын Фрунзе шаарккомунун пропаганда ж-а агитация бөлүмүнүн инструктору, 1986-90-ж.ж. Свердлов райондук комитетинде уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, КР Министрлер Советинин Иш башкармалыгынын социалдык-маданий мекемелер бөлүмүнүн жетектөөчү адиси (1990-92-ж.ж.), Министрлер Кабинетинин социалдык-маданий мекемелер маселелери боюнча тобунун референти (1992-94-ж.ж.) Өкмөт Аппаратынын социалдык чөйрө, басма сөз ж-а мамлекеттик тил бөлүмүнүн референти, башчысы, Өкмөт Аппаратынын эмгек, социалдык жактан коргоо, туризм ж-а спорт бөлүмүнүн башчысы (1994-1997-ж.ж.) 1999-ж. баштап социалдык-маданий өнүктүрүү башкармалыгынын начальнигинин орунбасары – уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, социалдык-маданий өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, 2001-ж. Премьер-министринин Аппаратынын жетекчисинин орунбасары 2004-ж. I орунбасары болуп эмгектенет. 1994, 1996, 1999 ж-а 2000-ж. Кыргыз Республикасынын спорттук делегацияларын даярдоо маселелери боюнча иш жүргүзгөн ж-а Хиросима ш. (Япония) XII Азия Олимпия оюндарынын, Атланта ш. (АКШ) XXVI Олимпия оюндарынын, III-борбордук Азия оюндарынын ж-а Бишкек ш. кикбоксинг боюнча XII Дүйнөлүк чемпионаттын ж-а Сидней ш. (Австралия) XXVII Олимпия оюндарынын катышуучусу болгон. Юбилейлик иш-чараларга даярдык көрүүгө ж-а өткөрүүгө активдүү катышкандыгы үчүн «Манас эпосуна 1000 жыл» эстелик медалы м-н сыйланган, 1999-ж. Оштун 3000 жылдыгын майрамдоого даярдык көрүүгө карата иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча иштерди жүргүзгөн, 2000-ж. юбилейге даярдык көрүү ж-а майрамдоо боюнча координатору болгон, "Ош-3000" эстелик медалы м-н сыйланган. 2000-ж. «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» наамы ыйгарылган. 2002, 2003 ж-а 2004-

жылдары Бишкек Глобалдуу Тоо Саммитине, кыргыздардын II Бүткүл дүйнөлүк курултайына ж-а Чолпоната ш. болгон КМШ Өкмөт башчылары кеңешинин заседаниясин өткөрүү боюнча жумушчу топторду башкарган. 2002-ж. "КР Куралдуу күчтөрүнө 10 жыл" эстелик медалы м-н сыйланган. 2003-ж. КР Чек ара кызматы түзүлгөнүнө байланыштуу КР Чек ара кызматынын коллегия мүчөсү болуп дайындалган, КР Чек ара кызматынын II даражадагы медалы м-н, 2004-ж. КМШ Аткаруу Комитетинин грамотасы м-н сыйланган, запастагы подполковник.

СЕЙТАЛИЕВА Күлшара Кенчи кызы (15.7.1927-ж.т., Чаек айылы) – жогорку сынаптагы чебер-сүрөтчү, саймачы, оймочу, бычмачы, элдик чебер. 1943-48-ж. Жумгалда мугалим, 1949-56-ж. Аламүдүн р-нунун «Таш-Дөбө» айылында жардамчы чабан, кийин «Кыял» элдик көркөм кол өнөрчүлүк бирикмесинде көркөм оюм м-н үлгү жаратуучу чебер-сүрөтчү болуп иштеген. Улуттук кийимдердин бардык түрүн (кандагайдын 4, кементайдын 3, белдемчинин 4, калпактын 17 түрүн ж.б.) бычат ж-а тигет. Шырдактын 7 түрүн жасайт. Кийизге, өз алдынча оюм салат, кездемеге көчөт түшүрөт, көркөм оюм ыкмасы аркылуу курак курайт. Кийимдерге саймалап көркөм оюмдарды ж-а көчөттөрдү түшүрөт. Боз үйдү жасалгалайт. Айрым буюмдары өнөр жайлык негизде көп нускада чыгарылган, музейге коюлган. 1990-жылдан Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү. Эл чеберлеринин көптөгөн кароо-сынактарына, конкурстарына кийиз буюмдары, шырдактары, элдик кийим-кечектери, сайма буюмдары м-н катышып, лауреаттык наамга, дипломдорго ээ болгон.

СОЛОБАЕВ Темирлан (1963-ж.т. Чаек айылы) 1985-ж. Фрунзедеги политехникалык институтту (2001-ж.), КГМУну бүтүргөн. Курулуш инженери, тоо инженери адистиктерине ээ. 1985-92-ж.ж. Чүй облусунда, райондорунда



Солобаев Т



Солтонбеков Ы

инженер ПТО, мастер болуп иштеген. Жумгал МСО, СПТУ-26-да мастер, комсомолдун райкомунда нускоочу, райкомдо начальниктин орунбасары, райондук Кеңештин орунбасары, райондук Кеңештин депутаты болгон.

СОЛТОБАЕВ Сагындык (1912, Кызарт айылы – 1987, ошол эле жер) – 1945-51-ж. «Кызыл эмгек» колхозунда башкарманын төрагасы, кийин «Кызарт» совхозунда ар кандай жумуштарда эмгектенген. Медалдар м-н сыйланган.

СОЛТОНБЕКОВ Бирлик Ырсалиевич (1931-ж.т., Кегети айылы) – философия илиминин кандидаты (1969). М.В. Фрунзе атн. Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун биология-кыртыш тааануу факультетин бүткөн. 1958-63-ж. Кыргыз ССР эл агартуу министрлигинде улук инспектор, 1963-66-ж. Жалал-Абад педагогикалык атайын орто окуу жайында директор, 1966-70-ж. Кыргызстан КП Жалал-Абад шаарком унун 2-катчысы, 1971-79-ж. Ош пединститутунун парткомунун катчысы, улук окутуучу, доцент, 1976-жылдан КМУда доцент. Бир катар илимий эмгектердин автору.

СОЛТОНБЕКОВ Ырысалы [1883, Шамшы болушу, Пишпек уезди, азыркы Чүй р-ну (ата-бабасы Жумгалдан ооп келген) – 27.7.1965, Жаңы-Арык айылы] – Түндүк Кыргызстанда совет бийлигин орнотуу ж-а чыңдоо үчүн күрөшкө катышуучу. 1916-ж. үркүнгө катышкан. Молдодон билим алган. Кийин кечки мектептен окуган. 1918-жылдан КПСС мүчөсү. 1917-ж. октябрдан Пишпектеги большевиктик жашырын топко кирген. Түркстан компартиясынын 2-съездинин



Солтонкулов С

(1918-ж., декабрь) делегаты. 1918-19-ж. РКП(б)нин Пишпек езддикшаардык комитетинин ж-а езддик советтин жооптуу кызматкери. 1919-22-ж. Пишпек уездинин Кедейлер комитетинин, «Кошчу» союзунун Төрагасы. Нарын козголонун басууга, Кетмен-Төбө өрөөнүндө басмачыларга каршы күрөшкө, Ысык-Көл, Нарын, Чүй өрөөн-дөрүндө кедейлер союздарын, партиялык ячейкаларды уюштырууга катышкан. 1921-ж. Олуя-Атада өткөн партиялык съездде ал Пишпек уезди б-ча жер-суу реформасын жүргүзүү комиссиясынын төрагалыгына шайланган. 1922-25-ж. «Тоо аркасы болушунун» (Кочкор, Жумгал, Суусамыр өрөөндөрү) аткаруу комитетинин төрагасы. 1925-28-ж. Каракол, Нарын уездинде администрациялык бөлүмдүн башчысы, 1928-29-ж. Сталин р-нунда (Кочкор, Жумгал, Суусамыр) милициянын начальниги, 1929-33-ж. Кыргыз ССР жер иштетүү комиссарлыгында колхоз-товарлык фермалар секторунда жетекчи кызматтарда иштеген. 1933-ж. негизсиз репрессияланып, 10 жылга эркинен ажыратылган. 1944-ж. бошоп келген. 1965-жылга чейин чарбалык жумуштарда иштеген. 1957-ж. толук актады, партиялуу-лугу калыбына келтирилген. Иниси Солтонбеков Нуралы (1898-1937) дагы совет бийлигин чындоого активдүү катышкан.

СОЛТОНКУЛОВ Сатыбек (1934-ж.т. Жаңы-Арык айылы). 1957-ж. Кыргыз мамлекеттик медицина институтун бүтүргөн. 1957-69-ж.ж. Ак-Талаа, Ат-Башы райондорундагы СЭСтин башкы дарыгеринин орунбасары 1969-78-ж.ж. Жумгал районундагы оорукананын башкы дарыгери, 1978-ж. жүгүртүү оорулар бөлүмүндө дарыгер, бөлүм башчы болуп иштейт. 1994-ж. бери пенсияда. «Саламаттыкты сактоонун отличниги». Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган.

СОЛТОНКУЛОВ Узак (9.5.1914, Баш-Кууганды айылы – 5.12.1997, ошол эле жер) – Кызыл жылдыз, 3-даражадагы Даңк орденинин ээси. 1939-46-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-жылдан сактык кассасынын башкаруучусу, «Дыйкан» колхозунда кой фермасынын башчысы, кампачы болуп иштеген. Медалдар м-н да сыйланган.

СОЛТОНКУЛОВА Шамши (1941-ж.т., Кызыл-Ой айылы) – саймачы. Мектепте лаборант, турмуш-тиричилик үйүндө бычмачы-тикмечи болуп иштеген. Көптөгөн оюм-көчөттөрдүн үлгүсүн жараткан саймачы катары таанылган.

СОҢ-КӨЛ – Ички Тянь-Шандагы көл, Молдо-Тоо, Соң-Көл, Боор-Албас тоолору-нун аралыгындагы бийик тоо өрөөнүндө (Соң-Көл *өрөөнү)* деңиз деңгээлинен 3013 *м* бийиктикте жайгашкан. Нарын дарыясынын алабында. Узундугу 29 *км,* жазылыгы батышында 18 *км*ге жетет, аянты 270 *км*^{2} (Кыргызстанда аянты б-ча Ысык-Көлдөн кийинки 2-көл). Суунун көлөмү 2,64 *км*^{3}, орточо тереңдиги 9,2 *м,* эң терең жери 13,2 *м* (түндүк батышында); чыгышы тайыз (4-5 *м*). Түбү тегиз. Көлгө 18 суу (ирилери: Ак-Таш, Жаман-Эчки, Өзбек, Кара-Кечүү, Куртка, Таш-Дөбө, Кум-Бел, Кумдуу-Суу) куюп, Кажырты суусу агып чыгат. Көл чанагы антропогендин башталышында тектоникалык кыймылдын натыйжасында ийилген байыркы денудациялык тегиздиктин бир бөлүгү. Антропогендеги муз каптоодо айрым жерлеринде муз жаткан. Көлдүн пайда болушу орто эсеп м-н 4 миң жылга барабар. Жээк сызыгынын узундугу 102 *км.* Түштүк-чыгыш бөлүгү тайпайып, саздакка айланып, жалпы аянты 0,3225 *км*^{2}ге жеткен аралдарды пайда кылат. Суунун температурасы жайында 11-12°С, кышында -3°Сден ашпайт. Ноябрдын башында тоңуп, май айында ачылат. Муздун калыңдыгы 1 *м*ге жетет, Суу агып

чыккандыктан көлдүн деңгээли анчейин өзгөрбөйт. Антропоген мезгилинен баштап суу деңгээлинин төмөндөй беришинен жалпы бийиктиги түндүк-батышында 34,1 *м*ге, түштүгүндө 11,3 *м*ге жеткен тектирчелер пайда болгон. Суусунун тунуктугу 7 *м*, тузсуз гидрокарбонаттуу-сульфаттуу-калцийлүү суулардын түрүнө кирет. Минералдуулугу 341-446 *мг/л*, чыгышында 249 *мг/л*. Кычкылтек м-н камсыз болушу 7,7-11,0 *мг/л*. оңү көгүш. Көлдө камыш, рдест, олоң чөп, жашыл-күрөң балырлар ж-а биомассасынын запасы 8813,5 *т*га жеткен зоопланктондун 17 түрү кездешет. Балыктын бир нече түрү (каңылтыр, линь, көк чаар, пельяд, сиг, чир, жилингир) ж-а ондатра байырлаштырылган. Балык кармалат. Келгин куштар (каз, өрдөк, аңыр ж.б.) көп.

«СОҢ-КӨЛ» – кинотеатр (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 74). 1968-ж. курулган. 300 орундуу, 2001-жылдан райондук маданият үйү аталат.

СОҢ-КӨЛ МАМЛЕКЕТТИК КОРУК УЧАСТКАСЫ Ысык-Көл мамлекеттик коругуна карайт. Кочкор, Нарын, Жумгал, Ак-Талаа р-ндорунун чегинде жайгашкан. Бийик тоо көлү – Соң-Көлдүн акваториясын ж-а чет-жакасындагы суу-саз жерин бүт камтыйт. 1989-жылга чейин Соң-Көл мамлекеттик зоология заказниги деп аталган. Аянты 30 миң *га*.

СОҢ-КӨЛ ӨРӨӨНҮ Кочкор, Жумгал, Нарын, Ак-Талаа р-ндорунун аймагында. Соң-Көл, Молдо-Тоо, Боор-Албас кырка тоолорунун ортосунан орун алган. Кеңдик багытта 60 *км*ге созулат. Туурасы 30 *км*. Таманын Соң-Көл көлү ээлейт. өрөөндүн таманы деңиз деңгээлинен 3000-3400 *м* бийикте жатат; неогенге чейинки байыркы денудациялык түздүк. Неоген ж-а антропоген мезгилдеринде ийилип, Соң-Көл синклиналы пайда болгон. Жар-Таш ж-а Ак-Таш сууларынын аралыгы түзөң, саздак; түштүк-чыгышы (Соң-Көл, Куртка сууларынын аралыгы) чөкмө тектүү тоо этегиндеги түздүк; түштүк-батышы түзөң. өрөөндүн батышында палеогендин ж-а неогендин чопо, гипс, кумдук, гравелит, чыгышында антропогендин чөкмө тектери жатат. Климаты континенттик. Жылдык орточо температурасы – 3,5°С, январдыкы – 20°С , июлдуку – 11°С. Жаан чачыны 350-400 *мм*. Суулары: Ак-Таш, Жаман-Эчки, Өзбек, Каракечүү, Куртка, Таш-Дөбө, Кум-Бел, Кумдуу-Суу ж.б. Тоолуу шалбаа топурагы; субальп ж-а (3000-3400 *м* бийикте) ж-а альп (3400-3500 *м*) өсүмдүктөрү мүнөздүү. Кочкор, Жумгал, Нарын, Ак-Талаа р-ндорунун жайлоосу.

СОҢ-КӨЛ ТООСУ Жумгал ж-а Кочкор р-ндорунун аймагы; Жумгал ж-а Соң-Көл өрөөндөрүн бөлөт. Каракечүү өрөөнүнөн (батышта) Долон ашуусуна (чыгышта) чейин түндүктү көздөй ийилип, 92 *км*ге созулат. Эң жазы жери 9 *км*. Орточо бийиктиги 3560 *м*, эң бийик жери 3856 *м*. Соң-Көл өрөөнүнөн 500-600 *м*, Жумгалдан 1400-1600 *м* бийик жайгашкан. Асимметриялуу түзүлүштө, түндүк бети тик, түштүгү 6-7°ка жантайган байыркы денудациялык түздүктүн калдыгы. Аска-зоока м-н мөңгү жокко эсе. Байыркы мөңгүлөрдүн издери бар. С.т.-герцин тектоникалык бүктөлүүсүндө пайда болгон татаал түзүлүш. Кембрийдин эффузия-чөкмө, ордовиктин терриген ж-а аларды жиреп чыккан гранит-диорит тектеринен турат. Түштүк капталына шалбаалуу талаа ж-а тоолуу субальп (3100-3600 *м*) ж-а гляциалдык-нивалдык (3600 *м*ден жогору), түндүк капталынын этегине шалбаалуу талаа, шалбаа ж-а арчалуу токой (2300-2800 *м*) ланшафт алкактары мүнөздүү.

СОҢ-КӨЛ ЭСТЕЛИКТЕРИ – адабиятта Соң-Көлдүн айланасындагы археологиялык эстеликтердин шарттуу аталышы. Алар ар кайсы доорго таандык археологиялык эстеликтерден турат: б.з.ч. 1 миң жылдыкка таандык (айрымдарынын бийиктиги 10,5 *м*), түрк доорунан калган балбалдар, жаныбарлардын ташка чегилген



Сооромбаев А



Сооромбаев Ж



Сопуев Д

сүрөттөрү. С. э-нин арасында Манастын ысмы м-н байланыштырылган элге кеңири белгилүү таш тулга, «Тулпар-Таш», «Аккуланын акыры» аталган таш бар. С. э-ндеги 1-5-кылымга таандык дөбө-мүрзөлөрдү (айрымдары казанактуу), түркбалбалдарын 1955-ж. А.К.Кибиров ж-а 1961-62-ж. Я.А.Шер изилдеген. Мүрзөлөрдөгү өлүктөрдүн жанынан жыгач табак, темир бычак, канжар, жаа, темир жебелер ж-а койдун сөөктөрү табылган. 1955-жылдан Кыргыз тарыхчылар жамааты м-н Түрк тарых куруму археологиялык изилдөө иштерин Бала-Бейит, Чоң-Дөбө жергелеринде жүргүзүшүүдө. Жетекчиси К. Табалдиев.

СООДА МЕКЕМЕЛЕРИ. 1998-ж. райондук *Жумгал керек жарак кооперативи,* Багышан айылдык керек жарак коому, Миң-Куш соода бөлүмү (акционердик коом), базар, 40 соода точкасы иштеген. Буларда жалпы 207 адам эмгектенет.

Соода отличниктери: Акматалиев Асиз, Алыкулов Калманбет, Алымкулов Жумабек, Алымкулов Сатыбек, Ажаипова Шайыр, Бекматов Жамаш, Иманкулов Жакып, Мамбеталиев Асанбек, Мусаева Тепкедей, Нуралиев Рыскул, өмүрзаков Алапай, Тажиева Сабырбүбү, Ташмамбетов Сакен, Шаккулуева Саткын.

СООРОМБАЕВ Алияскар (1911-ж.т., Лама айылы – 2000, ошол эле жер) – чарба жетекчиси. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1943-51-ж. «Чоң-Добо» колхозунда эсепчи, райондук керек-жарак коомунда склад башчысы, башкармасынын орунбасары, 1951-60-ж. «Чоң-Дөбө» колхозунун башкармасынын Торагасы болуп иштеген. Ал иштеген мезгилде чарбадагы бардык зарыл болгон чарбалык жана маданий мекемелердин кеңселери курулган. Колхоз-милионер чарбанын катарына өсүп жеткен. Элдин турмушун оңдоого бардык күч-аракетин жумшаган. «Ардак Белгиси», 1-, 2-даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, медалдар м-н сыйланган.

СООРОМБАЕВ Жолдошбек Алияскарович (30.12.1951, Чаек айылы) – Эл депутаттарынын Жумгал р-ндук советинин Аткаруу комитетинин Төрагасы (1990-91). 1971-ж. КМУнун экономика факультетин, 1985-ж. Ташкендеги жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1971-73-ж. Россиянын Сахалин облусунда аскер кызматчысы, 1974-76-ж. «Жумгал» совхозунда бухгалтер, башкы экономист, 1977-79-ж. «Көкөмерен» совхозунда башкы бухгалтер, 1979-83-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунда сектор башчысы, 1985-87-ж. Нарын обкомунда инструктор, сектор башчысы, 1987-90-ж. Жумгал райкомунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 2-катчы, 1991-2000-ж. Чаек дыйкан чарбасынын Төрагасы болуп иштеген. Ошол эле учурда 1997-2000-ж. Жумгал р-ндук айыл, суу чарба департаментинин башчысы – райондук мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары болгон.

СОПУЕВ Дүйшөнкул (1955-ж.т. Кайырма айылы). КМУну бүтүргөн (1979-ж) Нарын орто мектебинде мугалим (1979-80-ж.ж) райком комсомолунда инструктор (1980-82-ж.ж) Китеп достору коомунун катчысы, "Өрнөк" орто мектебинин директору (1983-95-ж.ж), райондун билим берүү бөлүмүнүн башчысы (1995-98-ж.ж),



Сопуев Э

райондун Мамлекеттик администрациясынын социалдык-маданият иштери боюнча бөлүмдүн башчысы (1998-99-ж.ж) болуп иштеген. Азыр Райкеңештин жооптуу катчысы болуп иштейт. Билим берүү системасында жаштар уюмунун "Жаштык", "Жалын", "Бүчүр" топторун уюштурган. Комсомолдук уюмдардын сыйлыктарын алган. Бир нече жолу жергиликтүү Кеңештерге депутат болгон.

СОПУЕВ Тентимиш (1936-ж.т. Түгөл-Сай айылы) 1959-ж. Фрунзедеги политехникалык институттун геология факультетин бүткөн. «Геология илимдеринин кандидаты» деген илимий даражасы бар, Улуттук илимдер академиясынын мүчөсү. «Кыргыз Геология Энциклопедиясынын» авторлорунун бири. 3 жолу «Эмгек Кызыл Туу» ордени ж-а көптөгөн Өкмөттүк сыйлыктардын ээси.

СОПУЕВ Эшенкул /Тыныстан уулу/ (1932-ж.т. Кайырма айылы) Фрунзе айыл чарба техникумун бүтүргөн. 35жыл бою фермада башчы болуп иштеген. Айылдык, райондук Кеңештерге депутат, комсомолдун обкомдук, борбордук комитеттеринин мүчөсү болгон. Облуста алгачкылардан болуп мал чарбасында комсомолдук бригадаларды уюштурган."Эмгектеги артыкчылыгы", "Эмгектеги каармандыгы", "Лениндин 100 ж. юбил. медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

СОТ, Жумгал райондук соту (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 106) – райондун жогорку сот органы. Нарын облустук сотуна карайт. Мыйзамга ылайык анын кароосуна берилген жарандык жана кылмыш иштерин карайт. Төрага ж-а 1 судья иштейт. Райондук соттун төрагалары: Абдраимов Абыш (1957-жылга чейин), Тилекеев Жакыпбек (1957-62), Сулайманов Сооданбек (1962-76), Тентимишов Давлетбек (1976-82), Абылбеков Жумадил (1982-90), Койгелдиев Жумалы (1990-92), Кашкарбав Бердибай (1992-96), Мырзалымбеков Байжан (1996-99), 2000-жылдан Өмүралиев Апас Сакишевич.

СОЦИАЛДЫК КОРГОО БӨЛҮМҮ (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 125). 1994-ж. 1-апрелде социалдык камсыздоо бөлүмүнөн өз алдынча мекеме катары бөлүнүп чыккан. 1997-жылга чейин социалдык жардам берүү бөлүмү деп аталган. Райондун аймагында жашаган каражаты жетишсиз үй-бүлөлөргө ж-а жарандарга ай сайын берилүүчү көмөкпул (пособие) чектейт, өтө муктаж үй-бүлөлөргө ж-а адамдарга социалдык жардам көрсөтөт, социалдык жеңилдиктерди алууга укуктуу адамдарды өз учурунда камсыз кылат ж.б. Эмгек ж-а социалдык жактан коргоо министрлигинин, Нарын облустук социалдык коргоо башкармалыгынын жетекчилигинде иштейт. Бөлүмдө 4 сектор бар: каражаты жетишсиз үй-бүлөлөргө көмөкпул чектөө, даректүү социалдык жардам берүү, социалдык жеңилдиктер м-н камсыз кылуу, алдамчылык ж-а көз боемочулук м-н күрөшүү. 1977-ж. район б-ча 3727 үй-бүлөгө көмөкпул чектелип, 5495200 сом төлөнгөн. 4243 улгайган адам каттоого алынып, а.и. 930 жалгыз бой адамга ар кандай жардамдар көрсөтүлгөн. 100 жаштан ашык жашаган 52 адамга 400 сомдон берилген, 497 бей-бечара үй-бүлөгө 1500 *m* көмүр жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөнгөн, социалдык жеңилдиктерди алууга укуктуу адамдардын категориялары б-ча тизмелери (согушмайыптары – 88, катышуучулары – 112, жесирлери – 150; Ооганстан согушуна катышкандар – 28; Чернобыль авариясына – 34, тажик согушуна катышкандар – 28; персоналдык пенсионерлер – 20, репрессиялангандар – 2, көзү майыптар – 75, армиянын майыптары – 8, баатыр

энелер – 483) ж.б. такталган ж-а жеңилдиктер көрсөтүлөт. Бөлүмдүн жетекчилери: 1994-ж Дүйшенов Шаршенбек, Токтоналиев Шейшенбек, 1994-ж. ноябрдан Нураков Шаадат.

СОЦИАЛДЫК ФОНД (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 131). 1996-ж. 1-мартта түзүлгөн. Фонд алгач 1938-ж. райондук кеңештин алдындагы бөлүм катары уюшулган. 1943-56-ж. райондук социалдык камсыздоо бөлүмү, 1956-63-ж мамлекеттик пенсия бөлүмү, 1963-65-ж. Кочкор районунун карамагында, 1965-92-ж. райондук социалдык камсыздоо бөлүмүндө мамлекеттик, кийин колхоздук бөлүм, 1992-93-ж. социалдык жактан колдоо көрсөтүү бөлүмү, социалдык жактан даректүү коргоо бөлүмү катары иштеп, 1993-ж. райондук социалдык камсыздоо бөлүмүнөн өз алдынча бөлүнүп чыккан. 1996-жылдан азыркыдай аталат. Бөлүм мамлекеттик ж-а колхоздук пенсия чектөө, каражаты жетишсиз үй-бүлөлөргө, жалгыз бой энелерге ж-а көп балалууларга көмөкпул, орден-медалдарга көрсөтүү, соғуштун катышуучуларына ж-а майыптарына жеңилдиктерди берүү ж.б. караган. Бүгүнкү күндө районго баш ийген айыл өкмөттөрүндөгү ж-а Мин-Куш шаарчасындагы 6091 пенсионерди тейлейт. Фонд 2 бөлүмдөн турат: кирешелер бөлүмү ж-а пенсия чектөө бөлүмү. Бардыгы 13 адам иштейт. Фонддун (бөлүмдүн) жетекчилери: Сулайманова Багымбүбү (1943-45), Бекишов Молдалы (1945-47), өмүрбаев Шерип (1947-56), Смаилова Калыйча (1956-63), Алымкулов Мамыт (1965-83), Жуматаев Тыналы (1983-84), Мамбетова Калипа (1984-87), Турускулов Күрүчбек (1987-99), Токтоналиев Жеңиш (1999-2000), 2000-жылдан Шейшеналиев Кубат.

СПОРТ АЯНТТАРЫ. Райондун аймагында 1998-ж. 73 спорт аянтчасы (а.и. 69 ачык аянтча) болгон. Мектептерде 22 баскетбол, 29 волейбол, 13 кол тобу, 1 футбол, 4 ордо аянтчалары иштейт.

СПОРТ ЗАЛДАРЫ. Райондун аймагында 1998-ж. 4 спорт залы болгон.

СПОРТ МЕКТЕПТЕРИ. Райондо 2 спорт мектеби иштейт. Кыргыз Респ-нын Билим ж-а маданият министрлигине карайт. Балдар-өспүрүмдөр спорт мектеби (Чаек айылы). 1963-ж. ачылган. Эркин күрөш, бокс, стол тенниси б-ча спортчуларды даярдайт. 213 спортчу машыгат 3 машыктыргыч иштейт. Балдар-өспүрүмдөр спорт мектеби (Мин-Куш шаарчасы). 1950-ж. ачылган. Эркин күрөш, жеңил атлетика, кол тобу б-ча спортчуларды даярдайт. 521 спортчу машыгат, 10 машыктыргыч иштейт.

СССР жогорку билим берүүсүнүн отличниктери: Идинов Айып, Мусабеков Обосбек.

СССР кинематография отличниктери: Алибеков Дүйшөналы, Бөдөшбеков Жумадыл, Жусупов Бактилек, Калдыбаев Абас, кыргыз киносунун устаты БайтилешовКачкынбек.

СССР суу чарба министрлигинин отличниктери: Аманалиев Кыдыргыч, Мусабеков Обосбек.

СССРдин билим берүү (эл агартуу) отличниктери: Аманалиев Жузупбек, Арыков Качы, Исмаилова Каниса, Мамбеталиев Жусуп, Ташыгулова Бүбүбатма, Токталиева Нурбүбү, Токтобеков Акматбек, Эсенкожоев Кашырбек.

СТАНОВ Дайырбек (19.2.1951-ж.т., Тогуз-Торо р-ну, Арал айылы) – акын. 1986-ж. КМУнун филология факультетинин журналистика бөлүмүнүн бүткөн 1968-78-ж. райондук «Демилге» гезитинде корректор, жооптуу катчы, бөлүм башчы, кабарчы болуп иштеген. «Дайырбектин дайры күү» (1992) ыр жыйнагынын автору. 1990-жылдан СССР журналистер союзунун, 1991-жылдан СССР жазуучулар союзунун мүчөсү.

СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ (Чаек айылы, Ленин көчөсү, 127) – мамлекеттик башкаруунун райондук органы; райондун аймагындагы бардык эл чарба тармактарынын статистика, каттоо ж-а отчеттуулук иштерине жетекчилик жүргүзүүчү башкы

статистикалык каттоо-маалымат уюму. Кыргыз Улуттук статистика комитетине баш иет. 1940-ж. 1-февралда райондук статистика инспектурасы уюшулган. 1956-ж. статистика инспектурасы райондук маалымат-эсептөө бөлүмү, 1987-ж. райондук статистика бөлүмү, 1994-ж. мартта райондук статистика комитети деп аталган. Ал уюшулган күндөн баштап эл чарбасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө талдоо ж-а изилдөө, эл каттоо жумуштарын жүргүзгөн, мамлекеттик отчеттуулуктун так ж-а сапаттуу болушуна, анын андан ары өнүгүшүнө салым кошкон. Райондук статистика кызматкерлери өкмөттүк жогорку сыйлыктарга татыган. Алсак, райондук статистика комитетинин экономисти Ж.Шабединова «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. 7 киши иштейт (1998). Жетекчилери: Ш.Жумаев, Ч.Орозалиев, 1997-жылдан Калмурза Калидинов.

СТАНОВ Дайырбек (19.2.1951-ж.т., Тогуз-Торо р-ну, Арал айылы) – акын. 1986-ж. КМУнун филология факультетинин журналистика бөлүмүн бүткөн. 1968-78-ж. райондук «Демилге» гезитинде корректор, жооптуу катчы, бөлүм башчы, кабарчы болуп иштеген. «Дайырбектин дайры күү» (1992) ыр жыйнагынын автору. 1990-жылдан СССР журналистер союзунун, 1991-жылдан СССР жазуучулар союзунун мүчөсү.

СТАХАНОВ Токтожума Мадиевич (1961-ж.т. Сары-Камыш айылы) 1985-ж. Пржевальский пединститутун бүткөн. Мектеп директору болуп иштеген. «Эл агартуунун отличниги». Азыр Кабак Айыл Өкмөтүнүн башчысы. Райкеңештин депутаты.

СУБАНБЕКОВ Абилмажин (15.9.1948-ж.т., Багышан айылы) – милициянын полковниги (1996). 1971-ж. Бишкек политехникалык институтунун энергетика факультетин, 1985-ж. СССР Ички иштер министрлигинин академиясын (Москва) бүткөн. 1971-73-ж. №1 түзөтүү эмгек колониясында инженер, улук инженер, 1973-76-ж ИИМде инспектор, 1976-82-ж. Бишкек ички иштер башкармасынын ОБХССинде инспектор, улук инспектор, 1982-83-ж. Свердлов райондук ички иштер бөлүмүнүн ОБХССинин



Субанбеков А



Субанбеков М

начальниги, 1985-ж. Бишкек шаардык ички иштер баш-кармасында бөлүм начальниги, 1985-87-ж. ИИМде улук инспектор, бөлүм начальниги, 1987-91-ж. ИИМде башкармалыктын начальнигинин орун басары, 1991-93-ж. Биринчи Май р-ндук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1993-96-ж. ИИМдин экономикалык кылмышка ж-а коррупцияга каршы күрөшүү башкы башкармасынын 8-, 7-, 5-бөлүмдөрүнүн начальниги, 1996-жылдан айыл чарбасында, өнөр жайда м-н финансы-кредит системасындагы кылмыштуулук м-н күрөшүү башкармалыгында бөлүм начальниги. Медалдар м-н сыйланган.

СУБАНБЕКОВ Мидин (1941-ж.т. Куйручук айылы) Кыргыз айыл чарба институтун (1964-ж.). Алма-Ата шаарындагы партиялык жогорку мектепти бүтүргөн (1981-ж.). 1964-ж. баштап чарбалык, партиялык, советтик кызматтарда 39 жыл эмгектенген. Чарбада башкы агроном, партиянын райкомунда нускоочу, бөлүм башчы, Түгөл-Сайда парткомдун катчысы, Дыйкан колхозунун башкармасы, Кызыл Туу айылдык Кеңешинин Төрагасы. Бир нече жолу айылдык, райондук Кеңештин депутаты болгон. Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган.

СУБАНКУЛОВ Ниязбек (24.1.1949-ж.т., Кара-Жээк айылы) – жазуучу. 1966-93-ж. чабан, мергенчи, агроном, бакчы болуп иштеген. 1993-жылдан чакан ишкананын директору. «Отличник мергенчи» (1968). «Көктөм» (1986), «Ак кардагы калтар» (1990) аттуу китептери жарык көргөн. Балдар үчүн аңгемелери, жомоктору мезгилдүү басма сөзгө үзгүлтүксүз жарыяланып, радиодон уктурулуп келет.

СУГАТ СИСТЕМА БАШКАРМАСЫ, *к. Ирригациялык курулмалар.*

СУЛАЙМАНОВ Алай (1933-ж.т.



Сулайманов С



Сулайманов С



Сулайманова Б

Кайырма айылы – 1992, ошол эле жер) – Ленин орденинин ээси (1971). 1950-92-ж. Ленин атн. колхоздо чабан болуп иштеген. СССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн коло медалы (1968), медалдар м-н сыйланган.

СУЛАЙМАНОВ Сагынаалы (1914-ж.т. Чет-Кууганды айылы – 1997, Көк-Ой айылы) – уста. Устачылыкты атасы Сулайманда үйрөнгөн. Зер буюмдарды, боз үйдүн жыгачын, ат жабдыктарын кармаган. Анын буюмдары эл арасында кеңири таралган. Көптөгөн көргөзмөлөргө катышкан. Ал эшек такалагыч катары да белгилүү болгон. Эшектин туягы өтө катуу болгондуктан, чебер уста гана такалай алат. Ал таканы да, мыкты да өзү жасаган.

СУЛАЙМАНОВ Самүдүн (1909-1985-ж.ж. Баш-Кууганды айылы) Колхоздоштуруу ишинин активдүү катышуучусу. "Жол-Арык", "Көл-Арык", "Баш-Кууганды", "Көк-мойнок» колхоздору бириктирилип 1941-ж. Дыйкан колхозу уюштурулган. 1941-ж тартып 1955-ж. чейин 2 Дыйкан колхозунун башкармасынын Төрагасы болуп иштеген. Согуш учурунда ж-а согуштан кийинки мезгилде өз элинин ахыбалын жакшыртуу үчүн көп эмгек кылгандыгынын натыйжасында колхоз алдыңкы колхоздордун катарына кирген ж-а элдин турмушу оңолгон. 1939-ж. Пржевальский ш. 1 жылдык бухгалтериялык курсту бүтүп, 1941-ж. чейин Жумгал райзоонун бухгалтери болуп иштеген. 1955-58 ж.ж. Канттагы айыл чарба технукумунда окуган. 1958-ж. тартып колхоздун ар кандай жооптуу кызматтарында иштеп, 1969-ж. персоналдык пенсияга чыккан. Бир нече жолу жергиликтүү Кеңештерге депутат болуп шайланган. Медалдардын ээси.

СУЛАЙМАНОВ Султангазы (1933-ж.т. Куйручук айылы) Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн (1956-ж.) Лейлек районунда, Нарын облустук айыл чарба башкармасында агроном, Жумгал совхозунда башкы агроном (1956-61-ж.ж.), Кызыл Туу колхозунда агроном, башкы агроном болгон (1961-95-ж.ж.). Лениндин 100 ж. юбил. медалы, Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы, КПСС, БК, Совмин, ВЦСПС, ВЛКСМ БКнын Ардак грамотасы (1987-ж.) м-н сыйланган. Кеңештерге бир нече жолу (1984-ж.) депутат болуп шайланган. Чарбада (1961-66-ж.ж.) профсоюз уюмун, 1975-ж. элдик көзөмөл тобун жетектеген, парткомдун катчысынын орунбасары болгон.

СУЛАЙМАНОВ Талантбек (28.2.1937, Чаек айылы – 1997, Кант району) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген врачы (1989), медицина илимдеринин кандидаты (1971), жогорку категориядагы хирург. 1964-ж. КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1955-58-ж. Миң-Куш шаарчасында шахтер, 1964-66-ж. Нарын р-ндук ооруканасында башкы врачтын орун басары, хирург, 1966-74-ж. Бишкектеги «Кечиктирилгис хирургиялык жардам» клиникасында ординатор врач, аспирант, кафедранын ассистенти, 1975-93-ж. Нарын шаарынын, 1993-жылдан Бишкек, Кемин, Кант р-ндук ооруканаларында врач-хирург, бөлүм башчы болуп иштеген. Хирургиянын ар кандай маселелерине арналган 20дай илимий эмгектин автору. 10 *ми*ңден ашык операция жасаган. СССР саламаттык сактоо отличниги, Кызыл крест коомунун Ардак белгиси м-н сыйланган.

СУЛАЙМАНОВА Багымбүбү (1922-ж.т., Чет-Кууганды айылы) – райондо аялдардан алгачкылардан болуп жаштарды тарбиялоого, аялдар м-н иштөөгө активдүү катышуучу. 1940-50-ж.

комсомолдук, партиялык кызматтарда, 1950-65-ж. эл агартуутармагында иштеген. 1965-77-ж. райондук социалдык камсыздоо бөлүмүн жетектеген. 2 жолу райондук, 2 жолу айыл советине депутат болуп шайланган. 5 медаль м-н сыйланган.

СУУ КУРУЛУШУ БОЮНЧА МЕХАНИКАЛАШТЫРЫЛГАН КӨЧМӨ КОЛОННА (Чаек айылы). 1977-ж. уюшулган. Анын күчү м-н 40,0 *км* канал, 21,0 *км* суу түтүкчөлөрү курулуп пайдаланууга берилген. Жыл сайын орточо 2,0 *млн* сомдук курулуш-монтаждоо иштери бүткөрүлгөн. Бос-Тектир Насос станциясы 1992-ж. курулган. Колонна 1995-ж. мамлекеттик акционердик коомго өткөн. 68 киши иштейт (1998). Райондун ичиндеги элдүү пункттарды иче турган суу менен камсыз кылууда райондун борбору Чаек айылына 3, Миң-Куш шаарчасында 2 жана ар бир айылда 1ден суу менен камсыз кылуучу тосмолор курулган. Суу түтүкчөлөрүнүн узундугу Жумгал айыл кеңешинде 8,7 *км*, Жаңы-Арык айыл кеңешинде 7,8 *км*, Куйручук айыл кеңешинде 16,9 *км*, Түгөл-Сай айыл кеңешинде 17,8 *км*, Баш-Кууганды айыл кеңешинде 12,4 *км*, Байзак айыл кеңешинде 20,6 *км*, Көк-Ой айыл кеңешинде 7 *км*, Чаек айыл кеңешинде 10 *км* жана Миң-Куш шаарчасында 37 *км*.

СУУ ЧАРБА БАШКАРМАСЫ (Чаек айылы, Калинин көчөсү, 37). 1935-ж. Кыргыз АССР суу тармактар бөлүмүнүн Жумгал суу тармактар бөлүмчөсү болуп уюштурулган. 1937-46-ж. МТСтин базасындагы райондук суу чарба бөлүмү, 1946-48-ж. Тянь-Шань суу тармактар башкармасы, 1948-60-ж. кайрадан райондук суу чарба бөлүмү, 1960-жылдан суу чарба башкармасы аталат. 1964-ж. азыркы имараты курулган. Район б-а 19223 *га* аянтты сугаруучу 780 *км* узундуктагы суу каналдарын тейлейт. Алар 12 сугат тармагына бөлүнгөн: Кызарт Базар-Турук, Түгөл-Сай, Баш-Кууганды, Орто-Кууганды, Чет-Кууганды, Кара-Кечүү, Кара-Дөбө, Миң-Теке, Узун-Булак, Чаек, Жумгал. Чарба аралык каналдардын узундугу 200,1 *км*, ага 135 суу бөлүүчү тосмо орнотулган. Ал эми чарбалар ичиндеги 16 каналдын узундугу 580,7 *км*, ага 833 суу бөлүүчү тосмо, 120 суу ченөөчү постулат орнотулган. Чарба аралык 1-Май каналы 1020 *га* аянтка суу берет. Түгөл-Сай системасында ири суу алуучу курулма (суу өткөрүмдүүлүгү 60 *м³/сек)* бар. Райондо суу сыйымдуулугу 580 *м³* болгон 12 чакан көлмө бар, суу сыйымдуулугу 380 000 *м³* келген 2 БДР ж-а 3 БСР курулган. Аларга туруктуу иштөөчү 3 насос станциясы (Бос-Тектир, Бай-Төбөт, Кара-Кечүү) курулган. Мында 9 насостук-күч агрегаты курулган, жалпы суу өткөрүмдүүлүгү 2,01 *м³/сек*. Ал жалпы 1580 *га* аянтты сугарат. Суу чарба башкармасында жалпы 110 адам иштейт (1998). Башкарманын жетекчилери: М.Кашкараев (1935-37), И.С.Садин (1937-44), Н.П. Максимов (1945-46), В.Т. Сусеков (1946), А.Исалиев (1946-47), Кыяс Үркүнчиев (1947-48), Мусулманов (1948-51), Т. Эсекеев (1951-52), Шаршеналиев (1952-53), Казат Каракожоев (1953-54), К.В.Туров (1954-55), Сардар Осмонов (1955-56), Я.М.Алмаев (1956-58), Ашубай Жайлообаев (1958-60), Таштанбек Сулайманов (1960), Кыдыргыч Аманалиев (1960-64, 1967-69), Сагынаалы Токоев (1964-67), Амангелди Баязов (1969-73), Алмаз Кадыков (1973-79), Адамата Орозобеков (1979-86) Алмаз Телтаев (1986-97), 1997-жылдан Касымбек Ибраимов.

СУУСАМЫР КЫРКА ТООСУ Токтогул ж-а Жумгал р-ндорунун аймагында. Суусамыр ж-а Кетмен-Төбө өрөөндөрүн бөлүп турат. Ала-Бел ашуусунан (батышта) Көкөмерен капчыгайына чейин кендик багытта 130 *км*ге созулуп жатат. Эң жазы жери 31 *км*. Орточо бийиктиги 3520 *м*, эң бийик жери 4048 *м*. Чыгыш бөлүгү *Сары-Камыш кырка тоосу* деп аталат.

СУУСАМЫР ӨРӨӨНҮ Ички Тенир Тоо аймагында. Кыргыз, Талас Ала-Тоолору м-н Суусамыр, Жумгал кырка тоолорунун аралыгында, деңиз деңгээлинен 2000-



Сыдыгалиев Б



Сыдыгалиев Ж

3200 *м* бийикте жайгашкан. Тегерегиндеги тоо кыркалар өрөөндүн таманынан 1000-2000 *м*ге чейин которулөт. Батыштан (Ала-Белден; 3184 *м* бийиктикте) чыгышка (Каракол ашуусуна чейин; 3452 *м)* 150 *км*ге созулуп жатат. Аянты 4,3 миң *км*^{2}. өрөөндүн Нарын облусуна тийиштүү чыгыш бөлүгү Батыш Каракол өрөөнү деп аталат.

СҮЙҮМБАЕВ АКМАТБЕК АТЫНДАГЫ АЙЫЛ (Таш-Дөбө) – айыл. Түгөл-Сай айыл Өкмөтүнө карайт. "Алкым" ж-а "Куу-Секи" деген эки айылдан турат. Жалпы аянты 203 *га*. Балыкчы темир жол бекетинен 170, Чаектен 34 *км* аралыкта, деңиз деңгээлинен 2003 *м* бийиктикте. Калкы 1430 адам (1998), 346 түтүн. Орто мектеп (340 окуучу, 55 мугалим), ФАП, китепкана бар.

СЫДЫГАЛИЕВ Бердибек (1926-ж.т. Кызыл Туу айылы) Белгилүү чарба жетекчи, ишмер. 1943-44-ж.ж. Чоң-Дөбө мектебинде мугалим, 1944-48-ж.ж. Улуу Ата Мекендик согушта болгон. 1948-50-ж.ж. "Чоң-Дөбө" колхозунда ферма башчысы, 1950-53-ж.ж. Кызыл-Туу айылдык кеңеште катчы, 1958-ж. Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүргөн. 1958-60-ж.ж. Жаңы-Арыкта ветучастканын башчысы, 1960-66-ж.ж. Совет колхозунда башкарма, совхозго айланганда директор болуп иштеген. 1966-68-ж.ж. Алма-Ата шаарындагы партиялык жогорку мектепти бүтүргөн. 1968-78-ж.ж. Ат-Башы, Тянь-Шань райондук айыл чарба башкармалыгынын начальниги, 1978-90-ж.ж. Жумгал ветлабораториянын башчысы, директору болуп иштеген. "Эмгек Кызыл Туу", 2 жолу "Ардак белгиси" ж-а Ата Мекендик согуштун 1-даражадагы ордендери, ар кандай 9-медаль м-н сыйланган. 1971-72 ж. ж. Облустук, 1962-78ж. ж. 5 жолу райондук, 1997-жылдан айылдык Кенешке депутат.Партиянын обкомуна мүчө, райкомдорунда бюро мүчөсү болгон. 1997-ж. Кыргыз Республикасынын "Даңк" медалы м-н сыйланган. Азыр райондо Ардагерлер Кеңешинин Төрагасы. Кыргыз Республикасынын өзгөчө эмгек сиңирген пенсионери.

СЫДЫГАЛИЕВ Жаныбек (24.12.1936-ж.т., Кызарт айылы) – искусство таануучу, сүрөтчү-график, журналист, доцент (1991), Кыргыз Респ-нын журналисттер (1971), сүрөтчүлөр (1990) союздарынын мүчөсү. 1944-50-ж. Жумгал балдар үйүндө тарбияланган. 1955-ж. Бишкек көркөм окуу жайын, 1966-ж. КМУнун журналистика факультетин, 1974-ж. Көркөм тарбия берүү илим изилдөө институтунун (Москва) аспирантурасын бүткөн. 1955-59-ж. Нарын педагогика окуу жайында мугалим, 1959-60-ж. Каракол, 1960-71-ж. Кыргыз мамлекеттик кыз-келиндер педагогика институттарында окутуучу, 1971-91-ж. улук окутуучу, ошол эле учурда 1966-71-ж. Кыргызстан педагогика илим изилдөө институтунун эстетика секторунда улук илимий кызматкер, 1991-жылдан И.Арабаев атн. педуниверситетте доцент, 1997-98-ж. Кыргыз Респ-нын көркөм сүрөт академиясында окуу ж-а илимий иштер б-ча проректор, 1992-жылдан педуниверситетте кафедра башчысы, 1998-жылдан доцент болуп иштейт. 1970-78-ж. институттун алдында колдонмо искусство б-ча 2 жылдык коомдук кесиптер факультетин ачып, аны жетектеген. 200дөн ашык илимий-усулдук ж-а искусство таануу б-ча макалалардын, искусство таануу б-ча кыргыз тилинде чыккан алгачкы 12 китептин, көркөм-сүрөт искусствосу б-ча 5 окуу программасынын, бир катар плакаттардын, портреттик басылмалардын автору. Көптогон илимий-теориялык конференцияларга, конкурстарга, педагогикалык окууларга, көргөзмөлөргө катышкан, докладдар м-н чыгып сүйлөгөн. 1961-87-ж. айрым республикалык журналдарды, китептерди көркөм жасалгалоо б-ча иштерге активдүү катышкан. Кыргызстан сүрөтчүлөрүнүн эмгектеринин коллекционери катары да белгилүү. Эл агартуу отличниги (1980). Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамотасы, СССР ж-а Кыргыз ССР ЭЧЖКнын дипломдору, министрликтин



Сыдыева Б



Сыдыков Д



Сыдыков М



Сыдыков У

Ардак грамоталары м-н сыйланган.

СЫДЫЕВА Бурулча Керезалиевна (1963-ж.т., Миң-Куш шаарчасы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1985-90). 1979-ж. №24 кесиптик-техникалык окуу жайын бүткөн. 1979-83-ж. Миң-Куш «Оргтехника» заводунда сырдоочу, 1983-93-ж. карандаш цехинде таңгактоочу болуп иштеген.

СЫДЫКОВ Доктурбек (1953-ж.т., Эпкин айылы) – чарба ишмери, КМУнун экономика факультетин бүткөн (1989). 1971-74-ж. Большевик совхозунда, 1976-80-ж. Түгөл-Сай айылында тракторист, 1980-88-ж. Жумгал нефтебазасында оператор, 1988-92-ж. директор, 1992-93-ж. Түгөл-Сай айыл комитетинин төрагасы, 1993-99-ж. Түгөл-Сай айыл кеңешинин төрагасы – айыл өкмөтүнүн башчысы, 1999-жылдан Жумгал р-ндук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары.

СЫДЫКОВ Мукайашым (1923, Кочкор р-ну, Кош-Дөбө айылы – 1985, ошол эле жер) – Эл депутаттарынын Жумгал райаткомунун төрагасы (1965-66). 1942-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1948-ж. Каракол айыл чарба техникумун, 1955-ж. Кыргызстан айыл чарба институтун, 1964-ж. КПСС БКнын алдындагы жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1948-50-ж. Кочкор р-ндук айыл чарба бөлүмүндө участок башчысы, 1955-59-ж. «Төлөк» совхозунда башкы ветврач, 1956-60-ж. Ленин атн. колхоздо парткомдун катчысы, 1960-65-ж. Кыргызстан КП Кочкор, Сокулук райкомдорунун 2-катчысы, 1966-71-ж. Ат-Башы райкомунун 1-катчысы, 1971-76-ж. Нарын облустук айыл чарба башкармасынын начальниги, 1976-жылдан Нарын облустук профсоюздар советинин төрагасы болуп иштеген. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1967-71). «Ардак Белгиси», 1-даражадагы Улуу Ата Мекендик согуш ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган. Ысымы туулган айылындагы бир көчөгө берилген.

СЫДЫКОВ Усен Сыдыкович (1943.15.03.ж.т. Хиля айылы, Ноокен р-ну, Жалалабат обл.) 1965-ж. К.И. Скрябин атындагы кыргыз айыл-чарба институтунун агроном адистиги менен жа 1986-ж. Алматыдагы партиялык жогорку мектепти бүтүргөн.Эмгек жолун 1966-ж. улук экономисти, 1968-71ж.ж. Лейлек райондук айыл-чарба башкармалыгынын финансы-пландоо бөлүмүнүн начальниги кызматтарынан баштаган. 1971-75-ж.ж. Лейлек райкомунун уюштуруу бөлүмүндө инструктор, Райкомдун 2-катчысы, 1975-78-ж.ж. Лейлек райондук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1978-88ж.ж. Базаркоргон жана Карасуу райкомдорунун I-катчысы, 1988-жылы Кыргыз ССРинин Мамлекеттик агрардык өнөржайынын төрагасынын биринчи орунбасары, 1988-90 -ж.ж. Кырг.ССРинин Министрлер Советинин төрагасынын биринчи орунбасары,1990-91-ж.ж. Ош обкомунун I-катчысы, Облсоветтин Төрагасы, 1991-ж. Ош обкомунун партиялык контролдоо комиссиясынын Төрагасы жана 1992-ж. СССР Жогорку Советинин агрардык жана азык-түлүктөр боюнча республикалар Советинин комитетинин төрагасынын орунбасары болуп иштеген. 1992-93-ж.ж.Кыргыз Республикасынын Казакстандагы соода өкүлчүлүгү, 1993-96-ж.ж. Кыргыз Республикасынын даназыктүлүгү жана даярдоо Мамлекеттик өндүрүштүк бирикмесинин генералдык директору, 1996-2002-ж.ж.АК «Кыргыз-Дан-Азык» башкармалыгынын Төрагасы, КМШнын Аткаруу катчысынын орунбасы болгон.2003-2005-ж.ж. ОАО «Кыргыз-Дан-Азык» директорлор Кенешинин



Сыдыков Р



Сыдыкова К

Торагасы, 2005-ж. март айынан баштап, Кыргыз республикасынын Президентинин Администрация Жетекчиси. Усен Сыдыкович Сыдыков республикабыздын социалдык-экономикасынын өнүгүүсүнө көп салымдарын кошкон тажрыйбалуу жетекчинин бири. Ал ишбилгилиги менен, коюлган максаттарга жетиш үчүн эң жогорку жоопкерчилиги жана тырышчаактыгы, ачык-айрымдыгы, жөнөкөй жана адамдарга болгон боорукерлиги менен айырмаланып турат. Сыдыков У.С. «Кааарман эмгеги үчүн» (1970-ж.), «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» (1973-ж.) медалдары, Эмгек Кызыл Туу ордени менен (1984-ж) сыйланган. Райондук Советтин (1973-ж.), Ош облустук эл депутаттар Советинин (1979-93-ж.ж.), Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1979-89ж.ж.) ж-а СССР Эл депутаты (1989-91-ж.ж.) болгон. 1995-2000-ж.ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл Жыйындарынын депутаты. Сыдыков Усен Сыдыкович Кыргызстандагы Агрардык эмгек партиясын түзүүчү. Бүгүнкү күндө «Жаңы Кыргызстан» партиясын жетектейт. Саясый жактан көзкарашында: өлкөдөгү демократиялык кайра түзүлүштү колдоо. Жашоодогу принциптери: Өзүнүн туура деген иштерин эл аркылуу таразалоо, элде баардык чындык бардыгы.

СЫДЫКОВА Кален Султангазы кызы (25.1.1958-ж.т., Чаек айылы) – жазуучу, журналист, коомдук ишмер. 1982-ж. КМУнун журналистика факультетин бүткөн. 1983-94-ж. Кыргызстан КП БКнын алдындагы партиянын тарыхы институтунун Башкы редакциясында редактор, улук илимий редактор, 1991-94-ж. Кыргыз мамлекеттик телерадиокомпаниясында башкы редактор, 1994-95-ж. «Чар тарап» гезитинин башкы редактору, 1996-жылдан Кыргыз Респ-нын Президентинин администрациясында сектор башчысы. «Кайрылуу» (1988), «Түпкүрдөгү монстр»; «Насыя ныке», «Доор кайрыгы» (1995) ж.б. китептери жарыкка чыккан. Ал ж-дө «Публицист Кален» деген документ фильм тартылган (1995), Кыргызстан журналисттер союзунун лауреаты (1991). Элге учурдун проблемаларын тартынбай көтөрүп чыккан чебер публицист, таланттуу жазуучу катары таанылган. Бир нече радиоаңгемелери кыргыз радиосунун алтын фондусуна жазылып алынган. Кыргызстан жазуучулар (1991), журналисттер (1988) союздарынын мүчөсү. Медалдар ж-а Кыргыз Респ-нын Ардак грамотасы (1995) м-н сыйланган. Көптөгөн мезгилдүү басма сөздөрдүн («Кыргыз туусу», «Обо», «Кыргызстан маданияты» ж.б.) сыйлыктарынын лауреаты.

СЫРДЫБАЕВА Гүлбайрам (1920-ж.т., Көк-Ой айылы) – саймачы ж-а шырдакчы. Туш кийиз, кийим жапкыч ж.б. сайма буюмдарын кармайт, көбүнчө түр шырдак жасайт.

СЫДЫКОВ Райымбек (1944 ж. т. Эпкин айылы) Чаек орто мектебин (1964-ж.) бүтүрүп Самаркан кооператив институтун сырттан окуп бүтүргөн (1972-ж.). Фрунзедеги Ленин атындагы заводдо, автоунаа тетиктерин сатуучу дүкөн башчысы, көмүр базасында (1974-ж.) Кант р-нун көмүр базасында (1975-ж.) бүгүнкү күнгө чейин иштеп келди. ОсОО "Раке" фирмасынын башчысы. Кызмат өтөгөн жерлерде калк тарабынан көптөгөн соопчулук иштерди жүргүзүп келет. Эл арасында кадырбарктуу, сыйлуу инсандардын бири. Кесиптик мекемелердин Грамота, дипломдорун алган.

Т

ТААЛГА (Чон-Таалга) – айыл, Кабак айыл өкмөтүнө карайт. Жалпы аянты 19,6 *га*. Балыкчы темир жол бекетинен 255, Чаектен 70 *км* аралыкта. Калкынын саны

76 адам, 21 түтүн (1998).

ТАБЫЛГЫТЫ – Кабак айыл өкмөтүнүн борбору. 1936-ж. негизделген. Жалпы аянты 52 *га*. Таектен 44 *км* батыш тарапта. Бишкектен 375, Балыкчы темир жол бекетинен 224, Нарындан 290 *км* аралыкта. Көкөмерен суусунун жээгинде жайгашкан. Калкынын саны 502 (1998), 92 түтүн. Орто мектеп (103 окуучу, 21 мугалим), китепкана, клуб, ФАП, байланыш түйүнү, жемиш кургатуучу кичи цех, устакана, бут оңдоочу жай, дүкөн ж.б. бар.

ТАБЫЛГЫТЫ БАРИТ КЕНИ Таек айылынан 65 *км* түштүк-батыш тарапта, Молдо-Тоонун түндүк капталындагы Табылгыты суусунун ортоңку агымында жайгашкан. 1948-ж. табылган. Кен аймагын ордовик мезгилинде пайда болгон алевролит, кумдук, туф, туф-лава тоо тектери түзөт. Бул тоо тектер тектоникалык жаракалар м-н тилмеленген. Барит тарамы тектоникалык жараканын чегиндеги алевролиттин жука катмарларында жатат. Узундугу 330 *м*, орточо калыңдыгы чыгыш ж-а борбордун бөлүгүндө 7 *м*, батышында 1,5 *м*. Барит майда, орто бүртүкчөлүү, боз ж-а агыш боз, ак түстө үч сортко бөлүнөт. 1-сорттогусу лак боёкторун алууга жарамдуу, 2-3-сорттогусу бургулоо ылайына пайдаланууга сунуш кылынат. Запасы C_1 категориясы б-ча 179,6 миң *т*, C_2 – 214,6 миң *т*, а.и. 1-сорттогусу – 47,0 миң *т*, 3-сорттогусу 346,7 миң *т*.

ТАБЫЛГЫТЫ ТЕМИР КЕНИ Таек айылынан 70 *км* түштүк-батышта, Молдо-Тоонун түндүк этегинде. 1948-ж. табылган. Кен аймагын карбондун кумдук, сланец, аки таш тектери түзөт. Темир рудасы хлориттешкен көгүш боз сланецтин арасында катмар түрүндө жатат. Катмардын калыңдыгы 19-58 *м*, узундугу 3250 *м*. Темир чөкмө жолу м-н пайда болуп, метаморфизмделген. Негизги минералдары: гематит, лимонит, пирит, халькопирит, магнетит ж.б. Кендеги темирдин кондициялык өлчөмү 26,79-58, 43%. Запасы C_2 категориясы б-ча 40 млн *т*.

ТАГАЕВ Сатыбек (1932-ж.т.). Чолпон районундагы керек-жарак коомунда соода бөлүмүнүн башчысы (1950-57-ж.ж.) Төрага, кийин Жумгал районунда соода бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Көп жыл сооданын өнүгүшүнө арнаган. Эмгеги үчүн медалдар м-н сыйланган.

ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК МУЗЕЙ (Таек айылы, Ленин көчөсү). Бул музей жазуучу, искусство ишмери Ш.Эсенгуловдун демилгеси б-ча 1996-ж.31-августта «Жумгал инсандары» деген ат м-н уюшулган. Музей жазуучулар, искусство ишмерлери, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары, балбандар, атактуу айымдар, илим докторлору, касиеттүү элдин кадырман карылары, Социалисттик Эмгектин Баатырлары, СССР Жогорку Советинин, Кыргыз Респ-нын Жогорку кеңешинин депутаттары деген 1J бөлүмдөн турат. Жалпы аянты 210 *м²*, негизги фондусу 3000 нуска экспонат. Алар: тарыхый документтер, сүрөттөр, буюмдар, китептер ж.б. Музей кызматкерлери совет мезгилине чейинки учурду толук чагылдырууга аракет жасашууда. Ай сайын орточо 350-400 көрүүчүнү тейлешет. Жалпы 6 адам иштейт (1998). Музейдин алгачкы илимий кызматкери Осмонова Оңол, сүрөтчүсү Карыпбаев Талант. Директору 1998-жылдан Сапаралиева Айнаш.

«ТАТТЫБҮБҮ» ЫР-БИЙ АНСАМБЛИ. 1996-ж. 1-майда райондук билим берүү бөлүмүнүн алдында, М.Алыбаев атн. орто мектептин базасында уюшулган (уюштуруучулары: Д.Сопиев, З.Токонбаев). Максаты: окуучулардын маданий деңгээлин көтөрүү, кыргыз элинин таланттуу кызы Т.Турсунбаеванын ысымын, эмгегин түбөлүккө сактоо, райондо жаш таланттардын борборун түзүү. Программасында кыргыз элинин бийлери, элдик ырлары, дастан-«Манас» айтуу, улуттук аспаптарда ойноо ж.б. кеңири киргизилген. «Мээрим» фондусунун 1998-ж. кыргыз-түрк лицейи уюштурган облустук конкурсуна катышкан. Бүткүл дүйнөлүк балдар күнүнө карата уюштурулган конкурста 1-орунду ээлеген. Жалал-Абад шаарында өткөрүлгөн республикалык конкурстун жеңүүчүсү. Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн «Баластан» студиясынын «Тай-Күлүк» конкурсуна катышкан, 30 мүнөттүк тасмага тартылган. Катышуучулардын саны 25. Көркөм жетекчиси ЗамирбекТокомбаев.

ТАШ-ДӨБӨ, к. *Сүйүмбаев Акматбек атындагы айыл.*

ТАШ-ДӨБӨ БАЙЫРКЫ КӨРҮСТӨНҮ Соң-Көл суусунун оң өйүзүндө, анын Ит-



Тезекбаева Э



Тезекбаев А

олгон капчыгайынан чыга берген жердеги ондүрүндө жайгашкан. Көрүстөн 3 бөлөк жерде жайгашып, көптөгөн жалпак таш м-н корумдалган мүрзөлөрдөн турат. Көбүнчө боз ж-а кызыл түстөгү ири кой таштар колдонулган. Коргондор чачыранды жайгашкан. 6-9-к-дагы түркстөрдүн дооруна таандык деп божомолдонот. 1990-ж. К.Ш.Ташбаева изилдеген.

ТАШ-ТУЛГА, Манастын тулгасы – Сон-Көлдүн түштүк-чыгыш жээги, Кум-Бел м-н Тепши сайларынын аралыгындагы өрдөш жер, тарыхый-археологиялык комплекс. Көлдөн 2,4-2,6 *км* алыс. Абсолюттук бийиктиги 3050 *м* чамасында. Жери жайык секиче ж-а жайпак тектирчелүү. Голоцендик, азыркы аллювий-пролювий ж-а мөңгү шилендилери м-н капталган. Шалбаалуу талаа (доңуз сырт, бетеге ж.б.) өсүмдүктөрү өсөт. Аймак жайкы жайыт катары пайдаланылат. Таш-Тулганын тарыхый-археологиялык мааниси чоң. Мында кыдырата коюлган ар бири сегиз таштан турган 9 тегеректи түзөт. Алар түштүктөн түндүктү карай созулат; ар биринин диаметри 335тен 366 *см*ге чейин. Ар бир тегерек 8 жылма гранит таштан турат. Кой таштардын чоңдугу 91,3 *см*ден 152,4 *см*ге чейин. Таш тегеректер бир-биринен 11,3 *м*ден 44 *м*ге чейин алыс. Тортүнчү ж-а 5-тегеректерден алыс эмес жерлерде бир топ чанак дөбөлөр-бейиттер (көрүстөн), 2 таш мамы кезигет. Булардан обочо (2,0-2,5) *км* чыгыш тарапта дагы бир канча дөбөчөлөр-бейиттер бар, алардын бийиктиги 152,4 *см*ден 183 *см*ге чейин, диаметри 9-15 *м*. Бул археологиялык эстеликтерди жергиликтүү эл «Таш-Тулга», Манастын таш тулгасы, таш мамыга (бийиктиги 152,4 *см)* Манас атын байлаган (Аккуланын мамысы) деп коет. Мындай 8 таштан турган көлөмдүү эстеликтер Алтай–Теңир-Тоо аймактарында гана жолугат. Изилдөө маалыматтарына Караганда б.з.ч. VIII-VI к-дарда маркум болгон тектүү адамдарга арнап эскерүү расмисин аткаруу үчүн курулган.

ТЕЗЕКБАЕВ Асанбек (23.4.1933, Таш-Дөбө айылы – 5.10.1992, ошол эле жер) – педагог, жазуучу, драматург, журналист. 1957-ж. КМУнун физика-математика факультетин бүткөн. 1957-58-ж. Жаңы-Арык орто мектебинде математика мугалими, 1959-67-ж. Таш-Дөбө жети жылдык мектебинин директору, 1969-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун инструктору, 1970-74-ж. Жаңы-Арык, 1974-76-ж. Мин-Куштагы А.С.Пушкин атн., 1976-92-ж. Таш-Дөбө орто мектептеринин директору болуп иштеген. «Сайра торгой» (1970), «Касиеттүү түкүрүк» (1977), «Кумайык» (1980), «Токсон өрдөк» (1983), «Кол үзүшпөй жүрөлүк», «Чагылган изи» (1990) аттуу прозалык, сатиралык, фантастикалык китептердин, «Токтобек өскөн айылда» (1972), «Ак шумкар» (1975), «Эмне болот» (1992) аттуу драмалык чыгармалар-дын автору. Драмалары Нарын музыкалуу драма театрында, республикалык «Касымалы шайыр» менчик театрында коюлган. 1960-92-ж. «Мугалимдер газетасы», «Кыргызстан маданияты» гезиттеринин, «Чалкан» журналдарынын штаттан сырткары кабарчысы да болгон. 2002-ж. Эл аралык Тоолор жылына карата Эркинбек Тезекбаевдин демөөрчүлүгү алдында «Кыялкеч бала» аттуу балдар ж-а өспүрүмдөр үчүн жазган китеби чыккан. 1989-жылдан Кыргыз Респ-нын жазуучулар союзунун мүчөсү.

ТЕЗЕКБАЕВА Элмира Асанбек кызы. (1963-ж.т. Таш-Дөбө айылы) Жазуучу, журналист. 1985-ж. КМУнун журналистика факультетин бүтүргөн. 1985-87-ж.ж. Кыргыз Мамлекеттик телерадио корпорациясынын жаштар редакциясында ага редактор, 1987-91-ж.ж. «Кыргызстан пионери» гезитинде бөлүм башчы, 1991-1999-ж.ж. Республиканын Эркин гезиттеринде эркин журналист, 1999-ж. Кыргыз Улуттук радиосунун «Кыргызстан» чыгармачылык өндүрүштүк бирикмесинин баяндамачысы болуп иштеп келе жатат. Бир нече аналитикалык макалалардын автору. «Туризм», «Тоолор», «Бизнес клуб», «Жеке ишкер»,«Турак жай» уктруулларынын, «Ачык сөз», радио ток-

шоу Программасынын автору ж-а алып баруучусу. 1999-ж. баштап Журналистер Союзунун, 2002-ж Эл аралык Журналистер Федерациясынын мүчөсү. Эл аралык ж-а Республикалык конкурстардын бир нече жолку дипломанты, профессор Токтосун Мамбетсариев атын. сыйлыктын лауреаты. «Королева» 2005-ж. аттуу прозалык жыйнактын автору. Бир нече аңгемелери ж-а новеллалары басма сөздөрдө жарыяланган.

ТЕЗЕКОВ Тилек (1965-ж.т., Өрнөк айылы) – уста. Педагогия окуу жайын, КМУну бүткөн. Өрнөк орто мектебинде мугалим, колхоздо ферма башчысы болуп иштеген. Кырма буюмдарын (табак, аяк, сузгу, чөйчөк, кашык) жасайт, ээр чабат, ат жабдыктарын шөкөттөйт, таш чегет, сөөккө оюм-чийим түшүрөт. Кайышчы ж-а өрүмчү дагы. Сүрөт да тартат. Кароосынактарга катышкан. Ардак грамоталар, дипломдор м-н сыйланган.

«ТЕЛЕКОМ» ЭЛЕКТР БАЙЛАНЫШ БӨЛҮМҮ (Чаек айылы, Ленин көчөсү). Ишинин негизги багыты райондун элин радио, телефон байланышы м-н үзгүлтүксүз тейлөө. 1994-ж. түзүлгөн. 1979-жылдан ЛТЦ деп аталат, Нарын облустук ЭТУСка караган. 1985-ж. райондук байланыш түйүнүнө кошулуп, АТС аталган ж-а облустук ПТУСка баш ийген. 1994-ж. Жумгал «Кыргызтелеком» ишканасы болуп, райондук байланыш түйүнүнөн өзүнчө мекеме катары бөлүнүп чыккан. 1998-ж. Жумгал «Телеком» ишканасы «Кыргызтелеком» акционердик коомунун Нарын облустук «Кыргызтелеком» филиалынын «Телеком» бөлүмү деп аталган. Миң-Куш шаарчасында АТС ж-а Байзак, Түгөл-Сай, Кызарт айылдарында бөлүмчө-лөрү бар. Бардыгы 63 адам (а.и. 18и Миң-Куш АТСинде, 5 адам айылдарда) иштейт (1998).

Райондогу алгачкы телефон ж-а телеграф байланышы 30-жылдардын ортосунан башталган. 1937-ж. Чаек ж-а Кочкор айылдарынын ортосунда МБ коммутатору аркылуу электр байланышы түзүлүп, Чаекте «Морзе» аппараты аркылуу 10 абонентти (райондун борборундагы мекеме, ишканаларды) тейлеген. 1952-53-ж. мурунку линиялар кайра курулуп Чаек-Кочкор багытында 12 канал иштеген. 1954-ж. МБ коммутатору 30 абонентке жеткен. Ошол эле жылы Миң-Куш Чаек–Кочкор-Балыкчы байланыш линиясы тартылып, СТ-35 аппараты аркылуу иштеген. Райондогу Кайырма, Дыйкан, Түгөл-Сай, Кызыл-Туу, Жаңы-Арык, Жумгал, Арал айылдары райондун борбору Чаек м-н телеграф байланышын түзгөн. 1960-ж. Чаек-Кочкор линиясы кайра курулуп, 316 тизмек иштей баштаган, ал эми ВО-12 аппаратурасы аркылуу 12 канал берип турган. 1972-ж. ТТ-6 аппараты м-н эки телеграф каналы Бишкектин ПС станциясына СТ-67М телеграф аппараты аркылуу иштеген. 1974-ж. Чаек айылына АТС-100/2000 тибиндеги 800 номерлүү АТС ишке берилген. Эски коммутатор М-60 тибиндеги жаңысына алмаштырылган. 1976-жылдан райондун айылдарына да АТСтер коюла баштаган. Байзак, Жаңы-Арык айылдарына АТС-50-200 тибиндеги АТС-50дөн номери м-н коюлган. Доскулу айылында 50 номерлүү АТС 1977-ж. ишке берилген, 1980-ж. Чаек-Бишкек багытында радиорелелик К-60П аппаратурасы аркылуу 60 канал иштей баштаган. 1980-ж. ТТ-6 аппараттурасы ТТ-12 м-н алмаштырылган.

Электр байланышы кызматын Миң-Куш шаарчасында 1955-95-ж. «Оргтехника» заводунун мекемелик телефон станциясы аткарган. Ал 1996-ж. Жумгал «Телеком» электр байланыш бөлүмүнө өткөрүлүп берилген.

1991-ж. жаңы байланыш үйү курулуп бутуп АТСтин абоненттери 2 миңге жеткирилген. 1994-ж. Чоң-Дөбө, Кызарт радиорелелик станциялары иштей баштап, Чаек айылы м-н облустун борборуна Курс-2 аппаратурасы аркылуу 60 канал ишке берилген. Натыйжада 100/2000 К-60 каналдык аппараты Чаек айылын Кыргызстандын бардык жери м-н байланыштырат. ИКМ-15 Байзак айылы м-н 15, «Контейнер» радиорелелик аппаратурасы аркылуу Миң-Куш шаарчасы м-н 12, «Малютка» радиорелелик аппаратурасы аркылуу Кызарт айылы м-н 4, 13-3-3 аппараты аркылуу Түгөл-Сай айылы м-н 3, «Малютка» радиорелелик аппаратурасы аркылуу Каракечүү көмүр тилкеси м-н 4 канал аркылуу байланышат. 1995-ж. Чаек айылына АЗТС 20 номерлүү, 1997-ж.



Темирканов Ш



Тентимишев А



Телтаев А

Миң-Куш шаарчасына 600 номерлүү 100/2000 АТСК ж-а 6 каналдык Кварц автомат аппаратурасы коюлуп, абоненттер Бишкек шаарындагы «Кварц» шаар аралык автомат телефон станциясына кошулган. Азыркы учурда Байзак айылында 100 номерлүү 50/200 АТСК ИКМ-15 аппараты, Түгөл-Сай айылында 50 номерлүү АТСК 50/200 В-3-3 аппараты ж-а ТУ-600 радиокүчөткүчү, Кызарт айылында 100 номерлүү АТСК 50/200 4 каналдуу «Малютка» радиорелелик аппараты ж-а У-ПВ-1,25 радиокүчөткүчү, Каракече көмүр тилкесинде 4 каналдуу «Малютка» радиорелелик аппараты иштейт. Бөлүмдүн директорлору: Жунушалиев Жыргалбек (1994-98), 1998-жылдан Назаров Асылбек, Миң-Куштa 1996-жылдан Токтоналиев Шакир.

ТЕЛТАЕВ Алмазбек Касымалиевич (1953-ж.т. Байзак айылы) Фрунзедеги «Электроваакумдук» заводдо газоэлектр ширетүүчү (1971-ж.), Айыл чарба институтун бүтүргөн (1972-ж.). 1982-ж. чейин Жумгал УОСунда гидромер, ага инженер, курулуш бөлүмү башчысы (1986-97-ж.ж.) УОСтун начальниги болуп иштеген, 1997-ж. райондук айыл чарба департаментинин директору (1998-99-ж.ж.). Чүй облусунун суу чарба башкармасында бөлүм башчы, 2002-ж. «Селводзащита» өндүрүштүк башкармасынын Жумгал району боюнча окүлү болгон. 2003-ж. баштап «Дүйнөлүк банктын» «Ички чарбалык сугат» программасынын суу пайдалануучулардын ассоциацияларын колдоо боюнча райондук бөлүмдүн координатору. 4 жолу райкеңешке депутат болгон. "Манас-1000" юбил. медалы м-н сыйланган (1995-ж.).

ТЕМИРБАЕВ Бердигул (31.3.1963-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – тарыхчы, тарых илимдеринин кандидаты (1993), доцент (1994), 1986-ж. КМУУнун тарых факультетин бүткөн. 1980-81-ж. «Кызарт» совхозунда жумушчу, 1984-97-ж. КМУУнун илимий-изилдөө секторунда инженер, Кыргызстандын тарыхы ж-а кыргыз таануу кафедрасында улук окутуучу, доцент, 1998-жылдан проректордун тарбия иштери б-ча жардамчысы. Илимий изилдөө иштеринин негизги багыты азыркы мезгилдеги агрардык тарыхтын орчундуу маселелерине арналган. «Борбордук Азия: региондун байыркы мезгилден 1917-жылга чейинки тарыхы» (Ю.В.Подкуйко м-н авторлош, 1997) аттуу илимий-популярдуу китептин ж-а 20дай ар кыл илимий макалалардын автору. Кыргызстан жаш тарыхчылар ассоциациясынын мүчөсү (1993).

ТЕМИРКАНОВ Шаршен (1930-ж.т., Кайырма айылы) – мал өстүрүүнүн биринчи класстагы чебери (1980). 1952-жылдан чабан болуп иштеген. Ар жүз тубар койдон 125-132ден төл, ар койдон 3,8-4,5 *кг*дан жүн алган. Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк 1-курултайынын делегаты (1992). «Эмгек Кызыл Туу» (1988), «Ардак Белгиси» (1983) ордендери ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТЕМИРОВ Абдыкалый (1909, Таш-Дөбө айылы – 1952, ошол эле жер) – Белгилүү обончу, аткаруучу, комузчу. Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1944). 1936-39-ж. Жумгалда уюшулган колхоз-совхоз театрында, 1939-41-ж. Нарын облустук театрында, 1941-жылдан Караколдо, Кыргыз мамлекеттик филармониясында иштеген. Чыгармачылыгын 1930-ж. баштаган. Элдик күүлөрдү ж-а ырларды чебер аткарып, өзү да «Акмандай», «Сагынам», «Кыялым», «Беш жылдык», «Ак чабак», «Сагынганда», «Беш ыргай», «Мен ашык», «Сайра комуз» ж.б. ырларга обон чыгарган. Ал «Кайгылуу Какей» (М.Токобаев), «Сариньжи» (К.Эшмамбетов), «Жапалак Жатпасов» (Р.Шүкүрбеков) ж.б. спектаклдерде рольдорду чебер ойногон.



Терекбаев М



Тилегенов Б



Тилегенова Б

ТЕНТИМИШЕВ Арзымкан Каске уулу (8.1.1939, Кызыл-Эмгек айылы – 7.9.1997, Бишкек) – электр-механик. Кыргыз Респ-нын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1976), техника илимдеринин кандидаты (1975). 1958-ж. Токмоктогу айыл чарба техникумун, 1965-ж. Бишкек политехника институтунун энергетика факультетин бүткөн. 1958-60-ж. Нарын, Жумгал РТСеринде, Кызарт с-зунда электр-механик, (Кызарт с-зун 1-жолу электрлештирген), 1965-67-ж. Ленин заводунда мастер, технолог энергетик. 1967-69-ж. Бишкек политехника институтунда окутуучу, 1969-72-ж. Кыргыз ИАда аспирант, инженер, улук илимий кызматкер, башкы инженер, 1979-97-ж. Бишкек политехника институтунда (азыркы тоо-кен металлургия институту) улук илимий кызматкер, улук окутуучу, доцент болуп иштеген. 1976-ж. бургулоочу техникалардын конструкциясы б-ча «Аскатеш» тибиндеги техниканы жасагандагы үчүн Мамлекеттик сайлык ыйгарылган. О.эле «Тактеш», «Айдытеш» бургулоочу машиналарды жасоого активдүү катышкан. Кысылган аба м-н иштөөчү бургулоочу техникалардын энергиясын үнөмдөө үчүн резонатор прицибинде иштеген пневморезонатордун конструкциясын иштеп чыгып, өндүрүшкө киргизген. "Кыргызстандын эмгек сиңирген рационализатору" (1976). 4 автордук күбөлүктүн, 32 илимий эмгектин автору. Медалдар м-н сыйланган.

ТЕРЕКБАЕВ Мусан (1931-ж.т. Баш-Кууганды айылы) Көл-Арык орто мектебинде китепканачы (1950-1955-ж.ж.), директордун орунбасары катчысы болуп иштеген. Уй фермада эсепчи, колхозчу, чабан болуп жүрүп, 1976-ж. "Эмгек Кызыл Туу" ордени м-н сыйланган. Айыл чарба техникумун бүтүп, (1966-69-ж.ж.) колхоздо ар кандай кызматтарда иштеген. Бир нече медалдардын ээси.

ТИЛЕГЕНОВ Бактыбек Сабырович (22.6.1960-ж.т., Доскулу айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1992). 1970-ж. Бишкектеги музыкалык мектеп-интернатта фагот үйлөмө аспабы б-ча, 1978-ж. М.Күрөңкөев атн. музыкалык окуу жайын, 1984-ж. Б.Бейшеналиева атн. искусство институтун, 1997-ж. Кыргыз улуттук консерваториясынын опера ж-а симфониялык дирижер бөлүмүн бүткөн. 1977-жылдан Кыргыз телерадиосунун симфониялык оркестринде солист, дирижер, 1979-жылдан А.Малдыбаев атн. опера ж-а балет театрында солист, 1992-жылдан дирижер, ошол эле учурда 1993-жылдан кыргыз Улуттук консерваториясында улук окутуучу. Дирижер-коюучу катары А.Адан–Делибдин «Корсар», Минкустун «Дон-Кихот» балеттерин койгон. «Аккуу көлү», «Уйкудагы сулуу», «Щелкунчик» (П.Чайковский), «Дон Кихот», «Баядерка», «Жизель» (Миниус), «Спартак» (Хачатурян), «Бахчисарай фонтаны» (Асафьев), «Шопениана» (Шопен) балеттерине, «Иоланта» (П.Чайковский), «Травиата» (Верди), «Сыйкырдуу музыка» (Минков), «Алеко» (Рахманинов) операларына, симфониялык концерттерге дирижерлук кылган. Республикалык (1983, 1985), эл аралык (1990, Алматы) музыкант аткаруучулар конкурстарынын лауреаты. 1985-ж. Москвада өткөн Кыргызстандын декадасына катышкан. Көп өлкөлөрдө гастролдо болгон.

ТИЛЕГЕНОВА Бүбүталып (17.12. 1933-ж.т., Лама айылы) – кыргыз аялдарынан чыккан алгачкы хормейстер, уз. балдар үйүндө тарбияланган. 1954-ж. М.Куренкеев атн. музыкалык окуу жайынын хор-дирижерлук бөлүмүн (С.Юсуповдун классын) бүткөн. 1954-83-ж. А.Малдыбаев атн. кыргыз мамлекеттик академиялык опера ж-а балет театрында хормейстердин ассистенти, ошол эле



Тилекматова Н



Токтобеков А



Токтомбаев К



Токталиева Н

мезгилде хор артисти, 1984-88-ж. жардамчы режиссер, 1988-98-ж. гримдөөчү, ошону м-н эле катар 1972-80-ж. М.Куренкеев атн. музыкалык окуу жайында хор дирижерлук классы б-ча окутуучу, 1970-93-ж. опералык-хор студиясында музыка теориясы ж-а сольфеджио б-ча мугалим болуп иштеген. Кыргыз маданиятынын 1958-жылдан берки Москвада өткөн декадаларынын бардыгына катышкан. Ал бычмачылыкмечи дагы. Театрда «Ак Мөөр», «Курманбек», «Айчүрөк» ж.б. опералык ж-а балеттик чыгармалардагы негизги образдарды жараткан артисттердин азем кийимдерин (топу, шөкүлө, тебетей, элечек, жоо кийимдерин ж.б.) шөкөттөп тиккен. «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесиндеги оюн-зоокко кийилген бүт баш кийимдерди, 40 чоронун жоодо кийүүчү зооторун, 22 кыздын шөкүлөсүн ж.б. кыздары, келиндери м-н бирдикте жасаган. Медалдар м-н сыйланган.

ТИЛЕКМАТОВА Нарынбүбү (1900, Жаңы-Арык айылы – 1974, ошол эле жер) – райондогу аялдардан чыккан алгачкы чарба жетекчилеринин бири. 1929-31-ж. Жаңы-Арык айыл кеңешинде кызыл үй башчысы, 1931-34-ж. жер иштери эл комиссариатында текшерүүчү-аткаруучу, 1934-36-ж. Жумгал районунда инспектор, 1934-38-ж. Жаңы-Арык айыл кеңешинин Төрагасы, 1938-41-ж. Жумгал райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1941-32-ж. Кызыл-Туу айылдык керек-жарак коомунун Төрагасы, 1943-45-ж. Базар-Турук колхозунун башкармасынын Төрагасы болуп иштеген. "Эмгек Кызыл Туу" (1946) ордени ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н 3 жолу сыйланган.

ТОЙГОНБАЕВ Мамыр (1884, Таш-Дөбө айылы – 6.12.1954, ошол эле жер) – катсабаты жок эле Таш-Дөбө айылында он жылдан ашык башкарма болгон. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери м-н сыйланган.

ТОКТАЛИЕВА Нурбүбү (1931-ж.т., Көк-Ой айылы) – "Октябрь Революциясы" орденинин ээси (1976), мугалим-методист (1979). 1950-ж. Бишкек кыргыз кыздар педагогика окуу жайын бүткөн. КМУда окуган. 1950-51-ж. Жаңы-Жол башталгыч, 1951-69-ж. Миң-Куштагы Горький, 1969-94-ж. К.Акиев атн. орто мектептерде башталгыч класстын мугалими, ошол эле учурда 1972-79-ж. «Чаек» колхозунда аялдар Советинин төрайымы болуп иштеген. Мугалимдердин 5, 9-11-съездерине делегат, Миң-Куш шаарча кеңешине депутат болуп шайланган. 1969-ж. жаңы программа б-ча райондук башталгыч класстардын мугалимдерин курстан откөргөн. Көптөгөн илимий конференцияларга, республикалык педагогикалык окууларга катышкан, теле аркылуу сабак өткөн. Кыргыз ССРинин (1966), "СССРдин (1968) элге билим берүү отличниги" «Энелик даңк» ордени, көптөгөн медалдар ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ТОКТОБЕКОВ Акматбек (25.10.1926-ж.т., Баш-Кууганды айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1993) 1948-ж. Бишкектеги мугалимдер институтунун табият-таануу-география факультетин, 1958-ж. Кыргыз мамлекеттик институтунун география факультетин бүткөн. 1942-44-ж. Кол-Арык мектебинде мугалим, 1944-96-ж. Түгөл-Сай, Ш.Садыбакасов, Сулайманов, К.Акиев, Ж.Турусбеков атн. орто мектептерде директор болуп иштеген. Кыргыз Респ-нын (1968), "СССРдин (1984) билим берүү отличниги" Көптөгөн медалдар, СССРдин, Кыргыз Респ-нын



Токтоналиев Ж



Токтоналиев И



Токтоналиев Ш

элге билим берүү министрликтеринин Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ТОКТОМБАЕВ Капар (4.1.1932, Чаек айылы – 30.6.1990, ошол эле жер) – райондо медицина тармагына чоң салым кошкон ишмер. 1956-ж. КММИни бүткөн. 1956-58-ж. Жумгал р-ндук борбордук оорукананын, 1958-62-ж. Тогуз-Торо р-ндук ооруканасынын, 1962-69-ж. Жумгал р-ндук борбордук ооруканасынын башкы врачы, 1969-90-ж. ошол жерде хирургия бөлүмүнүн башчысы ж-а хирург болуп иштеген. Медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы м-н сыйланган. Жумгал р-ндук советине бир нече жолу депутат болуп шайланган.

ТОКТОМУШЕВ Алым (1.9.1947-ж.т., Кайырма айылы) – акын, жазуучу, публицист. КМУну бүткөн. «Демилге» гезитинде корректор, 1967-69-ж. Кыргыз драма театрында жумушчу. Кыргыз опера ж-а балет театрында артист, 1969-78-ж. «Ленинчил жаш», 1978-95-ж. «Кыргызстан маданияты» гезиттеринде кабарчы, бөлүм башчы, баш редактордун орунбасары. 1995-96-ж. «Нуска» гезитинин баш редакторунун орун басары, 1996-жылдан «Асаба» гезитинде кабарчы болуп иштейт. «Жолдогулар» аттуу ыр жыйнактын, көптөгөн адабий-сын, публицистикалык макалалардын, поэтикалык котормолордун автору. 1969-ж. жаш акындардын Алматыда өткөн Бүткүл союздук фестивалынын катышуучусу. 1991-жылдан СССР жазуучулар союзунун мүчөсү. Бүгүнкү күндө «Агым» гезитинин башкы редакторунун орунбасары.

ТОКТОНАЛИЕВ Жеңиш (15.4.1946-ж.т., Көк-Ой айылы) 1963-ж. Бишкек финансы-кредит техникумун, 1970-ж. КМУну, 1978-ж. Алматыдагы Жогорку партиялык мектепти, 2000-ж. Чүй университетин бүткөн. 1963-71-ж. «Чаек» колхозунда бухгалтер, «Көкөмерен» совхозунда башкы экономист, 1971-76-ж. комсомолдун Жумгал райкомунун катчысы, 1978-87-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун бөлүм башчысы, 1987-90-ж. райондук элдик контролдоо Комитетинин Төрагасы, 1990-92-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 2-катчысы, 1992-93-ж. «Эмел» совхозунун директору, 1993-96-ж. Жумгал р-ну б-ча салык инспекциясынын башчысы, 1996-2000-ж. Жумгал р-ндук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары, 2000-жылдан Жумгал р-ндук жерге жайгаштыруу башкармасынын акими. Райондук Советке 9 жолу депутат болуп шайланган. Кыргыз Респ-нын Жогорку Кеңешинин 2 Грамотасы м-н сыйланган.

ТОКТОНАЛИЕВ Ишен (1939-ж.т. Баш-Кууганда айылы) «Дыйкан колхозунда чабан болуп иштөө м-н эмгек жолун баштаган (1959-ж.). Мал чарбачылыгында көрсөткөн ийгиликтери үчүн (1996-ж.), (1977-ж.ж.) 2 жолу «Эмгек Кызыл Туу» ордени м-н сыйланып, бир нече жолу жергиликтүү Кеңешке депутат болуп шайланган.

ТОКТОНАЛИЕВ Шейшенбек (1951-ж.т. Көк-Ой айылы) 1975-ж. КМУну бүтүргөн. 1977-ж. баштап Көкөмөрөн совхозунда бухгалтер, экономист, порткомдун катчысы болуп иштеген. 1982-84-ж.ж. Ташкен ш. партиялык жогорку мектепти бүткөн. 1984-86-ж.ж. партиянын Ат-Башы райкомунда айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 1986-87 ж.ж. партиянын Нарын обкомунун айыл чарба бөлүмүндө нускоочу 1987-92 ж.ж. Түгөл-Сай ж-а Большевик совхозунда директор, 1992-93-ж.ж. Руслан дыйкан чарбасынын башчысы. 1993-97-ж.ж. Көк-Ой айылдык Кеңешинин Төрагасы, Эмел совхозунун директору, райондук социалдык коргоо башкармасынын жетекчиси. 1997-ж. ушул кезге чейин Көк-Ой Айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп иштейт. Бир нече жолу айылдык,


Токторбаев А


Токтосунов Ө


Төкөлдөшев К

райондук Кеңешке депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы м-н сыйланган.

ТОКТОРБАЕВ Айылчы (1888 – 6.5.1962, Кызарт аймагы) – болуш, агартуучу. Саяктын койлон уруусунан. Тири каректыгынан 1901-ж. 13 жашында болуштукка шайланып, "бала болуш Айылчы" аталган. Сөзгө чечен, элге алымдуу болгон. *Байзактын* Шабданга тартуулаган хан чатыры Айылчыныкы болгон. 1916-ж. Орусия падышачылыгына каршы туруп, бир тууганы Сыдык м-н бирге ал өрөөндө көтөрүлүш уюштурган. Өзү билимдүү адам болуп, Айгыр-Жалда мектеп ачып, бала окуттурган. Тарыхчы Осмонаалы Сыдык уулуна кыргыз санжырасын айтып берүүчүлөрдүн бири болгон. Токтогул м-н жакын мамилелеш болгондуктан ж-а куйма кулак, сөзгө чебердигинен Токтогулдун көптөгөн үлгү, нуска, наасат ырлары анын оозунан жазылып алынып, Токтогулдун тандалмаларына киргизилген ж-а А.Токторбаевден жазылып алынганы белгиленген. Эл чыгармаларын жогору баалагандыктан, Сагымбай манасчыны чакыртып, элге айлап «Манас» айттырып берген. Ал калыс, чечен болуп, эл кадырлагандыктан "кулакка" тартылган эмес. Кеңеш бийлигине да кызмат өтөп, Сталин районундагы Жаңы-Арык, Сары-Талаа, Кызыл-Эмгек артелдерин уюштуруучулардан болгон.

ТОКТОРБАЕВ Сыдык (1884, Соң-Көл жайлоосу – 1937, Орусия, түрмөдө өлгөн) – алгачкы агартуучулардан, манап. 1916-жылкыэл көтөрүлүшүндө орус падышачылыгынын баскынчылыгына каршы чыгып, Былкылдактын сазындагы минден ашуун жылкысын элге таратып, орус отрядына жеткирбей куткарып кеткен. Элдик таланттарды кадырлап, Куйручук, Калык, Тоголок Молдо, Сагымбайларды топ-жыйындарга атайын чакыртып, өнөрлөрүн элге жеткиртип турган. Бухарадан, Казандан таалимчи алдырып, элдин сабатын ачууга аракет кылган. Байзак, Айылчылар м-н бирдикте кыргыз-кытай чек арасын тактоого катышкан. Кеңеш бийлиги башталганда, анын конфискацияланган мал-мүлкүнүн негизинде Сталин р-нунун «Кызарт», «Кызыл-Эмгек» артелдери түзүлгөн. 1932-ж. 8-октябрда бай-манаптык контрреволюцияга катышты деген саясий жалаа м-н концлагерге айдалган ж-а андан кайткан эмес. Күнөөсү жоктугуна байланыштуу 1958-ж. 9-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Сотунун коллегиясы 1932-жылдагы Орто Азия үчилтигинин чечимин жокко чыгарган. 1994-ж. 27-майда толук актанган.

ТОКТОСУНОВ Өткүлбек (10.3.1947, Жаңы-Арык айылы – 24.11.1996, ошол эле жер) – 2 Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси (1975, 1983). 1969-94-ж. «Кызарт» совхозунда баш чабан болуп иштеген. Ар жүз тубар койдон 115ке чейин төл алган. 1984-ж. Эл депутаттарынын Жумгал райондук советине ж-а Жаңы-Арык айыл советине депутат болуп шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1974), Кыргызстан ЛКЖС БКнын (1975) Ардак грамоталары м-н да сыйланган.

ТӨКӨЛДӨШЕВ Казмалы (4.3.1918, 8 март айылы – 28.9.1978, ошол эле жер) – Социалисттик Эмгектин Баатыры (1971). Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. 1950-жылдан Панфилов р-нунун «Көкөмерен» (азыр Жумгал р-ндук) байланыш бөлүмүндө


Толомушев Б


Тологонов Т


Торөканов Б


Тултуков Ж.

почточу болуп иштеген. Малчыларды мыкты тейлөого жетишкен. Ленин, «Ардак Белгиси» орденди м-н сыйланган.

ТӨЛӨГӨНОВ Кеңешбек (1955-ж.т. Баш-Кууганды айылы) Алдыңкы механизатор. ВДНХнын коло медалы (1983-ж.), "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы (1981-ж.) "Эмгек Даңкы" орденинин III баскычы м-н сыйланган (1986-ж.).

ТӨЛӨГӨНОВ Токтогазы (1948-ж.т. Сары-Булуң айылы). Кыргыз медицина институтун бүтүргөн (1972-ж.). Пржевальск ш. I жылдык ординатурасын бүтүрүп, Миң-Куш ооруканасында хирург, (1973-76 ж.ж.) Хирургия бөлүм башчысы (1976-85-ж.ж.) Нарын облустук саламаттык сактоо башкармасында башкы хирург (1985-86-ж.ж.) Миң-Куш ооруканасынын башкы дарыгери (1987-97-ж.ж.) Хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. (1997-2000-ж.ж.) Кыргыз Республикасынын хирургдарынын 2-курултайынын делегаты. СССР Кызыл-Крест коомунун Грамотасы м-н сыйланган (1984-ж.) Поселкалык Кеңешке 5 жолу депутат ж-а Райкеңештин депутаты болгон.

ТӨЛӨМҮШЕВ Бейшеналы (1922-ж.т. Таш-Дөбө айылы) согушка катышкан (1943- 46-ж.ж.) Япония, Германияда болгон, 1946-62-ж. чейин бригадир, парторг (1962- 66-ж.ж.), кампачы (1966-78-ж.ж.) сугатчы (1978-82-ж.ж.) көп сыйлыктардын ээси. «Эмгек Кызыл Туу» ордени м-н сыйланган.

ТӨРӨКАНОВ Бексул (23.06.1958-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – финансы ишмери. КМУнун экономика факультетин бүткөн (1981). 1981-85-ж. Нарын облустук финансы бөлүмүндө улук экономист, 1985-92-ж. Финансы министрлигинин козөмолдөп текшерүү башкармалыгында Нарын ж-а Ысык-Көл облустары б-ча улук контролер-ревизор, 1992-94-ж. Суусамыр р-ндук экономика ж-а финансы бөлүмүнүн башчысы. Экономика ж-а финансы кызматынын отличниги (1998). Нарын облустук кеңешинин эки жолку (1995-жылдан) депутаты.

ТӨРТКҮЛ СЕПИЛИ Жумгал суусунун оң жээгинде, «Жумгал-Ата» мазары м-н Боз-Бешик тоосунун ортосунда. Азыркы Байзак айылынын Кара-Ой деген жериндеги байыркы доорго тиешелүү археологиялык маданий катмардын үстүндө, дүйнө багыттары б-ча төрт бурч түрүндө салынган. Аянты 1 *га*га жакын. Чепти айланта аңгек казылып, ага суу толтурулган. Суу жагы жарча, тегереги Кара-Ой сазы, өз мезгилинде душман кире албастай болгон. Чептин калын дубалы байдубалга тургузулуп, бурчтарына кароол-мунаралар орнотулган. Сепилдин туурасы 2,5, бийиктиги 7 *м*дей, чыгышында ж-а батышында дарбазалары болгон. Чептин ичинде казарма, аткана, ар түрдүү кампалар, зындан болгон. 1830-жылдары Кокон хандыгы салдырган. 1862-ж. Коконго каршы көтөрүлүш чыкканда, орус отрядынын жардамы м-н чеп алынып, талкаланып бузулган. 1960-ж. археологдор изилдешкен.

ТУЛПАР-ТАШ БАЛБАЛЫ, к. *Көк-Булак (Тулпар-Таш) балбалдары.*

ТУЛТУКОВ Жумабек Ибиралиевич (1962-ж.т. Кызыл Жылдыз айылы) Каракол пединститутун бүтүргөн (1984-ж.) Таш-Дөбө орто мектебинде мугалим (1992-ж.), Жумгал Районодо нускоочу-методист, раймамадминистрацияда жалпы бөлүм башчысы (1993-96-ж.ж.)



Тултуков Н



Турганбеков К



Тургунбаев К

районунун башчысынын орунбасары, усулдук борбордун башчысы 1996-ж. Райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, 1997-ж. Районунун башчысы болуп иштеген. «Эл агартуунун отличниги», 1986-ж. атайын жолдомо м-н Польша мамлекетинде өткөн жаштардын Бүткүл дүйнөлүк чогулушуна катышкан.

ТУЛТУКОВ Нуралы (1940-ж.т.) Чаек колхозунда ветврач, комплекстүү бригаданын бригадири (1970-72-ж.ж.) Кабак айыл Кеңешинде катчы (1978-80-ж.ж.) Төрага, 1982-жылдан кайрадан Чаек колхозунда мал чарба тармагында иштеген. ВДНХнын күмүш, Лениндин 100 ж. юбил. медалы м-н сыйланган.

ТУНКАТАРОВ Алмазбек (1903-ж.т. Жаңы-Жол колхозу). Колхоздоштуруу мезгилинде активдүү уюштуруучулардан болгон ж-а чарбанын экономикасынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Ата Мекендик согуш мезгилинде эл м-н бирге болуп, өзү туулуп өскөн Жаңы-Жол колхозуна райондук органдар тарабынан жиберилип, жазгы айдоо, күзгү тоют ж-а эгин жыйноодо, мал кыштатууда берилип иштеген. Көп жылдар бою сельсоветтин катчысы, райондук стат. бөлүмүнүн жооптуу кызматкери болуп эс алууга чыкканга чейин иштеген. Кыргыз элинин санжырасын жакшы билген райондогу белгилүү инсан болучу.

ТУРАК-ЖАЙ КОММУНАЛДЫК ИШКАНАЛАР КОМБИНАТЫ (Чаек айылы) – Чаек айылын көрктөндүрүү, калкты таза суу м-н камсыз кылуу, мектеп, оорукана, кабат үйлөргө жылуулук берүү ж.б. жумуштарды аткарат. Калкты таза суу м-н Камсыз кылууда Чаекке 3, Миң-Кушка 2 ж-а ар бир айылга бирден суу тосмолору курулган. Суу түтүкчөлөрү Жумгал (узундугу – 8,7 *км*), Жаңы-Арык (7,8 *км*), Куйручук (16,9 *км*), Түгөл-Сай (17,8 *км*), Баш-Кууганды (12,4 *км*), Байзак (20,6 *км*), Кок-Ой (7 *км*), Чаек (10 *км*) айыл өкмөттөрүндө ж-а Миң-Кушшаарчасында (37 *км*) иштейт.

ТУРГАНБЕКОВ Канат (1953-ж.т. Кайырма айылы). 1981-ж. КМУну бүтүргөн. 1981-ж. Юстиция министрлигинде референт, 1982-90-ж.ж. Москва районунун Судьясы, 1991-99-ж.ж. Сокулук райондук Сотунун Төрагасы, 1999-ж. бери Бишкек ш. Ленин райондук Сотунун Төрагасы болуп иштейт. Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1986-ж.), Кыргыз Республикасынын (1996-ж.) Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ТУРГУНБАЕВ Кеңешбек (1937-ж.т. Кайырма айылы). Чарбалык ишмер, колхозчу (1959-60-ж.ж.), Бишкек кино техникумун бүтүргөн (1962-65-ж.ж.). 1965-70-ж.ж. Кирпич заводунун директору, партиянын Жумгал районунун инструктору (1973-77 ж.ж.) Жумгал совхозунда парткомдун катчысы (1977-84 ж.ж.), Кызарт совхозунун директору (1984-87-ж.ж.) болуп иштеген. Байзак айылынын Кеңешинин Төрагасы (1988-95 ж.ж.) 1995-ж. баштап Байзак Айыл Өкмөтүнүн башчысынын орунбасары. Райондук Кеңештин 6 жолку, айылдык Кеңештин көптөгөн жолку депутаты, партиянын, Нарын Өкмөтүнүн (1980-ж.) райкомдун 6 жолку мүчөсү болуп шайланган. Москвадагы партиялык жогорку мектепти (1975-ж.) Кыргызстан айыл чарба институтун сырттан окуп бүткөн (1986-ж.). Медалдар, грамоталар м-н сыйланган.



Тургунбаев А



Турсуналиев Ү

ТУРГУНБАЕВ Абдыкалый (1949-ж.т. Түгөл-Сай айылы) Куренкеев атын. музыкалык окуу жайын (1977-ж.) Бейшеналиева атын. искусство дирижерлук бөлүмүн бүткөн (1987-ж.). Большевик совхозунда клуб башчысы (1970-73-ж.ж.) Чаек балдар музыкалык мектебинде мугалим (1977-93-ж.ж.) окуу бөлүмүнүн башчысы, директору болуп иштеген (1993-ж.). Ушул кезде фольклордук ансамбль, хор ийрими, комузчулар ансамбли түзүлгөн ж-а бул ийримдер көптөгөн жаш таланттар фестивалында «Гран-при» ж-а 1-орунду ээлешкен. Райондук, облустук, республикалык кароо конкурстарынын лауреаты. Ардак грамота, сыйлыктарга ээ болуп, көптөгөн чет мамлекеттерде болгон. «Эл агартуу отличниги».

ТУРДУБАЕВ Жолдошаалы (1948-ж.т. Баш-Кууганды айылы) Пржевальскидеги пединститутунун математика факультетин бүтүргөн 1970-ж. Көл-Арык/Шатман Садыбакасов/ орто мектебинде математикадан сабак берип иштей баштаган. Мектепте тарбия иштери боюнча орунбасары (1973-ж.) 1992-жылдан мектептин директору болуп иштейт.

ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИК ЖАКТАН ТЕЙЛӨӨ КЫЗМАТЫ. 1965-жылга чейин райондун калкын турмуш-тиричилик жактан 1935-ж. уюшулган өнөр жай комбинаты тейлеген. 1965-ж. Жумгал турмуш-тиричилик комбинаты (1988-жылдан «Нарын турмуш-тиричилик кызматы» аймактык-өндүрүштүк бирикмесине караган) ишке берилген. 1990-ж. комбинат 2 турмуш-тиричилик үйүн (Чаек айылында ж-а Миң-Куш шаарчасында) бириктирген. Анда өтүк ултаруу ж-а оңдоо, тор боюм токуу, мебель жасоо ж-а оңдоо, кийим тигүү цехтери, убактылуу пайдаланууга буюм берме, химиялык жол м-н кийим тазалоо пункттары, кир жуугуч жайлары, чач тарач, фотография, Жаңы-Арык айылында кийим тигүү мастерскою болгон. 1992-ж. менчиктештирилген. Элге чач тарач, сүрөткана, «Самат» кичи ишканасы кызмат көрсөтөт. 11 адам иштейт (1998).

ТУРСУНАЛИЕВ Үсөн (1920-ж.т. Жаңы-Арык айылы). Согушта болгон (1941-1946 ж.ж.). Согуштук орден, медалдар м-н сыйланган. 1947-ж. тартып Кочкор, Кызарт совхозунда чабан болуп иштеген. Москвадагы Бүткүл Союздук көргөзмөсүнүн катышуучусу. Кызарт совхозунда чабан болуп 1965-ж., 100 түбардан төл алуу ж-а ар бир койдон жүн кыркып алуу боюнча жогорку көрсөткүчтөрдү жараткан. ВДНХнын коло медалын 2 жолу алган, «Эмгек Кызыл Туу» ордени м-н 2 жолу, Лениндин 100 ж. юбил. медалы, «9-5 жылдыктын ударниги» төш белгиси, «Эмгектин ардагери», «Согуштун ардагери» медалдарды, Улуу Ата Мекендик согуштун баардык этаптагы медалдары м-н сыйланган.

ТУРСУНБАЕВ Нурканбек (15.7.1940-ж.т., Чаек айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1995), обончу. 1966-ж. Ташкендеги А.Н.Островский атн. театр өнөрү институтун бүткөн. 1958-60-ж. Кочкор маданият үйүндө инспектор-массовик, 1966-75-ж. Кыргыз мамлекеттик драма театрында артист, ошол эле мезгилде 1973-74-ж. кыргыз театр ишмерлер союзуна караштуу «Актерлор үйүнүн» директору, 1975-78-ж. М.Рыскулов атн. Нарын музыкалык драма театрында артист, 1978-80-ж. Жумгал маданият үйүнүн директору, республиканын эл чыгармачылык үйүндө режиссер, 1980-жылдан Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында иштейт. Ошол эле мезгилде


Турсунбаева Т

бир катар жогорку окуу жайларында комузчулар ансамблин жетектеген. Обон чыгаруунун мектепте окуп жүргөндө баштаган. Ал 200дөй обон жараткан

Белгилүүлөрү: «Жумгалым», «Кош Соң-Кол», «Энеме», «Ай баратат», «Сонун кез экен», «Алтынчы күнү кечинде», «Суу алган кыз», «Барып көр», «Шаңдан олкөм», «Жүрөктүн чоғу», «Соң-Көл», «Көл толкуду», «Геологдун ыры» ж.б. «Эне тилеги», «Биздин жер», «Чек арачынын ыры» ж.б. хорлордун автору. Бир катар спектаклдердин, 10 документ фильмдин, 15 куурчак спектаклинин музыкасын жазган. Актер катары 100дөн ашык спектаклде ойноп, Ахмед (Б. Өмүралиев, «Унутулгус адам»), Данияр, Чоро (Ч.Айтматов, «Жамыйла», «Коммунист Танабай»), Гортензио (Шекспир, «Азоого чалма»); Калык (К.Маликов, «Осмонкул»), Кулан (Ш.Садыбакасов, «Ак боз ат»), Абыке, Жума Молдо (Ж.Садыков, «Манастын уулу Семетей»), «Күйөө жолдош» ж.б. каармандардын жандуу образын түзгон. «Салиманын ыры», «Куш омүр», «Жоро», «Дилетант», «Токтогул», «Куйручук» ж.б. коптогон көркөм фильмдерге тартылган. Кyудул артист катары көптөгөн радиотелеберүүлөргө, концерттерге, оюн-шоок кечелерге катышкан. 12 музыкалык аспапта (комуз, домбра, аккордеон, пианино ж.б.) эркин ойнойт. Комузду мыкты черткен күүчү, сатиралык бир катар чыгармалардын автору катары да белгилүү.

ТУРСУНБАЕВА Таттыбүбү Мырсаалы кызы (12.7.1944, Чаек айылы – 22.12.1981, Бишкек ш.) – артист. Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген артисти (1974). 1966-ж. Ташкендеги А.Н.Островский атн. сүрөт ж-а театр институтунун актердук факультетин бүтүп, Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрында иштеген. 16 жашында (1960) өздүк-көркөм чыгармачылыгынын республикалык кароосунда «Гүлкайыр» аттуу ырды ырдап чыгып, лауреаттык наамга ээ болгон. Ошол конкурста киночулардын көзүнө түшүп, «Салиманын ыры» аттуу кыска метраждуу көркөм фильмде (режиссеру А.Герштейн) башкы ролду аткарган. Ал өзүнүн аткаруучулук чоң таланты, мукам үнү ж-а сахнадагы жаркын ажары, сулуулугу м-н көрөрмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Кейипкерлердин ролдорун жөнөкөй, турмуштагыдай ойногон. Анын жагымдуу үнү, ачык дикциясы, улуттук колорити, аткаруудагы пластикалуу ж-а назик манерасы, образ жаратуудагы бай мүмкүнчүлүгү ж-а кенен диапозону аны драмалык артисттердин алдыңкы катарына алып чыккан. Аткарган негизги ролдору: Кар ханышасы (Е.Шварц, «Кар ханышасы»), Надя (А.Макаенок, «Өлүм жазасы»), Бьянка, Жульетта, Дездемона (У.Шекспир, «Азоого чалма», «Ромео менен Жульетта», «Отелло»), Шахан (М.Карим, «Ай тутулган түндө»), Эркеайым, Лайлум (Ш.Садыбакасов, «Ак боз ат»), Бүбүжан, Асель, Анвар (Ч.Айтматов, «Жаныбарым Гүлсары», «Кызыл жоолук жалжалым», «Фудзиямадагы кадыр түн»), Малика, Зулайда (Г.Абдумомунов, «Малика», «Жыгылган оогонго күлөт», «Машырбек үйлөнөт»), Зулайка, Нази, Мадина (М.Байжиев, «Байыркы жомок», «Төрт адам», «Ар бир үйдө майрам»), Эльпи (К.Мамбетакунов, «Омар Хайямдын махабаты»), Фелисьяна (Лопе де Вега, «Бий мугалими»), Комиссар (В.Вишневский, «Оптимисттик трагедия»), Төрөкан (А.Токомбаев, «Өлбөстүн үрөнү»), Бермет (Б.Өмүралиев «Унутулгус күндөр») ж.б. Кинодо да коп ролдорду ойногон: Айзаада (Б.Абдылдаев, А.Гурьевич, «Тил алчаак кыз»), жаш Толгонай (Г.Базаров, «Саманчынын жолу»), Ак Мөөр (М.Убукеев, «Ак Мөөр»), Уркуя (Т.Океев, «Отко таазим»), Азия (Б.Шамшиев, «Сүйүү жаңырыгы»),



Турсунбай уулу Кулмамбет



Турсунов Ж

Жээнгүл (Э.Уразбаев, «Атадан калган туяк»), Бейтааныш сулуу (Г.Океев, «Кызыл алма»), Гуля (Ж.Сооданбек, «Процесс») ж.б. Ал ырчы-аткаруучу катары «Ай баратат», «Суу алган кыз», «Жүрөктүн чогу өчө элек», «Адамдар менин сүйгөнүм», «Ысык-Көлдүн ак куусу», «Гүлкайыр» ж.б. ырларды чебер аткарган. «Отко таазим» фильминдеги Уркуянын образы үчүн 1971-72-ж. Тбилисиде өткөн Бүткүл союздук конкурста «Советтик граждандын эрдигине» деген диплом, «Кызыл алмадагы» Бейтааныш кыздын образы үчүн Швейцариянын Локарно ш-нда өткөн 28-Бүткүл дүйнөлүк кинофестивалда «Ардак грамота», Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы (1974, 1977) м-н сыйланган. СССР театр ишмерлер союзунун, кинематографисттер союзунун мүчөсү. Ысымы Чаек айылындагы орто мектепке ыйгарылган. Т. Турсунбаева атн. Эл аралык сыйлык уюштурулган. Ал жылдын мыкты актрисасына ыйгарылат.

ТУРСУНБАЙ уулу Кулмамбет (1905-ж.т.) Улуу Ата Мекендик согушка 1942-ж. кетип дайынсыз. Чоң комузчу. 1939-ж. Москвадагы декадага катышкан, 7 күүсү А. В. Затаевич тарабынан жазылып алынган.

ТУРСУНБАЙ УУЛУ Мырсаалы (10.1.1910, Жумгал өрөөнү – 1983, Чаек, айылы) – комузчу, манасчы, дастанчы, ырчы, обончу. Токтогулдун шакирти болгон. Кыргызстан КП Жумгал райкомунда, райаткомдо жооптуу кызматкер, айыл кеңешинин төрагасы ж.б. кызматтарда иштеген. Жалпысынан 200дөн ашуун күү черткен. өзү «Ашырбек», «Электровоз» аттуу ж.б. күүлөрдү чыгарган. 1939-ж. Кыргыз маданиятынын Москвада өткөн декадасына катышкан. Кызы Таттыбүбү чыгаан актриса, уулу Нурканбек белгилүү артист. Бир уулу Иманалиев Социалбек (1.1.1938 – 5.3.1993) да комузчу болгон. Ал 50-жылдардын акырында республикалык комузчулар ансамблин жетектеген.

ТУРСУНОВ Жаныбек Жумалиевич (7.11.1933-ж.т., Ат-Башы р-ну, Ак-Талаа айылы) – Кочкор аймактык-өндүрүштүк парткомунун (Жумгал м-н Кочкор биригип турган учурда) 1-катчысы (1960-62), Кыргыз Респ-нын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер (1974). 1952-ж. КМУнун тарых факультетин бүткөн. 1952-54-ж. Ат-Башыда мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директор. 1954-60-ж. комсомолдун Ат-Башырайкомунун 1-катчысы, Кыргызстан ЛКЖС БКнын бөлүм башчысы, Кыргызстан ЛКЖС Тянь-Шань обкомунун 2-, 1-катчысы, 1960-72-ж. Кыргызстан КП Тянь-Шань обкомунун катчысы, Кочкор райкомунун 1-катчысы, Кыргызстан КП БКнын идеология, үгүт ж-а агитация бөлүмдөрүнүн башчысы. 1972-86-ж. «Советтик Кыргызстан» гезитинин редактору, ошол эле учурда 1977-86-ж. Кыргызстан Журналисттер Союзунун башкармасынын төрагасы, СССР Журналисттер Союзунун Башкармасынын катчысы, 1986-91-ж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы басма сөздө мамлекеттик жашыруун сырларды сактоо б-ча башкы башкармасынын начальниги. 1991-92-ж. Басма сөз ж-а маалымат министрлигинде, 1992-94-ж, Кыргыз Респ-нын юстиция министрлигинде басма сөздө мамлекеттик жашыруун сырларды сактоо боюнча башкарманын начальниги, 1994-жылдан Юстиция министрлигинде басма сөз ж-а маалымат б-ча бөлүм башчысы. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 6 жолку депутаты (1963-90). Кыргызстан КПнын 13-19-съезддеринин делегаты ж-а БКнын мүчөсү. «Тагдырлардын



Турусбеков С

биримдиги, камкордуктардын жалпылыгы» (1983), «Патриот-интернационалиеттерди тарбиялоо» (1986) аттуу китептердин, көптөгөн илимий-популярдуу макалалардын автору. «Эмгек Кызыл Туу», «Эл Достугу» ордендери, көптөгөн медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин, ВЛКСМ БКнын Ардак грамоталары м-н сыйланган.

ТУРУСБЕКОВ Сабырбек Султанович (3.10.1950-ж.т., Бишкек ш.) – милициянын полковниги (1992). 1971-ж. Кыргыз мамлекеттик физкультура институтун, 1984-ж. КМУнун юридика факультетин бүткөн. 1972-79-ж. Ички иштер министрлиги-нин (ИИМ) паспорт бөлүмүндө инспектор, 1979-81-ж. «Динамо» кыргыз республикалык советинде бөлүм начальниги. 1981-87-ж. ИИМде чет өлкөлүктөргө виза берүү ж-а каттоо бөлүмүнүн начальнигинин орун басары, начальниги, 1987-91-ж. «Динамо» советинде төраганын биринчи орунбасары, 1991-93-ж. ИИМде кадрлар башкармасынын начальнигинин орун басары, 1993-жылдан начальниги. «ИИМдеги мыкты кызматы үчүн», 1-, 2-, 3-даражадагы «Кынтыксыз кызматы үчүн» ж.б. 7 медаль, Ардак грамоталар м-н сыйланган.

ТУРУСБЕКОВ Султан (1912, Көк-Ой айылы – 24.11.1969, Бишкек ш.) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген мугалими (1946), педагогика илиминин кандидаты (1961). 1927-ж. Ташкенден 2 жылдык почта-телеграф курсун бүтүрүп, 1930-31-ж. Жалал-Абад шаарында телеграфчы, 1931-37-ж. Мургаб районунда жатак мектептин башчысы, педтехникумдун директору, райондук байланыш түйүнүнүн начальниги, райаткомдун жооптуу катчысы болуп иштеген. 1939-ж. Бишкектеги 2 жылдык мугалимдер институтун бүтүп, Калинин р-нундагы «Эркин-Сай» орто мектебинде мугалим болгон. 1941-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышып, 3 жолу жарадар болгон. 1945-ж. Кыргыз ССРинин алдындагы өздүк көркөм чыгармачылык б-ча башкарманын начальниги, 1946-51-ж. Бишкек педагогика окуу жайында, 1951-54-ж. КМУда кыргыз тили ж-а адабияты б-ча окутуучу, 1954-69-ж. Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунда кенже илимий кызматкер, башталгыч класстар б-ча бөлүм башчысы болуп иштеген. Башталгыч класстарга эне тилин окутуу процессине олуттуу салым кошкон. «Алиппе» (1-класс), «Эне тили» (4-класс, 1949-56), «Кыргыз тилинин грамматикасы» (педокуу жайлары үчүн, авторлош, 1-бөлүм, 1955, 1968, 1975), «Алиппени окутуунун колдонмосу» (1969), «3-класстын эне тилин окутуунун методикалык көрсөтмөлөрү» (1968), «Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы» ж.б. көптөгөн окуу китептери, окуу куралдары, илимий-усулдук эмгектери жарык көргөн. Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги. Көптөгөн ордендер ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТУРУСБЕКОВА Зоя Султановна (15.9.1938-ж.т., Кызыл-Туу айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген врачы (1993). 1965-ж. КММИни бүткөн. 1965-68-ж. Бишкек ш-нда Ленин р-ндук «Коомдук тамактануу» трестинде санитария врачы, 1968-70-ж. 1-шаардык клиникалык оорукананын диетолог врачы, 1970-76-ж. шаардык Санитариялык агартуу үйүнүн башкы врачы, 1976-88-ж. Саламаттык сактоо министрлигинде башкарма начальнигине орунбасар, начальник, 1988-96-ж. Кыргыз өкмөт аппаратында саламаттык сактоо бөлүм башчысынын орун басары, 1996-жылдан Саламаттык сактоо министрлигинде иш башкармалыгынын начальниги. Кыргыз Респ-нын саламаттык сактоо б-ча мыйзамдарын, мамлекеттик ж-а улуттук



Турускулов К



Түгөлөв Н

программаларын ж.б. иштеп чыгууга жигердүү катышкан. СССР саламаттык сактоо отличниги (1980). Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы (1978), Ардак грамотасы (1985) м-н сыйланган.

ТУРУСКУЛОВ Күрүчбек (1950-ж.т. Кайырма айылы) 1966-68-ж.ж. Нарын ш. №13 ПТУ окуу жайын, 1969-74-ж.ж. Казак ССРинин Петропавловдогу айыл чарба техникумун ийгиликтүү аяктап техник-электрик, өндүрүштүк окуунун мастери деген кесипти алган. Өзүнүн эмгек жолун Чаек айылындагы №26 кесипчилик техникалык окуу жайында өндүрүштүк окуунун мастери, улуу мастери болуп иштеп келген. Райондун Аткаруу комитетинин жалпы бөлүм башчысы (1981-87-ж.ж.) Райондук социалдык камсыздоо башчысы (1987-2003-ж.ж.) социалдык фондунун пенсия бөлүмүнүн начальниги, бүгүнкү күндө Жумгал райондук Сотунун Сот аткаруучусу болуп иштеп келе жатат. «СССРдин 50 жылдык» атын. КМУнун юридикалык факультетин (1989-ж.) сырттан окуп бүткөн, кесиби юрист. 2003-ж. Адвокатураны жактап лицензия алган. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасына (2000-ж.) ж.б. сыйлыктарына ээ болгон. Чаек айылдык Кенешинин 3 жолку депутаты болгон.

ТУУРА-КАБАК КӨМҮР КЕНИ (Миң-Куш). Чаек айылынан 45 *км* түштүк-батыш тарапта, Молдо-Тоо м-н Кабак кырка тоолорунун аралыгындагы Миң-Куш өрөөнүндө (Кара-Күнгөй ж-а Ак-Улак сууларынын ортосунда) Кабак көмүр бассейнинин борбордук бөлүгүндө жайгашкан. 1956-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын юра мезгилинин чөкмө тектери түзөт. Көмүр, чопо, алевролит, аргиллит тектеринин арасында. Тоо тек катмарлары кендик багыттагы синклиналдык ж-а антиклиналдык бүктөлүүлөрдү пайда кылып жатат. Мында көмүрдүн 8 катмары бар. Алардын калыңдыгы 3,60-13,1 *м*. Көмүрү күрөң, жогорку сапаттуу, күлдүүлүгү 18%. Запасы 41 млн *т* (1975).

ТҮГӨЛ (болжолу 16-к-дын аягы – 17-к-дын 1-жарымы) – чекир саяк уруусунун түпкү аталарынын бири. Санжырада Түгөл байдын ысымы катагандын кан Турсуну м-н Эр Эшимдин окуясына байланыштуу айтылат. Ал б-ча Түгөл Эр Эшимдин Жараш аттуу эжесин алган жездеси болот. Түгөл өзү жылкысы тетири жайылган бай болуп, жылкыларынын арасынан Шарпкула аттуу күлүк чыгат. Эр Эшим аны жездесинен сурап калмакты чапканы кетсе, досу кан Турсун элин талап кетет. Кайра келип катагандарды чаап, кан Турсундун башын алат. Түгөл байга ыраазы болуп, Эр Эшим Шарпкуланы кайтарып берет. Бирок Түгөл баш куттуктоо деп Шарпкуланын үстүнө үртүк жаап, мойнуна шуру тагып, Эр Эшимге кайра жөнөтөт. Эр Эшим белекке деп кан Турсундун колго түшкөн кызын Түгөл байга тартуулайт. Кызды Түгөл өзүнүн уулу Маңгытка алып берет. Ал кыздан төрөлгөн Казыгул ж-а Сүйөркүл деген балдардын тукуму катаган саяк деп аталат. Түгөл байдын ысымына байланышкан жер аты азыр Жумгалда Түгөл-Сай деп аталат.

ТҮГӨЛОВ Нурдин Сооронбаевич (1920, Чаек айылы – 1980, Бишкек ш.) Профессионал балетмейстер, Кыргыз хореография искусствосун негиздөөчүлөрдүн бири. Кыргыз Респ-нын эл артисти (1975). 1941-ж. Ленинград хореография окуу жайын А.А.Писаревдин классы б-ча бүткөн. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан (1942-45). Малдыбаев атн. Кыргыз мамлекеттик опера ж-а балет театрында артист (1946-54), балетмейстер, башкы балетмейстер (1959-64). 1966-77-ж. Кыргыз мамлекеттик



Түгөлов Ш

филармониясында кыргыз бий ансамблинин жетекчиси Улуттук ж-а классикалык балет спектаклдеринде ар кыл мүнөздөгү образдарды түзгөн. Негизгилери Кадыр (В.Власов, В.Фере, «Анар»), Зигфрид (П.Чайковский, «Ак-Куу көлү»), Стефан (А.Глазунов, «Раймонда») ж.б. «Доктор Айболит» (1950, И.Морозов), «Ала-Тоо жазы» (1955, В.Власов, В.Фере), «Чолпон» (1958, М.Раухвергер), «Куйручук» (1960, К.Молдобасанов, Г.Окунев либреттосун жазган), «Ромео жана Жульетта», «Корсар» (1962, С.Прокофьев) ж.б. балеттерди, көптөгөн бийлерди койгон. «Чолпон» балетфильминин сценарийин жазган. «Эмгек Кызыл Туу» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган. Улуттук филармонияда Н. Түгөлов атн. Эл бий ансамбли бар. Көптөгөн элдик ыр-бий ансамблдерине бийлерди койгон.

ТҮГӨЛОВ Шакир (1910-41 ж.ж. Эпкин айылы) Коллективдештирүү мезгилде комсомолдук ж-а чарба кызматтарда эмгектенип, Кайырма айылдык Советинин Төрагасы, Ош шаарында советтик кызматтарда иштеп келип 1939-ж. Жумгал райондук партия комитетинин катчысы болуп иштеген. Согуш башталганда согушка кетип 1941-ж. каза болгон.

ТҮГӨЛ-САЙ – айыл, Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн борбору. Жалпы аянты 180 *га,* Бишкектен 340, Балыкчы темир жол бекетинен 156, Нарындан 210, Чаектен 30 *км* аралыкта. Деңиз денгээлинен 1960 *м* бийиктикте. Калкынын саны 1180 (1998), 310 түтүн. Орто мектеп (318 окуучу, 37 мугалим), клуб, мончо, дүкөн, ФАП бар.

ТҮГӨЛ-САЙ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ. 1992-ж. «Түгөл-Сай» совхозунун базасында түзүлгөн. Бул айыл өкмөтүнө Түгөл-Сай, Сүйүмбаев атн., Эпкин айылдары кирет. Борбору *Түгөл-Сай* айылы. Жалпы айыл чарбасына жарактуу жери 36389 *га,* а.и. 2065 *га* айдоо жер. Айыл чарба субъектилеринде ж-а элде 4848 кой-эчки, 960 ири мүйүздүү мал, 805 жылкы, 1000ден ашык канаттуу бар. Мында 745 дыйкан чарбасы бар. Негизги тармагы айыл чарбасы. Жалпы айыл өкмөтү б-ча калкынын саны 2880 адам. Айыл өкмөтүнүн аймагында 3 орто мектеп, 1 ФАП, 3 дүкөн, 1 клуб, 4 тегирмен ж.б. бар. Азыркы айыл өкмөтүнүн аймагында 1919-ж. «Дос» ыктыярдуу бирикме союзу түзүлгөн. Аны Бабаканов Ишен жетектеген. 1932-34-ж. «Артель» болуп уюшулган. Жетекчиси Жоошов Бейшеке. 1934-42-ж. «Осмон-Арык», «Карды-Жарык» колхоздору болгон. Жетекчилери Тойгонбаев Мамыр, Исабеков Огомбай. 1942-50-ж. «Таш-Дөбө» колхозу деп аталган. Башкармасы Молдобеков Дөөлөтбай (1942-50) болгон. Бул айыл өкмөтүнүн аймагында 1951-58-ж. «Булганин», «Берия», «Түгөл-Сай», «Эпкин», Хрущев атн., «Большевик» колхоздору болгон. Башкармалары: Бөрүбаев Мойнок (1950-51), Кенжегараев Кадыраалы (1951-52), Азаматов Таштемир (1952-53), Койчиев Мажы (1953-60), Бакиров Турсалы (1960-61) ж.б. Бул колхоздор 1958-ж. «Таш-Дөбө» колхозуна кошулган, ал 1966-ж. «Кыргызстандын 40 жылдыгы атн.» колхоз деп аталган. Колхоздун негизги тармагы мал чарбачылык болгон. Башкармалары: Сапаралиев Нурдин (1961-74), Беккулиев Бакай (1974-76). 1976-ж. колхоз «Большевик» совхозу болуп кайра уюштурулган. Директорлору: Макеев Токтогул (1976-78), Жумакадыров Намазбек (1978-84), Токтоналиев Шейшенбек (1984-91). 1991-жылдан баштап дыйкан чарбаларына тараган. «Таш-Дөбө» дыйкан чарбасынын жетекчилери: Шейшеналиев Искен (1991-94), Касымбеков Сакин (1994), Мусаев Мырзабек (1994-96), 1999-2000-ж. Рыспеков Шайык, 2001-жылдан Абакирова Калипа. Бул айыл өкмөтүнүн аймагында эмгектенишкен көптөгөн адамдар өкмөттүк сыйлыктарга татыган. Алсак, Ленин ордени м-н *З.Ыбыкеева,* Эмгек Кызыл Туу ордени м-н Тойгонбаева Канымбүбү, Төлөмүшов Бейшеналы, Бөрүбаев Мойнок, Сөлкөбаева Жамила, Беймуратов Кадыркул, Ш.Кенжегулова, «Ардак



Түкөев К



Түкөнбаев Т

Белгиси» ордени м-н Рысалиева Жүкөй, Бекмуратов Кадыркул, Бөрүбаев Мойнок, Молдобеков Дөөлөтбай, Сагынкулов Ишенбек, Бегалиев Төлөгөн, Бектуров Жузу, Мамажаев Абдылашым, 1-даражадагы Улуу Ата Мекендик согуш ордени м-н Мусаев Абайылда, Данк ордени м-н Ботоканов Ысмайылдар сыйланышкан.

ТҮГӨЛ-САЙ АРХЕОЛОГИЯЛЫК КОМПЛЕКСИ Түгөл-Сай айылынын жанында. Комплекс 6 шаар чалдыбарынан ж-а 2 байыркы көрүстөндөн турат. 1958-59-ж. П.Н. Кожемяко баяндап жазган. Шаар чалдыбары 10-12-к-га, байыркы көрүстөндөр 1-5 ж-а 6-10-к-га таандык. Шаар чалдыбарынын бирөө изилденген. Ал 2 бөлүктөн туруп, жалча м-н тосулган. Имараттын калдыгы, жыгач табыт, карана сыныктары, малдын сөөгү ж.б. табылган.

ТҮКӨЕВ Карагул (1946-ж.т. Байзак айылы). Орто мектепти бүткөдөн кийин баш чабан болуп иштеп жакшы көрсөткүчтөрдү жараткан.3-даражадагы "Данк" ордени "Эмгектеги каармандагы үчүн" медалы м-н сыйланган. Кыргызстан КПнын XVII съездине делегат, облустук райондук, Кеңештерге депутат болуп шайланган.

ТҮКӨЕВ Таалайбек Ниязович (1961-ж.т. Кайырма айылы). Ленин атын. колхоздо слесарь (1978-80-ж.ж.). Жумгал райондук «сельхозтехникасында» технолог болуп иштеген (1982-83-ж.ж.). «СССРдин 50 жылдыгы» атын. КМУнун юридика факультетинде окуган (1983-88-ж.ж.) Ысык-Көл райондук аралык прокуратурасында тергөөчү (1988-91-ж.ж.) ага тергөөчү, Ысык-Көл облустук прокуратурасында өзгөчө маанилүү иштер боюнча ага тергөөчү (1991-93-ж.ж.)



Түкөев Т



Түкөнбаев Т

Нарын облустук прокуратурасынын сотто кылмыш иштерин көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген (1993-94-ж.ж.) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сессиясында Кыргыз Республикасындагы Аскер Сотунун судъясы болуп шайланган (1994-ж.). Кыргыз Республикасынын Президентинин (1996-ж.) Указы м-н Ош гарнизонунун Аскер Сотунун Төрагасы болуп, ал эми 2001-ж. Чүй гарнизонунун Аскер Сотунун Төрагасы болуп бүгүнкү күнгө чейин иштеп келүүдө. Юстициянын полковниги. «Мыкты аскердик кызматы үчүн» I даражадагы медалы ж-а «Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнө 10 жыл» медалы м-н сыйланган.

ТҮКӨНБАЕВ Таштанбек (1908-ж.т.) Байларда малайда жүргөн (1920-24-ж.ж.), башталгыч мектепти окуп, (1924-30-ж.ж.) башталгыч мектептерде мугалим болгон (1930-34-ж.ж.) Фрунзе шаарында айыл чарба мектебин бүтүргөн (1934-37-ж.ж.) Чаткал районунда райзоонун начальниги 1937-40-ж.ж. Чаткал райкомунун үгүттөөчүсү ж-а 2-катчы болуп иштеген (1940-46-ж.ж.) Фрунзеде 2 жылдык партмектепте окуган (1946-48-ж.ж.) Талас райаткомдун Төрагасы (1948-50-ж.ж.) Талас, кийин Жумгал МТСында саясый бөлүмүндө (1950-54-ж.ж), Тогуз-Торо районунда «Үпөлминзак» ж-а райаткомдун Төрагасы болуп иштеген (1954-60-ж.ж.) Жумгал РЗКсынын директору болуп туруп пенсияга чыккан (1961-68-ж.ж.).

ТҮКӨНБАЕВ Турсунаалы (1916-1999-ж.ж. Байзак айылы) Советтик армияда ж-а согушта болгон (1937-47-ж.ж.) жеңиш күнүн Болгарияда тоскон. Партиянын Жумгал районунда бөлүм башчы (1949-66-ж.ж.) ДОСААФтын башчысы,



Түмөнбаев А



Түнкатаров А

быткомбинаттын директору, күзөт болүмүндө иштеген. Алма-Атадагы милиция мектебин бүткөн (1966-69 ж.ж.). Милициянын капитаны, Ата Мекендик согуштун 1-баскычындагы 2 орден, Жеңиштин 20, 30, 40, 50 жылдык медалдары м-н сыйланган.

ТҮЛКҮ Айт (Айта) уулу, Түлкү баатыр (туулган ж-а өлгөн жылы белгисиз) – 18-к-дын орто ченинде чекир саяк уруусунун бийи; Кытай-кыргыз саясий дипломатиялык мамилелеринин катышуучусу. Ал 1758-ж. түндүк кыргыз урууларынын башчысы Маматкул бий Кытай императоруна жөнөткөн элчилердин курамында болгон. Барган элчилер Кытайдын согуштук жөнү м-н таанышып, өөз жүзүндө гана ал империянын бийлигин тааныгандыгын билдирип кайтышкан. Кытай императору барган элчилерге, а.и. Түлкүгө да 3-даражадагы чиндик белги ыйгарган.

ТҮЛӨКӨ Эраалы уулу (1719, Жумгал өрөөнү, Түгөлдүн сайы – 1772, Кара-Ой айылы) – баатыр. Казактын атактуу баатыры Бүргөнү жеңген. Көп салгылашка катышып жеңилген эмес. Айылга жоо тийгенде чопкут кийбей шашылыш аттанып, жалгыз өзү душманды айылдан сүрүп чыгарган. Калган жигиттер жете келгенде ээрдин кашындагы жембаштыгын силкип жиберет. Аттын кулактары жайнап жерге төгүлөт. Көрсө ыргыта сайган душмандын аттарынын кулактарын кесип, жембаштыгына сала берген экен. Ошондон эл, "баатыр башы Түлөкө" аташкан. Атасы Качыке уулу Эраалы да баатыр адам болгон. Кулжыгач бийдин урпагы.

ТҮМӨНБАЕВ Айбек Рабай уулу (2.22.1961-ж.т., Миң-Куш шаарчасы) – жазуучу, журналист 1985-ж. Москвадагы мамлекеттик университетинин журналистика факультетин бүткөн. 1986-91-ж. «Ленинчил жаш» гезитинде кабарчы, 1991-96-ж. «Кыргыз руху» газетинин редакторунун орун басары, 1997-жылдан КМУУнун журналистика факультетинде аспирант, окутуучу. 1997-ж. «Калем-пресс» маалымат агентствосун ачкан. «Эсимде» (1994) аттуу проза жыйнактын автору. 1998-жылдан Жазуучулар союзунун, 1996-жылдан Журналисттер союзунун, 1998-жылдан эл аралык спорт журналисттер ассоциациясынын мүчөсү. Лирикалык маанайдагы көптөгөн публицистикалык макалалары, ырлары басма сөзгө жарыяланган.

ТҮМӨНБАЕВ Акылбек Рабаевич (27.2.1957-ж.т., Миң-Куш шаарчасы) – Жумгал р-нунун ардактуу атуулу (1998). 1979-ж. Бишкек политехника институтун бүткөн. 1979-81-ж. Миң-Куштагы электр борборунда инженер, 1981-82-ж. Москвадагы илим-изилдөө энергия-долбооруоо институтунда инженер изилдөөчү, 1982-89-ж. «Кыргызгропромэнерго» республикалык бирикмесинде улук инженер, начальниктин орун басары, бөлүм начальниги, 1989-91-ж. Мамлекеттик пландоо комитетинде башкы адис, бөлүм начальнигинин орун басары, 1991-96-ж. Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн аппаратында референт, өкмөттүн ж-а Президенттин аппаратында сектор башчысы, 1996-жылдан Кыргыз Респ-нын өкмөтүнүн алдындагы энергетика б-ча мамлекеттик агентствонун директорунун 1-орунбасары. Энергетика ж-а электр энергетикасы б-ча өкмөттүк программаларды иштеп чыгууга жигердүү катышкан ж-а авторлорунун бири, бир катар илимий макалалардын, усулдук колдонмолордун автору.

ТҮНКАТАРОВ Акматбек. (1903ж.т., Жумгал районундагы мурунку Жаңы-Жол колхозу). Турмуш жолун алгачкы колхоздоштуруу мезгилинде активдүү уюштуруучулардан болгон ж-а чарбанын экономикасын өнүгүшүнө чоң, салым кошкон. Түнкатаров Акматбек улуу Ата-мекендик согуш мезгилинде да жылда иштеген эл м-н бирге болуп ошол өзү туулуп өскөн Жаңы-Жол колхозунда райондук кызматкерлер тарабынан жиберилип, жазгы айдоо, күзгү тоют ж-а



Тыналиев Ж



Түркбаев К



Тыналиев К

эгин жыйноодо, мал катышууда багып берип иштеген. Кыргыз элинин санжырасын жакшы билген адам болгон. Райондогу белгилүү инсан болучу.

ТҮРКБАЕВ Камчыбек (1.5.1934-ж.т., Чаек айылы) – Эмгек Кызыл Туу орденинин ээси (1972). 1952-81-ж. «Чаек» колхозунда колхозчу, 1981-91-ж. баш чабан болуп иштеген. 1991-жылдан дыйкан чарбасынын мүчөсү. Эмгекте көптөгөн жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. «Ардак Белгиси» ордени (1973), медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ТҮРКМӨН Сарыпбек уулу (1862, Суусамыр өрөөнү, Кызыл-Ой айылы – 1934, ошол эле жер) – болуш. Жаш кезинде молдодон окуган, орус фельдшеринен эмчиликти үйрөнгөн. Дары чөптөрдөн дары-дармек жасап адамды, малды дарылаган. Байзакка катчы болуп иштеген. Ошол учурда Жумгалдан Суусамыр өрөөнүн өзүнчө болуштукка бөлүүгө жетишип өзү болуш болуп шайланган. 1916-ж үркүндө элди Кытайга качырбай сактап калган. Кызыл-Ойдо мектеп ачкан. Кеңеш бийлиги чыкканда кулакка тартылган. Анын ысымы Кызыл-Ойдогу орто мектепке коюлган. "Байзак м-н Куйручук" драмасында (авт. А. Чекиров) Түркмөндүн образы жазылган (1997-ж.).

ТЫНААЛЫ уулу Байбача (1886, Чүй р-ну, Кызыл-Суу айылы – 1938, Томск облусундагы түрмө) – алгачкы кыргыз мугалимдеринин бири. Октябрь революциясынан мурун Ташкен медресесин бүткөн. 1920-ж. Жумгал өрөөнүндө агартуу иштерин уюштуруп, анын демилгеси м-н бул аймакта бир нече мектеп салынган. Ал курулуш ишин жакшы билгендиктен мектеп салууну өзү жетектеген. Чоң-Дөбө айылына 2 мектеп салдырган. Биринчиси «Тынаалынын медресеси» аталган. 1920-33-ж. Ок-Торкой, Суусамыр, Чоң Дөбө айылдарында мугалим, директор, 1933-36-ж. колхоз башкармасынын Төрагасы болуп иштеген. 1936-ж. «Эл душманы» деген жалаа коюлуп камалган, 1956-ж. акталган., 1991-ж. өзү иштеген Чоң-Дөбө орто мектебине анын ысымы коюлган.

ТЫНАЛИЕВ Жалалидин (1947-ж.т. Таш-Дөбө айылы) Миң-Куш (1975-85-ж.ж.) Жумгал автобазаларында жетекчи болгон (1985-90-ж.ж.) Кызыл Туу колхозунун башкармасынын Төрагасы (1990-93-ж.ж.) райондук, айылдык Кеңештеринин депутаты болуп шайланган.

ТЫНАЛИЕВ Карыбек (1.5.1933, Чоң-Дөбө айылы – 16.6.2000, Бишкек) – Кыргыз Респ-нын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер (1993), эл депутаттарынын Нарын облустук кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы (1971-76), Кыргыз Респ-нын Жогорку Советинин депутаты (1962-90), экономика илимдеринин кандидаты (1969). 1956-ж. К.И.Скрябин атн. айыл чарба институтун бүткөн. 1956-65-ж. Ак-Талаа р-нундагы МТСте участкалык зоотехник, Калинин атн. колхоздо башкы зоотехник, Жалал-Абад шаарындагы айыл чарба мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, Нарын облустук айыл чарба башкармасында ага, башкы зоотехник, начальник, 1962-63-ж. Кыргызстан КП Тянь-Шань обкомунун айылчарба бөлүмүнүн башчысы, 1963-65-ж. Кочкор р-ндук өндүрүштүк колхоз-совхоз башкармасынын начальниги, 1965-71-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы, 1976-81-ж. Кыргыз ССР мамлекеттик пландоо Комитетинин төрагасынын айыл чарба б-ча орун басары, 1981-86-ж. Республиканын жашылча-жемиш министри, 1986-жылдан Республиканын тоют, жайыт жа сугат курулуштары б-ча илимий-

өндүрүштук бирикмесинин генералдык директору. Республиканын тоолуу райондорунда айыл чарба өндүрүш экономикасын жогорулатуу б-ча 40тан ашык илимий эмгектин (а.и. 6 монография) автору. Москвадагы Европа университетинин илим доктору деген ардак наам алган (1997). 2 «Эмгек Кызыл Туу» «Октябрь Революциясы» ордендери, эки жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1980, 1983), 3 жолу облустук, райондук советке депутат болуп шайланган. Иерусалим (1993), Америка (1994), Ташкен (1995), Лондон (1996), Исландияда (1997) өткөн эл аралык конференцияларга катышып, доклад жасаган ж-а медалдар м-н сыйланган.

ТЫНААЛЫ УУЛУ (Өмүралиев) Султанидин (1929, Чоң-Дөбө айылы — 1997, ошол эле жер) — журналист, чарба жетекчиси. 1948-ж. Бишкектеги 2 жылдык пединститутту, 1953-ж. КМУнун тил-адабият бөлүмүн, 1967-ж. Алматыдагы жогорку партиялык мектепти бүткөн. 1953-67-ж. мугалим, 1968-69-ж. Тоң райондук гезитинин редактору, 1970-71-ж. «Советтик Кыргызстан» гезитинин Нарын облусу б-ча кабарчысы, 1972-77-ж. «Кызыл-Туу» колхозунун башкармасынын төрагасы, 1977-жылдан чарбалык кызматтарда иштеген. СССР журналисттер союзунун мүчөсү (1973). «Алтын жылдыз» ээлери», «Жаз мээрими» аттуу китептери жарык көргөн. Көптөгөн адабий макалалары басма сөзгө жарыяланган. Кыргыз ССР эл агартуу отличниги (1963).

У



Узагалиев А



Уларов С

УЗАГАЛИЕВ Асранбек (15.5.1931-ж.т., Жаңы-Арык айылы) — Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1971-80). 1952-ж. пединститутту, 1961-ж. Москвадагы Жогорку партиялык мектепти, 1970-ж. КМУну бүткөн. 1952-55-ж. Нарындагы мугалимдер институтунда мугалим, 1955-58-ж. Кыргызстан КП Нарын обкомунун инструктору, 1958-59-ж. комсомолдун Нарын обкомунун 2-катчысы, 1961-66-ж. партиянын Ат-Башы райкомунун 2-катчысы, 1966-71-ж. райаткомдун төрагасы, 1971-75-ж. Кыргызстан КП Ат-Башы, 1975-79-ж. Ак-Талаа райкомунун 1-катчысы, 1979-88-ж. Жумгал райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1988-жылдан агроөнөр жай кызматкерлеринин профсоюзунун Жумгал райондук Комитетинин Төрагасы болуп иштеген. 2 «Эмгек Кызыл Туу» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

УЗАГАЛИЕВ Замирбек Асранбекович (1953-ж.т., Нарын ш.) — инженер, Кыргыз Респ-нын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер (1995). 1975-ж. Бишкек поли-техника институтун бүткөн. 1975-78-ж. Чүй электр тармактар ишканасында инженер, 1978-82-ж. Бишкек шаарында подстанциянын начальниги, 1982-86-ж. Бишкек электр тармактар ишканасынын башкы инженери, 1986-96-ж. директору. 1996-97-ж. Ош облустук электр тармактарынын начальниги, 1997-жылдан Ош облустук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орунбасары, департаменттин башчысы.

УЛАРОВ Сарыкул (1907-1982-ж.ж. Жаңы-Арык айылы) Күжүрмөн дыйкан болгон. «Эмгектеги артыкчылык» медалы м-н сыйланган (1946-ж.). Ирилешкен чарбада жылкы, ферма башчысы болуп иштеген. Килемчедеги «Тулпар ташты» (тарыхый эстелик) сактап калган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, Эл чарба жетишкендиктер көргөзмөсүнүн 1-даражадагы диплому м-н сыйланган.



Усубалиев Ж



Усубалиев Э

УСӨНОВ Ишен (1927-ж.т.) Жаш кезинде Миң-Кушта шахтер болгон. 1970-ж. Кызарт совхозунда сугатчы болуп ар гектардан 44-45 ц. дан эгинден түшүм алып турган. «Ардак белгиси» орденинин, ВДНХнын 2 коло медалдарынын ээси.

УСУБАЛИЕВ Жеңишбек (18.4.1942-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – Кыргыз Респ-нын илим ж-а техника б-ча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (1976), профессор (2002), инженер-механик, техника илимдеринин кандидаты (1972), доцент (1976). 1966-ж. Фрунзе политехника институтунун механика факультетин бүткөн. 1966-69-ж. ошол институттун окутуучусу, 1969-72-ж. аспирант, 1972-80-ж. улук окутуучу, доцент, ошол эле учурда механика ж-а сырттан окуу факультеттеринин деканы, 1980-93-ж. «Машинелердин ж-а механизмдердин назарияты» кафедрасынын башчысы, 1993-ж. Кыргыз тоо-кен металлургиялык институтунун биринчи проректору, 1996-жылдан Эмгекти коргоо ж-а эксперттөө департаментинин директору, 1998-жылдан Эмгек ж-а социалдык коргоо министринин орунбасары. Ошол эле мезгилде Улуттук ИАнын «Машина таануу» институтунун илимий кызматкери. Илимий изилдөөлөрү тоо-кен машиналарын ж-а суу лазерин иштеп чыгарууга арналган. 80ге жакын илимий эмгектин (а.и. 2 монография), 12 окуу китептин, техника б-ча орусча-кыргызча сөздүктүн, 10дон ашык окуу-усулдук китептердин автору. Ойлоп чыгарууларына 10го жакын өнүккөн өлкөлөр патент беришкен. Анын катышуусу м-н ойлоп чыгарылган машиналар тоо-кен өндүрүш-төрүндө колдонулуп жатат. 1976-ж. ага окумуштуулар тобу м-н бирдикте бургулоочу техниканы эсептөөнүн, конструкциялоонун ж-а пайдаланууунун илимий негизин түзгөндүгү үчүн Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган. «Кыргыз Респ-нын эл агартуу отличниги» (1976). ВДНХнын медалдары м-н сыйланган. «СССР граждандык коргоонун отличниги». (1980) Кыргыз Респ-нын журналисттер союзунун мүчөсү (1994). Медалдар м-н сыйланган.

УСУБАЛИЕВ Эрмат (1.5.1935-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – физика-математика илимдеринин кандидаты (1972). 1959-ж. КМУнун физика-математика факультетин бүткөн. 1959-66-ж. Миң-Кушта Пушкин атн. мектепте мугалим, 1966-69-ж. КМУнун физика-математика факультетинде окутуучу, 1969-72-ж. Кыргыз ССР ИАда аспирант, 1972-73-ж. Бишкек политехника институтунда окутуучу, доцент, Токтогул шаарчасындагы филиалында факультет деканы (1973-76), курулуш факультетинин деканынын орун басары (1979-82), доцент. 32 илимий-усулдук эмгектин автору. "Кыргыз Респ-нын билим берүү отличниги" (1978). Медалдар м-н сыйланган.

Ү



Үркүнчиев Ж

ҮРКҮНЧИЕВ Жолдошбек (1940-ж.т. Байзак айылы) 1948-58-ж. Байзак айылындагы Кайырма орто мектебин бүткөн. 1961-ж.чейин Ленин атын. колхоздо жыгач уста болуп иштеген. Кыргыз айыл чарба институтунда окуп «окумуштуу агроном» деген адистигине ээ болгон. 1961-66-ж.ж. Жумгал районундагы айыл чарба башкармасында агроном, (1966-67-ж.ж.) Ленин атын. колхоздо ферма башчысы. (1967-77-ж.ж) колхоздук партиялык комитеттин катчысы (1977-87-ж.ж.) болгон, 1987-ж. өмүрүнүн акырына чейин башкы агроном, башкы адис болуп

иштеген. Айылдык, райондук Кеңештердин депутаты, райкомдун мүчөсү, башкарма мүчөсү болуп бир нече жолу шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, ВДНХнын 2 жолу коло медалы м-н сыйланган.

Ф

ФИНАНСЫ БӨЛҮМҮ (Чаек айылы). 1936-ж. 5-декабрда уюшулган. 1963-65-ж. район жоюлганда Кочкор р-нуна караштуу финансы бөлүмү болуп иштеген. 1966-жылдан кайрадан Жумгал р-ндук финансы бөлүмү. Нарын облустук финансы башкармасына баш иет. Райондук мамлекеттик администрациясынын бюджетке байланыштуу маселелерин тескейт. Райондогу финансы иштерин уюштурат, финансы ж-а салык саясатын иштеп чыгат, райондун бюджетинин киреше ж-а чыгаша бөлүгүн пландап, анын аткарылышын камсыз кылат ж.б. Райондук бюджеттин кирешесинин 9,3%ин (2624,6 миң сом) салыктан түшкөн акча, 90,7%ин (25483,6 миң сом башка булактардан алынган трансферт (субвенция) түзөт. 1997-ж. райондун жергиликтүү бюджет чыгымдары 28108,2 миң сом болгон. Жергиликтүү бюджет чыгымдарынын 86,7%и (24375,6 миң сом) социалдык-маданий иштерге, 13%и (3732,6 миң сом) жалпы багытта мамлекеттик кызмат көрсөтүүгө, коргонуу иштерине, коомдук тартипти ж-а коопсуздукту сактоого, эл чарбасына кеткен. 15 адам иштейт (1998). Бул мекемеде 30 жыл (1955-85) Дүйшөмбиева Зубаш башкы эсепчи болуп иштеген. «Ардак Белгиси» ордени м-н сыйланган. Бөлүмдүн жетекчилери: А.Кудабаев (1940), К.Жаналиев, К.Садыков, А.Намазов (1941-42), Н.Миңбаев (1943-46, 1949-55), Турумбеков, Балбаев (1946-47), И.Кудабаев (1955-57), *Ж.Асанов* (1957-59, 1961-67), К.Оторов (1959-61), *К.Кадыралиев* (1967-71), К.Обозов (1971-75), О.Иманалиев (1975-92), И.Адышов (1992-94), 1994-жылдан Төрөканов Бексул.

Финансы кызматынын отличниктери: Алыбеков Искен, Асанов Жусуп, Думанаев Медетбек, Дүйшомбиева Зубаш, Исмаилов Кадыркул, Төрөканов Бексул.

Х

«ХАН САЛЫК» – Көкөмерен суусунун оң жак өйүзүндөгү жалама зооканын ортосуна жайгашкан үңкүр. Жерден үңкүр-гө чейин 30 *м.* Өрнөк айылынан 15 *км.* батышта. үңкүр неоген мезгилинде пайда болгон. Алгачкы геологиялык иштерди спелеолог Э.Рак жүргүзгөн. Кийин толук маалыматты геолог В.Я.Бацман берген. Ал В.Петренко, Д.Иванов деген альпинисттердин жардамы м-н үңкүргө жеткен. үңкүрдө дайыма шамал болуп тургандыктан, анын экинчи тарапта «эшиги» бар экендигин байкашкан. Бирок, үңкүрдө чокмороктошкон жыландар өтө көп болгондуктан, толук изилдөө жүргүзө



Худолей В

алышкан эмес. Эл оозунда үңкүргө хандын салыгы катылган деген божомолдоолор айтылат. Анткени, үңкүрдөн жерге түшүп калган алтын күмүш буюмдарды жергиликтүү эл дайыма таап алып тургандыктан, ал жер «хан салык» аталган.

ХУДОЛЕЙ Василий Маркович (1.5.1930-ж.т., Казакстан, Павлодар облусу, Михайловка айылы) – Эл депутаттар

советинин Жумгал р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы (1971-79). 1954-ж. Омск мамлекеттик ветеринария институтун, 1976-ж. Алматыдагы партиялык жогорку мектепти бүткөн. 1954-62-ж. Жумгал р-нунун башкы ветврачы, 1962-ж. Тянь-Шань облустук айыл чарба башкармасында башкы ветврач, 1962-64-ж. Кочкор айыл чарба башкармасында начальниктин орунбасары, 1965-71-ж. Жумгал өндүрүштүк колхоз-совхоз башкармасынын начальниги, 1979-82-ж. республикалык кыргыз мал чарба өнөр жай колхоздор аралык бирикмесинде төраганын орунбасары, 1982-88-ж. Айыл чарба министрлигинде башкармалыктын начальниги, жетектөөчү ветврач болуп иштеген. 1988-жылдан Республикалык ветеринария б-ча өндүрүштүк илимий бирикменин кадрлар бөлүмүнүн начальниги. «Эмгек Кызыл Туу» (1976), үч «Ардак Белгиси» (1958, 1966, 1971) ордендери, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1958) м-н сыйланган. Жумгал райондук, Нарын облустук советтерине депутат, Кыргызстан компартиясынын 14-16 съезддерине делегат болуп шайланган.

Ч

«ЧАБЫТ» – минералдык суу чыгаруучу цех (Көк-Ой айылы). Суткасына 12 миң даана бөтөлкө суу чыгарат. «Жумгал минералдык суулары» деген ат м-н соода түйүндөрүнө чыгарылууда. Эмел минералдык суусун пайдаланат.

ЧАЕК – айыл, Жумгал р-нунун ж-а Чаек айыл өкмөтүнүн борбору. Жалпы аянты 600 *га*, Бишкектен 360, Нарындан 240, Балыкчы темир жол бекетинен 185 *км* аралыкта, Жумгал суусунун боюнда жайгашкан. Деңиз деңгээлинен 1660 *м* бийиктикте. 3 орто мектеп (2625 окуучу, 174 мугалим), кесиптик лицей, 2 бала бакча, бейтапкана, ооруканa, кино театр, драма театры, 2 китепкана, райондук мекеме-ишканалар ж.б. бар. Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган. Калкы 11442 (1998), 2605 түтүн.

ЧАЕК АЙЫЛ ӨКМӨТҮ. 1996-ж. Чаек айыл Кеңешинин базасында түзүлгөн. Бул айыл өкмөтүнө Ак-Татыр, Беш-Терек, Кызыл-Жылдыз айылдары карайт. Борбору – Чаек айылы. Мында райондун борбору катары мекеме-ишканалар, 3 орто мектеп, 1 кесипчилик лицейи, 2 бала бакча, бейтапкана, ооруканa, кино театр, драма театры, 2 китепкана, музыкалык ж-а спорт мектептери, тарыхый-этнографиялык музей ж.б. жайгашкан. Жалпы аянты 22854 *га*. Айылдын жашоочуларында 1298 уй, 563 жылкы, 4734 кой-эчки, 7523 канаттуу бар Жалпы айыл өкмөтү б-ча калкынын саны 14043 адам, 3085 түтүн (1998). Беш-Терек айылы 1927 28-ж. «Жеңиш» колхозу болуп уюшулган. Башкарманын төрагалары: Мураталиев Насир (1928-37), Алапаев Ашым (1937-42), Мамбеталиев Авамисил (1942-44), Ибраимов Ташманбет (1944-47), Мураталиев Насир (1947 56) Алыбаев Абдырахман (1956-59). Бул колхоз 1960 ж. «Кызыл-Жылдыз» колхозуна кошулган. Башкармасы: Модубаев Исмаил.

Азыркы айыл өкмөтүнүн аймагында 1928-ж. Кулжыгач айыл Кеңеши түзүлгөн. Буга Түгөлдүн суусунан баштап, Жумгал өрөөнүнүн батыш тарабындагы бардык элдүү айылдар Суусамыр Сары-Камышка чейин кирген. 1936-ж. апрель айында Чаек айыл кеңеши аталган. Анын аймагында «Чаек» колхозу, «Көкөмерен» совхозу жайгашкан ж-а алар 1991-ж. дыйкан чарбаларына тараган. Айыл кеңеши көптөгөн республикалык социалисттик мелдештерге катышып, айылдык ж-а поселкалык кеңештердин арасында жеңүүчү болгон. Алсак, 1984-ж. Кыргыз ССР Министрлер Совети ж-а профессионалдык союздардын Кыргыз

Респ-лык советинин «өтмө Кызыл Туусу» ж-а 10 миң сом, 1987-ж. Кыргызстан КП БКнын, Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргыз Совпрофтун ж-а Кыргызстан ЛКЖС БКнын юбилейлик Ардак грамотасы ж.б. м-н сыйланган, көп жолу райондук ж-а облустук «Ардак тактага» жазылган. Айыл кеңешинин төрагалары: Иманбаев Жунушаалы (1950-56), Алыбаев Абдырахман (1956-62), Кудайбергенова Калия (1962-65), Сарсейитов Ашыралы (1965-67), Абышов Медет (1967-76), Молдалиева Алма (1976-87), 1987-жылдан Акматжанова Эрмек.

ЧАЕК АЙЫЛЫНЫН НЕГИЗИ ПЛАНЫ – Жумгал районунун администрациялык борборунун курулушун өнүктүрүүнүн негизги багыттары ж-дөгү документ. Чаек айылы Жумгал суусун бойлой плансыз курулган. 1981-ж. Кыргыз мамлекеттик курулуш долбоорлоо институту айылдын 1-негизги планын (арх. А.Стрижаченко, В.Аржанникова, Н.Ахметов, К.Алыкулов, И.Кыдырбаев; инженер-экономисти Г.Журба, транспорт б-ча инженери Г.Варгина) иштеп чыккан. Азыркы негизги планда администрациялык борбор катары Чаек айылынын курулуш базаларын, саламаттык сактоо мекемелерин ж.б. кеңейтүү, сырткы транспорт байланышын өнүктүрүү жагы каралган. План б-ча айыл 12 миң киши жашоого ылайыкташтырылган. Планда райондун борборунун табигый шарты, мурдагы курулуштары ж-а шаар куруута коюлган талаптар эске алынган. Айыл турак жайлуу районго ж-а өнөр жай-склад зонасына бөлүнөт. Калктуу район айылдынборборундагы турак үйлөрүнөн, окуу ж-а дарылоо комплекстеринен, эс алуу зонасынан (парк зонасын камтыйт) ж-а курулмалардан турат. Райондун борборунун башкы көчөсү – Ленин көчөсү. Ал көчөнү бойлой айылдын борбору калыптанат. Айылдын коомдук борборуна администрациялык, маданият, агартуу ж-а соода мекемелери жайгаштырылып, алар ар кандай аянттар аркылуу байланышат, Жумгал суусу айылдын башкы көчөсү (Ленин көчөсү) м-н коомдук борборуна өзгөчө көрк кошот. Сууну бойлой көп жылдык бак-дарактуу зона жайгаш-тырылат. өнөр жай-склад зонасы айылдын түштүк бөлүгүндө, турак үйлөрдөн белгилүү аралыкта болот. Негизинен бир кабаттуу, короо-жайлуу үйлөр салынат. Сырткы автотранспорт байланышы өнүктүрүлөт. Жүргүнчүлөрдү тейлөө максатында автостанция курулат. Сырткы автомобиль байланыш жолу турак жай зонасынын сыртына чыгарылат. Негизги пландын негизинде айылдын борбордук бөлүгүнүн планы дыкаттык м-н иштелип чыккан (арх. А.Стрижаченко, В.Аржанникова, Н.Ахметов, К.Алыкулов, инженер-экономист Г.Журба).

ЧАЕК БАЛДАР МУЗЫКАЛЫК МЕКТЕБИ (Ленин көчөсү, 69). Райондогу балдарга музыкалык билим берет. 1967-ж. Чаек балдар жети жылдык музыкалык мектеби деген ат м-н ачылган. Райондук маданият бөлүмүнө карайт. Миң-Куш шаарчасында филиалы бар. Комуз, аккордеон, гитара, кыл кыяк, чоор, баян, фортепиано бөлүмдөрү бар. Окуучулар булардан сырткары сольфеджио, музыкалык адабият, жалпы фортепиано б-ча да сабак алышат. Фольклордук оркестр 1996-ж. балдарды коргоо күнүнө карата «Мээрим» фондусу уюштурган республикалык кароо-фестивалда 1-орунду, 1998-ж. «Жаш таланттар» кароосунда республика б-ча 1-орунду ээлеген. Мында элдик фольклордук оркестр, хор коллективи, комузчулар 1 ансамбли уюшулган. 90 окуучу окуйт, 17 мугалим иштейт (1997). Мектептин көптөгөн бүтүрүүчүлөрү Бишкек ж.б. шаарлардан музыкалык атайын окуу жайларын, жогорку окуу жайларын бүтүрүшүп, республиканын ар кайсы жерлериндеги маданият ж-а исскуство мекемелеринде, музыкалык окуу жайларында, музыкалык мектептерде иштешүүдө. Директорлору: Жумабеков Аскарбек (1967-89), Оганкеевич (1969-70), Алмакунов Мааданбек (1970-72), Бондаренко Валентина Ивановна (1972-74),

Кыдыралиев Турарбек (1974-76), Сыдыков Бекин (1976-78), Абдырахманов Шаршен (1978-81), Байсабаева Гүлшат (1981-83), Дүйшеева Чынара (1983-93), Турганбаев Абдыкалый (1993-жылдан).

ЧАЕК 1202-МИНЕРАЛДУУ СУУСУ Чаек айылынан 5 *км* түштүк-чыгыш тарапта, эт комбинатынан түштүгүрөөк кургак сайдын таманында жайгашкан. Суунун температурасы чыга берген жеринде 16°С. Минералдашуусу 0,3 *г/л*. Химиялык курамы-гидрокарбонат-хлорид натрийлүү. Микрокомпоненттерден күкүрттүү суутек көмүр кислотасы бар. Бул суу Пятигорскинин минералдуу суусуна окшош.

ЧАЕК 1203-МИНЕРАЛДУУ СУУСУ Чаек айылынын түндүк тарабында. Жаман-Талаа өндүрүндө, 1115 *м* терендиктен бургуланып чыгарылган. Температурасы 45-49°С, чыгымы 14 *л/сек*. Курамы хлорид-натрийлүү, минералдашканда (4,8-6,3 *г/л*) кальцийдин өлчөмү жогору. Микрокомпоненттерден фтор (2 *мг/л*), кремний кислотасы (45 *мг/л*), бром (7,8-23,8 *мг/л*), йод (1,5-2,0 *мг/л*) кездешет. Муун, нерв, жүрөк-кан тамыр, гинекологиялык ооруларды ванна, душ алып, бассейнге түшүп дарыласа болот. Ичеги-карын оорулары м-н жабыркагандар ичсе пайдалуу.

ЧАЕК 1689-МИНЕРАЛДУУ СУУСУ Чаек айылынан 7 *км* түндүк-батыш тарапта, 1500 *м* терендиктен чыгат. Алгачкы маалыматтарга караганда суусу муздак, бирок курамында жогорку концентрациядагы радон (40-60 эман) бар. Азыркы мезгилде бул суу колдонулбайт. Хлорид-натрийлүү, минералдашуусу 70 *г/л*. Дебити 2 *л/сек*. Температурасы – 38°С. Курамындагы хлорид-натрийдин өлчөмү 90%ти түзөт. Ошондуктан бул суудан жогорку сапаттагы аш тузун алса болот.

ЧАЕК ЧОПО КЕНИ Чаек айылынын чыгыш четинде. Жумгал суусунун боюнда. 1955-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлгөн. Кен аймагын антропогендин чөкмө тектери түзөт. Пайдалуу чопо катмары аллювий-пролювий чөгүндүлөрүнөн пайда болуп, Жумгал суусунун кашат тектерин түзүп жатат. Калыңдыгы 0,55-5,95 *м*. Арасында шагыл ж-а кумдун бирин-серин линзалары кездешет. Чопо боз, күрөң, түстө, лесс сымал. Химиялык-технологиялык касиети б-ча чоподон «100» маркасындагы кыш даярдооого болот. Запасы А-категориясы б-ча 29796 $м^3$, В – 47139 *м*.

ЧАМЫНДЫ АШУУСУ Молдо Тоодо. Жумгал, Ак-Талаа р-ндорунун аймагында, Чамынды (Көкөмерендин ж-а Нарындын куймалары) сууларынын башынан орун алган. Бийиктиги 3184 *м*. Ашуунун мойногу кумдуу ж-а шагылдуу келип, капталдары анча тик эмес. Ашуу май айында ачылып, октябрда кайра жабылат. Ашуу аркылуу негизинен мал ашырылат; Жумгал ж-а Ак-Талаа райондорун байланыштырат.

ЧАМЫНДЫ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ аты уйкаш суунун алабында, 3 булактан чыгат. Ортоңку негизги булактан чыккан суунун чыгымы 20 *л/сек*, температурасы – 6,5°С. Суу туздуурааак. Химиялык курамы – сульфат кальцийлүү. Курамында 80-100 *мг/л* көмүр кислотасы кездешет. Орусиянын Тула облусундагы Краинка курортунун суусуна типтеш. Дарылоо-ашкана сууларынын катарына кирет.

ЧАРБА АРАЛЫК МЕХАНИЗАЦИЯЛАШТЫРЫЛГАН КӨЧМӨ КУРУЛУШ КОЛОННАСЫ 1959-ж. уюшулган. Негизинен райондогу мектеп, оорукана, короо-сарай ж-а турак жайлардын, акыркы жылдарда Кайырма, Көк-Ой мектептеринин курулуштарын бүткөргөн. 1996-ж. 1,5 млн сомдук курулуш-монтаждоо жумуштары аткарылган, 1995-ж. акционердик коомго өткөн. 73 киши иштейт (1998). Жетекчиси Чыналиев Бакин.

ЧАРБАЛЫК ЭСЕПТЕГИ ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО (ПАЙДАЛАНУУ) БӨЛҮМҮ (Чаек айылы). 1981-ж. уюштурулган. Ага

чейин Кочкор чарбалык эсептеги эксплутациялоо бөлүмүнүн Жумгал бөлүмчөсү тейлеп келген. Район б-ча 43 скважина, 11 монтаж, узундугу 3,5 *км* келген 1 ВПКны тейлейт, жайыттарга жер семирткич чачат. 1 автокраны, 5 ГАЗ-53 автоунаалары, 1 эксковатору, 2 МТЗ-6кл, 5 МТЗ-8 тракторлору чиркегичтери м-н бар. Бөлүмдүн начальниктери: Шарипов Жеңиш (1981-82), Өмүралиев Султанидин (1982-90), Акматалиев Адылбек (1990-94), Молдокеев Жапар (1994-98), 1998-жылдан Алишеров Таалайбек Барылбекович.

ЧЕГИРТКЕЕВ Кадыралы (1905-ж.т., Базар-Турук айылы) – чарба жетекчиси. 1938-ж. кой ферма башчысы, 1940-45-ж. «Кара-Чий», 1945-50-ж. «Жаңы-Арык» колхозунда башкарманын төрагасы, 1951-53-ж. «Кара-Чий» колхозунда кампачы, 1953-56-ж. «Совет» колхозунда малчы, 1956-65-ж. Жумгал керек-жарак коомунда дүкөнчү болуп иштеген.

ЧЕКИРОВ Акималы (10.10.1946-ж.т., Байзак айылы) – акын, драматург, киноценарист. Кыргызстан жазуучулар союзунун,СССР театр ишмерлер союзунун мүчөсү (1974), КР. маданият ишмерлеринин Ассамблеясынын мүчөсү (2004), Кыргызпатенттин Коллегиясынын мүчөсү (1999-ж.) 1974-ж. Б.Бейшеналиева атн. Кыргыз мамлекеттик искусство институтун артыкчылык (кызыл) диплому м-н бүткөн. 1974-79-ж. Маданият министрлигинде илимий маданий-агартуу иштери б-ча директор, 1980-86-ж. Бишкек шаардык Аткаруу комитетинде, 1986-89-ж. Маданият министрлигинде бөлүм башчы, 1989-97-ж. Кыргыз мамлекеттик Токтогул атн. адабият музейинин директору, 1997-99-ж. Кыргыз эл чыгармачылык борборунун башкы адиси. 1999-жылдан Кыргыз Респ-нын Өкмөтүнө караштуу Илим жа интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствонун (Кыргызпатент) Авторлордун мүлктүк укуктарын коргоо Башкармалыгын начальниги борборунун директорунун орунбасары, 2003 ж. бери Редакциялык



Чекиров А

басма борборунун директору. Фрунзе шаардык маданият бөлүм башчысы болуп иштеп турганда "Маданий агартуу иштерин жакшы жолго койгондугу үчүн" Кыргызстан КПнын, Министрлер советинин, Кыргызсовпрофтун эки жолу Өтмө Кызыл Туусун алууга татыган. (1981-84 ж.ж.) «Ак тикен», «Илхам», «Ырдап койчу» (поэзия), «Күндөлүк баракгардан», «Айылга жаңы маданият», «Өнөр алды-кызыл тил» ж.б. 11 илимий-публицистикалык китептердин, «Жаңырган жер» (1987), «Каба уулу Кожомкул» (1990), «Тоголок Молдо – Байымбет Абдракман уулу» (1991) "Кыргызфильм" документ-хроникалык кинофильмдеринин сценарийлеринин, «Жер ж-а анын балдары» (1991) опера-кантатанын либреттосунун, «Акыркы эрөөл», "О, Куйручук ата кайдасың" «Кызыл профессор», «Шаршен жана Куйручук» «Эки баатыр», «Бишкек баатыр», «Кабыландын тукуму» ж.б. 23 пьесанын, 60тан ашык илимий, көркөм публицистикалык макалалардын, монографиялык очерктердин, көптөгөн сатиралык интермедиялардын, 100дөй оригиналдуу театрлаштырылган сценарийлердин автору. "О, Куйручук ата кайдасың", "Кызыл профессор", "Согуш бүтпөйт" аттуу пьесалары театрларга коюлган учурда, конкурстарда алдыңкы байгелерди алган. Орус жана казак элдеринин белгилүү сатирачылары А.Арканов, А.Горин, Н.Анитов, Е.Вишневский сыяктуу авторлордун чыгармаларын кыргыз тилине которуп, көрүүчүлөрга сахналаштырып көргөзгөн. Акындын 40га жакын поэтикалык текстерине С.Айтикеев, Ж. Малдыбаева, С.Жумалиев, К. Эралиева, А.Бөдөшев, А.Абдуллаев, Б.Дашковский, А. Үкүрчинов сыяктуу композиторлор



Четенов С



Чикебаева Ө



Чокоева Б

музыкалык ырларды, кантата, хорлорду жазышкан. Ал республикадагы адабий музейлерди биринчи уюштуруучулардан. Анын түздөн-түз жетекчилиги жана катышуусу м-н 1989-жылдан облус, район, айылдарда Токтогул, Тоголок Молдо, Коргол, Куйручук, Боогачы, Карамолдо, Сагымбай, К.Тыныстанов, А.Осмонов, Я.Шиваза, «Манас» адабий-этнографиялык ж.б. 15 музей ачылган. 1981-84-ж. Бишкек шаардык советине депутат болуп шайланган. Эл чыгармачылыгынын Бүткүл союздук фестивалынын лауреаты (1976). Кыргыз ССР Жогорку Советинин (1982), СССР Аялдар комитетинин (1982), Кыргыз ССР ж-а СССР Маданият министрлигинин Ардак грамоталары, медалдар м-н сыйланган. Т.Абдумомунов атн. Эл аралык сыйлыктын лауреаты (1998), "Байзак айылынын ардактуу атуулу" (1998). "Жумгал районунун ардактуу атуулу" (2004).

ЧЕКИРОВА Гүлбайрам (1917-ж.т., Таш-Дөбө айылы) – оймочу ж-а бычмачы. Уй ферма башчысы, бала бакчада тарбиячы болуп иштеген. Элдик кийим-кечектерди салттуулукта кармайт, сайма саят, кийиз уютуп, шырдак оёт. Негизги оюмдан туунду оюм жаратуу өзгөчөлүгү бар. Көркөм көргөзмөлөргө катышкан. Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү (1990).

ЧЕТ-КУУГАНДЫ – суу. Узундугу 22 *км*, алабынын аянты 193 *км*^{2}, Ой-Кайың тоосунун түндүк-чыгыш капталынан башталат. Жогорку агымында Туюк-Төр аталып, чыгышты карай кууш өрөөн м-н агат да, Жумгал ойдуңуна чыкканда сугат системаларына бөлүнүп кетет. Ири куймасы – Кызыл-Таш. Жылдык орточо чыгымы 0,7-1,3 *м*^{3}*/сек*. Эң көп чыгымы июнь-июлда, азы январь-февралда байкалат. Апрель-сентябрда кирип, Октябрь-мартта тартылат. Кар, жаан-чачын сууларынан куралат. Сугатка пайдаланышат.

ЧЕТ-КУУГАНДЫ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ Жумгал-Тоонун түштүк капталында, Чаек айылынан 13 *км* түндүк тарапта, Чет-Кууганды суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Булактан чыккан суунун чыгымы 0,5 *л/сек*, температурасы 26,2°С. Сульфат-хлорид-гидрокарбонат натрий-кальцийлүү. Минералдашуусу 600-610 *мг/л*. Микро-компоненттерден литий, кремний, стронций кездешет. Бальнеологиялык жактан кыймыл-таяныч, жүрөк-кан тамыр ооруларына ванна алып, ичеги-карын ооруларын ичип дарыланса болот.

ЧЕТЕНОВ Сакы (1903-63-ж.ж. Жаңы-Арык кыштагы, ошол жер). Колхоздоштурууга активдүү катышып ферма башчысы, партуюмунун катчысы болуп иштеген. Улуу Ата Мекендик согушка катышып Смоленскийде жарадар болуп келген. Кийин почточу болуп иштеген. Чоң санжырачы болгон.

ЧИКЕБАЕВА Өкөнбай (1895-1976-ж.ж.) Колхоздоштурууга активдүү катышкан. Сабатсыздыкты жоюу мектебин, Караколдогу партиялык курсту бүткөн. Башкууганды айылында, Жумгал чөлкөмүндө биринчи аялдардан чыккан башкарма болгон. 1935-40-ж.ж. чейин партиянын ячейкалык катчысы, 1940-43-ж.ж. чейин Башкууганды колхозунда башкарма, 1943-50-ж.ж. чейин «Дыйкан» колхозунда кой ферма башчысы болуп иштеген. В. И. Лениндин 100ж. юбил. медалынын, бир нече грамота, медалдардын ээси.

ЧОКОЕВА Бурул Насипбековна (28.4.1959-ж.т., Мин-Куш шаарчасы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1980-85). 1981-ж. Кыргыз кыз-келиндер педагогика институтунун чет



Чоконбай уулу Рысбек

тилдер факультетин бүткөн. 1981-89-ж. Кыргызстан Жаштар уюмдары комитетинде жооптуу катчы, 1989-92-ж. төрага, 1992-жылдан кесиптик техникалык билим берүү боюнча башкы башкармалыкта эл аралык ишмердүүлүк боюнча инспектор болуп иштейт. 1995-ж. Японiядан, 1996-ж. Даниядан атайын курстан өткөн. 1978-79-ж. Ярослав облусуна барган «Красная гвоздика» студенттик курулуш отрядын жетектеген, «Ала-Тоо жазы» студенттик фестивалына активдүү катышкан. Коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн студент кезинде депутат болуп шайланган. 1980-90-ж. Республикалык аялдар советинин, 1982-92-ж. Республикалык чет өлкөлөр м-н достук коомунун мүчөсү. ВЛКСМ БКнын, Кыргызстан ЛКЖСнын Ардак грамоталары м-н сыйланган. Кыргыз Респ-нын кесиптик-техникалык билим берүү отличниги (1998).

ЧОКОНБАЙ уулу Рысбек (1988-78-ж.ж. Касуул кыштоосу) 1927-ж. Ак-чий артели биринчи уюшулганда (кийин Совнарком колхозу) атасы Чоконбай байдын малын бүт артелге өткөрүп берип өзү (1938-ж.) чейин жылкычы болуп жылкынын башын 1250гө жеткирген (1938-ж.) Кенештин I чакырылышына депутаттыка көрсөтүлүп, байдын баласы деп өтпөй калган. Мергенчи болуп, мамлекетке баалуу аң-терилерин өткөрүп турган (1938-46-ж.ж.). 1946-66-ж. чейин чабан болуп баккан ириктерин 67-70 кг тирүүлөй салмакта этке өткөргөн. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н (1955-ж.) Бүткүл Союздук Айыл чарба көргөзмөсүнүн күмүш медалы ж-а алтын саат м-н (1956-ж.) сыйланган.

ЧОҢ-АРЫК ШААР ЧАЛДЫБАРЫ Жумгал суусунун сол өйүзүндө, Чоң-Арык айылынын түштүгүндө жайгашкан. Планда туура эмес тик бурчтук түрүндө. Узундугу 620 *м*, туурасы 110-180 *м*. Казып изилдөө иштерин жүргүзгөн мезгилде адамдын иш-аракетинин изи калган катмардын калыңдыгы 0,5-2,5 *м* болгон. 1959-ж. П.И.Кожемяко изилдеген. 10-12-к-га таандык.

ЧОҢ-ДӨБӨ – айыл, Куйручук айыл өкмөтүнө карайт. Жалпы аянты 115 *га*. Окторкой тоосунун түштүк этегинде. Балыкчы темир жол бекетинен 167, Чаектен 52, Куйручук айылынан 10 *км* аралыкта. Негизги автомобиль жолунан 8 *км*. Деңиз деңгээлинен 2005 *м* бийиктикте. Калкы 990 адам, 267 түтүн (1998), негизинен мал чарбасында эмгектенишет. Орто мектеп (298 окуучу, 29 мугалим), ФАП, клуб, китепкана, дүкөн бар. 1800-жылдар ченде азыркы Кочкор районунун Арзы айылынын аймагында *Нусуп* бий көчүрүп келген элдин тукумдарынан айылдын эли түзүлгөн. Бирок, 1900-жылдарга чейин отурукташуу болгон эмес. 1901-25-ж. айыл элин Бекмурат уулу Токтогон башкарып, Окторкой өрөөнүнө бирин-серин тамдар салына баштаган. 1929-30-ж. Байбача уулу *Тынаалынын* жетекчилиги м-н Чоң-Дөбө айылынын долбоору түзүлүп, кыштак салынган. Аты айылдын жанындагы дөбөгө байланыштуу коюлган. Айылдагы агартуу иши ж-дө, *к. Күрүчбек медреcеси.*

ЧОҢ-ДӨБӨ ДЫЙКАН ЧАРБАСЫ Куйручук айыл өкмөтүнө карайт. Негизги тармагы мал чарбасы. Чарбага тиешелүү жердин жалпы аянты 11800 *га*, а.и. 710 *га* сугат, 41 *га* кайрак, 46 *га* чабынды, 10872 *га* жайыт. Чарбада 717 бодо мал, 893 жылкы, 2500 кой, 550 эчки бар. 317 адам дыйкан чарбасынын мүчөсү, аларда 604 *га* жер бар. Чарбага Окторкой өрөөнү, Сандык жайлоосу *(к. Сандык кырка тоосу)*, Сасык-Булак, Бөйрөк-Булак, Касыке, Кош-Булак, Кара-Күңгөй ж.б. кыштоолор тиешелүү. Жаз кеч келет, суусу каат. 1930-жылдары Чоң-Дөбө, Таш-Дөбө айылдары биригип, бир чарбаны түзгөн. Алгач чарбаны Жумаев

Бейшеке тейлеген. 1935-ж. эки чарба бөлүнүп, «Чоң-Дөбө» колхозу аталган. Алгачкы башкармасы Кожогулов Соодаалы болгон. 1943-44-ж. колхозду Балтабаев Аманалы, Ниязалиев Субанбек, 1944-46-ж. Койчиев Мажи, 1946-51-ж. Кенжегулова Күлбүбү, 1951-60-ж. Сооронбаев Алияскар жетектеген. 1954-ж. Сталин атн. колхоз болуп аталган. 1955-ж. тегирмен, 1956-ж. узундугу 6,5 *км* келген суу түтүкчөсү, 1957-ж. клуб, китепкана, мончо, гараж, 2 бөлмөлүү жатакана, 1958-ж. 5 класстык бөлмөсү бар мектеп курулуп бүтүп ишке берилген. 1957-ж. райондо биринчилерден болуп, мотор м-н иштөөчү электр жарыгы коюлган. 1960-ж, 650 уй, 450 жылкы, 8500 кой-эчки болуп, чарбанын кирешеси 1 млн 500 миң сомго жеткен. 1960-ж. ирилештируу жүргөндө чарба жоюлуп, анын бардык кирешеси, малы, техникасы «Кызыл-Туу» колхозуна өткөрүлүп берилген. Ал колхоздун Чоң-Дөбө бригадасы 1990-ж. кооперативдик чарбага, ал эми 1992 жылдан дыйкан чарбасына айланган. *К. Куйручук айыл өкмөтү*.

ЧОҢ-ДӨБӨ МИНЕРАЛДУУ СУУСУ Эки бургулоо көзөнөгү м-н сыртка чыгарылган. Бири-биринен 1,2-1,5 *км* аралыкта турушат. Аз минералдашкан. Курамы сульфат-хлорид-натрий магнийлүү. Температурасы 15°С. Аз сульфиддүү минералдуу суу ичеги-карын ооруларын ичтен ичип дарылоого колдонулат.

ЧОПОЕВ Иманаалы (12.7.1977-ж.т., Чаек айылы) — монументалист-сүрөтчү. Бишкектеги көркөм сүрөт окуу жайын, Москвадагы Строгонов атн. жогорку окуу жайын бүткөн. Ысык-Көлдөгү «Аврора» пансионатын, Бишкектеги цирктин имаратын ж.б. жасалгалаган. Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү.

ЧУҢГУЛОВ Мамбет (1894, Кызарт айылы) — чарба жетекчиси. 1918-ж. Токмокто оруска малай болгон. 1920-ж. Кызыл Армиянын катарына кирип, Казакстандагы Капал согушунда Жети-Суу облусунда басмачыларга каршы согушкан. Эки жылда капитан чинин алып, ротага командачылык кылган. 1923-ж. армиядан келип, Токмокто ички иштер бөлүмүнүн начальниги болгон. 1928-жылдан Кызартта бир нече жыл партячейка болуп иштеген. Эл чарбасын өнүктүрүүгө зор эмгек жумшаган. 1990-ж. Кызарттын бир көчөсүнө ысымы ыйгарылган.

ЧУҢКУР ЧОПО КЕНИ Чаек айылынан 2,5 *км* түндүк-чыгыш тарапта. Чет-Кууганды суусунун сол өйүзүндө, 1981-ж. геологиялык чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын неоген м-н антропоген мезгилдеринде пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Пайдалуу чопо катмары плиоценде пайда болгон тоо тектердин арасында жатат. Арасында майда гипс линзалары да учурайт. Чопо физикалык-технологиялык касиети б-ча «75» ж-а «100» маркасындагы кыш, черепица даярдоого жарамдуу. Запасы $ВС_1$ категориясы б-ча 771 миң $м^3$ (1981).

ЧУКӨТАЙ УУЛУ Бийназар (1886, Чаек айылы — 1944, ошол эле жер) — белгилүү уста. өз учурунда Чаек айылындагы көптөгөн турак жайларды, 1917-24-ж. Өрнөк, Арал, Кавак, Көкөмерен дарыяларындагы көпүрөлөрдү салган, бак-дарак тиккен. Комуз чапкан, үй тиричилигине керектүү буюмдарды, боз үйдүн жыгачтарын жасаган. Жумгал мечитин салган. Бул мечит 1944-жылдан Бишкектеги Орто Азия ислам дини б-ча архивдин каттоосунда турат. Кудайберген, Чаргынбайлардын кумбөздөрүн салган, саяпкер да болгон.

ЧҮТӨЕВ Орозалы (1907, Жаңы-Жол айылы — 18.5.1995, ошол эле жер) — балбан. Кичинекейинен эле олбурлуу бала болгон, энеси Батина да балбан, зор денелүү адам болгон экен. Ал турмушун көбүнчө дыйканчылык м-н өткөргөн, устачылык кылган. Адам көтөрө алгыс оор жүктөрдү көтөрүп, чөптү элден өзгөчө чапкандыгы м-н элге дайын болгон. Аштойлордо күрөшүп, көп жеңиштерге жетишкен. 27-28 жашында атактуу Отор, Олоңбаш, Аккөз, Обоскан, Абдрахман ж.б. балбандар м-н күрөшкөн ж-а көбүн

жыккан. Кожомкулдун таалим-тарбиясын, батасын алган. Кийин Чаек айылынын Кызыл-Жылдыз, Беш-Терек участкаларына имам болгон.

ЧЫГЫШ СӨӨК КАПЧЫГАЙЫ Кочкор ж-а Жумгал райондорунун аймагында. Кара-Мойнок ж-а Жумгал тоолорунун аралыгында. Сөөк суусунун аккан багыты б-ча батыштан чыгышка 50 *км*ге созулуп жатат. Таманынын жазы жери 2-3 *км*, кууш жери 500-1000 *м*. Деңиз деңгээлинен 2300-2900 *м* бийиктикте. Шиленди ж-а аккумуляция тектерин суу жеп кетишинен пайда болгон. Негизинен V формасындагы капчыгай. Гранит-диорит, сиенит ж.б. интрузия тектеринен турат. Капчыгайдын таманына талаа ж-а шалбаалуу талаа; тоо беттерине бадал аралашкан талаа, айрым жерлерине шалбаа (3000 *м*ге чейинки бийиктикте), андан жогору субальп ж-а алып ландшафт алкактары мүнөздүү. Капчыгайдын төрүнө чейин автожол жетет. Жайкы жайыт.

ЧЫБЫЛДИЕВА Саткын (1923-95-ж.ж. Куйручук айылы, ошол жер) Нарын педагогикалык окуу жайын бүтүрүп (1940-ж.) Райондун мектептеринде мугалим болуп иштеген. 23 жыл уй ферма башчысы, кампачы, кассир болгон. 1950-63 ж.ж. Москвадагы Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсүнө катышкан. СССР ж-а Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Бир нече медалдары бар. Кыргызстан Кооперациясынын съездинин делегаты, Нарын облустук, Жумгал райондук партконференцияларга делегат, айылдык Кеңешке депутат болгон.

ЧЫЙБЫЛ Алымбек *уулу* (1871, Кулжыгач айылы – 1946, Чаек айылы) – тубаса геолог, Жумгалдагы жумушчу табынын алгачкы өкүлү. 19-кылымдын аягында кыргыз жергесин изилдешкен орус геологдоруна жумушчу болуп иштеген. Жумгал-дагы Кара-Кечүү, Кабак, Ак-Көл, Чолок-Терек көмүр кендерин, Кулаган таш аки таш кенин, Көкөмерен суусунун оң жак өйүзүндөгү



Чыбылдиева С



Чылпаков Б

ж-а Чет-Куугандыдагы райондун жылуу суу булактарын, Кандек, Борондудагы полиметалл кенин, Эмелдеги жез кенин, Каракеченин белиндеги темир кенин, Көгүч-көн-Байматтагы «тоо хрусталдарын» ж.б. так билип, ордун геологдорго көрсөткөн. Каракечүү күрөң көмүр кенинен казып алып, отун катары пайдаланган. Жумгалда булгаары жасоочу чакан ишкана ачкан. Акиташ бышырган, боок жасап, самын кайнаткан. Дары чөптөрдү мыкты билип, аларды дары катары пайдаланган. Ысымы м-н Чаектин бир көчөсү аталган.

ЧЫЛПАКОВ Боронбай (1907-73-ж.ж. Суусумыр айылы) 9-класс билими болгон. Кийин советтик, партиялык мектепти бүтүргөн. 1931-ж. Алайдагы басмачыларга каршы күрошкон. Калинин районунда колхоздорду уюштурган, айылдык Кеңештин Төрагасы болгон. 1942-ж. Украина фронтуна катышкан Одер суусунан отөөрдо жарадар болуп 1945-ж. согуштан айылына келген. 2-даражадагы Ата Мекендик согуштун, «Кызыл Жылдыз» ордендери Германияны женгендиги үчүн медалдары м-н сыйланган. Жумгал райзоонун соода бөлүмүнүн. нефтебазанын начальниги болуп иштеген.

ЧЫНАЛИЕВ Бакин (1952-ж.т.) Эмгек жолун курулуш оңдоо мекемесинен баштаган. 1977-ж. колхоз аралык курулуш уюмунда мастерден мекеменин жетекчисине чейинки кызматтарды отөп келет. Райондогу оорукана, Көк-Ой, Миң-Куш, Кайырма орто мектептеринин курулушун бүткөрүүнү жетектеген.

ЧЫНЫ Дуулат уулу, Чыны бий

(1810-85, Жумгал өрөөнү) – Жумгалдагы курманкожо элин 50 жылга жакын башкарган манап. Менчик мал күткөн эмес, зордук-зомбулук кылбай калыстык м-н карапайым элдин муктаждыгын чечип турган. Чукугандай сөз тапкан чечен, кадыр-барктуу адам болгон.

ЧЫНЫ УЛУУ Көкүмбай, *к. Көкүмбай.*

Ш



Шакиров З



Шакова Г

ШАКИРОВ Алек (1926, Чаек айылы – 1972, ошол эле жер) – полковник. Ташкендеги аскердик жогорку окуу жайын бүткөн. Нарында, Ат-Башыда, Тогуз-Тородо, Сузак р-ндорунда аскер комиссариаттарынын аскер комиссары болуп иштеген.

ШАКИРОВ Жунуш (19-кылымдын аягы – 20-кылымдын 1-жарымы) – уста, дыйкан. Жумгал өрөөнүнө 1905-ж. келген, улуту татар. Жумгал өрөөнүнө алгачкы европалык типтеги там, короо-сарай салган, бак тиккен адам болгон. Кийин Мырзабек болуштун жакын карындашына үйлөнүп, Жумгалды мекендеп калган. Дары чөптөр м-н дарылоо жолдорун мыкты билип, эл дарылаган. Элге: дарымчы "Жунуш", боёкчу "Жунуш", ногой "Жунуш" деген аттар м-н белгилүү болгон.

ШАКИРОВ Зарылбек (1940-ж.т., Жаңы-Арык айылы) – «Эмгек Кызыл Туу» орденинин ээси (1972). 1959-ж. Ысык-Көл айыл чарба техникумунун агрономия бөлүмүн, 1974-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун агрономия факультетин бүткөн. 1959-95-ж. «Совет» колхозунда агроном, «Кызарт» совхозунда трактордук-талаачылык бригадасынын бригадири, ферма башчысы, башкы агроном, профкомдун Төрагасы, башкы экономист болуп иштеген. Медалдар м-н сыйланган.

ШАКОВА Гулбара (1928-1999-ж.ж. Кайырма айылы) "Эмгек Кызыл Туу" орденинин ээси (1973-ж.), 1950-ж.



Шамбеталив А

Нарындагы «Дмитров» атын. педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Кайырма орто мектебинде мугалим (1950-59-ж.ж.) 1962-ж. баштап пенсияга чыкканча Ленин атын. колхоздо жылкы фермасынын башчысы болуп иштеген. Медалдар ж-а Ардак грамоталар м-н сыйланган.

ШАМБЕТАЛИЕВ Алмазбек, (27.8.1947-ж.т., Баш-Кууганды айылы) – травмотолог-ортопед, саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери (1997), "Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген врачы" (2001). 1974-ж. КММИни, 1976-ж. анын жогорку клиникалык ординатурасын бүткөн. 1976-80-ж. Бишкек шаардык №4 тез жардам ооруканасында бөлүм башчы болуп иштеген. 1980-84-ж. бүткүл дүйнөгө белгилүү травмотолог-ортопед, профессор Г.А. Илизаровдун клиникасында, кийин Москва, Ленинград, Киев шаарларында билимин өркүндөткөн. 1995-жылдан Чүй облустук саламаттыкты сактоо башкармалыгында башкы хирург болуп иштейт. Илизаров аппаратын колдонуп, сыныкты ж-а тубаса майыптыкты (сөөктү чоюп узартуу жолу м-н) айыктыруу б-ча белгилүү адис, жогорку категориядагы врач. Сыныкты дарылоо б-ча 10дон ашык илимий эмгектин автору. Кыргыз Респ-нын хирургдар ассоциациясынын мүчөсү. Ал спортчу дагы, жеңил атлетика б-ча спорт чеберине кандидат (1972). 1963-ж. сууда сүзгөн кеменин моделин жасоо б-ча окуучулар арасында Кыргызстандын чемпиону болгон ж-а Минскиде өткөн Бүткүл союздук мелдешке катышкан. Студент кезинде «Студенттик жаз–74»



Шамбетов К



Шаменалиев И



Шаменалиев А

фестивалынын лауреаты, жеңил атлетика б-ча КММИнин рекордсмени, Орто Азия ж-а Казакстан респ-лар арасындагы медицина ж-а фармацевтика институттарынын чемпиону болгон. Медалдар, Н.И.Пирогов атн. төш белги, министрликтин, ЛКЖС БКнын Ардак грамоталары, 1976-ж. СССР Министрлер Советинин алкышына татыктуу болгон. Ал ж-дөгү очерк Ч.Дөөталиевдин «Бычак мизиндеги өмүрлөр» аттуу китебине кирген. Азыркы учурда Улуттук госпиталда травматология бөлүмүндө Башкы консультант.

ШАМБЕТОВ Кылыч, Кылыч ажы (1.5.1957-ж.т., Чаек айылы) – Жумгал өрөөнүнөн совет мезгилинен кийин чыккан биринчи ажы. 1972-74-ж. Бишкек автожол техникумунда окуган. 1975-91-ж. Бишкектеги тери заводунда, базарларда жумушчу, даярдоочу, дүкөнчү болуп иштеген. 1991-ж. «Каниет» көп тармактуу кичи ишкана ачкан. 1992-жылдан республикалык «Акыл-эс, рух жа ыйман» коомунун вице-президенти. 1996-ж. мусулмандардын 1-курултайында Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармасынын алдындагы иш башкармалыгынын раисинин орун басары, Бишкектеги борбордук мечиттин мутабалиси болуп дайындалган. Ажылыкка 1997-ж. барып келген. «Жумгалдын ардактуу атуулу» (1998). Нусуп бийдин урпагы.

ШАМЕНАЛИЕВ Абдыкары (1916-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты (1959-63). Кыргыз айыл чарба институтун, Москвадагы жогорку партиялык мектепти, Ленинграддагы аскердик-инженердик жогорку окуу жайын бүткөн. 1937-39-ж. Кочкор районундагы Калинин, 1939-40-ж. Жумгал р-нундагы Жаңы-Арык орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1940-46-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-49-ж. Кыргызстан КП Нарын обкомунда лектор, лекторлор тобунун башчысы, 1949-50-ж. Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 2-катчысы, 1950-53-ж. Нарын обкомунда пропагандист, лектордук топтун жетекчиси, 1953-59-ж. Ак-Талаа райкомунун 2-катчысы, 1959-60-ж. Тогуз-Торо райкомунун 2-катчысы, 1961-64-ж. Жумгал райондук колхоздор аралык курулуш мекемесинин башкармасы, 1964-65-ж. Чаектеги май заводунун директору, 1965-жылдан Жумгал мөмө-жемиш совхозунун директору болуп иштеген. Кыргызстан КПнын 7–10-съезддеринин делегаты. Бир нече жолу райондук, айылдык кеңештерге депутат болуп шайланган. Ленин, 2 «Эмгек Кызыл Туу» ордени жа медалдар м-н сыйланган.

ШАМЕНАЛИЕВ Инварбек Абдыкеримович (1950-ж.т. Чаек айылы) 1974-ж. Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн. Нарын облусунда айыл чарба башкармасында ага зоотехник (1974-76-ж.ж.). Жумгал айыл чарба башкармасында, Кызарт совхозунда башкы зоотехник (1976-82-ж.ж.) партиянын райкомунда айыл чарба бөлүмүнүн башчысы (1982-86-ж.ж.) Көкө-Мөрөн совхозунда директор болгон. (1986-90-ж.ж.) Бал чарбалык боюнча чарбалык эсептеги ишкананын директору (1990-96-ж.ж.) Айылдык кредит коорпоративинин райондук ассоциациясынын Төрагасы, 1996-2000-ж.ж. бери экономиканы өнүктүрүүнүн мамлекеттик фондусунун Жумгал району боюнча бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. Райкеңешке 2 жолу депутат болуп шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин юбил. Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ШАРШЕКЕЕВ Жүкүн (16.10.1933-ж.т, Чоң-Дөбө айылы) – "Кыргыз ССРинин" мал чарбасына эмгек сиңирген устаты (1977). 1950-94-ж. «Жумгал» совхозунда малчы болуп эмгектенген. Жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен. Ленин (1986), «Ардак



Шаршекеев Ж



Шаршеналиев А



Шаршеналиев К



Шаршенов О

Белгиси» (1966), Октябрь Революциясы (1979) ордендери ж-а медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган. Облустук, райондук, айыл кеңештерине депутат болуп шайланган.

ШАРШЕНАЛИЕВ Асанбек (29.3.1940-ж.т, Кызыл-Туу айылы) – юстициянын 1-класстагы мамлекеттик кеңешчиси, генерал (1998), Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген юристи (1997), юридика илимдеринин кандидаты (1971). 1964-ж. КМУнун юридика факультетин, 1967-ж. «криминология» адистиги б-ча анын аспирантурасын бүткөн. 1968-77-ж. Кыргызстан ИАнын философия ж-а укук институтунда кенже илимий кызматкер, окумуштуу катчы, 1977-79-ж. КМУнун юридика факультетинде окутуучу, 1979-87-ж. Кыргызстан КП Фрунзе шааркомунда бөлүм башчы, 1987-89-ж. Кыргызстан КП БКда бөлүм башчынын орунбасары, 1989-91-ж. Кыргыз Респ-нын башкы Мамлекеттик арбитри, 1991-93-ж. Кыргыз Респ-нын Конституциялык сотунун төрагасы, 1993-2000-ж. Кыргыз Респ-нын Башкы прокурору, 2000-жылдан КМУУда иштейт. Республикадагы мыйзамдуулукту чыңдоого арналган бир катар макалалардын, коррупция м-н күрөшүү проблемалары б-ча 2 китептин автору. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы (1981), медалдар м-н сыйланган.

ШАРШЕНАЛИЕВ Качкын (1939-ж.т. Куйручук айылы) Токмок ш. трактористик курсту, Фрунзедеги советтик, партиялык мектепти окуп бүтүргөн. Чарбада агроном, (1964-85-ж.ж.) бригадир, текшерүү комиссиясынын Төрагасы, жылкы ферма башчысы болгон (1985-90-ж.ж.) Кыргызстан комсомолунун XVI-XVII съездерине делегат, БКнын мүчөсү болуп шайланган. Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы, Кыргызстан КП БКнын Кыргыз ССР Министрлер Советинин, Кыргыз Совпрофдун Ардак грамотасы ж-а бир нече медалдар м-н сыйланган. Азыр Куйручук айылында карыялар Кеңешинин Төрагасы.

ШАРШЕНОВ Ормон (26.9.1942-ж.т., Сокулук р-ну, Кызыл-Туу айылы) – Кыргызстан КП Жумгал райкомунун 1-катчысы (1988-90). 1960-ж. темир жол окуу жайын, 1972-ж. Кыргыз айыл чарба институтунун агрономия факультетин, 1989-ж. Алматы жогорку партиялык мектебин, 1996-ж. КМУУнун юридика факультетин бүткөн. 1960-ж. Пишпек станциясында паравоздорду ремонттоо б-ча слесарь, 1961-64-ж. айыл чарба машинелерин, В.И.Ленин атн. айыл чарба машинелерин куруу заводунда, станок куруу заводунда слесарь, 1972-75-ж. «Кыргызгипрозем» бирикмесинин топурак таануу институтунда улук илимий кызматкер, 1975-78-ж. Аламүдүн р-нунун «Таш-Мойнок» совхозунда башкы агроном, 1978-82-ж. Ысык-Ата р-ндук айыл чарба башкармасынын начальниги, 1982-85-ж. Кочкорбаев атн. колхоздун башкармасынын Төрагасы, 1985-87-ж. Ысык-Ата р-ндук Аткаруу комитетинин Төрагасы, 1987-88-ж. Кыргызстан КП Талас обкомунда бөлүм башчы, 1990-93-ж. Жогорку Кеңештин депутаты, өзүн-өзү башкаруу иштери б-ча туруктуу комиссиянын Төрагасы, ошол эле учурда 1992-94-ж. Чүй районунун акими – администрация башчысы, 1994-98-ж. Чүй облусу б-ча Салык полициясы башкармасынын начальниги, 1998-жылдан Кыргыз Респ-нын Салык полициясы башкармасынын начальнигинин жардамчысы. 1982-86-ж. Ысык-Көл, Нарын, Талас, Чүй облустук эл депутаттар советтерине депутат болуп



Шаршенов Э



Шейшеев А



Шейшеналиев К



Шукурова С

шайланган. «Ардак Белгиси» ордени (1982), медалдар м-н сыйланган.

ШАРШЕНОВ Элчибек (1955-ж.т., Кайырма айылы) – карапачы. Бишкек сүрөтчүлөр окуу жайынын колдонмо-жасалга бөлүмүн, КМУнун тарых факультетин бүткөн, 1978-ж. Бишкектеги элдик көркөм кол өнөрчүлүк кесиптик-техникалык окуу жайын уюштурууга жигердүү катышып, мугалим-чебер, директордун орунбасары болуп иштеген. Карападан колдонмо-жасалга вазаларды, идиштерди (челек, табак, көөкөр, аяк, кесе ж.б.), сөөк, мүйүз, жыгачтан кооздуктарды жасайт. Көптөгөн көркөм көргөзмөлөргө, фестивалдарга катышкан. Медалдар, дипломдор м-н сыйланган. «Кыргыз Респ-нын кесиптик билим берүү отличниги».

ШЕЙШЕНАЛИЕВ Искендербек (1954-ж.т. Чаек айылы) Эмгек жолун (1976-ж.) Жумгал райкомунда сектор башчысы кызматынан баштаган. 1978-87-ж.ж айыл чарба тармагында башкы экономист, 1987-88 ж.ж.райондук партия комитетинде инструктор, 1989-90-ж.ж. Чаек колхозунда парткомдун катчысы, 1990-95-ж.ж. турмуш-тиричилик комбинатта, Таш-Дөбө совхозунда директор, 1998-жылдан калкты иш м-н камсыз кылуу бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп келе жатат. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы м-н сыйланган.

ШЕЙШЕЕВ Асанбек (1942-ж.т., Жаңы-Арык айылы). 1969-ж. КМУнун юридика факультетин бүткөн. 1970-1982-ж. Ош облусунун Кара-Суу районунда элдик Сот, райондук соттун Төрагасы, 1982-83-ж. Ленин райондук соттун төрагасы, 1983-87-ж. Нарын облустук соттунун мүчөсү, 1987-88-ж. облустук соттун төрагасынын орунбасары, 1989-90-ж. Иссык-Көл облустук сотунун мүчөсү, 1990-94-ж. Нарын шаардык сотунун Төрагасы, 1996-99-ж. Чүй облустук сотунда сот, 1999-ж. Аламүдүн райсотунун төрагасынын орунбасары болуп иштеген.

ШЕЙШЕНАЛИЕВ Кубатбек (1965-ж.т. Чаек айылы) Орто мектептин 8-классынан кийин №26 СПТУга кирип ветаптекар кесибин алган. 1988-ж. Фрунзедеги финансы техникумун, Москвадагы ишкердүүлүк ж-а укук институтун (МИПП) бүтүргөн, кесиби финансист, юрист 1988-90-ж.ж. 1-май райпосунда текшерүүчү, Жумгал райпосунда (1990-92-ж.ж.) бюджет бөлүмүндө (1993-99-ж.ж.) салык инспекциясынын бардык бөлүмүндө инспектор, ага инспектор, бөлүм башчы болуп иштеген. 1999-2001-ж.ж. соцфонддо жетекчи, 2002-ж. Чаек Айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп иштеген. Райондук Кеңешинин депутаты.

ШЕРАЛИЕВ Булар (1919-ж.т., Лама айылы) – «Манас» орденинин ээси (1995). 1939-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1946-95-ж. «Жумгал» совхозунда жумушчу, жылкычы, бригадир болуп иштеген. Көптөгөн медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы ж.б. м-н сыйланган.

ШЕРИМБАЕВ Кукен (1933-ж.т., Чоң-Дөбө айылы) – Кыргыз Респ-нын эмгек сиңирген врачы. 1960-ж. КММИнин бүткөн. 1960-жылдан Ак-Талаа р-ндук ооруканасында бөлүм башчы, облустук ооруканада врач-хирург болуп иштеген. «Эмгек Кызыл Туу» ордени м-н сыйланган.

ШУКУРОВА Сайра (1949-ж.т. Көк-Ой айылы) 9-класс билими бар, чарбада талаачылык, мал чарбасы боюнча талыкпай иштеген. 1979-ж. «Эмгектеги артыкчылыгы" медалы, "Элдердин достугу" ордени м-н сыйланган (1984-ж.). Райкомдун мүчөсү, Кыргызстан КПнын XVIII съездинин делагаты болгон.



Шоконова З

Облустук райондук, айылдык Кеңештердин депутаты болуп бир нече жолу шайланган.

ШОКОНОВА Замира Капасовна (1958-ж.т. Жети-Өгүз районунун Барскоон айылы) Пржевальскийдеги бухгалтердик курсту бүткөн (1976-ж.) Жети-Өгүз районосунда бухгалтер болгон. Миң-Куш шаардык ооруканасында иш жүргүзүүчү кадрлар бөлүмүнүн башчысы (1979-81 ж.ж.). Посткеңештин жооптуу катчысы (1981-96-ж.ж.) Посткеңештин Төрагасынын жа Айыл Өкмөтүнүн башчысынын орунбасары (1996- 97 ж.ж.) болгон. Турак жай комуналдык комбинатынын директору (1997-ж.). Жумгал райондук маданият бөрүмүнүн башчысы (2003-ж.) КМУну бүткөн. Айылдык Кеңештин бир нече жолку депутаты. Азыр Райкеңештин депутаты.

Ы



ЫБыкеева З

ЫБЫКЕЕВА Зейнебүбү / 1923-ж. Кант району, Тогуз-Булак айылы.1992-ж. Жумгал р-ну, Таш-Төбө кыштагы/ .Фрунзе ш. Кыздар интернатында тарбияланып, 1939 ж Мугалимдер инст.-ун артыкчылык диплому м-н аяктаган. Эмгек жолун Жумгал р-нундагы Багыштан толук эмес орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор болуу менен баштаган.Согуш мезгилинде партиянын Жумгал райкомунун үгүт жа насаат бөлүмүнүн башчылыгына шайланып, элдин патриоттук сезимин тутанткан ж-а күжүрмөн эмгекке шыктандырган жалындуу сөзү, уюштургучтугу м-н таанылган.Ал фронтко азык-түлүк, белек-бечкек камдоо, чарба жумуштарын уюштуруу м-н катар эл аралык Кызыл Крест ж-а Кызыл Жарым Ай коомдору тарабынан келген жардамдарды элге таркатуу ишине жетекчилик кылган. Согуштан соң, кайрадан өзү сүйгөн кесибине өтүп, Чаек орто мектебинде тарых сабагынан мугалим, кыздар интернатынын башчысы, Таш- Төбө мектебинде директор /үч ирет/ болуп иштеген. Өз билимин өркүндөтүү үстүндө тынымсыз аракеттенүү м-н бай тажрыйбага ээ болгон ж-а аны практика жүзүндө устаттыкта пайдаланган. Инст-тук билим м-н чектелбей, ал Кыргыз Мамлекеттик университетинин тарых фак-тине кирип, аны 1964-ж. артыкчылык диплому м-н аяктаган. Өз ишине өтө жоопкерчилик м-н караган бул инсан таалим-тарбия жумуштарын жакшыртуу боюнча жаңы демилгелерди көтөргөн, жаш мугалимдерди камкордукка алып, ар тараптан жардам көрсөткөн. Анын тарых сабагын окутуу боюнча тажрыйбасын үйрөтүү максатында райондо атайын семинарлар өткөрүлүп, мугалимдер жамаатына өрнөгү жайылтылган. Өз предметине жаш муундарды өтө кызыктыргандыктан, тарых илимин тандап, эжейинин жолун жолдогон бир катар окумуштуулар С. Аттокуров, Ж. Аманалиев сыяктуу илимдин докторлору баштаган кандидаттар бар. Таш- Төбө орто мектебин курууда Ы.З.нын эмгеги өзгөчө зор болгон. Анткени, 30-ж. курулган эски мектеп талапка жооп бермек турсун, урай да баштаган эле. Ал башка мектепке директор болуп которулгандыктан, бул жумуш токтоп калып, кийин 1968-ж. кайрадан келгенде курулуш ишин аягына чыгарган. Ошол мектептин алдында Ата мекендик согушта курман болгон жердештерге эстелик орнотуу боюнча демилгени да көтөрүп, бул кызуу колдоо тапкан. Курулуш материалдарын ташуу, кыш куюу сыяктуу кара жумуштарга өзү баш болуп катышып, жекече үлгүсүн көрсөткөн. Бул мектеп жети жылдыктан он жылдыкка айландырылып, материалдык базасы чыңдалган ж-а педагог кадрлар м-н толукталган. Буга директордун албан аракеттеринин аркасында жетишилген. Жаш муундарга

Э

татыктуу билим берүү, учурдун талабына жараша тарбиялоо жаатындагы сиңирген эмгеги эл тарабынын адилет бааланып, зор кадыр – баркка ээ болгон. Ал эл депутатарынын айылдык ж-а райондук советине бир нече жолу депутат болуп шайланган. Агартуу ж-а элге билим берүү майданындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги эң жогорку мамлекеттик сыйлык-Ленин орденине /1965-ж./ татыган. Мындан тышкары ал бир катар медалдар ж-а грамоталар м-н сыйланган. Тогуз баланы төрөп өстүргөн «Баатыр эне» да болгон. Эли- журтуна кадыры сиңген устат педагогдун жаркын элесин эскерип жүрүү максатында Таш-Төбө мектебинде анын атындагы тарых кабинети ачылып, райондук тарых музейине атайын бурч уюштурулган, айкели Таш-Төбө айылында орнотулган. Өз учурунда мугалимдик ж-а жетекчилик ишмердигин чагылдырган очерк, макалалар республикалык, областтык басма сөздөргө байма-бай жарыяланып турган.

ЭГЕМБЕРДИЕВА Токтобүбү (1928-ж.т., Чаек айылы) – уз. Кыргызстан эл чеберлер союзунун мүчөсү (1990). Колхоздо механизатор, дүкөнчү болуп иштеген. ормөк согот (боз үйдүн терме буюмдарын бүтүндөй, шалча, куржун, таар ж.б. кармайт), шырдак жасайт, «илме сайма» саят. Анын оймолору «Токуштун (Токтобүбү) кыялы» деп аталат. Сокмо ж-а кийиз буюмдары чет өлкөлөрдө уюштурулган көргөзмөлөргө коюлган. Көптөгөн кароо-сынактарга, көркөм көргөзмөлөргө катышкан. Ардак грамоталар, дипломдор ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЭЛЕБЕСОВ Жолдошбек Мукашович (1962-ж.т. Жети-Өгүз району Шалба айылы) 1985-ж. Алма-Ата ш. Ленин атын. политехникалык институтунун тоо-кен факультетин бүтүргөн. Кум-Төр айылындагы Үчкошкон гидрогеологиялык экспедициясында тоо-кен багытында мастер (1985-92-ж.ж.) инженер, инженерлик кызматты аткаруучу болуп иштеп келген Кара-Кечүү участкасынын начальниги, орунбасары, начальниги (1992-96-ж.ж.) Миң-Куштагы Ак-Улак көмүр кесиминин директору (1996-ж.) Генералдык директору, башкармасынын Төрагасы (1997-ж.) болгон. 2003-ж. бери башкарманын орунбасары болуп иштейт. Бир нече жолу поселкалык Кеңештин депутаты, облустук Кеңештин депутаты болгон.



Эсеналиев Н

Электр байланышы кызматын Миң-Куш шаарчасында 1955-95-ж. «Оргтехника» заводунун мекемелик телефон станциясы аткарган. Ал 1996-ж. Жумгал «Телеком» электр байланыш бөлүмүнө өткөрүлүп берилген.

«ЭНЕ ТИРЕГИ» – өкмөттүк эмес уюм (Чаек айылы, Шаршенбек Айылчиев көчөсү, 111). 1998-ж. уюшулган. Максаты жетим-жесир, майып адамдарга жардам берүү. Унутулуп бараткан каада-салттарды, кол өнөрчүлүктү жандандыруу. Кароосунда 4 жетим аял, 2 жетим бала бар. Жумушсуздарга иш таап берүүгө, жетим балдарды окутууга жардамдашат. Чет өлкөлөр м-н грант-долбоорлорду түзүшүүдө «Аялзат» борбору м-н бирдикте иш жүргүзөт, Уюштуруучусу ж-а жетекчиси Меделова Айнагүл. Ал 1950-ж. Каракол шаарында туулган. 1972-90-ж. Жумгал коомдук тамак-аш мекемесинде иштеген. 1990-ж. өз алдынча кризистик борбор ачып, өз эсебинен 30 адамга гуманитардык жардам берип турган, 6 жетим баланы, 12 кары адамды, 4 багар-көрөөрү жок аялды өз карамагында баккан. 1992-ж. «Ден соолук» аттуу кичи ишкана түзгөн. «Эне тиреги» уюму 1998-ж. 10-апрелде каттоодон өткөн, ага чейин расмий эмес иштеген. Азыр 3 киши иштейт (1998).

ЭПКИН, Тогуз Булак – айыл, Түгөл-Сай айыл өкмөтүнүн борбору. Жалпы аянты 50 *га*. Балыкчы темир жол бекетинен 150 *км* аралыкта, Чаек айылынан 34 *км* чыгышта. Калкынын саны 326 (1998), 80 түтүн, негизинен мал чарбачылыкта эмгектенишет. Орто мектеп (98 окуучу,

18 мугалим), китепкана, ФАП бар.

ЭРААЛЫ баатыр. Качыке баатырдын баласы, 1805-ж.т. Качыке баатыр м-н Ныязбектин нааразылыгынан 16 жашында, Ормон Ныязбек уулун колго түшүргөн. Жумгалга алып келип Четкууганды суусунун күн батыш тарабындагы "Байтөбөт" деген жерге орго салган. Ушул мезгилге чейин "Ормондун ору" аталып келет. Тайлак баатырдын Кокон баскынчыларына каршы күрөштө Арап, Эрдене баатырлар м-н болгон согуштарында кол башкарып катышкан.

ЭСАНАЛИЕВ Нуркул (1926-ж. Куйручук айылы) Саратов ш. бухгалтер-экономист окуу жайын бүтүргөн. Кочкор, Тоң, Чаткал районундагы совхоздордо башкы бухгалтер (1951-1969-ж.ж.), Чүй облустунун Кегети совхозунда, Кочкор, Жумгал райондук айыл чарба башкармалыгында башкы бухгалтер болуп иштеген. Совхоздор тармагында эсеп-кысап ишиндеги өтө сабаттуулугу ж-а сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы м-н 3 жолу сыйланган.

ЭСЕНАМАНОВ Эсенгул (1903, Кабак айылы – 13.12.1942) – райондогу алгачкы агартуучулардан. Молдодон таалим алган. Совет бийлиги орногондо алгач бала окуткан, андан соң 1928-30-ж. «Өрнөк», 1930-32-ж. «Пионер» колхоздорун уюштурган. 1933-35-ж. Жумгал районунун катчысы, 1936-37-ж. Суусамыр жайлоо советинин Төрагасы, Кожомкул Каба уулунун катчысы болуп иштеген. 1937-ж. Кайырма айыл кеңешинин катчысы болуп иштеп турганда репрессияланган. 1942-ж. Бурятиянын Жидлаг станциясындагы түрмөдө каза болгон. 1967-ж. толук актанган.

ЭСЕНГУЛ УУЛУ Шарыпкул (Эсенгулов Шакин) (21.8.1940-ж.т., Кайырма айылы) – жазуучу, искусство ишмери, Республикалык маданий-агартуу окуу жайынын режиссердук бөлүмүн (1963), КМУнун журналистика факультетин (1971), Москвадагы М.Горький атн. адабий институтунун жогорку адабий курсун (1983) бүткөн. өмүрүнүн дээрлик көпчүлүгүн Жумгал районунун маданий иштерин өркүндөтүүгө жумшаган. 1978-жылдан «Кыргызстан пионери» гезитинде бөлүм башчы, «Кыргызстан»,



Эсенгулов Ш



Эсенгулова Г

«Мектеп» басмаларында улук редактор, Маданият министрлигинин репертуардык редакциясында редактор, Сокулук райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, Кыргыз мамлекеттик академиялык театрында адабий бөлүм башчысы, Кочкор р-нунда Маданият үйүнүн директору, Жумгал элдик театрында режиссөр болуп иштеген. Ал көптөгөн драмалык чыгармалардын, обондордун автору. «Кадам» (1972), «Ак шоола» (1974), «Из» (1976) «Асыл» (1979), «Ишеним» ж.б. ондон ашык китептери жарык көргөн. «Асыл» романы Москвадан орусча чыккан (1986). Жайсаң Үмөт уулун иликтеп, анын-айтуусундагы «Манас» дастанынын 7 китебин жарыкка чыгарган (2001). Республикада алгачкы жолу түзүлгөн «Бекбекей» аваз ж-а шапар ансамблин, Жумгал элдик театрын (1972), «Жумгал инсандары» тарыхый, көркөм-этнографиялык музейин негиздеген. Жумгал профессионалдуу театрын уюштурган.

ЭСЕНГУЛОВА Гүлмира Шарыпкул кызы (28.2.1962-ж.т., Чаек айылы) – "Кыргыз Респ-нын маданиятына эмгек сиңирген ишмери" (1995). 1980-ж. Бишкектеги республикалык атайын музыкалык орто мектепти, 1985-ж. Б.Бейшеналиева атн. искусство институтунда аваздык-оркестр факультетинин хор бөлүмүн бүткөн. 1985-ж. «Ак шоола» балдар хорун түзгөн ж-а ошол жылдан жетекчиси, ошол эле учурда 1997-жылдан улуттук консерваториянын хор кафедрасында окутуучу, Бишкектеги №64 мектепте музыка мугалими болуп да иштейт. 1988-ж. Бишкекте өткөн Бүткүл союздук балдар музыкалык жумалыгынын, 1992-ж. Ысык-Көлдө өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк «Чыгыш



Эсенгулова К



Эсенканов К



Эсенканов С



Эсенкожоев К

балдары достошот» деген фестивалдын, 1993-94-ж. Түркияда (Анкара, Стамбул, Анталия) өткөрүлгөн Бүткүл дүйнөлүк фестивалдын лауреаты. Ал жетектеген «Ак шоола» хору 1994-ж. Анкарада өткөн фестивалда 47 өлкөдөн келген балдар коллективдеринин ичинен мыкты деп табылып, фестивалдын гала концертин ачуу сыймыгына татыктуу болгон, ал хор 1994-ж. «үлгүлүү балдар коллективи», 1995-ж. «Элдик балдар хору» наамдарына ээ болгон. 1996-ж. Болгарияда, Орусияда, 1997-ж. Вильнюста өткөн балдар фестивалдарына катышкан. Эсенгулова балдар үчүн жазылган хорлордун, 30дай чыгарманын автору. Алардын белгилүүлөрү: «Мээрим», «Тып-тып...», «Бийлеймин», «Жер эне», «Бакчада майрам», «Чыр бала», «Комузум», «Нооруз майрам», «Жаңы жылым» (созү, обону өзүнүкү). Обондуу ырлардан турган балдар үчүн «Бала кербез» аттуу китепти (1998) түзүүчүлөрдөн. «Эл агартуу отличниги» (1991). Ардак грамоталар м-н сыйланган.

ЭСЕНГУЛОВА Койсун (5.5.1936-ж.т., Кочкор р-ну, Ак-Кудук айылы) – врач, «Ардак Белгиси» орденинин ээси (1986). 1959-ж. Кыргыз мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетин бүткөн. 1959-65-ж. Бишкек шаардык №2 клиникалык ооруканада участкалык врач, 1965-67-ж. КММИнин клиникалык ординатурасынын өтүп, 1967-68-ж. ошол эле ооруканада бөлүм башчы, 1969-76-ж. КММИнин №2 факультеттик терапия кафедрасында ассистент, 1976-жылдан Кыргыз Респ-нын Президентинин администрациясынын Иш башкармасынын дарылоо-ден соолукту чыңдоо бирикмесинде участкалык терапевт. 5 илимий макаланын автору. 1983-жылдан жогорку категориядагы врач, "СССР саламаттык сактоо отличниги" (1985). Медалдар ж-а министрликтин Ардак грамоталары м-н да сыйланган.

ЭСЕНКАНОВ Качыке (20.5.1957-ж.т, Жаңы-Арык айылы) – юрист. 1980-ж. КМУнун юридика факультетин бүткөн. 1973-75-ж. «Кызарт» совхозунда жумушчу, 1980-82-ж. Бишкек шаарынын Ленин р-ндук укук консультациясында, Нарын шаарында адвокат, 1982-92-ж. Юстиция министрлигинде консультант, улук консультант, бөлүм башчы, башкарманын начальнигинин орунбасары, начальниги, 1992-94-ж. Чүй облустук сотунун судьясы, 1994-96-ж. Юстиция министринин орун басары, 1-орун басары, 1996-жылдан Кыргыз Респ-нын Конституциялык сотунун биринчи курамында судья. 1997-жылдан Кыргыз Респ-нын судьялар ассоциациясынын Төрагасы. «Мамлекет ж-а укук негиздери» аттуу окуу китептин (9-класс үчүн, А.Идинов м-н авторлош, 1998) автору. «Даңк» медалы м-н сыйланган (1999).

ЭСЕНКАНОВ Сатарбек (10.5.1939, Жаңы-Арык айылы – 23.4.1996, ошол эле жер) – чарбалык ишмер. 1959-ж. Нарын айыл чарба техникумун, 1969-ж. Кыргызстан айыл чарба институтунун зоотехникалык факультетин бүткөн. 1960-62-ж. «Совет», 1962-64-ж. «Түгөл-Сай» колхоздорунда зоотехник, 1970-76-ж. «Жумгал» совхозунда башкаруучу, 1976-84-ж. «Чаек» колхозунун башкармасынын төрагасы, 1984-87-ж. райондук сүт заводунун башкаруучусу,

1987-96-ж. «Кызарт» совхозунда ферма башчысы, 1990-96-ж. кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 2 жолу облустук, бир нече жолу райондук советке депутат болуп шайланган. «Ардак Белгиси» ордени ж-а медалдар м-н сыйланган.

ЭСЕНКОЖОЕВ Кайырбек (1931-ж.т., Кызарт айылы) – «Ардак Белгиси» орденинин ээси (1978). 1953-ж. КМУнун филология факультетин бүткөн. 1953-59-ж. мугалим, 1939-65-ж. Жаңы-Арык орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1965-91-ж. Жаңы-Арык, Багышан орто мектептеринде директор болуп иштеген. Бүткүл союздук мугалимдердин 2-съездинин (Москва, 1978), Кыргыз Респнын мугалимдеринин съездинин (1976) делегаты. Кыргыз ССРинин (1977), СССРдин (1983) «Эл агартуу отличниги». Медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы м-н сыйланган.

ЭШЕНКУЛОВ Темиркул (1953-ж.т. Кайырма айылы) КМУнун география факультетин бүтүргөн (1975-ж.). Эмгек жолун Ош облусунун Ноокат районунда М.Горький атын. мектеп интернаттан баштаган. 1978-ж. илимий иштерди иштөөгө өткөн. Алгач Кыргыз Илимдер Академиясынын тоо-кен институтунда иштеген. Азыр БГУда окутуучу, доцент, 100дөн ашык илимий макала, тезистердин автору. Кыргызстандын картография, топономика, географиянын, тарыхтын өнүгүшүнө, изилденишине салым кошкон. Бишкек, Каракол, Балыкчы ш.ш. тарыхий аттарынын калыбына келишине чоң үлүшү бар. Манастын 1000 жылдыгында "Манас дүйнөсү", "Манас эпосунда Талас өрөөнү", "Манас", "Кыргызстандын Жибек Жолу" ж.б. карталарды түзүшкөн. Алар Манас-Ордодо, Чолпон-Ата музейлеринде орун алган. "Кыргыз ССРинин географиялык аталыштарынын сөздүгү" (1988-ж.), "Кыргызстандын топономикасы" (1989-ж.), "Тянь-Шаньга саякат" (1986-ж.), "Академик Муса Адышев" (1991-ж.), "Что в твоем имени Бишкек" (1992-ж.) ж.б. көптөгөн эмгектери бар. КСЭдеги бир нече макала, маалыматтардын автору.

ЭШИМБЕК Медер уулу, Эшимбек болуш (1830-жылдар чен, Жумгал өрөөнү – 1917, Какшаал) – чекир саактын кулжыгач уруусунун мурат уругунан чыккан болуш. Дыйканчылык кылып аштык (эгин), буурчак айдатып, жутта эгин, саман сатып байыган. Байлыгы м-н Байзактан болуштук талашып, агасынын балдары – Көкотай м-н Өмүраалыны эки жолу болуштукка шайлаткан. 1916-ж. Жумгалда орус казактарына каршы күрөшүп, болуштун башкармасын өлтүрткөн. Кийин териштиргенде кыргыздарды тебелеп-тепсеп, кордогон ырайымсыздыгы үчүн өлтүрткөнүн танган эмес. Үркүндө Кытай жеринде каза болгон.

ЖУМГАЛЫМ

Мүрөктөй аккан сууларың,
Ой талааң, тоолор кырларың,
Көз көргүз жерде жүрсөм да,
Оюмдан чыкпайт Жумгалым!
Санаамдан чыкпайт,
Жүрөктөн кетпейт Жумгалым!

Кайрыма:

Кең Жумгалым, кең
Жумгалым.
өзүңсүң бүтпөс жыргалым.
Сар-санаам сенде, сагынычым
өзүң,
Таалайым сенсиң, ырыскы
кешик – бүт баарым!

Суйкайып сулуу төлөрүң,
Талантка толгон өрлөрүң.
Татыбүбү, Ак-Мөөрлөр.
Билемин,
өзүндөң алган өнөдөрүң

Кайрыма:

Коштосо элиң ыр дайым,
Мөндүрдөй төккөн ырларың,
Ааламга теңдеш Калыкты,
Жараткан сенсиң Жумгалым.

Кайрыма:

Дүйнөнүн калкы угат деп,
Дүркүрөп кол чаап турат деп.
Көз жарып өзүң бергенсиң.
Дүйнөгө эки Муратбек.

Кайрыма:

Мукамдуу обон куюлуп,
Жаңырса, булут уюгуп.
Ырлары Мыскал кызындын,
Асмандан турат угулуп.

Кайрыма:

Мээримиң көлмө ийримдей,
Дил барбы сенин дилиндей.
Талантын аткан ок кылып,
өстүрдүң, акын Мидиндей!

Кайрыма:

Изилдеп аалам жакасын,
Ачышып сырлар капкасын.
Илимден чыккан балдарың,
Роман, Шайлоо, Апасың.

Кайрыма:

Көп калсаң көзгө илинбей,
Кан тамыр сого дирилдей.
Сар-санаа боло беремин.
Сараңдуу күндөр билинбей.
Жакшыбы тоо-таш, аска деп
Көңүлүм турат биринде.
өзүндөн алыс жүрө албайм,
Сагынып жүрөк тилинбей.

Кайрыма:

Жеңиш Усубалиев

МАЗМУНУ

1. Кириш сөз.....4
2. Жалпы маалымат.....5
3. Айыл чарбасы.....15
4. Билим берүү.....18
5. Маданият.....19
6. Мезгилдүү басма сөз.....20
7. Спорт жана дене тарбия.....21
8. Саламаттык сактоо.....22
9. Районду жетектегендер.....23
10. А-Э.....24-246

Маалымат китеп басылмасы
Жумгал району
Энциклопедия
(экинчи басылышы)

Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору
Кыргызпатенке караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду

Башкы редактор *Р. Оморов*
Түзүүчү, жооптуу катчы
жана редактору *А. Чекиров*

Мукабанын сүрөтчүсү *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Ф. Көчөрбаев*
Техникалык редактору *Ж. Сооронкулова*

Терүүгө 10.01.2005-ж. берилди. Басууга 17.06.2005-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 15,25 басма табак.
Нускасы 1500 даана. Заказ № 85.

Бишкек ш.,"Бийиктик" басмасы,
Киев көч., 77, тел. 66-75-58.